ЭРКТҮҮ ЭЛДИН ЭГЕМЕНДИГИ

Макалалар, маектер, иликтөөлөр

Түзгөндөр:
Венера Сагындык кызы,
Тынчтыкбек Чоротегин

«Турар»
Бишкек – 2022

УДК 323/324
ББК 66.3 (5 Кир)
Э 78

Редакциялык кеңеш:
Венера Сагындык кызы, Тынчтыкбек Чоротегин,
Бурулкан Сарыгулова, Гүлайым Ашакеева,
Мирлан Токталиев, Гүлжан Турдубаева

Э 78 **Эрктүү элдин эгемендиги:** *Макалалар, маектер, иликтөөлөр.* / Түз.: *В. Сагындык кызы, Т. Чоротегин.* – Б.: «Турар», 2022. – 432 б. + 24 б.вкл. түстүү. – «Азаттык Медиа» мекемеси.

ISBN 978-9967-35-085-4

Кыргыз Республикасы 2021-жылдын 31-августунда мамлекеттик көз каранды эместигинин 30 жылдыгын салтанаттуу белгиледи. Кыргызстандын эгемендиги жана демократиялык өнүгүүсү, өлкөдөгү сөз эркиндиги, басма сөз эркиндиги үчүн күрөштө жигердүү салымы бар «Азаттык» радиосунун жамааты бул мааракеге арнап, 2002-жылдын соңунан бери обого чыгарып, өз интернет барагында жарыялап келген бир катар макала, сереп, маек, талкуу, иликтөө ж.б. материалдарын топтоду.

Китеп Кыргызстандын пост-советтик саясий өнүгүшүн, демократиячыл жүрүмүн, жарандык коомунун чыңдалышын, адам укуктарынын, басма сөз эркиндигинин тарыхын жана ушул доордогу «Азаттыктын» ишмердигин өз алдынча үйрөнүүгө кызыккан жалпы окурмандар журтуна сунушталат.

УДК 323/324
ББК 66.3 (5 Кир)
ISBN 978-9967-35-085-4
© «Азаттык» үналгысы, 2022

«Азаттык» радиосу
Кыргызстандын эгемендигинин
30 жылдыгына карата

КИРИШ СӨЗ

Ала-Тоо жергесинде бабаларыбыз самаган эркиндиктин жана эгемендиктин желеги желбиреп жатканына быйыл 30 жылдын жүзү болду. Бир муундун өмүрү болжол менен чейрек кылымдай деп эсептесек, анда көз карандысыз Кыргыз Республикасы бир муундун жашынан 5 жылдай узагыраак жашап келет.

Демократиячыл салты жана эгемендик тарыхы бир нече кылымдарды кучагына алган айрым өлкөлөрдүн бай тарыхына салыштырмалуу, албетте, бул убакыт – көз ирмемдей сезилет. Бирок дал ушул 30 жылдын ар бир ирмеми кыргыз жарандык коому үчүн зор сыноолордун баалуу учуру болду.

Кыргыз эли ушул 30 жылдык тарыхында бир маанилүү нерсени далилдей алды: көп этностуу, көп диндүү, айдыңдык (секулярдык), көп партиялуу мамлекет үчүн эле эмес, ар бир жараны өзүн эркин жана бактылуу сезгендей жарандык коомду түптөө үчүн да күрөшүп, пост-советтик коңшуларына салыштырмалуу кыйла ийгиликтерге жетише алды.

Чынында да жалаң эгемендикти көздөө тутсак, анда тоталитардык режимдин өлкөсү Түндүк Корея Демократиялуу Республикасы деле, калайыгы «Аркадаг» аталган мамлекет башчысына көсөм катары сыйынууга кыйыр милдеттүү болгон Туркмөнстан деле эгемен өлкөлөрдүн катарына кирет. 2021-жылдын август айында борбор

шаары кайрадан талиптердин карамагында калган Ооганстан деле эгемен өлкө. Бул өлкөнүн талиптер өкүм жүргүзгөн аймактарында кыздарды мектептерде окуткан мугалим эжейлер канчалык ырайымсыздык менен өлтүрүлүп келгенин билебиз. 2021-жылдын башында аскердик диктатуранын таман астында калган жана демократиячыл күчтөр куугунтукталып жаткан Бирма деле көз каранды эмес мамлекет.

Алардан айырмалуу Кыргызстан эгемен өлкө катары гана эмес, жарандык коому кубаттуу мамлекет катары да түптөлүп келет.

Биздин бабаларыбыз, чын-чынына келгенде, парламенттик республиканы 1990-жылы күзүндө негиздей башташкан. Анын бир мисалы – Кыргызстандын туңгуч президентин 1990-жылы 27-октябрда Жогорку Кеңеш өзү шайлаган (бул ойду Кыргызстандын эгемендик тарыхын изилдөөгө бир катар эмгектер арнаган тарыхчы жана саясат таануучу, профессор Аалыбек Акунов да баса белгилеп келет).

Андан ары көч ийри-буйру болсо да алга жылып отурду. Кыргызстандын 30 жылдык саясий тарыхынын бардык өңүттөрүн айтып отурбастан, ток эте турганына келсек, биринчиден, Кыргызстанды «телчикпестен чарчап кала турган чабал өлкө» катары баалагандардын тилегин таш каап, ал өзүнүн эгемендигин ырааттуу сактай алды.

Экинчиден, өлкөбүзгө авторитардык режим орноткусу келгендердин тилеги таш каап, алар 2005–2020-жылдардын ичинде болгон элдик үч ыңкылап аркылуу бийликтен кулатылды. Азыркы мамлекет башчы Кыргызстан демократия жолунан тайбай тургандыгын «Азаттык» үчүн курган маегинде тастыктады, бирок кулатылган президенттердин окуялары «Шераалынын чокою» сыяктуу болочоктогу мамлекет башчылары үчүн түбөлүктүү сабак болуп кала беришин каалайт элек.

Үчүнчүдөн, Кыргызстанда өз укугун мыкты аңдаган жана өзү жеңип алган асыл-нарктарын коргоого ар дайым кудуреттүү жарандык коом калыптана баштады.

Төртүнчүдөн, Кыргызстанда сөз эркиндиги жана басма сөз эркиндиги үчүн күрөш 30 жыл ичинде өзүнүн унутулгус тажрыйбасы жана мөмөсү аркылуу алкоого татыктуу коомдук көрүнүшкө айланды.

Бул китепке кирген материалдардан эгемендиктин ажырагыс символдору болгон Кубанычбек Нурбеков, Азамат Алтай, Чыңгыз Айтматов, демократиячыл күрөшкө, өлкөнүн эгемен жана демократиялуу өнүгүүсүнө зор салым кошкон Роза Отунбаева, Казат Акматов, Жыпар Жекше, Топчубек Тургуналиев, Феликс Кулов, Өмурбек Текебаев, Абдыганы Эркебаев өңдүү инсандардын, «Ашар», КДК өңдүү бирикмелердин ысымдарын жолуктурууга болот.

«Азаттык» радиосу (б.а., «Эркин Европа/Азаттык» үналгысы – ЭЕ/АУ корпорациясынын Кыргыз кызматы) жана анын маалымат таркатуучу ар кыл платформалары дал ушул 30 жыл ичинде эгеменчил жана демократиячыл кыргыз жарандык коомун түптөөгө жана чыңдоого, маалымат эркиндигин камсыз кылууга зор салым кошуп келет.

Кыргызстандын мурдагы өкмөт башчыларынын бири, маркум Николай Танаев бир ирет бийликтер маалымат согушунда «Азаттыкка» утулуп калгандыгын айткан жайы бар. Ал премьерлик кызматтагы кезинде эле анын сөзүнө түзөтүү киргизгенбиз: «Азаттык» Кыргызстандын эч бир бийлиги менен согушкан эмес жана согушпайт, ал окуяларды болгонун болгондой чагылдырып, бул окуяларга карата ар кыл пикирлерди бейтарап жарыялагандыгы үчүн өз пикирин мамлекеттик менчиктеги маалымат каражаттары аркылуу бир беткей чагылдыруунун кынын алган тараптар: «Бизге каршы булар маалымат согушун

жургузуп жатат», – деп шектенип, калпыс санап алгандыктары айдан ачык.

Биздин кызматыбыздын негиз салуучусу Азамат Алтай (1920–2006) тээ 2003-жылы июнда Прага шаарына, ЭЕ/АУнун 50 жылдык мааракесинин салтанаттарына келип, жамаатыбызга өз батасын берип кеткен.

Ал эми заманыбыздын залкары, маркум Чыңгыз Айтматов (1928–2008) болсо тээ СССРдеги «Кайра куруулар» доорунан бери «Азаттыкка» ачык колдоо көрсөткөн инсан эле. Анын көмөгү менен 1989-жылы август–сентябрь айларында «Азаттык» уналгысынын ошол кездеги жетекчиси Аким Өзгөн (1953–2017) СССРге кирүүгө уруксат визасын алып, Кыргызстанда демократ акын Токтогул Сатылган уулунун 125 жылдык мааракесин белгилөөгө ээн-эркин катышып кеткен. Аким Өзгөндүн бул сапары да ЭЕ/АУнун жалпы тарыхында өзгөчө орунду ээлеп калды. Анткени ал «Азаттыктын» СССРдин аймагына кыска толкун аркылуу маалымат тараткан редак циясынын (тил кызматы) өз жумуриятына ачык, тоскоолдуксуз келип кеткен алгачкы жетекчиси болду.

«Азаттыктын» берүүлөрүн Кыргызстанда 1992-жылдан тартып жергиликтүү жыштыктарда эркин таркатууга зор салым кошкон инсандардын арасында Сатыбалды Жээнбеков (1952–1996), Түгөлбай Казаков, Акбар Рыскулов, Эмил Зыяш уулу Бектенов (1934–1999) ж.б. болду.

«Азаттыктын» кадрларынан мамлекеттик башкарууда, башка кызматтарда ишин улап, өз мүмкүнчүлүктөрүн көрсөтүп келаткандар да аз эмес. Алардын катарында маркум Чыныбай Турсунбеков (Жогорку Кеңештин мурдагы төрагасы), Султан Раев (мурдагы министр, Кыргызстандын Түрк Кеңешиндеги азыркы өкүлү), маркум Султан Жумагулов (мурдагы министр), Кожогелди Култегин (министрдин мурдагы орун басары, Кыргызстандын Түрксойдогу азыркы өкүлү), Арслан Капай уулу Койчиев (президенттин кеңешчиси), Кыяс Молдока-

сымов, Кубат Оторбаев (КТРКнын мурдагы жетекчилери), Бакыт Аманбаев (Кыргызстандын АКШдагы элчиси), Нарын Айып («Кабар» улуттук агенттигинин мурдагы жетекчиси), Жанар Акаев, Аида Касымалиева (Жогорку Кеңештин депутаттары), Султан Каназаров (президенттин, премьер-министрдин мурдагы маалымат катчысы), Али Токтакунов, Ыдырыс Исаков (көз карандысыз иликтөөчү журналисттер) өңдүү «Азаттыкта» «бышкан» кесиптештерибизди атасак болот. Кесиптештерибиздин арасында өлкөнүн кадыр-барктуу сыйлыктарына татыгандар да аз эмес. Бул да болсо жалпы пост-советтик кыргыз жарандык коомунун эркин басма сөз өкүлдөрүнө жана анын ичинде «Азаттыктагы» журналисттерге карата ак пейилинин мөмөсү болду.

Ал эми айрым башка пост-советтик коңшуларыбызда мурда «Азаттыкта» иштеген киши дээрлик «эл душмааны» катары каралып, же тымызын кара тизмеге түшүп келгенин да акыйкаттык үчүн эскере кетүү керек.

«Азаттык» жарандык коомдун жигердүү өкүлдөрүн, укук коргоочуларды, демократ саясатчыларды, көркөм өнөргө, илимге, агартууга жана ар кыл чарба тармактарына салым кошуп жаткан адистерди, карапайым тургундарды, адилетсиз түрдө запкыга учураган саясатчыларды, журналисттерди, дегеле коомчулуктун түрдүү катмарынын үнүн коомго жеткире билерин белгилеп келет.

Ошол эле учурда «Азаттыкка» бир жактуу мамиле кылган далай төбөлдөрдүн, атка минерлердин бийликтен кеткенден кийинки «куугунтукка кабылуу тууралуу өз акыйкаттыгын» калайыкка жеткирүү мүмкүнчүлүгүнө «Азаттык» аркылуу ээ болушу да коомубуздун эгемендик доорундагы мозаикасынын ажырагыс бөлүгү.

Жалаң гана саясат менен чектелбестен, айрым макалалар маданий жана социалдык көйгөйлөрдү, кыргыз диаспорасынын жагдайларын, чет өлкөлөрдөн көчүп келген улутташтарыбыздын кайдыгерлик чаңында калган

мүшкүлдөрүн, «Азаттык» аркылуу коомдук маселеге көңүл бурдурган заман каармандарын ж.б. өңүттөрдү да чагылдырды. Бул өңүттөр да эгемендикти ар тараптуу баалоого түрткү болот.

Жаркын атуулдардын өмүр жолу талаш-тартышта талданган башка да инсандардын ар бири тууралуу да серептер, маектер, талкуулар уюштурулат го, алардын тагдырлары болочоктогу китептерде да чагылдырылат деп умүттөнөбүз.

Колуңуздардагы китепте «Азаттыктын» 2002-жылдын ноябрынан тартып жүзөгө ашырыла баштаган кыргыз тилиндеги интернет долбоорунда ар кыл жылдары жарыяланган жана ар кыл маалымат платформаларын (радио, теле, интернеттеги мультимедиа чыгарылыштарын) камтыган мол байлыгынын чакан бир бөлүгү гана камтылды.

Китептеги маалыматтар тиешелүү бөлүмдөргө бөлүнгөн, ар бир бөлүмдөгү маалымат обого чыккан же интернет барагына жарыяланган алгачкы датасына жараша жайгаштырылган. Айрым урунттуу окуялар тууралуу материалдар, аларга тиешелүү кийин даярдалган талдоолор менен коштолгонун да эскерте кетели.

Обого чыккан бир катар мультимедиа маалыматтарынын интернеттик шилтемеси китептин электрондук нускасына камтыла кетти. Демек, бул китеп – мультимедиа түрмөгүнө да көпүрө кызматын аткара алат десек болот. Айтыла кетчү дагы бир жагдай: китептеги макалалар интернеттеги ар кыл булактарга шилтемелердин бардыгын чагылдыра алган жок; окурман макаланын же башка маалыматтын интернеттик вариантынан башка да тектеш маалыматтарга, айрым видео, аудио тасмаларга, жадыбалдарга жана сүрөттөргө жолдой турган бир катар кошумча шилтемелерди таба алат. Макала жана башка материалдардын көбүнүн авторлорун бул жерге

көргөзгөн жокпуз, шилтеме аркылуу аларды интернеттен табууга болот.

Бул китепте чагылдырылбаган башка кээ бир өңүттөр «Азаттыктын» буга чейинки айрым китептерине да киргизилген (китеп соңундагы «Адабият тизмесин» караңыз). Албетте, «Азаттыктын» азыркы көп тарамдуу берүүлөрү жана башка жарыялары энциклопедиячыл мүнөзү менен айырмаланары, аларды эч бир өз алдынча китепке батырууга мүмкүн эместиги түшүнүктүү. «Азаттыктын» жамаатынын азыркы жаш мууну буга чейинки мол тажрыйбага таянып, өз ишмердигин андан ары байсалдуу улантарында шегибиз жок.

Жалпысынан, бул чакан китеп – эгемендик жана демократия үчүн күрөштө телчиккен кыргыз жарандык коому менен «Азаттык» үналгысы ар дайым бир бүтүндүктү түзүп келгендигин да кыйыр тастыктайт. Кантсе да колуңуздагы китеп Кыргызстандын эгемендигинин 30 жылдык тарыхы жарандык, саясий эркиндикке умтулган эркин коомдун калыптанышы, авторитардык өлкөлөрдүн курчоосундагы өлкөнүн алгачкы он жылдыктары татаал, орошон окуяларга бай болгонун чагылдырат деп ишенебиз. Ошондой татаал жол, тайгак кечүүдөн чыгууда эркиндикти сүйгөн элдин эрки жол чырак болуп келатат.

Кыргызстандын эгемендигинин 30 жылдык маракеси кут болсун! Эл-жерибизге тынчтык, ынтымак, бакубаттык, демократиялык өнүгүү, бардык жарандарыбызга жана окурмандарыбызга чексиз жакшылыктарды каалайбыз.

Венера Сагындык кызы,
Тынчтыкбек Чоротегин

БИРИНЧИ БӨЛҮМ

КЫРГЫЗСТАН ЭЛДЕРИНИН АССАМБЛЕЯСЫ ПАРЛАМЕНТТЕН МАЙДА УЛУТТАРДЫН ӨКҮЛДӨРҮНӨ АТАЙЫН ОРУНДАРДЫ БЕРҮҮ СУНУШУН КИРГИЗДИ



4-декабрь, 2002-жыл.

Жакында Кыргызстан элдеринин Ассамблеясы Конституцияга киргизилүүчү өзгөртүүлөргө байланыштуу атайын кайрылуу менен чыкты. Анда республикада жашап жатышкан майда улуттардын өкүлдөрүнө парламенттен орун (квота) бөлүп берүүнү Конституциялык жол менен мыйзамдаштыруу зарыл деген сунуш айтылат.

«Кыргызстан – жалпыбыздын үйүбүз» чакырыгы ташталгандан бери өлкөдөгү улуттар аралык саясат жакшы жолго салынганы ийгилик катары белгиленип келатат. Бирок ошого карабастан, жакында парламенттеги депутаттык орундарды майда улуттарга биротоло

бекитип берүүнү сураган Кыргызстан Элдеринин Ассамблеясынын кайрылуусу дале болсо башкалардын түпкү улуттан үмүт кылган талаптары түгөнө электигин дагы бир ирет ачыкка чыгарды.

Ассамблея кайрылуусун колдогондордун бири, Кыргызстандагы орус тилдүү калктардын башын кошкон «Славян фонду» коомдук бирикмесинин жетекчиси Валерий Вишневский: «Бүгүнкү күндө Конституциялык деңгээлде бардык жарандар улутуна карабай мамлекетти башкарууга катышууга укугу бар» – деп декларативдик түрдө жар салынган. Бирок бул сөз катары гана калууда, анткени бул идеяны ишке ашыруунун жолдору каралган эмес. Майда улуттардын өкүлдөрү мамлекеттик башкарууга аралаша албай калгандыгын бүгүнкү турмуш көрсөтүүдө. Ошондуктан биз, Кыргызстан элдеринин Ассамблеясы кайрылуу менен чыктык. Биздин оюбузча, майда улуттардын өкүлдөрүн мамлекетти башкаруу иштерине аралаштырууга жана депутаттык милдетти аркалоого укук берүүчү жолдор Конституциялык жол менен бекемделүүгө тийиш деп эсептейт.

Кыргызстан элдеринин Ассамблеясынын мындай кайрылуусу коомчулукта карама-каршы пикирлерди жаратууда. Кыргызстандагы немис элинин «Фольклстар» коомдук кеңешинин жетекчиси, парламент депутаты Валерий Диль бийликти улутуна карап бөлүштүрүү эч бир акылга сыйбаган нерсе дейт: «Мен муну абсурд деп эсептейм. Парламенттеги орундар адамдын улутуна да, динине да карап бөлүштүрүлбөшү керек. Парламентке ким шайланып, ким кызыкчылыкты коргорун коомчулук, шайлоочулардын өздөрү чечүүгө тийиш».

«Кайран эл» партиясынын төрагасы, депутат Дооронбек Садырбаевдин пикиринде парламенттеги орундарды улутуна карап бөлүштүрүү шайлоонун атаандаштык критерийине доо кетирет: «Биринчиден, андай таптакыр болбойт. Квота болгон жердин баарында мафия болот

деп жатышпайбы. Ошого туш келет. Эгерде Кыргызстан элдеринин Ассамблеясына орун берилсе, анда Кыргызстандын атагын дүйнөгө чыгарган Кыргызстан Кинематографисттер уюмуна да орун берүү керек. Улуттар ассамблеясына орун берип, бирок майыптар коомуна орун бербей койсок анда бул адамкерчиликке да, мусулманчылыкка да жатпай калат».

Садырбаев улуттар аралык мамилени бийлик атайылап курчутуп жатышы да ыктымал дейт. «Себеби дегенде, шайлоо боюнча да, адам укугун коргоо боюнча да чырлар чыгып жатат. Ушунун баарынын чыр башында, жогорку кызматтагы бийлик адамдарынын катышы бар», – деп эсептейт Садырбаев.

Мындай пикир менен Кыргызстан элдеринин Ассамблеясынын төрагасы Иса Токоев макул эмес. «Биз демократиялык мамлекет куруп жаткан соң, биздин эгемендикти таанып, биздин жарандар болгон соң улутуна карабай өз укугун коргоп, талап кылууга алардын толук укугу бар. Башка мамлекеттерде да майда улуттар өз укугун коргоп, бийликтен квота талап кылышат. Мына ушундай талаптар коюлууда».

(Булак: https://www.azattyk.org/a/1202744.html)

«HUMAN RIGHTS WATCH» КЫРГЫЗСТАНДАГЫ АДАМ УКУКТАРЫНЫН АБАЛЫНА НААРАЗЫ



16-январь, 2003-жыл.

Шаршембиде «Хюман Райтс Уотч» эл аралык укук коргоо уюму дүйнө жүзүндөгү адам укуктарынын абалы тууралуу жылдык отчетун жарыялады. Анда былтыр жаңы деңгээлге көтөрүлгөн эл аралык маанисине жана АКШ менен аскерий алакаларына эрдемсий түшкөн Борбордук Азия өкмөттөрү, анын ичинде кыргыз бийлиги адам укуктарын кордоп-басмырлоону күчөткөнү белгиленет.

«Өткөн жылы Кыргызстанда болуп өткөн окуялар президент Аскар Акаев башында турган кыргыз бийлиги адам укуктары боюнча милдеттенмелерин аткаруудан баш тартканын көргөзөт», – деп башталат «Хюман Райтс Уотч» уюмунун доклады. Эл аралык уюм кыргыз өкмөтүнүн адам укуктарын чектөө, кордоп-басмырлоо аракеттерин башка Борбордук Азия өлкөлөрүндөгүдөй эле, 11-сентябрдагы тераккттардан кийин көтөрүлө

түшкөн региондун геосаясий мааниси жана АКШ менен аскерий кызматташтыктын күчөшү менен түшүндүрөт. «Борбордук Азия мамлекеттери адам укуктарын көз жаздымда калтырып, чөлкөмдүн жаңы геосаясий ролунан улам, бул үчүн эл аралык коомчулук эч кандай дипломатиялык кысым көрсөтпөйт деген ишеничке азгырылышты», – деп жазат белгилүү укук коргоо уюму өз докладында.

Кыргызстандагы мындай терс көрүнүштөрдү таасын далилдеген окуя катары алды менен өткөн жазда дүйнө коомчулугунун көңүлүн өзүнө бурган Аксыдагы коогалаңдар аталат.

[2002-жылы] 17–18-март күндөрү Кыргызстандын түштүгүндөгү Аксы районунда оппозициячыл депутат Азимбек Бекназаровду камактан бошотууну талап кылып, жөө жүрүшкө чыккан пикетчилерге милиция ок ачып, беш кырчындай жигиттин өмүрү кыйылды. 19 киши жаракат алып, 47 милиция кызматкери жарадар болду.

Парламентте бул окуялар талкууланып жатканда, Кыргызстандын мурдагы ички иштер министри Т.Акматалиев: «Милиция резина октор менен камсыздалбагандыктан, элге каршы кадимки окторду колдонууга аргасыз болду», – деп актанды.

Аталган экс-министр жана Аксы окуяларынын учурунда бийлик башында турган башка адамдар кыргыз президентинин жардыгы менен жаңы кызмат орундарына көчүштү, бейкүнөө беш кишинин өмүрүн алган коогалаң үчүн 3 жергиликтүү жетекчи гана соттолуп, түрмөгө кесилди. Аксыда курман болгондордун жакындары жана жалпы ал окуяларга катышкан эл күнөөлүүлөрдү жазалоону талап кылып, бүгүнкү күнгө дейре бийлик тараптан жооп алалбай келатышат.

«Хюман Райтс Уотч» уюму андан ары кыргыз президентинин саясий оппоненттерин куугунтуктоо

улантылганын белгилейт. Кыргызстандын мурдагы вице-президенти, Акаевдин атаандашы Феликс Кулов мурдагы жылы сот өкүмү менен 7 жылга эркинен ажыратылса, былтыр анын үстүнөн жаңы сот болуп, оппозициячыл саясатчы баш-аягы 10 жылдык өмүрүн түрмөдө өткөрмөй болду.

Кыргызстандын укук коргоо уюмдары Феликс Кулов саясий куугунтуктун курмандыгы деп эсептешет. Айткандай эле, 2000-жана андан кийинки жылы Кыргызстанда Феликс Куловдун колдоочуларынын нааразылык акциялары токтобой келген болсо, былтыр Жогорку Кеңештин депутаты Азимбек Бекназаровду коргоо жылы болду десе болот.

Кыргыз-кытай өкмөттөрүнүн ортосунда чек араны делимитациялоо тууралуу келишимге каршы чыгып, кыргыз бийлигин катуу сындап аты чыккан депутат Бекназаров андан 7 жыл мурун прокуратурада иштеп жүрүп, жасаган иши үчүн күтүүсүз жерден камакка алынган. Ага каршы нааразылык билдирип, ачкачылык жарыялагандардын арасынан Шералы Назаркулов ден соолугу кескин начарлап кетип, кайтыш болду.

Бекназаровду колдогон ондогон демонстрациялардын бири да тынч өткөн жок, алардын активдүү катышуучулары кыска убакытка камалып, же административдик жаза тартышты. Май айында кыргыз парламентинин алдында өткөн пикеттен кийин Кыргызстандын адам укуктарын коргоо кыймылынын төрагасы Турсунбек Акунов жана андан башка бир нече активисттер камакка алынып, кийинчерээк бошотулушту.

Аксы окуяларынан жабыр тарткандардын таламын талашып жүрүп Жалал-Абаддык Кадыркул Өмүрбеков 12 күн абакта жатып чыкты. Жада калса аксылыктардын нааразылык акцияларын чагылдырган журналисттер да бийлик органдарынын кысымына кабылышты.

Май айында «Азаттык» радиосунун кабарчысы Жаркын Темирбаеваны демонстрацияны чагылдырып жүргөн жеринен милиция кармап кетип бошотсо, акын Асанбай Жусупбековго «Азаттыкка» жалган маалымат берген үчүн кылмыш иши козголгон, – деп айтылат эл аралык укук коргоо уюмунун отчетунда.

«Хюман Райтс Уотч», мындан тышкары, кыргыз өкмөтү сөз эркиндигин чектөөнү күчөтүп, өлкөдөгү салттуу диний агымдардан башка уюмдардын өкүлдөрүн куугунтуктаганын, мисалга, Борбор Азияда Ислам халифатын орнотуу идеясын тараткан үчүн «Хизб-ут-Тахрир» уюмунун баракчалары табылган адамдарды кармап, бир нече жылга эркинен ажыратканын, Кытай менен түзүлгөн келишимдерден улам, жергиликтүү уйгурларга карата мамилеси бузулганын баяндайт.

Докладдын соңунда «Хюман Райтс Уотч» уюму Кыргызстанга акчалай-материалдык жардам көрсөтүп жаткан АКШ, Эл аралык Валюта фонду, Дүйнөлүк банк, Европа биримдиги өңдүү бир катар уюмдарга кайрылып, Кыргызстан жана жалпы Борбордук Азия өлкөлөрүнө карата саясатын аныктоодо аларды бул мамлекеттердеги адам укуктарынын абалын биринчи орунга коюуга үндөйт.

«Антпесе, былтыркы окуялар таасын айгинелегендей, бул өлкөлөрдүн авторитардык бийликтери өзүлөрүнө каяша айткан ар бир адамды куугунтуктоо саясатын күчөтүүнүн гана үстүндө», – деп белгиленет эл аралык уюмдун докладында.

(Булак: https://www.azattyk.org/a/1204236.html)

АКСЫ ОКУЯСЫН ЖУРНАЛИСТТЕР ЭСКЕРИШЕТ



Аксы окуясында курман болгондорго арналып тургузулган эстелик. Боспиек айылы.

Аксы окуясын кантип чагылдырдым?

2002-жылдын 17-марты жекшемби күн эле. Эртең мененки саат 9:00 – 10:00 чамасында Кара-Суу, Кызыл-Туу, Кара-Жыгач, Сары-Челек, Жаңы-Жол, Ак-Жол кыштактарынан адамдар Аксынын Кара-Жыгач айылындагы үч айрылыш жолдун борборуна чуурулуп келе баштады. Саат 10:30 – 11:00 чамасында ал жерге кыйла адам чогулду. Алар чакан митинг өткөрүштү да, үч топко бөлүнөрү айкын болду. Митингчилердин айтымында, бир топ эртең 18-мартта депутат Азимбек Бекназаровдун соту боло турган Токтогул районуна барышат. Экинчи топ Ош – Бишкек унаа жолунун Таш-Көмүр шаарындагы бөлүгүн тосууну, үчүнчү топтогулар райондун борбору Кербен шаарындагы Аксы райондук мамле-

кеттик администрациянын алдында нааразылык митинг өткөрүп, эл өкүлү А.Бекназаровду түрмөдөн бошотууну талап кылууну чечишти. Араларында Кара-Суу, Кызыл-Туу, Кара-Жыгач айыл өкмөттөрүнүн башчылары да жүрүшөт. Алардын «койгула, маселе сотто каралып, талабыңар оң чечилет» дешкенин көпчүлүк уккан жок.

Эки күн мурда Кара-Суу айылына облустун жетекчиси келе турган болгон. Бирок ал 15-мартта Ошто конференцияга катыша турган болгондуктан, кара-суулуктар менен жолугуша албай турганын айттырганы кабарланган эле. Депутаттын жактоочулары губернатордун келбей калышы жогоркудай чечим кабыл алышына себеп болгону митингде айтылды.

Саат 12:00ге жакын биринчи топтогулар үстү ачык машиналарга чыгышты. Экинчи топтогулар атчан-жөө болуп, тоо жолу аркылуу Таш-Көмүргө жөнөштү. Үчүнчү топтогулар жөө-жаландап Кара-Жыгач – Кербен жолуна түштү. 12:30 чамасында директорубуз К. Молдокасымов менен Кара-Жыгачтагы телефон түйүнү аркылуу сүйлөшүп, учурдагы жагдай тууралуу макала даярдоого уруксат алдым.

Окуя тууралуу радиобаяндама даярдоого эки сааттан ашык убакыт кетти окшойт. Аны «Азаттыктын» Бишкек бюросундагы студияга телефон аркылуу жаздырып бүтүп сыртка чыксам, айланада эч ким жок, ары-бери өткөн караан, же транспорт көрүнбөйт, жол ээн. Кербенге бет алган адамдардын кыйла узап кеткенин боолголодум да, унаа издей баштадым. Түш оогондо жолдо «Сыны-Кербен» автобусу пайда болду. Ыргалып араң жүргөн ал автобус менен үч саатта араң демонстранттарга жеттик.

Саат кечки 5:00тен өтүп калган болуу керек. Боспиек деген боз адырга жакындаганда атчан киши автобусту жол четине токтотууну айдоочуга буюрду. Жерге түшөрүм менен мени таанып калышкан жылаңбаш,

ыйлап алган аялдар жүгүрүп жетип келишип: «Атты, атты. Милициялар атты. Адам өлдү» – деп жатышты.

Алардын ый менен коштолгон сөзүн угуп, сураштырып атып демонстранттардын жолу тосулганын, тартип сакчылары менен жөө адамдардын ортосунда жаңжал чыгып ок атылганын, натыйжада адамдар курман болуп, өлгөн адамдарды жүк машина менен кайдадыр алып кетишкендигин билдим. Муун-жүүнүм бошоп, көзүмө жаш айланды. Адамдар жол боюнан таш менен коргондолгон, эки башка жердеги уюган канды көрсөтүштү. Боз талаада жол тосулуп, ок атылып, үч адам окко учуп, белгисиз санда адамдар жараат алганын айтышты. Боз дөбөнүн капталында үнсүз-сөзсүз дендароо тартып, жол жүргөндөрдүн бир бөлүгү олтурат. Калгандары жүрүшүн андан ары узатышыптыр. Жол боюнан атылган октордун ок капчыктарын жана атылбай калган автомат менен тапанчанын окторун таап терип алдым да, кагазга ородум. Аларды «Эртең териштирүү жургөндө далил болот!» – деп, кара-суулук жигиттердин колуна карматтым.

«Радионун саат 18:00дөгү уктуруусуна үлгүрбөй калдым окшойт. Эми саат 21:00дөгү программага үлгүрсөм экен. Убакыт чукул, Кербенге жете албайм. Кур дегенде жарадарлардын үнүн тасмага түшүрүп алайын» деген максатта ооруканаларды издей баштадым. Саат 20:00 чамасында Аблетим айылдык ооруканага жеттим да, ал жерден канга боёлуп жаткан тогуз-он адамды таптым. Жолдон да бутуна ок тийген эркек менен башына таш тийген аялды учураткан элем. Ал жерде байланыш түйүнүнө эми жеткенимде электр жарыгы өчүп калды. Араң жүргөн «Москвич» унаасын кайра жалдап, телефон издей баштадым. Бир сааттай убакыттан кийин автомашина менен Жерге-Тал айылындагы телефон станциясына жеттим.

Дароо Бишкектеги жетекчибиз К. Молдокасымовдун үйүнө телефон чалып, Кербенге митинг өткөргөнү

бараткан жолоочулар менен ички иштер кызматкерлери кагылышып ок атуу болгондугун, андан улам бир нече киши жарадар, үч адам каза болгонун айттым. Ал менден жарым сааттай чыдап турууну өтүндү. Өзү «Азаттыктын» кеңсесине жетип, бул окуяны саат 21:00деги уктурууга кабар кылып даярдап, Прагага жиберерин, андан кийин менин баяндамамды жаздырып аларын айтты. Саат 22:00 – 23:00 чамасында Кыяз менин репортажымды «Азаттык» радиосунун 18-марттагы таңкы уктуруусуна жаздырып алды. Түн оогондо баяндаманы жаздырып бүтүп сыртка чыксам, мени ташыган «Москвич» автомашинасынан дайын жок. Алыстан автоматтын атылган үндөрү угулуп турду. Болжолу Кербен тараптан чыгып жатты окшойт.

22-октябрь, 2021-жыл.
Ырысбай Абдыраимов,
«Азаттык» радиосунун Жалал-Абад облусундагы мурдагы кабарчысы

АКАЕВДИН ЖАРАСЫ АКСЫДА ЖАРЫЛГАН

Аксыдагы элге ок атууну убагында бийлик коомчулуктан жашырып калууга аракет кылган. Эки күн дымып жаткан бийлик, үчүнчү күнү Аксыда мас болгон адамдар бири-бирин бычактап, ооруканага түшкөндөр, арасында каза болгондор бар деп маалымат таратууга аракет жасашкан. Бирок ага чейин эле, окуя болгон күнү кечинде «Азаттык» радиосу окуянын чындыгын жалпы коомчулукка маалымдап таштаган. Андыктан бийлик үчүнчү күнү кечинде гана элге ок атылганын моюнга алууга аргасыз болгон.

Өткөндүн сабагы

Өлкөдө Аксы окуясы эскерилип жаткан кез. Кыргызстанда болуп өткөн бул каргашалуу окуянын чыныгы күнөөкөрлөрү жазаланбаганы үчүн 2010-жылы 7-апрелде андан да эселенип кан төгүлдү, кырчындай өмүрлөр кыйылды. Каргашалуу Аксы окуясын ал учурда бийлик жаап-жашырууга аракет жасаган. Бирок аны ошол эле күнү Кыргызстанга, дүйнөлүк коомчулукка «Азаттык» радиосу маалымдап, алдамчы бийликтин абийирин ачып салган.

Бул каргашалуу окуя тууралуу 17-мартта кечке маал Аксы районундагы Кара-Суу айылынын тургундары телефон аркылуу кабарлаганда алгач ишене алган жокмун.

Ал күн ишемби эле. Дароо «Азаттык» радиосунун кеңсесине келип, окуянын чын-төгүнүн тактоого кириштик. Чындап эле Бозпиекте элге ок атылганын экиүч тараптан алган маалымат аркылуу бышыктагандан кийин дароо Прага менен байланышып кабарладык. Кечки саат 8деги жаңылыктардан бул каргашалуу окуяны коомчулукка маалымдадык. Ошол эле учурда бийлик аны элден жашырууга катуу аракет жасады.

Биз элден алынган маалыматыбызды тереңдеп иликтөө максатында Жалал-Абаддагы кабарчыбыз Ырысбай Абдраимовду дароо Кербенге барып ооруканадагы жарадарларга, окуяга катышкандарга жолугуп, жеринде маек уюштурууну тапшырдык. Бул жерден Ырысбай акенин ушунчалык так жана тез иштегенин баса белгилөө керек. Ал ошол күнү оор жараат алган Сатымбай Үркүнбаев менен Эркинаалы Четинбаевден да эң соңку интервью алганга жетишти. Анткени эртеси 18-мартта экөө тең каза болуп калышты. Алардан башка жарадар болгондордон, дарыгерлерден, окуяга катышкандардан түнү бою интервью уюштуруп, Бишкекке жибергенге үлгүрдү. Биз жарадарлардан алынган үндөрдү өтө ишенимдүү жерге

жашырдык. Анткени ал учурда бийликтен бардык нерсени күтүүгө болот эле.

Ачыгын айтуу керек, Аксыда октон жарадар болгондордун үнү өтө кыйынчылык менен алынды. Ооруканага кирүү да оңойго турган жок. Аксыда жүргөн кабарчыбыз Ырысбай Абдраимов артынан түшкөн укук коргоо органдарынын куугунтугунан кутулуп чыгып, бир үйгө барып, алынган маектерди телефон аркылуу Бишкекке жиберүү да зор кыйынчылыктар менен ишке ашты. Байланыш өтө начар болгондуктан алардын үндөрү зорго угулуп жатты. Биз алынган үндөрдү ошол эле замат телефон аркылуу Прагага жиберип, ал учурда интернет аркылуу үндү жиберүү азыркыдай жолго коюла элек учур, анын негизинде атайын макала даярдадык.

Эгер ошол күнү Прагага жибербегенде эртеси күнү алардын бардыгы бийлик тарабынан Бишкектен эле жок кылынмак экен. Бизге жүктөлгөн бул жоопкерчиликтүү ишти аткарып жатып, коркууну да сезбедик. Маалыматтын бардыгын тактап, алынган маектер Прагага жиберилгенден кийин гана ошол кезде бийлик тарабынан куугунтукка алынып, Бишкек шаардык прокуратурага сурак берип жүргөн депутат Адахан Мадумаровго жана башка саясатчыларга кабарладык. Алар да ишенишпей Адахан Мадумаров менен Мелис Эшимканов түнкү саат 1-2лерде «Азаттыктын» кеңсесине келишип, жарадар болгондордон алынган маектерди уккандан кийин гана ишеништи.

Ошентип, эртеси 18-март күнү «Азаттыктын» таңкы уктуруусунда окуя толугу менен коомчулукка маалымдалып, ошол эле күнү Прагадагы жетекчибиз Нарын Айып окуяны орус, англис тилине которуп дүйнө коомчулугуна кабарлады.

Ал эми бийлик 19-мартта атайын маалымат жыйынын өткөрүп, Аксыдагы айрым адамдар бири-бирин бы-

чакташып алты адам каза болду деп айтып чыгышты. Ошентип, бийлик болушунча жаап-жашырууга аракет жасашкан. Ал түгүл каза болгондор атылган октон эмес, бири-бирин бычакташкандан каза болушту деп айтып чыгышкан. Ага далил болсун деп каза болгон адамдардын ок тийген денелерин бычак менен тилдиришкен.

19-мартта Ак үйдө өткөрүлгөн маалымат жыйынында алар атылган октон каза болгонун, аны жарадар болгондор өздөрү бышыкташканын айтканыбызда «Азаттык» ар дайым бир тараптуу, жалган маалыматтарды таратасыңар деп бизди ошол кездеги ИИМ министри Темирбек Акматалиев баш болгон мыкчыгерлер айыптап чыгышкан. Бирок бул окуя тууралуу кыргызстандыктар гана эмес, дүйнө коомчулугу да кабардар болушканын билгенден кийин бизге койгон дооматтары суу кечпей калды.

Аксыдагы кандуу окуяга ошол кезде бийлик башында отургандардын бардыгы күнөөлүү. Азыркыга чейин Аксыда элге ок аткандар, анын башында тургандар табылбады, эл алдында жазаланбады. Ошондуктан 2010-жылы апрелде кайрадан элге ок атылып, кырчындай өмүрлөр кыйылып отурбайбы. Алыста отуруп алып Акаев элге ок аттырбаганын айтып, ар убак актанат. Элге ок аткан өнөкөттү Акаев Аксыдан баштабады беле.

Ошол кездеги бийлик башында отургандардын бири Ак үйдүн жетинчи кабатында отуруп алып «Эки-үч айдын ичинде Азимбек Бекназаровду эл эстебей калат. Аны силер эле көбүртүп-жабыртып баатыр кылып жатасыңар. Мамлекеттик машина менен ойношпогула. Кезек силерге да жетет»–деп күпүлдөгөнү эч эсимден чыкпайт. Ошондо: «Силер Азимбек Бекназаровду камоо менен элдин укугун тебелеп жатасыңар. Эки-үч айдын ичинде Азимбек унутулбай эле эл силерди эсиңерге келтирет» – деп эскерткен элем. Көрсө, ал кезде бийликтин көзү көр, кулагы дүлөй болуп, өтө текеберленип, Кудайын тааны-

бай калган экен. Эки айга жетпей Аксыда кан төгүлүп, эл сел болуп толкуганда бийлик эмне кылар айласын таппай калган.

Ак үйдүн 7-кабатынан кайым айтышкан мыкчыгер тим эле лепилдеп: «Бизди эл укпай калды, «Азаттыкка» башкы прокурорду, КГБ менен ИИМдин жетекчилерин жиберейин элге чыгып чындыкты айтышсын» – деп безилдейт. Эки ай мурдагы күпүлдөгөн ал мыкчыгерге ортобуздагы сөздү эстетсем, «аны угуза көрбө» деп чебелектейт. Бийликтеги адамдын эки жүздүүлүгүн ошондо көрүп түңүлгөм.

Эми ал учур артта калды. Ошол кездеги бийликтин маалымат каражаттары чыркыраган чындыктан утулду. Бийлик: «Сөз укпаган неменин башына кирпич түшүрбөйсүңөрбү» – деп кол алдындагыларга ишарат кылып, мени тымызын тындым кылуу маселесин койгон. Өз убагында мага карата мындай буюртма болгонун өзгөндүк генерал агабыз азыркыга чейин жердештер отурганда айтып: «Мен сактап калганмын» – деп мактанып калат. Бирок түбүнөн чириген, өз элине ок аткан бийлик үч жылга жетпей өзү жок болду.

Аксы окуясы Ата Журтубуздагы жараны жарып чыкты. Бирок толук дарыланбай калды. Аксы окуясынан сабак албаган кийинки бийлик 2010-жылы апрелде кайрадан куулду. Эгерде бийлик өткөндөгү кандуу окуялардан туура жыйынтык чыгарып, сабак алып таза иштебесе, өмүрү кыска болорун соңку эки революция көргөздү. 14 жыл мурда коңгуроо болуп кагылган Аксы окуясы мына ушуну эскертет.

Кыяс Молдокасымов,
«Азаттык» радиосунун Бишкек бюросунун 1998–2005-жылдардагы жетекчиси

https://www.azattyk.org/a/kyrgyzstan_assyoldokasymov/27622840.html 19.3.2016.

КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТ КЫРГЫЗ-КЫТАЙ ЧЕК АРА КЕЛИШИМИН КАРООНУ УЛАНТТЫ



25-февраль, 2003-жыл.

Бишкекте Конституциялык Сот кыргыз-кытай чек ара макулдашуусу боюнча сот жараянын кароону улантты. Ушул эле күнү Конституциялык Соттун имаратынын алдында нааразылык акциясы уюштурулду.

24-февралдагы сот жараянында тышкы иштер министри Аскар Айтматов, Эл өкүлдөр жыйынынын депутаты Кыдыкбек Исаев, биринчи вице-премьер-министр Курманбек Осмонов аткаруу бийлигинин таламын талашып сөз сүйлөштү. Ошондой эле алар Конституциялык Соттун судьяларына жана доогер депутаттардын суроолоруна жооп беришти. Бул күнкү сот жараянында каршылашкан тарап «1996–1999-жылдардагы кыргыз-кытай чек ара келишимдерине чейин Кыргызстандын Кытай менен чек арасы болгонбу? Жогорудагыдай келишимдердин негизинде Кыргызстандын чек арасы өзгөрдүбү же жокпу?

Кыргыз-кытай чек ара келишими Жогорку Кеңештин кош палатасында кандай ратификацияланышы керек?» деген суроолордун тегерегинде талашып-тартышты.

Тышкы иштер министри Аскар Айтматовдун пикиринде, буга чейин Кыргызстан менен Кытайдын ортосунда мамлекеттик чек ара болгон эмес. Совет мамлекети менен Кытайдын ортосундагы талаш-тартыштуу чек ара жерлери 1996–1999-жылдагы чек ара келишимдеринин негизинде такталган. Ал келишимдердин негизинде «Кыргызстан менен Кытайдын ортосунда чек ара сызыгы биринчи жолу орнотулгандыктан Жогорку Кеңештин кош палатасында жөнөкөй көпчүлүк менен ратификацияланган» деген пикирин айтты.

Ошол эле мезгилде Аскар Айтматов депутат Исмаил Исаковдун «Совет мамлекети менен Кытайдын ортосунда чек ара болгонбу?» деген суроосуна «чек ара болгон» деп мойнуна алды.

– Кытай менен Совет мамлекетинин ортосунда чек ара болгон. Ар кандай беш жерде талаш-тартыштуу жер участоктору орун алган. Ал талаш-тартыштар соңку келишимдердин негизинде чечилди, – деди Аскар Айтматов.

Тышкы иштер министринин мындай жообу депутаттарды канааттандырган жок. Ошондой эле депутаттардын: «Мына ошол талаш-тартыштуу жерлер кайсы эл аралык документтерде көрсөтүлгөн?» деген суроосуна жүйөлүү жооп болгон жок. Ал эми Ишенбай Кадырбековдун: «Кыргызстандын 130 миң гектарга жакын жери Кытайга өткөндүктөн, Кыргызстандын чек арасы өзгөрүлгөн жокпу?» деген суроосуна Аскар Айтматов: «Өзгөрүлдү» – деп жооп берди. «Бирок ал өзгөрүү мурдагы талаш-тартыштуу жерлерди тактап, жаңы чек ара сызыгын орнотуу максатында жүргүзүлдү», – деп кошумчалады Аскар Айтматов.

Түшкү тыныгуудан кийинки сот жараянында Эл өкүлдөр жыйынынын депутаты, Кыдыкбек Исаев маалымат берди. Дагы эле каршылашкан тараптар мурдагы

суроолордун тегерегинде ар түрдүү өңүттөн талашып-тартышышты. Ушул эле күнү биринчи вице-премьер-министр, юстиция министри Курманбек Осмонов маалымат берип, «Совет биримдиги Орусия империясынын мураскору боло албайт. Ошондуктан, 1884-жылкы Кытай менен Орусия империясынын ортосундагы келишим юридикалык күчкө ээ эмес» деген пикирин айтты. Курманбек Осмоновдон соң, президенттик администрациянын, Юстиция министрлигинин өкүлдөрү сөз сүйлөшүп, кеп кезеги кайрадан жыйынтыктоочу сөздү сүйлөөгө оппозициялык маанайдагы депутаттарга берилди. Доогерлердин сунушу менен сот жарааяны шейшемби күнү улантыла турган болду.

Дүйшөмбү күнү Конституциялык Соттун имаратынын алдында айрым саясий партиялардын, бейөкмөт уюмдардын он чакты өкүлү нааразылык акциясын уюштурушту. Алар «Кыргыз жери Кытайга сатылбасын», «Үзөнгү-Кууш Кытайга берилбесин» деген сыяктуу плакаттарды кармап турушту. Мындай акциянын максаты тууралуу аны уюштуруучулардын бири, укук коргоочу Т. Акун айтып берди.

– Сот жарааяны Конституциялык Сот тарабынан калыс каралсын, Кытайга кыргыз жери берилбесин деген максатта пикетке чыктык, – деди Турсунбек Акун.

Ал эми сот жарааянынын жүрүшү тууралуу Кыргызстан коммунисттер партиясынын жетекчиси Клара Ажыбекова буларды кошумчалады:

– Буга чейин бийлик өкүлдөрү: «Бизде эч кандай мамлекеттик чек ара болгон эмес» – деп айтып келишти. Мына бүгүн гана тышкы иштер министри Аскар Айтматов: «Кытай менен Совет мамлекетинин ортосунда чек ара болгон» – деп мойнуна алып, – «беш жерде талаш-тартыштуу жер участоктору болгон» – деп айтты. Бирок ал талаш-тартыштуу жерлерди далилдеген документтерди көрсөтө алышкан жок. Ошондуктан менимче бийликтин келтирген аргументтери өтө жетишсиз.

(Булак: https://www.azattyk.org/a/1205882 html?nocache–1)

МЫЙЗАМДЫН БЕТ АЧАРЫ ӨТТҮ. ЭМИ КЫРГЫЗ ТИЛИНИН ТАГДЫРЫ КАНДАЙ БОЛОР ЭКЕН?



30-март, 2004-жыл.

[2004-жылы] 29-апрелде Мыйзам чыгаруу жыйынында «Мамлекеттик тил жөнүндө» мыйзамдын бет ачары болду. Ага парламент депутаттарынан сырткары жазуучулар, окумуштуулар жана интеллигенциянын дагы башка өкүлдөрү катышып, кыргыз тилинин абалы, жаңыдан кабыл алынган мыйзамдын тагдыры тууралуу сөз козгошту.

Кыргыз тилинин мамлекеттик статусун аныктаган алгачкы мыйзам 1989-жылы 23-сентябрда СССРдин убагында кабыл алынган.

Андан кийин кыргыз тилине байланыштуу мыйзам быйылкы жылдын 12-февралында кабыл алынып, 2004-жылы 2-апрелде президент А.Акаев ага кол койду.

Бул мыйзамдын кабыл алынышы коомдо карама-каршы пикирлерди пайда кылып, атургай Мыйзам чыгаруу жыйынынын айрым депутаттары ага ачыктан-ачык каршы чыгышты.

29-апрелде Мыйзам чыгаруу жыйынында өткөн бет ачарда ал тууралуу да сөз болуп, бирок алдыдагы негизги маселе – мыйзамдын иштеп кетиши экендиги белгиленди.

Мыйзамдын кабыл алынышы менен чогулгандарды төрага Абдыганы Эркебаев, маданиятты жана мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча мамлекеттик комиссиянын төрагасы Муратбек Бегалиев куттуктады.

Мыйзам чыгаруу жыйынынын билим, илим жана маданият боюнча комитетинин төрагасы Жангороз Каниметов мыйзамдын башка тилдердин өнүгүшүнө терс таасир тийгизбесин дагы бир ирет белгиледи:

– Менимче, бул мыйзам башка улуттардын укуктарына чек койбойт. Тушоо салбайт. Бул жерде жалпы элдин кызыкчылыгына каршы келген саясат да жок. Элдин тили эл үчүн кызмат кыла берээрине ишенем. Ал үчүн үзүл-кесил эмес, такай аракет керек.

Ал эми окумуштуу, академик Үсөн Асанов тилди сактап калууда намыска келүүгө үгүттөөнүн мындай жолун тандап алыптыр:

– Уй мөөрөйт уй тилинде,
кой маарайт кой тилинде,
уй-койдон артта калдык го,
улуттук тилди билүүдө, –

деп чыгаан акыныбыздын жазганы бар.

Мен айтаар элем, Абдыганы Эркебаевич, бул ырды көрүнөө жерге илип коюп, мындан кийин тил жөнүндө кеп салбай, бири-бирибизди үгүттөбөй эле ушул кабыл алынган мыйзамды чындап ишке ашырыш үчүн шымаланып иштесек.

Академик Үсөн Асанов, ошондой эле «кыргыз тили илим менен технологиянын тили боло албайт» деген сөздөргө макул эместигин айтып, ага далил катары химия илими боюнча өзү жазган китептерди көрсөттү.

Белгилүү драматург Бексултан Жакиев болсо мыйзам кабыл алынган менен аны аткарууга аракеттер байкалбай жатканын белгилеп, ага мисал катары Интеллектуалдык менчикти коргоо боюнча мамлекеттик агенттикте жакында өткөн жыйынды мисалга келтирди:

– Интеллектуалдык менчикти коргоо күнүнө карата, агенттиктин жетекчиси Роман Оморов бул жерде отурат, бир конференция өттү. Ал баарын ышкырта орусча өткөрдү. Минте берсек, биздин мамлекеттик тил жөнүндө мыйзамыбыз эч качан турмушка ашпайт.

Кыргыз тили кыймылынын лидери, «Аалам» гезитинин башкы редактору Чолпонбек Абыкеев кыргыз тилинин жоголуп бараткан тилдердин катарына киргендиги факты экендигин белгиледи.


Ал дагы Бексултан Жакиев сыяктуу эле, мамлекеттик тил жөнүндө мыйзамдын аткарылышы үчүн эч кандай кадамдар жасалбай жатканын айтты:

– Абдыганы ага, мына тил мыйзамынын кабыл алынып, 2-апрелде кол коюлганына карабай, бүгүнкү күнгө дейре ал мыйзамдын ишке киргендиги жөнүндө менде туюм жок. Мен жер-жерлерди кыдырып жүрөм, Жалал-Абаддан кечээ күнү келдим. Ал жерде тил мыйзамын аткаруу боюнча эч кандай чаралар көрүлө элек. Мына сиздердин имаратты эле мисалга алсак, мына бул жерде «пожар», «выход» деп жазылып турат, аларды алмаштыра турган кыргыздын татынакай сөздөрү бар. Абдыганы ага, биринчи ушул жерден баштасаңыз.

Бет ачар жыйында сөз сүйлөгөндөрдүн көпчүлүгү мыйзамды турмушка ашыруунун маанилүүлүгү тууралуу ушундай эле ойлорду айтышты.

(Булак: https://www.azattyk.org/a/kyrgyz_state_language/1223103.html)

КЫРГЫЗСТАН, «ДЕМОКРАТИЯ АРАЛЧАСЫ» ДЕГЕН ЖҮЗҮҢ КАЙДА?.. АЧЫП КОЙЧУ?..



4-январь, 2005-жыл.

Айрым байкоочулардын баамында, Кыргызстан мурдагы «демократия аралчасы» деп аталган жүзүн жоготту. Оппозициячыл саясатчылар Кыргызстанда демократиянын илеби калганбы же жокпу алдыдагы парламенттик шайлоо көрсөтөт деп үмүт артышат. Ал эми мамлекет башчы Аскар Акаев 2005-жыл өлкөдөгү демократиялык өнүгүүнү ого бетер бекемдөөнүн жылы болорун жарыя айтып келет.

Президент Аскар Акаев жаңырган жылга үч чоң милдет койсо, анын бири өлкөнүн демократиялык аброюн бекемдөө. Аскар Акаевдин айтымында, быйыл өлкөнүн демократиялык беделин көтөрүп, парламенттик жана президенттик шайлоолорду таза жана адилет өткөрүп алуу керек. Мамлекет башчысынын айтымында, дүйнөлүк коомчулук көзүнө Кыргызстанда демократия терең тамырлап, он жыл ичинде бекем орноп калганын далилдөө милдети турат.

«Биздин өлкө демократиянын шарапаты менен ыкчам жана ийгиликтүү өнүгүп жатат» – деди Аскар Акаев. Мындай пикирин ал жаңы жыл босогосундагы Улуттук телеканал аркылуу көрсөтүлгөн «түз байланышта» билдирген. Бирок мамлекет башчынын мындай оптимисттик көз карашы коомчулукта олуттуу деле колдоо таба алган жок. Айрым байкоочулардын баамында, Кыргызстанда демократиялык жараян чегинүүгө бет алып, өлкөдө оппозициялык маанайдагы күчтөргө куугунтук күчөп, сөз эркиндиги кысымга алынууда.

Коомдук жана маданий ишмер Түгөлбай Казаков Кыргызстан өзүнүн бүгүнкү акыбалы менен ооз көптүрө албайт деген ойдо:

– Бир кезде жетишилген эркиндик чектелип, эркин гезиттер менен телерадиолордун саны кескин кыскарып баратса демократиянын жеңиши деп майрамдай албайбыз да. Парламенттик шайлоодо көп нерсе айкын болот. Эгер мамлекет башчысы шайлоону өзүнө ылайык нукта өткөргүлө деп буйрук берсе анда кыйын болот го. Ак үйдүн «ак тизмесиндегилерди» өткөрүш керек деген принцип иштеп кетсе анда демократия тебеленет.

Президент Аскар Акаев бир курдай ирегедеги шайлоолордун демократиялуу жана ачык-айкын өтүүсүнө бүткүл колдон келген аракеттин баарын жасайбыз деп билдирген. Оппозициялык маанайдагы депутаттар бул убаданы кубаттоо менен кабыл алып, ошол эле кезде оппозицияга айтылган дооматтарынан сестенип турушкандай.

«Кыргызстан элдик кыймылынын» мүчөсү, экс- министр Кулубек Бөкөнбаев Кыргызстанда демократиянын илеби да калган жок деген көз карашта:

– Президенттин оозуна май. Ылайым ал айткандай болуп эле шайлоолор адилет өтсө экен. Бирок жаңы жыл алдында «Кыргыз туусу» гезити аркылуу президенттин жан-жөкөрү Кубанычбек Жумалиев бизге чоң муштумун көрсөттү. Ал эми президент өзү деле бир нече ирет оппозиция күч менен бийликке келгиси келет, аларга

жол бербейбиз, биз аларды талкалайбыз деген кыязда сүйлөбөдүбү. Бизде демократия сөз жүзүндө гана болуп калды. Эл аралык коомчулук алдында бийлик мактанып коёт, а турмуш жүзүндө башканы жасап келет.

Президент Аскар Акаев өлкөдө миңдеген бейөкмөт уюмдар менен эркин маалымат каражаттары эч тоскоолсуз иштеп жатканда демократиялык жараянга акаарат келтирүү адилетсиздикке жатат деп санайт. Бирок шайлоолор жакындаган сайын эркин массалык маалымат каражаттарына тымызын басым да эчак башталган деген пикирлер өкүм сүрүүдө. «Журналист» коомдук бирикмесинин жетекчиси Кубан Мамбеталиев Башмыйзамдагы мамлекеттик бийлик бутактары тарабынан сөз эркиндигин бузган бир да мыйзам чыгарылбайт деген 58-беренеси бузулуп жатат дейт. Анын пикиринде, шайлоо учурунда массалык маалымат каражаттары өзүнүн иликтөөлөрүн, социологиялык сурамжылоолорду жарыя кылганга тыюу салынышы сөз эркиндигин чектөөдө. Анын айтымында, өнүккөн өлкөлөрдө шайлоо өнөктүгү учурунда массалык маалымат каражаттарына ого бетер жол ачылып, ар тараптуу иликтенет.

«Бейөкмөт уюмдар ассоциациясынын» жетекчиси Токтайым Үмөталиеванын айтымында, быйыл шайлоо кодексине бир топ өзгөрүүлөрдүн киргени Кыргызстанда демократиянын ого бетер алгалап баратканынын белгиси. Токтайым Үмөталиева билдиргенге караганда, ЕККУ өндүү абройлуу уюмдар Кыргызстанды сөз эркиндигин сактоо боюнча лидер өлкөлөрдүн катарына кошууда, андыктан кыргыз бийлиги өлкөнүн «демократия аралчасы» деген жүзүн сактап кала алды. Бирок соңку жылдарга абай салып отуруп Кыргызстан «демократия аралчасы» деген атка татыксыз болуп калды деген ойлор бар.

«Интербилим» бейөкмөт уюмунун лидери Асия Сасыкбаева Кыргызстанда демократиялык жараянды артка сүйрөп, өлкөнүн демократиялык бейнесин бузган көп окуялар болуп кетти дейт.

(Булак: https://www.azattyk.org/a/1233212.html)

2005-ЖЫЛКЫ МАРТ ОКУЯСЫ «АЗАТТЫКТЫН» ЖАҢЫЛЫКТАРЫНДА



ОШ. 23-мартта Ош шаарына өлкөнүн коргоо министри Эсен Топоев, Жогорку Кеңештин депутаты Ташкул Керексизов жана башка депутаттар коргоо министрлигинин тик учмасы менен келишти. Алар менен облустук Элдик Кеңештин төрагасы Анвар Артыков жана парламенттин экс-депутаты Дүйшөн Чотонов жолугушту. Жолугушууда оппозициянын өкүлдөрү бийлик менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү үчүн, биринчиден, Болот Жанузаков, Калмурат Садиев өңдүү чиновниктер кызматынан кетирилсин, Жалал-Абад жана Ош облустарындагы Элдик Кеңештин төрагалары Жусупбек Жээнбеков жана Анвар Артыков облус жетекчилери катары таанылып, президент тиешелүү жарлыктарга кол койсун деген талаптарды коюшту. Бул күнү Ош шаардык Кеңешинин сессиясы өтүп, шаар мэри Сатыбалды Чырмашевге ишеним көрсөтүлбөй, анын ордуна Мамасадык Бакиров шайланды. Ал буга чейин мэрдин орун басары болуп иштеген. «Азаттыктын» Оштогу кабарчы-

сынын маалыматы боюнча 23-мартта Ошто мамлекеттик администрациянын алдында нааразылык акция улантылды. Ага катышкан жаштар президент Аскар Акаев өлкөдөгү кырдаалды көзөмөлдөн чыгарды, саясий абалга баа бере албай калды деген пикирлерин айтышты. Шаарда айыл-кыштактардан келген жаштардын агымынын көбөйгөндүгү байкалууда. Алар Бишкекке сапарга чыгуу үчүн ыктыярдуу тизмеге жазылып жатышат.

(Булак: https://www.azattyk.org/a/1236422.html?nocache–1)

БИШКЕК. 23-мартта Бишкекте «Хайат» мейманканасында оппозициянын жана парламенттин айрым өкүлдөрү, саясатчылар жолугуп, түзүлгөн кырдаалдан чыгуунун жолдорун талкуулашты. Ага саясатчылар Адахан Мадумаров, Равшан Жээнбеков, Мелис Эшимканов, парламенттин депутаттары Жантөрө Сатыбалдиев, Кубатбек Байболов жана башкалар катышты. Жолугушууда президент Аскар Акаевге өкмөттү отставкага кетирүү, сот, прокуратура, Борбордук шайлоо комиссиясынын жетекчилерин, губернаторлорду кызматынан кетирүү, үч айдын ичинде президенттик шайлоону өткөрүү, талаш-тартыштуу чечилген округдарда кайрадан парламенттик шайлоо өткөрүү талаптарын коюунун абзелдиги тууралуу макулдашылды. Жогорку Кеңештин он чакты депутаты жыйындан соң мындай талаптарды билдирүү үчүн президент Аскар Акаевге жолугушуу максатында Ак үйгө барышты. Алар премьер-министр Николай Танаев жана президенттик администрациянын башчысы Тойчубек Касымов менен кездешкени менен аларды президент Аскар Акаев кабыл алуудан баш тарткан. Ал эми оппозициялык көз караштагы айрым саясатчылар мындай кадамы менен Акаев өлкөдөгү кырдаалды жөнгө салууга аракет жасабай жатканын көрсөттү деп баалашты.

(Булак:https://www.azattyk.org/a/1236428.html?nocache–1)

БИШКЕК. 23-мартта президент Аскар Акаевдин жарлыгы менен Башкы прокурор Мыктыбек Абылдаев ээлеген кызматынан бошотулду. Анын ордуна башкы прокурордун милдетин убактылуу аткаруучу болуп Мурат Суталинов дайындалды. Ушул эле күнү өлкө башчысынын жарлыгына ылайык Ички иштер министри Бакирдин Субанбеков башка кызматка кеткендигине байланыштуу ээлеген кызматынан бошотулуп, анын ордуна вице-премьер-министрдин жана ички иштер министринин милдетин убактылуу аткаруучу болуп Кеңешбек Дүйшөбаев дайындалды. Ал буга чейин Бишкек шаардык ички иштер башкармалыгын жетектеп келген.

(Булак: https://www.azattyk.org/a/1236420.html?nocache=1)

БИШКЕК. 24-мартта эртең мененки саат ондо Бишкектеги мындан эки күн мурун саясий ачкачылык жарыялаган Жеңишбек Назаралиевдин медициналык клиникасынын жанында адамдар чогула баштады. Алардын алдына оппозиция лидерлери Курманбек Бакиев, Роза Отунбаева, Азимбек Бекназаров, Арслан Малиев ж.б. сөз сүйлөп, президент Аскар Акаевдин кызматтан кетүүсүн талап кылышты. Вице-премьер-министр, ички иштер министринин милдетин аткаруучу Кеңешбек Дүйшөбаев да митингчилер алдына чыгып сүйлөп, нааразылык акциясына чыккандарга каршы күч колдонулбасын, чагымчылар пайдаланылбасын билдирди. Түшкү саат он экиге карай төрт миңден ашуун элди Курманбек Бакиев, Роза Отунбаева, Исмаил Исаков, Виктор Черноморец, Ишенгүл Болжурова ж.б. баштап, борбордук Ала-Тоо аянтына карай жылды. Өкмөт үйүнө жакындаган элге жүздөгөн адамдар каршы чыгышты. Бирок эл аларды жарып өтүп, Ала-Тоо аянтында митингди баштады. Митинг учурунда колуна союл жана калкан кармаган жүздөгөн жаштар аларга каршы турушту. Мына ушул кол салуу аянтта башаламандыктын башталышына себепкер болду.

(Булак: https://www.azattyk.org/a/1236435.html?nocache=1)

БИШКЕК. 24-мартта нааразылык акциясына чыккан миңдеген атуулдар түштөн кийин саат үчкө жакын өкмөт үйүнө кирип барышты. Президент Аскар Акаевдин кайда экендиги белгисиз. Оппозиция лидерлеринин тартипти сактоого жасаган аркетинен майнап чыкпай, айрым атуулдар таш менен өкмөт үйүнүн айнектерин сындырды. Миңдеген адамдар өкмөт үйүн курчап, Акаевдин кетүүсүн талап кылууда. Милиция кызматкерлери элди кайрадан артка чегиндирүүгө бир нече ирет аракет жасады. Мындай чабуулда милиция кызматкерлери тарабынан да, эл тарабынан да жабыркагандар бар. Акыркы маалыматтар боюнча өкмөт үйүнүн айланасында кагылышуулар токтоду.

(Булак: https://www.azattyk.org/a/1236436.html?nocache=1)

БИШКЕК. 24-март. Акыркы жагдайга карата ички иштер министрлигинен, расмий бийлик өкүлдөрүнөн маалымат алуу акыркы убакка чейин мүмкүн болгон жери жок. Айрым байкоочулар Өкмөт үйүндө иштеген мамлекеттик кызматкерлер митингчилер тарабынан таяк жегендиги, ал эми иш бөлмөлөрүндөгү буюмдар сындырылып талкаланганы, айрым буюмдар ташылып чыккан учурлар болуп жаткандыгын кабарлашууда. Ал эми окуяга байкоо жүргүзүп жаткан кабарчыбыздын акыркы маалыматына караганда, учурда оппозиция кырдаалды жөнгө салуу аракеттерин көрүп, Курманбек Бакиевдин жетегинде чукул жыйын өткөрүп жатат.

(Булак: https://www.azattyk.org/a/1236439.html?nocache=1)

«ЖООГАЗЫН» ЫҢКЫЛАБЫНЫН КӨМҮСКӨ ЖАГДАЙЛАРЫ



24-март, 2020-жыл.

Парламенттик шайлоонун жыйынтыктарына карата нааразылык элдик толкундоого алып келип, аягында туңгуч президент Аскар Акаев өлкөдөн качканына 15 жыл толду.

Шайлоонун жыйынтыгына нааразы болгон ошол кездеги оппозиция өкүлдөрү мурдагы президент Аскар Акаевдин бийлигине каршы нааразылык акцияларына чыгып, жер-жерлердеги жергиликтүү бийликти басып алган азыркы саясатчылардын, бийликтин жана бейформал күчтөрдүн ортосундагы коомчулуктан көмүскө жүргөн сүйлөшүүлөр менен соодалашуулардын жыйынтыгы эмнеге алып келген?

Сүйлөшүүлөрдү бийликтин атынан кимдер жүргүзүп, кимдер ортомчулук кылып, кийин ал сүйлөшүүлөр эмне-

ге үзгүлтүккө учурап, тараптар күч колдонууга өткөнүнүн себептери тар саясий чөйрөдө гана айтылып келген.

Бийлик кулагандан кийинки саясий топтор ортосундагы таасир талаш, саясий оюндар жана мыйзамдык тартипти калыбына келтирүү үчүн ыңкылаптын талаптарын курмандыкка чалган өз ара келишүүнүн кесепеттери кандай болгон?

Кыргызстандын соңку тарыхында «Жоогазын» ыңкылабы деген ат менен белгилүү 2005-жылы март айындагы бийлик алмашууга алып келген окуялар эмнеден башталганы жана андагы айрым бир көмүскө жагдайлар саясаттагы тар чөйрөдө гана айтылып, жалпы коомчулукка анча белгисиз болуп келген.

Жалал-Абаддагы парламенттик шайлоонун жыйынтыктарына макул болбогон депутаттыкка талапкерлер Бектур Асановдун, Жусупжан Жээнбековдун, Жусупбек Бакиевдин жана Курманбек Бакиевдин тарапташтары облустук акимчиликтин алдына митингге чыккан. Ага чейин Бишкекте ж.б. аймактарда Роза Отунбаева, Доороңбек Садырбаев, Акылбек Жапаров, Арсланбек Малиев, Садыр Жапаров жана Равшан Жээнбеков сыяктуу саясатчылардын колдоочулары «Алга Кыргызстан» партиясы сүрөгөн талапкерлердин пайдасы үчүн добуш берүүнүн жыйынтыгы бурмаланганын айтып, нааразылык акцияларын уюштурушкан.

2005-жылы 4-мартта митингчилер Жалал-Абад облустук акимчилигин ээлеп алышкан. Ал эми 15-мартта Жалал-Абадда оппозициялык күчтөрдүн биринчи курултайы өтүп, Жусупжан Жээнбеков элдик кеңештин төрагалыгына көрсөтүлгөн.

Курултайда «Кыргызстан элдик кыймылы» Курманбек Бакиевди оппозициянын лидери деп жарыялаган. 2004-жылы күзүндө негизделген бул кыймылга Үсөн Сыдыков, Азимбек Беканазаров, Ишенгүл Болжурова, Досбол Нур уулу жана Исмаил Исаков сыяктуу саясатчылар кирген.

Жалал-Абаддан башталган чечүүчү бурулуш жана «караларды» жалдаган бийлик

Жалал-Абаддагы нааразылык акциясын уюштуруучулардын бири Медер Үсөнов бийлик сүйлөшүүлөргө чыкпай, эл облустук акимчиликти басып алган учурду эскерди:

«Шайлоодогу нааразылык топтолуп келип отуруп, анын жеткен чеги добуш берүүнүн экинчи айлампасы өткөн убакка туура келип калды. 2005-жылы 4-мартта Кыргызстанда эл биринчи жолу Жалал-Абад облустук акимчилигин басып алган. 20-мартта таңкы саат төрт чамасында акимчиликтин ичинде отурган куралсыз элге атайын даярдыктагы аскерлер тобу кол салып, уруп-согуп, аларды кармап, колу-бутун бурап, тышка сүрүп чыгарган. Ошол түнү акимчиликтин имаратында болгону 180 адам, сыртында 300–400 киши болгон. Алардын көпчүлүгү кыз-келиндер, аксакалдар, байбичелер жана жаш жигиттер болчу. Бардыгыбызды кармап, Майлы-Сууга, Базар-Коргонго бөлүп-бөлүп алып барып, ал жактагы ички иштер бөлүмдөрүндө аябай сабашкан. Баарына оор беренелер боюнча кылмыш иштерин козгошкон».

Ал эми бийлик менен оппозициянын ортосунда сүйлөшүүлөр улам-улам жүрүп жаткан кезде, 2005-жылы 19-марттан 20-мартка караган түнү Бишкектен барган тиешелүү күч түзүмдөрүнө караштуу атайын даярдыктагы топтор митингчилер ээлеген Ош облустук акимчилигин да күч менен бошотуу боюнча атайын операцияны ишке ашырган. Ал кезде Ош облустук ички иштер башкармалыгын Алмабек Байтиков жетектеп турган. Ал аталган операцияны жыйынтыктап журналисттерге жыйын өткөрүп, имарат уюшкан кылмыштуу топтордон бошотулганын жана мыйзамдуу бийлик толук калыбына келтирилгенин жарыялаган жайы бар. Бирок кийин

мезгилдүү басма сөздө аталган операцияны ошол кездеги Улуттук коопсуздук кызматынын төрагасы Калык Иманкулов менен Мамлекеттик чек ара кызматынын төрагасы Калмурат Садиев баш болгон бир топ генералдар жетектегени белгиленген.

Медер Үсөнов облустук акимчилик бошотулуп, андагылар кармалган соң тергөөчүлөр аны митингдин анабашы катары уюшкан кылмыштуу топтун мүчөлөрүнүн колуна салып берген жагдай тууралуу айтып берди:

«Менин аябай ачуум келгени – бизди кармап сурак жүрүп жаткан мезгилде, тергөө органы мени Бишкектен келген кандайдыр бир кылмыштуу топтун колуна салып бергени болду. Алар мени токмоктоп, аябай сабап: «Сени үй-бүлөң менен кошо жок кылабыз, баарын уюштурган сен экенсиң» – деп коркутушкан. Алар мени: «Сени Айдар Акаевге алып барабыз, бизге ошондой тапшырма берилди» дешкен. Алар эки-үч сааттай аябай кыйнап, автоунаа менен алып жөнөшкөн болчу. Анан эле эмне болду, кандай нерсе таасир эткенин билбейм, бир убакта өз ара сыртка сүйлөшүп келип, мени Өзгөнгө жеткенде кайра бошотуп жиберишти».

«Ордонун оюну» Оштон бузулганда

Аймактардагы жергиликтүү бийликтин имараттарын басып алып, элдик курултайларда элдик кеңештерди түзүү аркылуу альтернативдүү башкаруу түзүмдөрүн уюштуруу ошол кездеги оппозициялык күчтөрдүн бийликке каршы негизги чарасы болгону белгилүү. Жалал-Абаддагы окуядан көп өтпөй, 2005-жылы 9-мартта Кара-Кулжа шайлоо округунан депутаттыкка талапкер Дүйшөнкул Чотоновдун тарапташтары Ош облустук акимчилигинин алдына мөөнөтсүз митингге чыккан. Андан кийин Кара-Суу районундагы шайлоо округдарынан депутаттыкка өтпөй калган башка бир талапкерлер –

Анвар Артыков менен Арапбай Төлөновдун тарапташтары да аталган каршылык акциясына келип кошулган. Тогуз күн бою нааразылык акциясында турган митингчилер 18-март күнү Ош облустук акимчилигин ээлеп алышкан. Шайлоодон утуп чыгып, каршылык акциясына эч кандай катышы жок ошол кездеги депутат, маркум Баяман Эркинбаев ал кезде Оштогу митингчилердин тамак-ашына каралашып жатканы тууралуу маалыматтар чыккан. Бирок ал кайсы бир оппозициялык топко кирген эмес.

Ошол кезде оппозициянын экинчи жарымын түзгөн «Ата-Журт» кыймылынын демилгеси менен 2005-жылы 19-мартта Ош шаарында оппозициялык күчтөрдүн экинчи курултайы болгон. Ага Курманбек Бакиев баш болгон «Кыргызстан элдик кыймылынын» лидерлери да катышкан. Анда саясатчы Адахан Мадумаров да сөз сүйлөп, оппозиция бир муштумга бириге турган кез келгенин айткан.

Оштогу нааразылык акцияларынын катышуучусу Керимберди Макеев, Муратбек Малабаев, Ташкул Керексизов сыяктуу бийлик өкүлдөрү акимчилик эбак ээленип, митинг күчөгөн мезгилде гана сүйлөшүүгө келип, шарттарын койгон учурду белгиледи: «Ошто саясий чыңалуу күчөп кеткен. Шаардын борбордук аянтында митингчилер тарабай, боз үйлөрдү тигип алып, ошол жакта түнөп калып жатышты. Анан чыдамы түгөнүп, бийлик укпай койгон жагдайда адамдар милиция кызматкерлери менен кагылышып, тосмону бузуп өтүп, акимчиликтин имаратына кирип барып, ээлеп отуруп алышты. Ошол кезде тамак-аштан каржалып турган элди Баяман Эркинбаев колдоп турду. Ал өзү шайлоодон утуп чыкса да, анын ошол кездеги бийлик менен эч кандай талаш-тартышы болбосо да: «Митингге нааразы болуп чыккан элди ушунча күндөн бери аны укпаган бийликти көрүп, карап тура албадым» – деп, башкалар калтырап турганда, бийликтен коркпой элге оокат-аш жагынан жардам

бергени эсибизде. Анан ошондой учурда элдин башында турган Дүйшөнкул Чотонов менен Баяман Эркинбаевге бийликтин атынан Муратбек Малабаев, Калык Иманкулов жана Ташкул Керексизов келип сүйлөшүү жүргүзгөн. Бирок алар: «Эгерде митингдеги элди таратсаңар кызматка барасыңар, болбосо камаласыңар» – деп бирде соодалашып, бирде коркутуп-үркүткөн шарттарды коюшкан. Бул үчүн алар абдан чоң акча да сунуш кылышкан экен. Бирок Дүйшөнкул Чотонов менен Баяман Эркинбаев алардын мындай сунуштарын четке каккан. Бизде митингде турган элде бир гана «үй-бүлөлүк, кландык бийлик кетиш керек» деген талап болгон. Митингдин башында тургандар элдин башын аттап, бийликтин сунушун кабыл ала алмак эмес. Ошондуктан сүйлөшүүлөр үзгүлтүккө учураган».

«Кыргызстан элдик кыймылы» менен «Ата-Журт» саясий кыймылы Ош менен Жалал-Абадда «Акаев кетсин» деген ураан көтөрүп чыкканы менен эки саясий кыймылдын ортосундагы айрым бир пикир келишпестиктер чечилбей кала берген. Ал талаш – бириккен оппозицияга ким лидер болуп, кийинки шайлоодо президенттикке ким бирдиктүү талапкер катары чыгат деген маселе болчу.

2004-жылы күзүндө парламенттик шайлоонун алдында дипломат Роза Отунбаева Кыргызстанга кайтып келип, ошол кездеги парламент депутаты Дооронбек Садырбаев менен бирге «Ата-Журт» оппозициялык кыймылын түзгөн. Бул кыймылга Өмүрбек Текебаев, Ишенбай Кадырбеков, Адахан Мадумаров, Муратбек Мукашев, Дүйшөнкул Чотонов жана Анвар Артыков өңдүү саясатчылар кирген. Роза Отунбаева Бишкекте Бермет Акаева талапкерлигин койгон шайлоо округунан ат салышарын жарыялап, бирок аны БШК каттабай койгон.

Кийин Роза Отунбаева Оштогу жана Жалал-Абаддагы каршылык акцияларына байма-бай барып, андагы

митингдерде Акаевдин бийлигине каршы сөз сүйлөп, топтолгон элди колдоп турган.

Оштогу оппозициянын 19-марттагы куруултайында элдик кеңештин төрагасы болуп шайланган Анвар Артыков, анын орун басары Мурадил Бакашев жана саясатчы Дүйшөнкул Чотонов анын эртеси, тагыраагы 20-март күнү таңга маал камакка алынган. Ыңкылаптын башчылары жана алар менен бирге камалгандар ошол эле күнү кечинде кайра бошотулган. Анткени жалпы өлкөдөгү кырдаал өзгөрө баштаган. Анвар Артыков 24-марттан кийин Ош облусунун губернатору болуп дайындалган.

Элдик кеңештердин эпкини

Учурда КСДП фракциясынан депутат Анвар Артыков 2005-жылы 24-мартка чейин эле Оштогу жергиликтүү бийлик элдик кеңештин көзөмөлүнө өтүп, борбордук бийликке баш ийбей калган жагдай тууралуу айтып берди: «2005-жылы марттагы митингдердин бир өзгөчөлүгү – биз элге барып, аларды аябай үгүттөп, акча берип алып келген эмеспиз. Анда биздин шайлоочулар же башка эле ошол шайлоону шылтоо кылып, нааразылык акциясына келип кошулгандар адилеттик издеп келишкен. Анткени шайлоодо бийлик элди «кимсиң» дебей, добуш берүүнүн жыйынтыгын каалагандай чыгарды. Ошондо адамдардын чыдамы жетпей калды. Дүйшөнкул Чотонов экөөбүз биригип, каршылык акцияларын уюштурдук. Анан 20 миңден ашуун адам катышкан элдик куруултай өткөргөндө бийлик аябай катуу коркуп кетти. Ошол күнү кечинде имаратта отургандарды күч менен уруп-согуп, бийлик элдин кыжырына катуу тийип алды. Андан соң бул окуялар ыңкылапка алып келди. Биз ошол кезде иш жүзүндө бийликти элдин колуна алып бергенбиз. Борбордук бийликти тааныбай, ага баш ийген Оштогу бардык жергиликтүү жетекчилерди алмаштырганбыз. Кээ бирлери бизге өздөрү өтүшкөн.

Бул элдин бийлигин чынында элге алып берген уникалдуу көрүнүш болгон. Митингде турган элди колдоодо Баяман Эркинбаевдин эмгеги зор болду».

«Бийликтин сыры оппозицияга белгилүү»

Күч түзүмдөрү Жалал-Абад облустук акимчилигин 20-март күнү таңга маал бошотуп, андагы бир топ адамды камакка алганы менен түшкө жетпей топтолгон жүздөгөн митингчилер облустук акимчиликти, ички иштер башкармалыгын жана улуттук коопсуздук кызматынын облустук башкармалыгын кайра басып алган. Ал эми 21-март күнү Ош облустук акимчилиги жана Оштогу күч түзүмдөрү толугу менен ыңкылапчылардын колуна өткөн. Жалал-Абаддагы каршылык акциясынын лидерлеринин бири, экс-депутат Бектур Асанов күч түзүмдөрүнүн планы аларга белгилүү болгондуктан алдын-ала чараларды көрүүгө мүмкүн болгон жагдайга токтолду: «Өзгөчө жергиликтүү милиция менен атайын кызматтын офицерлери толугу менен бизге иштеген. Себеби алар да үй-бүлөлүк бийликтен тажап калышкан экен. Ошондуктан бийликтин ичинде эмне болуп жатканы тууралуу чыныгы маалыматтарды бизге берип турушкан. Биз бийлик менен тирешип турган соңку бир-бир жарым айда ошондой болду. Биз облустук акимчиликти ээлеп турганда да бизге 19-марттан 20-мартка караганда, түнкү саат үчтө кол салуу боло турганы боюнча маалымат келип түшкөн. Имараттын ичинде аз эле адам калган. Биздин жигиттер атайын сыртта калып, алдын-ала чара көрүп, элге өз учурунда кабар берүүгө жана чогултуп туруп, имаратта калгандарды кармап кеткен кезде кайра барып бошотуп алганга мүмкүнчүлүк болду. Биз түшкө жетпей акимчиликти кайрадан колубузга алып, милиция менен улуттук коопсуздук кызматынын облустук башкармалыгын толук көзөмөлгө алган элек».

«Баяман баатыр баяны»: эки ача пикир

Буга чейин митингчилерди тымызын колдоп келгени айтылган ошол кездеги депутат, маркум Баяман Эркинбаев 21-мартта биринчи жолу ачыкка чыгып, эл тарапта экенин жарыялаган. Андан ары Ош менен Жалал-Абаддан жаш жигиттер Бишкекти көздөй жөнөтүлө баштаган. Ошондо Баяман Эркинбаев масштабдуу каршылык акцияларынын каржылык демөөрчүсү гана эмес, көтөрүлүшчүлөрдүн жол башчысы катары сыпаттала баштаган.

Саясатчы Бектур Асанов маркум Баяман Эркинбаев башында бийлик менен оппозициянын ортосунда ортомчулук кылып, кырдаал өзгөргөн соң гана позициясын өзгөрткөн деген пикирин билдирди:

«Ал окуялардын башында, анын минтип өнүгүп кетишине Баяман Эркинбаевдин эч кандай таасири болгон эмес. Тескерисинче, ал 19-мартка чейин бийлик менен биздин ортобузда ортомчу болгон. Муратбек Малабаев, Калык Иманкулов, Кубанычбек Жумалиев жана Ташкул Керексизов сыяктуу бийликтин адамдарын ээрчитип келип, алар менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүнү сунуш кылып турган. Акыры митингге чыккан эл жеңе турганы дайын болуп калганда, тагыраагы 21-мартта гана ал бизге келип кошулган. Баяман менен Калык Иманкулов келип, сүйлөшүүлөр болгону эсимде. «Акчаны алгыла дагы, акимчиликти бошотуп койгула» деген шарт коюшкан. Буга Камчыбек Ташиев, Курсан Асанов сыяктуу адамдар да күбө болушкан. Биз аларга: «Силер менен сүйлөшө албайт экенбиз, бийликтин атынан Абдыганы Эркебаев келсин, биз ошол киши менен сүйлөшүү жүргүзгөнгө даярбыз» дегенбиз. Бирок бийлик ал кишиге ишенбей койдубу же ал эмне болду, иши кылып сүйлөшүүлөр кийин болбой калды».

Кримчөйрө кийлигишкен саясат

Интернеттеги ачык булактарда 2005-жылы 24-мартта эртең менен Бишкекте нааразылык акциясына чыккан оппозициянын жүздөгөн тарапташтарын ошол кездеги Акаев бийлигин колдогон спортчулар тобу таш-кесек менен тосуп алып, борбордук аянттан кубалап, сүрүп чыгарганы белгиленген.

Өкмөт үйүн коргоп турган күч түзүмдөрүнө көмөкчү күч катары келген бул спортчулар тобу өлкөнүн соңку жаңы тарыхында «ак кепкачандар» деген ат менен калган. Бирок көп өтпөй эле шаардын туш-тарабынан борбордук аянтты көздөй бир топ оппозициялык саясатчылардын тарапташтары кирип келгени белгиленип жүрөт.

Айрым булактар каршылык акциясына чыккандардын арасында маркум депутат Баяман Эркинбаевдин спортчулары жана кримтөбөл Рысбек Акматбаевдин олбурлуу жигиттери эки бөлөк топ болуп жүргөнүн белгилешкен.

Журналист Семетей Талас уулу тараптар күч сынашкан ал жагдай тууралуу буларга токтолду:

«Ошол учурда «Нариман Түлеев, Жыргалбек Сурабалдиев өздөрүнө жакын спортчуларды темир жол бекети жакта даярдап, аларды митингчилерге каршы туруш үчүн борбордук аянтка алып чыгышкан» деген маалыматтар чыккан. Анан ошолорго каршы Рысбек Акматбаевдин тобу 24-март күнү аянтта жүргөн болушу мүмкүн. Ал күнү Баяман Эркинбаевдин спортчулары да «ак кепкачандар» менен болгон кагылышта болгону айтылган. Ошолор келгенде анан жогору жактан келген Алмазбек Атамбаев менен Мелис Эшимкановдун тарапташтары колонна менен түшүп келгенден кийин жанагы «ак кепкачандар» качып жок болушкан. Бул жерде кайсы бир спортчулар эмес, негизги күч элдин өзүндө болгон».

Анткен менен коомдук ишмер Бектур Асанов ыңкылаптарды ишке ашырууга криминалдык топтор менен спорт чөйрөсүнүн абдан күчтүү таасири болгон деген пикирди жокко чыгарды.

Бектур Асанов кийин Курманбек Бакиевди Бишкекте ыңкылап маалында күзөтүп жүргөндөр тууралуу сөздөр болгонун белгиледи:

«Революцияны ким жасады?» дегенде мен аны Акаевдин өзү, анын аялы, уулу, кызы, күйөө баласы болуп биригип ишке ашырышкан деп айтаар элем. Алар бүтүндөй бийликти ээлеп алып, улуттук байлыкты каалагандай соруп жатышканы жашыруун эмес эле. Кылмыш дүйнөсү да аларга кызмат кылып калган. Рысбек Акматбаев да башында ошолорго иштеген. Биз Жалал-Абадда митинг уюштурганда эч кандай «караларды» же спортчуларды аралаштырган эмеспиз. Ал убакта бизди бүтүндөй эл массасы колдоп турган. Анан эми кийин Курманбек Бакиев Бишкекке келгенде аны Рысбек Акматбаевдин жигиттери коргоп жүргөн деген сөз болуп жатпайбы. Бирок анын так далили жок. Бир жаңсыл болгонго чейин кылмыш дүйнөсү бир жакка өткөн эмес. Балким, бийлик алынган соң алар кийин өз ара сүйлөшүп кеткен болушу да мүмкүн».

Бийлик талаштын башталышы

2005-жылы 24-мартта президент Аскар Акаев өлкөдөн качып, Бишкектеги бийлик алынары менен ыңкылапчыл саясий күчтөрдүн ортосунда таасир талаш башталганы белгилүү.

Ошол кезде Акаевди колдоп келген саясий топтор да эсине келип, бийликти колуна алууга жөндөмдүү саясий күчтөрдү карай ыктай баштаган. Жогорку сот жаңы парламенттин депутаттарын каттаган БШКнын чечимин жокко чыгарган.

Буга чейинки Мыйзам чыгаруу жана Эл өкүлдөрү палаталарынын ыйгарым укугу аяктай электе, жаңы парламенттин ишке киришкени негиз болгон. Эл өкүлдөрү жыйынына депутат Муратбек Мукашев, ал эми Мыйзам чыгаруу палатасына депутат Ишенбай Кадырбеков төрагалыкка шайланган. Бирок ыңкылапчыл күчтөр жаңы парламентти таанып, анын легитимдүүлүгүн бекиткен. Андан соң жаңы шайланган парламент Өмүрбек Текебаевди төрагалыкка шайлап, Курманбек Бакиевди премьер-министрликке дайындаган.

Жогорку Кеңештин төрагалыгына шайланган Өмүрбек Текебаев бардык саясий күчтөр кырдаалдан чыгып, мунаса табуу үчүн өкмөт башчылыкка Курманбек Бакиевдин талапкерлиги көрсөтүлө турганын парламентте расмий жарыялаганы белгилүү:

«Мына, сиздер мени 56 добуш менен колдоп бердиңиздер. Бирок мен сиздердин көбүңүздөр менен жеке мамилем начар болчу. Бирок ошого карабастан сиздер бүгүн жеке мамиле, жеке кызыкчылык дегенден жогору туруп, өлкөдөгү кырдаалды оңдош үчүн ушундай кадамга бардыңыздар. Мен сиздер менен сыймыктанам. Анткени сиздер жеке мамиледен бийик болдуңуздар. Бул ишенимиңиздерди мен эч убакта жерге таштабайм. Бул абдан татаал кырдаалдан чыгыш үчүн азыр биз бир нече кадам ташташыбыз керек. Буга чейин меморандумдагы бийликтерди биз сиздерге айтканбыз. Мен төрага катары сиздердин атыңыздардан ошол принциптерди айтып коюшум керек. Биз бүгүн түзүлгөн кырдаалды моюнга алышыбыз зарыл. Моюнга албоо–бул акылсыздык. Бирок ошол эле кезде биз ушул кырдаалды конституциялык нукка бурууга аракет кылышыбыз абзел. Биз бүгүн премьер-министрдин милдетин аткаруучу Курманбек Бакиевдин статусун моюнга алалы. Ошол эле кезде бүткүл коомчулук жана бийлик жаңы шайланган парламенттин легитимдүүлүгүн моюнга алышы зарыл. Бул мын-

дан аркы кырдаалдан чыгуунун кепилдиги болот. Бул өлкөдөгү мындан аркы абалды турукташтырууга өбөлгө түзөт».

Эки күндүк президент

Ага чейин ыңкылапчыл күчтөр нааразылыктын бардыгы парламенттик шайлоодон чыкканын жар салып, акаевчил парламентти таркатуу жана жаңы шайлоо дайындоо маселесин көтөргөн. Бирок аягында тараптар мунасага келип, Жогорку соттун жокко чыгарган чечимине карабастан БШКнын жаңы парламентти каттоо ченеми күчүнө кирген.

Буга чейинки кыска аралыкта, Баш мыйзам боюнча президенттин милдетин аткаруу жүктөлгөн парламенттин төрагасы Ишенбай Кадырбеков мыйзамдуулук сакталганда өлкөнүн өнүгүү жолу башкача болмок деген пикирин билдирди:

«Конституциянын негизинде 24-марттан 14-апрелге чейин президенттин ыйгарым укуктары менин колума өткөн. Бирок экинчи күнү эле палатада «Кадырбеков кетсин» деп атайын уюшулган күчтөр пайда болду. Алар президенттин ыйгарым укуктары өтүп жатканын кызганып, мага каршы чыгууга бел байлап жатышкан экен. Алар аябай чочулашты. Эми аларды да түшүнсө болот. Бирок мен аларга мыйзамдуу жана революциянын логикасына сыя турган ушул жол экенин айтсам да башында макул болуп, кийин мага ишенишпей көп ыплас иштер болгон. Парламентте депутат Арсланбек Малиевдин иш бөлмөсүндө Феликс Кулов болуп үчөөбүз отурганыбызда Үсөн Сыдыков кирип келип, экөөбүздүн ортобузда чоң чатак болгон эле. Ал мага «Акаевди биз куусак, сен каяктан келип бул жерге отуруп калдың?» дегендей сөздөрдү айткан. Ал учурда мени түшүнүп, бирок колдоп кете турган саясий күчтөр болбой калды. Эгерде

ошол кезде Өмүрбек Текебаев, Азимбек Бекназаров, Адахан Мадумаров, Дооронбек Садырбаев сыяктуу белдүү саясатчылар мага мурда айтып жүргөн позицияларында турганда, мүмкүн, өлкөнүн өнүгүү жолу такыр башкача болмок».

24-марттагы «Жоогазын ыңкылабы» кандуу териштирүүлөр менен коштолуп, саясатчы Феликс Куловдун санаалаштарынын бири, каскадёр Үсөн Кудайбергенов үйүнөн атылып, андан соң Акаев бийлигинин тарапкери катары таанылган депутат Жыргалбек Сурабалдиев түштөнүүгө бараткан учурда киллердин огунан жан берген.

Докенин дооматы

Ошондон тартып криминалдык чөйрөдө өз ара куралдуу кол салуулар башталып, саясатта бийлик үчүн айыгышкан күрөш күчөгөн. 2005-жылы май айында ыңкылаптын демөөрчүсү атыккан Баяман Эркинбаевдин мурдуна ок атылып, ал бул алгачкы кол салууда тирүү калганы айтылган.

Депутат Баяман Эркинбаев 2005-жылы май айында президенттикке талапкерлигин коё турганы жарыялана баштаган. Президенттик шайлоо 2005-жылы июль айына белгиленген. Бирок кийин Баяман Эркинбаев Курманбек Бакиевдин пайдасы үчүн талапкерлигин алып салган.

Антсе да Баяман Эркинбаев президенттик дымагынан баш тартып, саясатта жигердүүлүгүн азайтканы аны сактап кала алган жок. Киллердин экинчи огу таамай тийди. Баяман Эркинбаев 2005-жылы 21-сентябрда Бишкектеги үйүнүн алдынан окко учкан.

Ошол кездеги депутат, маркум Дооронбек Садырбаев өлкөдө кырдаал кооптуу болуп калганын айткан жайы бар:

«Мындай бандиттик мамлекетте жашоого, иштөөгө мүмкүн болбой калды. Бир жаш баланы алдырып жиберип, сакалым өрттөнбөдүбү... Ал кимге эмне жамандык кылды эле? Ал: «Күнөөмдү далилдеп бергиле» – деп өзү кайрылып жатса, аны карап, тергөөнүн ордуна СНБ бок жеп жүрдүбү? Эмне үчүн Баямандын автомашинесин, жан сакчыларын алып коёт? Жогорку Кеңеш, Баяман жөө калып, үйүнө бара албай жатканда эмнени карап отурдуңар? Ал тергөөдөн качкан жок эле го? «Күнөөмдү мойнума коюп бергиле» – деп чырылдап өзү суранып жаткан баланы сурабастан, атып салган – бул деген мамлекет эмес!»

Чүнчүтүп, жок кылуунун «оюну»

Ага чейин депутат Баяман Эркинбаевди кайтарып жүргөн жан сакчылары алынып салынып, камакка алынган. Ошол эле кезде ага таандык Кара-Суу базары тартылып алынып, Оштогу «Алай» мейманканасын басып алыш үчүн жергиликтүү спортчулар менен кылмыш чөйрөсү каршы коюлган. Бул жагдайда Баяман Эркинбаев өзү парламентте ага экинчи ирет кол салуу даярдалып калганын айтып чыккан. Керим Макеев Баяман Эркинбаев саясаттагы таасир талаштын курмандыгы болгонун белгиледи:

«24-марттан кийин раматылык Баяман Эркинбаевдин беделин аябай көтөрүлгөн болчу. Оштогу кээ бир маршруткаларда айдоочулар «Баяман–элдик президент», «Баяман Эркинбаев президенттикке татыктуу» деген сыяктуу ураандарды жазып алып жүрүп калышкан. Ошондой көрүнүштөрдөн соң анын Курманбек Бакиев менен ажырымы күчөп кетти окшойт. Анан эле анын Кара-Суудагы базарын тартып алып, аны каржылык жактан алсыратуу боюнча иштер башталды. Баяман Эркинбаевге каршы спорт чөйрөсү менен кылмыш дүйнөсүнүн адамдары

топтолуп, уюштурулганы белгилүү. Анын артында Курманбек Бакиевдин ини Жаныш Бакиев турганы ошол кезде ачык эле байкалып турду. Саясатчылар менен криминал абдан аралашкан мезгил ошондон башталган».

Андан көп өтпөй 2005-жылы 20-октябрда бунт чыккан абак жайларын текшерип барган парламент депутаты Тынычбек Акматбаев, жардамчысы жана эки жан сакчысы менен кошо окко учкан. Оор жараат алган Жаза аткаруу мамлекеттик кызматынын башчысы Полотов кийин каза тапкан. Депутаттын агасы, кримтөбөл Рысбек Акматбаев соттон акталып чыгып, инисинин ордуна талапкерлигин коюп, эң жогорку пайыз менен шайлоодон утуп чыккан. Бирок ал мандатын алганга жетишпей, 2006-жылы 10-майда Бишкектеги мечиттердин биринен чыгып келе жатканда атылган. Ошентип «Жоогазын ыңкылабын» колдогон же ага каршы чыккан фигуралар четинен жок кылынып, саясий буйрутма менен көзү тазалангандардын саны 30дан ашкан. Ал иштердин көбү ачылбай калган.

https://www.azattyk.org/a/mart-ynkylap-biylik-akaev-taryh/30504854.html

ӨЗБЕК КАЧКЫНДАРЫНЫН АРАСЫНДА КЫРГЫЗСТАНДЫН 38 ЖАРАНЫ БАР



18-май, 2005-жыл.

Сузак районунда убактылуу кармалып турган өзбек качкындарынын арасында 38 кыргыз жараны бар экени айтылууда. Азыр алардын жарандык макамы такталып жатат. Алар 13-май күнү ар түркүн себептер менен Өзбекстандын Анжиян шаарына барып калганын айтышууда.

Качкындарды фильтрациялоо лагеринде азыр 540 адам жашап жатат. Кыргызстандын жаранымын деген 38 адамдын көбүнүн 14-майда Кыргызстанга кирип келгенде документтери жок болгон. Азыр укук коргоо органдары аларды изилдөөдө. Лагердеги кыргыз жарандары Анжиян шаарына ар кандай себептер менен барып калышкан. Кандай себеп болбогондо да алар 14-май күнү Анжияндын борбор аянтындагы митингге катышышкан, анан өзбек куралдуу күчтөрүнүн ок атуусуна дуушар болгондо эл менен бирге кыргыз чегарасын көздөй умтулушкан.

Тахир аттуу жигит ошол күнү Анжиянга достору менен палоо жегени сейилдеп барганына мындайча токтолот:

«Мен достор менен Анжиянга кыдырып барып, палоо жегени чыккан элек. Анжияндагы митингге туш болуп калдык. Ошол жерден адамдарды атып баштады. Ал жерден качып, ким кайда барышын билбеди, акыры баш калкалап чыгып кетсек болот экен деп адамдар бир тарапка качтык».

Өзбек президенти Ислам Каримов Анжиян окуясы Кыргызстандагы козголоңчулары тарабынан даярдалган деген айыптоолоруна макул болбогон качкындар лагериндеги кыргыз жарандары өз ойлорун төмөндөгүдөй билдирди:

«Атым Тахиржан. Бүт дүйнөгө ачык айтылсын деген максатта, бизди террористтерге кошуп айыптап коюптур. Бул жерде болгон балдардын баары менен танышып сүйлөшүп атабыз. Каримов өтө диктатор адам экен».

Ошол 14-май күнү Анжиянга мейманчылап барганына бушайман болгон Атабек мындан ары Каримовду урматтабастыгын айтты:

«Өзүм Кыргызстандын атуулу боломун. Телевизордон Каримовдун берген интервьюсунда бүт жалган сөздөр айтылды».

Митингге катышкан кыргыз жарандарынын айтымында, нааразылык акциясы өтүп жатканда гражданча кийинген милиция кызматкерлери болгон. Аларды таанып калган жергиликтүү калк ок атыла баштагандан кийин милиция кызматкерлерин барымтага алышып жана куралдуу күчтөрдөн коргонуп, калкан сыңарында жамынышкан. Алардын пикиринде, өзбек өкмөтү өз жарандарына ок атса да, милиция кызматкерлерине ок атпайт деген ишеничтери болгон:

«Милицияларды кармап коргонуп алдык. Биз ойлодук бизге ок атса да, милицияларга ок атпас деп».

Бирок биринчилерден болуп ок астында калгандар так ошол милиция кызматкерлери болгон.

Лагердеги кыргызстандыктардын баамында азыр качкындарды кабыл алгандыгы үчүн Кыргызстан күнөөлүү болуп жатат. Алар бул пикир менен макул эместигин белгилешти:

«Азыр Кыргызстан күнөөлүү деп атышат. Элин атып жатса кошуна Кыргызстанга качат да».

Өз оюн өтө жөнөкөй түшүндүргөн Касым эгер үйбүлөнүн атасы балдарын уруп-токмоктосо алар кошуналыкына кирип качууга мажбур болот деди. Маегибиздин аягында оштук жигит Юлдаш өлкөсүн таштап кеткен, бирок өз элине ок атууга жол бербеген Аскар Акаев эң туура кылды дейт:

«Бизде Кыргызстанда Акаев өлкөнү таштап чыгып кетти, өзүмдүн калкыма ок атпаймын деп. Ал эң туура кылды. Ал эми Анжиянда президент жөнөкөй адамдардын баарысын кырды.

Биз Анжиянда да ушундай болот деген ой менен көңүл ток турган жерден тынч митингге каршы ок атылды».

Бүгүн качкындар лагерине кошулабыз деп келген он беш өзбекстандык атуулдар кыргыз чегарачылары тарабынан артка кайтарылды. Ал эми качкындар лагериндеги кыргыз жарандары тез арада алардын Кыргызстанга тиешеси текшерилсе үйлөрүнө кайтып кетүүнү күтүп жаткандыгын айтышты. Качкындар лагеринин сыртында алардын туугандары күтүп турат.

(Булак: https://www.azattyk.org/a/1238812.html?nocache=1)

2010-ЖЫЛ. АПРЕЛЬ ОКУЯСЫ «АЗАТТЫКТЫН» ЖАҢЫЛЫКТАРЫНДА



Таласта митинг өтүүдө

6-апрель. Таласта азыркы мезгилде облустук акимияттын алдында митинг өтүүдө. Бул тууралуу кабарчыбыз Жанарбек Акаев маалымдады. Анын айтымында, чогулгандар Курманбек Бакиевдин жана Максим Бакиевдин дарегине сын айтышууда. Митингге үч миңдей киши катышууда.

(Булак: https://www.azattyk.org/a/2003912.html)

Алайда миңден ашуун киши чогулду

7-апрель. «Азаттыктын» кабарчысынын билдирүүсүнө караганда, Алай районунун борбору Гүлчөдө

миндей эл чогулуп, түнү менен кармалгандарды бошотуу талабын коюп жатышат. Райондук бийликке бошотуу үчүн бир саат берилди.

(Булак: https://www.azattyk.org/a/2004805.html)

«Азаттык», «Би-Би-Синин» кабарчыларына кол салуу фактысын иликтөө башталды

7-апрель. Бул туурасында Ош облустук ички иштер башкармалыгынан билдиришти. Мекеменин өкүлүнүн айтымында, белгисиз бирөөлөр тартып алган «Азаттыктын» Оштогу кабарчысы Алишер Токсонбаевге таандык диктофон жана фотоаппарат ээсине кайтарылды.

«Азаттыктын» кабарчысы Алишер Токсонбаевдин маалымдашынча, 7-апрелде эртең мененки саат 08.30 ченде Кара-Суу районуна караштуу Чыйырчык ашуусунун этегинде Би-Би-Синин кабарчысы Айбек Абдылдаев экөөнү МАИ кызматкери токтотуп, жанындагы жаранчан кийимчен милиция өкүлү документтерин текшерген. Баары жайында экендигин айтып, журналисттерди коё берели деп жатышканда, чекеде турган ондогон олбурлуу жигит жана аялдар кабарчыларга күтүүсүздөн кол салышкан. Аларды МАИ жана милиция кызматкери арачалаганына карабастан, тигилер журналисттерди бөлүп-жарып, ар бирин өзүнчө көптөп жакалап, тепкилеп мазакташкан. Алишер Токсонбаевдин диктофонун жана фотоаппаратын колун кайрып, күчтөп тартып алышкан.

Жабырланган массалык маалымат каражаттарынын өкүлдөрү Алайда бүгүн боло турган элдик курултайды чагылдыруу үчүн баратышкан болчу. Алар окуя боюнча Ош облустук ички иштер башкармалыгына дароо арыз менен кайрылышкан.

(Булак: https://www.azattyk.org/a/2004975.html)

Нарында курултайга чогулгандар облустук акимчиликке агылып кирди

7-апрель. Милиция күчтөрү каршылык көрсөткөн жок. Чогулгандар губернатор А. Акматалиевге эл тарабына өтүүнү сунуштап, убакыт берди. Губернатордон жооп болбогондон кийин Азимбек Бекназаров баш болгон адамдар облустук акимчиликтин имаратына агылып кирип барды. Кээ бир кабинеттерге кирип барган адамдар терезеден кагаздарды ыргытып атышты.

(Булак: https://www.azattyk.org/a/2004708.html)

Кыргызстандын айрым аймактарына комендanttык саат киргизилди

7-апрель. Президенттин жарлыгы менен бир айга Талас, Нарын, Чүй аймактарында жана Бишкек шаарында кечки саат ондон эртең мененки саат алтыга чейин комендanttык саат киргизилди. Президенттин жарлыгы Жогорку Кеңешке жиберилгендигин «Кабар» агенттиги жазып чыкты. Буга байланыштуу жарандар жанына паспорт же ким экенин тастыктоочу документин ала жүрүш керек. Бул маалыматты «Азаттыкка» Ички иштер министрлигинин маалымат жана коомдук байланыш башкармалыгынан да тастыктады. Исхак Масалиев президенттин комендanttык саат боюнча жарлыгы ЖКга келе электигин, аны депутаттар 24 сааттын ичинде карап, чечип бериши керектигин «Азаттыкка» билдирди.

(Булак: https://www.azattyk.org/a/2005115.html)

«Форумда» кагылышуу жүрүп жатат

7-апрель. Кабарчыбыздын маалымдоосуна караганда, Алматы көчөсүндө жайгашкан «Форум медианын»

алдында милиция менен митингчилердин ортосунда кагылышуу жүрүп жатат. Чогулган адамдар саны 2–5 миңдей экени кабарлануууда. Милициянын атайын кызматтагы жоокерлери «Форумдун» алдынан сүрүлүп салынды. Алардын эки автобусу адамдардын колуна өттү. Жогорку Кеңеште кырдаалды талкуулап жатышат.

(Булак: https://www.azattyk.org/a/2004766.html)

Данияр Үсөнов парламентке маалымат берип бүттү

7-апрель. Ал (Жогорку Кеңеште) сөзүнүн соңунда абалдан чыгуу үчүн сүйлөшүүлөр, түзүлгөн кырдаалга жараша адекваттуу чараларды көрүү керек деп билдирди. Данияр Үсөновдон кийин башкы прокурор Нурлан Турсункулов депутаттарга маалымат берип жатып, Өмүрбек Текебаев, Алмазбек Атамбаев, Болот Шерниязов жана Кеңешбек Дүйшөбаев өтө оор кылмыш жасады деген шек менен кармалганын билдирди.

(Булак: https://www.azattyk.org/a/2004733.html)

ЕККУ Кыргызстандагы окуяларга камтамачылык билдирди

7-апрель. Европадагы Коопсуздук жана Кызматташтык уюмунун азыркы төрагасы, Казакстандын тышкы иштер министри Канат Саудабаев бүгүн телефон менен Кыргызстандын тышкы иштер министри Кадырбек Сарбаев менен сүйлөштү. Төрага аталган эл аралык уюм Кыргызстандагы окуяларга карата тынчсызданып жатканын билдирди. Кыргыз бийлигин да, оппозицияны да сабырдуу болууга чакырды. – ЕККУ Кыргызстанда азыркыдай нааразылык толкундоолорду жараткан саясий, экономикалык жана социалдык көйгөйлөр бар экенин билет жана бул проблемаларды кеңири саясий диалог аркылуу чечүүгө үндөйт, – дейт К. Саудабаев.

Бул тууралуу ЕККУнун Кыргызстандагы өкүлчүлүгү кабарлады.

(Булак: https://www.azattyk.org/a/2005136.html)

Ак үйгө чабуул жасалууда

7-апрель. Ак үйдүн алдында куралчан жоокерлер жана милиция турат. Митингчилердин колдорунда да курал бар деген маалымат бар. Бул тууралуу жеринде турган кабарчыбыз маалымдады.

(Булак:https://www.azattyk.org/a/2004846.html)

Кандуу кагылыштан каза болгондордун саны 74кө жетти

8-апрель. 7-апрелдеги тополоңдон каза тапкандардын саны 74кө, жараат алгандардын саны миңге чукулдаганын Саламаттыкты сактоо министрлигинен «Азаттыкка» кабарлашты. Министрликтин атын атагысы келбеген өкүлүнүн айтымында, учурда дагы тактоо иштери жүрүп жатат. (КЕ)

Бишкектеги №4 ооруканага 89 адам ар кандай жараат менен түштү

8-апрель. Ушул сааттарга Бишкектеги №4 ооруканага 89 адам ар кандай жараат менен түштү. Бул тууралуу «Азаттыкка» Бишкектеги №4 травматология жана ортопедия улуттук борборунун директору Сабырбек Жумабеков билдирди. Анын айтымында, ооруканада эки адам каза болгон. «Ооруканага түшкөндөрдүн арасында абалы оору да, орто акыбалдагылар да бар. Учурда алты бригада жалпы жамаатыбыз менен операция бөлүмдөрүндө иштеп жатабыз», – дейт С.Жумабеков.

Булак: https://www.azattyk.org/a/2005338.html)

Абактагы оппозиция лидерлери бошотулду

8-апрель. Бул тууралуу Социал-демократиялык фракциянын мүчөсү Иса Өмүркулов билдирди. Улуттук коопсуздук кызматы Өмүрбек Текебаев, Алмазбек Атамбаев, Болот Шерниязов, Турат Мадылбеков, Эмил Каптагаев, Абдыганы Эркебаевди кармаган эле. Азыркы мезгилде бул маалыматты УККдан тактоого мүмкүн болбой турат.

(Булак: https://www.azattyk.org/a/2005284.html)

Өкмөт үйү өрттөнүүдө

8-апрель. Кабарчыбыздын Ала-Тоо аянтынан маалымдоосуна караганда, азыркы мезгилде өкмөт үйүнөн коюу кара түтүн чыгып, өрт өчүргүч унаалар улам кирип чыгууда. Ал эми Ала-Тоо аянтында башаламан адамдар митинг уюштуруп, Д.Үсөновду табуу жана жазалоо талаптарын коюуда. Убактылуу өкмөттүн мүчөлөрү Ө.Текебаев, А.Бекназаров, Р.Отунбаева, Э.Каптагаев митингчилер алдына келип, бирок үн күчөткүчтөрдүн жоктугуна байланыштуу сүйлөй алышкан жок.

(Булак: https://www.azattyk.org/a/2006138.html)

Бишкекте талап-тоноолор

8-апрель. Башаламандыктын кесепетинен Ак үй, Жогорку Кеңештин терезе-каалгалары, ичиндеги эмеректер талкаланды. Башкы прокуратуранын имараты өрттөлдү. Талоончулар «Вефа», «Кербен», «Айчүрөк», «Плаза» сыяктуу ири соода дүкөндөрүн, бир нече «Народный» азык-түлүк дүкөндөрүн талап-тоноду. Оппозиция лидерлери элди тынчытууга аракет жасап, коомдук тартипти бузбоого чакырды. Бишкекте көзөмөл жоктугунан улам

талоончулук токтобой, эмеректерди ташуу таң атканча улантылды. Бишкектин комендanты Турат Мадылбеков ыктыярдуу элдик кошуун түзүлүп, кырдаал көзөмөлгө алынганын билдирди.

(Булак: https://www.azattyk.org/a/2005821.html)

УТРКда «Азаттыкты» обого чыгаруу аракети көрүлүп жатат

8-апрель. Бул тууралуу Кыргыз Улуттук телерадиокорпорациянын жаңы шайланган директору Кубат Оторбаев кабарлады. Ал учурда жамаат менен таанышып, 7-апрелде талкаланган беш жүз миң долларлык аппаратты калыбына келтирүү аракетин көрүп жатканын «Азаттыкка» кабарлады. Ал буга чейин эле УТРКны коомдук телевидениеге айлантуу демилгесин жактап келгенин айтып: «Ишти жандандырып эфирге чыга баштадык. Коомдук телевидениени чечүү – коомчулуктун талкуусу жана азыркы бийликке келгендердин саясий эркинин негизинде чечилчү маселе» – дейт К.Оторбаев. Ошондой эле талкаланган аппараттар калыбына келгенде «Азаттыктын» берүүлөрүн обого чыгаруу маселеси чечилээрин, ал эми «Ыңгайсыз суроолор» телекөрсөтүүсү бүгүн кечинде эфирге чыга турганын кабарлады.

(Булак: https://www.azattyk.org/a/2006057.html)

Убактылуу өкмөттүн жетекчилери аныкталды

8-апрель. Бүгүн убактылуу өкмөттүн иши боюнча анын төрайымы Роза Отунбаева журналисттерге маалымат берип, төрайымдын орун басарлары дайындалганын билдирди. Алар – Алмазбек Атамбаев (жалпы экономикага жооп берет), Темир Сариев (каржы жана насыя тармагын колго алат), Өмүрбек Текебаев (конституциялык

өзгөртүүлөрдү колго алат), Исмаил Исаков (күч органдарын тейлейт), Азимбек Бекназаров (сот жана прокуратураны көзөмөлдөйт). Ошондой эле Р.Отунбаева утурумдук элдик өкмөттүн иши боюнча декрет кабыл алынганын маалымдады. Ага ылайык, Жогорку Кеңеш таркатылып, анын функциясын утурумдук өкмөт аткарат. Ошондой эле Борбордук шайлоо комитетинин иши дагы токтотулары, президент алдындагы Секретариат менен Өнүктүрүү, инвестиция жана инновация боюнча Борбордук агенттик жоюлары маалым болду. Ал эми башка мамлекеттик органдар мурдагыдай эле иштей берет. Мындан тышкары Р.Отунбаева учурдагы Конституцияга өзгөртүүлөр киргизилип, жаңы баш мыйзам алты айдын аралыгында элдик референдумда кабыл алына турганын билдирди.

(Булак: https://www.azattyk.org/a/2005998.html)

КЫЛЫМГА ТЕТЕ БИР КҮН



7-апрель, 2012-жыл.

2010-жылдын 7-апрелиндеги Бишкектеги кандуу калабаны эскерүү.

Ал күнү Ак үйдүн алдындагы кандуу калабага кокустан эле аралашып калдым. Биз, интернет редакторлор сайтты улам жаңылап, окуянын өнүгүшүн тынбай чагылдырып, сүрөт, видеолорду коюп турушубуз керек эле. Окуя мүнөт сайын өзгөрүп атты...

Эртең менен «Медиа форумдун» алдында өтчү митингге ошо кездеги кабарчыбыз Бекташ Шамшиев кеткен эле. Үн жазгычын белендеп, мойнуна фотоаппаратты илип өтө камдуу жөнөгөн. Көп өтпөй эле камдуу кеткен Бекташ акебизден дайын болбой калды. Телефону өчүк. Кайра-кайра чалабыз, дале өчүк. (Кийин билсек кашайып ошо күнү телефонун азыктандырбай калган экен.)

Айла кеткенде Бекташ акеден кабар алганча сүрөттөрдү алып келип, сайтка коё берели деген ойдо «Медиа форумга» жөнөдүм. Горький көчөсүнө чыга берсек МАИлер жол тосуп турган экен, өткөрбөй койду. Айдоочу эптеп кычык-кучук көчөлөргө салып отуруп, Көк-Жар айылынын астынан алып чыкты да: «Мындан ары баралбайм, баары бир өткөрбөйт, өзүң барып кел», – деп машинасын токтотуп койду. Горький – Алматы көчөлөрүнүн кесилишинде да МАИнин машинелери турган экен. Ылдый жакта кararган түтүн уюлгуйт. Кесилиште турган МАИчилердин ындыны өчкөн, өткөн-кеткен менен да иши жок, өздөрүнчө кобурашып турат.

Дикилдеп чуркаган бойдон «Медиа форумдун» жанына келсем митингден дайын жок. Милициянын эки-үч машинеси томолонгон бойдон өрттөнүп жатат. Кырдаал түшүнүктүү эле. Революциянын жыты сезилмек тургай, өзү көрүнүп калган экен. Бирин-серин адамдар жүрөт. Өйдө тараптагы конуштардан адамдар топ-топ болуп ылдый кетип жатышты. Ага карабай жолдун боюнда бир аял: «Ак үйгө баскыла, Ак үйгө», – деп үгүттөп атат.

Телефондон айдоочуну чакырып, Горький көчөсү менен Ак үй тарапка жөнөдүк. Бу маалда жанагы МАИчилердин бири калбай, жолдун баары ачык. Логвиненко көчөсү менен зуулдаган бойдон түшүп келдик. Бир топ адамдар ары өтө албай топтолуп туруптур. Ак үйдү милиция каз-катар курчоо менен чулгап алган. Чүй көчөсүнүн Ала-Тоо аянты тарабы да тосук. Ошол тарапты көздөй бастым. Аңгыча эле тарса-турс башталып, бут алдыма жанагы түтөгөн нерсенин эки-үчөө томолонуп түштү. Көздү ачыштырчу газ атылып атты. Жаан себелеп турган. Жер суу. Түтөп түшкөн нерселер майда-майда көлчүктөргө түшүп, «пыз-з, пыз-з» деп эле өчүп калып атты. Жаандан улам алардын таасири болгон жок (аба ырайынын да ылайыкташканын карабайсызбы).

Тарса-турстан улам эл четке сүрүлдү. Мен да Чүй көчөсүнүн берки бетине өтүп, жаандан корголоп турган топко кошулдум. Бу тегеректеги мекеме-ишканалардын баары эшигин эчак жапкан. Ошол эшиктердин алдындагы чакан айвандардын баарында топ-топ болгон адамдар жаандан корголоп турду. Көпчүлүгү жаш жигиттер. Жанымда турган жигиттердин бири бир убакта: «Эми ким президент болот?» – деп суроо салып калды. Арыда турган бир мойсопут киши чыдабай кетти окшойт (үстү-башына караганда ушул тегеректеги өкмөттүк мекемелердин биринде иштейт көрүнөт): «Ким болсо ошол болсун, ушулар эле кетсе болду (Бакиевдерди айтып атканы), Кыргызстанды соруп бүтмөй болду», – деп калды. Мында тургандардын баары: «Туура, туура» – деп коштоп жиберди.

Ошо маалда милициянын тосмосу бузулуп, чууруган бойдон Ак үйдү көздөй качып берди. «Медиа форумдан» жөнөгөн эл аянтка жетип, аларды сүрүп жөнөгөн экен. Жанатан бери жарданып турган эл дуулдай түштү. Элдин астында келген бир аскердик чоң машине күү менен Ак үйдүн темир дарбазасын какты эле ачылып кетти. Анан алгачкы топ Ак үйдүн короосуна кирип барды. Тарса-турс күчөп, автоматтын татыраган үндөрү угулуп калды.

Бир маалда эки бала канжалаган бирөөнү сүйрөп чыгышты. (Көрсө, ал азыркы жаштар министри Алиясбек Алымкулов экен, биринчи ок ошого жаңылыптыр). Эл дагы дуулдай түштү. Ак үйдүн үстүндө бурч-бурчта сороктогон караандар пайда болду. Көзгө атарлар экен. Жанагы машине арты менен барып, экинчи дарбазаны сүздү. Ачылбай калып, экинчи жолу сүзмөкчү болгондо рулда отурган балага ок жаңылды. Аны дароо чуркап барган эки бала ошол тегеректе ызылдап жүргөн «Тез жардамдын» бирине салды. Дагы бир бала темир тосмонун пайдубалына жашына сойлоп барды да, машинеден

агып аткан күйүүчү майга ширеңке чагып жиберди эле жалын дүрт этти.

Тарса-турс күчөп, аба түтүн, кан жыттанат. Карап тургандар бир адам өлдү, эки адам... беш адам... деп санап атышкан. Санап үлгүрбөй калды. Алгачкы канды көргөндө көпчүлүк бир селт эте түшкөндөй болгон. Өлүм көбөйгөн сайын коркпой эле кайра чыңалып, кыжырдануу ого бетер күчөп аткандай туюлду. Эл качпай эле кайра көбөйө берди.

Көзгө атарлар Чүй көчөсүнөн Ак үйдү көздөй кадам таштаган эле адамды ата баштады. Ошентип өмүр менен өлүмдүн ортосу беш-алты эле кадам болуп калды... Көзгө атарлар эми элдин арасынан терип атканга өттү. Кыйкырык-сүрөөн, тарса-турс... Көйнөгүн чечип колуна кармап алган бир бала: «Мени ат, мени ат» – деп кыйкырган бойдон Ак үйдү көздөй чуркады эле, жанындагы эки шериги кайрып келди. Кудай жалгап аларга ок жаңылбады. (Мен болсо Бекташ акени тапканым жок, мынча адамдын каягынан издемек элем. Редакциядан сен ошол жерде тура бер, саат алтыга түз эфирге чыгасың, ага чейин кабар берип турасың дешти. Мен да ошону эп көрдүм. Кийинчерээк фотоаппаратты жеткирип беришти. Бекташ аке кеңсеге барганын ошондон билдим.)

Бешим оой Ала-Тоо аянты кылкылдаган элге толуп чыкты. Дагы эле тарса-турс... Жаман телефонумдун жаагы тынбайт. Узун-узун белгисиз номерлер түшө баштады. «Мен түгүн шаардан, тигил агенттиктен, мен бул шаардан, тиги басылмадан» – деп орусча чалып сүйлөгөн үндөр аянтта канча адам барын, канча адам өлгөнүн сурашат.

Суроолору окшош (менин номеримди каяктан таап алган десең). Арада дүйнөнүн чар тарабындагы достаанаштар да чалып атышты. Айла кеткенде телефонду өчүрүүгө туура келди. Антпесе кечки түз эфирге жетпей

өчүп калчудай. Анын үстүнө алардын баарына саймедиреп отургудай шарт-жагдай да жок эле, үндөрү да жакшы угулбай атты. Керек учурда жандырып, кабарларды айтып турдум.

Телефонум жанган ошондой учурда айылдан бир тууган эжем чалып калды. Тарс-турс үндөр угулду окшойт, дароо эле чочугандай: «Аянтта жүрөсүңбү?» – деп сурады. – Ооба, – десем: «Тез кетип кал» – деп дагы бир топ сөздөрдү айтты. Макул, азыр кетем деп телефонду өчүрдүм. Башка эмне демек элем. Канткен менен мен да кимдир бирөөлөргө керек экенимди эстеп, муун-жүүнүм бошоп кетти. Анан кайра эле фотоаппаратымды көтөрүп, андан-мындан сүрөт тартып, эл аралап кеттим.

Тарых музейи тарапка өтсөм жапалдаш бойлуу киши бир жаш жигитти Ак үйдүн үстүндөгү көзгө атар мээсин чачырата атканын ар кимге айтып жүрүптүр. Мени да ошол жерге жетелеп барып көрсөттү. Чын эле адамдын мээси кан аралаш чачырап жатыптыр. Карап тура албадым. Сөөгүн жаңы эле алып кетсе керек...

Кайра бери Логвиненко көчөсү тарапка өтсөм «Жигули» айдап келаткан баланы так маңдайга атыптыр. Кызматтык унаа экен, кайсы ажал айдап келди десең байкушту. Ошентип туш-тараптан ушинтип ажалга кабылгандар да ага карабай аянттагы элдин саны да көбөйө берди. Бирок Ак үй тарапка эч ким жакындабай калды. Көзгө атарлар Ак үйдүн атарабындагы элди терип атканын токтоткон жок. «Камера, фотоаппарат көтөргөндөрдү бутага алып атышат, абайла»,–деп айтып кетип атышты жанымдан өткөн айрым кайрымдуу адамдар. Ал кезде элес албаган менен азыр ойлосом ошондо бир бута, анан бир ок менен эле тагдырыңды чечип койчу учур болгон экен (канча жандар ошондой окко учуп кете бербедиби).

Бул арада башкы прокуратуранын имараты жалбырттап күйүп атты.

Күн кечтеген сайын элдин саны көбөйгөндөн көбөйө берди. Мынча элди кууп да, атып да тарата албай турган болуп калды. Бу бийлик болбой калды деп баш чайкап атышты аянтта тургандар. Бирок болбой калганына карабай эле дале Ак үйдөн ок атылып атты.

Кечки саат алтылар чамасында аянтта оппозиция лидерлеринин бири Темир Сариев пайда болду. Эл дуу дей түштү. Темир Сариев ошондогу «Эркиндик» эстелигинин алдындагы секичеге чыгып, Ак үйгө кирип сүйлөшүп чыкканын, бийликтегилер ок атууну токтотууга, оппозициянын камактагы лидерлерин чыгарууга убада бергенин айтты да, УКМК тарапты көздөй басып кетти. Аны жоон топ эл ээрчип жөнөдү.

Бир маалда Раззаков көчөсүнөн бир БТР көрүнүп калды. Үстүндө желек көтөргөн балдар кыйкырык-сүрөөн салып алган. Аянттагы эл жол бошотуп, таң кала карап кала берди. Бир тобу артынан ээрчип жөнөдү. Аны УКМКнын короосунан айдап чыгышкан экен. БТР Ак үйдү көздөй бурула берип токтоп калды. Даң-дүң, тарса-турс кайра күчөдү. Гранатомет менен атты окшойт деп калышты жанымда тургандар.

Каш карайып калганда тарса-турс дагы күчөп, Ак үйдү жакын тегеректеп баштаган эл бир аз артка сүрүлдү. Ала-Тоо аянты бу маалда күндүзгүдөн да көп элге толуп калган эле.

Ошентип кеч да кирди. Кылкылдаган элге оппозиция тараптан да, бийлик тараптан да эч ким чыкпады. Эл өзү менен өзү. Ак үй тараптан дале ок атылып атты. Кечки саат ондордо Куран окулуп, бул күнү окко учкандар эскерилди. Аянтта турган эл тегиз отуруп бата кылышты. Элдин тарачу түрү жок. Ак үйгө бир кирип чыкмайын көкшүнү суучудай эмес.

Кечки саат ондон өткөндө аянттан акыркы түз эфирге чыктым да, Киев көчөсү менен кеңсени карай жөө жөнөдүм. Дүкөндөрдүн айнектери талкаланып, талоон-

чулук башталып калган экен. Кеңсеге келсем кесиптештерим Зейнеп Алтымышова, Кубат Чекиров шакылдап иштеп, интернет сайтты улам-улам жаңыртып атыптыр. Дагы бир топ кесиптештерим кеңседе экен.

Саат он бирден өткөндө эл Ак үйгө кирип барганы белгилүү болду. Курманбек Бакиев жан-жөкөрлөрү менен Ошко учуп кеткени айтылып атты... Шаар болсо талоончулуктун кучагында эле...

Шайырбек Эркин уулу,
«Азаттыктын»
2000–2013-жылдардагы кабарчысы

(Булак: https://www.azattyk.org/a/kyrgyzstan_blog_april_events/24540260.html)

ОШ: АЗАПТУУ ЖАНА АРМАНДУУ КҮНДӨР



Ош, 11-июнь, 2010-жыл.

30-июнь, 2010-жыл.

Ош менен Жалал-Абадда болгон кагылышта үй-жайы өрттөлгөндөр, качып кеткендер жашаган аймактарына кайра кайтып барышканы менен толук жайгашып, орун-очок алыша элек. Өзбек улутундагы кыргызстандык жарандар жыш жайгашкан андай аймактардын бири – Шейит-Дөбө.

Шейит-Дөбө айылынын кире беришинде куралчан эки-үч жоокер турат. Айылдын ичинде өзбек жамааттары көп жашайт, ошол себептүү бул жактан кыргыз улутундагыларды көрө албайсың. Бул жердеги үйлөрдүн көпчүлүгү өрттөлгөн. Жергиликтүү тургундар бизди тосуп алышып, арыз-армандарын айта башташты:

– Мен – Мансурова Амина. Өзбекстанга небереларимди алып өттүм. Ал жакта жакшы карашты.

– *Азыр көптөгөн өрттөлгөн үйлөрдү көрүп турам. Ушунун арасында сиздики да барбы?*

– Баарыбыздыкы күйгөн, кызымдыкы да, келиндимдики да. Жашоо үчүн эч үй жок.

«Азаттыктын» кабарчысына бул жерде көптөгөн адамдар талашып, үйлөрүн көрсөтүүгө аракет кылып жатышты.

– *Бул сиздин үйүңүзбү?*

– Ооба.

– *Канча жаштасыз?*

– Мен 73 жашка келдим.

– *Силерге азыр кандай жардам болуп атат, чатырлар берилип атабы?*

– Палатка эмес эч нерсе жок. Картошка, пияз, макарон берип атышат.

Биздин алдыбызга адамдар тез эле топтолуп кетти. Алар өздөрүнүн нааразылыктарын айтышты, арыз-арманын айтып ыйлагандар да болду.

Шейит-Дөбө айылында үйлөрү өрттөлгөн адамдардын көбү кошуна-колоңдордукунда жашап атышат. «Азаттыктын» кабарчысы баш баккан бир үй-бүлөнүн ээси бир үйдө беш үй-бүлө тыгылып жашап атышканын, азык-түлүктөн жардам берилбей жатканын айтты.

Өзбекстандан жаңы эле Кыргызстанга кайтып келген бир аял бир тууган эки элди уруштурган башка күчтөр деген пикирин билдирди: «Мен айтмакчымын, мен кыргыз калкына эч кандай нааразылыгым жок. Анткени биз бир улут сыяктуу пайгамбарыбыз бир, динибиз, үрп-адатыбыз бир. Биз кыргыз-өзбек калкы дайыма бир үй-бүлөдөй жашап турганбыз, бири-бирибиз менен кудачылык кылганбыз. Бул иштерди бирөөлөр кылгандан кийин ушундай иш болду. Кыргыз ким, өзбек ким? Мен баарыбыз бир калкпыз деп эсептейм».

– *Кыргыз айылдарында: «Чын эле өзбек-кыргыз эч кандай урушмак эмеспиз. Бул жерде ортодо бир күчтөр отту жагып койду» – деп айтышат. Сиз да ушуга кошуласызбы?*

– Ооба, албетте, ошондой болду. Мен өзүбүздүн маалени эле айтып кетейин, снайперлер келгенде биздин эркектер бизди коргогону келген. Мечиттерди айтып атат, азан айтканда башталды деп. Ооба, биз да билебиз. Бирок маалени сактоо үчүн, тур, уктаба, сени басып келатат деген ушактар менен чакырды.

– *Азыр бул жерде көптөгөн адамдар гумжардамдын аз келгенин айтып жатышат, же болбосо такыр эле келген эмес. Ошол эле убакта чатырчалар да жок деп айтып атышат. Сиз бул боюнча эмне айта аласыз?*

– Мен – Досматов Махмуд, Бишкекте окугам, кыргыз досторум бар. Эки жума болду, бирок силерге эмне болду деп бир жардам бере элек. Бир жолу гумжардам алдык. Куралдарды сурап атышат, курал жок, эч нерсе жок бизде.

– *Документтериңер кандай?*

– Документибиз жок, кечээ убактылуу паспорт алып, домком берген справкасы менен добуш бердик.

– *Сиздердин айылыңыздарда шайлоого катышуу кандай болду?*

– 40–50 пайыз эл махаляга келди, эркектер жок, аялдар келдик. Тынчтык орношу үчүн добуш бердик.

Мен Өзбекстанга качып барып кайра кайтып келип, үйлөрү өрттөлгөн адамдар менен сүйлөшкөндөн кийин кайра Ак-Тилек кичирайонуна келдим. Бул жерде 24 чатырча тигилип, Сүрө-Таш айылы жактан, тактап айтканда, Кызыл-Кыштак айылынан качып келген 300дөн ашуун кыргыз жарандары бар экен. Алар үйлөрүнө өзбектер кирип алганын, ошондуктан качып кетишкенин, бул жакта бир чатырда алты-жетиден үй-бүлө жашап атышканын, кырдаал тынчыса үйгө кайтуу ниетинде экенин билдиришти.

62 жаштагы Майрам апа:

– Үйүбүзгө баргыбыз келет, бирок кооптуу. Оштон качып барган өзбектер биздин үйлөрүбүзгө кирип,

талап-тоношуптур деген сөз бар. Ал жакта жалаң өзбектер жашашат. Ошон үчүн жашоо бир калыпка келгенге чейин биздин айылга атайын аскерлер көзөмөл салышы керек, – деди.

Мен Оштун тургундарынын көптөгөн көйгөйлөрүн укkандан кийин касиеттүү Сулайман-Тоого чыктым. Адатта, адам аягы үзүлбөгөн ыйык тоодо азыр бир да адам көрүнбөйт. Шаарга көз жүгүртсөң, коомдук транспорт каттап, дүкөндөр, банктар иштеп баштаганын байкоого болот. Бирок эки улуттун өкүлдөрү дале болсо бири-бирине аралашып кете албай турушкандай.

(Булак: https://www.azattyk.org/a/Kyrgyzstan_Osh_Refugee/2085975.html)



6-июнь, 2011-жыл.

Июнь коогасы башталган алгачкы күндөрдөгү жана бул каргашага байланыштуу бир жыл ичиндеги окуялардын тизмегин – хронологиясын сунуштайбыз.

10-июнь: коогалаңдын тутанышы

2010-жылдын 10-июнь күнү кечинде Ош шаарында жаңжал чыгып, ал улут аралык араздашууга айланып кетти. Тополоң алгач шаардын борбордук бөлүгүндөгү казинолордун биринде кыргыз-өзбек жаштарынын ортосундагы чырдан тутанганы айтылып келет. Бул чырдан соң түнкү саат он жарымдарда шаардагы «Алай» мейманканасынын тегерегине миңден ашуун өзбек тек-

түү жарандар, негизинен, жаштар чогулган. Аларга каршы турган аз сандагы кыргыз жаштарынын саны улам көбөйүп отурган. Чырды басууга келген милиция күчтөрү андай учурларда колдончу атайын ок-жабдык, же кошумча аскерлер менен бекемделген эмес. Ички иштер кызматкерлери жараат алып, алардын унаасына жана тегеректеги имараттарга өрт коюлган. Түнкү саат он экилерде шаардын борбордук бөлүгүндөгү мечиттерде беймаал азан айтылган. Тополоң андан ары курчуп, ок атышуулар менен уланган.

11-июнь: өзгөчө абал

Бул окуядан соң Убактылуу өкмөт чукул декрет кабыл алып, Ош шаарында, Өзгөн, Кара-Суу жана Араван райондорунда өзгөчө абал жарыялаган жана түнкү саат 2ден таңкы алтыга чейин комендanttык саат киргизген. Ошко аскер жана аскер техникасы киргизилген. Түнкү тополоңдо 10 чакты имарат талкаланып, тополоңду уюштурган деп шектелген 5 киши камакка алынган.

Убактылуу өкмөттүн төрайымы Роза Отунбаева эртең менен Улуттук телеканал аркылуу Ош шаары менен Кара-Суу районунда адамдардын өлүмүнө алып келген кагылышуулар болгонун айтып чыкты. Төрайым Ош шаарына аскердик оор техникалар киргизилип, аймакта өзгөчө абал жарыяланганын билдирди.

Бул күнү эртең мененден баштап шаардын ар кайсы жерлеринде, чет жакаларында адамдар топтошо башталды. Шаар көчөлөрүндөгү соода түйүндөрүндө түндө башталган өрт дагы эле күйүп жатты. Коомдук транспорт жок. Шаардын көчөлөрүн аскер жана милиция күчтөрү көзөмөлдөп турушту. Саламаттык сактоо министрлиги түнкү тополоңдон каза болгондордун саны 14кө жеткенин кабарлады. Ошко Убактылуу өкмөттүн мүчөлөрү Азимбек Бекназаров, Өмүрбек Текебаев, Исмаил Исаков келишти.

Ош шаары менен Кара-Суу районунун чектеш Фурхат айылында маал-маалы менен ок атылып турду. Тирешүүдө эки киши каза таап, отуздайы ооруканага жеткирилгени кабарланды. Черемушка кичирайонунда да ок атуулар болуп, үйлөр өрттөлүп жатты.

ИИМ Ош шаары жана облустун айрым аймактарында комендanttык саат кечки алтыдан таңкы алтыга чейин созулганын билдирди.

Кечке жуук жалпысынан 37 кишинин өмүрү кыйылып, 500дөн ашык киши жараат алганы, 50сүнүн абалы оор экени кабарланды. Оштун Черемушка районундагы жер тамдар дале өрттөнүп жатты. Башкы прокуратура тополоңго тиешеси бар деп шектелген Ош шаарынын төрт тургуну кармалганын, каза болгондордун кимдиги аныкталып жатканын билдирди.

Кечки саат бештерде АКШнын Кыргызстандагы элчилиги Оштогу окуяны жана анда каза болгондор тууралуу маалыматты тынчсыздануу менен кабыл алганын айтып, билдирүү таратты. Элчилик тараптарды бардык маселелерди тынчтык жана мыйзам жолу менен чечүүгө чакырып, күч колдонуу маселени чечпестигин белгилеген. Буга улай Бириккен Улуттар уюмунун жетекчиси Пан Ги Мун да Кыргызстандын элин сабырдуулукка чакырган билдирүү жасады.

Ушул күнү Ташкенде аяктаган Шанхай кызматташтык уюмунун жыйынында Өзбекстандын президенти Ислам Каримов уюмдун лидерлери Кыргызстанга көмөк көрсөтүүгө даяр экендигин билдирди. Ал эми орус президенти Дмитрий Медведев жаңжалды дароо токтотууга үндөп сүйлөдү. Европадагы коопсуздук жана кызматташтык уюму Кыргызстандагы кан төгүүгө өкүнүч билдирип, элди сабырдуулукка жана тынчтанууга чакырды.

Саламаттык сактоо министрлиги кечки саат он жарымга карай Ошто каза тапкандар 45 адам болгонун кабарлады. Жарадар болуп жапа чеккендер 632 адам,

алардын ичинен 406сы ооруканага жеткирилди. Алардын тең жарымынын абалы оор.

Түнкү саат он бирлерде Ош шаарынын кире беришиндеги Фуркат айылында 300гө чукул адам топтолуп, алар шаардагы өлгөндөрдүн саны жөнүндө маалымат берүүнү бийлик өкүлдөрүнөн талап кылышты. Шаардын Гагарин көчөсүндө атышуулар болгону, бирок курмандыктар жок экени кабарланды.

12-июнь: кырдаал дале курч бойдон

Түн ичинде да Ош шаарынын чет жакаларында атышуулар болгону, кээ бир көчөлөрдө имараттар өрттөлгөнү кабарланды.

6:00 Ошто тополоң башталгандан бери каза болгондор 46 адамга жеткенин Саламаттык сактоо министрлигинин штабынан билдиришти. Жаракат алгандардын саны 632ге жетти.

Ош шаарынын мэри Мелис Мырзакматовдун өтүнүчү менен убактылуу өкмөт жергиликтүү «Ош ТВ», «Мезон» жана ДДД телеканалдарынын ишин убактылуу токтотту. Буга аталган телеканалдар аймактагы улуттар аралык мамилени курчутуп жатат деген себеп негиз болду.

9:00 Макаренко мектебинин жанында жардыруу болуп, күч органдарынын атайын тобу ошол жерге жөнөп кеткени айтылды. Шаар башчынын биринчи орун басары Тимур Камчыбеков «Азаттыкка» Ош шаарында кырдаал оор бойдон калып жатканын, ок атышуу токтой электигин жана айрым жерлерде талап-тономой башталганын айтты.

9:40 Аймактагы кабарчыбыз Алишер Токсонбаев саат ондордо Геологдор шаарчасында атышуу болуп жаткан, номуру жок унаа минип, беткап кийген белгисиз адамдар шаардын ар кайсы бурчуна барып ок чыгарып, бүлүк салуу менен элди бири-бирине кайраштырып

жатканын кабарлады. Шаар бийлиги жана милиция өкүлдөрү ар кайсы улут өкүлдөрү менен жолугушуп, элди тынчытуу аракетин көрүп жүрдү.

15:00 Өткөөл учурдун президенти Роза Отунбаева Кыргызстан аскерий жардамга муктаж экенин айтып чыкты. Анын айтымында, кырдаал жээктен чыгып кеткендигине байланыштуу башка мамлекеттердин жардамы зарыл болуп калды. Ошон үчүн ал бүгүн Орусиянын президенти Дмитрий Медведевге ушундай маанидеги кат жазгандыгын билдирди. Кырдаалды жөнгө салуу боюнча коңшу мамлекеттер менен да сүйлөшүүлөр тынбай жүргүзүлүп жаткандыгын жана алар адамдын өмүрүнөн артык эч нерсе жок экендигин коңшулар жакшы түшүнүп жатышкандыгын баса белгиледи.

15:10 Ошто каза болгондордун саны 62ге жеткени айтылды.

15:20 Кыргыз-өзбек чек арасы бир тараптуу ачылды. Чек ара кызматынын жетекчисинин орун басары Чолпонбек Турусбеков Ош шаарына жакын жайгашкан «Ак-Буура» бекетинин оң жана сол тарабындагы өтүүчү жерлерден өзбек улутундагы Кыргызстандын жарандары коопсуздугуна байланыштуу Өзбекстанга өткөрүлүп жатканын кабарлады. Эки тараптан тең буга тоскоолдуктар болгон жок. Канча жаран өткөндүгү туурасында маалымат жок.

17:00 Кыргызстандын жарандык коому эл аралык уюмдарга кайрылды. Оштогу тополоңдон улам Кыргызстандагы он чакты коомдук уюмдардын өкүлдөрү Европа Биримдигине, Европадагы коопсуздук жана кызматташтык уюму менен Бириккен Улуттар уюмуна кайрылуу менен чыгышты. Алар Убактылуу өкмөт кырдаалды жөнгө сала албай калганын белгилешип, аталган уюмдарды жардам берүүгө чакырды.

18:15 Ош шаарында кыргыз качкындардын тобу пайда болду. Ош облусунун губернаторунун орун басары

Таалай Зикировдун «Азаттыкка» айтымында, алар Оштун өзбек улуту жыш жайгашкан аймактарында жашаган кыргыздар. Алардын көбүнүн үйлөрү талкаланып, өрттөлгөн. 11-июнда 150 качкын кыргыздар тууган-уруктарына жана коопсуз жайларга көчүрүлгөн. Бул күнү да жүзгө чукул качкын облустук администрация имаратына жайгаштырылды.

18:20 Кыргызстандан Өзбекстанга качкындар үчүн коопсуздук тилкеси ачылды.

Кыргызстан Чек ара кызматынын жетекчисинин орун басары Чолпонбек Турусбековдун «Азаттыкка» билдиришинче, Ош шаарына жакын бекеттин жанынан Кыргызстандын өзбек улутундагы жарандары Өзбекстан тарапка өткөрүлүп жатат. Канча киши өткөндүгү туурасында так маалымат жок. Ош шаарынын кечээ үйлөр өрттөлгөн Черемушка районунун тургуну «Азаттыкка» 12-июнда эртең менен үч миң аял балдары менен өтүп кетишкенин айтты. Дагы бир адамдын айтымында, Өзбекстанда качкындарды бийликтер бала бакчаларга жана мектептерге жайгаштырып жатат.

19:04 Жалал-Абад шаарына жана Сузак районуна комендanttык саат киргизилди. Бул тууралуу Убактылуу өкмөт жетекчисинин орун басары Азимбек Бекназаров билдирди. Этностор аралык кагылышуу толкуну Жалал-Абадга да жетти.

22:47 Жалпысынан 77 адам мерт болду. Саламаттык сактоо министрлиги тополоң башталгандан бери Ош областында 71 адам каза таап, 557 адам ооруканада жатканын жана Жалал-Абадда 50 адам жабыркап, алтоо кайтыш болгонун билдирди.

23:00 Өзбекстандын Тышкы иштер министрлиги Оштогу окуялар боюнча билдирүү жасаганы кабарланды. Анда Өзбекстандын эли жана коомчулугу Кыргызстандын түштүгүндөгү окуяларга байланыштуу өтө чоң тынчсызданууда турганы белгиленип, чектен

чыккан кылмыштуулукту токтотуп калганга көптү көргөн Кыргызстандын эли жана анын кыраакы күчтөрүнүн акылы жетет деген ишеним билдирилген.

23:10 Убактылуу өкмөт өлкөдө жарым-жартылай мобилизация жарыялады. Убактылуу өкмөттүн басма сөз кызматы жиберген маалыматта өлкөдө жарым-жартылай мобилизация жарыялоо жөнүндө Декрет кабыл алынганы айтылат. Декретке ылайык, Кыргызстандын Коргоо министрлигине аскер бөлүктөрүн аскердик мезгилдин талабына ылайык даярдыкка келтирүү тапшырмасы берилди.

13-июнь: чагымчылардын дүрбөлөңү

04:00 Ошто түнкү саат үч-төрттөр чамасында белгисиз бирөөлөр шаар көчөлөрүн аралап, кээ бир адамдардын уюлдук телефондоруна чалып «Өзбекстандын аскердик күчтөрү келди», «Өзбекстан тараптан согушкер кылмышкерлер кирди» деген калп маалымат таратып, чагымчыл аракеттерди жасашканы маалым болду.

Расмий тараптар кыргыз-өзбек чек аралары толук көзөмөлдө экени жана белгисиз адамдар Кыргызстан тарапка өтпөгөнү тастыкталганын билдирди.

09:00 Ош, Жалал-Абадда набыт болгондордун саны – 80. Саламаттыкты сактоо министрлигинин маалымат кызматы кагылыштарда каза тапкандардын саны сексенге чыкканын билдирди. Алардын жетимиш экиси Ошто, сегизи Жалал-Абад облусунда көз жумушкан. Эки облус боюнча «Тез жардамга» кайрылгандардын саны – 1066. Алардын ичинен 608 адам ооруканаларга жаткырылса, 380 адамга жеринде жардам көрсөтүлгөн.

10:20 Ош шаарында кагылышкан тараптар элдеше баштады. Ош шаарындагы Ноокат – Калинин көчөлөрүнүн кесилишинде өзбек жана кыргыз улутундагы жарандар элдешүү аракеттерин баштаганын окуя

болгон жерден «Азаттыктын» кабарчысы Жанар Акаев билдирди. Эки тараптан ондон өкүл катышкан иш-чарада тараптар кол алышып, мындан ары ынтымакта жашоого сөз беришти. Элдешүү демилгесин кыргыз-өзбек активисттери көтөргөн. Ушул эле топ Түштүк кичирайонуна барып, ал жерде дагы эки тарапты элдештирүү аракетин көрүүдө.

12:29 Ош шаарынын айрым жерлеринде атышуулар уланды. Бул тууралуу «Азаттыкка» Жогорку Кеңештин мурдагы депутаты Бөрүбай Жураев билдирди. Анын айтымында, Ош кичирайонунда атышуулар болуп, айрым соода түйүндөрү өрттөлүүдө. Кагылыш учурунда ок жеп жаракат алгандар бар. Ош аймактык комендатурасы да «Азаттыкка» бул маалыматты тастыктап, тиешелүү чаралар көрүлүп атканын билдиришти. Ок атышуу болуп аткан аймакка Ош шаарынын коменданты Курсан Асанов баштаган атайын топ чыгып кетти.

14:00 Ош жана Жалал-Абаддагы кагылыштарда көз жумгандардын саны 84 адамга жетти. Ошто 75, Жалал-Абадда 9 адам каза тапты. Саламаттыкты сактоо министринин милдетин аткаруучу Дамира Ниязалиеванын айтымында, өлкө түштүгүндөгү ооруканаларга медициналык каражаттар жана азык-түлүктөр жеткирилди.

19:30 Оштун борборунда союл көтөргөн топтор пайда болду. Ош шаарынын борбордук бөлүгүндө башына мык кагылган таяк союлдар, темирлер менен куралданган топтор пайда болду. Алар бир катар үйлөргө чабуул уюштурушту. Шаар борборунда жашаган үйлөрдүн бирине жасалган чабуулдан араң качып кутулганын Акыл аттуу жергиликтүү жаран Ош шаарында жүргөн «Азаттыктын» кабарчысына маалымдады. Кечээки күнгө салыштырмалуу абал бир аз тынчый түшкөнү менен ушул сыяктуу улуттар аралык кагылыштар Оштун бир катар аймактарында маал-маалы менен орун алып турду.

13-июнь: кара түтүн чулгаган Ош

Мындай фактылар орун алып атканын Ош шаарынын комендатурасы да тастыктап, башаламандык уюштуруп аткандарга каршы улам оперативдүү топтор чыгып атышканын билдиришти. Бирок күчтүн жетишсиздигине байланыштуу андай башаламандык болгон жерлерге күч органдарынын кызматкерлерин жөнөтүү кечеңдеген учурлар болду.

20:25 Ошто чет элдик студенттерди куткаруу чарасы жүзөгө ашты. Бул тууралуу Ош шаарындагы комендатуранын кеңсесинен «Азаттыктын» кабарчысы Жанар Акаев маалымдады. Ошол күнү саал мурдараак Ош шаарында билим алып атышкан 40 чамалуу пакистандык студенттер комендатурага келип, шаардагы Зайнабидинов көчөсүндөгү үйлөрдүн биринде дагы 150 чамалуу түштүк азиялык (пакистандык, шриланкалык, индиялык ж.б.) студенттер калып атышканын айтышкан.

Ариф Камал аттуу пакистандык студент «Азаттыкка» билдиргендей, ошол эле Зайнабидинов көчөсүндөгү үйдө жашынып турушкан маалда беткап тагынган куралчан адамдар каалганы талкалап кирип, аларды коркутуп-үркүтүшкөн. Анын айтымында, ушул тапта пакистандык бир студент өмүрүнөн ажыраган. Бул маалыматты башка булактар тарабынан тактоого азырынча мүмкүн болгон жок.

Ош шаарынын комендатурасы пакистандык жана башка түштүк азиялык студенттерди кооптуу аймактан чыгарып кетүү боюнча атайын аскерий топ түзүп, студенттер жашырынып отурган үйгө шашылыш жөнөткөн.

23:00 Каза тапкандар 113 болду. Саламаттык сактоо министрлигинин штабынын саат 23.00гө берген маалыматы боюнча, түштүк аймагында массалык тополоң окуялардан жабыркагандардын саны – 1405, ооруканада жатканы – 742, каза тапканы – 113.

14-июнь: миңдеген адамдар Өзбекстанга өтө качты

6:00 Ош шаарында абал салыштырмалуу бир аз тынчып калды. Кара-Суу районунда абал оор бойдон калууда. Кашкар-Кыштак, ВЛКСМ айылдарында куралчан адамдар милиция кызматкерлерине каршылык көрсөткөнүн Ош облустук ички иштер башкармалыгынын нөөмөт бөлүмүнөн билдиришти.

6:37 Жалал-Абадда кырдаал турукташып калды. Түн ичинде ар кайсы жерде ок атуулар болду. Жалпысынан кырдаал тынч. Бул тууралуу Жалал-Абад облустук ички иштер башкармалыгынан билдиришти. Маалыматка караганда, кечээ белгисиз адамдар автомат, снайпер, граната менен куралданышып, тартип коргоо кызматкерлерине каршылык көрсөтүштү.

7:20 Кыргыз-өзбек чек арасында кырдаал тынч. Бул тууралуу Чек ара кызматынын төрагасынын орун басары Чолпонбек Турусбеков «Азаттыкка» билдирди. Анын айтымында, Кыргызстандан Өзбекстандын аймагына канча адам өтүп кеткени тууралуу так айтуу кыйын.

«Мурда күнү расмий эмес булактардан 42 миң өзбек улутундагы кыргызстандык жаран Өзбекстанга өтүп кеткенин маалымдашты. Айрым журналисттер Анжияндагы Кызыл жарым ай уюмунун лагеринде 6 миң өзбек улутундагы кыргызстандык атуулдар жайгаштырылганын кабарлашты. Чек ара бекеттеринин расмий маалыматы боюнча 2,5 миң адам коңшу мамлекетке өтүп кеткен. Ал эми Ала-Бука чек ара бекетинен бир жарым миң адам өзбек тарапка өтүп кетип, кечээ кайра кайтып келишти», – деди Ч.Турусбеков.

10:00 Ош шаарында түн тынч өттү. Ушул маалда атышуулар дээрлик токтоду. Ошентсе да айрым көчөлөрдө талап-тоноо басыла элек. 14-июндан баштап мекеме-ишкана, биринчи кезекте азык-түлүк сатылуучу жайларды иштетүү аракети көрүлүүдө. Ал эми Ош облустук

Ички иштер башкармалыгынын жетекчисинин орун басары Шакир Зулимовдун маалыматы боюнча өзгөчө кырдаал жарыяланган Өзгөн шаары, Араван жана Кара-Суу райондорунда кырдаал кыйла турукташып баратат. Аймакта атышуу, талап-тоноо жана адам өмүрүнө кол салуу фактылары катталган жок.

10:05 Кара-Суу райондук ички иштер бөлүмүнүн башчысы өлтүрүлгөнү кабарланды.

Бир нече адамды барымтага кармаган Кара-Суу районунун Нариман айылынын тургундары менен сүйлөшүүгө барган ички иштер бөлүмүнүн башчысы Адыл Султанов 13-июнда өлтүрүлгөнү белгилүү болду. Аны менен чогуу барган айдоочусу да өлтүрүлгөн.

11:24 ИИМ: Жалал-Абадда кырдаал оор бойдон. Ички иштер министрлигинин коомчулук менен байланыш башкармалыгынан билдиришкендей, Ошто өзгөчө кырдаал киргизилген аймактарда кырдаал оор бойдон, бирок салыштырмалуу абал турукташууда. Стационардык бекеттерде өткөрмө-күзөт режими катуу иштеп жатат. 847 чет элдик жарандар коопсуз жайларга көчүрүлдү. Ал эми Жалал-Абад шаарында абал оор бойдон калууда. Бул жакта түнүндө айрым атышуулар, кагылыштар катталган. ИИМ жана Коргоо министрлигинин кызматкерлери тарабынан аракеттер көрүлүүдө. Сузак районунун ички иштер бөлүмүн басып алуу аракеттери токтотулган. Ош жана Жалал-Абаддагы кагылышууда алты милиция кызматкери каза таап, 17си жарат алган.

12:10 Мерт болгондор 117ге жеткенин Саламаттыкты сактоо министрлиги кабарлады.

13:00 Ошто тараптар барымтага алынган адамдарды алмашууда. «Азаттыктын» аймактагы кабарчысынын айтымында, беш өзбек улутундагы адамды берип, беш кыргыз улутундагы адамды өткөрүп алышты. Өзүн Замира деп тааныштырган барымтадан чыккан кыргыз аял өзбек тарапта дагы 15 жаран калганын билдирди.

Атайын аскер тобу аларды бошотуунун жолун карооДо. Ошондой эле Ош шаарында гуманитардык жардам жетишпей, аларды таратуу жолуна нааразы эл көчөлөрдө тамак-аш издеп жүрүшөт. Алар гумжардам шаардын кичирайондоруна да таратылуусун суранышууда. Мындан мурдараак дагы эки өзбек улутундагы адамды кыргыздарга алмаштыруу үчүн алып кетишкени маалымдалды.

14:20 Ошто башаламандыкты уюштурду деп шектелген 10 адам кармалды. Бул маалыматты «Азаттыкка» Ош комендантынын басма сөз кызматынан тастыктады. Шаардагы блокпосттор күчөтүлгөн режимде иштеп жатат.

16:00 Жалал-Абадда элдешүү аракеттери башталды. Бул тууралуу «Азаттыкка» Акыйкатчы Турсунбек Акун билдирди. Анын айтымында, Жалал-Абад облусунун комендантy Кубатбек Байболов баштаган топ эки улуттун өкүлдөрү, аксакалдары менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүдө. Анда ок атууну токтотуп, куралдарды таштоо демилгеси көтөрүлүүдө.

17:20 Жалал-Абаддан чек араны көздөй кеткендер көбөйүүдө. «Акыйкат» укук коргоо борборунун юристи Уткир Жабировдун «Азаттыкка» айтымында, Жалал-Абад облусундагы Бек-Абат айылына жакын Балта-Казык деген жерде 50 миңдей адам Өзбекстанды көздөй кетип бара жатат. Алардын көпчүлүгү балдар, аялдар жана карылар. Чек араларда 16 жаштан жогорку эркектерди өткөрбөй жатат. Анын маалыматы боюнча, Жалал-Абаддан Өзбекстанга өтчү чек араларда 60 миңге чукул жарандар топтолгон. Бул маалыматты расмий тараптан тактоо мүмкүн болгон жок.

18:30 Тополоңдон ажал тапкандар 124 адамга жетти. Бул тууралуу Саламаттыкты сактоо министрлигинин маалымат кызматы билдирди. Жалпысынан тополоңдон 1 миң 685 адам жабыркап, алардын 824үү ооруканага

жаткырылды. Каза болгондордун 94үү Оштогу башаламандыкта, 30у Жалал-Абаддагы тополоңдо мерт болгон.

19:00 Кыргызстандын чек ара кызматынын төрагасынын орун басары Чолпонбек Турусбеков Өзбекстан 14-июнда саат 18:00дөн тарта чек арадагы өткөөл бекеттерди бир тараптуу жапканын билдиргенин кабарлады.

21:19 Чек арага баргандарды кайтаруу аракети көрүлүүдө. Базар-Коргон жана Ноокен райондорунда жергиликтүү бийликтин демилгеси менен түзүлгөн атайын топтор кыргыз-өзбек чек арасына жөнөп кетти. Алар коопсуздугунан кооптонуп Өзбекстандын чек арасын көздөй качып барган бул аймактардын тургундарын үйлөрүнө кайтууга үндөшөт. Эгер каалоочулар болсо алар атайын даярдалган кичи автобустар менен алып келинет. Ошондой эле алардын коопсуздугуна кепилдик берилет жана милиция өкүлдөрү коштоп келээри айтылды.

15-июнь: мерт болгондордун саны өсүүдө

06:35 Тополоңдон ажал тапкандардын саны 138 адамга жетти. Ош облусунда 95 адам каза болуп, 1267 адам жаракат алган. Алардын 665и ооруканага жаткырылып, 507не амбулаториялык медициналык жардам көрсөтүлгөн.

06:40 Ош, Жалал-Абадда түн салыштырмалуу тынч өттү. Ош, Жалал-Абад облустук ички иштер башкармалыктарынын нөөмөт бөлүмдөрүнөн билдиришкенге караганда, түштүктө учурда кырдаал турукташып, укук коргоо органдары тарабынан көзөмөлдөнүп турат.

10:00 ЖККУ аскерлерин Кыргызстанга киргизбейт. Бул тууралуу Тышкы иштер министринин милдетин аткаруучу Руслан Казакбаев «Азаттыкка» берген маегинде билдирди. Анын айтымында, ЖККУга мүчө мамлекеттердин Коопсуздук кеңеши Кыргызстан элин ынтымакка чакырып, тез арада тынчтыкты орнотууга үндөгөн

билдирүүгө кол коюшту жана Кыргызстанга ар тараптуу жардам берүүгө макулдашты.

13:00 Жалал-Абадда кырдаал тынчып калды. Жалал-Абад шаардык мэриясынын алдына азык-түлүктөрү түгөнгөн адамдар келишти. Аларга мэрия тарабынан Бишкектен Ошко келаткан кайрымдуулук жардамдан алынган нан таратылды. Жалал-Абад шаарынын көчөлөрүндөгү тартипти өкмөттүк аскерлер көзөмөлдөөдө. Шаарда абал тынч, талап-тоноого катыштыгы бар делген 5 адам кармалганы айтылды.

14:00 Ошто барымтадагы адамдар алмаштырылууда. Ош шаардык милициясынын башчысы Курсан Асанов журналисттер менен жолугушуп, каршылашкан тараптар барымтадагы адамдарды алмаштыра баштаганын айтты. Бул учурга карай 386 өзбек улутундагы, 214 кыргыз улутундагы адамдар алмаштырылды.

16:10 16-июнь – аза күтүү күнү деп жарыяланды. Мындай токтом кабыл алынганын Өткөөл мезгилдин президенти, Убактылуу өкмөт жетекчиси Роза Отунбаева маалымат жыйында билдирди. Президент өлкөнүн түштүгүндө кырдаал татаал экенин, бирок акырындап турукташа баштаганын да айтты.

17:00 Кандуу окуялар боюнча эл аралык иликтөө жүргүзүүгө чакырык жасалды.

Кыргызстандын, Казакстандын, Арменияның, Белоруссиянын, АКШнын, Орусиянын жана Британиянын коомдук уюмдары БУУ, ЕККУ, Еврокомиссия, ЖККУ сыяктуу эл аралык уюмдарга кайрылуу кабыл алышты. Кайрылууда экстремизм, терроризм маселелери боюнча жана аскердик адистерди тартуу менен Кыргызстандын түштүгүндөгү окуяларды эл аралык тыкыр иликтөөгө алууга чакырыгыташталды.

18:30 Оштогу ок атышуу гумжардамды таратууну токтотту. «Азаттыктын» Ошто жүргөн кабарчысы Жанар Акаевдин айтымында, Ош шаарынын Калинин

көчөсүндө белгисиз бирөөлөр аскер кызматкерлерине ок аткан. Каза болгондор катталган жок. Бул шаардын четиндеги кичирайондору Черемушка, Ак-Тилек, Төлөйкөн, Батыш кичирайондоруна гуманитардык жардамды жеткирүүнү токтотту. Шаар комендатурасы аталган райондордун тургундарына гумжардам жеткирүү аракеттери кайра калыбына келерин билдирди.

16-июнь: Кыргызстан аза күтүүдө

Түштүктөгү кандуу окуяларга байланыштуу аза күтүү үч күнгө, 16-июндан 18-июнга дейре созулмакчы. Саламаттыкты сактоо министрлиги бул күнгө карай түштүктөгү коогаланда 179 адам каза болуп, эки миңге чукул адам жаракат алганын кабарлады.

10:40 Гумжардам талоончулукка кабылды. Бул тууралуу Убактылуу өкмөттүн социалдык тармакты тейлеген мүчөсү Элмира Ибраимованын жардамчысы Канат Аскаров «Азаттыкка» билдирди. Анын айтымында, Бишкектен жана өлкөнүн башка аймактарынан түштүккө жиберилип жаткан азык-түлүк, дары-дармектерге ортодон каракчылар кол салып, талоончулук кылуу аракетин жасоодо. Ош жана Жалал-Абадда гумжардамды элге таратуу шаардык мэрия имаратында гана уюштурулуп, элдин азык-түлүккө муктаждыгы керектүү деңгээлде канааттандырылбай жатат.

16:00 Оштогу түркмөн студенттери мекенине кайтарылды. 330 түркмөн студенти «Достук» чек ара бекети аркылуу Өзбекстанга өткөрүлүп берилди. Кыргызстандын Тышкы иштер министрлигинин түштүк өкүлчүлүгүнүн билдирүүсүнө караганда, буга чейин төрт каттам учак менен түркмөнстандык 500 чакты студент үйлөрүнө Ош шаарынан жөнөтүлгөн.

16:10 Саламаттыкты сактоо министрлиги билдиргендей, каза тапкандардын саны 187ге жетти. Каза тапкандардын көбү Ош шаарына туура келүүдө.

17:20 Жалал-Абадда кырдаал тынчып калды. Аймактагы кабарчыбыздын айтымында, бүгүн Жалал-Абад шаарында абал негизинен тынч болду. Коомдук транспорт жана шаардын чет жакасындагы соода түйүндөрү иштеп, турмуш акырындап өз нугуна түшө баштады. Сузак районунун борбору – Сузак айылында жолдорду бөгөп алган жергиликтүү калк комендатуранын жолду ачуу талабына азырынча көнбөй турушат. Алар айылга кандайдыр бир топтор кирип келиши мүмкүн дешип кооптонушууда.

17-июнь: барымтага алуулар уланды

6:00 Ош, Жалал-Абад облустарында түн тынч өттү. Бул тууралуу аталган облустардын ички иштер башкармалыктарынын нөөмөт бөлүмдөрүнөн билдиришти. Ал эми күбөлөрдүн айтымында, кечээ Ош шаары менен аэропортту байланыштырган кан жолдун боюндагы Сталин айылында снайперден ок атылып, гуманитардык жардамды алып өтүүгө тоскоолдук болду.

Жалал-Абад шаарында абал тынчыганы менен облустун Сузак айылына өтүүчү жол жергиликтүү тургундар тарабынан тосулуп, сырттан башка адамдар, тартип коргоо органдары киргизилбей турат.

12:20 Ошто элдешкенден кийин да эки кыргыз барымтага алынды. «Азаттыктын» аймактагы кабарчысынын айтымында, буга нааразы болгон айрым кыргыз улутундагы атуулдар жана барымтага алынган эки баланын туугандары – 60ка чукул адам Ош облустук администрациянын алдына чогулушту. Алар балдарды бошотуу талабын коюп жатышат.

Чогулгандардын айтымында, Оштун Шейит-Дөбө айылынын тургундары элдешип, сүйлөшүүгө баргандан кийин да Ош шаарынан эки баланы барымтага алышкан. Чогулган адамдар Ош шаарынын комендантынын орун

басары Бактияр Фаттаховду өздөрүнө кошуп алып, балдарды барымтадан чыгаруу үчүн сүйлөшүүгө кетишти.

16:20 Ошто көзгө атар деп шектелген 8 адам кармалды. Ош шаардык комендатурасынын басма сөз катчысы Тимур Шаршеналиевдин айтымында, аларда көзгө атарлардын куралы бар экени аныкталган. Өздөрү сурак берүүдө.

18:00 БУУ: Кыргызстанда 400 миң киши бозгун болду. БУУнун гуманитардык иштерди координациялоо кеңсесинин маалымат катчысы Элизабет Бөрс бир жума мурда башталган өлкөнүн түштүгүндөгү тополоңдо Өзбекстанга 75 миңден 100 миңге чукул киши качты деп болжолдонуп жаткандыгын бышыктады. Бул санакка кичинекей балдар кирген эмес. Өкүл Кыргызстандын ичинде орун которгондордун саны 300 миңге чукул болушу мүмкүн экендигин кошумчалады. Ош шаарынын тургундарынын жарымынан ашыгы качып чыккандыгын шаар бийликтери кабарлады.

18:30 Оштун айрым аймактарында кырдаал курч бойдон. Бул тууралуу «Жарандар коррупцияга каршы» укук коргоо борборунун төрайымы Төлөйкан Исмаилова «Азаттыкка» билдирди. Анын айтымында, кыргыз улутундагы атуулдардан турган моно аскер топторун көрүп чочуган өзбек улутундагылар арасында ар кандай чагымчыл иштер байкалууда. Ошол себептүү Он-Адыр, Шарк, Шайыт-Дөбө айылдарында абал дале болсо чыңалган бойдон турат. Бул үчүн Исмаилова шаар бийлигин, мэрия жана Бишкектен барган чиновниктерди бирдиктүү иштегенге чакырды.

18-июнь: Роза Отунбаева Ошто

10:00 Өткөөл мезгилдин президенти, Убактылуу өкмөт жетекчиси Роза Отунбаева алгач тик учак менен Ош шаарын үстүнөн кыдырып көрдү. Андан соң президент

Ош шаары кайра оңдолорун, шаар бир топ талкаланганын белгиледи. Ошондой эле ал тополоңдо үй-жайын таштап кеткен бозгундарды кайтаруу аракеттери көрүлөрүн айтты. Ооруканаларды кыдырып, жабыр тарткандардын ал-абалы менен таанышты.

12:30 Сузакка кире бериштеги тосмо алынып салынды. Сузак менен Жалал-Абад шаарын бириктирип турчу айлампа жол ачылып, тосмо расмий түрдө алынып салынды. Жалал-Абаддагы тополоң учурунда Сузактын тургундары райондун кире беришине тосмо орнотуп, эч кимди киргизбей жаткан эле.

19-июнь: Өзбекстанга өтө качкандар кайтып келе баштады

10:10 Ошто тосмолорду алуу иштери башталып, ага шаардын комендантты Курсан Асанов өзү баш болуп катышты. Калинин, Шейит-Дөбө кичирайондорунда кыргыз-өзбек өкүлдөрүнүн ортосунда эки тараптуу сүйлөшүүлөр жүрдү. Ушул эле учурда Араван кичирайонунда ок атылганы кабарланды.

10:25 Барымтадагыларды алмаштыруу уланды. Ошто барымтадагы кыргыз жана өзбек улутундагы адамдарды алмаштыруу иштеринде өзбек улутундагы 637 жаран кыргыз улутундагы 432 кишиге алмаштырылып, үйлөрүнө кайтарылганын шаар комендантты Курсан Асанов билдирди.

12:19 Өзбекстанга кире качкандар кайтып келүүдө. Кыргызстандын Чек ара кызматы өткөн түнү «Кызыл-Кыя» чек ара бекетинен – 2 миң 528, «Маданият» бекетинен – 150 жана «Халмиондон» – 75 өзбек тектүү жаран кайра Кыргызстанга киргенин кабарлады. Мындан тышкары «Сакалды», «Марказ», «Арка-Сай», «Шамалды-Сай» чек ара бөлүктөрү тарабынан да өзбек

тектүүлөр кайтып келген. Баш аягы өткөн түнү 4 миң 559 адам Кыргызстанга кайтты.

12:40 Оштогу окуяларга тиешеси бар деген шек менен 20 адам кармалды. Бул тууралуу Ош облусунун комендданты Бактыбек Алымбеков маалымат жыйынында билдирди. Анын билдирүүсүнө ылайык, массалык тополоң уюштурганы үчүн Ошто 90 кылмыш иши козголду. Тартип коргоо органдарына дайынсыз жолголгондорун таап берүү өтүнүчү менен 20 арыз түшүп, алардын негизинде 3 кылмыш иши козголгон. 120 сөөк табылып, алардын жетимишин жакындары тааныган.

15:50 Тосмолор алынбаса аскер күчү колдонулары эскертилди. Бул тууралуу Ош шаарынын мэри Мелисбек Мырзакматов маалымат жыйынында билдирди. Мэр жакындары дайынсыз жоголгондор менен да жолугушканын, табылбай аткандардын саны 300–400гө жеткенин да айтты. Ал тосмолорду алып, жолдорду ачууга жана барымтадагыларды бошотуу үчүн эртеңки күнгө чейин убакыт бар экендигин эскертти.

17:18 Өзбек маалелери ачыла элек. Бүгүн эртең мененки саат онго чейин шаардагы өзбек улутундагы эл жашаган конуштардагы тосмолор алынары айтылган эле. Бирок конуштарын тосмолоп алган эл коопсуздугуна байланыштуу мындай талапты аткарган жок. Шаар бийлиги эми тосмолор эртеңге чейин ачылбаса аскер күчтөрү колдонуларын эскертүүдө. Шаарда бүгүн кырдаал негизинен тынч.

17:20 Жалал-Абадда кырдаал тынч. Бүгүн облус борборундагы базарлар, соода түйүндөрү толук иштей баштады. Көчөлөрдө элдин агымы да мурдагы күндөргө караганда көбүрөөк болуп, эл кайра жай турмушка өтө баштады. Аймактагы кырдаал толугу менен аскерлердин көзөмөлүндө.

18:30 Ош шаарынын бир катар райондорунда тосмолор алынып салынды. Ыкчам түшүндүрүү иштеринин

натыйжасында ушу сааттарга Амир-Темир, Шейит-Дөбө, Туран кичирайондорундагы жолдор ачылып, тосмолор алынганы айтылды.

20-июнь: өзгөчө кырдаал мөөнөтү узартылды

8:00 Убактылуу өкмөттүн чечими менен Ош облусунун Өзгөн, Кара-Суу, Араван райондорунда жана Ош шаарында өзгөчө кырдаал режими 25-июнга чейин узартылды.

10:00 Башаламандыктарда каза тапкандар эки жүздөн ашты. Ош жана Жалал-Абад облустарындагы тополоң окуяларда ушул күнгө карата 202 адам каза тапты. Бардык жабыркагандардын саны эки облус боюнча 2092 адам. Алардын ичинен 935 адам ооруканага жаткырылса, 1097 адамга амбулатордук медициналык жардам көрсөтүлгөн.

12:00 Ошто жалпы кырдаал турукташып калды. Бул тууралуу Ош облусунун комендантынын маалымат кызматы билдирди. Маалыматка ылайык, Ош облусунун коменданты Бактыбек Алымбеков кезектеги чукул кеңешме өткөрүп, тиешелүү органдардын өкүлдөрү менен бирге аймактагы коопсуздук маселесин жана санитардык эпидемиологиялык абалды талкууга алышты.

21-июнь: Ош, Жалал-Абад шаарларын кайра куруу жана өнүктүрүү дирекциясы түзүлдү

Убактылуу өкмөт ишембиде ушундай чечим кабыл алганын каржы министринин милдетин аткаруучу Темир Сариев «Азаттыкка» билдирди. Анын айтымында, аталган дирекция кыска мөөнөттө Ош, Жалал-Абад шаарларынын генералдык планын иштеп чыгып, эки шаарда көп кабаттуу турак жайлар, заманбап имараттар курулушу керек.

Жалал-Абадда комендanттык сааттын мөөнөтү кыскартылды

Комендanттык сааттын мөөнөтү кечки саат ондон таңкы бешке чейин болот. Мындай чечим облуста кырдаал акырындык менен калыбына келе баштаганына байланыштуу кабыл алынды. Мурда анын мөөнөтү кечки саат сегизден таңкы алтыга чейин болчу.

Роза Отунбаева Жалал-Абадда

Өткөөл мезгилдин президенти Роза Отунбаева иш сапары учурунда Жалал-Абад шаарынын абалы менен тик учак аркылуу таанышты. Ооруканага барып, кагылышта жабыркагандардын абалын сурап, башаламандыкта өрттөнгөн, талкаланган ишкана, мекеме жана турак-жайларды көрдү.

Коогалаңда ажал тапкандардын расмий саны 208ге жетти

Саламаттыкты сактоо министрлигинин басма сөз кызматынан кабарлашкандай, түштүктөгү тополоңдо жабыркаган 2 миң 101 адам ооруканага кайрылып, алардын миңге чукулу жаткырылган. Каза болгондордун саны мындан алда канча көп болушу ыктымалдыгы айтылууда.

Нариман айылындагы операция учурунда эки киши каза тапты

Ош областтык комендатуранын басма сөз катчысы Тимур Шаршеналиевдин айтымында, Нариман айылындагы атайын операция учурунда аскерлер үй-үйлөрдү кыдырып текшерип, тинтүүгө алышты. Текшерүү учурунда

11–13-июндагы Оштогу тополоң окуяларга катышы бар деген шек менен жети адам кармалды. Куралдуу каршылык көрсөткөндөрдүн ичинен эки адам каза тапты. Айылдын ичиндеги элден куралдар, жардыргыч заттар, октор табылды.

Комендатуранын маалыматына караганда, Нариман айылынын жашоочулары коюлган мөөнөттө куралдарын өткөрүп беришкен эмес, айылдын оозун тоскон баррикадаларды албай коюшкан.

Укук коргоочулар Нариман айылындагы аскердик операциянын жүрүшүндө бейкүнөө элге зордук-зомбулук көрсөтүлдү деп сынга алышып, аны токтотуу талабы менен Ош областынын комендантына кайрылышты. Бул окуяга өзү күбө болгон белгилүү укук коргоочу Төлөйкан Исмаилова: «Аскерлер мыйзамсыз аракеттерди жасап атат» – деп билдирди.

22-июнь: ШКУ түштүктөгү кайгылуу окуяга тынчсызданууусун билдирди

Шанхай кызматташтык уюмуна мүчө мамлекеттер Кыргызстандын түштүгүндөгү көптөгөн адам өлүмүнө алып келген катаал окуяга терең тынчсызданууусун билдирип, улуттар аралык кагылыштырууну көздөгөн мыйзамсыз ашынган кылмыштуулуктун аракеттерин токтотууга чакырды. Ошондой эле ШКУга мүчө мамлекеттер Борбор Азиянын бардык аймактарынын коопсуздугу жана тынчтыгы үчүн Кыргызстандагы саясий кырдаалды калыптандыруу максатында Өзбекстандын аймагындагы качкындардын негизги бөлүгүн эске алып, гуманитардык чукул жардам берүү зарылдыгын билдиришти.

Ош шаарында таанылгыс абалга келген 33 адамдын сөөгү жерге берилди

Бул тууралуу Ош облустук соттук медициналык экспертиза борборунан кабарлашты. Маалыматка ылайык жерге берилген сөөктөрдүн экөө аял кишилер болушкан. Аталган борбордон буга чейин Кара-Суу районунда таанылгыс абалга келген он адам жерге берилгенин билдиришти.

Ошто комендanttык саат кыскартылды

Ош облусунун жана Ош шаарынын өзгөчө кырдаал киргизилген аймактарында комендanttык саат үч саатка кыскартылды. Мурда өзгөчө кырдаал киргизилген аймактарда комендanttык саат кечки саат 18:00дөн таңкы 06:00гө чейин болсо, эми 21:00дөн 06:00гө чейин болмокчу.

Мерт болгондор 251 адамга жетти

Бул күнү түшкү он экиге карата башаламандыктарда каза тапкандардын ырасмий саны 251 болгонун Саламаттыкты сактоо министрлиги кабарлады. Саламаттыкты сактоо министрлигинин маалыматы боюнча, айрым каза тапкан атуулдардын туугандары сөөктөрдү медициналык пункттарга же моргго алып келбей эле жерге берген учурлар болууда. Ошол себептүү башаламандыктарда каза болгондордун саны ырасмий жарыялагандан алда канча көп болушу мүмкүн.

23-июнь: Оштогу башаламандыктар боюнча кылмыш иштери козголду

Бул тууралуу Башкы прокуратуранын басма сөз кызматынан билдиришти. Ош шаары боюнча ведом-

стволор аралык тергөө тобу тарабынан 67 кылмыш иши козголуп, 22 адам кармалган. Анда массалык башаламандык, зомбулук менен өлтүрүлгөн өлүктөрдүн табылганы боюнча 13 кылмыш иши козголгон, адам уурдоо фактысы боюнча 4, адам өмүрүнө коркунуч туудуруп, бөлөк бирөөнүн мүлкүнө ээлик кылуу боюнча 2 кылмыш иши козголгон.

Роза Отунбаева Нариман жана Фуркат айылдарынын жашоочулары менен жолукту

Убактылуу өкмөттүн төрайымы Роза Отунбаева 22-июнда Оштун жака-белиндеги Нариман жана Фуркат айылдарынын жашоочулары менен Ош аба майданынын аймагында жолукту. Отунбаева түштүк аймагындагы кырдаалды нормалдаштыруу боюнча Убактылуу өкмөт көрүп жаткан иш чаралар жана алдыдагы референдумдун мааниси жөнүндө маалымат берди.

Өзбекстандан 35 миңдей качкын кайтты

«Кылым шамы» укук коргоо борборунун жетекчиси Азиза Адрасулованын «Азаттыкка» берген маалыматы боюнча, бүгүнкүгө чейин Кыргызстанга 35 миң чамалуу качкын артка кайтышты. Анын айтымында, Жалал-Абадга кайткан качкындар үй-жайларына жайгашып атышат. Ал эми Ош облусуна кайткан качкындардын бир тобунун үйлөрү күйүп кеткен. Ошол себептүү аларды жайгаштыруу маселеси пайда болууда.

Ош жана Жалал-Абад облустарындагы башаламандыктарда жабыркагандарга жана качкындарга жардам берүү боюнча Убактылуу өкмөттүн атайын өкөлү Айгүл Рыскулова «Азаттыкка» билдиргендей, кайтып аткан качкындарга кам көрүү боюнча атайын топтор иш алып барышууда.

Убактылуу өкмөттүн түштүк аймагы боюнча атайын өкүлү, коргоо министринин милдетин аткаруучу Исмаил Исаков бул күнгө карай башаламандыктардан улам Өзбекстанга кире качкан 57 миң 539 качкын кайтып келгенин маалымат жыйынында билдирди.

Ош жана Жалал-Абад облустарында 11-июнда башталган башаламандыктардын натыйжасында 75 миңден ашуун качкын Өзбекстандын чегине өтүп, чек арага жакын жердеги убактылуу лагерлерде баш калкалоого аргасыз болушкан.

Жалал-Абадда өзгөчө кырдаал мөөнөтү узартылды

Убактылуу өкмөттүн жетекчиси Роза Отунбаева «Жалал-Абад облусундагы өзгөчө кырдаалдын мөөнөтүн узартуу жөнүндө» деп аталган декретке кол койду. Ага ылайык, жарандардын коопсуздугун камсыз кылуу жана кырдаалды турукташтыруу максатында Жалал-Абад облусуна киргизилген өзгөчө кырдаалдын мөөнөтү 25-июнга чейин узартылды. Комендanttык саат кечки саат 22:00дөн таңкы саат 05:00гө чейин созулат.

Кыргызстандын Тышкы иштер министрлиги Кыргызстандын түштүгүндөгү окуялар дүйнөлүк маалымат тармагына көп учурда бир жактуу кетип атканына тынчсызданган билдирүү таратты. Анда маалыматтардын бир тараптуу таркап атышы Кыргызстандагы улуттар аралык жагдайды тескерисинче оорлотору баса белгиленген. Ошол себептүү ТИМ Кыргызстандагы окуяларды чагылдырып аткан бардык эл аралык жана жергиликтүү журналисттерди маалыматтарды тең салмактуу, калыс чагылдырууга чакырат. «Калыс, акыйкат жана тең салмактуу маалымат гана улуттар аралык байланыштардын өрчүшүнө, Борбор Азия чөлкөмүндө жана анын айланасында тынч турмуштун өнүгүүсүнө түрткү берет», – делет билдирүүдө.

24-июнь: 70 миңге чукул качкын кайтып келди

Чек ара кызматынын төрагасынын орун басары Чолпонбек Турусбековдун маалыматына караганда, кечээ эртең мененки саат сегизден, бул күнү таңкы саат жетиге чейин 25 миң 867 качкын мекенине кайтып келди. Анын айтымында, кыргыз-өзбек чек арасындагы 5 чек ара бекетинен ушул күнгө чейин 70 миңден ашуун качкын мекенине кайтып келди.

Жалал-Абадда кырдаал турукташып калды

Жалал-Абад областынын комендanты Кубатбек Байболовдун билдиришинче, аймакта абал турукташып келе жатат. Буга чейинки күндөрдө оор кылмыштар катталган эмес, ар түрдүү майда тартип бузуулар менен 10 киши кармалган. Бул фактылар боюнча кылмыш иштери козголуп, тергөө амалдары жүрүп жатат. Ал алдыдагы референдумга байланыштуу аймакта даярдык иштери планда бекитилген тартипте жүрүп жатканын кошумчалады.

«Хьюман Райтс Уотч» уюму укук коргоочу Азимжан Аскаровдун таламын талашты

Эл аралык бул уюм билдирүү жасап, кыргыз бийлиги укук коргоочу Азимжан Аскаровдун коопсуздугун камсыздоо үчүн чара көрүүгө тийиш деди. Аскаров тополоң чыгарган жана улут аралык жек көрүүчүлүккө жем таштаган деген кине менен 15-июнда Базар-Коргондо кармалган. Мыйзамга ылайык, расмий айып ага 48 сааттын ичинде тагылууга тийиш эле, бирок ал 18-июнда айыпталган. Уюмдун ырастоосунда, бийлик анын өзү тандаган адвокат менен жолугушуусуна тоскоолдук түзүшүүдө. «Хьюман Райтс Уотчтун» кийлигишүүсүнөн

кийин гана Аскаровго жергиликтүү укук коргоочу уюм таап берген адвокат менен жолугушууга уруксат берилген делинет билдирүүдө.

25-июнь: Ош жана Жалал-Абадды калыбына келтирүү боюнча Декрет кабыл алынды

Өткөөл мезгил президенти Роза Отунбаева «Ош жана Жалал-Абад шаарларын калыбына келтирүү боюнча чаралар тууралуу» декретке кол койду. Декретке ылайык түштүктөгү калабадан жапа чеккен бул эки шаарды калыбына келтирүү боюнча мамлекеттик дирекция түзүлөт. Дирекция жетекчиси убактылуу өкмөт башчысы тарабынан дайындалып, ага убактылуу өкмөт башчысынын орун басары макамы берилет. Өкмөттүн жаңы курамы бекигенден кийин дирекция жетекчиси вице-премьер-министр милдетин аркалайт.

Бүгүн Жантөрө Сатыбалдиев Ош жана Жалал-Абад шаарларын калыбына келтирүү боюнча мамлекеттик дирекциясынын башкы жетекчиси болуп дайындалды. Бул тууралуу буйрукка Убактылуу өкмөт төрайымы кол койду.

26-июнь: комендантгык саат алынды

Ош жана Жалал-Абад облустарында чыккан жаңжалдан улам киргизилген комендантгык саат бүгүнтөн баштап токтотулду. Бул 27-июнда боло турган референдумга карата Убактылуу өкмөттүн декретине ылайык ишке ашкан. ИИМдин басма сөз кызматынан «Азаттыкка» кабарлашкандай, өзгөчө кырдаал киргизилген аймактарда милиция кызматкерлери күчөтүлгөн режимде иштеп жатат. Мындай аймактарды 8–9 милиция кызматкерлери жана элдик кошуун өкүлдөрү кайтарууга алмакчы.

Кыргызстанга 75 миң 685 качкын кайтып келди

Алардын көпчүлүгү туугандарына, мектептерге жана чатырларга жайгаштырылды. Алардын референдумга добуш берүүсүнө бардык шарттар түзүлдү. Бул тууралуу Коргоо министринин милдетин аткаруучу, Убактылуу өкмөттүн түштүк аймактары боюнча өкүлү Исмаил Исаков бүгүн Ошто маалымат жыйыны учурунда билдирди. Анын айтымында, Өзбекстандын аймагында ушул тапта ден соолугуна байланыштуу келе албаган жүздөй качкын калды.

Тополоң окуялар алып келген зыяндын көлөмү жөнүндө алгачкы маалымат айтылды

Ош жана Жалал-Абад жергесиндеги башаламандыктын кесепеттерин аныктоо боюнча мамлекеттик комиссия биринчи жыйынын курду. Комиссиянын төрагасы, өзгөчө кырдаал министринин милдетин аткаруучу Дүйшөн Чотонов белгилегендей, кагылышуу убагында аталган аймактарда 1094 менчик турак жай, 12 мамлекеттик ишкана, 4 окуу жайы, 226 коммерциялык мүнөздөгү мекемелер өрттөлүп жок кылынган. Мындан тышкары өрт өчүрүүчүлөрдүн буту баспаган, ошондой эле белгисиз адамдар тобу тарабынан талкаланып, таланып-тонолгон объектилердин саны мындан дагы көп болушу ыктымал.

27-июнь: Роза Отунбаева Ош шаарында референдумга катышты

Убактылуу өкмөттүн жетекчиси Роза Отунбаева жалпы элдик референдумга катышуу үчүн Ош шаарына учуп барды. Роза Отунбаева Ош мамлекеттик университетинде жайгашкан 5298-номурлуу участкага барып добуш берди.

28-июнь: кооптуу аймактарда комендanttык саат кайра киргизилди

Бул туурасында убактылуу өкмөт мүчөсү Исмаил Исаков Ошто маалымат жыйынында билдирди. Түштүктөгү чыр-чатак чыгып тынчыган аймактарда 10-августка дейре кечки 21.00дөн таңкы 06.00гө дейре комендanttык саат иштейт.

Өзбекстандын ооруканаларынан Кыргызстандын атуулдары алынып келүүдө

Анжиян облусу менен чектеш чек ара бекетинде түштүктөгү башаламандыктан жабыркап, Өзбекстандын ооруканаларында дарыланып жаткан 21 адам Ош облусундагы ооруканаларга жеткирилди. Алардын он бири октон жарадар болушкан. Өзбекстандын ооруканаларында дарыланып жатышкан Кыргызстандагы өзбек этносундагы 180 адамды этап-этабы менен алып чыгууга 8 «Тез жардам» унаасы дайындалды. Оорулууларды Жалал-Абаддын ооруканаларына жайгаштыруу иш-чарасы 30-июнда да улантылат.

30-июнь: БУУнун Качкындар иши боюнча башкы комиссары Ошто болду

Комиссар Антонио Гуттереш адегенде Оштогу этникалык кагылышуудан жабыркаган өзбектер жана кыргыздар менен жолукту. Алардын турмуш-шартына жана азыркы акыбалына абай салып, кыйын күндөрдө бозгундар көчөдө калбай тургандыгын, аларга Кыргызстан жана чет өлкөлөр тийиштүү деңгээлде жардам беришээрин жар салды. Ал андан ары өз сөзүндө кандуу калабадан жапа чеккендерге алгачкы ирет ири өлчөмдөгү гуманитардык жүктөр, айрыкча чатырлар, кийим-ке-

челер жана азык-түлүктөр таратыларын кошумчалады.

Оштогу тополоңго байланыштуу 758 кылмыш иши козголду. Бул туурасында Башкы прокуратуранын басма сөз кызматынан кабарлашты. Маалыматка ылайык, кылмыш иши көбүнчө өздүк мүлккө залака келтирүү фактысы боюнча козголгон. Андан кийинки орунда уурдоо, адам өлтүрүү, барымтага алуу, мыйзамсыз курал алып жүрүү турат.

29-июнга карата Ош облусу жана шаары боюнча Аскердик прокуратура тарабынан 223 өлүк табылып, алардын 138и октон каза тапкандыгы аныкталган. Табылган өлүктөрдүн 84үү таанылган эмес. Ошондой эле дайынсыз жоголгондор боюнча 69 арыз келип түшүп, 49 кылмыш иши козголгон. Кылмышка шектүү делип 77 адам кармалып, анын 72си камалган.

5-июль: Ошто жарашуу жумалыгы башталды

Ош облусунун коменданты Бактыбек Алымбеков бүгүн Ош шаарында маалымат жыйын өткөрүп, 5-июлдан 11-июлга чейинки убакытты жарашуу жумалыгы деп жарыялады. Бул аралыкта жер-жерлерде, эл арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзүүчү үгүт бригадалары иштешет. Анда мыйзамсыз алып жүргөн курал-жарактарды ыктыярдуу тапшырууга, мындан ары этникалык чыр-чатакка жол бербөөгө чакырыктар айтылат.

7-июль: Жалал-Абадда элдешүү аракеттери жүрүп жатат

Ырыс айыл өкмөтүнүн Күмүш-Азиз айылында облустун тургундарынын ортосундагы ынтымакты бекемдөөгө багытталган иш-чара өттү. Иш-чара Ырыс, Сузак, Таш-Булак айыл өкмөттөрүнүн мусулман жамааттарынын демилгеси менен уюштурулуп, ага об-

лустун губернаторунун милдетин аткаруучу Бектур Асанов, Дүйнөлүк мусулман жаштарынын ассамблеясынын өкүлчүлүгүнүн жетекчиси Саид Махмуд Паюми катышты.

13-июль: июнь окуясын иликтөө боюнча Улуттук комиссия түзүлдү

Президент Роза Отунбаеванын жарлыгы менен түштүктөгү окуянын чыгыш себептерин, кесепеттерин ар тараптуу иликтөө жана сунуштарды иштеп чыгуу боюнча Улуттук комиссия түзүлдү. Комиссияны коомдук ишмер Абдыганы Эркебаев жетектейт.

Акыркы маалыматтарга караганда, июндагы жаңжал убагында Ош жана Жалал-Абад жергесинде 332 адам каза тапкан, мындан тышкары эки миңден ашуун киши ок жеген жана зордук-зомбулукка кабылган. Бирок айрым байкоочулар каза тапкандардын саны расмий маалыматтагыдан алда канча көп болушу мүмкүндүгүн айтышууда.

15-июль: түштүктөгү окуяларды Эл аралык көз карандысыз комиссия иликтейт

Аталган комиссияны Борбор Азия боюнча ЕККУнун парламенттик ассамблеясынын атайын өкүлү Киммо Килюнен жетектейт. Түштүктөгү окуялардан кийин скандинавиялык өлкөлөрдүн тышкы иштер министрликтери Ош, Жалал-Абад окуяларынын чыгуу себептерин иликтей турган комиссия түзүү демилгесин көтөрүшкөн. Бул маселе жакынкы күндөрү президент Роза Отунбаева менен Киммо Килюнендин жолугушуусу учурунда көтөрүлгөн.

Роза Отунбаева скандинавиялык өлкөлөрдүн сунушун кабыл алып, Эл аралык көз карандысыз комиссия менен

Кыргызстанда жакында түзүлгөн Улуттук комиссиянын биргелешип иштөө зарылчылыгы бар экенин белгилеген.

19-июль: Кыргызстандын түштүгүнө ЕККУ 52 полициясын жөнөтөт

Бул маселе боюнча акыркы чечим 22-июлда кабыл алынарын ЕККУнун чыр-чатактарды чечүү боюнча борборунун жетекчиси Херберт Зальбер 16-июлда Алматыдагы маалымат жыйынында билдирген.

Президент Роза Отунбаева ЕККУнун куралсыз 50 полициясы келип, кыргыз-өзбек ортосунда чыр-чатактын мындан кийин дагы кайталанбасына, адам укуктарын сактоого, милиция кызматкерлери тарабынан мыйзамдын сакталышына жардам берип, мониторинг, кеңеш жана тренинг өткөрөрүн билдирген.

Ошто эл аралык полицияны киргизбөөнү талап кылышты

Ош шаарындагы борбордук аянтка чогулган элүү чакты киши Кыргызстанга ЕККУнун полиция күчтөрүн киргизбөөнү бийликтен талап кылышты.

22-июль: Бишкекте эл аралык полицияга каршы митинг өттү

Жогорку Кеңештин имаратынын алдында Европадагы коопсуздук жана кызматташтык уюмунун полициячыларын Кыргызстанга киргизүүгө каршы чыккан митинг өттү.

ЕККУ Кыргызстанга полиция киргизүүнү жактырды. Европадагы коопсуздук жана кызматташтык уюмунун туруктуу кеңеши бүгүн Кыргызстанга 52 адамдан турган полициячыларды киргизүү планын колдоду.

Вена шаарындагы жыйында чыгарылган бул чечимге ылайык, аталган куралсыз полициялар Кыргызстандын Ички иштер министрлигине этностор аралык чыңалууларды калыбына келтирүүгө, аймактагы туруктуулукту бекемдөөгө жардам беришмекчи.

3-август: акыйкатчы көз карандысыз комиссия түздү

Акыйкатчы Турсунбек Акун өзү жетектеген Акыйкатчы институтунун алдында Кыргызстандын түштүгүндө болгон июнь окуяларын иликтөө боюнча көз карандысыз комиссия түздү. Комиссия 13 кишиден турат. Комиссияга ар кыл этностун өкүлдөрү, анын ичинде өзбек тектүүлөр да кирди. Аталган комиссия иликтөөсүн 30-сентябрга чейин бүткөрмөкчү.

15-сентябрь: Азимжан Аскаровго сот өкүмү чыкты

Базар-Коргон райондук соту тарабынан 13-июнь күнү милиция кызматкерин мыкаачылык менен өлтүргөн, башаламандык уюштурган деп айыпталып жаткан сегиз кишинин ичинен бешөө үй-мүлкүн конфискациялоо менен өмүр бою эркинен ажыратылды. Алар: укук коргоочу Азимжан Аскаров, Элмурат Расулов, Дилшатбек Розибаев, Исраилбек Абдураимов, Магамадзакир Кучкаров. Булардан тышкары айыпталуучулардын экөө: Шүкүржан Мырзалимов менен Минура Мамадалиева 20 жылга эркинен ажыратылышты. Ал эми Санжарбек Мувлахунов 9 жылга кесилди.

Укук коргоочу Азимжан Аскаровго карата чыгарылган өкүм адилет чечим эмес деген пикирин «Азаттыкка» акыйкатчы Турсунбек Акун билдирди. Ал өзү башкарган институт аркылуу иликтөө жүргүзгөнүн, ага ылайык

А. Аскаров айыпсыз болуп чыккандыгын айтып, ага карата чыгарылган чечим саясий болду деп эсептейт.

10-октябрь: парламенттик шайлоо

Ош жана Жалал-Абадда добуш берүү чыр-чатаксыз өттү. Ички иштер министрлигинин маалымат катчысы Бакыт Сейитовдун айтымында, бул күнкү шайлоодо Кыргызстан боюнча эч кандай тартип бузган жагдайлар катталган эмес.

29-октябрь: Кара-Сууда милиция башчысын өлтүрүү боюнча сот өкүм чыгарды

Райондук сот 13-июнь күнү Нариман айлында Кара-Суу райондук милиция башчысы Адылбек Султановду жана анын айдоочусу Уран Шамурзаевди өлтүргөн деп айыпталып жаткан беш киши: Азиз Таширов, Мирзахид Салиев, Фахриддин Ашуров, Шахбоз Абдуллажанов, Хасанбай Талиповду өмүр бою, Бахадыр Жороевди жыйырма беш жылга, Абдилазиз Азимовду сегиз жылга, Улугбек Расуловду беш жылга, Мирадил Кучкаровду төрт жылга эркинен ажыратуу өкүмүн чыгарды. Ал эми айыпталуучулардын бири Дилшат Ахроровдун иши жалпы иштен бөлүнүп, атайын экспертизалык топко анын психикалык саламаттыгын аныктоо тапшырылды. Жабырлануучулар өкүм жеңил болуп калды деп билдиришүүдө, алар жогорку сот бутактарына кайрылышмакчы.

13-июнь күнү Кара-Суу райондук милиция башчысы Адылбек Султанов менен анын айдоочусу, старшина Уран Шамурзаев Нариман айлына чатакташкан улуттарды элдештирүү үчүн барган кезинде мыкаачылык менен өлтүрүлгөн.

30-октябрь: июнь коогалаңында жабыркаган 100 үй-бүлө жаңы турак жайлуу болду

Ош шаарында, Ош жана Жалал-Абад облустарында жалпы 1 миң 628 үйдүн пайдубалы куюлуп бүтүп, алардын ичинен 1 миң 295инин дубалдары көтөрүлсө, 639унун чатыры жабылуу астында турат. Бүгүнкү күнгө карата 100 үй-бүлө жаңы турак жай менен камсыз болду. Ош жана Жалал-Абад аймактарында көп кабаттуу үйлөрдү куруу үчүн 132 миллион 205 миң сом каралып, бул жалпы сметалык сумманын 52 пайыздан ашыгын түзүүдө.

10-ноябрь: Азимжан Аскаров боюнча сот өкүмү өзгөрүүсүз калды

Жалал-Абад облусунун соттук коллегиясы укук коргоочу Азимжан Аскаровго жана анын жанындагы жети айыпталуучуга карата Базар-Коргон райондук соту 15-сентябрда чыгарган өкүмдү өзгөртүүсүз калтырган чечимин чыгарды. Маалым болгондой июнь коогалаңы учурунда милиция кызматкерин өлтүргөн, башаламандык уюштурган деген айып менен Базар-Коргон райондук соту укук коргоочу Азимжан Аскаров баштаган беш кишинин үй-мүлкүн конфискациялап, өмүр бою эркинен ажыратуу өкүмүн чыгарган. Бул окуя боюнча райондук соттун өкүмү менен дагы эки киши жыйырма жылга, бирөө тогуз жылга кесилген.

23-ноябрь: Санпа окуясы боюнча сот өкүмү чыкты

Сузак райондук сотунун көчмө жыйыны 13-июндагы каргашалуу окуя боюнча өкүм чыгарып, 19 айыпталуучунун 17син үй-мүлкүн мамлекет пайдасына чегерүү

менен өмүр бою абакка кести. Мурда Сузактагы Москва колхозун жетектеп келген Усманжан Аблазов менен дагы бир айыпталуучу Фуркатбек Абдужаборов болсо 25 жылга эркинен ажыратылып, сот булардын да үй-мүлкүн мамлекет пайдасына чегерүүгө өкүм кылды.

13-июнь күнү Бишкек – Ош жолунун боюндагы пахта иштетүүчү Санпа заводунун жанында 500–600 киши чогулуп, ары-бери өткөн автоунааларды аткылашкан. Натыйжада, он киши мерт болуп, эки адам дайынсыз жоголгон.

29-ноябрь: Ошто ок атышуу болду

Окуя болгон жердеги күбөлөрдүн айтымында, Ош шаарындагы Мажүрүм-Тал көчөсүндө күч органдары курал катылган деп шектелген үйдү текшергенде үйдөн аскерлерге каршы ок атылды.

Кыргызстандын Коопсуздук кеңешинин катчысы Марат Иманкулов Ошто кырдаал туруктуу жана тартип коргоо кызматкерлеринин көзөмөлүндө болгонун, тынчсызданууга негиз жоктугун белгиледи. «Окуя калк жыш жүргөн жерде орун алгандыктан, атышууну уккандар коопсуздугу үчүн кооптонуп, дүрбөлөңгө түштү. Бирок мен бардык кыргызстандыктарды, өзгөчө Ош шаарынын тургундарын кооптонууга негиз жок деп ишендирип кетким келет. Бүгүн болгон окуя – кылмышкерлерди кармоо үчүн жүргүзүлгөн катардагы операция. Учурда кырдаал толугу менен көзөмөл алдында», – деди Марат Иманкулов.

Коопсуздук кеңешинин катчысынын айтышынча, бүгүн кечке жуук Ош базарынын жанындагы үйлөрдүн биринде Улуттук коопсуздук кызматынын атайын бөлүгүнүн күчтөрү өлкөнүн аймагында террордук чабуул уюштурууга даярдык көргөн деп шектелгендерди кармоо боюнча атайын операция өткөргөн. Анын жүрүшүндө ку-

ралдуу топ каршылык көрсөтүп, атышуулар орун алган. Натыйжада, атайын күчтөрдүн эки кызматкери жараат алып, ооруканага жаткырылды. Марат Иманкуловдун маалыматына ылайык, учурда операция жыйынтыкталып, куралдуу топтун үч мүчөсү жок кылынып, төртүнчүсү өзүн өзү граната менен жардырып алган.

2-декабрь: июнь окуясын иликтөөчү парламенттик комиссия түзүлдү

Буга макулдугун бүгүн отурумга катышып отурган 113 депутат берди. Комиссиянын курамына ар бир фракциядан бештен өкүл киргизилсин деген сунуш да жалпы депутаттардын макулдугуна ээ болду. Бардык фракциялардын бештен мүчөсү комиссиянын курамына киргизилди.

3-декабрь: июнь калабасында дарыгерди өлтүргөн адам өмүр бою эркинен ажыратылды

Кара-Суу райондук соту июнь калабасында Ош облустук балдар ооруканасынын дарыгери Касымбек Жусупакматовду өлтүргөн деп айыпталып жаткан Октамжан Сулаймановду мүлкүн конфискациялоо менен өмүр бою эркинен ажыратты. Сот ошондой эле анын эсебинен маркумдун жакындарына 500 миң сом бөлүп берүүнү чечим кылды.

Сотто айыпталуучу күнөөсүн мойнуна алды. 44 жаштагы Октамжан Сулайманов мурда соттолгон эмес. 16-июнда Ош облустук балдар ооруканасынын дарыгери Касымбек Жусупакматовду белгисиз бирөөлөр күч менен алып кетишкен. 30-июнда Өзбекстандын Анжиян облусунун аймагынан табылган бир нече өлүктүн ичинен К. Жусупакматовдун сөөгү аныкталып, дарыгер башына жана көкүрөгүнө жеген октон курман болгону тастыкталган.

18-декабрь: «Кылым шамы» борбору июнда набыт болгондордун тизмесин жарыялады

Аталган борбор өз жыйынтыгын «Июнь окуялары учурунда мерт болгондор: курман болгондорду коргоо боюнча мамлекеттик түзүмдөрдүн жоопкерчилиги» деген ат менен жарыя кылды. Ага ылайык, Ош жана Жалал-Абадда июнь айында орун алган окуяларда көз жумгандардын тизмесине 423 адамдын аты-жөнү кирген. Алардын ичинен 355 адам Ош шаары жана Ош облусунан, 68 адам Жалал-Абад шаары менен Жалал-Абад облустарынан болгон. Мындан сырткары өзбек улутундагы 312 адам, 107 адам кыргыз, 4 адам башка улуттан экендиги белгиленет. Ошондой эле мерт болгондордун арасынан 284 адам ок атуучу куралдан каза тапкан. Борбордун маалыматына ылайык, июнь окуялардын эң жаш курмандыгы бир жыл алты айлык Одинахон аттуу кыз болгон. Азиза Абдрасулова белгилегендей бул алдын ала маалыматтар, тизмелер жаңы маалыматтар менен толукталышы мүмкүн.

11-январь: Улуттук комиссия ишин жыйынтыктады

Июнь окуяларынын чыгуу себептерин иликтеген Улуттук комиссия ишинин жыйынтыгы боюнча «Кабар» агенттигинде маалымат жыйынын өткөрдү. Комиссия төрагасы Абдыганы Эркебаевдин билдиргенине караганда, алар түштүктөгү былтыркы улут аралык жаңжалдын тутанышынын бир нече себеби бар деген бүтүмгө келген.

Ал себептердин катарында Абдыганы Эркебаев алмашуудан кийинки бийликтин алсыздыгын жана мындай кырдаалдан ар кандай күчтөрдүн, «анын ичинде өзбек улутунун айрым лидерлеринин» пайдаланып калуу, «өз

иштерин чечүү аракети» болгонуна, бул өз кезегинде кыргыздардын кыжырдануусун жаратканына токтолду.

Жаңжалдын тутанышына шыкакчы болгон өзбек лидерлери катары комиссия төрагасы мурдагы депутаттар: Кадыржан Батыров, Жалалидин Саллахудинов, Иномжон Абдурасуловдун ысымдарын атады. Ага катар Улуттук комиссия күн мурунтан белгилери болгонуна карабай, жаңжалды өз учурунда алдын алалбаганы үчүн ошол кездеги Убактылуу өкмөт да жоопкер деп эсептейт.

Андыктан комиссия азыркы саясий жетекчиликке жаңжал учурунда Убактылуу өкмөттө күч структураларын тейлеген же жетектегендер: Азимбек Бекназаров, Исмаил Исаков, Кеңешбек Дүйшөбаев, Болот Шердин, Ош, Жалал-Абад облусунун губернаторлорунун, Ош, Жалал-Абад, Майлы-Суунун шаар мэрлеринин, кээ бир акимдердин жоопкерчилиги жөнүндөгү маселени карап көрүүнү сунуштаган.

Комиссиянын басма сөз жыйынында түштүктөгү кагылышта 426 адам өлгөнү, алардын 381 таанылганы, булардын ичинен 276сы өзбек, 105и кыргыз экени айтылды.

19-январь: парламент Улуттук комиссиянын иликтөөсүн талкуулады

Жогорку Кеңеште түштүктөгү июнь коогасын иликтеген улуттук комиссиянын төрагасы Абдыганы Эркебаев комиссиянын иликтөөсү боюнча баяндама жасады. Анын айтымында, мурдагы президент Курманбек Бакиевдин туугандары Өзбекстан ислам кыймылы, Бириккен тажик оппозициясы жана «Талибан» кыймылынын өкүлдөрү менен өткөн жылдын май айында Тажикстандын аймагында жолугушуп, бири-бирине жардамдашуу тууралуу макулдашкан. «Алар ошол кезде Ошто жана Жалал-Абадда деструктивдүү күчтөрдүн жанданышы үчүн

жакшы жагдай түзүлдү деп эсептешкен, Кыргызстандагы кырдаалды курчутуп, улуттар жана дин аралык жаңжалдарды тутандыргысы келген», – дейт А. Эркебаев.

20-январь: депутаттар Улуттук комиссиянын жыйынтыгы боюнча токтом кабыл алды

Жогорку Кеңештин бүгүнкү жыйынында кабыл алынган токтомго ылайык, июнь окуяларын иликтеген комиссиянын корутундусу маалымат катары кабыл алынат. Анын материалдары депутаттык комиссиянын ишинде да колдонулат. Мындан тышкары Улуттук комиссия президенттин жарлыгы менен түзүлгөндүктөн, анын жыйынтыгы боюнча акыркы чечимди президент Роза Отунбаева кабыл ала турган болду. Ал эми эл өкүлдөрү июнь окуясы иликтей баштаган депутаттык комиссиянын жыйынтыгы чыкканда бул маселеге кайра кайтып келишмекчи.

26-январь: Азимжан Аскаровдун көзөмөл арызы каралууда

Укук коргоочу Азимжан Аскаровдун көзөмөл арызы Жогорку Сотто териштирилип жатат. Аскаровго Базар-Коргондо «милиция кызматкерин өлтүрүүгө», «башаламандык уюштурууга катышкан» деген айыптар коюлуп жатат. Укук коргоочу өзүнө коюлган дооматтарды четке кагууда. Сентябрь айынын ортосунда Базар-Коргон райондук соту Азимжан Аскаров баштаган беш кишинин үй-мүлкүн конфискациялоо менен өмүр бою эркинен ажыратуу өкүмүн чыгарган болчу. Бул окуя боюнча дагы эки киши жыйырма жылга, бирөө тогуз жылга кесилген. Андан соң Жалал-Абад облустук соту ишти карап, 10-ноябрда Базар-Коргон райондук соттун өкүмүн күчүндө калтырган.

8-февраль: Аскаровдун соту белгисиз мөөнөткө жылды

Жогорку Сот соттолуучу Азимжан Аскаровдун адвокатынын өтүнүчүн канааттандырып, сот ишин белгисиз мөөнөткө жылдырды. Өткөн сот жараянында адвокат Нурбек Токтакунов Азимжан Аскаров кармалган жайдын шартын текшерүү өтүнүчү менен сотко кайрылган эле. Адвокаттын өтүнүчүндө келтирилген жагдайлар боюнча Жогорку сот Кыргызстандын Жаза аткаруу кызматына расмий кат менен кайрылат. Иликтөө иштери бүтмөйүнчө, ишти кароо белгисиз мөөнөткө жылдырылды.

3-май: эл аралык комиссия корутундусун жарыялады

Эл аралык комиссия төрагасы Киммо Килюнен июнь коогалаңы аскердик кылмыш же геноцид эмес деп билдирди. Бирок айрым жагдайларды адамгерчиликке каршы кылмыш деп баалоого болорун айтты. Эл аралык комиссия 700дөй интервьюну, документтерди окуп, миңден ашык сүрөттөрдү иликтеген экен. Килюнен этностор аралык кагылышка алып келген окуялар 7-апрелден кийин башталганын, анткени ошол убакта өлкөдө саясий боштук пайда болгонун, ушундан улам кээ бир өзбек тектүү лидерлер өзбек коомчулугун жандантып, чечим кабыл алууга аралаштырууга далалат жасаганын белгиледи.

12-май: ЖК комитети эл аралык комиссия отчетуна баасын берди

Жогорку Кеңештин Коргонуу жана коопсуздук боюнча комитети июнь коогасын иликтеген эл аралык ко-

миссия ишинин корутундусу боюнча билдирүү таратты. Анда аталган комитет Киммо Килюнен башында турган эл аралык комиссиянын отчетун Кыргызстандын улуттук коопсуздугуна шек келтире турган документ катары баалаганы айтылат. Ошондой эле Коргонуу жана коопсуздук боюнча комитети жакын арада өкмөттү жана президенттин аппаратын отчет боюнча Жогорку Кеңеште комментарий берүү сунушун киргизди. Билдирүүдө комитет эл аралык комиссиянын өлкө аталышын «Республика Кыргызстан» деп атоо сунушун киргизүүсүн чекилик деп баалады.

26-май: Жогорку Кеңеш Килюнендин Кыргызстанга кирүүсүнө тыюу салды

Парламент жыйынында июнь коогасын иликтөөгө алган эл аралык комиссия корутундусун юридикалык күчү жок документ катары таануу чечими кабыл алынды. Отчет депутаттар тарабынан Кыргызстандын улуттук коопсуздугуна шек келтире турган, тараптарды элдештирбестен кайра козута турган бир тараптуу, дыкат иликтөөгө алынбаган деп таанылды.

Жогорку Кеңеш депутаттары тийиштүү органдарга кайрылып, «Тышкы миграция» мыйзамына ылайык июнь коогасын иликтеген эл аралык комиссия төрагасы Киммо Килюнендин Кыргызстанга кирүүсүнө тыюу салды.

Депутаттар Килюненди эл аралык коомчулукка өлкөнүн түштүгүндөгү былтыркы коогалуу окуялар боюнча так маалымат бербегени үчүн айыптап жатышат.

Килюнен кыргыз парламентинин чечимине өкүндү

Бул тууралуу июнь коогасынын иликтөөгө алган эл аралык комиссия жетекчиси Киммо Килюнен өзү

«Азаттыкка» билдирди. Килюнен анын Кыргызстанга кирүүсүнө тыюу салган Жогорку Кеңеш токтому боюнча өкүнүчүн билдирип, өлкө үчүн жардам гана бергиси келгенин айтты. «Эл аралык коомчулук, анын ичинде БУУ жана Евробиримдик, Орусия, АКШ биздин корутундуну колдоп, объективдүү болгонун айткан» – деди ал. Килюнен Кыргызстан тарап менен диалогго ачык экенин айтып, бул боюнча алдыңкы күндөрү атайын кайрылуу менен чыгарын ачыктады.

2-июнь: Жогорку Кеңеш депутаттык комиссиянын тыянагын уга баштады

Жогорку Кеңеш июнь коогасы боюнча депутаттык комиссия бүтүмүн талкуулоону баштады. Ага убактылуу өкмөттүн мүчөлөрү, Ош жана Жалал-Абад облустарынын жана шаар жетекчилери катышууда. Депутаттар коога боюнча депутаттык комиссия бүтүмүн талкуулоого президент Роза Отунбаева менен өкмөт башчы Алмазбек Атамбаевдин келишин сурашты.

Мамытов: Батыров июнь коогасын уюштурганга 100 миң доллар которгон

Бул тууралуу июнь коогасын иликтеген депутаттык комиссиянын төрагасы, депутат Токон Мамытов кесиптештеринин суроолоруна жооп берип жатып билдирди. Улуттук коопсуздук боюнча мамлекеттик комитети «Ватан – Родина» партиясынын лидери Кадыржан Батыров 2010-жылдын 18-майында «Жалал-Абад АНД» ишканасынан Азамжан Акбаров деген адамды чакырып, июнь окуясын уюштурганга БТА банк аркылуу 100 миң доллар жөнөткөнүн билдирген. Акча Ошко которулганын, мындай маалымат комиссияга эки күн мурда берилгенин комиссия төрагасы кошумчалады.

Мамытовдун айтымында, мындай маалыматты алгач ИИМ, Башкы прокуратура, УКМК жана Каржылык чалгындоо кызматы тастыктаган эмес.

3-июнь: Кытайга жиберилген ДНК үлгүсүнүн жетөө аныкталды

Аты-жөнүн тактоо үчүн Кытайга жиберилген ДНКнын жетөө аныкталды. Бул тууралуу саламаттыкты сактоо министринин орун басары Касымбек Мамбетов маалымат жыйынында билдирди. Эми тергөө органдарынын уруксаты менен бул сөөктөр туугандарына кайтарылат. Аты-жөнү такталбаган сөөктөр атайын сактоодо кала бермекчи. Буга чейин Москвада да ДНК анализи жүргүзүлүп, анда 12 жасаттын аты-жөнү такталган. Өткөн жылкы июнь коогалаңында, Башкы прокуратуранын маалыматы боюнча, 427 адам ажал таап, эки миңге жакын адам ар кандай деңгээлде жараат алышкан. Мындан сырткары 33 адамдын жасаты таанылa элек эле. Ошол эле учурда 23 адам дайынсыз жоголгондордун тизмесинде турат.

9-июнь: Жогорку Кеңеш коога боюнча токтом кабыл алды

Парламент коога боюнча депутаттык комиссиянын корутундусунун негизинде токтом кабыл алды. Токтомдо июнь коогалаңынын чыгышына «сепаратисттик маанайдагы Кадыржан Батыров, Карамат Абдуллаева, Иномжан Абдурасулов, Жалалиддин Салахуддиновдөр күнөөлүү» деп белгиленген.

Башкы прокуратурага Убактылуу өкмөттүн 14 мүчөсүнө этнос аралык жаңжалды алдын албай калгандыгы үчүн укуктук баа берүү милдети жүктөлдү. Президент менен өкмөт башчыга коомдук коопсуздук жана

тартип үчүн жооп берген министрлик, ведомстволордун башчыларынын орун басарларын, шаардык мамлекеттик структуралардын жетекчилерин жана Жалал-Абад облусунун губернатору Бектур Асановду кызматтан алуу сунушу берилди.

Өкмөткө айрым министрлик, ведомстволорду этабы менен Ошко көчүрүү маселесин кароо тапшырылды. Депутаттар Дин иштери боюнча агенттикти, Баңгизатын көзөмөлдөөчү агенттикти, Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча улуттук агенттикти, Ички аскерди жана президенттин иш ордун Ошко көчүрүү үчүн добуш беришти.

Башкаруу органдарына дайындоолордо элдин полиэтникалык курамын эске алуу айтылды. Ошто ИИМдин орто мектебин ачуу зарылчылыгы колдоого ээ болуп, июнь коогасынын кайталанышына жол бербөөчү чаралар бекитилди. Токтомду аткаруу мөөнөтү 3 ай деп бекиди. Бул мөөнөт аяктаган соң өкмөт парламент койгон талаптарды аткаруу боюнча программаны бериши керек.

(https://www.azattyk.org/a/kyrgyzstan_june_events/24216253.html)

ИЮНЬ ОКУЯСЫН ТУТАНТКАН ОЮНЧУЛАР



Ош шаарындагы аскерлер. 20-июнь, 2010-жыл.

12-июнь, 2020-жыл.

2010-жылы июнь окуясында криминалды, жалданма көзгө атарларды, реваншчыл жана жикчил топторду кагылышка тарткан чет элдик атайын кызматтар тууралуу уламыштарга чекит коюлбай келет.

Жүздөгөн үйлөргө, имараттарга атайын даярдалган «Молотов коктейлин» ыргытып, шаардын далай аймагын өрткө чулгап, адамдарга аёосуз ок атып, канабайрам салгандар кадимки карапайым тургундар болгонуна ишенгендер аз.

Ошол кездеги кызмат адамдары өлкөнү бөлүп-жарууга, кагылышка тукурган, окуяны курчуткан көмүскө күчтөр жана чет элдик атайын кызматтын таасир этүү агенттери болгонун ырастап, бирок алардын аракеттерине коогалаңдан кийин баа берилбей калганын айтышат.

«Криминалдын» кармашы

Кыргызстанда ансыз да 2010-жылдын апрелинен тарта бийлик, байлык, таасир талаш токтобой, олку-солку болуп турган кырдаалды курчутууга багытталган кылмыш дүйнөсүнүн жеке кызыкчылыгы – криминалдык таасир этүү тилкелерин сактап калуу же кайра бөлүштүрүүгө байланыштуу болгон.

Буга чейин калыптанган аткезчилик каналдары менен маңзат соодасын көзөмөлдөө укугун талашуу айыгышкан күрөшкө себеп болгону окуяны иликтеген депутаттык жана улуттук комиссиялардын тыянагында да келтирилген.

2010-жылы 10-июнда түнгө жуук же 11-июнга караган түнү Ош шаарындагы «Алай» мейманканасынын жанындагы оюн автоматынан чыккан чыр улут аралык кагылыштын башаты болуп калганы окуяны иликтеген бардык комиссиялардын тыянагында көрсөтүлгөн.

Улуттук комиссиянын корутундусунда мушташа кеткен жаштар топтолуп, айланадагы ишкердик объектилерин өрттөп, талкалай баштаганы жазылган. Окуянын күбөлөрүнүн айтымында, белгисиз куралчан адамдар кара түстөгү «Жип» машинелери менен келип, топтолгон эки тарапка тең ок чыгарган.

Ага чейин 7-июнга караган түнү «Кара Айбек» деген каймана ат менен белгилүү, өзбек тектүү криминалдык авторитет Айбек Мирсидиков Сузакта атып өлтүрүлгөн. Ал мурдагы президент Курманбек Бакиевди колдогон митингдерге катышып, андагы кагылыштарды тымызын жетектегени айтылган.

Бирок ага чейин эле өлкөнүн түштүк аймагында уюшкан кылмыштуу топтор баш көтөрүп, Курманбек Бакиевдин жактоочулары менен аларга каршы өзбек тектүү саясатчылар Кадыржан Батыров жана Иномжан Абдирасуловдун колдоочулары митингдерди өткөрө баштаган.

Финляндия парламентинин депутаты, Европа кеңешинин вице-президенти Киммо Кильюнен жетектеген Эл аралык комиссиянын отчетунда жана «Human Rights Watch», «Мемориал» сыяктуу адам укугун коргоочу уюмдардын баяндамаларында эки тараптын тең криминалдык топтору зордук-зомбулук, адам уурдоо, барымтага алуу жана өзгөчө мыкаачылык менен адам өлтүрүү сыяктуу кылмыштарга барып, улут аралык жек көрүүнү козутуу менен кырдаалды көзөмөлдөн чыгарууну көздөгөн мисалдар келтирилген.

Криминалдык топтор талап-тоноо менен катар эле жергиликтүү бай адамдардын мүлкүн күч менен тартып алып, аларды үй-бүлөсү менен коопсуз тилкелерге ташып чыгарганы үчүн ири өлчөмдө акчалай акы алган учурлары иликтөө тыянактарында көрсөтүлгөн.

Жалал-Абад облусунун ошол кездеги губернатору Бектур Асанов кылмыш дүйнөсү ички-тышкы саясий күчтөр менен чет элдик атайын кызматтардын мамлекетке таасир этүүчү куралына айланганынан кеп салды: «Каралардын» деле башы экөө эмес. Алар жөн эле улут аралык маселеге аралашып, кырдаалды курчутуп, мамлекетке бүлүк салып, бийликке каршы чыга алышпайт. Аларды мындай иштерге багыттап уюштурган, көзөмөлдөп турган атайын кызматтар бар. Бул жерде «кайсы чет өлкөнүн атайын кызматы буга кызыкдар болгон?» деген суроо туулат. Анткени биздеги кылмыш дүйнөсү Орусиянын кылмыш чөйрөсү менен байланышта. Кылмыштуу топтордун башчылары ошол жактан криминалдык макам алышат. Ал эми Орусиядагы кылмыш дүйнөсү бул өлкөнүн атайын кызматтарынын көзөмөлүндө турат. Эми биздеги жергиликтүү уюшкан кылмыштуу топтордун этнос аралык кагылыштын башында туруп, аралашканына эмне түрткү болгонун жана буйрук каяктан болгонун түшүнсөк болот. «Криминалды» сыртқы күчтөрдөн башка бийликке каршы саясий топтор да,

бийликтеги кээ бир саясатчылар да пайдаланып калышты. Албетте, бекер эмес. Анын ордуна алардын кызыкчылыгын да канааттандырып беришти да.

Июнь окуясынын жыйынтыгы менен Кремль Кыргызстандагы маңзат каналдарын, кылмыш дүйнөсүн жана эң башкысы саясий чөйрөнү толук көзөмөлгө алды. Бизде эгемендүү саясат жүргүзүүнү белге тээп, саясий күчтөрдү көз каранды абалда кармоо алардын эң башкы максаты болчу. Алар бул багытта өз максатына жетишти. Ошондуктан, 30 жылдан кийин биз болуп көрбөгөндөй бир жактуу тышкы саясаттын жолуна түшүп калдык»,– деди Бектур Асанов.

Ал эми 2010-жылы күздөгү парламенттик шайлоодо «Ар-намыс» партиясынан депутат болуп шайланып, кийин коогалаңды иликтөө боюнча депутаттык комиссиянын мүчөсү, вице-премьер-министр болгон Абдрахман Маматалиев кылмыш дүйнөсү кырдаалды курчутуп, сырттан башкарылып турган жагдай иликтөө учурунда аныкталганын айтты: «Биздин атайын кызматтар коркунучтуу окуялар болуп кетиши мүмкүн экенин эскерткен. Бирок ошол кездеги убактылуу бийлик алсыз болгон. Алдын-алуу чаралары болгон эмес. Анан калса бизде сырткы күчтөр, чет элдик атайын кызматтар менен кызматташкан адамдар, саясатчылар жана саясий топтор аябай эле көп. Түрдүү кызыкчылыктагы күчтөрдү көзөмөлдөө да оңой эмес.

Биздин өлкөгө сырткы таасир аябагандай чоң. Ошондой таасирлердин аркасы менен биздеги жергиликтүү криминал окуяга тамызгы болуп, от жаккан негизги күч катары аралашканы депутаттык комиссиянын иликтөөсүндө да аныкталган. Анткени 7-апрелден кийин «каралар» баш көтөрүп, ар кандай саясий күчтөр менен аралашып, өз кызыкчылыгын коргоо үчүн кандайдыр бир мамлекеттик кызматтарга өзүнө караштуу адамдарды койдурушкан».

Сыры ачылбаган табышмактуу жагдайлар

Убактылуу Өкмөттүн төрайымынын орун басары Азимбек Бекназаров июнь калабасын реванш алууну көздөгөн жана жикчил күчтөрдү пайдаланып, кырдаалды курчуткусу келген чет элдик атайын кызматтардын өзгөчө демилгеси катары баалады.

Анын айтымында, улут аралык кагылышка чейин бийликтин алсыздыгынан пайдаланып, аймактык ажырымга жик сала турган «атайын долбоор» иштеп, кийин ал ишке ашпай калганда, саясий тирешти улут аралык жаңжалга бурган этникалык карта «ойнотулган».

Азимбек Бекназаров 7-апрель күнү кечинде Бишкектеги кандуу окуядан кийин Ош шаарына учкан Курманбек Бакиевди президенттин түштүктөгү резиденциясына отургузуу аракети опурталдуу жагдай болгонун айтып, ошол кездеги Оштун мэри менен жүргүзүлгөн сүйлөшүүлөрдүн жыйынтыгы өлкөнү бөлүнүп-жарылуудан сактап калганын эске салды:

«Мен ошол кездеги Ош шаарынын мэри Мелис Мырзакматовго: «Сен азыр тарыхый эки ача жолдо турасың» – деп айттым. «Же Бакиевди тосуп алып, экөөң биригип, аны Ошко отургузуп алсаң, анда эле өлкөнү экиге бөлгөн адам катары тарыхта каласың же болбосо мамлекеттин бүтүндүгүн сактап калган адам катары тарыхта каласың, кайсынысын тандайсың, эрк өзүңдө» дегем. «Бакиевге ишене бербегин, ага биз уруксат берсек эле ЕККУнун ортомчулугу менен өлкөдөн чыгып кетет, ал эми сен болсо бул жакта каласың» – дедим. Ал ойлонуп көрүп: «Мага кандай кепилдик болот?» – деп сурады. «Мен убактылуу бийликте турганда мэрлик кызматыңда каласың, мен кеткенден кийин айта албайм» – деп жооп бердим. Анан экөөбүз убадалашып, анын жардамы менен биз Бакиевдин Оштогу президенттик резиденциясында калып, орношуп алып, эртеси өзүнүн миңдеген тарапкерлерин ал жакта чогултканга мүмкүнчүлүк берген жокпуз. Эгерде ошондо Оштун мэри аны кабыл алып, ага

Ошто жайгашып калууга мүмкүнчүлүк берип койгондо, кырдаал андан бетер курчуп, өлкөнү бөлүү коркунучу ишке ашып кетмек. Сырткы күчтөр ошону эле күтүп турушкан. Бакиев туулган айылына кетип, кийин кайра Ошко келердин астында ошондой мүнөздөгү баракчаларды таратып, «долбоорду» ишке ашырууга аракет башталып калганы боюнча бизде маалымат бар эле. Биз ага жол берген жокпуз».

Бүтүн элге бүлүк салган 21 көзгө атар

Мындан сырткары Убактылуу Өкмөт июнь окуясында Ош менен Жалал-Абадда эки тарапка тең ок чыгарып, кырдаалды курчуткан куралдуу жалданма топтордун пайда болгону тууралуу билдирүү жасаган. Ошол кездеги укук коргоо органдарын жетектеген аскердик комендатура 21 жалданма көзгө атар кармалганын жарыялаган. Алардын арасынан жети көзгө атар чет элдик жаран болушу мүмкүн экени айтылган.

Айрымдары Ош менен Жалал-Абад шаарларынын борбордук бөлүктөрүндө, улуттук азчылык өкүлдөрү жашаган маалелерде буктурмаларга жайгашып алышып, көчөдөгү бейкүнөө жарандарга ок чыгарганы тууралуу окуянын бир катар күбөлөрү иликтөө комиссияларына көрсөтмө беришкени маалым.

Ал кезде Азимбек Бекназаров жалданма снайперлер кармалганы тууралуу айтып чыккан. Кийин алардын улут аралык кагылышка катышы тергөөдө аныкталбай калганы белгилүү болгон.

Азимбек Бекназаров чет элдик атайын кызматтарда иштеген жалданма топтор болгону ырас экенин, бирок кийин алардын диверсиялык иштер менен алектенгенин тергөөдө далилдөө кыйынга турганын белгиледи:

«Мисалы, бирөө соттолду. Бирок кармалган жалданмалардын тек-жайы, жарандыгы белгисиз болуп чыкты. Алардын улуту ким экени да белгисиз. Паспорттору да болбойт экен. Шектүү чет элдиктердин арасынан

жапырт башаламандык уюштуруу аракеттери үчүн соттолгондору болду. Алардын арасынан каршылык көрсөтүү учурунда жок кылынгандары да болуптур. Бирок алардын артынан түшүп, биздин адамдар эле деген алардын тууган-уругу деле жок. Анткени аларды бул жакка жиберген күчтөргө андай нерсенин кереги жок. Тескерисинче, алардын көзүн тазалап, тез арада арылгысы келишет. Кармалган чет элдиктердин көзгө атар экени экспертизада аныкталган. Манжаларынан жана акыретинен табылган көзгө атарларга гана тиешелүү тактар буга далил болот», – деди Бекназаров.

Убактылуу Өкмөттү парламент аркылуу мыйзамдаштыруу сунушу четке кагылган. Андан соң конституциялык кеңешме түзүлүп, үч бийлик бутагы тең Убактылуу Өкмөттүн колуна тийген. Ыңкылапчыл күчтөр 2010-жылы 7-апрелден соң тараткан парламенттин жарым-жартылай курамы кийин чогулуп, төрагалыкка Кыргызстан коммунисттер фракциясынын лидери Искак Масалиев шайланган.

2010-жылы 18-майда Искак Масалиев менен Үсөн Сыдыковдун телефондук сүйлөшүүлөрү Интернетке жарыяланып, кийин Сыдыков мамлекеттик төңкөрүш даярдоого аракеттенген деп айыпталып, камакка алынган.

Искак Масалиев легитимдештирүүдөн баш тарткан Убактылуу Өкмөт кырдаалды көзөмөлдөй албай, ар кайсы күчтөр үстөмдүк кылган абал түзүлгөнүн айтып өттү:

«Убактылуу Өкмөт кандуу окуяга тиешеси бар деп айтылган сырткы күчтөрдүн, көмүскө топтордун же болбосо чагымчыл көзгө атарлардын бирөө жарымын кармап, тергөө иштерин жүргүзүп, соттордо далилдеген деле жок го. Убактылуу өкмөт аларды издеп таап, соттоп, коомчулукка далилдегенге кызыкдар деле болгон эмес. Болбосо чыгат эле. Болбогон жомокторду токуп эле тирукмуш нерселерди ойлоп таап, айтып кала беришкен. Бирок ошол окуяларда кандайдыр бир күчтөр ага аралашып, анын өнүгүшүнө алып барган жагдай сезилип турган. Анан «ошонун бардыгын реваншисттик күчтөр жасады»

деген негизде бардыгын аларга гана оодара коюшкан. Убактылуу Өкмөт ошол кезде банк уячаларынан алынган акчага ар кандай топторду түзгөн эмес беле. Алар кимдер эле? Бийликтин ошол окуяларды толук иликтеп чыгып, коомчулукка маалымат бергенге мүмкүнчүлүгү бар эле. Бирок аны жасашпады. Мүмкүн ошондой топтор болсо болгондур. Бирок аны үчүнчү же сырткы күчтөр эмес, арабыздагы башка бирөөлөр эле уюштурган болушу мүмкүн. Бийликте туруктуулук жок болгондо ошондой көрүнүштөр болот эмеспи. Ар бир төңкөрүштөн кийин бийликти кайра басып алууга аймактардан Ак үйдү көздөй жактоочуларын чогулткан топтор болгонун баарыбыз билебиз го».

Орусиялык диверсанттын «оюну»

Июнь калабасы учурунда Оштогу маалелердин бирине курал-жарак жеткирип, диверсиялык иштер менен алектенген деп шек саналган славян тектүү, аскер адамына түспөлдөш шектүү киши кармалган учурду чагылдырган видео тасма 2010-жылы күзүндө «Youtube» порталына чыккан. Бирок тасмадагы жалданма топтун кармалган мүчөсүнүн кайсы мамлекетке таандык экени жана анын курал-жаракты кандай максатта, кимге тапшырганы тууралуу маалыматтар белгисиз бойдон калган.

Тасмадагы сурakta анын Оштогу жаңжал учурунда өзбек тектүү жарандар жашаган маалелердин биринен автоунаа менен чыгып келе жатканда кармалып, жанынан бронежилет менен тапанча табылганы көрсөтүлгөн. Аны кармаган топ бул орус тилдүү туткунду чет элдик «диверсант» деп атап, аны улут аралык кагылыштын бир тарабына курал-жарак ташып жеткирген деп шек санаган: «Бейрасмий маалыматтар боюнча айтсаңар, Казакстан, Өзбекстан менен Орусия экономикалык блокаданы эмне үчүн коюшту? Булар ошол тараптардын жиберген кишилери болушу мүмкүн. Булар Кыргызстанга каршы иштегени келишкен. Эй, тирүү калгың келсе ачык айт.

Сен бул жакка каяктан жана эмне максат менен келдиң? Эмнеге сен бул жактагы өзбек маалеге кирдиң? Жооп бер, маалкатпай!»

Тасмада кармалган адам жашы 38де экенин айтып, Орусиянын Новосибирск шаарынан келгенин жана Москвадан Ошко каттаган учактардын биринде учкуч болуп иштегени боюнча көрсөтмө берген. Оштогу жаңжал учурунда таанышына келип, мааледен адашып калганын, кагылышка эч кандай тиешеси жок экенин айткан.

Сурак учурунда бети-башы канга боёлгон бул шектүү адамдын андан кийинки тагдыры белгисиз бойдон калган. Ошол эле кезде орусиялык «Regnum» агенттиги видеотасма сайтка чыгары менен кармалган адамдын жооптору бурмаланып, сурак коркутуп-үркүтүү менен коштолгонуна басым жасаган макала жазып чыккан. Анда Орусиянын жаранына улут аралык кагылышуу учурунда курал-жарак таркаткан жана диверсиялык иштерди жасаган деп жалган жалаа жабылганы көрсөтүлгөн. Тасманын чоо-жайы боюнча учурунда Кыргызстандын Улуттук коопсуздук боюнча мамлекеттик комитети эч кандай комментарий берген эмес.

Улуттук коопсуздук маселеси боюнча эксперт, мурдагы чекист Талант Разаков чет элдик атайын кызматтардын геосаясий кызыкчылыгы ар кандай чагымчыл аракеттерге негиз берчү жагдай экенин баса белгиледи:

«Соңку мезгилде Кыргызстанга чет элдик атайын кызматтардын геосаясий кызыгуусу абдан эле чоң. Биздин өлкөнүн географиялык жайгашуусу жана анын тышкы байланыштары аларды кызыктырып турат. Биздин аймакта таасир көрсөтүү чөйрөсүн кеңейтүү үчүн алардын ортосунда айыгышкан күрөш жүрүп келе жатат. Чет элдик атайын кызматтардын кармашы ар кандай чагымдар аркылуу да жүрүшү мүмкүн. Биздин атайын кызматтар алардын кызыкчылыгын жана аракеттерин убагында түшүнүп, күтүүсүз окуяларды болтурбай алдын алууга кам көрүшү кажет».

Убактылуу Өкмөттүн кээ бир мүчөлөрү кандуу калаба учурунда Ош менен Жалал-Абад шаарларында жалданма көзгө атарлар кармалганы тууралуу маалыматтарды кыргыз бийлиги кийин төгүндөгөн. Баштапкы маалыматта көзгө атарлардын айрымдары жок кылынып, кээ бирлери колго түшкөнү боюнча видеотасмалар бар экени кабарланган.

Бул жагдай боюнча Тажикстандын Тышкы иштер министрлиги расмий Бишкекке кабатырланган кат жолдогон. Бирок кийин кыргыз бийлиги тажик жарандарынын июнь окуясына эч кандай тиешеси жок экенин ырастап, жооп кайтарганы тууралуу жергиликтүү маалымат агенттиктери жазып чыгышкан.

Сөз болуп жаткан видеотасмада 2010-жылы июнь окуясында Ош шаарындагы ликер-арак заводунун имаратынын үстүндө бири жок кылынып, экинчиси оор жарадар абалында кармалганы айтылган азият улутундагы эки адамдын аты-жөнү, алардын каякка таандык экени тууралуу маалыматтар дагы табышмак бойдон калган.

Ош облустук ички иштер башкармалыгынын маалымат катчысы Жеңиш Аширбаев жалданма топтун кармалганы боюнча жарандардан алынган видеотасма ошол учурдагы мекемелер аралык тергөө тобуна тапшырылганын билдирди: «Июнь окуясы учурунда алар биздин кызматкерлер тарабынан кармалган эмес. Бизге жалданмалар тууралуу видеотасма келип түшкөн. Ал тасмадагы адамдын ким экени такталган эмес. Биз тиешелүү материалдар менен биргеликте андай видеолорду мекемелер аралык тергөө тобуна өткөрүп бергенбиз. Буга окшогон учурлар бирөө эле эмес. Бир топ материал болгон. Жарандар бизге берген көрсөтмөлөрүндө тилдери жергиликтүү тилге окшобогон, куралчан шектүү адамдар тополоңго аралашып жүргөнү боюнча дагы маалыматтар берилген. Биз бардык материалдарды топтоп туруп, мекемелер аралык тергөө тобуна бергенбиз. Тергөө тобун ошол кезде Башкы прокуратура жетектеп турган. Бирок

ал иштердин аягы эмне менен бүткөнү тууралуу бизде азыр маалымат жок».

Бирок Башкы прокуратуранын астында түзүлгөн мекемелер аралык тергөө тобу Ош менен Жалал-Абадда колго түшкөн куралдуу жалданмалар тууралуу толук маалымат берген эмес. Ал эми расмий түрдө айтылган 21 көзгө атардын ичинен чет өлкөлүк экени аныкталганы белгиленген шектүү жети кишинин кийинки тагдыры беймаалым бойдон калган.

Кызмат адамдарынын кызыкчылыгы

Саясатчы Бектур Асанов Орусиянын айрым расмийлери өлкөнүн саясатына кийлигишип, бир топ таасир этип турган учурларды эстеди: «Орусия президентинин ошол кездеги ыйгарым укуктуу өкүлү Рушайло менен Кыргызстандагы элчиси Власов деген мени элчиликте түнкү саат он бирлерде кабыл алышкан. Мен кызматташуу тууралуу сунуштан баш тарткан соң кийин алар башка адамдарга чыга баштаган. Алар Убактылуу Өкмөт көзөмөлдөн чыгып кетет деп коркуп, мамлекетте референдум өтүп, парламенттик башкарууга өтсө анда Кыргызстан Грузия менен Украинага окшоп, башка багытта кетип калбайбы деп ойлошкон. Ошондуктан күчтүн баарын ишке киргизип, референдум өткөрбөөгө аракет жасашкан. Мен биздеги ишке кийлигишүүгө алардын акысы жоктугун айтып, башкаруу формасы кандай болорун референдумда эл тандай турганын түшүндүргөм».

2010-жылы май айында Орусиянын Коопсуздук кеңешинин мурдагы катчысы Владимир Рушайло орус президентинин Кыргызстан менен мамилени өнүктүрүү боюнча атайын өкүлү болуп дайындалган. Бирок анын мамилени кантип өнүктүргөнү жана Кыргызстанда аткарган миссиясы белгисиз бойдон калды.

Улуттук коопсуздук боюнча мамлекеттик комитеттин ошол учурдагы төрагасы Кеңешбек Дүйшөбаев улут ара-

лык кагылышка аралашкан чет элдик жарандар болгонун ырастап, бирок аларды диверсанттар катары мүнөздөгөнгө негиз жок экенин айткан жайы бар: «Сырткы күчтөр тууралуу «көзгө атарлар кармалды, азыр жоопко тартылганы жатат» деген мазмунда Алмазбек Атамбаев да айтса керек эле. Бирок биздин УКМК мындай билдирүүлөрдү тараткан эмес. Ошондой билдирүү берилген учурда деле туура эмес болуп калмак. Анткени ошол мезгилде көп адамдар кармалган. Алардын арасында Орусиянын жана Өзбекстандын жана башка мамлекеттердин дагы жарандары бар болчу. Бирок алардын башаламандык учурунда кармалганы диверсиялык иштерге катышы болгон дегенди түшүндүрбөйт. Бул үчүн тиешелүү далилдер болушу керек. Сотто ошондой иштер каралып, чечим чыгарган соң гана негиздеп айтса болот. Ошондуктан биз андай курулай билдирүүлөрдү жасабастан, тиешелүү далилдерин топтоп, тергөө органдарына тапшырып бергенбиз. Иштерди мыйзам чегинде соттор карап чыгып, бир топ адамдар соттолгон. Алардын арасында чет элдик жарандар дагы болгон».

Июнь коогасы чет элдиктердин көзү менен

2010-жылы апрель жана июнь окуяларынын табияты ар башка болгону менен адамдарга кыргын салуу ыкмаларында окшоштуктар болгонун адистер белгилешкен.

Ошондуктан көзгө атарларды жалдаган кайсы бир ички-тышкы күчтөрдүн Кыргызстанга карата кыянат максаты эмнеге ашкереленбей калганы ушуга чейин сыр бойдон калган.

Июнь окуясында 400дөн ашуун адам каза таап, миңдеген адамдар жараат алып, 5 миңден ашуун жеке турак жай жана коомдук имараттар талкаланганы расмий жарыяланган.

Улут аралык кагылыш аркылуу өлкөгө бүлүк салууну айрым жергиликтүү саясатчылар террорчулуктун өтө коркунучтуу жаңы ыкмасы катары сыпаттаган жайы бар.

ДАНИСТЕ: МОСКВАДАГЫ МИГРАНТ КЫЗ-КЕЛИНДЕРДИН ТАГДЫРЫ



Москвада тагдырдын катаал түйшүгүн тарткан кыргыз кыз. 22-апрел, 2011-жыл.

17-июль, 2011-жыл.

Москвада өз канынан жаралган ымыркайын таштаган же өлтүргөн «энелер». Алар ким? Эмне үчүн? «Данисте» даректүү баян түрмөгүнүн атайын иликтөөсү.

Жаңы төрөлгөн ымыркайын таштаган келиндер, наристесин көп кабаттуу үйдөн ыргытып жиберген кыздар, мыйзамсыз бойдон алдыруулар, ажатканасы презервативге толгон кафелер, асынып өлгөн кыздар – миллиондогон мигранттардын Москвасы ушундай.

Күнүнө 16 сааттан иштеген Москва, 10 адам бир бөлмөнү түнөктөгөн Москва, акча менен алдоого бай Москва, уйкусуз Москва, муңайбаган Москва...

Бул кыргыз улутундагы ымыркай жакында Москвадагы №36 оорукананын төрөт үйүндө жарык дүйнөгө келди. Эми анын мындан аркы тагдыры кандай болору белгисиз.

Бул төрөтканага документ, каттоосу жок жана балдарын таштайм дегендер келип төрөшөт. Ооруканада иштеген карапайым кызматкерлер жаңы төрөлгөн ымыркайлардан мигрант энелер күнүгө баш тартарын айтышат. Андайлардын басымдуу бөлүгү – кыргыз келиндери. Төрөп, баласын алып кеткендер сейрек кездешет.

Колдон колго өткөн балдар

Азыр Москвада төрөт үйүнө жеткирбей туруп, жаңы төрөлгөн балдарды кабыл алчу «эжелер» пайда болду.

– *Жакында 38 жаштагы келин таштап кетти. «Күйөөм билбесин» – дейт. Улуу кызы төрөп, неберелүү аял экен. Биз кыргыздар эмне болуп калдык? Ушул сурооого такыр жооп бере албайбыз. Кайсы жакка бара жатабыз? Кыргыз деген атыбыз өчүп кетеби?*

Мурдагы «Аруужан», азыркы «Айгүл таш» коомдук уюмунун жетекчиси Урмат Байматова Москвадагы кафелердин биринде ушул суроолорду узатты.

Урмат Байматованын үйүнө биринчи баланы 2 жыл мурун таштап кетишкен. Андан бери бул аял 40 таштанды баланы жаңы үй-бүлөлөргө жайгаштырды. Өзү да: «Кырк неберелүүмүн», – деп күлүп калат.

Ымыркай төрөт үйүндө калса, андан ары дароо балдар үйүнө жөнөтүлөт. Аларды кайра кыргыз жарандарынын асырап алышы бир топ кыйындайт.

Москвада таштанган балдарды үй-бүлөлөргө жайгаштырчу «Кыргызстан аялдары» кору жана «Айгүл таш» уюму көптөргө белгилүү.

«Жазылбаган мыйзамдар» боюнча бул аялдар кыргыз ымыркайларга кыргыз ата-эне таап берүүгө аракеттенишет. Албетте орус үй-бүлөлөр асырагандар да бар.

Урмат Байматова үй-бүлөлөрдүн бала асыроосун мыйзамдуу жана оңойлотуу үчүн акыркы убакта жаңы ыкма тапкан.

Бала багып алчу үй-бүлөдөгү ата баласын таштайм деген келинге кагаз жүзүндө үйлөнөт. Бала төрөлгөндөн кийин «түгөйлөр» ажырашып, бала мыйзамдуу түрдө «атасында» калат.

Урмат Байматованын семиз папкасы «баламды таштайм» дегендердин арыз-каттары жана балдардын сүрөттөрүнө толгон.

Москвада ушундай эле ишмердүүлүктү аркалаган «Кыргызстан аялдары» фондусунун президенти Бурулча Төрөбекова Орусиядагы төрөт үйүнөн, же балдар үйүнөн наристелерди багып алуу фактысын кезиктирген эмес.

«Ушуга чейин төрөт үйүнөн эч кимди алып бере элекпиз. Колмо-кол гана кетип атат. Бирок мыйзамга туура келиши үчүн баласын таштайм деген аял Кыргызстанга барып, бүт юридикалык суроолор ошол жактан чечилет. Жөнөкөй сөз менен айтканда биз ортомчубуз».

«Алло, баламды таштайын дедим эле...»

Урмат менен Бурулча эжелерге баласын таштоо мүмкүн экендигин Москвадагы кыз-келиндер жакшы билишет. Өздөрү келет, же боюнда бар кезинде эле «баламды таштайм» деп телефон чалышат.

Урмат Байматова кафеге баласын таштаган келинди ээрчите келди. Аида диктофонго үнүн жаздыргысы келбегени менен өз башынан өткөндү баяндады.

Аиданын окуясы жүздөгөн кыздардын тагдырына куюп койгондой окшош. Кыргызстанда айылдардын

биринде калган бейкапар балалык, мектептеги акыркы коңгуроо, андан соң Москвага келип пол жууп, идиш жууп, же базарда соода кылуу. Анан өзү жашаган жерде бир жигит менен таанышып, сүйүүгө кабылат.

Кош бойлуу экенин уккандан кийин Аиданын «сүйүүсү» чоң Москвада жиксиз жоголот.

«Аида менен дагы бир курбусу жакында жарым жыл болоюн деп калган балдарын алып келишти. Бул эки кыз метро жабылганга чейин кыздарын көтөрүп алышып, ошол жакта жашайт. Метро жабылган соң «Макдоналдска» барып, таң атканга чейин балдары менен ошол жакта отурушат. Жарым жыл чыдашыптыр, балдарыбызды таштабайбыз», – деп Урмат Байматова Аиданын окуясын эстейт.

Аиданын айтымында, ал күнү элүүдөн өткөн кыргыз «байкелер» ремонт жасап аткан үйгө түнөп кеткиле деп чакырышат. «Жардам берели деген экен» – деп сүйүнгөн эки кыз балдарын боорuна кысып, чакырган жерге барат.

«Атабыз менен тең эркектер таң аткыча билгенин кылышты. Акырында чыдабай бир бөлмөгө качып чыгып, жанымдагы Перизат кыздарыбызды кармап отурду, мен эшикти ачпай кармап атып кутулдук», – деп ыйлап эскерет Аида ал түндү.

Бала таштоонун «чемпиону» – кыргыздар

Москвадагы эмгек мигранттар арасында наристелерден баш тартуу боюнча кыргыздар «алдынкы орунда». Урмат Байматовага эки жыл ичи эки өзбек, эки тажик кайрылган, калган отуз сегизи–кыргыз кыз-келиндер.

Москвадагы кыргызстандык аялдар менен иш алып барчу «Ала-Тоо» коомдук уюмунун жетекчиси Жамиля Бегиева кыргыз кыздар көңүлдөшүн көп алмаштырган көрүнүштү иликтөөлөр далилдегенин айтат.

«Азаттыктын» кабарчысынын «буга эмне себеп» деген суроосуна жооп бергендер «көпчүлүк менен жашоо» дешет.

– 20–30 киши эки же үч бөлмөлүү батирде чогуу турушат. Абал өтө оор. Келип, уктап эле кетишет. Жаш кыздар келишет, иштешет, балдар менен таанышышат, ичишет, бузулушат, никесиз бала төрөлөт, анан жигит акырында качып кетет.

Муфтийдин Москвадагы өкүлү Максат Канкыбаев Кыргызстандан 11-классты бүткөн кыздардын түз эле Москвага келип түшүп жатканы себеп болуп жатканын кошумчалады.

«Ааламга жол айылдан башталат» дегендей, ошол кыздардын баары айылдан келип атат. Ата-энесинен баштасак. Жыйырма жаштагы кызын Москвага жөнөтүп жаткан ата кырктан алтымышка чейинки азамат болуш керек. Сиздин иштөөгө толук мүмкүнчүлүгүңүз бар. Сиз жаш кызыңызды Москвага жөнөтпөй эле, ага билим берип, кесиптин ээси кылып, анан коё берсеңиз. Ошол кыздар тапкан акчаны ата-эне каякка жумшайт? Тойтамашага, башка болбогон нерселерге. Инвестиция кылып ийген же бизнес түптөгөн кыргызстандыктарды жолуктура элекмин», – деп кейийт Жамиля Бегиева.

«Жакында бир кыздын энеси менен сүйлөшсөк, «өзү кеткен, өзү келсин» – дейт. Кызыңдан акча барганда сен намыс кылбайсың, дасторконду жасап алып эжеңдикине айылчылаганда намыс кылбайсың. Аталар кыздарын иштетип машина алганда намыс кылбайт, анан кызы баласын көтөрүп барганда эмнеге намыс кылат? Сен өзүң ошого түрткү болуп атасың го? – деген Урмат Байматова суроолуу карайт.

Жаман экен кыздар ай...

Адепсиздик тууралуу кеп башталганда жигиттер кыздарды, кыздар жигиттерди күнөөлөшөт. «Кыргыз-

стан аялдары» фондунун аткаруучу директору Алийма Раимбекова буларга токтолот:

«Москвадагы башка улуттагы айдоочулар «кыргыздын кыздары миң рубль берсең, бирөө менен кетет, ошонун эле досу эки сааттан кийин миң рубль берсе, аны менен да кете берет. Түндө канча киши алып кетсе, кете беришет», – деп кеп кылышат.

– Кыргыздын кыздары ушунчалык тебеленди. Кыздар миң эмес, отуз рублдук сыранын теңи болуп калды. 16, 17, айтор, 20 жашка чейинки кыздарды алсак, баары орой сөз менен айтканда «бузулган» деп мен толук айта алам», – деди Урмат Байматова.

Жаман экен балдар ай...

Биз менен кафеде бирге отурган Аида качып кеткен жигитин эстеди. Кыргыз кыздарынын арасында: «Койчу ошол кыргызды, аборттун акчасын да төлөп бербей качып кетет» – деп көп айтылат экен.

«Айгул таш» коомдук уюмунда иштеген Зейнеп Исакова кыргызстандык жигиттердин арасында зордуктоо, уурдоо, анан качып кеткен эркектердин кескин көбөйгөнүн айтат: «Эгерде зордукталган, алданган кыздар арыз жазса, анда ушунчалык көп жигиттер түрмөгө түшмөк. Жигиттер ылгабай калышты. Апасындай аялдарга да кол салышат...»

Москвадагы «кыргыз» кафелер

Бардык көйгөйлөр башталчу жайлар – бул көп адам жашаган батирлер менен «кыргыз» кафелер. Мен мындай кафелердин бирине апрель айында баш баккам. Топтоп болуп агылышкан кыз-жигиттер таңкы бешке чейин кафелерде арак ичет, мушташат, андан башка «иштер жасалат».

«Кыргызстан аялдары» коомунун кызматкерлери Бурулча Төрөбекова менен Роза Жумашева мындай кафелерде көргөндөрүн айтышат:

«Кыргыз балдар эле кыргыз кыздарын зордуктап коюп атышат. Анысы аз келгенсип, мисалы, Москванын бир эле районунда кыргыздар атайын кыргыз жаштары үчүн беш кафе ачышты. Кечинде ачылып, таң атканга чейин иштейт. Ишенесизби, экинчи кабатында дивандар менен кичинекей бөлмөлөр бар. Мас болуп калгандан кийин, жетелеп барып эле... Презерватив ошол жерде үйүлүп калат», – деди Бурулча Төрөбекова.

Бойдон алдыруу «өндүрүшү»

Москвадагы «Улукман» медициналык борборуна баш бактым. Бул борборду ачкан Дүйшө Алиев–хирург. Анын айтуусунда, бул жерге күнүнө он чактыдай кош бойлуулар кайрылат. Алардын ичинде бойдон алдыргысы келгендери дагы арбын.

Биз медициналык көрсөтмөсү бар болсо гана аборт жасайбыз. Бирок мына караңызчы (гезитти ачып), метронун оозунда бекер таратылган бул гезиттердин бардык беттеринде «аборт» деген жарнаманы табасыз. Мыйзамсыз аборттор ушул көптөгөн борборлордо жасалышы мүмкүн.

Дүйшө Алиев көптөгөн кыргыз жаштары сактануу түгүл, жыныс кап эмне экенин билишпегендигин айтат. Ал тургай Урмат Байматовага кайрылган бир кыз: «Ваннадан боюма бүтүп калды» – деп жалооруган.

«Жакында бир иликтөө менен тааныштым. Бир жылда жети миң аял кайрылса, анын алты миңи аборт жасатыптыр. Бул бир борбор, бир эле жыл! Эми Кыргызстандын шартында канча бала төрөлүшү керек эле, эсептеп көргүлөчү», – дейт Жамиля Бегиева.

Москвадагы кыргыз элчилигинин консулдук бөлүмүнүн юристи Алмаз Абдисияев жылына 10–15 аял Орусияда мыйзамсыз боюнан алдыруудан көз жумарын билдирет.

Гүлзат Эгембердиева былтыр жайында 6 айлык боюнда бар кезинде боюнан алдырам деп Москвадагы борборго кайрылып, көз жумган. Келиндин денеси шаардагы парктан табылган. Жакында эле Гүлзатка операция жасаган дарыгер 2 жылга абакка кесилип, маркумдун үйбүлөсүнө 500 миң рубль төлөп бермек болду.

Алмаз Абдисияев болсо соттун чечими колго тиери менен элчилик Орусиянын Жогорку Сотуна кайрыларын кошумчалады.

Жаздык алдындагы бала

Мигрант кыз-келиндердин жеке жашоосундагы эң коркунучтуу жагдай – бала өлтүрүү. Биз менен баян курган Урмат Байматова, муфтийдин өкүлү Максат Канкыбаев, юрист Алмаз Абдисияев үрөй учурган окуяларды эстешет.

Урмат Байматова: «Бир эне төрөп, баланын өлүгүн шейшепке ороп, жаздыктын астына коюп жатып алган. Баланын денеси жыттанып кеткенде мага чалышты. Барсам ызы-чуу. Жанагы наристенин денесин жууюн десем, жууганга да болбой калыптыр».

Максат Канкыбаев: «Таштандылардан табылган балдар, имараттардан ыргытылган наристелер – бала өлтүрүү боюнча кабарларда эң алдыңкы сапта турабыз».

Алмаз Абдисияев: «2010-жылы 7 кыргызстандык келин бала өлтүрүү боюнча түрмөгө түшүп, алды жети жылга, арты эки жылга эркинен ажырады. Быйыл андай эки иш болду. Өздөрү төрөгөн баласын бирөөсү 9-кабаттан ыргыткан, экинчиси сууга ыргыткан, кийинкиси ваннада тумчуктуруп өлтүргөн».

Урмат Байматова: Эже-синди. Синдиси төрөгөн, эжеси ваннада кайнак сууну ачып баланы өлтүргөн. Ушунчалык да мыкаачы болобу?! Тажикстандагы кан төгүлгөн жарандык согушту көргөн, «эч нерседен коркпойм, бир гана ушул баласын таштайм деген кыздардын көздөрү түшүмө кирет», – дейт.

Анын айтымында, баласын таштаган энелер, түгөйлөр бир да жолу кылчайып кайра келишкен эмес. Жакында эле бир жаш түгөйлөр баласын Урмат Байматовага карматып, анан майрамдагыдай чогуу сүрөткө түшүп, күлгөн бойдон кылчайбастан басып кеткен.

«Азаттык» сурамжылаган адистердин баары бул көйгөйдү чечүү үчүн айрыкча айылдарда жаштарга сексуалдык тарбия берүү, аялдарга жумуш ордун түзүү жана кесипке ээ боло элек жаш кыздарды Орусияга жөнөтпөө керектигин айтышат.

«85-жылдардан 90-жылдарга чейинки балдар 3–4 жашка чыкканда миграциянын биринчи агымы менен алардын ата-энелери Орусияга кеткен. Таенесинде, таежесинде калган балдар, ата-эне мээримин көрбөй чоңойгон балдар мына 25–30га чыгып, балдарын таштап жатышат», – деди ызага баткан Роза Жумашева.

Москвада кыргыз аялдары менен иштеген коомдук уюмдар, төрөт үйлөрү, балдар үйлөрүндө калган наристелер тууралуу так маалымат жок. 2009-жылы кыргыз парламенти 230 бала Орусиядагы балдар үйлөрүндө калганын билдирген. Андан берки эки жылда эмгек мигранттардын агымы күчөп, анын шарапаты менен таштанды балдар эселеп өскөнү айтпаса да түшүнүктүү болсо керек.

(Булак: https://www.azattyk.org/a/kyrgyzstan_russia_migrants_crime/24265846.html)

ШАХТАДАГЫ БАЛАЛЫК



Нурбек бир вагон көмүрдү казылган жерден жүк ташуучу машинеге чейин жеткиргенине 200 сом алат.

18-октябрь, 2012-жыл.

Кечээ дүйнөдө Жакырчылыкты жоюунун эл аралык күнү белгиленди. Жакыр жашоодон кайсыл гана өлкөдө болбосун, эң оболу жаш балдар жабыр тартышууда. Кабарчыбыз Кыргызстандын эң четки – Сүлүктү шаарындагы көмүр кендеринде иштеген жаш балдардын абалына кызыкты. Бул маселе азырга чейин иликтене элек.

Далысына бир туурам наны менен иче турган суу салынган баштыгын артына, улам белинен ылдый түшүп бараткан шымын жогору тартып байлап койгон Нурбек көмүр казылып жаткан жерден 50 метрдей ары жактагы оор машинеге көмүр жеткирип жатты. Бою кичинекей, арык бул бала өзү 11 жашта экенин айтпаса, мен аны 10го да толо элек деп ойломокмун.

– Азыр бул машинеге көмүрдү артып жатабыз. Акчасы вагонуна жараша, бир вагонду артсак, 200 сом алабыз», – дейт ал. Мен андан:

– Ата-энең сен бул жакта иштеп жатканыңды билеби? – деп сурадым.

– Апам – үйдө, атам – шахтер. Төрт бир тууганбыз, – дейт бир аз уялыңкы үн менен.

Нурбек – Кыргызстандын эң четки районундагы бул көмүр кенинде иштеп жаткан ондогон, а балким, жүздөгөн балдардын бири. Анын айтымында, дал ушул эле жерде аны менен кошо төрт бала, коңшу шахтада дагы жети бала иштейт. «Ишке көнүп деле калдым», – дейт ал.

– Биз бул жерден көмүрдү үйгө алып барбайбыз, кээде өзүбүз топтогонубузду сатып жиберебиз.

– Көмүр арткан оорбу?

– Жок, оор эмес, жеңил эле...

– Сен өзүң да көмүрдү көтөрөсүңбү?

– Ооба, бир кап көмүрдү көтөрөм.

– Бир кап көтөрөсүңбү? Белиң оорубайбы?

– Жок, оорубайт... Тээтиги жерге чейин көтөрүп барып, ошол жерге коюп коёбуз. Ал жерден башка кишилер машинелерге жүктөп алып кетишет.

Нурбек азыр каникул учурунда гана шахтага келгенин, бир нече күндөн кийин мектеп ачылганда окуудан калбаганга аракет кыларын айтат. Жайдары мүнөз, улам мага күлүңдөп, фотоаппаратымды кызыга караган бул баланын көз карашында, мүнөзүндө кадимки жаш баланын кыялы байкалбайт.

«Атама жардам берейин деп келдим», – дейт ал. Атасы шахтада иштейт экен, айлыгы 5000 сомдун тегерегинде. 100 доллардан бир аз эле ашыгыраак акчага азыр бир ай төрт балалуу үй-бүлөгө жашаган айыл жеринде да оңой эмес.

Сүлүктүлүктөрдүн үлүшү

Кыргызстандын борбор калаасынан миң чакырымдай алыста жайгашкан Сүлүктү – бул жалпы эле Борбор Азиядагы эң эски көмүр кендеринин очокторунун

бири. Азыр 20 миңдей калкы бар шаарда кара алтынды 1868-жылы алгач каза башташкан.

Бүгүн ал Советтер Союзу ыдырагандан кийинки дээрлик 20 жылдык танаписте кийин кайрадан өндүрүүгө жандуу кирише баштады.

СССРдин кыйрашы республикадагы көптөгөн тармактардай эле учурунда дүңгүрөп турган көмүр казуу өндүрүшүнүн да дээрлик толугу менен токтоп калышына алып келген. Эки он жылдыкта мамлекет бул жерде көмүрдү жетиштүү деңгээлде өндүрө албай, элдин социалдык абалы да начарлап кеткендиктен жайдын аптабында да, кыштын ызгаарында да кендин ар кайсыл чуңкурларынан жергиликтүү эл көмүрдү өзү эле чукуп каза баштаган болчу.

Сүлүктүлүктөрдүн айтымында, акыркы 2–3 жылда абал өзгөрдү. Азыр 20га чукул менчик ишкана көмүр казат. Бул жерде жаш балдар, окуучулар көмүр казууга, аны артууга байланышкан оор ишке тартылып жатыптыр деген сөз да көңүл сыртында кала баштады. Кудум балдар такыр эле көмүр кендерине жолобой калгандай сезилген.

«Проблема жаш балдарды эксплуатациялоого байланышкан илимий иликтөөлөр да болбой, ага анчейин маани берилбей калгандыгында», – дейт Кыргызстандагы балдардын укугун коргоо лигасынын төрайымы Назгүл Турдубекова.

«Чынында эле бул абдан көңүл бура турган көйгөй. Бирок биз ал жакка барып, изилдөө жүргүзгөнгө укук коргоочуларда мүмкүнчүлүгүбүз болбой жатат. Анткени анын жол киреси бар, ал жакта жашаганга да чыгым кетет», – дейт ал.

Укук коргоочулар проблеманы жеринде көрө алышпаса да, ар кайсыл аймактарда акыйкатчынын өкүлдөрү бар экенин, көмүр кендериндеги балдардын абалын да алар иликтесе болорун айтат.

«Эмне үчүн көмүр казган шахталар балдардын эмгегин колдонушат? Анткени алар элпек, арзан, канча-

лык иш оор болсо да ага чыдай беришет. Себеби балдар өздөрүнүн укугун коргой тургандай аларга нааразылык да билдире алышпайт, – дейт Турдубекова.

– Жер-жерлердеги акыйкатчынын өкүлдөрү андай учурларды таап, милиция менен биргеликте текшерүүлөрдү уюштурса болот. Эгер андай окуя табылса, ошол ишканалардын көмүр казууга лицензиясын тартып алыш керек. Бир да ата-эне колунда бир аз эле акчасы болсо, баласын эч качан шахтага жибербейт. Бул айласыздыктын амалы болуп жатат, такыр ачкачылыктан өлүп калбайлы деген эле айла».

«Эң орчундуу маселе»

Сүлүктүдө көмүр казып иштеген компаниялардын өкүлдөрүнөн: «Сиздерде жаш балдар иштейби?» – деп сураганымда, баары бир добуштан андай болушу мүмкүн эместигин айтышкан. Бирок проблема бар экенин жергиликтүү бийлик четке каккан жок.

Сүлүктү шаарынын вице-мэри Рахатай Амирова муну: «Эң орчундуу проблема» – деп атады.

– Сөздүн ачыгы, моюнга алышыбыз керек, балдар кээде шахталарга барып, кышка даярданып алалы, бир аз акча иштеп алалы деп барышат. Бул – биздеги эң орчундуу проблема. Биз шаардык бийлик, ата-энелер, – баарыбыз буга каршыбыз. Мунун баары жокчулуктун, муктаждыктын айынан болуп жатат. Биз мэрия менен шаардык ички иштер бөлүмүнүн жашы жете электер боюнча инспекциясы менен биргеликте рейддерди уюштуруп турабыз. Рейд учурунда кармалган балдар окуган мектептин директору, класс жетекчиси, ата-энелери менен түшүндүрүү иштерин жүргүзөбүз.

– *Бирок максат жаш балдарды жазалоодо эмес да, туурабы? Анткени алар муктаждык болгону үчүн, башка айласы жоктугунун айынан барып жатышат да мындай ишке?*

– Туура айтасыз. Биз аларды жазалаш үчүн ушундай иштерди жүргүзүп жаткан жокпуз. Биз аларга жашы жете элек балдар шахтага барбашы керектигин гана түшүндүрөбүз.

– *Эгер ал балдар иштебесе, анда жардамга муктаж андай үй-бүлөлөргө колдоо көрсөтүүнүн башка жолдору барбы?*

– Албетте. Шаардык бийлик ошол кендердин жетекчилери менен биргеликте жардамга өтө муктаж деп саналган 500гө жакын үй-бүлөгө жылына кышка даярдык үчүн ар бирине жарым тоннадан көмүр беребиз деп макулдашканбыз. Азыр көпчүлүгүнө берип бүттүк. Октябрдын этегинде ошол көмүр казган компаниялардын жетекчилери шаардык бийликке планды кандай аткарышканы боюнча отчет беришет. Муктаждыктан чыгыш үчүн ушундай иш аткарып жатабыз, – деди Сүлүктү шаарынын вице-мэри Рахатай Амирова.

«Ачуу чындык – ушул»

Кыргызстандагы көмүр шахталарында иштегендердин катмары боюнча азырынча бир да иликтөө жүргүзүлбөгөндүктөн, жалпы өлкө боюнча шахталарда канча бала иштеп жатканын айтыш кыйын. Балдардын укугун коргоочулар проблема өзгөчө курч турганын айтышканы менен колунда аны тастыктаган бир да далили жок.

Айрым укук коргоочулар болсо, мамлекет маселени көмүр кендерин такыр жабуу менен чечиши да ажеп эмес деп чочулашат.

Бирок республикалык өкмөттүн өкүлү, социалдык өнүгүү министринин орун басары Эдил Байсалов «проблеманы чечүүнүн жолу шахтаны такыр жабуу деп ойлогон туура эмес», – деди.

– Албетте, биз бул шахталарды иштетишибиз керек, ал жерде социалдык абал жакшыртылып, каржыланышы керек. Албетте, балдар мектепке толук барышын,

балалык укугу корголушун камсыз кылышыбыз зарыл. Мунун баары биз «аттиң» деп турган нерселер. Аларды чечиш үчүн жалпы эле турмуш-тиричилигибизге, экономикабызга, маданиятыбызга комплекстүү кароо менен мамиле кылышыбыз абзел. Буга азыр оңой жооп жок. Ата-энелерди, балдарды айыптаганга да, мактаганга да болбойт. Бул туура эмес экенин алар өздөрү деле түшүнүп турат. Бирок тилекке каршы, азыркы деңгээлибиз ушул, турмуштун ачуу чындыгы ушул. Ошентсе да, мамлекеттин саясаты мында так балдардын укугун коргоп, аларга шарттарды түзүп бериш.

– *Кыргыз өкмөтүнүн ушул шахтадагы балдардын турмушун бир аз болсо да жеңилдеткенге кандай конкреттүү аракетин айта аласыз?*

– Жөлөкпулдун көлөмү азыр көбөйтүлүп жатат. Бюджетте акчанын тартыштыгына карабай, 1-ноябрдан тарта ар бир балага жөлөкпулду 370 сомдон 580 сомго, дээрлик эки эсеге көбөйтүп жатабыз. Бирок бул албетте, муну менен эле чечилип кала турган нерсе эмес. Тилекке каршы, бул – абдан чоң социалдык кризис. Эң башкысы биз муну көнүмүш нерсе катары карабай, ар бир фактыны өзгөчө кырдаал катары таанып, балдарыбызды сактап калалы деп жатабыз, – деди Кыргызстандын социалдык өнүгүү министринин орун басары Эдил Байсалов.

Сүлүктүдө негизги көмүр казган кендер шаардын борборунан 15–20 чакырым алыста жайгашкан. Кеч кирип, мен шахтадан кайтканда Нурбек беш-алты досу менен жолдо бараткан экен. Бул ирет мен машинеде өтүп баратып, аны араң тааныдым. Көмүрдөн балдардын бети-башы, кийими толугу менен таанылгыстай болуп калган эле...

(Булак:https://www.azattyk.org/a/sulukta_coal_mine_child_labour_kyrgyzstan/24743451.html

ДАНИСТЕ: БАЛДАР АТАСЫН ЧЕК АРАДА ЭЛЕ КӨРҮШӨТ



2-январь, 2013-жыл.

2010-жылдагы июнь окуяларынан кийин Өзбекстан ондогон кыргызстандык келиндерди өз аймагынан «документтери жок» деп, Кыргызстанга чыгарып жиберген. Алардын арасында Баткендин Миңчынар айылынан өткөн кылымда Өзбекстанга турмушка чыгып, очор-бачар болуп калгандары да бар эле. Өзбек жарандарына турмушка чыккан аялдар күйөөлөрү калып, өздөрү балдары менен кошо Кыргызстанга кайтууга аргасыз болушту.

Кыргызстандан Өзбекстандын жарандарына турмушка чыгып, бирок өзбек паспортун албаган келиндер 2010-жылдан баштап депортацияга тушуккан. Мындай абалга кабылгандардын көпчүлүгү Кадамжай районунун Актурпак айыл округ аймагынан болушат.

Күйөөсү Өзбекстанда калып, өзү үч перзенти менен Миңчынар айылына төркүнүнө келген 35 жаштагы Алтынай Кабылова азыр айылдан кыйла четтеги ээн жерде шыйпаңчада жашап жатат.

«Балдарың менен сүтүн ичип тургула» – деп, атасы жалгыз саан уюн таштап кеткен экен. Мен келгенде Алтынай уйга жем берип жүрүптүр. Улуураак балдарын айылдагы мектепке берген, азыр колунда үч жашар уулу менен отурган аял бир бөлмөнү эптеп жылуулатып алган.

Эшик-терезелери да эптеп жасалгандыктан шынааларынан шамал кирип тургандай. Мешке тезек жагат, идиш-аягы, казан-табагы, жыйылган төшөгү, уй сааган чакасы – баары ушул көптөн бери акталбаган, терезесине бозомук чүпүрөк тартылган бир бөлмөдө.

Алтынай мешти чукулап отуруп буларды айтып берди:

– 1997-жылы Өзбекстанга турмушка чыккан элем. Жакшы эле жашап жатканбыз. Анан эле: «Өзбек паспорту жоктор өлкөдөн чыгарылат» – деп калышты. Себебин сурасак, «Бишкекке барып, бийликтер менен сүйлөшүп келсеңер, анан өзбек паспортун жасап беребиз», – дешкен. Бирок ошол бойдон кайра кире албай калдык. Мага окшоп, ал жактан чыгарылгандардын айрымдары барып, бирок кийин кайра келишкенин уктум.

– *Өзбекстанда жашооңуздар кандай эле?*

– Жакшы эле жашап жатканбыз. Анан бул жакка келип калгандан кийин ата-энем: «Эми кайра барып отурасыңарбы. Андан көрө ушул эле жерде калгыла», – деп бул жактан бизге жер да беришти. Өзбекстанда деле жаңы үй салып, ошол жакка өзүбүзчө чыккан элек. Жыйган-тергенибизге үйүбүздү толтуруп, дурус эле болчу. Ошонун баары калды да. Азыр эми бирөөлөрдүн шыйпаңын үй кылып отурабыз.

– *Азыр бул үй кимдики?*

– Бул Эгемберди акенин үйү (айылдашы – ред.). Ушунун үйүндө отуруп тургула дешкенинен ушул жердебиз. Ата-энемдикинде деле болдук. Бирок алардын деле үйүндө адам көп. Өзүбүз башка бөлүнүп чыгалы деп,

эптеп ушинтип жүрөбүз. Балдарымдын атасы Өзбекстанда. Азыр эми эки жыл болуп калды келгенибизге. Балдарым да атасын сагынат, аны да бул жакка алып келип жашасак дейбиз.

– *Сизге окшоп күйөөсү Өзбекстанда калып, өздөрү Кыргызстанга келген келиндер көппү?*

– Мени менен кошо 17–18 аял чыкканбыз. Мага окшоп айылда тургандары эптеп жашап жатышат. Кыйналгандары Орусияга кетишти.

– *Эки балаңыз мектепте окушат экен. Аларды мектепке кантип алышты? Албайбыз деп кыйнабадыбы?*

– Келгенде мектепке да абалыбызды түшүндүрдүк. Такыр айлабыз жок отурганыбызды айтканда, акырында балдарды алышты.

– *Жолдошуңуз менен ошондон бери көрүшө алдыңызбы?*

– Күйөөм менен чек арадагы бажы постунда көрүшүп, балдарымды көрсөтүп турам. Биз ары өтө албайбыз, ал да бери келе албайт. Качып өткөндөрдү атышат. Ошон үчүн бажыдагы кызматкерлер менен эле сүйлөшүп жолугушабыз.

– *Бул жакта азыр жашооңуз кандай?*

– Балдарыбыз менен эптеп эгин эгип, жашаганга аракет кылып жатабыз. Жаман дебейбиз жашаган жерибизди.

– *Сиз үчүн кайсы жакта жашаган ыңгайлуу? Өзбекстандабы, же бул жерби?*

– Азыр бизге ушул жак эле ыңгайлуудай көрүнүп турат. Өзбекстанда кайра баарын башынан баштап, жер алыш да оңой болбойт.

– *Азыр мына сыртта күн кыйла эле суук, үйүңүздөр да анча жылуу эмес экен?*

– Отун-тезек жагып отурабыз. Кошуналарыбыз да алысырааkта. Биз турган жер айылдын чети. Жакын арада адам деле жок.

Минтип күйөөлөрү Өзбекстанда, өздөрү Кыргызстанда калган аялдар Актурпак айыл округунда эле 22 адам. Ал эми облус боюнча канча киши Өзбекстандан чыгарылганын так билген киши жок. Анткени алар азырынча бирдиктүү каттоого алынып, же даттанып бирөөгө кайрылган эмес.

Өзбекстандын жарандыгын алуу кыйындыгынанбы же кайра ал тарапка барууга ниети жоктугунанбы, айтор, Өзбекстандан депортация болгон аялдар балдарынын аталары Кыргызстанга келсе деп тилешет.

Жогорудагы каармaныбыздай жылуу конушунан айрылган дагы бир аял Санабар Бакирова да үч баласы менен ата-энесинин үйүндө жашап жатат. Кайын журтуна кайрылып барчу болсо, сот жообуна тартылары да эскертилген.

– *Милицияга барасыңар дешти. Өзбекстандын Актамыр айылына турмушка чыккан кыргызстандыктар ошол жакка бардык. Ал жерден бизге: «Бул өлкөдөн чыгып кеткиле, кайра келсеңер сот жообуна тартылып, 5 жылга чейин кесилесиңер», – деп эскертишти. Бизден арыз да жаздырып алышты.*

Жай турмушту көчүп-конууга алмаштырууга аргасыздардын реалдуу саны канча экени белгисиз. Мындай тагдырга тушуккандар Кыргызстандын түштүк аймагындагы бир топ жерлерде бар экени айтылып жүрөт.

Гапар Бакиров Өзбекстандан айдалып чыккан кызынын үч баласын азыр бул жактагы төрт небересине кошуп карап жүрөт.

– *Кызым менен күйөө балам экөө тең бир аз иштеп келели деп Орусияга кетишкен. Небereлерим мени менен калышты. Өзбекстандан чыгып келгенден соң кайра барган. Кийин милициясына чакырып, кызымдын паспортуна штампын басып, чыгарып жиберишиптир.*

Кыргызстандык бул келиндердин учурунда чечилбей калган документтерине байланышкан проблемалары

июнь окуяларынан кийин кайра көтөрүлүп, эми үй-бүлөлөрдү чек аранын эки тарабына бөлүүгө себеп болуп отурат.

Кошуна өлкөнүн аймагынан куулуп чыккан атууларына Кыргызстан канчалык кам көрөрү да белгисиз. Азырынча мындай абалга туш болуп кайрылгандарга Актурпак айыл округу колдон келгенин жасап берип жатыптыр. Айыл округ башчысынын орун басары Садыбакас Асанов жергиликтүү бийликтин мүмкүнчүлүгү жетишсиз экендигин айтат:

– Бул келиндер Өзбекстанда турмушка чыккандан бери топтогон мүлкү толугу менен ошол жакта калган жана аларды бул жакка алып чыгууга мүмкүнчүлүк жок. Азыр булар кайрадан Кыргызстанда турмушун нөлдөн баштап жатышат. Биздин айылдык өкмөт колдон келген жардамын берүүдө, бирок ал аздык кылат. Биз кыргыз өкмөтүнө кайрылып, буларга материалдык жактан дурусураак жардам беришин суранат элек.

– *Сиздерге кайрылгандар көппү?*

– Бизден расмий түрдө 22 жаран каттоодон өттү. Биздин аймагыбызда дагы 10–15 адам катталбай эле жашап жатат деген маалымат бар. Бирок алардын саны андан да көп болушу мүмкүн. Биздин эле эмес, башка айылдарда да мындай үй-бүлөлөр көп.

Коңшу Өзбекстандын ички саясатынан улам бир үй бүлө экиге бөлүнүп, үй жайын таштап, Кыргызстанга келген аялдар менен алардын балдарынын маселесин чечүү мамлекеттик деңгээлдеги иш экени таасын болуп калды.

(Булак:https://www.azattyk.org/a/kyrgyz_uzbek_women_deported_rights/24810357.html?fbclid=IwAR1-k5J2aTEkKOCb99rnk3uXV35osFD3cEWr2T7q78_L3q7dxW-ep_NfHvw)

БАНГЛАДЕШ: КЫРГЫЗ БАЛДАРЫ КАНДАЙ БАГЫТТА БИЛИМ АЛУУДА?



Бангладештеги медреселердин биринде. 30-март, 2009-жыл.

24-август, 2013-жыл.

Кыргызстандан ар кандай жолдор аркылуу Бангладештеги диний окуу жайларга кетип жаткан өспүрүмдөр жана жаштар кандай билим алып жатышат?

Ушул жылдын май айында Бангладештин борбору Даккада ири демонстрация болуп өттү. Көчөгө чыккан исламчылар аягында полиция менен кагылыша кетип, 30дан ашуун киши мерт болуп, дагы жүздөгөн адам жараат алды. Борбор шаарда чогулган 150 миңдей демонстранттардын көбү – өлкөнүн ар тарабындагы медреселердин окуучулары эле. Алар Бангладеште исламга акаарат келтиргендерди катуу жазалай турган мыйзам кабыл алууну, эки жыл мурун өкмөт жактырган аялдарды өнүктүрүү саясатына тыюу салууну

талап кылышты. Башкача айтканда, алар аялдарга эркиндик берилип, эркектер менен теңата мүлккө ээлик кылуу, мураскер болуу өңдүү укуктар берилишине каршы чыгышты. Балким, алардын арасында ушу тапта Бангладештеги медреселерде билим алып жаткан кыргызстандык жаштар да болушу ыктымал.

Бангладеш – «билим бешигиби?»

Бангладеш – Түштүк Азиядагы эң жакыр өлкөлөрдүн бири. Эгемендүү өлкө болгонуна 50 жыл толо элек. Кылымдар бою Индиянын, кийин Пакистандын бир бөлүгү болуп келген. Аймагы Кыргызстандан кичинекей, бирок калкынын саны 163 миллион адамдан ашат. Саясий бейстабилдүүлүк, татаал тарыхы, илим-билим жагынан артта калганы – Конституциясы боюнча секулярдык демократиялуу өлкөнүн өнүгүшүнө тоскоолдук жаратып келет. Быйыл эле исламдык кыймылдар жаз-жай айларында улам бир демонстрация өткөрүп, полиция менен кагылышуулар болду.

Ушундай өлкөгө эмне үчүн Кыргызстан жана башка өлкөлөрдөн диний билим алууга жүздөгөн, миңдеген адамдар барып жатат? Суроону бангладештик журналист, Daily Star гезитинин редактору Шамим Ашрафка узаттык.

– Бангладеште жүздөгөн, миңдеген медреселер бар. Алардын көпчүлүгү Qawmi (кыргызча – нейтралдуу) медресе деп аталат. Бул эми каалаган кишинин баары медресе ача алат дегенди билдирет. Ал медресеге керектүү акчаны өзүңүз таап, өкмөттөн эч нерсе сурабасаңыз, өкмөттүн сиз менен иши болбойт. Каалаган сабактарын окутушат, кандай билим берип атканы менен эч кимдин иши жок. Андай жеке менчик, же Qawmi медреселерди Башкаруу кеңеши бар, аларды өкмөт көзөмөлдөөгө аракет кылып көрдү, анысы ишке ашкан жок. Соңку кездери

Бангладеште болгон ири демонстрацияларды карасаңыз, анын катышуучуларынын көбү дал ушул Qawmi, же өкмөттүк эмес медреселердин студенттери. Мындай окуу жайларда окугандардын көбү – кедей үй-бүлөлөрдүн балдары. Медресенин мугалимдери айыл аралап: «Балдарыңарды бизге бергиле, биз окутуп беребиз» – деп алып кетишет. Анан андай окуучулар мугалим эмне кыл десе ошону кылат. Балаң ишсиз калбайт, кийин жумуш да таап беребиз деп алып кетишет.

– *Андай медреселерде сабакты ким окутат? Мугалимдери кимдер?*

– Ошол эле медресени аяктаган адамдар окута берет, жүздөгөн жылдардан бери ошондой. Алар болгону араб арибин, кээ бир учурларда урду тилин, бир аз бенгал тилин үйрөнүшөт. Анан Куранды жатташат. Аң-сезимди толугу менен бир жакка буруп, динди баштарына куят. Андай медреселердин көбүндө «Талибан сиздер үчүн үлгү болушу керек, анткени алар Ислам үчүн күрөшүп атат» деген сөздөрдү айтышат. Бангладештеги журналисттер, укук коргоочулар жана коомчулуктун алдыңкы бөлүгү мындай медреселерге каршы чыгып, өкмөткө айтып эле келатышат. Өкмөт эч нерсе кылган жок. Анткени медреселер жамгырдан кийинки козу карындай эле жайнап кетти. Аларга каршы чыкса, өкмөт, же кайсыл бир партия шайлоочуларынын чоң бөлүгүнөн ажырап калабыз деп коркушат.

– *Биздеги маалымат боюнча кыргызстандык жаштардын бир тобу Даккадагы Какрайил мечитинде окушат экен. Ал жер «Таблиги жамаат», же даваатчылардын дүйнөлүк борбору саналат. Ал жердеги окутуу тууралуу маалыматыңыз барбы?*

– «Таблиги жамаат» – бул Qawmi медреседен тараткан идеялары жагынан бир аз айырмаланат. Алар күч колдонуп каршылык көрсөтүү, саясатка кийлигишүүнү колдошпойт. Бирок Кыргызстандан келген жаштардын

баары дал ушул таблигилердин мектебинде окуп атат деп бир жактуу айта албайм. Бангладештеги медресе жана башка диний окуу жайлары Жакынкы Чыгышта жайгашкан бир нече уюмдар аркылуу каржыланат. Кувейт, Сауд Арабия жана башка өлкөлөрдө атайын борборлор бар. Аларда акча аябагандай көп. Ай сайын эбегейсиз каражат жөнөтүп турушат. Ушундай медресе, мечиттердин ишин толугу менен каржылашат.

– *Бангладеш өкмөтү өлкөдөгү он миңден ашуун ар кандай медреселердин билим берүү системасын оңдоп-жакшыртуу маселесин караштырып жатабы? Бул маселе талкууланып турабы?*

– Аларда эч кандай окутуу системасы жок. Мечит-медреселердин ичинде эмне окутулуп, кандай иштер болуп атканын эч ким билбейт. Анда иштегендер журналисттерге интервью беришпейт. Окуу китептеринде эмнелер жазылганын көргөзүшпөйт. Өкмөттүн кишилери да андай диний окуу жайларга кирип текшере албайт. Таблигилердин окуу жайларына келсек, алар берки Qawmi медреселердей экстремист, же фундаменталист деп айта албайм. Анчалык катуу кетишпейт. Алар даваат аркылуу таза исламды таратабыз деп ишенет. Таблигилер Бангладештеги медреселерди кыдырып, элди өзүлөрүнүн талкууларына чакырып жүрө беришет.

Колго тийген изилдөөлөрдү карасак, Бангладеште «Нари Прогати Сангха» деп аталган бейөкмөт уюм өкмөттүн тапшырмасы боюнча медреселердеги акыбал-жагдайды иликтеп чыккан. Алардын жыйынтык документинде айрыкча Qawmi же өкмөттүк эмес диний окуу жайларда жүз миңдеген жаштар ар тараптуу билим албай, курбалдаштарынан артта калып жатканы, алардын көбү өзүнүн улуттук өзгөчөлүгүн жоготуп, өзүлөрүн Талибан, же араб катары таанырын эскерткен. Көпчүлүк бейөкмөт медреселерде өлкөдөгү башкы тил – бенгал тили жарытылуу окутулбай, жалпы билим берүүчү сабактар жокко эсе

экени, эртеден кечке жалаң Куранды жаттаган жаштар кийин Бангладештин келечеги үчүн анчейин пайдасыз адамдар болору айтылат.

«Куранды жаттагандын өзү диплом»

Бангладеште билим алып жүргөн кыргызстандык жаштар менен телефон аркылуу байланышканыбызда, алар дал ушундай өкмөт көзөмөлдөбөгөн окуу жайда билим алып жатышканын билдик.

Аттарын арабча ысымга өзгөртүп алган эки жигит ал жакка кандайча барып калышканын, окутуу системасы тууралуу азыноолак айтып беришти. Айтымында, Бангладештин борбору Даккадагы Какрайил мечитинин бир бөлүгүн ээлеген медреседе балдар таңкы 4төн түнкү 10го чейин араб, урду, фарсы тилин үйрөнүп, көпчүлүк убактысын Куранды жаттаганга коротушат. Андан башка кошумча жалпы билим берүүчү сабактар дээрлик окутулбайт.

«Аллага шүгүр, жашоо-шарты, окуу – баары ойдогудай. Күнүнө беш маал намаз окуп, ортосунда Куранды жаттап, жуунуп, тамак ичип, ынтымакта жашайбыз. Жаңы келгенде балдар араб арибин үйрөнүшөт, аны билсең Куранды жаттаганга башка сабактардын деле кереги жок».

Бангладеште медреселердин бир нече түрү бар. Аалия медреселери мамлекет тарабынан көзөмөлдөнгөн, окутуу программасы өкмөт менен макулдашылган окуу жайлар болуп эсептелет. Аларга караганда жеке менчик, же ар кайсы мечит, диний уюм, жеке адамдар ачкан Кавми медреселер өкмөттүк жайлардан алда канча көп. Так санын эч ким билбейт. Даккалык эксперт он миңден ашуун деп боолголойт. Аларды өкмөт көзөмөлдөбөйт. Рафикул Ислам, Даккадагы университеттин Тынчтык жана жаңжалдар кафедрасынын башчысы:

– Бангладештин тарыхына сереп салсак, медреседе окугандар согушчул аракеттерге кеңири аралашкан эмес. Андайга өлкөдөгү социалдык-экономикалык жагдай жол берген эмес. Бирок соңку кездери Вахаби жана Маудуди идеологиясына сугарылган, Пакистандагы медреселерде билим алган, Ооганстандагы согушка аралашкан адамдар Бангладеште көбөйө баштады. Ошондой адамдар Борбор Азиядан жаш балдарды, студенттерди алып келүүгө байланышы бар. Жаштарды Бангладеште окутуп, кайра Алланын желдеттерин Борбор Азияга жөнөтүшөт. Ушундай болуп атат.

Биз менен Бангладештеги Какрайил мечитинде окуп атабыз деп телефондон сүйлөп берген эки жигит да алардын окуу жайы мамлекет менен иши жок экенин, окууну бүткөн соң аларга эч кандай диплом берилбей турганын ырасташты. «Куранды жаттагандын өзү диплом. Далили ошол. Куранды баштан аягына чейин окуп бере алсаң ошонун өзү далил. Мамлекет тарабынан эч кандай документ берилбейт. Алла Таала тарабынан диплом берилет».

«Өкмөткө баш ийген медреседе окусаң, чыныгы таза Исламды, шарияттын бардык жол-жоболорун өздөштүрө албайсың» – деп ишенет бул жумгалдык жигит.

«Мен жумгалдыкмын, бул жакта окуп атканыма беш-алты жылдай болуп калды», – деп улантты сөзүн бизге өзүн Ахмад деп тааныштырган бул кыргыз жигит. «Бишкектеги Борбордук мечиттеги Абдурахим деген байкеге барсаңыз, ал бардык документтерди даярдап, факс менен жөнөтөт».

Окууга кабыл алуу шарттары кандай? – деген сурообузга: «Эч кандай шарт деле жок. Бала 15 жашка чейин болушу керек. Андан башка өзгөчө деле шарты жок. Кыргыз балдардан бул жакта бир 50дөн ашууну бар. Ондон ашуун дунгандар, Таиланд, Азербайжан жана башка жактан келгендер», – деп ал жооп берди.

«Таблиги жамааттын» «жашыруун» ишмердиги

Кыргызстанда мыйзам боюнча 16 жашка чейинки балдарды мектептен чыгарып, чет өлкөдөгү диний окуу жайга жиберүүгө тыюу салынат. Анткен менен атайын кызматтардын маалыматы боюнча ушу тапта Бангладешке 7 жаштан 15–16 жашка чейинки балдар медреселерге окууга кетип жатат. Дакка шаарындагы медресеге көпчүлүк учурда «Таблиги жамаат» уюмунун мүчөлөрүнүн балдары, же дааватчылардын тууган-тааныштары жиберилет.

Жогорку Кеңештеги Билим берүү, илим, маданият жана спорт боюнча комитеттин төрагасы Каныбек Осмоналиев «Азаттыкка» курган маегинде бардык мыйзамсыз иш-аракеттер ата-эненин түркөйлүгүнөн, бийликтегилердин алсыздыгынан, диний мекемелерде жана аларды көзөмөлдөй турган мамлекеттик органдарда акча жасагысы келгендер отургандыгынан улам болуп жаткандыгын айтты.

«Таблиги жамаат» уюмунун ишмердигине Орусия, Казакстан, Өзбекстан, Түркмөнстан, Тажикстанда тыюу салынган. Кыргызстанда бул уюмдун тамыры терең жайылган, активдүү мүчөлөрү Бишкек жана башка жерлердеги чоң мечиттерде иштешет. «Таблиги жамаат» – тынч жол менен үймө-үй кыдырган дааватчылар аркылуу таза исламды жайылтуу максатын көздөйт. Саясатка кийлигишпейт, куралдуу же башка күч колдонуу ыкмаларын колдобойт. Айрым кыргызстандык эксперттер бул уюм алыскы айылдарда жокчулукта жашаган жаштарды дин жолуна салып, туура иш кылып атат деп ишенишет.

Анда эмне үчүн Кыргызстандын мыйзамдарын бузуп, 16га чыга элек жеткинчек өспүрүмдөрдү Бангладештеги диний окуу жайларга жөнөтүп атышат? Андай окуучу-

ларга журналисттер менен сүйлөшүүгө болбойт. Жогорудагы эки маектешти биз кокустан жаздырып калдык. Бангладештеги алар дарегин берген мечитке журналист кесиптешибиз барганда, босогодон эле бул жерде чет элдиктер окубайт деп эшикти жаап коюшкан.

Жогорудагы эки жигит телефондон айткандай, аларга телерадиодон маалымат алууга, гезит окууга, интернет колдонууга тыюу салынат. Алар өз курдаштарына салыштырмалуу билим жагынан бир топ өксүккө учурап жатканы айтпаса да түшүнүктүү. Бангладештик адистер медресе бүтүрүүчүлөрү коомго керектүү тармактарда иштей алышпай, пайдасы аз болууда деп эскертип жатышат.

(Булак:https://www.azattyk.org/a/kyrgyzstan_bangladesh_religion_education_aug2013/25084604.html)

АЙЫККЫС ДАРТТЫ БИЛБЕГЕН БАЛДАР



ВИЧ илдеттүү балдардын көйгөйүн өкмөткө жеткирүү максатында оорулуу баласы менен Ак үй алдына нааразычылык акциясына чыккан эне. Ноябрь, 2011-жыл.

21-июнь, 2015-жыл.

Кыргызстанда ВИЧ/СПИД илдетине кабылган 13 жашка чейинки 200дөй бала бар. Ата-энелер улам эс тартып келаткан балдарына айыккыс дарт жугуп калганын кантип айтабыз деп санаага батып жүрүшкөн кези.

Адистер болсо балдар 14 жашка чыкканга чейин илдетин угузуу керектигин белгилешүүдө. Бирок ата-энелерди жашабай жатып айыккыс дартка кабылганын укkан баланын кийинки кадамы кандай болору түйшөлтүп келет.

Жашы кырктарга чамалап калган арыкчырай аялдын жана анын үчүнчү баласынын ВИЧ илдетине кабыл-

ганына он жылдан ашты. Бул аял чет өлкөдө иштеген эмес. Башынан жоолугу түшпөй, беш убак намазын калтырбай окуйт. Талаа жумушунан башы көтөрүлбөгөнүн айткан карапайым аял өзүнө жана наристесине айыккыс дарт бир гана эмдөө учурунда жуккан деп эсептейт.

Кандай болгон күндө да алардын оорусун азырынча эч ким айыктыра албайт. Ал азыр эс тартып калган уулуна дартын кантип угузуунун айласын таппай жүргөн кези.

– *Балам оорулуу экенин билет. Бирок ВИЧ экенин билбейт. Дары ичкенин, анализ тапшырганы барганын билет, баарын билет, бирок мындай оорулуу экенин билбейт. Сен оорулуусуң деп балдар кошпой койгон учурлар да болот. Азыр баланын келечегин ойлоп, кыжалат болуп жатабыз. Балага статусун ачууга туура келип жатат. Ага «сен ушундай оорулуусуң» дегенди кантип түшүндүрөм деген ой кыйнап келет.*

Бул аял үй-бүлөнүн, кошуналардын далай кысымына чыдап, баласын аман алып калганы менен, анын кийинки тагдырын ойлоп, санаа түбүнө жетпейт. Анткени анын оорулуу уулу соо кыз менен баш кошууга акысы жок деп эсептейт.

– *Келечекте уулум үйлөнүшү керек. Ошону ойлоп ой түбүнө жетпейм. Бирөөнүн таза кызын балама алып бергенге акым жок. Бирок мен жана балам ушул ооруну башыбыздан өткөрүп атабыз.*

Кыргызстанда 2006–2007-жылдардан тарта жаңы төрөлгөн балдардан да ВИЧ илдети каттала баштаган. Ага удаа ондогон наристелерге эмдөө учурунда ВИЧ илдети жуктурулганы аныкталган. Илдетке кабылган балдар азыр 12–13 жашка чыгышты.

Адистер 14 жаштан тарта ал балдардын сексуалдык сезимдери ойгоно баштарын белгилешет. ВИЧ илдеттүү балдар менен иштеген «Крик журавля» уюмунун өкүлү Мукадас Хакимованын айтымында, ал балдарды келечекке даярдоочу адистер жетишсиз.

– ВИЧ илдеттүү балдарды төрт-бештен кылып топтоп, «силер окшошсуңар, бул да сен сыяктуу, сенин досторуң ушулар» деп алардын ким экенин өздөрүнө айтыш керек. Азыркы тапта алар өздөрүнүн ВИЧ илдеттүү экенин билишпейт. Аны угузуу алдында балдарды психологиялык жактан даярдаш керек. Бизде азыр алар менен эч ким иштебейт, иштеген бейөкмөт уюмдарды кыскартып салышкан. Биз гана калдык. Бирок бир эле чакан уюм ВИЧке кабылган жүздөгөн балдар менен иштеп үлгүрө албайт да.

Азыр алдыда ВИЧке кабылган балдарга дартын угузуу, ошону менен бирге ооруну башкаларга жуктурбоо жоопкерчилигин түшүндүрүү жана аларды үй-бүлө курууга үйрөтүү милдеттери турат. Адистер бул милдеттерди түшүнүп жатышканын айтышууда.

Оштогу СПИД борборунун жетекчиси Элмира Нарматованын айтымында, ушул максатта ВИЧ илдеттүү балдарды келечекке даярдоочу борбор ачылган.

– Учурда биз оорулуу балдардын ата-энелерине балдарынын дартын түшүндүрүү жолдорун үйрөтүп атабыз. Бирок балдар ал кабарды кандай кабыл алышарын билбейбиз. ВИЧ экенин укkан балдар жанын кыйганга барабы, агрессия пайда болобу – муну алдын ала айтуу кыйын. Ошентсе да СПИД борборунда ВИЧ илдеттүү балдардын борборун ачтык жана анда балдардын өзү сыяктуулар менен таанышуу шарттарын түзүп жатабыз. Андан сырткары алар менен туура иштешүү үчүн психолог адистерди ишке тартканбыз.

Казакстандын Чимкент облусунда жана Украинада да ВИЧ илдеттүү балдар борборлору ачылган. Ал борборлордо айыккыс илдетке кабылган балдарды келечектеги коркунучтар менен күрөшүүгө даярдашат. Анда негизинен психологдор иштешет. Учурда Кыргызстанда ВИЧ илдетине кабылган жарандардын саны 6 миңге жеткен.

(Булак: https://www.azattyk.org/a/kyrgyzstan_osh_aids_children/27083702.html)

«АК-КАРАСЫ» АРАЛАШКАН ПАРЛАМЕНТ...



30-октябрь, 2015-жыл.

Жогорку Кеңештин жаңы курамы ишин баштай элек жатып ар кандай сындарга кабылууда. 6-чакырылышка өңчөй капчыктуулар, артында кыңыр иши барлар көп келгенин эл өкүлдөрү өздөрү айтып чыкты.

6-чакырылыштын сакалдуу депутаты КСДП фракциясынан 64 жаштагы Анвар Артыков болсо, эң жашы «Ата Мекенден» 27 жаштагы Айсулуу Мамашева. Эл өкүлдөрүнүн орточо курагы – 46 жаш. 120 депутаттын 23ү гана аял. Мыйзам боюнча партиялык тизмеде ар бир үчүнчүсү аял болушу керек деп жазылган. Бирок мандат бөлүштүрүүдө аялдардын көбү парламент сыртында калды. БШК мүчөсү Жеңиш Акматов партиялык тизмедеги 15 пайыздык жаштардын жана улуттук азчылыктардын квотасы шайлоонун эртеси эле суу кечпей каларын айтууда.

– Квота маселеси талапкерлер тизмесинде шайлоого чейин гана катуу каралат. Ал эми шайлоодон кийин маанисин жоготот. Мандаттан баш тарткандар ким экенине карабай тизмеден чыгарабыз. Негизи тизмеде

ар бир үчүнчү киши аял болушу керек. Бирок шайлоодон кийин улам бири чыгып отуруп ал эреже сакталбайт.

5-чакырылыштын депутаттарынын 31и парламентке кайрадан келди. Алардын арасында Өмүрбек Текебаев сыяктуу 6-ирет мандат алгандар да бар.

Эл өкүлдөрүнүн 52си мыйзам жазып көргөн эмес...

Ошол эле учурда 52си мурда-кийин мыйзам жазып көрбөгөндөр. Өлкөнүн эмгек сиңирген юристи Мукар Чолпонбаевдин баамында алардын көбү жеке ишкерлик менен шугулданган капчыктуулар. Парламенттин негизги функцияларынын бири мыйзам чыгаруу экенин баса белгилеген Чолпонбаев акчанын күчүнө салып мандат алгандар мыйзам жазып жарытпайт деген ойдо.

– *Булардын колунан Кыргызстандын жалпы кызыкчылыгын коргогон мыйзамдар чыкпайт. Анткени көбү ишкерлер, бизнестери өлкө сыртында. Эгер алар чындап эл үчүн кызмат кылам десе ишканаларды бул жакта ачып, ишкерлерди коргогон мыйзамдарды жазмак. Өз өлкөсүнөн жашырынып сыртта ишкерлик кылгандардан эмнени күтөбүз?*

Бул чакырылыш эскилерине караганда журналисттердин, жаштардын көп келиши менен айырмаланып жаткандай. Маселен, Жанар Акаев, Лунара Мамытова сыяктуу жаштардын тери кургай элек журналист экени жалпыга маалым.

«70% депутаттын куйругунда калбыр бар»

Саясатка аралашууну кабарчылыктан баштаган КСДП фракциясынан депутат Жылдыз Мусабекова жаңы шайланган эл өкүлдөрүнүн кеминде 70 пайызы артында кыңыр иши бар деп эсептейт. Ал эски журналист катары «балык депутаттардан» айырмаланып демократия жана сөз эркиндигин жайылтууга салым кошом деп ишендирүүдө.

– *Шайланган депутаттардын 70 пайызы куйругунда калбыры барлар. Мен таза иштеген адам катары эл-*

дин таламын талашам. Демократияны жактап, акты ак, караны кара деп айтууга милдеттүүмүн деп эсептейм. Эми калганын убакыт көрсөтөт. Болбосо ашып кетсе 15–20 эле депутат иштейт. Калгандары ооз ачпай жүрүп беш жыл өтөт.

Жаңы шайланган депутаттардын арасында кримдүйнө менен коюн-колтук алышкандары да аз эмес. ИИМ шайлоо алдында талапкерлердин 234үү мурда-кийин кылмыш иштерине аралашканын шардана кылган. Мандат алгандардын ичинде Игорь Чудинов, Иса Өмүркулов, Исхак Пирматов сыяктуу убагында ар кандай коррупциялык кылмыштарга айыпталгандар да бар.

Ошол эле учурда кримдүйнө менен болгон байланышы үчүн милициянын «кара тизмесине» илингендери да жок эмес. Маселен, Бакыт Жетигенов, Улан Чолпонбаев, Азис Турсунбаев, Алтынбек Сулайманов ж.б. депутаттардын «каралар» менен колтукташ экени эл ичинде айтылып келет.

Укук коргоочу Төлөйкан Исмаилова 6-чакырылышка акчанын күчү менен криминалдар да көп келгенин белгилейт.

– *Олигархтар тизмедеги аялдарды, башка улуттарды кетирип парламентке өздөрү келишти. Бул саясий коррупция. Акчанын күчү менен байлар же криминалдар толуп алды. Партия деген мындай болбошу керек эле.*

Деген менен айрым байкоочулар жаңы Жогорку Кеңеште мамлекеттик кызматтарда көп жыл иштегендер да бар экенин белгилешет. Алардын пикиринде мурдагы баш прокурор, министрлердин депутаттык мандат алышы парламент ишине чоң өбөлгө.

4-октябрда өткөн шайлоодо КСДП партиясы – 38, «Республика – Ата Журт» – 28, «Кыргызстан» – 18, «Өнүгүү-Прогресс» – 13, «Бир бол» – 12 жана «Ата Мекен» партиясы – 11 мандат алган.

(Булак: https://www.azattyk.org/a/kyrgyzstan_bishkek_parlament/27335943.html)

ЫҢКЫЛАПТАРДЫ КӨРКӨМ ДҮЙНӨ ТААНЫЙ ЭЛЕК



2010-жылы 7-апрелде курман болгондордун аянттагы эстелиги.

6-апрель, 2017-жыл.

Эгемен Кыргызстанда болуп өткөн ыңкылаптар көркөм чыгармаларда ордун таба элек. Ага жараша коомчулукта көлөмдүү жана салмактуу чыгармалар жаралбай жатканы сындалып келет. Маданият өкүлдөрү саясий окуялар мезгил сыноосунан өтмөйүнчө адабият менен искусствodo жетиштүү чагылдырылбай калышы мыйзамченемдүү көрүнүш экенин айтышат.

Жазуучу, журналист Айдарбек Сармамбетовдун 7-апрель тууралуу жазган «Кара жекшемби» аттуу аңгемеси бир нече тилге которулган. Автор бул чыгарманы кантип жазып калганы тууралуу мындайча кеп салды:

– *Аңгемени окугандар анын репортаж жанрында жазылганын айтып жатышат. Чынында эле ошондой. Анткени ошол окуяларды мен өз көзүм менен көрүп, аралашып жүрдүм эле. Бул чыгармада кандай окуялар*

болуп өткөнүн кошумча-алымчасы жок жазгам. Андагы каарманым Бишкек шаарынын Төкөлдөшүндө жашаган жөнөкөй кыргыз баласы. Окуя ошол каарманыбыздын тегерегинде өнүгөт.

Сармамбетов эми бул аңгеменин негизинде 7-апрель окуясы тууралуу көлөмдүү чыгарма жаратууну да ойлоп жүргөнүн кошумчалады. Жазуучунун айтымында, өлкөдө болуп жаткан саясий окуялар акыркы жылдары поэзия менен публицистикада гана кеңири чагылдырылып келет.

2002-жылдагы Аксы окуясы тууралуу «Аксыдагы атуу же Боспиектеги каран түн» пьесасын сахнага алып чыккан драматург Жаныш Кулмамбетов андан бери саясий темаларга кайрыла элек. Адис учурда башка драматургдар ага батынбай жатканын кеп кылды:

– *Менимче, 7-апрелге карата театрларда атайын коюлган оюн жок. Бирок аянтта 7-апрелге карата атайын театралдашкан оюнду даярдап жатышат. Түздөн-түз 7-апрелди чагылдырган спектаклдер театрда коюла элек.*

Кулмамбетовдун айтымында, кайсы бир саясий маселеге байланыштуу чыгарма жаратуу ар бир эле автордун колуна келе бербейт. Аны ар тараптуу изилдеп чыгуу, сюжеттеги окуяларды кайсы бир идеяга байлап берүү жазуучулар үчүн көп түйшүктү жана жоопкерчиликти талап кылат:

– *Биринчиден, башында ар бир саясий окуя тууралуу коомдо ар түрдүү пикирлер өкүм сүрөт эмеспи. Мисалы, азыр 7-апрель тууралуу бир тараптуу пикир жок да. Андыктан авторлор үчүн көркөм чындыкты табуу кыйын сезилип жатса керек.*

Адабиятчы Курманбек Абакировдун пикиринде, акыркы жылдардагы саясий окуялар тууралуу көрүнүктүү чыгармалар жаралбай жатканы мыйзамченемдүү көрүнүш. Ага бир топ убакыт керек:

– Мисалы, азыр кыргыз адабиятында СССР тарыхындагы кайра куруу, плюрализм, эгемендик жылдардын башталышы тууралуу деле көркөм чыгармалар жарала элек. Байкасаңыз, акын-жазуучулар илгерки эле эски темаларды иштеп келатат. Үркүн темасына байланыштуу чыгармалар, СССР тарыхындагы жамаатташуу учуру сыяктуу чоң-чоң окуялар деле адабияттан кийин орун алган.

Адис тарыхый окуялар кеминде жыйырма жылдай коомчулуктун элегинен өтүп, өз баасын алгандан кийин гана көркөм чыгармага айланган мисалдар көп деди.

«Тунгуч» жаштар театры 2014-жылы Апрель баатырларына арнап «Биригели» деп аталган спектаклди сахналаштырган.

Өлкөдө эки ирет болуп өткөн ыңкылап көркөм-сүрөт өнөрүндө да сейрек чагылдырылган тема. Буга чейин сүрөтчү Асан Турсункулов Аксы жана Апрель окуяларына арналган 97 эмгектен турган «Өлбөс баатырлар» көргөзмөсүн өткөргөн.

(Булак: https://www.azattyk.org/a/kyrgyzstan_policy_events_culture/28414319.html?fbclid=IwAR0XeMvRkHntJiVu_1btzA3Gu_EsraUN8rEPG2l7qPYcvDmcSq17j6o5Hxw)

САБАЛГАНДАРДЫН САЛАМАТТЫГЫ КАНДАЙ?



27-март, 2017-жыл.

Садыр Жапаровду колдоо митинги учурунда анын тарапташтары да, тартип сакчылары да жабыркаган.

25-мартта УКМК алдындагы митингден кийин интернетке тараган видеотасмадан бети-башы көгала төрт жигит ичтерин басып, онтоп жатканын көрүүгө болот. Тасмада Садыр Жапаровдун бошотулушун талап кылгандар милиция тарабынан аёосуз ур-тепкиге алынып сабалганы, арасында Жапаровдун баласы да бар экени айтылат.

Асанбаева: балам катуу сабалды

Мына ушул тасмадан кийин кармалгандардын саламаттыгы боюнча ар кандай маалыматтар тарап кеткен. Айрымдар Садыр Жапаровдун уулунун бооруна операция жасалганын да айтышкан. Бирок кыйноолорду алдын алуу боюнча улуттук борбордун директору Нурдин Сулайманов интернетке тараган маалыматтар апыр-

тылып чыкканын белгилеп, өзү көргөн абалды мындайча сүрөттөдү.

– Рустам Жапаров менен сүйлөштүм. Сол жаагы бир аз шишип калыптыр. Митинг учурунда шишиди деп айтты. Балким, милициянын көзүнчө менден жашырып койгон чыгар. Бирок мага ошентип айтты. Анан бутка тепкен окшойт. Жалпысынан 12 киши менен көрүштүм. Ону милицияга эч кандай доосу жок экенин айтышты. Экөө болсо милиция митинг учурунда катаал күч колдонууга негиз бар беле деп арыз жазды.

Жапаровду жактаган митингди чуу коштоду

25-мартта Бишкекте Садыр Жапаровду коргоо митинги өттү. УКМК алдында топтолгон Жапаровдун тарапташтары милиция менен тирешип, бир нечеси камалды.

Садыр Жапаровдун 20 жаштагы уулу Рустам учурда шаардык милицияда камакта. Анткен менен апасы милициянын маалыматына ишенбейт. Айгүл Асанбаева баласы милиция тарабынан катуу сабалганын айтып, дарылатпастан кайрадан камакка алган тартип сакчыларына капа.

– Балам менин жанымда эле турган, кандайча кармап кеткенин байкабай да калдым. Соккулап, тепкилешиптир. Табарсыкка тебишкен окшойт. «Тез жардам» чакырып, 4-ооруканага алып барышыптыр. Бирок денеси сыйрылган, эч нерсе болбойт деп кайра камашыптыр. Табарсыгы эмне болгону белгисиз. Балам жакшымын деп койду. Бирок текшертиш керек болчу. УЗИ болбогондон кийин айтыш кыйын да.

Асанбаева Садыр Жапаровдун бөйрөгү алмашылган бир тууганы Дөөлөт да камалып, абалы оорлоп ооруканага жаткырылганын кошумчалады.

Акун милициянын аракетине нааразы

Ишембиде Жапаровдун жүздөн ашык тарапташы менен кошо мурдагы акыйкатчы Турсунбек Акун да камалган. Ал беш бала катуу сабалганын өз көзү менен көргөнүн ырастоодо. Мурдагы президенттер Аскар Акаевдин, Курманбек Бакиевдин убагында да далай жолу камалган Акун милициянын соңку аракети бир дагы мыйзамга туура келбейт деп, аларга буйрук берген бийликти айыптоодо.

– *Беш бала токмок жеди. Камаса камасын, бирок эмнеге сабашат? Таяк менен, кол менен чабышкан. Бирөөнү көзгө тебишиптир. Бул деген кыйноо. Кыргызстан адам укугун урматтоо боюнча бардык эл аралык нормаларга кол койгон. Ошолордун баарын бузду. Милициянын аракети бир да мыйзамга жатпайт.*

Ошол эле учурда шаардык милиция бул дооматтарды четке кагып, коомдук коопсуздукту сактоо үчүн мыйзамда каралган гана чаралар көрүлгөнүн айтат.

Шаардык милициянын өкүлү Улан Жукенов митингде кармалгандардын саламаттыгы жакшы экенин айтууда. Анын маалыматына ылайык, акция учурунда беш тартип сакчы митингчилердин ташынан жабыркаган.

– *Соттук-медициналык экспертиза өттү. Камалган 12 жарандын ден соолугу жакшы. Эгер ооруп жаткан болсо врачтар деле коё бермек эмес. Денелеринде жаракаттар болсо врачтар ооруканага жаткырмак да.*


25-мартта мурдагы парламент депутаты Садыр Жапаров өлкөгө кирип келатканда атайын кызмат Кумтөр чуусу боюнча аны дароо камакка алган. Аны тоскону барган тарапташтары УКМК алдында митинг уюштурушкан.

Милиция митингден 105 адамды кармап, «бейбаштык», «милиция кызматкерлерине кол көтөрүү» жана «мүлккө чыгым келтирүү» беренелери боюнча айып таккан.

Биринчи май райондук соту чогулган материалдардын негизинде алардын ишин карап, 64 кишини эки суткадан беш суткага чейин камакка алган. Эки митингчиге эскертүү берилип, калгандары сүйлөшүүлөрдөн кийин коё берилген. 12 адамга кылмыш иши козголуп, шаардык милициянын убактылуу кармоочу жайына камалууда.

(Булак:https://www.azattyk.org/a/kyrgyzstan_bishkek_meeting/28393685.html)

АЛИШЕР САИПОВДУН СЫРЫ АЧЫЛБАГАН ӨЛҮМҮ



24-октябрь, 2017-жыл.

2007-жылдын 24-октябрында журналист Алишер Саиповду Ош шаарында белгисиз кишилер атып кеткенине 10 жыл толду. Бул үрөй учурган кылмышты ким жасаганы ушул күнгө чейин белгисиз. Фергана өрөөнүндөгү көйгөйлөрдү көтөргөн Алишер ал кезде 26 жашта эле.

Алишердин апасы Зайнабхан Саипова баласын эскерди:

– Чындыкты жазып жүргөн баламды өлтүрүүгө буйрук бергендерди адам деп санабайм. Күнүгө эстейм. Дайыма мени коштоп жүргөндөй. Арадан он жыл өтсө да ошол окуя кечээ эле болгондой. Чындык жок экен. Кылмышты ким жасаганы он жыл бою ачыкка чыкпады. Мамлекет да таап бербеди. Ишенич да калбады...

Үйүбүздүн ушул бөлмөсүн Алишердин үй музейине айландырдык. Ал колдонгон буюмдарды койдук. Бир да

буюмун жогото элекмин. Бул жерде бала кезинен тарта өмүрүнүн аягына чейин окуган китептери турат.

Бул сүрөткө өлүмүнөн бир күн мурда түшкөн эле. Ал күнү ушул кийимчен болгон. Бул сүрөттө эки айлык кызын көтөрүп түшкөн. Мында мектепте окуган кездеги буюмдары да бар. Бул сүрөт анын 4-класстагы кези.

Бул бетаарчылар аны атып кетишкен күнү костюму менен шымынын чөнтөгүндө болгон. Жыты келер бекен деп жоготпой сактап жүрөм. 1-класста жазган дептерлерин да сактап койгонмун. Эстелик болуп турат. Колдонгон телефондору, жумуш куралдары, фотоаппараты, күбөлүктөрү... Бул анын сумкасы. Желкесине асынып кетер эле. Компьютерин салып жүргөн сумкасы болчу. Бул анын компьютери. «Апа, менин байлыгым ушул», – дейт эле. Байлыкка такыр кызыккан эмес. Жаңы кийим-кечеге да кызыкчу эмес. Акча топтобойт эле. Балам кармаган ар бир буюм мага ыйык. Бир жолу сапардан кайтып келатып ушул гүлдүн сүрөтүн тартып алып келген.

Булар – ал чыгарган гезиттер. Кээде барактап окуп турам. Demos times деген гезитинин кеңсеси каерде жайгашканын билер элем.

Аны атып кетишкен жерден электр мамысынын алдын карап өтөм. Кичүү уулум машинени ошол жерден тез айдап өтүп кеткенге аракет кылат. Апам «эзилбесин» дейт.

Атып кетишкен күнү бутунда ушул туфли болгон. Ичинде бир байпагы да калган. Бир байпагы ошол жакта түшүп калган экен. Дагы эле сактайм. Уулум көз жумгандан кийин анын балалыгын, окуучулук күндөрүн, мүнөзүн эскерип ушул күндөлүк дептерди жаздым.

Ал менин туңгуч перзентим эле. Артында кызы Зулайхо калды. Бул дептерди окуганда «менин атам ушундай жакшы адам болгон экен» деп жүрсүн. Ал кезде кызы жаш болчу, эч нерсени билген эмес.

Ошол күнү үстүндө ушул кийимдер болгон. Бир жыл мурун үйлөнгөн эле. Кийимдери жаңы болчу. Жакшынакай кийинип чыгып кеткен. Бардык жерине кан чачыраптыр. Экспертизага кийимдеринен кесип кетишкен.

Аны атып кетишкенде баарыбыз үйдө элек. Билген эмеспиз. Телевизордо көрсөтүптүр. Уккандар телефон чалышты. «Алло» – деп жооп берсем, «Алишерге эмне болду?» – деп сурашат. «Алишерге эмне болуптур?» – дейм. Алар унчукпай телефонду коюп коюшат. Америкадан, Бишкектен жана башка жерлерден чалышат. Биз билген эмес элек. Андан кийин бизге кабарлашты. Жетип барсак, балам үзүлүп кеткен экен.

Бир күндө беш маал намаз окуп, балама атап беш маал куран түшүрөм. Аллах шейит кылган болсун. Түшүмө киргенде жакындан көрөм, дайыма жаңы кийимчен, кубанып жүргөн болот. Эч капа болуп жүргөнүн көрбөдүм. Өзү да ак жүздүү бала эле. Акырети абат болсун. Балам менен сыймыктанамын.

Алишер Саипов Voice of America, Ozodlik, BBC, Mashhad радиолору, «Фергана» агенттиги менен кызматташкан. Фергана өрөөнүндөгү диний, коопсуздук, адам укуктары багытындагы окуяларды чагылдырган. 25 жашында өзбек тилинде «Сиёсат» (Саясат) гезитин негиздеп, апта сайын чыгарып турган. Гезит Кыргызстанга жана Өзбекстанга тараган.

Алишердин иниси Шохрух Саипов бизге агасын атып кетишкен жерди көрсөтүп, окуяларды эскерди:

– Алишер акемди, журналист Алишер Саиповду 2007-жылдын 24-октябрында ушул жерде (Масалиев көчөсү) атып кетишкен. Кылмыш кечки саат 19:00 – 19:30дар чамасында болгон. Ошол кезде көчө Кыргызстан деп аталчу. Бул жер шаардагы адамдар эң көп чогулган жайлардын бири. Бирок кылмыш жасалган учурда эч ким болгон эмес.

Акем досу Икбол Мирсаидов экөө жолду карап турушкан. Акемди аткан адам тергөөнүн божомолу-

на ылайык арттан келген. Алгач акемдин оң бутуна атканда жерге жыгылган. Кийин башына эки жолу атышкан. Артынан тийген ок кашынын үстүнөн, чокусунан атылган ок жаагын тешип чыгып кеткен. Акем ошол жерде жан берген. Жанындагы Икбол Мирсаидов ок аткан адамдын колун кайрып, өзү качып кеткенин тергөөдө жана сотто айткан.

Акемдин кеңсеси кылмыш жасалган жерден 200 метр алыста жайгашкан. Арадан 10 жыл өттү. Окуяга күбө жалгыз адам Икбол Мирсаидов биздин алдыбызга келген жок. Ата-энем азыркыга чейин күтөт. Баламдын акыркы көз ирмемдерин көргөн, ошону айтып берсе экен деп үмүт кылышат.

Кылмышка шектелип 2009-жылы Баткендин Лейлек районунда жашаган Абдуфарит Расулов аттуу адам кармалган. Бир жылдан кийин ал 20 жылга кесилген. Бирок эки жыл өткөндөн кийин анын тууганлары бизге видеокассета беришкен. Акемди атып кетишкен күнү, 2007-жылдын 24-октябрында Абдуфарит Расулов тууганларынын тоюнда жүргөнүн ошол кассетадагы видеодон көрүүгө болот. Тасма далил катары көрсөтүлүп, 2012-жылдын апрелинде Жогорку соттун чечими менен кылмыш кайра тергөөгө жөнөтүлүп, Абдуфарит Расуловдун күнөөсү жок экени далилденген. Бирок андан бери акемдин иши боюнча бизге да, Кыргызстандагы маалымат каражаттарына да, эл аралык уюмдарга да эч кандай маалымат берилбей келет. Тергөө жүрүп жатабы же жокпу, билбейбиз. Акемди ким атканы маанилүү эмес, ага буюртма бергендер табылып калар деп үмүт кылабыз.

Акемдин кеңсеси, тагыраак айтканда, «Сиёсат» гезитинин редакциясы ушул жерде (Масалиев көчөсүндөгү көп кабаттуу №60 үйдүн биринчи кабатындагы батири) жайгашкан эле. Акем ушул жерде отуруп иштегени сырттан көрүнүп турчу.

Расмий маалыматка ылайык, учурда Алишер Саиповдун ишин Ички иштер министрлигинин Уюшкан кылмыштуулукка каршы башкы башкармалыгынын Аймактар аралык башкармалыгы иликтеп жатат.

Саипов өлтүрүлгөндө анын жанында болгон Икбол Мирсаидов окуя тууралуу интервью берүүнү каалаган жок.

Шохрух Саипов Алишер иштеген кеңсе тууралуу сөзүн улантты:

– Бул жердеги көп кабаттуу үйдүн биринчи кабатындагы батирин акем ижарага алган. Ушул үйдө «Сиёсат» гезитин чыгарып, редакторлук кылган. Өмүрүнүн акыркы ирмемдери ушул батирде өткөн. Тилекке каршы, үйгө кире албайбыз. Башка адамдар ижарага алып жашап жатышат.

Эксперттер Саиповдун өлүмүнүн себебин кесиптик ишмердигине байланыштырышат. Кылмыштын изи коңшу Өзбекстанга такаларын кыргыз укук коргоо органдары четке каккан эмес.

Алишер Саиповдун ысымы Вашингтондогу Newseum маалымат музейине жазылган.

Айгүл Батырова, Алишер Саиповдун досу:

– 2008-жылы биз «Ийгиликке жол» теледолбоорун баштадык. Вашингтондогу белгилүү Newseum музейине бардык. Бул үчүн бизде маанилүү себеп бар болчу. Адашпасам, 2005-жылдан кийин ал музейде дүйнө жүзүндө ишмердигине байланыштуу каза тапкан журналисттерге арналган мемориал ачылган. Ал кезде эки миңдей адамдын аты-жөнү жазылган эле. Арасында биздин досубуз, мекендешибиз, кесиптешибиз Алишер Саиповдун да ысымы бар.

Бир тараптан, кесиптешим жана бир шаарда өскөн адам, досум катары аны ошол жерде эскерүү мен үчүн маанилүү болчу. Экинчиден, ошол жерде тартылган ар бир кадр, ар бир көз ирмем анын ата-энеси, тууганда-

ры, достору, жакындары үчүн маанилүү. Ошондуктан, келерибиз менен иниси Шохрухка байланышып, видеону бердик. Аз болсо да алардын кайгысын жеңилдеткенге салым коштук деп ойлойм.

Алишер Саипов Ош шаарындагы Калинин атындагы мектепте окуган. Мугалими Муясархон Фозилова анын балалыгын эскерди:

– Алишер мектепке алты жашында келген. Ал кезде алты жаштагы балдар үчүн тайпа ачылган эле. Активдүү окуучу болгон. Сабакка жакшы катышар эле. Тил-адабиятка, кыргыз тили сабагына жана журналистикага кызыкчу. Экинчи партада отурчу. Оор басырыктуу, ичиндеги сырды башкалар билчү эмес. 2010-жылдын кийин мектепте Алишерди эскерген дубал-гезиттер чыгарылган. Кийинчерээк мектеп орусташып, өзбекче материалдар алынып салынган. Өзү жашаган көчөгө атын берсе, же мектепке ыйгарса жакшы болор эле».

Даврон Насибханов, журналист, Алишер Саиповдун досу:

– 2000-жылы Demos Times деген жергиликтүү гезит ачылды. Биз Алишер экөөбүз студент кезден ошол гезитте устаттар менен эмгектендик. Алишер жаңы нерсени тез өздөштүрүп алчу. Ошол кезде заманбап жаңы компьютерлер келген. Бир жумада аны үйрөнүп алган. Макала жазып, гезитти жасалгалаган дизайнер болуп да иштей баштады. Кийинчерээк Алишер «Саясат» деген гезит чыгарды. Мен университетте окутуучу элем. Жумушка чакырды. Мени чыгармачыл редактор кызматына алды. Талапты катуу койчу. Дос болсок да жумуш учурунда жетекчи, лидер эле. Акыркы кездери кандайдыр маселелер жаралды. Бирөөлөр аны аңдып жүргөнүн айтты. Ошол маалда мага: «Балким, мен сыртка чыгып кетермин, бирок гезитти сизге калтырамын, гезит чыгышы керек. Мен басылмага ээлик кылбашым мүмкүн, бирок гезит чыгышы керек», – деди.

Ал «Фергана.ру», «Америка добушу» менен кызматташса да, гезиттин ишин аларга аралаштырган эмес.

Алишер Саиповдун жубайы коомчулукка ачык чыгууну каалабайт. Төркүнүнө кеткен жок. Алишердин жакындары менен күн кечирүүдө.

Шохрух Саипов, Алишер Саиповдун иниси:

– Алишер акемди атып кетишкенден кийин атам адилеттик издеп бир канча мекемелерге барды. Кылмыш иши боюнча күбөлөр менен жолукканга аракет кылды. Тилекке каршы, натыйжа болбоду. Адвокат жалдабай, өзү жактоочу болду. Кыргызстан менен Өзбекстандын ошол кездеги президенттери Курманбек Бакиев менен Ислам Каримовго кат жолдоп, чындык издеди. Адилет тергөө өткөрүп, күнөөлүүлөрдү таап, жазалоону сураны. Бирок эч кандай жооп болбоду. Арадан он жыл өттү. Атам кайгыга алдырды, саламаттыгы начарлап, дартка чалдыгып жатып калды. Тилекке каршы, атам азыр акем тууралуу сүйлөп бере албайт. Алишер акемди атып кетишкенде кызы эки айлык эле. 2006-жылы үйлөнүп, 2007-жылдын августунда кыздуу болгон.

24-октябрда акемди атып кетишкенде биз уга элек кезде үйдө кечки тамак учурунда кызы аябай ыйлаган. Сооротконго аракет кылганбыз, бирок тынбай ыйлаган. Балким, бул бизге берилген белги болгон чыгар. Эки сааттан кийин акебизди атып кетишкени тууралуу кабар уктук. Ошол кезде эки айлык калган кыз азыр 10 жашка толду».

Зулайхо, Алишер Саиповдун кызы:

– Атам журналист болгонун, аны жаман адамдар атып кетишкенин апам, чоң энем айтып беришкен. Телевизорго чыкканын, макала жазганын сүйлөп беришкен. Атам эр жүрөк, жакшы инсан болгон деп элестетемин. Мен да журналист болууну каалагам. Бирок апам менен чоң энем «журналист болбо» деп айтышкан. Андан кийин мен хирург болууну чечтим. Башка шаарларга

барып бейтаптарга операция жасайм. Макала жазып, телевизорго чыккым келер эле. Гезит чыгарууну каалайт элем. Журналист коркпошу керек. Гезиттерге чындыкты жазып, айтып бериши керек.

Кичинекей кезимде мен атамды көргүм келер эле. Апам, чоң энем аны көрүүгө мүмкүн эместигин айтышар эле. Мен атам менен бейшиште жолугушууну каалайм.

Алишер кай бир күчтөрдүн көзөмөлүндө экенин жашырган эмес. Болгону 26 жыл өмүр сүрүп, кыска жашоосунда калыстыкты, чындыкты жана айкындыкты үйрөтүп кетти.

(Булак: https://www.azattyk.org/a/kyrgyzstan_saipov_crime/28812713.html)

КЫРГЫЗ ПРЕЗИДЕНТТЕРИНИН КАЙЧЫЛАШ ТАГДЫРЫ



7-апрель, 2020-жыл.

Ыңкылап сабактары, кандай каталар кечирилбейт?

Эки ыңкылапты башынан кечирген эгемен Кыргызстанды жалпысынан буга чейин төрт президент башкарды. Азыр бешинчиси бийликте. Булардын каталары сабак боло алабы? Келечекте Кыргызстандын президенти кандай каталарды кетирбеши керек?

Беш президенттин арасынан өткөөл президент гана мыйзамдык жазалардан оолак турат. Акыркы президент оор кылмыштарга шек саналып Кыргызстандын өзүндө камакта отурса, оор кылмыштарга айыпталган алгачкы жана экинчи президент чет өлкөлөрдө жашырынып жашоого аргасыз. Мындай акыбал үчүн мурдагы президенттердин ар бири өздөрү бийликке отургузган кийинкилерине күнөөнү оодарып келет.

Айрым талдоочулар кыргыз президенттеринин мындай акыбалда калышына алардын лидердик сапатынын жоктугу же аздыгы эле эмес, коомдук өнүгүүдөгү, элдин аң-сезиминдеги жана мыйзамдагы өксүктөр да себепкер деп эсептешет.

Аскар Акаев. Туңгуч президент

Аскар Акаев бийликтин бийик сересине СССР урап, доор алмашып жаткан кезде чыгып, 2005-жылдын 24-мартында «Жоогазын ыңкылабында» кулады.

Физик-окумуштуу Аскар Акаев президенттик бийликке Михаил Горбачев башында турган расмий Москванын жана Чыңгыз Айтматовдун колдоосу менен күтүүсүздөн келгени айтылып да, жазылып да келет. Буга биринчи баскычта президенттикке талапкерлер Абсамат Масалиевдин, Апас Жумагуловдун, Жумгалбек Аманбаевдин жетиштүү добуш албай калышы, Чыңгыз Айтматовдун сунуштан баш тартышы себеп болгон.

Кезинде жаш окумуштуу, демократ атыккан туңгуч президент Кыргызстанды 14 жыл башкарды. Башкаруу саясатынын алгачкы жылдары мамлекет үчүн пайдалуу болду. Адатта сөз эркиндигин калыптоо, билимге умтулуу, жарандык коомдун активдешүүсү, кыргыздын улуттук валютасы – сомду киргизүү, дүйнөлүк соода уюмуна кирүү, көп партиялуулук саясаты, «Кыргызстанды демократиялык аралчага», «Экинчи Швейцарияга» айландыруу аракеттери жемиштүү башкаруунун жыйынтыгы катары бааланып жүрөт.

Маселен, саясатчы Темир Сариев: «Акаев эгемен мамлекеттин түптөлүшүнө, тиешелүү мамлекеттик атрибуттардын кабыл алынышына, экономиканын рынок шартына салынышына эбегейсиз салым кошту» – деп эсептейт.

Акаев СССР кулагандан кийин арабөк калган Кыргызстанды жаркын келечекке багыттай алдым деп

ишенерин маал-маалы менен берген интервьюларынан байкоого болот.

Анткен менен Аскар Акаевге бийликтин берилиши – эгемен Кыргызстандын келечегине балта чапкан чоң жаңылыштык деп эсептегендер басымдуу экендигин 2005-жылдын 24-мартындагы «Жоогазын ыңкылабы» көрсөттү. Албетте, Акаевдин кулашына кыргыз оппозициясы менен тил табыша албагандыгы, бийликке тажрыйбасы жок келгендиги, жумшактыгы, идеалисттик көз карашы себеп болду деген да пикирлер бар.

Орусиялык журналист Игорь Ротарь Кулаган империянын согуштары: Путинден Горбачевго чейин (Войны распавшейся империи: от Путина к Горбачеву) деген китебинде: «Кыргыз президенти элин дароо өзгөртө алган эмес: республикада кландык бөлүнүүчүлүк менен коррупция гүлдөп кеткен. Реалдуулукка туруштук бере албаган мурдагы окумуштуу бөтөлкөдөн арга издеген» – деп жазган.

Бирок кыргыз оппозициясы жана анын артында турган масса Акаевге бийликти менчиктеп, үй-бүлөлүк башкарууну орнотуп, мамлекетке кыянатчылык кылды деп күнөөлөгөн. Тынымсыз Конституциялык реформалар (беш жолку), референдумдар (эки жолку) жана алар аркылуу бийлигинин бекемделип жүрүп отурушу буга негиз болуп берди. Жубайы Майрам Акаеванын мамлекеттик ишмерлер арасында көмүскө таасиринин күчөшү, кызы Бермет, уулу Айдар баштаган жакын тууганда-ры менен санаалаштарынын саясатка батыл аралаша башташы элде каршылык маанайды күчөттү.

Массанын көчөгө чыгышына Акаевдин чет өлкөлүк ишенимдүү кеңешчилеринин бири Бирштейн менен алтынга байланыштуу түзүлгөн шектүү келишими, Кумтөр, Үзөңгү-Кууш келишимдерине байланышкан чечимдери, ага каршы чыккан депутат Азимбек Бекназаровдун камалышы, кандуу Аксы окуясы, бийликтин басма сөз каражаттарына жапырт басымдары олуттуу себеп болду.

2005-жылдагы парламенттик шайлоодо Бермет Акаева жетектеген «Алга, Кыргызстан» партиясынын көпчүлүк мандатка ээ болушу, Курманбек Бакиев баштаган Бириккен элдик кыймылындагы, Роза Отунбаева баштаган «Ата Журт» блогундагы таасирдүү оппозициялык саясатчылардын мандаттан куру жалак калышы элдик толкундоолорду күчөтүп, ал 24-мартта тунгуч президентти бийликтен кулатууга чейин жетти.

Аскар Акаев элди кууп, таркатканга аракет кылды, бирок ок аткан жок. Кийинчерээк үй-бүлөсү менен Орусияга баш калкалап кеткенин дагы дал ушул элди кагылыштардан сактап калуу максаты менен байланыштырды.

Москвага качып кеткени менен жалгыз легитимдүү бийлик деп Жогорку Кеңешти эсептеген Аскар Акаев бийликти өткөргөнгө шашкан жок. Ал учурда постреволюциялык башаламандык, морадерчулук күчөп, оппозиция бийликти башкарууга укуксуз болуп, кулаган бийлик тушунда куралган Жогорку Кеңеш алапайын таппай, Кыргызстандын эл аралык коомчулук алдындагы абалы туңгуюкка кептелип турган.

Иштеп жаткан Баш мыйзамга ылайык президент өзүнүн мөөнөтүнөн мурда отставкага кетерин парламенттин сессиясында жарыялашы керек болчу. Акаевдин жагдайында Жогорку Кеңеш президенттин расмий кол коюлган арызынын негизинде гана чечим кабыл алууга укуктуу. Ушундай жагдайда Жогорку Кеңештин төрагасы Өмүрбек Текебаев баштаган депутаттык комиссия (Өмүрбек Текебаев, Темир Сариев, Каныбек Иманалиев, Кубанычбек Жумалиев, Ташкул Керексизов ж.б.) узак сүйлөшүүлөрдөн кийин Москвага барып, Кыргызстандын Орусиядагы элчилигинин имаратында Аскар Акаевдин кызматтан өз каалоосу менен кетүү тууралуу арызын жаздырып, эл аралык нормалардын сакталышы тууралуу протоколду кабыл алып кайткан.

Бул кадам оппозициядагы Бириккен элдик кыймылдын башчысы Курманбек Бакиевдин Кыргызстанды расмий башкаруусуна, кезексиз президенттик шайлоо өткөрүүгө укук берген.

Ал кезде Аскар Акаев жана анын үй-бүлөсүнүн алдында аларга карата козголгон кылмыш иштердин айланасында узак мөөнөттүү териштирүүлөр, уулу Айдар Акаевди, күйөө баласы Адил Тойгонбаевди жазалоо тууралуу өкүмдөр, Майрам Акаевага «Мээрим» фондунун иши боюнча жаңы териштирүүлөр күтүп турган. Андан бери үч жолу бийлик алмашканы менен Акаевдердин кылмыш иштерине байланышкан териштирүүлөр улануда. Аскар Акаев өзү 15 жылдан бери Кыргызстанга каттоого моралдык укук ала албай келатат.

Курманбек Бакиев. Кандуу жылдар

Аскар Акаевдин өз каалоосу менен кызматтан кеткендиги тууралуу Москвада отуруп жазган арызын Жогорку Кеңеш апрель айында мыйзамдаштырып бергенден кийин Курманбек Бакиев адегенде убактылуу өкмөт башчы, июль айында президент болуп шайланды. Бакиев Акаев сүрөгөн кадрларынан болгон. Өкмөт башчылыкка 2000-жылы дайындап, 2002-жылы элге каршы ок атылган Аксы окуясы боюнча Коопсуздук кеңешинин жыйынында сынга кабылып, отставкага кеткен. Акаев менен мамилеси да ушул учурда бузулган. Октябрь айында Жогорку Кеңешке бир мандаттуу округдан депутат болуп шайланып, 2004-жылы Акаевдин саясатына каршы түзүлгөн Бириккен элдик кыймылдын лидери болуп калган.

Акаевге каршы күчтөрдү бириктирген бул кыймылдын башында таасирдүү саясий идеологдордун бири, кийин Бакиевдин администрациясын башкарган Үсөн Сыдыков жана Аксы окуясынын баш каарманы Азимбек Бекназаров турган. Бакиев бийликке келгенден

кийин миссиясын өтөп бүттү деген негиз менен кыймылды таратууну сунуштап, лидерликтен баш тарткан.

Бакиев мамлекетти үй-бүлөлүк башкаруудан арылтуунун жолун Баш мыйзамды реформалоодон көргөн. Конституциялык жаңы реформа эки жылга созулуп, 2007-жылдын 21-октябрында элдик референдум аркылуу кабыл алынган.



Курманбек Бакиевдин президенттик кызматка расмий киришүү салтанатты, 2009-жыл.

Курманбек Бакиевдин бийлиги тушунда Кыргызстандагы экономикалык абалдын туруктуулугу жана өсүшү анын жетишкендиги катары бааланып жүрөт. Муну укук коргоочу Азиза Абдирасулова белгилегендей «айлыктардын убагында төлөнүп, милициянын, дарыгерлердин айлыгы көтөрүлүп, турак жайлары курулуп, пенсия-пособиеге акча жылына эки ирет кошулушу» өңдүү көрсөткүчтөр менен негиздесе болот. Албетте, Сапар

Орозбаков өңдүү экономист-талдоочулар экономикалык өсүштү: «Бакиевдин экономиканы кыйын билип, башкарганынан эмес, мунайдын баасы өсүп, Орусия аркылуу инвестициянын көбөйүшүнөн» – деп жүрүшөт.

Кандай болгондо да Акаевдин каталарын кайталабайм деген ант менен тактыга отурган Курманбек Бакиев эки жолу шайланган, бирок күч менен кулатылган экинчи президент болду. Артында мамлекеттик башкарууну үй-бүлөлүк башкарууга айырбаштаган, кылмыш чөйрөсү менен коюн-колтук алышкан, март ыңкылабынын жеңиштерин уурдаган, кан төккөн президент деген жаманатты калды.

Буга биринчи кезекте Бакиевдин март ыңкылабы аркылуу бийликке жеткирген саясий санаалаштарын оолактатып, эки тизгин-бир чылбырды балдарына, бир туугандарына оодаргандыгы себеп болгон. Коомчулуктун сынына Бакиев парламент трибунасында жооп берип жатып, «бир туугандарымды эми Айга учуруп иемби?» дегени алигиче ылакап болуп келатат.

Бакиевдин үй-бүлө мүчөлөрүн бийликке аралаштыруу аракети президент болуп шайлангандан кийинки учурга туш келет. Адегенде президенттик шайлоодогу тандемге ылайык өкмөттү башкарып калган Феликс Куловдун сунушу аркылуу улуу баласы Маратты Коопсуздук кызматынын төрага орун басарлыгына дайындаган.

Негизгиси, Бакиевдин иниси Жаныш менен уулу Максим Кыргызстандагы эң таасирдүү фигураларга айланганы. Адегенде Коопсуздук комитетинин төрагасынын орун басары, андан кийин мамлекеттик күзөт кызматынын башчысы болуп турган Жаныш Бакиев, Кыргызстанды өнүктүрүү фондун, андан кийин жаңы түзүлгөн ЦАРИИни башкарып калган Максим Бакиев эбегейсиз бийлик укуктарына ээ болгон. Курманбек Бакиев бийликтен кулатылгандан кийин Максим ири суммадагы акча каражаттарын мыйзамсыз пайдала-

нуу, тышка чыгарып кетүү, чайкоочулук өндүү аракеттери боюнча узак мөөнөттүү соттук жарааяндар эл аралык териштирүүгө чейин жеткен.

Расмий бийлик ээси Курманбек Бакиевге таасир этүү жагынан Жаныш менен Максимдин ортосундагы тымызын атаандаштык тууралуу коомчулукта кеңири талкуулар жүргөн.

Коомчулукта Бакиевге катуу каяша айтып отставкага кеткен, Жогорку Кеңештин төрагасы, депутат Өмүрбек Текебаевге каршы жасалган «матрешкагейт» иши, эркин журналист Геннадий Павлюктун, президенттик администрациянын мурдагы башчысы, «Ак жол» партиясын уюштуруучу, кийин Бакиевдерге каршы күрөшкө аттанган Медет Садыркуловдун, Эл аралык стратегиялык институттун директору Сергей Слепченконун өлтүрүлүшү сыяктуу иштердин артында Жаныш Бакиев турат деп эсептелди.

Бакиевдин бийлигинин тушунда киши өлтүрүүлөр кадыресе көрүнүшкө айланды. Киши колдуу болуп өлгөндөрдүн арасында депутаттар Жыргалбек Сурабалдиев, Баяман Эркинбаев, Санжар Кадыралиев, Тынчтыкбек Акматбаев, каскадер Үсөн Кудайбергенов, спортчу Раатбек Санатбаев, кылмыш чөйрөсүнүн төбөлү Рысбек Акматбаев болду.

Мындай көрүнүштөрдөн улам Бакиевдин бийлигине каршы оппозициянын аракети кайра жанданды. «Реформа үчүн» кыймылына бириккен парламенттеги оппозицияга кийин премьер-минстрлик кызматынан сыйда сүрүлгөн эки премьер-министр Феликс Кулов менен Алмазбек Атамбаев да ыктады.

Бакиевдин кулатылышына тышкы фактордун да таасири болду. АКШнын Кыргызстандагы аскерий базасын кетирүү боюнча Орусияга 2009-жылдын 3-февралында берген убадасын Бакиев аткарбай, базаны жүк ташуучу базага айландырып, калтырып койду.

Кийинчерээк ошол кездеги президент Дмитрий Медведев: «Бакиевдин бийлиги мамлекеттин социалдык-экономикалык өнүгүшүн камсыздоого жөндөмсүздүгүнөн кулады» – деп айтты. Владимир Путин болсо Акаевдин жаңылыштыгын кайталаганын айткан жайы бар. Орусиянын мындай маанайын кийинки президент Алмазбек Атамбаев өз кызыкчылыгына пайдаланып, АКШ базасын кетирүү аркылуу Орусиянын ишенимине киргени бар.

Ошентип, Бакиев 2010-жылы 7-апрелде кулатылды. Ала-Тоо аянтына келген митингчилерге каршы атылган ок 90го жакын кишинин өмүрүн алды, октон жараат алгандар алардын санын кийин дагы көбөйттү.

Апрель окуясы боюнча козголгон кылмыш иш боюнча Курманбек Бакиев сотто башкы күнөөкөр катары таанылып, сыртынан өмүр бою абак жаза чектелди. Анын бийликке аралашкан бардык калган үй-бүлө мүчөлөрүнүн көпчүлүгү сыртынан кесилип, Кыргызстандан тыш жерде качкында жүрүшөт.

Бакиев учурда үй-бүлөсү менен Беларуссияда жашайт, айрым маалымат булактарында Беларусь жарандыгын алгандыгы айтылып жүрөт.

Беларусь президенти Александр Лукашенко Кыргызстандын качкын президентин жеке достук мамиле боюнча эле кабыл алганын комментарийинде айтканы бар. Чындыгында, расмий жарыяланбаганы менен Бакиевди Беларуска жайгаштырууга стратегиялык өнөктөш өлкөлөр – Орусиянын Казакстандын лидерлери Владимир Путин менен Нурсултан Назарбаевдин, АКШнын кийлигишүүсү, ЕККУнун ортомчулугу болгондугу тууралуу чындыкка өтө жакын маалыматтар айтылып келе жатат. Бул аракет Кыргызстандагы башаламандык кеминде кош бийлик орношун шартташы, анын өнөктөш өлкөлөргө таасири өңдүү ички жана тышкы тобокелдиктерге байланышкан. Анткени бийликтен кулатылгандан кийин Курманбек Бакиев ошол кездеги мамлекеттик

күзөт кызматынын башчысы Жаныш Бакиев баштаган тарапкерлеринин коштоосунда Ошко барып, ал кездеги элдик губернатор Сооронбай Жээнбеков баштаган апрелчилердин ортосунда тиреш пайда болгон.

Ошентип, Бакиев кызматтан кетүү арызын Беларуска кетердин алдында Казакстандын тышкы иштер министринин жана ЕККУнун өкүлдөрүнүн катышуусунда Ош шаарында 15-апрелде жазып, кол коюп бергенин кийин Бакиевди коштоп жүргөн тарапкерлери билдиришкен. Бул Роза Отунбаева баштаган Убактылуу өкмөттүн мамлекетти андан ары башкаруусуна жол ачкан. Бирок Курманбек Бакиев кийинчерээк Беларуста президенттиктен баш тартуу тууралуу арыз куралчан төңкөрүшчүлөрдүн басымы аркылуу жазылганын, андай бийликти тааныбай турганын билдирип, 7-апрелдеги кандуу окуяны убактылуу өкмөткө жүктөгөн.

Роза Отунбаева. Өткөөл мезгил

7-апрелде Бакиев бийликтен кулары менен оппозиция биринчи декрет менен Убактылуу өкмөт түзүп, Роза Отунбаеваны анын төрайымы, 19-майда кезектеги декрет менен 2011-жылдын 31-декабрына чейин өткөөл президент деп дайындаган. Бул дайындоо Баш мыйзамды кабыл алган 27-июндагы референдум аркылуу бекемделген.

Роза Отунбаева бийликтин жоопкерчилигин апрель ыңкылабында эски бийлик кулап, токсонго жакын киши окко учуп, бийликке жаңы келаткан оппозиция туңгуюктан чыгуунун жолун издеп жаткан кыйын кырдаалда алды. Отунбаеванын Убактылуу өкмөтү жүздөгөн кишинин өмүрүн алган, миңдеген кишилерди жабыркаткан Ош, Жалал-Абаддагы кыргыз-өзбек коогалаңын, жеңилген саясий күчтөрдүн ачык жана көшөгө артындагы каршылыктарын башынан кечирди.



«Улут аралык жаңжалдарга жол берди, убагында токтото алган жок» – деп, улутчулдар, жергиликтүүлөр эле эмес, эл аралык коомчулук да сынга алды. Отунбаева мындай жагдайды жөнгө салуу үчүн дипломатиялык тажрыйбасын пайдаланды, эл аралык комиссиянын деңгээлинде иликтөөгө шарт түздү.

Ушундай кырдаалда мамлекеттик башкарууну мыйзам алкагына салуу үчүн жаңы Конституцияны кабыл алуу, президенттик жана парламенттик чукул шайлоолорду өткөрүү милдеттери турган. Кандай болгондо да Роза Отунбаеваны бир да кыргыз президенти башынан өткөрө элек эң кыйын кырдаалга кайраты, акылы жана дипломатиялык көрөңгөсү менен туруштук берди. Кийинчерээк эл аралык коомчулук Борбор Азиядан чыккан, Кыргызстандын атын таанытткан алгачкы аял лидер, экс-президент катары тааныды.

Советтик жана кыргыз дипломаты, демократ Роза Отунбаева ички саясатка 2004-жылы келип, «Ата Журт» оппозициялык кыймылынын теңтөрагасы болгон. БШК

2005-жылкы парламенттик шайлоого дипломаттык чектөө бар деген шылтоо менен каттабай койгон. Акаевдин үй-бүлөлүк башкаруу саясатына каршы жүрүштөрдүн алдыңкы сабында болгон. Кийин Акаев аны «оппозициянын локомотиви» деп атаган.

«Жоогазын ыңкылабынан» кийин Бакиевдин командасында да узак иштей алган эмес. Тышкы иштер министри болуп дайындалган Отунбаеваны 2005-жылы июль айында жаңы шайланган парламент колдобой койгон. Бул президенттин атайын жасалган ишарасы катары бааланган. 2007-жылы КСДП аркылуу парламентке келип, 2010-жылга чейин коалициялык азчылыктагы КСДП фракциясын жетектеп, оппозициянын парламенттеги трибунасы болуп турган. Убактылуу президент болгондон кийин КСДПдан баш тарткан. Отунбаевада өткөөл президент кезинде кайсы бир саясий партияларды сүрөгөн же жеке кызыкчылыктарга, саясий интригаларга жол берген учурлар байкалган эмес.

Отунбаева президенттик тактыны шайлоодо жеңип чыккан Алмазбек Атамбаевге 2011-жылы 1-декабрда расмий эрежелерге ылайык өткөрүп берген. Бул Эгемен Кыргызстандын тарыхындагы алгачкы тынч жол менен бийлик алмашуу болгон.

Бирок Алмазбек Атамбаев 2016-жылы 31-августтагы эгемендик майрамында Убактылуу өкмөттүн бийлигин «легитимсиз» деп атап, Роза Отунбаеваны кескин сынга алып чыккан. Убактылуу өкмөт мүчөлөрүнүн пикиринде Бакиевдин өкмөтү кулатылган шартта парламентти, өкмөттү таркатып, жоопкерчиликти өзүнө алуу аргасыз жана мүмкүн болгон жалгыз арга болгон, буга Атамбаев өзү да күбө. Атамбаевдин бул сыны үй-бүлөлүк башкарууга, коррупцияга каршы күрөшкө чогуу аттанган саясий өнөктөштөрү менен ажырашуунун ачык жарыясы болчу. Мындай кадамды Атамбаев Отунбаева жетектеген убактылуу өкмөт мүчөлөрүнүн Баш мыйзамды өзгөртүү демилгесине каршы кайрылуусунан кийин жасаган.

Алмазбек Атамбаев. Ак үй. Кой-Таш. Түрмө

Алмазбек Атамбаев президенттик кызматка 2010-жылкы кандуу апрель, июнь окуяларынын илеби кайтып, коомдук-саясий кырдаал салыштырмалуу турукташып калган кезде, 2011-жылдын аягында жаңы Конституциянын негизинде шайланып келди.



Атамбаев өзүнөн мурунку үч президент сыяктуу эле жогорку билимди Орусияда алган. 1993-жылы КСДПны түптөгөн. Чоң саясаттагы карааны 1995-жылы Жогорку Кеңештин эл өкүлдөр жыйынынын депутаты болгондо көрүнгөн. Президенттик жарыштарга үч ирет катышкан. Акаевдин, Бакиевдин заманында кыска мөөнөттөргө министр, премьер-министр кызматтарын аркалаган.

Өзүн Кыргызстандагы «элден мурда байыган миллионер, таза саясатчы» деп кайталап мактаганы элдин эсинде. Байлыгын 90-жылдарда менчиктештирген «Кыргызавтомаш» ишканасы менен байланыштырат. Кийинчерээк Аскар Акаевдин Орусия токсонунчу жылдары Кыргызстан Жазуучулар союзуна бөлгөн 50 миллион рублди менчиктеп алганы тууралуу айткаңы Атамбаев-

дин байлыгы таза ишкердиктин туундусу дегенге көлөкө түшүрдү.

Атамбаев президенттик кызматынын алгачкы жылдары мурдагы президенттер сыяктуу эле Кыргызстанды үй-бүлөлүк коррупциясыз, «чөгөлөбөгөн» эркин, байгер мамлекет кылуу дымагын айтканы менен иш жүзүндө көп тараптуу саясат жүргүзө алган жок. АКШнын аскерий базасын чыгаруу тууралуу алгачкы билдирүүсү аркылуу тышкы саясатта Орусия стратегиялык негизги өнөктөшү экендигин бышыктады. Бирок саясий карьерасы аяктаган 2019-жылы Кой-Таш окуясынын алдында да Кремлге каттап, арга таппай келди.

Алмазбек Атамбаев – март, апрель ыңкылаптарынын алдыңкы сабында жүргөн ыңкылапчы саясатчылардан. 2010-жылы анын КСДП партиясынын кеңсеси жайгашкан «Форум» менчик ишканасынын имараты оппозициянын штабы болгон. Оппозициялык күчтөрдүн башында өзүнөн тышкары Роза Отунбаева, Өмүрбек Текебаев, Болот Шер, Азимбек Бекназаров, Темир Сариев, Эмилбек Каптагаев, Дүйшөнкул Чотонов баштаган таасирдүү саясатчылар бар болчу.

Атамбаев убактылуу өкмөттө төрайымдын орун басары болду. Убактылуу өкмөт постреволюциялык кырдаалды, улут аралык жаңжалдарды жөнгө салуудан тышкары парламенттик шайлоо, жаңы Конституцияны кабыл алуу, анын негизинде президенттик шайлоо өткөрүү иштерин уюштурган. Бирок Атамбаев саясий өнөктөштөрүнөн президенттик ишмердигинин жарым жолунда ажырашты.

Атамбаевдин өзүм билемдиги, эрдемсинген көк беттиги жана кежирдиги мамлекетчил саясатчыларды четке сүрүп, жеке кызыкчылыкты көздөгөндөрдүн тузагына түшүрүп, өзүнө каршы күчтүү оппозицияны жаратты. Жогорку Кеңештин мурдагы төрагасы Чыныбай Турсунбековдун баамында бул жагынан Атамбаев

айдоочу, жардамчы, кеңешчи дегендердин таасирине кирип, Акаев менен Бакиевдин жолоюна түштү.

Атамбаевдин бийлиги үй-бүлөлүк башкарууга, коррупцияга каршы, демократиялык баалуулуктарды туу тутканпарламенттик өлкө куруу максаттары бир саясий сапарлаштарын, маалымат каражаттарын, жарандык активисттерди ачык басмырлоо, куугунтуктоо, камоо, опузалоо иштери менен тарыхта калды.

Саясий өнөктөштөрү менен ачык тирешүү 2020-жылга чейин өзгөртүлбөйт деген кепилдик менен 2011-жылы кабыл алынган баш мыйзамды өзгөртүү тууралуу Атамбаевдин демилгесинен башталган. Бул долбоордо президенттин укуктары азайтылып, өкмөттүн укуктары кеңейтилген. Коомдук-саясий чөйрө муну Атамбаев өз бийлигин узартууга жол чабуу максаты катары кабылдаган. Демилгеге убактылуу өкмөт каршы чыккан. Бул мурдатан тымызын келаткан тиреште ачыктаган. Президент Атамбаев 2016-жылы 31-августта Роза Отунбаева жетектеген убактылуу өкмөттүн жана өткөөл президенттин легитимдүүлүгүнө шек жараткан билдирүү менен чыккан.

Муну 2010-жылкы Конституциянын авторлорунун бири, депутат Өмүрбек Текебаев баштаган саясатчылар мамлекеттин кызыкчылыгына каршы куру дымак жана саясий сокурдук катары сындап, Отунбаевадан кечирим суроону талап кылышкан. Кийинчерээк парламентте Атамбаевдин таасирин азайтуу, коалициялык көпчүлүктү КСДП фракциясын кошпой кайра түзүү аракети жасалып, бирок майнапсыз жыйынтыкталган. Тескерисинче, ушул тирештен кийин Өмүрбек Текебаев, аны менен кошо партиялашы Дүйшөнкул Чотонов коррупцияга айыпталып, камакка алынган. Мындай ыкмалар Аида Саляновага, Канат Исаевге, Садыр Жапаровго, Алмамбет Шыкмаматовго карата колдонулуп, кийинчерээк алардын катарына президенттик шайлоодо негизги талапкерлердин бири саналган Өмүрбек Бабанов кошулган.

Ошол эле мезгилде Чолпон Жакупова баштаган таасирдүү укук коргоочуларды, көз карандысыз маалымат каражаттарын сотко берип, миллиондогон сом доо койгон. Мындай ыкмаларды Атамбаев өзүнө каршы күчтөрдү, парламентти сындыруу үчүн колдонгон. Натыйжада, Конституцияны өзгөртүү максаты ишке ашкан.

Президенттик шайлоодо Атамбаев күтүлгөндөй эле КСДПнын атынан өзүнүн «1995-жылы табышкан досу Сооронбай Жээнбековду» чыгарып, аягына чейин сүрөдү. Өзүн бийликти мыйзамдуу жол менен өткөрүп берген президент катары даңазалоого аракет жасады.

Бирок анын артынан Атамбаев менен Жээнбековдун тирешинин жаңы барагы ачылды. Атамбаев мураскорун үй-бүлөлүк-кландык башкарууга жол берип, коррупциячыларды калкалап жатат деп сындап чыкты. Бир жылдан ашык тирешүү Атамбаевдин экс-президенттик макамынан ажырашы, камалышы, кылмыш дүйнөсүнүн төбөлү Азиз Батукаевди бошотуудагы коррупциялык иштер, кан төгүлгөн Кой-Таш окуясы өндүү жоон топ оор кылмыштарга айыпталышы менен аяктады. Атамбаевдин командасындагы ондогон мамлекеттик ишмерлерди, кызматкерлерди да азыркы бийлик ири коррупциялык иштерге айыптап камап, тергеп жатат. Атамбаевчилер муну «саясий куугунтук» деп баалашууда.

Алмазбек Атамбаевдин саясий тагдыры кийинкилерге сабак болобу аны мезгил көрсөтөт.

Сооронбай Жээнбеков. Жарым жолдо

Сооронбай Жээнбеков 2017-жылдын 15-октябрында президент болуп шайланды. Ал – КСДПнын башатында тургандардын бири. 1995-жылдан баштап Жогорку Кеңештин үч жолку депутаты, төрага орун басары, комитет төрагасы болгон. Апрель ыңкылабынан кийин Ош облусуна элдик губернатор болуп, андан кийин расмий

дайындалган. 2015-жылдын декабрынан баштап беш ай ичинде үч кызмат которуп, өкмөт башчылыкка келген.



Президенттикке талапкердигин КСДП көрсөтүп, Алмазбек Атамбаев баштаган тарапкерлери сүрөп, натыйжада 54,76% добуш менен марага жеткени белгилүү. Инаугурациясы Ала-Арча резиденциясында чакан, тандалма чөйрөдө өтүп, кезинде Кыргызстанда тынчтык жолу менен бийлик өткөрүүгө чыйыр салган тарыхый окуя катары сыпатталган. Сооронбай Жээнбеков мурдагы бийликтин «көчүн» улантарын убада кылып, эң алгачкы жардыгы менен Алмазбек Атамбаевге Кыргыз эл Баатыры наамын ыйгарган. Бирок мындай ызаат көрсөтүүлөрдүн мааниси бат эле жокко чыкты.

Алмазбек Атамбаевге өзү сүрөп алып келген мураскердин анын эркине баш ийбей, өз алдынча саясат жүргүзүү аракети жаккан жок. Тил табыша албай калган партиялаш жана үзөңгүлөш мамлекеттик эки ишмердин тымызын пикир келишпестиктери кийинчерээк ачыкка чыгып, ал тирешүү бир жарым жылга созулду. Атамбаев Жээнбековду кландык-тууганчылык башкарууга жол берип, мамлекеттин эсебинен байыган коррупп-

ционерди калкалап жатат деп ачык жана кескин сындап, КСДПнын ишин жандантууга киришти.

Мурдагы жана кийинки президенттин тиреши учурунда премьер-министр Сапар Исаков, Албек Ибраимов, Кубанычбек Кулматов баш болгон жогорку кызматтардагы Атамбаевдин кадрларын кетирүү, ири коррупциялык иштерге байланыштуу териштирүүлөр, камоолор жүрүп турду. Парламент Атамбаевди экс-президент макамынан ажыратты. Аны кармап жоопко тартуу операциясы таталдашып, Кой-Таш окуясында бир офицер өлүп, ондогон киши жараат алып, Атамбаев жана анын жоон топ тарапкерлери камалып, башкы прокуратура оор кылмыштар боюнча иш козгоду. Мунун бардыгы Атамбаев жана анын тарапкерлери тарабынан саясий куугунтук деп бааланып келет.

Ошентип, Сооронбай Жээнбековдун мамлекетти алгачкы эки жылдык башкаруусу эки баскычка – мурдагы президент Алмазбек Атамбаев камалганга чейинки жана андан кийинки деп бөлүндү.

Учурунда чет өлкөлүк айрым маалымат каражаттары Жээнбеков жалпы коомчулуктун табигый таанымына ээ боло элек саясатчыны өз кызыкчылыгы үчүн күч менен алып келип алуудан сокку жеген Атамбаевден сабак алышы керек деп жазып чыгышты. Айрым талдоочулар саясий-экономикалык түп-тамырынан өзгөрүүлөр, коомду бириктирүү аракеттерин колго алуу керек, бул бийлик, таасир талаш өнөкөтүнө бөгөт коёт деп айтышты.

Катанын үстүнөн иштөөгө президент Жээнбеков даярбы? Бул сурооого жооптор ар түрдүү, карама-каршылыктуу. Жээнбековдун тарапкерлери президенттин мамлекеттик иштер менен алектенүүсүнө эми гана шарт түзүлгөнүн белгилешет. Батыл аракеттерге барып, коомдук-саясий чөйрөнүн көңүлүн бургудай таасирдүү кадамдарга барарынан, биринчи кезекте ондогон жылдардан бери жарытылуу жыйынтыгы жок сот реформа-

сын ордунан жылдырарынан күмөн санаган талдоочулар да бар.

Анткен менен Атамбаевдин убагында ар кандай жагдайларда камалып, саясий куугунтуктун курмандыктары катары бааланып келаткан Өмүрбек Текебаев, Канат Исаев, Дастан Сарыгулов, Бектур Асанов сыяктуу жоон топ саясатчылардын иштеринин кайра каралышы, кыскартылышы өңдүү көрүнүштөр сот акыйкаттыгын калыбына келтирүү ишарасы катары бааланууда.

Жээнбековдун дагы бир артыкчылыгы катары Убактылуу өкмөттүн, төрагалар кеңешинин мүчөлөрү, жарандык активисттер, чыгармачыл бирикмелер өңдүү топтор менен жолугушуп, кеп-кеңешин угуп келаткандыгы белгиленип жүрөт.

Ошондой эле Жээнбековдун бийлиги тушунда коррупциялык иштерге тиешеси бар мамлекеттик кызматкерлер аёосуз кармалып, камалып келатат. Ошол эле учурда сот иштери тандалма жүрүп жатат, Шадиев, Алмаматов сыяктуу коррупцияга шек саналгандар атайылап качырылды, прокуратура, сот өздөрү коррупциялык чечимдерге барып жатат, бул бара-бара чоң нааразылыктарга чейин өсүп чыгышы мүмкүн деген өңдүү пикирлер бар.

Кандай болгон учурда да президент Жээнбековдун бийликте отурганына үч жылга аяк басты. Алдыда жергиликтүү Кеңештерге, Жогорку Кеңешке шайлоо өнөктүктөрү күтүп тургандыгын эске алганда президенттик шайлоого чейин саясий динамика күчөбөсө басаңдабастыгы айтпаса да түшүнүктүү.

Ошондуктан, азыр таасирдүү саясатчылар Жээнбеков чечкиндүү кадамдарга барып, элдин ишенимин актачу учуру келгенин, мындан ары кеңештер эмес, талаптар көбөйөрүн эскертип жатышат. Жээнбековдун милдеттерди эмитен кынтыксыз аткарышы мурдагы президенттердин тагдырын кайталоодон сактайт деп эсептешет. Президенттин мөөнөтү 2023-жылы аяктайт.

Президенттердин катасы кечирилбейт

Токсонго жакын адамдын өмүрүн алган 7-апрель элдик ыңкылабына быйыл 10 жыл болду. Бул ыңкылап аркылуу келген жаңы бийлик, анын башына келген президент деле эл көксөгөн акыйкаттыкты, бакубат жашоону камсыздай алган жок. «Азаттык» радиосу бир катар белгилүү адамдарга кандай адам мыкты президент боло алат? деген суроону узатты.

Абдыганы Эркебаев, мамлекеттик ишмер:

– Акаевдин, Атамбаевдин, Бакиевдин каталары окшош болду. Тарыхтан сабак алышкан жок. Булар өлкөнүн эмес, өздөрүнүн жеке кызыкчылыгын, үй-бүлөсүнүн кызыкчылыгын көздөп, байлыкка азгырылып кетишти. Сөзү менен иши айкалышкан жок. Ачыгын айтканда, ошонун айынан экономикалык оор абалдабыз. Саясий жактан анча-мынча жылыштар болду, бирок турмуш оокатка байланыштуу да. Азыркы президент аракет кылып атат, бирок анын тегерегинде жердештерине, Райымбек Матраимовго байланышкан сөз көбөйүп баратканы өкүндүрөт. Ага тиешелүү чечимдердин кабыл алынбагандыгы себеп болууда. Арстанбектин мыкты саптары бар: «Эл менен сен бийиксиң, элден чыксаң кийиксиң» деген. Албетте, таза, үлгүлүү, өзүнөн мурда өлкөсүн, элин ойлогон, жанын аябаган, элди алдыга сүрөп турган адам мыкты өлкө башчы боло алат.

Бактияр Фаттахов, коомдук ишмер:

– Кудайдан башкасынын баары ката кетирет. Мен саясатка кирип жатканда жашоодогу максатым – элге кызмат кылуу дегем. Ошондон бери элдин көзүнө тике карап келем. Кылган иштерим үчүн балдарым кыжаалат болбойт. Жүзүм жарык. Ошондой иштерди жасаш керек. Берген антын унутпашы керек. Кандай президент жакшы болот? Бул – жооптуу кызмат, журт башы. Ошондук-

тан, жанына илимдүү, билимдүү адамдардан кеңешчи алып, берген антын так аткарса, бийликтин ээси эл экенин таанып, эл менен бирге болгон, элдин батасын алган мыкты журт башы болот.

Чыныбай Турсунбеков, Жогорку Кеңештин депутаты:

– Эң жаманы бийликке келгендер Конституцияны өздөрүнө ченеп-бычууга аракет кылышат. Саясий позициянын жоктугунан, мамлекеттик кызыкчылыкты өз кызыкчылыгынан төмөн койгондун айынан биринин артынан бири жыдып жатат.

Болочок президентте мындай адат болбошу керек. Мамлекетти өнүктүрүш үчүн, элдин келечеги үчүн конкреттүү социалдык-экономикалык программаларды ишке ашыруу, элдин жашоо деңгээлин көтөрүү менен алек болгон адам мурдагылардын тагдырын кайталабайт.

Бактыгүл Каламбекова, дипломат:

– Кээде толкун кээ бир кишилерди премьер, кээ бирөөнү президент кылып коёт экен. Өткөөл мезгилде алган сабактарыбыз президенттик кызматка даярдык керек экенин, пендечиликтен алыс болуш керектигин көрсөттү. Президент алысты көрө билген, даанышман, билимдүү, көрөгөч болушу шарт. Бул беш диплому, материалдык байлыгы, кайсы бир кландан чыкканы менен эмес, бараткан ишине шайкеш даярдык керек деген сөз. Өзүн Кыргызстандын президенти катары ордун билүү, көп окуган, көп ойлонгон, көз карашы калыптанган, мамлекеттик кызматтардын тепкичтеринен өткөн, мамлекетти түшүнө алган тажрыйба керек.

Жефф Лили, Эл аралык билим берүү программалары боюнча америкалык кеңештердин эксперти, изилдөөчү:

– Эң биринчи кезекте, ал коррупцияга аралашпаган адам болушу керек. Экинчиден, ал адам Кыргызстанды

өзүнүн үй-бүлөсүндөй эмес, өзүнүн уруусундай көрүшү керек. Дегеним, президент башынан эле анын бир да үй-бүлө мүчөсү, жакын тууганы бийликтин кайсы бир бутагында, өкмөттө, президенттик администрацияда иштей албайт деп жарыялашы керек.

Менимче, болочок президент Кыргызстандан сырткары башка өлкөдө, маданият жагынан бул чөлкөмдөн алыс жакта жашап келген, ачык жана баарына кызыккан аң-сезим кандай болорун түшүнгөн адам болушу абзел. Ал адам кыргыз жана орус тилдеринен сырткары дагы башка чет тилдерди билсе, англисче шар сүйлөй алса андан да жакшы болмок.

Мамлекет башчылыкка өз башынан кандайдыр чоң жоготууну кечирген адам жарамак деп эсептейм. Ушундай адам катуу стресске туруштук бере алат, чоң кыйынчылыктарга тике караган кайраткер жаран болуп, кандайдыр оор кезеңдерде туура чечим кабыл алып, элдин жүгүн көтөрө алат.

Президент шайлоо маалында анын кийинки бийлигинен күмөн санагыдай иштерге таптакыр жол бербеши керек. Шайлоо маалында эркин жана калыс тандоо абдан маанилүү экенин белгилеп, шайлоо комиссияларына басым көрсөтпөй, эч ким эрежелерди бузбагандай шарттарды камсыздап, добуш берүү мыйзамдарын кынтыксыз аткарып, жыйынтыгын кабыл алышы керек.

Президент болуп шайлангандан кийин бардык бизнес иштерин токтотушу зарыл (АКШ президентин туурабай). Ага чейинки салык декларацияларын, байлык, мүлкүн ачык жарыялашы шарт. Ал маалымат көз карандысыз комиссия тарабынан бышыкталып тастыкталганы туура.

Наталья Никитенко, Жогорку Кеңештин депутаты:

– Башка өлкөлөр жүз жылдап башынан кечирген кыйынчылыктарды Кыргызстан ондогон жылдарда басып өтүп койду. Эки ыңкылап болду, түрдүү президенттерди көрдүк: бийликти басып алгысы келген ин-

теллигенти да, ээноозу да, башкасы да болду, акыркысы камалды. Бирок булардын бардыгынын оорусу бир болду: бийликти конституциялык эмес жол аркылуу менчиктеп алуу аракетин көрдү, өзүнө ыңгайлаштыруу менен алектенди. Эң кыйын башкаруучусуң деген иллюзияны сиңирген чөйрөдө элден алыс жашады.

Менин баамымда, бүгүн көп улуттуу Кыргызстан үчүн президенттик эмес, парламенттик башкаруу керек. Ошондуктан, биздин шартта Конституциялык укугунан аша чаппай, арбитрдин ролун аткарган, мамлекеттик кызыкчылыкты өзүнүкүнөн жогору койгон, мыйзамга баш ийген адам гана мыкты президент боло алат.

Бекбосун Бөрүбашев, талдоочу:

– Баш мыйзамда Кыргызстан демократиялык өлкө деп турат. Бул элдин бийлиги деген сөз. Баш мыйзамдагы негизги ушул жобону сакташы керек. Президенттер бийликке келгенде мыйзамдан өзүн жогору койгон адатынан арылып мыйзам алдында жооптуу экенин аңдап, түшүнүшү керек.

Эмилбек Жороев, саясат таануучу:

– Кандай каталарды кайталабаш керек? Бул мурдагылардан азыркыларга чейин көңүл сыртында калган, бирок эң негизги маселе. Акаевден, Бакиевден, Атамбаевден бери басып өткөн, акыбетсиз, тескери жолдорду кайталап басуу көп байкалат. Азыркы бийликте деле сот жаатында болобу, күч, коопсуздук органдарында болобу, тышкы саясатта болобу ушул байкалат.

Мамлекеттик институттарды кайсы бир тескери купуя жолдорго салуу, бюрократиялык классты тар саясий кызыкчылыктарга пайдалануу, кайсы бир маселени элдин мандатын пайдаланып популисттик жол менен чечип алууга аракет кылуу же катачылыктын, кыйынчылыктын бардыгын мурдагы бийликке шилтеп коюу өнөкөткө айланган.

Президенттин алдында Кыргызстанды толук кандуу башкаруу көрөңгөсү, өлкөнү алдыга сүрөгүдөй стратегиялык багыты, элди ынандыра алчу калыптанган идеясы болушу керек. Анын командасы (достору, классташтары, жердештери эмес), стратегияларды ишке ашырууга жөндөмдүү системалуу командасы, партиясы болушу керек.

Жанар Акаев, Жогорку Кеңештин депутаты:

– Көп президенттер кайсы бир партияга гана жан тартып, кайсы бир саясий топтор менен жакын болуп, сын айткан кишинин бардыгын душман катары көрүү – чоң трагедиябыз.

Президент келери менен айланасына чоң кландардын пайда болуп калышынан эл иренжип калды.

Жалпы лидер катары өзүн көрсөтүп, мөөнөтүм бүткөндө мураскерлериме калтырам дебестен, шайлоону таза өткөрүп бергени оң. Сот системасын көз карандысыз органга айлантууга, таза кадр саясатын жүргүзүүгө, мыкты кадрларды бийликке алып келүүгө саясий эрки бар адам болушу керек. Эң башкысы адилеттүүлүктү, акыйкаттыкты орното алган калыс адам президент болууга тийиш.

Өзүнүн тегерегиндеги коррупциялык, туугандык, достук кландардан алыс болуп, ошолордон өзүн оолак кармаганга эрки, күчү жете турган адам болсо жакшы болмок. Өкмөттүн, парламенттин ишине түздөн-түз кийлигишпей, эркин, тең салмактуу бийликти сактап берген өлкө башчысы болсо, менимче, жакшы болмок.

(Булак: https://www.azattyk.org/a/kyrgyz-presidentterinin-kyichalysh-tagdyry/30534269.html)

КЫРГЫЗСТАНДА КОРОНАВИРУС ЖУГУЗГАНДАР КАТТАЛДЫ



18-апрель, 2020-жыл.

Кыргызстанда коронавируска чалдыккан алгачкы адамдар катталды. Бул тууралуу коронавирустун алдын алуу штабынын 18-марттагы чукул жыйынында кабарланды.

Саламаттык сактоо министри Космосбек Чолпонбаевдин маалыматына караганда, Кыргызстанда 18-мартка караган түнү ооруга катталган үч киши аныкталды. Оору жугузган 70, 62, 43 жаштагы үч киши Сауд Арабиясында умра сапарына барып келген.

«Сауд Арабиясына барып келген үч жаран катталды. Бул өлкө биздеги категорияга илинген эмес. Алар 12-мартта Шаржадан Кыргызстанга келишкен. Анализдери алынып, үйлөрүндө медицина кызматкерлеринин көзөмөлүндө турушкан. 16-мартта алардын бири,

Сузак районунун тургунунун дене табы көтөрүлгөн. Тастыктоочу анализдери андан жана дагы эки кишиден коронавирусту аныктады», – деди министр.

Министрдин айтымында, ооруга чалдыккандар обсервацияда кармалып турушат. Ал арада «Манас» эл аралык аэропорту COVID-19 вирусуна байланыштуу бир катар рейстерди, ал эми «Кыргыз темир жолу» жүргүнчүлөрдү ташууну убактылуу токтотту. Кабыл алынган чектөөлөрдүн жүк ташууга тиешеси жок.

Штабдын сунушу

Кыргызстанда коронавирустун алдын алуу боюнча республикалык штаб 17-мартка карата негизги эки чечимди кабыл алды. Штаб эпидемиологиялык абалга жараша коронавирус катталган өлкөлөрдүн категорияларын кайра карап чыгып, мурдагыдай үчкө эмес, экиге бөлдү. Ага ылайык, биринчи категорияга Кытай, Италия, Иран, Испания, Түштүк Корея, Германия, Франция, АКШ, Швейцария, Англия, Голландия, Норвегия, Швеция, Белгия жана Австрия кирет. Башкача айтканда, кайсы өлкөдө коронавирус жугузган 1000ден көп адам катталса алар биринчи категорияга киргизилет. Экинчи топко вирус катталган өлкөлөрдүн баары кошулат. Биринчи категорияга кирген өлкөлөрдөн келген кыргызстандыктар атайын даярдалган ооруканаларда 14 күнгө чейин обсервацияда жатат. Экинчи категориядан келгендери эки жумага үй карантинге алынат.

Штаб андан тышкары Кыргызстанга чет өлкөлүк жарандардын киришине убактылуу чектөө киргизүүнү сунуш кылганын штабдын жетекчиси, вице-премьер-министр Алтынай Өмүрбекова 17-марттагы басма сөз жыйынында билдирди: «Көп мамлекеттер ушундай чара көрүп жатышат. Коронавирус дүйнө жүзүнө тез тарап, биздин коңшу мамлекеттерден да чыккандыктан ушун-

дай жол менен вирусту алдын алууну туура көрдүк. Бул чектөө жүк ташуучу автоунааларга тиешеси жок».

Өмүрбекова бул сунушту Тышкы иштер министрлиги карап, чечим кабыл алышы керек экенин кошумчалады. ТИМ азырынча кандайдыр бир чечим чыгара элек.

Соңку маалыматтарга караганда, коңшу Казакстанда коронавирус 30дан ашык адамга жугуп, 16-марттан тартып өлкөдө бир айлык өзгөчө кырдаал жарыяланды. Мунун алкагында Казакстанга чет өлкөлүктөрдүн киришине тыюу салынды. Кыргызстандын дагы бир коңшусу Өзбекстанда вирусту жугузгандардын саны он адамдан ашты. Бул мамлекет да чет өлкөлүк жарандардын киришин чектеди.

Дүйнөдөгү жана коңшулардагы кырдаалдан улам «Манас» эл аралык аэропорту COVID-19 вирусуна байланыштуу бир катар рейстерди токтотту. Алардын катарында «Түштүк Корея авиалиниялары», «Флай Дубай», «Эйр Астана», «Өзбекстан аба жолдору», «Авиа Траффик Компани», «Вареш Эйрлайнс» сыяктуу компаниялар бар.

Коопсуздук үчүн «Кыргыз темир жолу» ишканасы да жүргүнчү ташыган эл аралык поезд каттамдарын убактылуу жапты. Ишкананын басма сөз катчысы Эркин Каимов бул чектөө жүк ташыгандарга тиешелүү эмес экенин эскертти.

«Жүктүн бардык түрү Кыргызстанга киргизилет жана сыртка чыгарылат. Ага эч кандай чектөө жок. Ишкананын жооптуу адамдары келген жүктү катуу текшерип, анан кабыл алып жатышат», – деди Каимов.

Чет өлкөлүктөрдү киргизүүгө тыюу салуу боюнча Казакстан менен Өзбекстанда кабыл алынган чечимдерден кийин Кыргызстанда оор жүк ташуучу автоунаалардын айдоочулары камтама болуп жатышат. Себеби 16-мартта кыргыз-казак чек арасында автоунаалардын кезеги пайда болгон. Абалды көрүш үчүн кыр-

гыз-казак чек арасындагы «Ак-Тилек» көзөмөл өткөрмө бекетине бардык.

«Чек арага 16-мартта келип, бир сутка турдум. Үч гана машинеден өткөрүп жатышты. 17-марттан баштап кайра жакшы иштей баштады. Азыр маселе жок. Казакстандын президенти коронавирустан улам чек арада текшерүү күчөтүлгөнүн айтпадыбы. Оор жүк ташыган автоунааларда негизинен экиден айдоочу жүрөт. Алар машинени алмашып айдашат. Бирок азыр чек арадан бирден гана айдоочуну өткөрүүдө», – деди айдоочу Виктор Бузунин.

17-мартка карата «Ак-Тилек» чек ара бекетинде оор жүк ташыган автоунаалардын узун кезеги байкалбайт. Көзөмөл өткөрүү жайынан бир учурда 5–6 машине текшерилип өтүүдө. Кыргызстандан Казакстанга кирген автоунаалардын саны көп. Кыргызстанга киргендер азыраак экен.

Чек ара жөө адамдарга жабылды

Ушул эле «Ак-Тилек» постунан Кыргызстандын жарандары Казакстанга өтө албай калышты. Буга казак тараптын чет өлкөлүк жарандарга өлкөгө киришине тыюу салганы себеп болду. Биз чек ара бекетине барган учурда бир нече адам чек ара өткөрүү пунктунан артка кайтарылды. Алардын бири Бактыгүл Матиева: «Мен «Ак-Жол» өткөрмө бекетине барып, Казакстанга өтө албай койдум. Эми «Ак-Тилекке» келсем да «Кыргызстандын жарандарын өткөрбөйбүз» дешти. Ал эми Кыргызстан Казакстандын жарандарын өткөрбөйт экен».

Кыргызстандын жараны, бирок Казакстанда 15 жылдан бери туруктуу жашаганын айткан Элмира Мамедова да коңшу өлкөгө кире алган жок.

«Мени чек арадан өткөрбөй коюшту, – дейт ал. – Кыргызстанга кирип жатканда чек арачылар «жалпы

жарандык паспортуң болсо маселе жаралбайт» дешкен. Мен Казакстанда 15 жылдан бери жашайм. Балдарым Казакстандын жараны. Эми үйгө кайтайын десем чек арадан өткөрбөй жатышат. Мен Кыргызстандын жараны болгонум менен жалпы жарандык паспортум бар да».

Кыргызстан менен Казакстандын ортосунда жалпысынан 11 автоунаа өткөрүү пункту бар. Алардын бешөө көп тараптуу, алтоо эки тараптуу бекеттер.

Кыргызстанда коронавирусту алдын алуу боюнча республикалык штабдын маалыматы боюнча өлкөдө вирус катталган жок. 321 киши обсервацияда, 1228 адам үй карантининде жатат. Коронавируска баш-аягы 1724 кишиден анализ алынып, таза чыкты.

(Булак: https://www.azattyk.org/a/kyrgyzstan-coronavirus-ways/30492941.html)

ЭЛ ҮНҮ: ТАМАК-АШ ТАРТЫШ. СИБИРДЕ КАЛГАН КЫРГЫЗДАР



Милиция кызматкери Бишкек шаарынын кире беришине орнотулган блокпостто айдоочуларды текшерип жатат. 25-март, 2020-жыл.

30-апрель, 2020-жыл.

Юлдуз Жороева, Ош шаарынын тургуну:

– Ош шаарында турам. Мына карантин башталгандан бери жолдошум Орусияда. Үч балам бар. Азыр карантин болуп эч жакка чыга албай жатам. Карапайым элге жардам бериш керек. Азыр үйүбүз жок, күйөөм 40 миңге билет алганга мүмкүнчүлүгү жок. Жолдошум Казанда калды. Кимге барып кайрылууну билбейм. Көчөгө чыгайын десем, такси жок, маршрутка жок. Бир балам төрт айлык, бир балам үч жашар. Энемдин кызын да багам. Ал тогуз жашта. Алар менен азыр кыйналып жатам. Акча салайын десе жолдошум да иштебейт, анда да карантин. Азыр абдан кыйналуудабыз.

30-мартта биринчи вице-премьер-министр Кубатбек Бороновдун берген жообу:

– Күнүмдүк турмушунда кыйналып жаткан жарандарга жардам берүү жагы да өкмөттүн атайын токтому менен чечилген. Бүгүн-эртеңден баштап беш миң тонна унду жакыр жашаган катмардын тизмесин аныктап, 1-партия менен бөлүштүрүп берүү тууралуу чечим кабыл алынды. Андан сырткары башка катмарларга жардам берүү боюнча чечимдер кабыл алынып жатат. Вице-премьер-министрдин деңгээлинде түзүлгөн экономикалык топ иш жүргүзүп жатат. Дагы маалымат берилет.

Азык-түлүк менен камсыздоо боюнча маселе жок. Өзүңүздөр билгендей, күнүмдүк керектелчү жана башка азык-түлүктүн корун түзүү боюнча иштегенбиз.

Кээ бир региондордо маселе чыгып жатат. Бул ошол азык-түлүк тармагында иштеген ишкерлердин жеке өз кызыкчылыгын мамлекеттин элдин кызыкчылыгынан жогору коюп жатканына байланыштуу. Бүгүнкү күндө баанын көтөрүлүшү кээ бир жерде атайын сатыкка чыгарбай, баасын кымбаттатууну көздөгөндөрдүн эсебинен болуп жатат.

Учурдагы кырдаалга байланыштуу экономикалык жактан кыйналган биздин ишкерлерге салыктан, башка төлөмдөрдөн, насыяны төлөөдө жеңилдиктерди берүү боюнча иштер жүрүп жатат.

Тилек Үсөнакунов, Бостери айылынын тургуну:

– Биз Бостеринин тургундарыбыз. Бостери айылында тамак-аш такыр жок. Чолпон-Атадан алып келиш керек болуп калды. Чолпон-Атага блокпосторду коюп, шаарга киргизип чыгарбай жатышат. Араң кирип-чыгуудабыз. Шаарда да азык-түлүк кымбат, бир кап ун 2000–2100 сомдон болуп жатат. Суу май 500 сом. Күрүч да кымбаттап кетти. Жолдо маршрутка, такси жок. Азык-түлүктү кантип алып келээримди билбейм. Карапайым элге

жардам бергиле. Дарыканада беткап тартыш, болсо да 25 сомдон. Антисептикалык каражаттар, оксолин майы такыр эле жок.

Бостери айыл өкмөтүнүн башчысы Алмаз Жамангулов 30-мартта мындайча жооп берди:

– Ун маселеси боюнча Чолпон-Атада «Акундун» атайын дүкөнү бар. 15 тонна ун түшкөнүнө 2–3 күн болду. 50 кило ун 1603 сомдон сатылып жатат. Андан сырткары «Народный» дүкөнүндө ун бар. Саат 18ге чейин ачык. Бааны Бишкектин деңгээлинде кармап жатышат. «Лента» деген супермаркет бар. Андан сырткары кээ бир павильондор, айыл ичиндеги дүкөндөр өздөрүнүкүн кошуп, бааны кымбаттатып алгандар болуп жатат. Ал боюнча арыздар болсо жерине барып, айтып, бааны баштапкы калыбына келтиребиз. Биз бардык дарыканаларга бааны көтөрбөө тууралуу кат бергенбиз. Бүгүнкү күндө андай жок. Кайсы дүкөн экенин бизге айтып коюшса, биз көзөмөлдөйбүз. Чолпон-Атадагы «Народный» дүкөнү ремонтко жабылып калган. «Лента» жана башка азык-түлүк дүкөндөрү толугу менен иштеп жатышат.

«Азаттык»: – Азык-түлүк кымбаттаган жокпу?

– Өсүмдүк майынын 5 литрин 360 сомдон өз баасында эч нерсе кошпой саттырдык. Ун Бишкектен келген баа менен сатылып жатат. 50 кило ун 1603 сом. Мен өзүм барып тиешелүү кагазын көрүп келдим. «Азаттыкка» кайрылган жаран кайсы дүкөндү айтып жатат, же бир кичинекей павильонду айтып жатабы, билбейм. Мен чоң азык-түлүк дүкөндөрүн айтып жатам. Арыз-даттануу түшкөндө ошол жерге барып айтып, эскертип жатабыз. Өкүмөттүн бекиткен баасы чыккан, биз ошол маалыматты баарына бергенбиз. Чоң дүкөндөрдүн баары тегиз көзөмөлдө.

Санаага салган насыя

Акбар Нурмагамедов, Кара-Кулжа районунун тургуну:

– Мамлекетибиз оор абалда турат. Карапайым калк да ушул тапта убара тартып, эл иштебей үйдө көр-тиричилигин өткөрүп жатат. Эл тышка чыгып иштебесе, кредитти кантип төлөйт? Банктардагы кредитти убактылуу токтотуп турууну чечип берсеңер деп сурайм. Мамлекетибиз, элибиз бутка турса, кредитти төлөй баштайбыз. Сооронбай Жээнбековго кайрылуу жасап, биздин үнүбүздү жеткирсеңер.

Алтынбек Шералиев, Бишкектин тургуну:

– Бир эле менде эмес, бардык элде ошондой кредит бар. Коронавирус башталгандан бери үйдөн чыга албай калдык. Тамакка, нанга-унга барабыз. Башка эч жакка бара албайбыз. Ошондуктан ушул маселени көтөрүп чыксаңар. Себеби «акты ак, караны кара» деп «Азаттык» гана айтат.

Чокоева Жаңыл жана Абдраимов Кубанычбек, Бишкек шаарынын тургундары:

– «Мөл-Булак» банкынан 50 миң сом насыя алганбыз. «Айыл банктан» 50 миң сом. «Мөл-Булактан» эки насыя бар. Мен курулушта, келинчегим тигүү цехинде иштейт. «Мөл-Булакка» чалып байланышып мөөнөтүн узарткыла десек, «төлөйсүңөр» деп коюшту. Кантип төлөйбүз деп отурабыз. Эки балабыз бар. 15 күндөн бери бош отурабыз. Насыяны төлөө мөөнөтүн узартып, убакыт берсе жакшы болмок.

– «Айыл Банкка» үч айда 13–14 миң сом төгөбүз. «Мөл-Булакка» эки кредитке 7500 сом төгөбүз. Анын үстүнө өзүбүз батирде турабыз. Тамак-аш деле белендеп алган эмеспиз. Колубузда тогуз айлык балабыз бар.

Кыргызстандын биринчи вице-премьер-министри Эркин Асрандиев 26-марттагы брифингде төмөнкүчө жооп берген:

– Түзүлгөн кырдаалга байланыштуу Улуттук банк тарабынан коммерциялык банктарга бардык төлөмдөрдү, анын ичинде негизги сумма жана үстөк төлөө мөөнөтүн үч айдан кем эмес мөөнөткө узартуу боюнча сунуш берилген. Андан тышкары «насыя өз убагында төлөнбөгөнү үчүн айыппул салынбайт» деген так чечим кабыл алынган. Демек, төлөө мөөнөтү өтүп кетсе дагы эч кандай айыппул салынбайт.

Сибирде ара жолдо калгандар

«Менин атым Жабир. Биз беш киши болуп Вьетнамдан Новосибирск шаарына учуп келип, аэропорттун транзит залында калдык. Бишкекке учак кетпей, биз же ары, же бери эмес жолдо калдык. Учак качан болорун эч ким айта албайт. Абалыбыз өтө оор. Бизге эч ким маалымат бербей эле. Сүйлөшүү болуп жатканын деле билбейбиз, бирөө «алып кетет» десе, бирөө «уча албай калдык» деп атат. Биз 203 кишибиз жана бизге жардам керек».

Жогорку Кеңештин депутаты Жанарбек Акаев ара жолдо калгандарга учак жиберүүнү өкмөткө сунуш кылды.

Нургазы Уланбеков, Ат-Башы районунун тургуну:

– Мен Ат-Башыдан кайрылып жатам. Карантинде жумуштарынан бошой албай бир топ эле киши шаарда калып калган. Эми үйгө бери чыкканга такси жок. Таксилерди шаардан бери чыгарбай жатыптыр. Ошондой эле жолдон «пропуск үчүн» акча доолашат экен. Таксисттерге жеңилдик берип, шаарда калгандар айылдарына жетип алышпайбы. Шаарда калып калгандар бир айлап туугандарыныкына деле батпайт да. Студенттер,

убагында жумушуна байланыштуу шаарга барып калгандар карантин киргенден кийин бери чыга албай калышты. Ушул маселени тиешелүү жерге айтып, чечип берсеңиздер.

Италиянын Бергамо шаарында иштеген мекендештин кайрылуусу:

«Мен Италиянын Бергамо деген шаарында иштейм. Коронавирус башында ушул шаарда чыккан. Адегенде мен деле журналисттер элди коркутуп жатат деп ишенген эмесмин. Анан мен иштеген жерден биринчи чыкты.

Бардыгыңар уккула, көңүл бурбай койбогула. Дүйнөдө өнүккөн, күчтүү мамлекет Италиянын алы жетпей жатат. Кечээ эле 24 сааттын ичинде Италияда 800 адам өлдү, анын 452си мен жашаган облустан. Мен тааныган үч киши өлдү. Ошондон кийин менде паника башталды.

Өткөндө орусиялык Малышеванын 10 жашка толо элек балдар оорубайт деп айтканын угуп, мен да тынчып калгам. Азыр эки бала оор абалда реанимацияда жатат. Вирус жуктурган орто курактагылар бүт ооруканага жатышты. Кары-картаңдар өлүп жатышат, алардын иммунитети көтөрө албайт экен. Кечээ 47 жаштагы бейтап өлдү.

Азыр адамдарды дарылаганга врач тартыш болуп баратат. Бул ооруга дарыны качан табасыңар деп катуу талап коюп жатышат. Бирок коронавируска каршы вакцинаны табыша элек.

Менин коркконум – Кыргызстан. Баарыңар беткап кийгиле. Беткап жок дейт. Дакиден тиккиле. Бул вирус билинбей жугуп, инкубациялык мөөнөтү 14 күнгө чейин жетет экен. Суранарым, кайдыгер карабагыла. Ар ким өзүн сактасын. Карантин деген менен эл көчөдө жүрөт, жугуп жатат».

«АЗАТТЫК» «COVID-19» ПАНДЕМИЯСЫН КАНТИП ЧАГЫЛДЫРДЫ?



Карантин учурундагы иш

Март айында абал улам оорлоп, Дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюму коронавирусту пандемия деп жарыялагандан кийин «Азаттыкта» COVID-19 башкы темага айланды. 18-мартта Кыргызстанда жалпы карантинди жарыялоо аркылуу биздин редакциянын иштөө тартиби да, эфирдеги, веб-сайттагы макала-баяндардын мазмуну толугу менен өзгөрдү.

Кеңседе радиоэфирге жооптуу гана адамдар калып, калган кабарчы, баяндамачылардын дээрлик бардыгы онлайн иштөөгө өттү. Мен ошол маалда бизге күн сайын адилеттик издеп, жардам сурап келген адамдардын саны эми кескин азаябы деп ойлогом, тескерисинче, Кыргызстандагы карантиндик чаралар, жолдордун жабылуусу мурда биз байкасак да анчейин чагылдырбаган жакырчылык, үй-бүлөлүк зомбулук, өнөкөт оорусу бар адамдардын укугу сыяктуу бир топ маселелерди козгоду. Пандемиянын мүмкүнчүлүктөрдү

чектеген шартында адамдардын жашоо-тиричилиги, кыйынчылыктары, кыйынчылыктагы жашоого мамилеси, бузулган укуктары, үй-бүлөдөгү зомбулук фактылары күн тартибиндеги темаларга айланды.

Пандемия маалында иштеген дарыгерлерге түзүлгөн шарттардын начардыгы, психологиялык басымдар, коргонуучу каражаттардын дары-дармектин тартыштыгы, медицина тармагында коронавирус диагнозун аныктоого эки ача мамиле, кенемте төлөө, бейтаптар, алардын жакындары кириптер болгон кырдаалдар, башка көптөгөн көрүнүштөр жана алардын кесепеттери, оң же терс жагына чечилиши «Азаттык» үзгүлтүксүз, жигердүү, батыл чагылдырып турган темалардан болду.

Айрыкча, чет жакта иштеп, саякатка барып же окуп жүрүп, Кыргызстанга кайта албай калган мигранттар, кыргызстандыктар апрель айынан тарта биздин радионун кабарчыларынын Вотсаптагы номурларына арыз-муңун 24 саат бою жаадырып турду. Адатта жумасына бир эле жолу чыгып жүргөн «Эл үнү» түрмөгү аркылуу https://www.azattyk.org/a/el-unu-batir-akcha-un/30529930.html шилтемеде көрсөтүлгөндөй программалар обого күн сайын чыга баштады. Бул түрмөктү даярдоого, элдин арыз-муңун, кайрылуусун угууга кесиптешим Бүбүкан Досалиева жооптуу болчу. Ал күндөрү кайрылуулар ушунчалык көп болгондуктан, редакциялык чечим менен дагы бир ыкчам байланыш номуру мага берилди. Ошентип, Бүбүкан эже экөөбүз мүнөт, кээде секунд сайын Вотсаптан «жааган» билдирүүлөрдүн жамгыры алдында калдык. Билдирүүлөр Вотсаптан эле келип чектелбей, Инстаграм, Фейсбук социалдык тармактары аркылуу да агылып келип жатты. Ошондогу Бүбүкан эже экөөбүздүн диалогубуздан кыска үзүндү:

6-апрель, 2020-жыл.

Б.Д.: – Сенде Москвадагы мигранттардын акыркы видеосу сайтка чыккан жок ээ? Жалпы Вотсап сүйлөшүүгө салдым.

Мен: – Жок, менде мигранттарды элчиликтин кызматкерлери кекетип жатканы бар. Уча албай калгандарды же жумуш тапкыла, же үйдөн акча сурагыла деп кекетишкен видеону салышты.

Б.Д.: – Ал да келген мага, бир чети байкуштар кантишет эми.

Мен: – Ооба, азыр карантин маалында аларды ким ишке алмак эле.

Б.Д.: – Эмне кылышат? Мигранттар миллиондоп акча салат деп доклад окугандар кайда?

Мен: – Түндө саат экиге чейин Түркиядагы мигранттардын арманын уктум. Алар катуу нааразы болуп жатышат.

Б.Д.: – Мага да чалышты, кайсы биринин арманын угарымды билбей калдым. Азыр эле сени менен жазышканча телефонума 543 билдирүү келди, элестет үч мүнөттүн ичинде ушунча...

Мен: – Эже, мен үн менен келген билдирүүлөрдү уккандан чарчадым...

Б.Д.: – Айтпа, мен да чарчадым, бирок айла жок. Баарын угуп, баарынын үнүн элге жеткиришибиз керек...

... Иши жок калган миңдеген бишкектиктер, Орусиядагы кыргызстандыктар, Түркия, Казакстан, Өзбекстандын чек араларынан чыга албай калгандар, Орусиядан Кыргызстанга жөө чыккандар, Бишкектин четиндеги жаңы конуштарда бир чымчым уну калбай калган үйбүлөлөр, көп балалуу энелер, майыптыгы бар адамдар, айтор, пандемияга байланыштуу 2020-жылдын май айынын аягына чейин бийлик өлкө аймагына киргизген чектөөлөрдөгү элдин тарткан кыйынчылыгы «Азаттыктын» ар бир журналистинин жүрөгүнөн өттү, ар бир радио, видео берүүнү даярдаганда андагы каармандар менен кошо кыйналып, алардын андан аркы тагдырына кызыгып, кайсы бир деңгээлде жардам алуусуна көмөк көрсөтүү аракетин кылдык.

Айрыкча Бүбүкан эже ачка калган үй-бүлөлөргө жардам берүү үчүн мэриянын, айыл өкмөттөрдүн жетекчилерине улам байланышка чыгып турду... Ушундай эриш-аркак иштеп жаткан устатым, чыгаан журналист Бүбүкан Досалиева «каралуу июлдун» капшабында коронавирустун курмандыгы болору, кийин «Азаттык» түзгөн «Пандемияда кимди жоготтук?» деген тизмеге кошулуп калары анда ойго келген жок эле... Буга чейин чыгаан акын жана журналист Зайырбек Ажыматовдон айрылып, кабыргабыз кайышып турганда келген бул мүшкүл ар бир кесиптешибиз үчүн психологиялык чоң сыноо болду.

Бирок дүйнө, анын ичинде кыргыз коому обочолонуу шартында жашап-иштеп калган оор кырдаалда «Азаттыктын» журналисттери маалымат таратуу жоопкерчилигин терең сезип, техникалык кыйынчылыктардан жол таап иштеди. Тобокелчиликтерге карабай такталган, көп тараптуу, уникалдуу видео, аудио баяндар, жаңылыктар оперативдүү даярдалып, онлайн платформалар, түз эфирлер аркылуу окурманга, угарманга, көрөрманга жеткирилип турду. «Эксперттер талдайт», «Арай көз чарай» талкуулар Zoom платформасына көчтү. Пандемиядан тышкары ар кыл темаларда, алардын ичинде коррупцияга тиешелүү иликтөөлөрдө иштөө өз нугунда уланды.

Пандемия бүтүп калган жок. Дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюму 2022-жылы да ал уланат деп билдирүүдө. Пандемиянын буга чейинки тажрыйбасы ар бир жаран үчүн, анын ичинде ар бир журналист үчүн адамдардын саламаттыгы, бакубат жашоосу маанилүү экенин, ага ар бирибиз колдон келген салымыбызды кошуубуз керектигин көрсөттү.

Бактыгүл Чыныбаева,
«Азаттык» радиосунун кабарчысы

Каралуу июль...
«Пандемияда кимди жоготтук?»

2020-жылдын июнь, июль айлары Кыргызстан үчүн өтө оор болду. Коронавирустан каза болгондордун саны күн санап өсүп, илдет менен өлүм басты. «Азаттык» радиосунун эмгек жамааты кайгыны жеңилдетүүнүн аргасын издеп, коронавирустун курмандыктарынын маалымат кампасын түзүү демилгесин көтөрдү. Бул миссияны аткарууга «Азаттык» редакциялык жыйында кылдат талкуулап чечкенден кийин киришкен. Анын максаты илдет өмүрүн алган ар бир маркумдун артында өмүр, тагдыр, из, үмүт, кыял, жакындарынын кайгысы калганын коомчулукка көрсөтүү, эпидемия курмандыктарын коомчулуктун эсинде сактоого, трагедиянын масштабын көргөзүүгө, андан сабак алууга салым кошуу болчу. Бул максатты ишке ашыруу үчүн «Азаттыктын» Бишкектеги жана Прагадагы кесиптештерибизден атайын топ түзүлдү. Адегенде социалдык тармактардагы жеке баракчалар аркылуу маалыматтарды чогултуп, кийинчерээк окурман өзү толтура алган документ иштелип чыкты.

Бул иште маркумдар тууралуу маалыматтарды топтоп берүү милдети мага жана кесиптешим Бактыгүл Чыныбаевага жүктөлгөн. Экөөбүз кайрылууларды кабыл алып, ар бир жабырлануучуга байланышка чыгып, өмүр таржымалын (фотосүрөттөрү менен кошо) мүмкүн болушунча кынтыксыз чогултуп, толуктап, операторлордун, редакторлордун кароосуна жөнөтүп турушубуз керек эле. Бизде адегенде жоготуулар көбөйүп, дарыканаларда дары-дармектер, ооруканаларда орундар тартыш болуп турган дүрбөлөң учурда өлүм-житимдин эсебин тактай баштаганыбызды коомчулук туура кабыл алабы-жокпу деген күдүк ой турду. Ишти менин инстаграмдагы баракчама жарыя менен баштап, телефон даректерибизди жаздык.

Ошентип негизги ишибизге кошумча милдетти алып, «Пандемияда кимди жоготтук?» https://www.azattyk.org/a/kyrgyzstan-covid-19-victims-list/30737247.html деген теманын алдында маркумдардын аты-жөнүн, өмүр таржымалын тактап, тизе баштадык. Азыркы тапта биз тактаган тизмедегилердин саны 600гө чукулдады... Бул эң оор, кайгылуу жана түйшүктүү жумуш болду.

Ооруну, өлүмдү кабыл алгысы келбеген окурмандарыбыз жеке жана расмий баракчабызга адегенде «жамандыкты чакырбагыла» деген өңдүү пикирлерди да калтырып жатышты. Бирок жакындарынын ысымдарын эстелик-тизмеге калтырууну каалагандардын катары күн санап өстү...

Айрым күндөрү жыйырмадан ашык адам (ар бир маркумдун жакыны, таанышы, кошунасы ж.б.) менен байланышууга туура келди. Кээ бири үн-сөзсүз ыйлайт, дагы бири арыз-муңун төгөт, урушат, өлүмдүн себебин издейт... Мындай күндөрү көзүм жашка, жан дүйнөм ызага толуп, психологиялык ахыбалым оорлоп кетип жатты...

Маркумдардын жакындары аркылуу текшерип, толукталган документтердин саны 100дөн ашып калган кезде бир катка көзүм түштү. Ал кат үч күн мурда келиптир. Кезектин жеткени ушул болду. Телефон чалдым. Маркумдун уулу экен.

– *Саламатсызбы, «Азаттыктан» чалдым, атым – Айгерим. Апаңыздын арты кайрылуу болсун. Эгер каршы болбосоңуз бир-эки суроо берсем болобу?*

Бардык суроолорума жооп бергенден кийин ал:

– *Айгерим, мен сизге дагы бир эскерүү жиберсем болобу? Атам дагы үч саат мурун каза болду. Азыр «Гансинин» сыртында сөөгүн күтүп отурам...*

Нес болдум. Ошентип, бир учурда ковид өмүрүн алган дагы бир ата-эненин маалыматы биздин тизмеге кирди. Каран калган ковид бир үй-бүлөдөн эрди-аялды, энебаланы, үч бир тууганды, кызы менен атасын... алып

кеткен учурлар улам катталып жатты. Башы бүтүн, боору эсен адам калбагандай туюлду.

– *Менин агамды ким тирилтет?! Ким?!*

Дагы бир чалуум ушундай ый коштолгон чаңырык менен башталды. Кеминден Бишкектеги ооруканага реанимобиль менен алып келаткан агасын жолдо жоготуп алган карындашы дарыгерлерди, өкмөттү, бүтүн дүйнөнү айыптап жатты...

– *Баласы төрөлгөнүн билбей кетти...*

Инисин жоготкон аял шолоктоп ыйлап жатты. Иниси төртүнчү уулу төрөлгөнүнө беш минута болгондо көзү өтүптүр.

Пандемиянын кесепетинен мезгилсиз дүйнөдөн кайткандардын арасында дарыгерлер, илимпоздор, коомдук-саясий ишмерлер, мугалимдер, журналисттер, студенттер, акындар, маданий ишмерлер, соттор, милиция кызматкерлери, чарба адистери, ишкерлер, дин ишмерлери, спорт өкүлдөрү, ардагерлер, үй кожойкелери бар.

Пандемия жүздөгөн өмүрлөрдү алуу аркылуу медицина көйгөйлөрүн, социалдык өксүктөрдү, коомдогу «жараларды» жарып чыккандай болду. Азыр деле бул тизмени бактаганда алардын жакындарынын ыйы, өкүтү, нааразылыгы угулгандай туюлат. Маркумдардын жакындары «кыйын кезде кайгыбызды жеңилдеттиңер» деген ыраазычылык каттарын жазып турушат. Алар үчүн бул тизме жакынын эскерген өлбөс тизмеге айланды. «Азаттыкта» пандемия курмандыктарын эскерген тизмени алгачкылардан болуп топтоп, тарых үчүн маанилүү иш жасады деген ишенич бар.

Айгерим Акылбекова,
«Азаттык» радиосунун кабарчысы

ЭГЕМЕНДИКТИ ЭҢСЕГЕН ЖАНА АГА ЖЕТКИРГЕН БАБАЛАРГА ТААЗИМ



Эгемендик символдору «Ала-Тоо» аянтында. 30.07.2020.

31-август, 2020-жыл.

Айрым замандаштарыбыз эгемендик өзү эле келген дешет. Чын-чынында, Кыргызстандын эгемендигин ыраатту эңсеген мекенчилдердин эмгегисиз да ал келмек эмес... Тарыхчынын блогу.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик көз карандысыздыкты жарыялашынын 29 жылдыгы өтүп жаткан ушул куттуу күнү (31.8.2020), адатта: «Асмандан эле эгемендик түшүп калбадыбы!» – деп сүйлөй турган кишилер аз эмес.

Дүйнөдө калайыктын басымдуу бөлүгү эгемендикке анчейин умтулбаган отор жайлар деле болгону жана азыр да андайлар бар экендиги анык. Бермуда аралдары 1995-жылдагы референдумда Улуу Британиянын отор жайы бойдон кала берүүнү чечкен. Ал эми Улуу Британия 1973-жылы Европа Ынтымагына кирген соң, өз

тарабынан оторчул аймактардан оолактаган кадамдар жасаган, ошондо Австралия, Жаңы Зеландия сыяктуу отордук аймактар 1986-жылы эгемен болууга аргасыз барышкан, ошондо да алар Улуу Британиянын такты ээсин өз мамлекет башчысы катары расмий сактап кала беришкен. Албетте, мында Улуу Британиянын бара-бара нагыз либерал, демократиялуу мамлекет болуп калгандыгы гана эмес, айрым отор жайлардагы калайыктын басымдуу бөлүгүн мурдагы оторчулардын этносу түзгөндүгү да чоң рол ойногондугу ажеп эмес.

Азыркы тапта да анча-мынча кыйынчылыктарды баштан кечирген кээ бир мекендештерибиз каныйлап: «Кайра Орусиянын отор жайына айлансакпы!» – деп айткан учурлар болду. Эгерде КМШ деп жарыяланган шериктештик жалаң гана авторитардык Кремлдин камчысын чаппаган болсо, Кремлдин кожоюндарынын өздөрү да азыркы Европа Биримдигине тете болгон теңата жана чыныгы демократиялуу ынтымакты түзүүгө ак дилинен ынтызарлана күрөшкөн болсо, анда конфедерацияны эңсегендер азыркыдан алда канча көп болмоктур?

Ушул кырдаалда улам эскертип туруу зарыл болгон бир өңүт бар. Ал – Кыргызстандын мамлекеттик көз карандысыздыгы үчүн күрөшкөн бабалардын опол тоодой эмгеги.

Улуттук тарыхыбызды совет доорунда бир беткей гана окутуп келишчү, ошондуктан: «Кыргызстан СССРдин курамынан чыга алат!» – деп укуктук жактан негиздеп илимий эмгек жазган юрист-окумуштуу Кубанычбек Нурбеков тууралуу кеңири маалыматты СССР кулагандан кийин гана акырындап үйрөнгөнүбүздү тарыхчылар да моюнга алышыбыз керек.

Энесай Кыргыз каганаты тууралуу маалыматты астейдил үйрөнүүдө, эгемен Кыргыз мамлекети тууралуу «Манас» эпосунун жана башка баатырдык эпостордун мазмунун жайылтууда, 1855–76-жылдардын ортосун-

дагы, 1898-жылдагы жана 1916-жылдагы падышалык оторчуларга каршы куралдуу күрөштөрдү, басмачылардын кыймылын изилдөөдө улам жаңы муундардын аң-сезимине эгемендикке чакырган идеялар кыт куйгандай орной берген.

Түгөлбай Сыдыкбековдун, Чыңгыз Айтматовдун, Төлөгөн Касымбековдун, Кеңеш Жусуповдун, Шайлообек Дүйшеевдин жана башка залкар жазуучулар менен акындардын чыгармалары, публицисттик эмгектери, Өмүркул Караев, Кушбек Үсөнбаев сыяктуу тарыхчылардын, Асанбек Табалдиев сыяктуу ойчулдардын чыгармалары да эгемендик сезимине тарбиялаган десек болот.

Биздин улуу муундар Азамат Алтай, Төлөмүш Жакып уулу жана башка аталарыбыз, ага-эжелерибиз обого алып чыккан «Азаттыктын» берүүлөрү аркылуу да эгеменчил идеяларга каныгышкан. «Түкөбүз (Т.Сыдыкбеков) – «Азаттыктын» берүүлөрүнүн мазмунун бизге айтып берчү эле» – деп анын кичүү замандаштары эскерип калышат.

1988-жылы Кыргызстанда кош тилдүүлүк үчүн күрөш жана 1989-жылдын 23-сентябрында кабыл алынган мамлекеттик тил тууралуу мыйзам – булар да эгемендикке карай тынч күрөштүн бир бөлүгү болуп саналат.

Эгемендикке чакырыктар 1989-жылы «Ашар» жана башка коомдук уюмдарды түзгөндө, 1990-жылы антикоммунисттик демонстрациялар маалында жана 1990-жылдын 25–26-майында «Кыргызстан Демократиялык кыймылын (Балтика боюндагы өлкөлөрдүн «Элдик майдан», «Саюдис» сыяктуу саясий блокторуна окшош кубаттуу саясий блокту) негиздеген учурда байма-бай айтылып жатты. Бул кыймылдарга эч катышпаган жана алардан алты чакырымдай алыстыкта айланып өтүп жүргөн мурдагы партократтар, албетте, азыр деле каадаланып: «Эгемендик көктөн даяр түшпөдүбү!» – деп коюшат.

Ар бир окуянын оош-кыйыш жактары бар. 1990-жылы июндагы Ош окуялары, бир караганда, кыргыз жана өзбек тиреши катары гана каралышы ыктымал. Бирок дал ошол окуядан бир жыл мурда Ферганада өзбектер менен месхет түрктөрүнүн (ахыска түрктөрүнүн) ортосундагы кагылышууну, СССРдин ар кыл чөлкөмдөрүндөгү этностор аралык кагылышууларды да назарда тутсак, Ош окуялары деле ошол кезде эгеменчил күчтөрдү ич ара кайраштыруу үчүн КГБ уюштурган ири провокация болгон деген жоромолдордун чындыгы бар деп ойлошубуз ажеп эмес.

1990-жылдын октябрындагы Бишкекте Ак үйдүн чыгыш тарабындагы (ал кезде азыркыдай коргон таптакыр жок эле) антикоммунисттик маанайдагы саясий ачкачылык да эгемендик идеялары менен коштолгон.

Эгерде калайыктын дал ушундай эгемендикке умтулган жалпы маанайы болбосо, анда 1990-жылы декабрда Кыргызстандын Жогорку Кеңеши жумурияттын эгемендиги тууралуу өзгөчө маанилүү декларацияны кабыл алмак эмес. Бул документ – бүткүл советтик Борбордук Азия үчүн «эгеменчил бомба» болгон. Анда жумуриятын аталышынан «советтик» жана «социалисттик» деген сөздөр алынып салынган. Бул – тек гана аталыштагы терминди кыскартуу эмес, тоталитардык СССРден Кыргызстан өз ыктыяры менен чыга алат деген маркум юрист Кубанычбек Нурбековдун осуят болуп калган ойлорунун жүзөгө ашырыла башташы болгон.

Албетте, бул декларация Кыргызстан тең укуктуу, эгемендикке эч шек келтирбеген конфедерацияга мүчө боло алат деген жылчыкты да калтырган. Бул жылчык – эгемендикке каршыбы? Эгерде болочокто Борбордук Азиядагы өлкөлөр азыркы Батыш Европадагы өлкөлөр сыяктуу эле демократиялуу мамлекет болуп өнүгүп чыкчу болсо, анда эгемендикке шек келтирбеген ири чөлкөмдүк ынтымакты (аны «Түркстан шериктештиги» деп атайсызбы, же «Борбордук Азия шериктеш-

тиги» деп атайсызбы, айырмасы жок) калыптандыруу удулу да пайда болору шексиз.

Ошондо азыркы Бажы биримдигинин теңсиздик тажрыйбасы толугу менен четке кагылмак. Чакан Люксембург, Бельгия менен ири Германия, Франция нагыз тең укуктуу болгондогудай өрнөктөр эске алынмак.

Демек, Кыргызстандын эгемендиги үчүн күрөш – анын эл аралык коомчулук менен тең ата, шериктеш, кызматташ, тынчтыкта жанаша жашоо принциптерине эч качан каршы келбей турган нерсе.

1991-жылы жайында Кыргызстандын коомчулугу жана анын бийлигинин басымдуу бөлүгү «Ашарчылар» менен КДКчылар чогуу уюштурган «Өмүр көчү» жүрүшүн толук колдоду. Ал тынч жүрүш 1916-жылдагы падышалык Орусияга каршы улуттук боштондук көтөрүлүштүн жана кандуу басылгандагы Улуу Үркүндүн 75 жылдыгына арналды. Бул жүрүш 1916-жылдагы окуялардын курмандыктарын коомдук эскерүү жаатында советтик Борбордук Азия чөлкөмү үчүн көзгө басар элдик кыймыл болгондугун айта кетелик.

1991-жылы июнь-июль айларында Бишкектин түштүк-чыгышындагы Чоң-Таш айылынын түштүгүндө тоо этектеринде тымызын археологиялык казуу жүрдү. Аны археолог Михаил Иванович Москалёв ал кездеги КГБнын көзөмөлү астында жүргүзгөнүн азыр элдин бардыгы билет. Дал ушул тымызын иликтөөнүн натыйжасында Кыргызстандын каймагы болгон инсандардын бир катарынын 1938-жылы сталиндик режим бир чуңкурга жашыруун көмгөн сөөктөрү кимге таандык болгону да аныкталды.

Атылган 137 кишинин көпчүлүгү СССРге каршы эгеменчил күрөшкө катышкан, «Социал-Туран» партиясынын катарында болгон, Кыргызстанды СССРден бөлүп чыгууга куштар империалисттик мамлекеттердин тыңчылары болушкан деп күнөөлөнгөндүгүн эми барды-

гы билет. Албетте, алар эч кандай тыңчы болушкан эмес, балким, СССРден чыгуу ниетин деле билдиришкен эмес, бирок алардын көпчүлүгү Кыргызстандын татыктуу, Орусияга теңата жумурият катары 1936-жылы биримдиктик («союздук») республика макамын алышы үчүн салым кошкондордун арасында болчу.

Чоң-Таштын төрүндө көмүлгөндөр жана Кыргызстандын РСФСРдин курамындагы Кыргыз АССРи макамынан СССРдин биримдиктик макамдагы жумурияты макамына көтөрүлүшүнө салым кошуп, бирок башка жагдайда, башка жерлерде атылган бардык бабаларыбыз Кыргызстанды толук эгемендикке карай бир тепкичке жогорулатып коюшкандыгы 1991-жылы нагыз айгинеленди.

1991-жылы 30-августта «Ата-Бейит» көрүстөнү расмий ачылып, анда ар кыл этностон турган 137 бабабыздын сөөктөрү арууланып кайра жерге берилди. Ал окуяга өзүм да КУУнун карапайым окутуучусу, КДКнын мүчөсү жана «Азаттыктын» тыш кабарчысы катары катышкан элем. «Ата-Бейит» аталышын залкар жазуучубуз Чыңгыз Айтматов берген. Анын атасы Төрөкул Айтматовдун сөөгү да ошол 137 кишинин сөөктөрүнүн арасынан табылган болчу...

Кыргызстандын туңгуч президенти, ал кезде либерал саясатты туткан Аскар Акаев, жумурияттын уламышка айланган Жогорку Кеңешинин төрагасы Медеткан Шеримкулов (ал 1991-жылдын 19-августунда кутум уюштурууга далалат кылган ГКЧПга каршы биринчи болуп эгеменчил айбаттуу билдирүү жасаган ала-тоолук мамлекеттик ишмер болду), депутаттардын басымдуу бөлүгү, өкмөт мүчөлөрү, айдындар, журналисттер, сталиндик террордон набыт болгондордун жакындары, нечендеген карапайым мекендештер бул сөөктү кайра коюу расмисине катышты.

Ал эми кийинки күнү, 1991-жылдын 31-августунда, Борбордук Азиядагы советтик жумурияттардын ичинен

биринчи болуп, Кыргызстан өзүнүн мамлекеттик көз каранды эместигин СССРдеги конституциялык укуктарына таянуу менен салтанаттуу жарыялады.

Маркум Кубанычбек Нурбековдун илимий эмгекке шөкөттөлүп камтылган осуяты, КДКчылардын жана башка эгеменчил күчтөрдүн тилеги толугу менен жүзөгө ашырылды.

Идеялар, анын ичинде эгемендик идеялары, жөнү жок эле жашай бербейт. Бул идеяларды колдоочулар жана удулу келгенде жүзөгө ашыргандар бар болгондугу үчүн жашайт. Кыргызстандын уламышта калган Жогорку Кеңеши тынч жол менен мамлекеттик көз каранды эместикти калыбына келтирүүдө опол тоодой салым кошту. Анын бул кадамы ага чейинки эгеменчил күчтөрдүн ырааттуу күрөшүнүн мыйзамченемдүү уландысы болду. Албетте, Кыргызстандын мамлекеттик көз карандысыздыкка жетишине жалпы СССРдеги авторитардык башкаруу борборунан обочолонуу жана бөлүнүү жүрүмүнүн да өзгөчө таасири жана колдоосу болду.

Бүгүнкү куттуу майрам күнү бардык эгеменчил ата-бабаларыбызга таазим этебиз.

Тынчтыкбек Чоротегин,
тарых илимдеринин доктору

(Булак:https://www.azattyk.org/a/kyrgyz-state-independence-29_blog_31-aug-2020_tch_kyug-/30812541.html)

КҮЧ ТҮЗҮМДӨРҮ МЕНЕН ЭЛДИН КАГЫЛЫШУУСУ ТОКТОЙ ЭЛЕК



5–6-октябрь, 2020-жыл. (Лайв блогинг)

Корутунду

Кыргызстанда 4-октябрда өткөн парламенттик шайлоонун жыйынтыгына нааразы партиялардын нааразылык акциясы 5-октябрда борбордук аянтта өткөн. Аянттагы митингди адегенде «Социал-демократтар», «Мекен Ынтымагы», «Чоң Казат», «Реформа» партиялары баштап, аларга «Ата Мекен», «Бир Бол», «Республика» жана «Замандаш» партияларынын лидерлери жана тарапкерлери кошулган. Түштөн кийин аянтка шайлоодо жеңишке жеткен «Мекенчил» партиясынын лидери Камчыбек Ташиев келген.

Кийинчерээк митингдин аягы башаламандыкка айланган. 6-октябрга караган түнү митингчилер парламент менен президенттик аппараттын имаратын, УКМКны ээлеп, камактагы бир топ саясатчыларды бошоткон. Алардын катарында Садыр Жапаров да бар болчу.

11:54. «Социал-демократтар» партиясы 4-октябрдагы парламенттик шайлоонун жыйынтыгына нааразылыгын билдирип, 5-октябрда Жогорку Кеңеш менен президенттик администрациянын имаратынын алдына митингге чыкты. Анда партия мүчөсү Ирина Карамушкина сүйлөп: «Бийлик шайлоону өзү каалагандай өткөрдү» – деп белгиледи. Ал бийликтин өзүм билемдигине оппозициянын алсыздыгы, чачкындыгы себеп болгонун айтты: «Кечээ биз көрдүк, алар өздөрү каалагандай жыйынтыктын сүрөтүн тартышты. Мектептердеги мугалимдерди мажбурлашты. Өлкөнү бандиттерге жана аткезчилерге ишенип тапшыра албайбыз».

12:16. Ак үйдүн жанында шайлоонун жыйынтыгына каршы нааразылык акциясына чыккандардын арасында пикир келишпестик чыкты. «Социал-демократтар» партиясы өткөрө баштаган акцияга бир нече адам келип, аларды кетирүүгө аракет кылышты.

12:43. Кыргызстанда парламенттик шайлоого катышкан дагы бир нече саясий партия биригип, бул жараянды мыйзамсыз деп табууну чогуу талап кылмай болушту. 5-октябрда «Реформа», «Мекен ынтымагы», «Чоң казат», «Ыйман нуру» жана «Ордо» партиялары бириккенин жарыялашты. Алар Бишкектин борбордук аянтында нааразылык акциясына чыгарын билдиришти. «Мекен ынтымагынын» лидери Темирбек Асанбеков өз сөзүндө: «Эгерде бул багыт менен кете берсек, Кыргызстандын келечеги болбойт. Ошондуктан баарыбыз биригип, шайлоонун жыйынтыгын жокко чыгарууну талап кылабыз» – деп айтты.

13:10. «Бир бол» партиясынан Жогорку Кеңешке талапкер болгон активист Руслан Акматбек: «Бүгүнкү күндө парламентти эле эмес, келечекке болгон үмүтүбүздү алдырып жибердик» – деди. Ал бул тууралуу 5-октябрдагы шайлоонун жыйынтыгына нааразы болгондордун митингинде билдирди.

13:29. Парламенттик шайлоонун жыйынтыгына нааразы болгондордун митингине келген кыз «Азаттыктын» кабарчысына сүйлөп жатып, көзүнө жаш алды. Ал: «Пикеткөй эмес, китепкөй Ала-Тоо бололу» – деп үмүттөнгөнүн айтты.

14:14. Бишкектин Ала-Тоо аянтында шайлоонун жыйынтыгын жокко чыгарууну талап кылып жаткан митингде кайрадан чуу чыкты. Трибунада «Мекен ынтымагы» партиясынын лидери Темирбек Асанбеков сүйлөп жатканда «Чоң казат» партиясынын өкүлү Сыймык Жапыкеев микрофонду тартып алууга аракет кылды. Ортодо кайым айтышуу чыгып, ага сөз берилген жок. Бир нече убакыттан кийин Жапыкеев кайрадан сөз алып, акцияны токтотпоого чакырды.

Бүгүнкү митинг алгач Жогорку Кеңештин жана президенттик аппараттын кеңсесинин алдында башталган. Апрель ыңкылабынын курмандыктарына коюлган эстеликтин жанында «Социал-демократтардын» өкүлдөрү сүйлөп, шайлоонун жыйынтыгын сындап жатканда «апрелчилербиз» деген топ келип, тоскоолдук жаратышкан. Ушундан улам «социал-демократтар» борбордук аянтта өтүп жаткан башка партиялардын нааразылык акциясына кошулушкан.

Азыр митинг улануууда. Аянттан жүздөгөн адамдарды көрүүгө болот.

Трибунада сүйлөгөндөр шайлоо өнөктүгү маалында да ар кандай чагымдар болгонун белгилеп, бирин бири ынтымакка чакырууда. Алардын арасынан «Социал-демократтар», «Мекен ынтымагы», «Чоң казат», «Реформа», «Бир бол» партияларынын өкүлдөрүн көрүүгө болот. Бул партиялардын өкүлдөрү митингде шайлоо тыянагына каршы бириккенин митингдин башталышында дагы бир жолу жарыялашкан. Алар башка партияларды да өздөрүнө кошулууга чакырышты. Митингде «Президент кетсин!», «Матраимов камалсын!», «Биримдик» кетсин!» деген ураандар айтылды.

14:17. «Мекенчил» партиясы бүгүн, 5-октябрда билдирүү таратып, учурда Ала-Тоо аянтында партиянын атынан сүйлөп жаткан Мелис Аспековдун партияга эч кандай тиешеси жок экенин жана ага партиянын атынан сүйлөө укугу берилбегенин маалымдады. «Мекенчил» саясий партиясынын басма сөз катчысы Нургазы Анаркуловдун маалыматына караганда, 4-октябрдагы парламенттик шайлоонун расмий жыйынтыгы чыкмайынча, партия кандайдыр бир кадамдарды таштабайт: «Парламенттик жарыштын жыйынтыгы толук чыга элек. Бардык участкалардагы добуштар эсептелип, бюллетендерди кол менен саноо процесси аяктап, жарыштын толук жыйынтыгы чыкмайынча биз комментарий бере албайбыз. Ал эми Аспековдун сөздөрүн чагым катары караш керек. Анын биздин партияга тиешеси жок, «Мекенчилдин» атынан мындай чечимдер тууралуу бир гана лидерибиз Камчыбек Ташиев жасай алат».

Нургазы Анаркулов партиянын тарапкерлерин сабырдуулукка чакырып, чагымга алдырбоого үндөдү.

4-октябрда өткөн парламенттик шайлоонун баштапкы жыйынтыгы боюнча «Мекенчил» саясий партиясы добуштардын 6,8% ин алган.

14:35. Парламенттик шайлоонун натыйжасын тааныбоо талабы менен уюштурулган митинг жыйынтык чыкмайынча улана берет. Бул тууралуу «Азаттык» радиосуна Бишкектин Ала-Тоо аянтында өтүп жаткан митингдин уюштуруучуларынын бири, «Реформа» партиясынын өкүлү Азият Жекшеев билдирди:

«Шайлоо жапырт мыйзам бузуу, элди коркутуп-үркүтүү менен өттү. Парламентке уурулар менен паракорлор, алтынчы чакырылыш (Жогорку Кеңеш – ред.) кайра келип отуруп алды. Биз жаңылануу көздөп шайлоого чыкканбыз. Бүгүн бул жерде элдин арасынан чыккан партиялар чогулуп жатат. Биригип, резолюцияга кол койгон партиялар эми аягына чейин барышат. Жыйынтык чыкмайын мөөнөтсүз митинг улана берет».

14:54. «Ата Мекен», «Бир бол», «Республика», «Замандаш» партиялары шайлоонун жыйынтыгын тааныбай турганын айтып, Ч.Айтматов атындагы Опера жана балет театрынын алдында тарапташтары менен тынчтык митингин өткөрүшүүдө.

15:10. Бишкектеги Опера жана балет театрынын имаратынын жанында 4-октябрда өткөн парламенттик шайлоонун жыйынтыгын тааныбоого жана жокко чыгарууга чакырган митинг башталды. Трибунадан «Ата Мекен», «Республика», «Замандаш» жана «Бир бол» партияларынын лидерлерин, өкүлдөрүн көрүүгө болот. Алар шайлоо жыйынтыгын жокко чыгарууну, кайрадан шайлоо өткөрүүнү талап кылып, ага бир күч менен катышарын билдирип, митингчилер шайлоо калыс эмес жана ыплас өткөнүн белгилеп, элди жер-жерлерде мыйзам чегинде каршылык билдирүүгө чакырып жатышат. «Шайлоо жокко чыксын!», «Бандиттин жана коррупционердин орду түрмөдө!», «Күрөш башталды!», «Туугандашкан система Бакиевдин бийлигинен ашып кетти!», «Шайлоонун алдында биригишибиз керек эле, азыр да кеч эмес» деген ураандар айтылууда.

15:25. Талас шаарынын мэриясы жана облустук администрация тынчтык митингин өткөрүүгө уруксат берген жок. Бул тууралуу «Республика» партиясынан талапкер болгон Кубат Болотканов билдирди: «Оппозициялык партиялардын өкүлдөрү, шайлоо жыйынтыгына нааразы болгон эл музыкалык драма театрынын алдына чогулдук. Бирок бул жерде жарык бербей коюшту».

Тынчтык митингине «Ата Мекен», «Бир бол», «Республика», «Чоң казат», «Ыйман нуру», «Реформа», «Социал-демократтар» партияларынан 300гө жакын адам чогулду.

Талас облусунда 4-октябрдагы Жогорку Кеңештин VII чакырылышынын депутаттарын шайлоодо «Мекеним Кыргызстан» партиясы – 21,72%, «Биримдик» – 19,21%, «Республика» – 19,15% добуш алган. Шайлоо

күнү облуста №2 форма менен добушканага барган шайлоочулар узун кезекке туруп, бир нече мыйзам бузуу да катталган.

16:14. Парламенттик шайлоонун жыйынтыктарына макул эмес саясий партиялар катышып жаткан «Ала-Тоо» аянтындагы митинг улануууда. Анда сүйлөгөн «Ата Мекен» партиясынан талапкер Элвира Сурабалдиева митинг мөөнөтсүз экендигин белгиледи: «Биздин артыбызда милиция кайтарып турат. Алар суу толтурулган миномёттор менен аткылап, иттер менен кубалоо буйругун алууда. Элдин укугу тебеленип жатса, мыйзамсыз шайлоону жеңдик деп ресторандарда тойлоп жатат. Ушул туурабы?» – деди саясатчы.

Митингчилер шайлоо калыс эмес жана ыплас өткөнүн белгилеп, элди жер-жерлерде мыйзам чегинде каршылык билдирүүгө чакырып жатышат.

Митингге «Ата Мекен», «Республика», «Замандаш», «Бир бол», «Реформа», «Ордо», «Чоң казат», «Социал-демократтар», «Мекен ынтымагы» партиялардын лидерлери, тарапкерлери катышууда.

16:29. Бишкектин «Ала-Тоо» аянтында парламенттик шайлоонун жыйынтыгын жокко чыгарууну талап кылган партиялардын митингинде Жогорку Кеңештин депутаты, «Ата Мекен» партиясынын шайлоо тизмесин жетектеген Жанарбек Акаев азыр ыйлай турган учур болуп жатканын белгиледи: «Буларды жокко чыгарышыбыз керек. Контрабандисттер, уурулар, «ака-укалар», куда-сөөктөр парламентти ээлеп алды. Кайра шайлоо! Кайра шайлоо! Кайра шайлоо кылышыбыз керек. Уурулар, туугандашкан жана кландашкан система шайлоого катышпашы керек. Элибизди сатып алышты. Мындай бийлик, мындай парламент кетсин! Эмне үчүн бийлик буга жол берди? Бүгүн Башкы прокуратура 25 мыйзам бузуу катталганын айтты. Бул күлкү да! Мына, Алай районунда беш миңден ашык адамды каттатышты. Ушундай арам, ыплас шайлоодон кийин бийлей турган эмес, ыйлай турган учур».

16:50. «Мекенчил» саясий партиясы 4-октябрда өткөн шайлоонун жыйынтыгын тааныбайт. Бул тууралуу «Азаттык» радиосуна партия лидери Камчыбек Ташиев билдирди. Ал тез арада жаңы шайлоо өткөрүү зарыл деп эсептейт: «Парламенттик шайлоо өтө ыплас жүргөнүн бүт эл көрдү. Муну бир же он адам айтып жаткан жок. Бүт эл айтууда. Ошондуктан жыйынтыгын жокко чыгарып, тез арада кайрадан шайлоо өткөрүшүбүз керек».

Ташиев ушу тапта «Ала-Тоо» аянтында өтүп жаткан нааразылык акциясына барды.

16:53. Жогорку Кеңештин VI чакырылышын депутаты, «Биримдик» партиясынан депутаттыкка талапкер болгон Евгения Строкова бул кырдаалга жалаң эле шайлоодон өткөн партиялар эмес, өтпөй калгандар да күнөөлүү деген пикирде. Ал «Азаттык» радиосуна: «Биринчиден, абдан кымбат биометрикалык системага эмнеге каражат салдык таза шайлоо баары бир өтпөгөндөн кийин, шайлоодон кийин эл нааразы боло бергенден соң электрондук документтин эмне кереги бар эле? Айыптоону анда кайсы бир партиянын акчасын алып, башкага салгандарга да коюшсун. Ошондо адилеттик болот да. Чындап келсе, добуш сатып алууга ар бир партияны айыптаса болот. Азыр аянтта бакырып жаткан партияларды деле айыптай алабыз. Бул мүшкүл мурдатан эле болуп келген. Аларды эл алдап кетти да. Бирок партиялар элдин атынан кыйкырып жатышпайбы. Ал эми эл башкаларды шайлабадыбы. Бул менин жеке пикирим. Тилекке каршы, эл эми «биз кыйналдык» деп нааразы болот. Өздөрү сатылып жатпайбы», – деди.

16:55. Аянттын алдына күч кызматкерлери чогула баштады.

17:05. «Биримдик» партиясынан Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкер Азамат Арапбаев 4-октябрдагы парламенттин VII чакырылышын шайлоо калыс, акыйкат өткөнүн билдирди. Ал ошондой эле шайлоодо жеңип

чыккан партиянын өкүлү катары өлкөнүн экономикалык өнүгүүсүн камсыз кылышарын да кошумчалады: «Элдин үнү ушул шайлоо менен угулду. Айрым жерлерде кандайдыр бир деңгээлде мыйзам бузуулар да болду. Аларды Борбордук шайлоо комиссиясы карайт. Каршы чыгып жаткан партиялар шайлоодо өзүн көрсөтө албады. Кыйкырып жаткандардан мыйзам бузуу боюнча факты сурап койсоңор болот. Ошол оппозициялык партиялар кийинки беш жылдыкка жакшылап даярдансын», – деди.

«Биримдик» партиясы 4-октябрдагы парламенттик шайлоодо добуштардын саны боюнча биринчи орунда келе жатат.

17:46. «Мекеним Кыргызстан» партиясынын лидери Мирлан Бакиров 4-октябрда өткөн Жогорку Кеңештин VII чакырылышына депутаттарды шайлоонун жыйынтыктары тууралуу ушундай пикирин билдирди. Анын айтымында: «Кыргызстанда шайлоо тилкелеринде ачык добуш берүүнү камсыз кылган биометрикалык система иштейт. Ар бир партия дараметине жараша аракет кылып, добуштарды алды. Бардык партия сөзсүз түрдө жеңишке жетет деген эреже жок да. Шайлоону тандоо дейт, бул жерде эл шайлады. Элдин тандоосун сыйлаш керек».

Мирлан Бакиров ошол эле мезгилде шайлоодогу добуш берүү жыйынтыктары толук чыга электигин билдирип, мыйзам бузуулар болсо БШКга кайрылуу зарылдыгын белгиледи. «Мекеним Кыргызстан» партиясы шайлоонун алдын ала жыйынтыгы боюнча жети пайыздык чектен өтүп, пайыздык көрсөткүчтө экинчи орунда келе жатат.

18:19. Бишкектин «Ала-Тоо» аянтында ушу тапта миңдеген адамдар топтолуп турат. Шаар бийлиги жана милиция митингге чыккандардын саны тууралуу азырынча расмий маалымат бере элек. 4-октябрдагы парламенттик шайлоонун жыйынтыгына нааразылык акциясынын уюштуруучуларынын бири, «Чоң казат»

партиясынын өкүлү Сыймык Жапыкеев 15 миңдей адам топтолуп турганын билдирди.

Сегиз партия уюштурган митингде сүйлөгөндөр шайлоодо добуш сатып алуу көп болгонун, бийлик буга чара көрбөгөнүн, парламентке «уурулар жана аткезчилер» өткөнүн айтып жатышат.

Шайлоону уюштуруу үчүн жооптуу болгон вице-премьер-министр Акрам Мадумаров шайлоодо мыйзам бузулган учурлар болгонун, бирок алар жалпы жыйынтыкка таасир бере албай турганын «Азаттыкка» билдирген.

18:24. Шайлоого нааразы болгондор Кыргыз Республикасынын Гимнин ырдашты.

18:25. Шаар бийлиги жана милиция митингге чыккандардын саны тууралуу азырынча расмий маалымат бере элек.

18:50. «Республика» партиясынын талапкери Кенжебек Бокоев 5-октябрда Талас шаарында өткөн тынчтык митингдин катышуучулары Бишкекке жол тартканын «Азаттыкка» билдирди.

«Бүгүнкү митингге жүздөгөн кайдыгер эмес таластыктар келишти. Анда шайлоону тааныбайбыз деген резолюция кабыл алдык», – деди ал.

19:11. 12 саясий партия Борбордук шайлоо комиссиясынан 4-октябрдагы шайлоону жокко чыгарууну талап кылган катка кол коюшту. Бул тууралуу «Ала-Тоо» аянтында өтүп жаткан митингде «Республика» партиясынын лидери Мирлан Жээнчороев билдирди. Жээнчороевдин айтымында, кол койгондордун арасында «Мекенчил» партиясы жана «жети пайыздык чектен өткөнү» белгилүү болгон «Бүтүн Кыргызстан» партиясы да бар».

«Үч ууру партиядан тышкары бардык партиялар кол койду, шайлоо жокко чыксын, бандиттер менен уурулар кетсин деп», – деди саясатчы.

19:19. Ички иштер министринин орун басары Алмаз Орозалиев күч кызматкерлери эски аянттын жанында токтоочу жайда жөн эле турушканын айтты.

19:44. 12 партия шайлоону жокко чыгарууну БШКдан талап кылуу чечимин кабыл алды.

20:29. Аянтта турган айрым адамдар Өкмөт үйүнүн алдына келип, имараттын дарбазасын талкалай башташты.

20:41. Бишкектин «Ала-Тоо» аянтында парламенттик шайлоонун жыйынтыгын жокко чыгарууну талап кылган митингчилердин бир бөлүгү президенттик администрация менен Жогорку Кеңештин имаратынын жанына келип, темир кашааларды аттап өтүп жатышат. Милиция аларга тоскоолдук кылган жок. Күч кызматкерлери Өкмөт Үйүнүн жанында тизилип турат. Желим бөтөлкө, таштар ыргытылууда.

20:54. Аянтка митингге чогулган элди күч түзүмдөрү көздөн жаш агызуучу газ, желим ок, катуу үндүү граната, суу чачып таркатууда. Акциянын катышуучулары Жогорку Кеңеш менен президенттик администрациянын имаратынын тосмосунан секирип кирүүгө аракет кылышкан. Милиция, ОМОН кызматкерлери митингдегилерди экиге бөлүп, атайын автоунаа жана иттердин жардамы менен кубалоодо.

«Азаттык» радиосунун кабарчыларынын түз эфиринен айрым жарадар болгон атуулдарды да көрсө болот. Митингчилер атылган октон жана түтүндөн улам тарап жатышат.

21:03. Бишкектеги «Ала-Тоо» аянтындагы митингди таратууда «Ата Мекен» партиясынан талапкер, депутат Жанар Акаев жараат алды. Бул тууралуу Акаевдин жардамчысы Орозбек Муратов кабарлады. Анын айтымында, бутунан жараат алган Акаевди ооруканага жеткирүү үчүн «Тез жардамды» күтүп жатышат. Интернетте тараган видеодо Акаевди бир нече адам көтөрүп баратканын көрүүгө болот.

21:17. «Азаттыктын» кабарчысынын маалыматы боюнча бери дегенде эки адам жараат алып, аларга «Тез жардам» кызматкерлери жеринде жардам көрсөтүүдө.

21:24. Аянтка митингге чогулган элди күч түзүмдөрү көздөн жаш агызуучу газ, желим ок, катуу үндүү граната, суу чачып таркатууда.

21:27. Бишкектеги митингчилер күч кызматкерлерине таш ыргытууда. Күч кызматкерлери желим ок атып жатышат.

21:23. Караколдун борбордук аянтында эл чогула баштады. Бул тууралуу Каракол шаарынын активисти Замира Оторбаева билдирди. Анын айтымында, өкмөттүн Ысык-Көлдөгү өкүлчүлүгүнүн маңдайында эл чогулууда. Алар шайлоонун жыйынтыгына макул болбогонун билдиришти. Ошондой эле облустагы айрым айылдардын тургундары да Бишкектеги митингге катышуу үчүн жолго чыкканы белгилүү болду. 4-октябрда өткөн парламенттик шайлоодо Ысык-Көл облусунун 51,8% ы добуш берген.

21:35. Саламаттык сактоо министрлигинин басма сөз катчысы Жылдыз Айгерчинова «Ала-Тоо» аянтында митингге чыккандарды таркатуу маалында күч түзүмдөрүнүн эки кызматкери жарадар болгонун «Азаттыкка» кабарлады. Экөөнүн тең мээси чайкалган. Аларды «Тез жардам» кызматы Улуттук госпиталга алып кетти. Азыркы тапта аянтта бир «Тез жардам» бригадасы иштеп жатат. Митингге келгендердин арасынан канча киши жарадар болгону белгисиз.

Буга чейин Бишкектеги «Ала-Тоо» аянтындагы митингди таркатууда «Ата Мекен» партиясынын талапкери, депутат Жанар Акаев жараат алганын анын жардамчысы Орозбек Муратов билдирген эле.

«Азаттыктын» аянттагы кабарчылары буга чейин эки катышуучу жарадар болгонун көрүп түз эфирден айтышты. Аянтка чогулган элди күч түзүмдөрү көздөн жаш агызуучу газ, желим ок, катуу үндүү граната, суу чачып таркатты.

21:37. «Азаттыктын» кабарчысы маалымдагандай, күч кызматкерлери көздөн жаш агызган газ колдонуп жаткандыктан, дем алуу кыйын болуп жатат.

21:52. Токтогул менен Тоголок Молдо көчөлөрүнүн кесилишинде орун алган «Нават» ресторанынын алдында машине өрттөнүп жатат.

22:16. Ички иштер министрлиги (ИИМ) Бишкектин «Ала-Тоо» аянтында өткөн митингди таркатуу себебин түшүндүрдү. Мекеменин басма сөз кызматы тараткан маалыматта төмөнкүлөр айтылды: «ИИМ тынч тарап кетүүгө чакырган. Бирок митингдин катышуучулары жана уюштуруучулары коомдук тартипти бузуп, Чүй проспектиндеги кыймылды бууганга аракет кылышты. Андан ары Жогорку Кеңештин имаратын курчаган темир дарбазаны агрессивдүү түрдө сындырууга аракет кылышты. Таш ыргытып, дарбазадан ашып кирүү аракетин көрүштү. Жарандардын коопсуздугун сактоо, шаардыктардын тынчтыгын бузбоо максатында митингге катышкандарды газ жана кулак тундуруучу атайын каражаттарды колдонуу, суу бүрккөн автомашиналарды пайдалануу менен таркатууга туура келди. Уюштуруучуларды жана партиялардын лидерлерин митингге катышкандарды үйүнө толук таратып кетирүүгө дагы бир жолу чакырабыз. Учурда Бишкек шаарында коомдук тартип орнотуу максатында милиция кызматы күчөтүлгөн режимде кызмат өтөөдө».

Буга чейин ИИМ аянтта чогулгандарды тарап кетүүгө чакырып, митингчилер арасында спирт ичимдиктерин ичип алгандар бар экенин белгилеген. Жарандардын ден соолугуна коркунуч жаралса же дагы башка жагымсыз окуялар болуп кетсе жоопкерчилик митингдин уюштуруучуларында, тактап айтканда, бир канча партия лидерлеринде жана алардын активдүү мүчөлөрүндө болорун эскерткен.

22:18. Мурдагы премьер-министр, «Ар-намыс» партиясынын лидери Феликс Куловдун пикиринде

президенттин аппараты менен парламент жайгашкан имараттын кашаасын сындырып кирүүгө жана секирип өтүүгө аракет кылгандар – митингди уюштуруучуларга каршы иштеген чагымчылар.

«Туура эмес болду. Менимче, ал балдар беткап кийип, башын жаап келгени – бул чагым», – деди Феликс Кулов «Азаттыкка».

Саясатчы ошондой эле жарандардын тынч митинг өткөрүү укугу Конституцияда кепилденгенин, эгер акция тынч өтүп жатса, аларга күч түзүмдөрү тоскоолдук кыла албасын, ал эми митингге чыккандардын шайлоонун жыйынтыгын жокко чыгаруу тууралуу талаптары боюнча Кулов төмөнкүлөрдү айтты: «Биз укуктук мамлекетпиз деп жазылган. 100 миң, мейли миллион добуш айырма чыккан күндө да шайлоонун жыйынтыгын толук жокко чыгарууга негиз болчу мыйзам же берене керек. Укуктук негиз болушу шарт. «Эл чыкты, каршы болуп жатат» – деп жокко чыгаруу туура эмес. Эртең «Мекеним Кыргызстан», «Биримдик» чыкса эмне болот? Согуш башталабы? Ошондуктан, Боршайком кайсы шайлоо бекеттери боюнча күмөн саноо бар болсо, ошол жерде добуштарды кайра эсептеп чыгышы керек жана №2 форма менен добуш бергендер боюнча да текшерүү жүргүзүүсү зарыл».

22:20. Саламаттык сактоо министрлигинин басма сөз кызматы «Ала-Тоо» аянтындагы митингди таркатуу учурунда 16 адам ар түрдүү жараат алып, ооруканага түшкөнүн маалымдады. Бишкек шаардык травматология, ортопедия илим изилдөө институтуна – 4, Улуттук госпиталга – 10, Бишкек шаардык №1 ооруканасына – 2 адам «Тез жардам» менен жеткирилди. Алардын жарааты канчалык оор экени такталууда.

22:57. «Ата Мекен» партиясынын штабы Жанар Акаев медициналык жардам алгандан кийин кайра аянтка кайтып бара жатканын маалымдады. Аталган партиянын мүчөлөрү митингдин катышуучуларын таркап

кетпөөгө чакырууда. Буга чейин Бишкектеги «Ала-Тоо» аянтындагы митингди таратууда «Ата Мекен» партиясынан талапкер, депутат Жанар Акаев жараат алганын анын жардамчысы Орозбек Муратов билдирген.

Аянтка чогулган элди күч түзүмдөрү көздөн жаш агызуучу газ, желим ок, үндүү граната, суу чачып таркатууда.

23:48. Аянтка жакын жерде айрым дүкөндөр талкаланды. Бул тууралуу «Азаттыктын» кабарчысына күч кызматкери билдирди.

23:53. «Азаттыктын» кабарчылары тартып жаткан видеодон айрым жерлерде өрт чыгып жатканын көрүүгө болот.

23:58: «Ата Мекен» партиясынан депутаттыкка талапкер болгон Тилек Токтогазиев бутунан жараат алганы тартылган сүрөт «Фейсбукка» жарыяланды.

00:13. Бишкектин айрым жерлеринде «Мегаком» байланышы өчтү. Интернет начарлаганы кабарлануууда.

00:24. Аянттагы демонстранттарды куып таратып жаткан маалда экономика министринин мурдагы орун басары Элдар Абакиров жараат алганы тартылган сүрөт «Фейсбукка» чыкты.

(Булак:https://www.azattyk.org/a/30875373
html?fbclid=IwAR3OXd3kz-sRASfUky-Yo-WkwnfAStdj8ue-
gktlorXvT0LpTl8svVqV0ds)

САДЫР ЖАПАРОВ ӨКМӨТ БАШЧЫЛЫККА КӨРСӨТҮЛДҮ



6-октябрь, 2020-жыл.

Кыргызстанда 5-6-октябрдагы окуялардан соң мыйзамдык талаага кайтып келүү аракети күмөндүү бойдон калды. Жогорку Кеңештин бир нече депутаты парламенттин төрагасын алмаштырды жана премьер-министрликке талапкер сунушташты.

Кыргызстанда парламенттик шайлоонун жыйынтыгына нааразы болгон толкундоолордон соң өлкөдөгү мыйзамдуу бийлик кризиси жаралды.

6-октябрга караган түнү демонстранттар Ак үйдү ээлеп алган. Андан бери президент жана өкмөт мүчөлөрү Бишкекте жүргөнү расмий кабарланганы менен иш жүзүндө кайда экени белгисиз.

Кыргызстанды мыйзамдык талаага кайтаруунун жалгыз жолу катары VI чакырылыштагы Жогорку Кеңештин депутаттары чукул жыйынга чогулуп, жаңы өкмөттү курашы керек деген сунуш айтылган. Дал ушул максатта ири сегиз партиянын өкүлдөрү кирген Коорди-

нациялык кеңеш парламенттин кезексиз жыйынын өткөрүүгө чакырган. Бул кеңештин курамына «Ата Мекен», «Республика», «Бир бол», «Бүтүн Кыргызстан», «Социал-демократтар», «Замандаш» партиялары кирди.

Кеңештин төрагалыгына шайланган «Бүтүн Кыргызстан» партиясынын лидери Адахан Мадумаров ушул жол менен гана өлкөнү мыйзамдуу нукка салуу мүмкүн экенин билдирди: «Координациялык кеңеш өлкө тез арада мыйзам талаасына келүүнү сунуш кылат. Көчө демократиясын токтотуу керек. Азыр иштеп жаткан Жогорку Кеңеш жыйынга чогулуп, анын жетекчилиги алмашуусу зарыл. Азыр өлкөдөгү бирден бир легитимдүү орган катары аларды чогулууга үндөйбүз».

Координациялык кеңеш саясий кризиске кептелген өлкөнү мыйзамдуу жолго кайтаруу үчүн гана түзүлгөн убактылуу орган болуп саналат. Бул кеңешке кирген мурдагы премьер-министр Темир Сариев азыркы кырдаалда Кыргызстандагы абалды көзөмөлгө алуу абдан маанилүү экенин билдирди: «Эртең Жогорку Кеңеш чогулса, анын төрагасы алмашышы керек. Ошондой эле учурдагы өкмөттү отставкага кетирип, жаңы коалициялык өкмөт түзүшү зарыл. Ушул өкмөт шайлоону өткөрүп бериши керек. Анткени БШК бүгүн шайлоонун жыйынтыгын жокко чыгарды. Мыйзам боюнча кезексиз шайлоо 45 күндүн ичинде жарыяланышы керек. Координациялык кеңеш өкмөт куралганга чейин коопсуздукту камсыз кылып, уюштуруу иштери менен гана алек болот. Өкмөт куралган соң анын ишине кийлигишпейт».

Жогорку Кеңеш экиге бөлүндү

6-октябрда Жогорку Кеңештин депутаттары кезексиз жыйын чакыруу үчүн кол топтоп, эки жерде чогулду. Мыйзамга ылайык кезексиз жыйынга чогулуу үчүн 120 депутаттын жарымынан көбү же 61 добуш керек.

Ошол эле учурда Бишкектеги «Достук» мейманканасында спикер Дастан Жумабеков чакырган парламент мүчөлөрү жыйынга чогулушту. Ага 64 депутат катышканы айтылганы менен иш жүзүндө канча депутат катышканы такталган жок. Бир канча депутат тил каттын негизинде катышып жатканы айтылды.

Залдын ичинде депутаттар ары-бери басып, имараттын сыртындагы жаш активисттерди чымыр денелүү жигиттер киргизбей турушту.

Жыйынды алып барган «Мекеним Кыргызстан» партиясынын лидери, учурдагы вице-спикер Мирлан Бакиров Дастан Жумабеков кызматтан кетүү боюнча арыз жазганын билдирди. Анын ордуна ошол замат Мыктыбек Абдылдаев сунушталып, жыйынга катышкан депутаттар аны бир добуштан шайлаганы жарыяланды. Андан соң Абдылдаев премьер-министр Кубатбек Боронов кызматтан кетүү тууралуу арыз жазганын билдирди. Анын ордуна абактан өткөн түнү чыккан Садыр Жапаровдун талапкерлиги көрсөтүлгөнү айтылды. Депутаттар эч бир суроо-сопкутсуз эле кол көтөрүп, колдоп коюшту. Добуш берүүдөн соң Абдылдаев буларды түшүндүрдү: «Жогорку Кеңештин көпчүлүк депутаттарынын добушу менен Жапаров Садыр Нургожоевичтин талапкерлигин премьер-министрликке көрсөттүк. Эми ал өкмөттүн курамын, түзүмүн жана программасын сунушташы керек».

Ошентип нааразылыкка чыккан эл Ак үйдү ээлеп алгандан 24 саат өтпөй парламенттин жетекчилиги дайындалды. Өкмөт башчылыкка талапкер көрсөтүлдү.

Момбеков: бүгүнкү чечимдер легитимсиз

Бирок кабыл алынган чечимдердин легитимдүүлүгү боюнча бир нече маселе чыгууда. Себеби Жогорку Кеңештин депутаттарынын бир бөлүгү Бишкекте башка жыйын өткөрүшкөн. Депутаттардын арасында «Ата Ме-

кен», КСДП, «Республика–Ата Журт», «Бир Бол» фракцияларынын айрым депутаттары катышты.

Бул жыйынга катышып жаткан Жанар Акаев «Азаттыкка» кабарлагандай, парламенттин чукул жыйын чакырууга 50гө жакын депутат кол койгонун кабарлаган.

«Эртең (7-октябрь) саат онго чейин 65 депутат кезексиз жыйын өткөрүп, жаңы парламент төрагасын шайлайбыз. Эл ишениминдеги элдик өкмөттүн курамын бекитишибиз керек. Азыркы көчөдөгү кырдаалды жөнгө салып, мыйзамсыздыкты, тартипти орнотуп, бир ыргакка келишибиз керек».

Жапаровду премьерликке көрсөтүү боюнча талаштуу чечим жарыяланган соң Жогорку Кеңештин депутаты Рыскелди Момбеков муну легитимсиз деп атады. Бүгүн парламенттин чукул жыйыны болору тууралуу көпчүлүк депутаттар кабарсыз калган:

«Кандай болгон күндө да бул легитимсиз. Анткени кезексиз сессия боюнча төрага бардык депутаттарга кабар бериши керек. Андай болгон жок. Премьер-министрди шайлоонун жол-жобосу таптакыр башка. Биз шайлоодогу мыйзамсыздыкка каршы чыгып талап кылып атсак, кайра бүгүн мыйзамсыз шайлап койгону таптакыр туура эмес. Бул – бийликти рейдерлик жол менен басып алуу деген эле сөз. Анын үстүнө ал жакта добуш берген депутаттар «Биримдиктин», «Мекеним Кыргызстандын» тизмеси менен шайлоого барышкан. Алардын добуш берүүгө моралдык укугу жок болчу. Мен эртең элге чыгып, бул мыйзамсыз экенин айтам. Бул өлкөдөгү стабилдүүлүккө кепилдик боло албайт. Кайрадан чоң чатакка алып келет. Жалаң «Кудайдан жөө качкан» депутаттарды катыштыруу менен кабыл алынган чечим реваншисттик эле аракет».

Буга чейин Садыр Жапаров бир нече оппозициячыл партия түзгөн Координациялык кеңешти мыйзамсыз деп

эсептерин жарыялады. Ушундай жол менен өлкөнү мыйзам талаасына алып барат деген Жогорку Кенештин депутаттары экиге бөлүнүп, эки башка максатты көздөөдө.

Ошентип кырдаалды жөнгө салуу үчүн Координациялык кеңеш түзгөн «Бүтүн Кыргызстан», «Республика», «Ата Мекен» партияларынын өкүлдөрү болсо, экинчи тарабында Садыр Жапаровду өкмөт башына алып келүүнү каалагандар болуп калды.

Мындай абалга кейиген «Ата Мекен» партиясынан депутат Садык Шер-Нияз учурда бардык саясатчылар жеке дымагын четке таштап, абалдан чыгуу үчүн биригүүгө чакырды: «Эми кайра ыймансыздыктын үлгүсүн көрсөтүп жатасыздар, урматтуу саясатчылар. Эми кайра силер спикердин ордун талашып, топ түзүп жатасыңар. Эл анын баарын көрүп турат, бир топ болуп жеңишке жетиш керек болчу».

Ал ортодо Кыргызстандын президенти Сооронбай Жээнбековдун кайда экени белгисиз бойдон турат. Президенттин басма сөз кызматы Жээнбеков Бишкекте экенин жана өз ишин улантып жатканын билдирген болчу. 6-октябрь күнү эртең менен видео кайрылуусу таратылып, анда Жээнбеков айрым саясий күчтөр бийликти мыйзамсыз тартып алуу аракетин жасап, шайлоонун шылтоосу менен коомдук тартипти одоно бузганын билдирген:

«Шаар тургундарынын тынч жашоосуна бүлүк салышты. Тартип сакчыларына баш ийбей, медиктерди сабап, имараттарды талкалашты. Кан төгүлбөсүн, бир да жарандын өмүрүнө коркунуч келбесин деп, күч органдарына ок чыгарбагыла деп буйрук бердим. Азыркы учурга чейин кырдаалды курчутпоо үчүн мүмкүн болгон чаралардын баарын жасадык. Мамлекеттин тынчтыгы, коомдун стабилдүүлүгү депутаттык мандаттан бийик», – деди президент Жээнбеков.

Анткен менен Сооронбай Жээнбеков мамлекет башчысы катары өлкөдөгү саясий күчтөр менен байланышка

чыгып, кырдаалды жөнгө салуу боюнча сүйлөшүү өткөргөнү жөнүндө маалымат жок.

Бишкек менен Ошто болсо бир нече акциялар өтүп, туруктуулук толугу менен камсыз боло элек.

5-октябрда парламенттик шайлоонун жыйынтыгына нааразы болгон партиялар баштаган тынчтык митинги массалык башаламандыкка айланып, 6-октябрда митингчилер парламент менен президент отурган имаратты, УКМКнын имаратын басып алышкан. Анда президент отурган жетинчи кабатка чейин адамдар кирип барышкан.

Бул түнү абактардан бир катар кылмыштарга айыпталган мурдагы президент Алмазбек Атамбаев, саясатчылар Садыр Жапаров, Равшан Жээнбеков, Сапар Исаков бошотулган.

Бакиевдер менен байланышкан банк чыры

Жапаров 1968-жылы Ысык-Көл облусунун Түп районуна караштуу Кең-Суу айылында туулган. Денетарбия институтунда билим алган. 1991–2005-жылдары кара май ташыган компанияларда иштеген. 2005-жылы Жогорку Кеңештин депутаты болуп шайланган.

Курманбек Бакиевдин бийлигинин тушунда бир катар жетекчилик кызматтарда иштеген. Маселен, 2006-жылы Мамлекеттик сыйлыктар боюнча комиссиянын мүчөсү, 2007-жылы Мунапыс берүү боюнча комиссиянын жетекчисинин орун басары, 2008–2010-жылдары Жемкордукту алдын алуу улуттук агенттигинин комиссары болуп турган.

Май айынын этегинде Садыр Жапаровдун эжеси Райкүл Жапарова Интерпол аркылуу Польшада кармалган. Райкүл Жапарова мурдагы президент Курманбек Бакиевдин уулу Максим Бакиевдин көмөгү менен «Ысык-Көл Инвест банкты» рейдерлик жол менен тар-

тып алганы үчүн айыпталып, 2015-жылы сыртынан соттолгон.

Жапаров 2010-жылы Жогорку Кеңешке «Ата Журт» партиясы менен депутат болуп келген.

Барымтага барып такалган иш

2012-жылы «Кумтөр» алтын кен долбоорун мамлекеттин карамагына алууну талап кылган митинг уюштуруп, анда да тополоң чыгып, ал депутаттар Камчыбек Ташиев жана Талантбек Мамытов менен чогуу кармалып, камакка алынган. Бишкектин Биринчи май райондук соту аларды 2013-жылы бир жарым жылга эркинен ажыратуу боюнча өкүм чыгарып, бирок кийин шаардык сот аларды актаган.

Жапаров «2013-жылы Караколдо митинг уюштуруп, Ысык-Көлдүн губернатору Эмилбек Каптагаевди барымтага алган» деген айып менен 2017-жылы кармалган. 2019-жылы Жогорку сот аны 10 жылга эркинен ажыраткан.

2018-жылы июнь айында экс-депутат 11 жыл алты айга кесилген. Былтыр апрель айында Жогорку сот анын жаза мөөнөтүн 1,5 жылга кыскартып, 10 жылын калтырган.

Буга чейин Жапаров президентке ырайым сурап кайрылган болчу. Президент Сооронбай Жээнбеков бул маселе мыйзамга ылайык чечилерин айткан. Ал 3-мартта, башаламандык менен коштолгон митингдин эртеси Коопсуздук кеңешинин жыйынын өткөрүп: «Бардык маселелер укуктук талаада чечилет, ультиматум тили кабыл алынбайт» – деп билдирген.

(Булак: https://www.azattyk.org/a/kyrgyzstan_crisis/30878591.html)

КЫРГЫЗСТАН:
АЯГЫНА ЧЫКПАГАН «ЫҢКЫЛАП»



Бишкектин «Ала-Тоо» аянтына шайлоонун жыйынтыгына нааразы болуп чыккан эл. 5-октябрь, 2020-жыл.

2-ноябрь, 2020-жыл.

Кыргызстанда 2020-жылдын 5-октябрындагы элдик толкундоонун шарапаты менен келген жаңы бийлик эл аралык коомчулуктан колдоо издөөдө. Борбор Азиядагы кризиске кептелген өлкөдөгү саясий-экономикалык кырдаалды кантип жөнгө салса болот?

АКШнын Тынчтык институту өткөргөн онлайн талкуу «Кыргызстан: Аягына чыкпаган «ыңкылап». 2020-жылкы толкундоо эмнеси менен айырмаланат?» деп аталат. Ага катышкан чет элдик жана жергиликтүү эксперттердин орчундуу ойлоруна орун берсек.

Соңку 15 жылда саясий системага нааразы болгон калың эл Бишкекте үчүнчү ирет Ак үйдү ээлеп алып,

бийликти алмаштырды. Башаламандык өкүм сүрүп турган жагдайда президент Сооронбай Жээнбеков кызматын тапшырса, саясий күчтөр бийлик талаш менен алек болду.

Бийликти мындай жол менен оодарып түшүүнү адатка айланткан Кыргызстанда 2005-жылдан бери демократиялык өзгөрүүлөрдү эңсеп чыккандардын толкуну авторитаризмге ыктоо менен басаңдайбы? Бул жолу саясий бийликти колго алгандар мурдатан белгилүү болсо да алардын ар бир кадамына кылдат байкоо жасап, саресеп салып туруу өтө маанилүү.

28-октябрда Вашингтондогу Тынчтык институту өткөргөн талкууга катышкандар Кыргызстанда саясий бийликтин алмашуусу жана андан кийинки окуялар Борбор Азия чөлкөмүндөгү туруктуулукка кандай таасир этерин талдашты. Анда сүйлөгөн эксперттер Бишкекте бийлик алмаштырууга уюшкан кылмыштуу топтордун аралашканына, жаштардын жапырт мобилизациясына, социалдык тармактардын жана COVID-19дун таасирине көңүл бурушту.

АКШ криминалга каршы күрөшкө чакырды

АКШ Кыргызстанга шайлоо өткөрүүгө жана коронавируска каршы күрөшүүгө көмөктөшөт. Бул тууралуу мамлекеттик катчынын Түштүк жана Борбордук Азия боюнча жардамчысынын биринчи орун басары Жонатан Хеник талкуу маалында айтты: «Биз Кыргыз Республикасынын эгемендигин жана башкаруунун демократиялык формасын колдойбуз. Кыргыз эли демократиялык келечегин, өкмөттүн түзүмүн, кантип жана качан шайлоо өткөрүүнү өзү чечет. Президенттик шайлоо 10-январга белгиленди, президенттин милдетин аткаруучу Садыр Жапаров Кыргызстандын Конституциясына ылайык, өз ыйгарым укуктарын тапшыруусу керек.

Парламенттик шайлоо 2021-жылы кечирээк болорун билдик, ал шайлоо эркин жана таза өтөт деп үмүттөнөбүз. Кыргызстандын жетекчилиги Конституцияны жана мыйзам үстөмдүгүн сактаганы өтө маанилүү. Кыргызстандын лидерлери уюшкан кылмыштуу топтун саясатка жана шайлоо жараянына таасирин токтотуу үчүн күрөштү улантышы керек. Айрыкча, уюшкан кылмыштуу топтун анабашы Камчыбек Көлбаев жана Райымбек Матраимовду кармап, жоопко тартуу аракетин колдойбуз».

2012-жылы АКШнын президенти Барак Обама дүйнөдөгү жети эң ири баңгизат королунун бири катары Камчы Көлбаевди «кара тизмеге» киргизген. Эки жылдан кийин Мамлекеттик департамент анын кылмыштуу схемасын ачып бергендерге бир миллион доллар сыйлык жарыялаган.

«Азаттык» радиосу өнөктөштөрү менен Матраимов аралашкан аткезчилик жана акча адалдаштыруу иштеринин айынан 700 миллион доллар Кыргызстандан чыгып кеткенин изилдеп тапкан.

Вашингтондун өкүлү: «Биз кыргыз өкмөтүн коомдук коопсуздукту камсыздоо үчүн криминалдык лидерлерди кармап, жоопкерчиликке тартууга үндөйбүз. Кыргыз Республикасынын коңшуларына жана эл аралык өнөктөштөрүнө Кыргызстандын эгемендигин урматтоону эскертебиз», – деди.

Хеник ошондой эле эл аралык коомдун Кыргызстандын жаңы бийлигине карата позициясы демократиялык баалуулуктарды коргошуна жараша болорун баса белгиледи:

«Биз Кыргызстандагы өнөктөштөрүбүз менен такай байланыштабыз. Кошмо Штаттар алдыда өтчү шайлоого, коррупцияга каршы аракеттерди күчөтүүгө жана пандемияга каршы күрөшкө көмөктөшөт. Эл аралык коомчулуктун жогорудагы маанилүү маселелерде колдоосу

Бишкектеги жаңы өкмөттүн демократиялык процесстерди колдогон, уюшкан кылмыштуулукка каршы аракеттеринен көз каранды» – деди ал талкууда сүйлөп жатып.

АКШ Кыргызстан эгемендикке жетишкенден бери эки миллиард доллардан ашуун көмөк көрсөттү, анын ичинде быйыл беш миллион долларды COVID-19га каршы күрөшүүгө бөлдү.

Жаңы бийликти тооруган тобокелдиктер

Талкуунун дагы бир катышуучусу, Москва мамлекеттик эл аралык мамилелер институтунун илимий кызматкери Иван Сафранчук азыркы бийлик кыргыз коомундагы бардык күчтөрдүн башын кошо албаса, аягы «жакшылык менен бүтпөй турганын» эскертет: «Жаңы бийлик эч нерсеге карабай, башка күчтөр менен эсептешпей эле бараткандыктан, кооптуу жагдайлар да ошончолук көп. Жаңы келгендер өз кызыкчылыгына туура келген саясий өзгөртүүлөрдү сунуш кылып, шайлоону жана ага чейинки өнөктүктү өз ыңгайына жараша тездетип жатат. Биз билгендей, башка саясий күчтөрдү жараяндан түртүп салгандын өзү өтө кооптуу. Тарыхтан белгилүү болгондой, кайсы бир маалда «революция өз балдарынын башын жутат». Андыктан жаңы келгендер башкалардын да башын кошуп, кызматташуусу зарыл. Алар жеңүүчүлөр эмес. Бул жерде «жеңүүчүлөр соттолбойт» дей турган жагдай эмес.

Кыргызстанда бийликке келгендер элге, мамлекетке кызмат кылып, өлкөдөгү башка саясий күчтөр менен кызматташуусу абзел. Азыр бийликке келгендер муну аңдайбы же жокпу, эгер аңдаса анда туура жолго түшөбү – ага көзүм жетпейт. Алар «күч атасын таанытпайт» дей берсе, анын аягы жакшылык менен бүтпөйт».

Вашингтондогу Улуттук коргоо университетинин профессору Мария Омеличева парламенттик шайлоодо

жана нааразылык акциясынан кийинки башаламандыкта уюшкан кылмыштуу топтордун аралашканына көңүл бурат:

«Уюшкан кылмыштуу топтор саясий башаламандыкта жана социалдык толкундоого такай таасир этип келгени талашсыз деген көз караштамын. Кыргызстандагы соңку окуялар айгинелегендей, кылмыштуу топтор саясатка эки жол менен аралашат: 1) Парламентке келүү үчүн ат салышат; 2) элиталар ортосундагы атаандаштыкты колдонуп, өз максатына жетүү үчүн бийлик вакуумун колдонот.

Башка кыргыз саясатчыларынан айырмаланып, Жапаровдун социалдык медиада ээрчиген калың тобу бар экенин көрдүк. Бирок бул Жапаровдун бардык бийлик бутактарын ээлеп алуусуна өбөлгө боло албайт. Жапаров – Ташиев тандемин бир катар кылмыш лөктөрү жана ашынган улутчул кыймылдар колдоору, алардын өз саясий кызыкчылыктары бардыгы билинип калды».

Кыргызстандагы «Тынчтык куруучу» институтунун негиздөөчүсү Кеңешбек Сайназаров эл аралык өнөктөштөрдүн жүрөгүн өйүгөн бир катар маселелерге көңүл бурду: «4-октябрдан кийинки окуяда эл адилетсиздикке чыдай албай, жаштарга тилектештик билдирип чыкты. Андыктан азыркы бийлик ачыктык, элдин алдында отчет берүү, мамлекеттик мекемелер эмне иш кылып жатканын жеткиликтүү айтып турушу керек. Андан сырткары бийликтеги коррупция, узурпация деген маселелер байма-бай чыгып жатат. Бул дагы сырткы дүйнөнүн тынчсызданууусун жаратууда.

Ушул тапта өлкөдө саясий бийликтин тең салмактуулуугу деген маселе турат. «Эки тизгин, бир чылбырды» колуна алды, бирок ошол эле маалда башкалар менен эсептешүү болбосо кайрадан эле нааразылык чыгары белгилүү. Эл аралык коомчулук козгогон бирден бир маселе да ушул.

Садыр Жапаров бийликке келгенден бери: «Мен бардык кыргызстандыктардын лидеримин» – деп айтты. Мен мындан ары дагы ал ошол сөзүнө туруп, өз иши менен көрсөтөт деп ойлойм. Эгер бөлүп-жаруучулук болсо анда коомдогу популярдуулугун жоготот жана аны эл да көтөрө албайт».

Саясат таануучу Анар Мусабаева Борбор Азиядагы аналитикалык порталга жазган макаласында өкмөт башчы жана президенттин милдетин аткарып жаткан Садыр Жапаровдун алдында турган милдеттерге токтолот:

Биринчиден, парламенттик шайлоону кыска мөөнөттө таза жана калыс өткөрүү;

Экинчиден, Садыр Жапаров өз тарапкерлерине берген убадасы менен жалпы мамлекет алдында алган жоопкерчилигинин ортосундагы диллеманы чече алабы? Бул ал үчүн өтө олуттуу жана тобокелдиги тоодой болгон сыноо;

Үчүнчүдөн, Садыр Жапаров эл аралык өнөктөштөрдүн ишенимине кире алабы? Бул Кыргызстандын дүйнөлүк аренада будөмүк тарткан беделин оңдоо үчүн өтө маанилүү. Андан сырткары экономиканын солгундашы жана эпидемиянын экинчи толкуну менен күрөшүүгө сырттан жардам керек;

Төртүнчүдөн, Садыр Жапаров саясий плюрализмди сактап, жарандык коомдун ар кыл өкүлдөрүнүн башын кошкон аянтча түзүп, жалпы коомду консолидация кыла алабы?

Эл аралык коомчулук эмне дейт?

АКШдагы Хельсинки комиссиясы Кыргызстанда эркин жана адилеттүү шайлоо өткөрүүгө, коррупцияга каршы аракеттерди көрүүгө жана адам укуктарын коргоого чакырган билдирүүсүн 28-октябрда таратты.

Комиссиянын төрагасы Элси Л. Хастингс жана тең төрагасы, сенатор Рожер Уикер Кыргызстанды эркин

жана калыс шайлоо өткөрүүгө, коррупцияга каршы күрөшүүгө, адам укуктарын коргоого үндөштү.

«Өлкөнү илгерилетүү үчүн бийлик тамырлашкан коррупцияны жоюп, жеке ишкерлерди жана чет элдик инвестицияны коргошу керек. Саясий оппозицияга, укук коргоочуларга жана журналисттерге көрсөтүлгөн кысым жана куугунтуктоолор жөнүндө билдирүүлөр бизди да тынчсыздандырат. Биз Кыргызстанды ушул кыйчалыш маалда адам укуктарын, анын ичинде этностук азчылыктардын укуктарын коргоону камсыздоого чакырабыз», – деп билдирүүдө айтылат.

Анын алдында эле Кыргызстан Бириккен Улуттар Уюмунун (БУУ) Өнүктүрүү программасына кайрылды. Тышкы иштер министрлиги кабарлагандай, кыргыз бийлиги коронавируска каршы күрөшкө жана шайлоо процесстерин жакшыртууга жардам сурады. БУУнун Өнүктүрүү программасы пандемия маалында Кыргызстанга 500 миң долларлык жардам көрсөткөн.

Европа Биримдиги Кыргызстанда санариптешүүгө бөлө турган алты миллион еврону берүүнү 2021-жылга калтырды. Биримдиктин тышкы саясат боюнча башкы комиссары Жозеп Боррел 15-октябрда билдирүү таратып:

«Парламенттик демократия жолунда бараткан Кыргызстанда президенттин ыйгарым укуктары премьер-министрге өткөрүлүп берилгени олуттуу суроо жаратууда» – деп коңгуроо каккан.

19-октябрда Кыргызстандын тышкы иштер министри Руслан Казакбаев Евробиримдиктин Борбор Азия боюнча атайын өкүлү Петер Буриан менен телефон аркылуу сүйлөшүп, Кыргызстандын бюджетин колдоого жардам сураган. Быйыл июль айында Брюссель бюджетти колдоого жана социалдык коргоо тармагына дээрлик 25 миллион евро бөлүп берген болчу.

Бишкекте бийлик кризиси күчөп турган маалда Кремль Кыргызстанга берчү финансылык жардамын «кырдаал турукташканча» токтотту. Былтыр Орусия Кыргызстанга 30 миллион доллар бөлгөн.

23-октябрда орус тышкы иштер министри Сергей Лавров журналисттин «Москва Бишкекке каржылык жардамын толук жандантабы?» деген суроосуна мындай жооп узатты: «Евразия фондунун Кыргызстанга 100 млн. доллар жеңилдетилген насыя берүү тууралуу чечими күчүндө, аны эч ким токтоткон жок. Биз Кыргызстандын мурдагы өкмөтү менен болгон макулдашууларды, анын ичинде эң башкысы Турукташтыруу жана өнүктүрүү боюнча Евразия фонду бере турган насыяны берүү мөөнөтүн аныкташыбыз керек».

Евразия фонду быйыл Кыргызстанга 100 миллион доллар берүүнү чечкен. Москва фонддун уставдык капиталынын 88% көзөмөлдөйт.

30-октябрда премьер-министр Садыр Жапаров Кытайдын Кыргызстандагы элчиси Ду Дэвэнди кабыл алды. Жапаров Кытай менен кызматташуу Кыргызстандын тышкы саясатындагы артыкчылыкка ээ багыттардын бири болуп саналарын белгиледи.

Элчи Ду Дэвэнь кытай өкмөтүнүн атынан Садыр Жапаровду премьер-министрдин кызматына дайындалышы менен куттуктады. Бээжиндин өкүлү Кыргызстанда иштеп жаткан кытайлык компаниялардын жана ишканалардын коопсуздугун камсыз кылуу маселесине көңүл бурду.

Ушул тапта Кыргызстан өнөктөш өлкөлөр, эл аралык уюмдар менен сүйлөшүү жүргүзүп, алардан жардам сурап жатат. Тышкы иштер министри Казакбаев билдиргендей, коронавирус пандемиясынын экинчи толкунуна каршы күрөшүүгө, президенттик, парламенттик шайлоо менен конституциялык реформаны өткөрүүгө, бюджеттеги 35–50 миллиард сомго чейинки тартыштыкты жоюуга тыштан финансылык жардам керек.

(Булак: https://www.azattyk.org/a/30924451.html)



Сатыбалды Жээнбеков. Архивдик сүрөт.

4-август, 2021-жыл.

Кыргызстан эгемендигинин отуз жылдыгы тарыхый мерчемден алганда анчалык деле узак убакыт эмес. А бирок бул учур кыйла оор, татаал, карама-каршылыктуу болду. Мындайда жаш мамлекеттин жаңыдан бутуна тура баштаган кездеги саясий ишмерлер эске түшөт. Сатыбалды Жээнбеков сап башындагылардын бири болчу.

Сатыбалды Жээнбековдун элге алынып, кыргыз саясий айдыңындагы алгачкы ишмерлер катарына кошулуп калышы коомдук-тарыхый жагдайлардан улам болду. 70 жылдан ашуун жашаган социализм тарыхый арена-

дан «күп» этип кулап түшпөсө, оголе көп саясий ишмерлердин «багы ачылбай» көптүн арасында билинбей кала бериши толук мүмкүн эле. Антсе да өз учурундагы дурус деген билимге ээ болуп, айылдык мугалимдигин таштап борбор шаар Фрунзеге келе бериши ал кишинин өмүр жолундагы жаркын баракчарынын бири болгон экен.

Кыргыз тележурналистикасында орус-кыргыз тилинде эркин сүйлөгөн коңур үндүү таланттарды беш манжа менен санооого болот. Ошондон анын ысмы чыгармачылык чөйрөгө тез таанылып, элге белгилүү болуп калган кезинде горбачевдук «кайра куруунун» шарданы жалгыз Сатыбалды Жээнбеков эмес, бир топ коомдук-саясий ишмерлердин багын ачты. Илим менен чыгармачыл чөйрөдөн келген ал топту «демократтар» деп коюшчу. Биринчи жолу башын ороп ачкалык жарыялагандар коммунисттик бийликке сын айтып, көбүн чочутуп, бир тобун бейпайга салган өзүнчө топ тарыхый бурулуш жасап, өлкөнү башка системага салары ал кезде эч кимдин оюна келе элек.

Сатыбалды Жээнбеков ошол биринчи чыккандардан болчу, айтчу сөзүн тартынбай жарыя кылып, анысы бирөөлөргө жакканы менен экинчилеринин куйкасын куруштарын деле эсепке алчу эмес.

Ал киши үчүн демократиядан ашкан баалуулук, андан мыкты түзүлүш, багыт жок эле. Анын алгачкы алиппесин Балтика боюндагы республикалардан алып, мурдагы союздук республикалар арасында прогрессивдүү жаштардын кыйласы ич ара байланыш түзүп, жашырын барышып, кожогой коммунисттик диктатураны кулатып, ордуна демократиялык түзүлүштү орнотууну жактагандар болчу.

Замандаштары эскергендей, ал баарынын ыкчам, так, калыс болушун жактырчу. Ушул мүнөзү аны башында колдоп чыккан туңгуч президент Аскар Акаев менен мамилесинин суушуна, оппозиция катарына өтүшүнө алып

келди. Айтылуу ГКЧП окуялары тушунда ал туңгуч президентти колдоп, мамлекеттик телерадио аркылуу калыс, ыкчам, так маалыматтарды берип, чоң борбордун көзүн карап тургандарды айран-таң калтырган.

Сатыбалды Жээнбеков мамлекеттик телерадио комитетинин жетекчиси кезинде мамлекет башындагылар эле эмес жаңыны эңсегендердин кыйласы арасат турушчу. Коммунисттик система урап калат деген кимдин капарына келиптир?! А бирок урап калчу системаны сактап калуунун соңку аргасын Кремлдеги бир ууч топ 1991-жылдын августунда баштаган. Москва толкуп, эңгезер империянын жер-жерлердеги төбөлдөрү жаңыны колдойлубу же эскини калтыралыбы суроосун так чече албай, айласы кетип арасат турган ГКЧП төңкөрүшү маалында Сатыбалды Жээнбеков башкарган мамлекеттик телерадио комитети чоң борбордогу жаңылыктарды калыс, объективдүү, анан ыкчам чагылдырып турду.

Сатыбалды Жээнбековдун сөз эркиндиги, журналистиканын эл аралык принциптерин ишке ашыруу жаатындагы эрдикке тете иши дал ушул кысталыш кырдаалда көрүндү. Кийин кыргыз эл жазуучусу Казат Акматов «Окуялар, адамдар (Миң бир күн)» деген эскерме баянында минтип жазган: «Колуна курал алып согушпаган менен Сатыбалды ГКЧП күндөрүндө кадимки баатырдыкты көрсөткөн жигит. Эмнесин жашырабыз, кошуна өлкөлөрдүн телеберүүлөрү 19–21-августтарда ГКЧПнын билдирүүлөрүн гана берип туруп албадыбы. Казак, өзбек телеберүүсү ал түгүл 20-августтагы Ельциндин Москва аянтында танк үстүнө чыгып путчисттерге каршы сокку урган мезгилин да бербептир. Ошолордун бардыгын коңшу мамлекет элдери керт башын тобокелге салып бардык чындыкты тайманбастан ачык айтып турган кыргыз телеберүүсүнөн көрүп, ГКЧПнын кимдер экенин түшүнүшкөн».

А бирок Сатыбалды Жээнбековдун ири маалымат каражатындагы реформасы көнүмүш орунга бекем отуруп

алган кесиптештерине, анан бийлик башында отургандарга жакпай, кызматынан алынып башка ишке которулду.

Президент А. Акаев менен жанындагы акыл кошчулары ушуну менен дымактуу демократты саясий талаадан четтетебиз деп ойлогон болуу керек. Саясий тиреш Сатыбалды Жээнбековдун табигый жөндөм-шыгынын дагы бир өңүтү – публицисттигинин ачылышына арык чаап берди. Жаңы бийликтин тартынбас сынчысы парламенттин орус тилдүү «Свободные горы» гезити болуп, басылманын активдүү авторлорунун арасында каймана аты менен Сатыбалды Жээнбеков жүрдү.

Азыркыдай интернет тарала элек кезде басма сөздүн окумдуулугу бийик, андагы курч макалалардын автору окурмандардын сүймөнчүгү, редакторлордун жакын досу болчу. Публицистика анын саясий ишмердигинин мейкинин кыйла кеңейтти. Буга чейин айта албай келаткан акыйкаттарын жарыя кылышына мүмкүнчүлүк түздү. Жаш өлкөнүн тежемелдигин, элибиздин бир даары ушу кезге чейин кокту-колот психологиясынан, мамлекет жасап бериши керек деген жанбактылык сезимден арыла электигин, анан бийлик башындагы адамга тиешелүү кемчилик-мүчүлүштүктөр, анын жасап жаткан ишиндеги жаздым басуулар жаап-жашырылбай ачык жазылып турду.

Мунун баарын ал өлкөбүз тезирээк оңолуп кетсе экен, бай мамлекеттер катарына кошулсак деген изги тилектен жасаган. Чынчыл автор эмнеликтен дурус башталган иштердин кыйласы артка кетип, өлкө экономикалык жагынан кескин алдыга жылбай, кендирди кескен кедейчиликтин азайышы таш бака жүрүшүнөн чыга албай турганына, дагы башка толгон-токой проблемаларга жаны ачып, байгерчилик замандын келиши кечигип жатканына ичи чыкпаса керек.

Сатыбалды Жээнбеков Кыргызстанды аябай сүйчү, анын өткөнү менен учурдагысына сыймыктанып, Кыргызстан түндүк-түштүккө, батыш-чыгышка бөлүнбөй, кыргыздар нукура улут катарына кошулуусун, анын алдыга жылышына будоо болуп жаткан тоскоолдуктардан эртерээк кутулуп, өлкөнү ичтен ириткен трайбализм менен кландык башкаруудан бачым кутулса экен деген тилекте жүрчү.

Жаш өлкөнүн кендирин кескен социалдык илдеттерди жашырып-жаппай ачык айтчу. Мекенине делген ысык сезим Орусияда окуп жүргөндө ойгонгонбу же бала кезинде адырда кой жайып жүргөн кезинде эле аң-сезимин уялап алганбы, болбосо каргадай кезинде жайлоонун шүүдүрүмү бутун үшүтүп, таш булактын тиш какшаткан муздак суусун кана жутуп, кымыздык менен ышкынын терип, тай-кунан минчү кезинде ойгонгонбу – бул сырды ал өзү менен кошо ала кетти.

Жаштыктын болуп-толуп турган курагында адам илгери үмүткө өзгөчө берилет, ошого ишеним артып жашайт. Жаңыдан түндүгүн көтөрүп өз алдынча жашоонун жолуна түшкөн мамлекет деле ошондой. Сатыбалды Жээнбеков тууралуу кеп кылганда мына ушул жагдайды – кыргыз демократиясынын «пионер кезин» эстейсиң, анын ары кызыктуу, ары татаал, карама-каршылыкка жык толгон тарыхый учурлары көз алдыңдан өтөт. Анын пенделик жашоо-турмушу жаңыдан телчигип келаткан кыргыз демократиясынын кызыктуу учуруна туш келди. Жасаган аракет-кыймылдарынын баары өлкө кызыкчылыгына, демократиялык өнүгүү жолуна түшүүсүнө кол кабыш кылуу ниетинен чыкканын мезгил ырастады.

Убакыт дегениң ушул тура, андан бери чейрек кылым ашуун убакыт өттү. Бул аралыкта өлкөбүз бийликти күч менен үч ирет алмаштырууну башынан кечирди, баш мыйзам канча ирет жаңыланганын, саясий окуялардын

жыштыгын, тез-тез алмашылган өкмөттөрдү, тагылган милдетин так аткарууга чама-чаркы жетишпей жаткан парламенттин абалын, дагы башка саясий турмуштан жаралган ополтоо суроолорду бул ирет козгобой эле коёлу.

43 жашында капыс өлүмгө туш келбесе Сатыбалды Жээнбеков Кыргызстандагы ири окуяларга карата пикирин билдирип турмак, кемчиликтерин көрсө тартынбай парламент дарчасынан айтып чыкмак. Өкүнүчкө, анын саясий айдыңдагы жолу жаңыдан ачылып, бергенинен бере элеги, жасаганынан жасай турганы көп чагында капыс ажалга кабылып, бу жалганды таштап кете бергени арман болуп калды.

Ушул жерден кыйла жылдардан бери эстеген сайын көңүл ооруткан бир учурду эскере кетким келип турат. Ал кишинин каза болгонун, сөөгүн айылга алып кетип жатышканын капыс угуп эски аэропортко барсак, бир топ киши чогулуп калган экен. Сөөктү алып бараткан депутаттардын арасынан Дооронбек Садырбаев, кайран Докем, чогулгандарга айылга учуп жатышканын, ушундай жаман иш болуп кеткенин айтты. Көп кармалбай тик учак карылдап-шарылдап көккө көтөрүлдү. Дооронбек акенин: «Ушинтип Сатыбалдыны таш боор ажалга алдырып ийдик» – деп көзүн жаштап айтканы алигече эсимде.

Докем пикирлеш инисин аябай жакшы көрчү. Ал шайлоо тоскоолдугуна кабылганда жер-жерлерге барып жыйындарда сүйлөп, парламенттеш инисин ачык колдоду.

Оппозиция

Оппозиция ал кезде Топчуке жетектеген Бишкек гуманитардык университетинде жолукчу. Эркин Шерниязов, Чапырашты Базарбаев, Сатыбалды Жээнбеков менен ушул жерде таанышкам. Сатыбалды Жээнбековдун сая-

сий жылдызы жанып, чыккан макалалары уу-дуу кепке арзып, демократтардын жыйындарында чыгып сүйлөп саясий ишмер катары таанылып калган учуру.

Парламенттик гезит апачык оппозициянын сөзүн сүйлөп, айтылуу «Республика» бийликтин ар бир кадамынан кадалып ката таап турган маалы. Сатыбалды Жээнбеков, Табылды Эгембердиев, Кубан Мамбеталиевдин жазгандары мактоого арзып, кыргызча демократиянын романтикалуу учуру күжүлдөп турган кези.

Сатыбалды Жээнбеков өзү ишенген, туу туткан принциптерин коргоодо тартынчу эмес, чын сөздү бийлигине, жашына карабай айтып салчу. Ташка тамга баскандай так, анан да безге сайгандай таамай сүйлөчү таланты бар эле ал кишинин.

Бир ирет айылга барып калсам, чоң апам жанына отургузуп алып: «Өй, сага окшоп «ачки» тагынган, мынабу Тайгарадан бир жигит депутат болом деп биздин айылга жолугушка келиптир. Казыбек жездеңин үкаларинан болот экен. Амирдин баласы дешти. Ой, айланайын, өмүрүн берсин, кыйын сүйлөйт экен. Тиги чоң атаңын жанында биздин айылдын адамдары чогулганынан бара калсам сүйлөп аткан экен. Айткандары баарыбызга жакты. Ошерден аялдарга айттым: «Депутаттыкка ушул жарагыдай, келгиле ушу жигитти колдойлу» – деп. Өзүбүзчө кеп кылып, башкаларга да айтып, өмүрүн берсин, ошо баланы сүрөдүк», – деп калды.

Дегеле ишсиз тура албаган чоң апам айылдагы кемпир-кесектердин баарын чогултуп, жамандык-жакшылыкта чогулуп калган жеринде башка айылдарга да айтып-деп отуруп ошол «көз айнекчен, бир даридай баланы» депутат кылып алышты. Жолу катуубу же ал кездеги бийлик Сатыбалды Жээнбековду өткөрбөш керек деп жогортон тапшырма алганбы, иши кылып депутаттыкка өтүшү кыйла ары сүр, бери сүр менен коштолгон.

Депутаттыкка өтүш ал кезде чынында эле кыйын болчу. Азыркыдай капчыгы калың кайсы бир базарчы олчойгон акчасын партия баштыгына берип, алдыңкы орундарды ээлеп, алдын-ала даярдалган жолугушууларга барып калк алдында сүйлөсө сүйлөп, сүйлөбөсө ырчы-чоорчуларын ойнотуп баса бермей жок. Акчасына, туугандыгына, жерине карап ушул жердин кулундарыбыз деп баш көтөргөндүн кыйласы атаандаштыкка чыгып алчу.

Бирок да эл көңүлүнө жаккан талапкерин толгон-токой тоскоолдорго карабай көтөрүп кетээрин, аягына чейин бекем туруп колдоп берерин ошол ирет көрсөттү. Атаандаш арасынан татыктуусун тандоо жагынан элдин саясий маданияты кыйла көтөрүлүп калган экен, ошентип Сатыбалды бийликтин тоскоолдуктарына карабай депутаттыкка өтүп кеткен.

Кыска убакка созулган депутаттык анын элине деген кызматынын соңку барагы болуп калды. 1996-жылдын майында кыргыздын чыгаан уулу табышмактуу жагдайда кайтпас сапарга кете берди.

Бекташ Шамшиев,
адабиятчы

(Булак:https://www.azattyk.org/a/uzun-maksat-kyska-oemuer/31383930.html?fbclid=IwAR3sFDLblN5OJbEZSscavcR6kQuxDcNb5uiMZTZKuquA16qjNJvW5RvrmGU)

КЫРГЫЗСТАН МЕНЕН «ЦЕНТЕРРА ГОЛД» БИРОТОЛО «АЖЫРАШУУГА» БЕТ АЛДЫ



28-декабрь, 2022-жыл.

Кыргыз өкмөтүнүн «Кумтөр» алтын кенин иш жүзүндө өз карамагына алганы 2021-жылдын башкы окуяларынын бири болуп калды. Бул кадам бир нече жыл кенди иштетип келген канадалык «Центерра Голд» компаниясы менен эл аралык соттогу тирешке жол ачты. Кыргызстандын өзүндө мурдагы президенттер жана премьер-министрлер баштаган ондогон аткаминерге «Кумтөрдөгү» коррупцияга байланыштуу түз же кыйыр түрдө айып тагылды.

Канадалык «Центерра Голд» (Centerra Gold Inc) компаниясынын жетекчилери Кыргызстанда улам жаңы келген бийлик менен тирештин бир далайын баштан өткөргөн. Кандай гана талаш-тартыш болбосун канадалык инвесторлор «Кумтөр» алтын кенин иштетүүнү улантып

келген. Бирок 2021-жылы Кыргызстан менен «Центерра Голд» биротоло «ажырашууга» баштанды.

Сырткы башкарууга ачылган жол

2021-жыл жаңырып, Кыргызстанда президенттик шайлоо өткөндөн кийин Кумтөрдүн тегерегиндеги окуялар тездик менен өнүгүп, май айында туу чокусуна жетти. 17-февралда Жогорку Кеңеште «Кумтөр» алтын кенинин ишмердигин иликтей турган депутаттык комиссия түзүлүп, кийинчерээк анын макамы мамлекеттик болуп өзгөрдү.

6-майда Жогорку Кеңеш «Центерра Голд» башкарып келген «Кумтөр Голд» компаниге сырттан башкаруу киргизүүгө жол ачкан мыйзам долбоорун дароо үч окууда жактырды. Бир күндөн кийин Бишкектин Октябрь райондук соту Кумтөрдөгү Давыдов, Лысый мөңгүлөрүндөгү калдык топтоочу жайды мыйзамсыз деп таап, «Кумтөр Голд» компанини 261 миллиард 719 миллион сомго айыпка жыкты.

12-майда мамлекеттик комиссия «Кумтөр Голд» компаниясына жалпысынан 4 миллиард 252 миллион доллардык (459 миллиард 558 миллион сом) доо коюп, анын бир бөлүгү экологиялык зыян, экинчиси төлөнбөй калган салык экенин жарыялады.

«Экологиялык зыян үчүн санкциянын көлөмү 3 миллиард 86 миллион доллар. 1 миллиард 166 миллион долларын «салык төлөгөн жоксуңар» деп жатабыз. Биздин мыйзамдар боюнча, эгер алар төлөй албаса, анда мүлктүн баары бизге өтөт», – деп белгилеген мамлекеттик комиссиянын жетекчиси, ал кездеги Жогорку Кеңештин депутаты Акылбек Жапаров.

17-майда Жогорку Кеңеш «Кумтөр Голд» компаниге убактылуу тышкы башкаруу киргизүүнү колдогон. Натыйжада, кыргыз өкмөтү ишканага октябрь окуяларынан

кийин Кыргызстандын атынан «Центерра Голддун» директорлор кеңешинин мүчөсү болуп шайланган Тенгиз Бөлтүрүктү тышкы башкаруучу кылып дайындаган.

Ошентип, эки жумага жетпеген убакыттын ичинде «Кумтөр» алтын кени де-факто толугу менен кыргыз өкмөтүнүн карамагына өткөн. Дооматтарды четке какканын «Центерра Голд» кенди көзөмөлдөбөй калганын жарыялаган.

Кумтөрдүн айланасындагы чукул өнүгүүлөр Канада менен Британиянын өкмөттөрүнүн жана Европа өнүктүрүү банкы сыяктуу эл аралык уюмдардын айыптоосуна кабылган. Өлкөдө инвестициялык климаттын абалына байланыштуу тынчсыздануулар айтылган. Кыска убакыттын ичинде «Центерра Голддун» Торонто биржасындагы акциялары 31% түшүп кеткен.

Кыргыз өкмөтү менен «Центерранын» тиреши

Натыйжада, кенди ондогон жыл бою иштетип келген «Центерра Голд» менен кыргыз өкмөтүнүн ортосунда ачык тиреш, кайым айтыш жана соттошуулар башталган.

16-майда канадалык компания кыргыз өкмөтүнө каршы Эл аралык арбитражга кайрылганын жарыялап, экологиялык доолор, салык маселелери мурдагы өкмөттөр менен кол коюлган келишимдер аркылуу чечилгенин эске салган.

17-майда канадалык компания Кыргызстандын «Центерра Голддогу» акцияларын башкаруу укугун чектеп, «Кыргызалтынга» таандык 26% акцияларды башка тараптарга өткөрүп берүүгө же алмашууга тыюу салган.

Үч күн өтпөй «Центерра Голд» кыргыз өкмөтү «Кумтөр Голд» компаниге тыштан башкаруучу кылып дайындаган Тенгиз Бөлтүрүктү Канаданын Онтарио шаарынын Жогорку сотуна берип, аны «Центерранын»

директорлор кеңешинин мүчөсү катары компания алдында алган жоопкерчилигин бузду деп айыптаган. Бөлтүрүк: «Канадалык компания менин атымды, кыргыз бийлигин, мамлекеттик комиссияны дискредитация кылуу аракетин көрүп жатат» – деп жооп кайтарган.

«Центерранын» адвокаттары негизги жүрүштөрүнүн бирин 31-майда жасап, «Кумтөр Голд» жана «Кумтөр Оперейтинг» компанияларынын атынан Нью-Йорктогу банкроттуулук боюнча сотко кайрылган.

Кыргыз өкмөтү эл аралык соттордо Кыргызстандын кызыкчылыгын коргоо үчүн «Arnold & Porter» юридикалык фирмасын жалдаган. Бул эл аралык фирманын өнөктөшү, Кыргызстандын адвокаты Бенжамин Минц июнь айында «Азаттыкка» жолдогон комментарийинде «Центерра» «Кумтөр Голд» ишканасынын атынан сотко кайрылууга укугу жок экенин белгилеген.

«Кыргызстан мындан тышкары АКШ соту бул маселеде юрисдикцияга ээ эмес деп эсептейт. Анткени Кыргызстанда иш алып барган жана кыргыз мыйзамдарына баш ийген кыргыз компанияларына байланыштуу банкроттук процесстин Нью-Йоркто өтүшү өзү акылга сыйбайт», – деп билдирген адвокат Минц.

Андан бери Нью-Йорктогу сотто бирде «Центерранын», бирде кыргыз өкмөтүнүн кызыкчылыгындагы майда чечимдер кабыл алынып жатты. Кантсе да кыргыз өкмөтү ишти караган судья Лиза Г. Бекермандын 15-сентябрда «Центерра Голд» колдогон адвокаттардын Кыргызстанга күнүнө 1 миллион доллардык санкция салуу тууралуу өтүнүчүн четке какканын «чоң жеңиш» катары кабыл алды.

«Кумтөр» маселеси Нью-Йорктогу соттон тышкары Стокгольмдогу Эл аралык арбитражда да каралышы керек эле. Бирок арбитр өз каалоосу менен ишти кароодон баш тартканы ноябрь айында белгилүү болгон. Азырынча жаңы арбитр дайындалганы так белгисиз. Декабрь

айынын ортосунда Кыргызстан да өз жүрүшүн кылып, канадалык компанияны «Кумтөр Голд» ишканасынын компьютерлерине кирүүгө бөгөт койгону үчүн сотко бергени белгилүү болду.

«Кумтөр иши»: абакка түшкөн аткаминерлер

Эл аралык сотто эки тараптын аргументтеринин таймашы жүрүп жатканда Кыргызстандын өзүндө мурдагы жана учурдагы аткаминерлер биринен сала бири кармалып жатты. Улуттук коопсуздук боюнча мамлекеттик комитет кен жаңы уюшулган учурда түзүлгөн келишимдерден тартып, соңку макулдашууларга чейин изилдөөгө киришкен.



«Ал жерде көптөгөн мурдагы премьер-министрлер, спикерлер бар. Депутаттар, мамлекеттик чоң кызматта иштегендер бар. Керек болсо, мүмкүн, биз кээ бир мурда иштеп кеткен президенттерди да жоопко тартабыз. Себеби алардын түздөн-түз тиешеси бар», – деп айткан эле 2-июнда УКМКнын төрагасы Камчыбек Ташиев.

Айтор, «Кумтөр» ишинин алкагында Кыргызстандын мурдагы үч президентине – Аскар Акаевге, Курманбек Бакиевге жана Алмазбек Атамбаевге түз же кыйыр түрдө кине тагылды. Экс-президент Сооронбай Жээнбеков да сурак берди.

30га чукул мурдагы премьер-министрлердин дээрлик үчтөн бирине чукулу «Кумтөргө» байланыштуу ар кыл айыптарга кабылды. Алардын ичинен өлкөнүн ичинде жүргөн мурдагы төрт премьер-министр – Өмүрбек Бабанов, Жоомарт Оторбаев, Темир Сариев жана Мухаммедкалый Абылгазиев «Кумтөр» боюнча тергөө абагына камалып, кайра ар кандай шартта чыкты.

Алгачкы президент Аскар Акаев баштаган топко «Кумтөргө» байланыштуу 1992, 1994-жылдардагы жана 2003-жылкы келишимдер боюнча кине тагылса, 2009-жылкы келишим боюнча мурдагы президент Курманбек Бакиев башында турган узун тизмедеги саясатчыларга сыртынан айып тагылып, издөө жарыяланды.

Акаевдин 2005-жылы Орусиядан баш калка тапкандан бери биринчи жолу август айында Кыргызстанга келип сурак бериши, «Кумтөр» ишиндеги негизги учурлардын бири болуп калды. Ал 14-декабрда дагы бир жолу Бишкекке суракка келип, кайра Москвага кайтып баргандан кийин өзүнө карата Кыргызстандагы «куугунтук токтотулганын», «бардык иштер жабылганын» айтты. Бирок мындай маекти улай Улуттук коопсуздук комитети кылмыш иши токтотулбаганын, Акаевге 1992-жылы «Камеко» компаниясы менен Башкы келишим түзүү жана 2003-жылы «Кумтөр» долбоорун реструктуризациялоо эпизоддору боюнча жаңы айыптар тагылганын билдирди.

Мурдагы бийлик башчыларынан тышкары «Кумтөргө» байланыштуу президенттин парламенттеги мурдагы өкүлү Данияр Нарымбаевге, 2012-жылкы чечимдер боюнча ошол учурдагы спикер, азыркы депутат Асылбек

Жээнбековго, депутат Төрөбай Зулпукаровго, 2017-жылдагы келишимдер боюнча биринчи экс-вице-премьер-министр Тайырбек Сарпашевге айып тагылган эле.

Соңку бир нече айдын ичинде айыпталган аткаминерлердин көбү ар кандай шартта тергөө абагынан чыгарылды. 2021-жылдын этегинде «Кумтөргө» байланыштуу эки киши – Нарымбаев менен Сарпашев абакта отурду.

Эксперттик чөйрөдө «Кумтөр» ишин кыргыз өкмөтүнүн «Центерра» менен соттошууга даярданып жатканы менен түшүндүргөндөр болду.

«Аскар Акаевди чакырып, бул жактагы таасирдүү адамдарды суракка алып, айрымдарын камоонун максаты «ушундай чоң коррупция болду, аны мурдагы президент дагы айтып берди» деп сотко материалдарды топтоо аракети болуп жатат. Экинчи жагынан, албетте, саясий упай топтоого далалат. Ушунча жылдан бери «Кумтөрдү» жеп-жуткандардын баарын кайра кустурабыз, калыбына келтиребиз деген шайлоодогу убадалары бар эмес беле», – деп билдирген талдоочу Орозбек Молдалиев.

Мунаса табуу аракети

Азырынча «Кумтөр» иши жана «Центерра Голд» менен соттошуулар качан, кандай аяктары так белгисиз. Кыргыз өкмөтү менен канадалык компания сентябрь жана декабрь айларында эки күндүк сүйлөшүүлөрдү өткөрдү.

Алгачкы сүйлөшүү Швейцариянын Женева шаарында өткөн эле. Октябрь айында Министрлер кабинетинин төрагасы Акылбек Жапаров «Центерранын» талабынын четин чыгарган болчу.

«Алар принципиалдуу түрдө Кыргызстандан кеттик деген чечимин айтты. Бирок «силер 26% акцияңарды бизге берсеңер» деген ойду дагы айтып жатышат. Биз андай болбойт, дообуз көп дедик», – деп билдирген Жапаров.

Декабрь айындагы сүйлөшүүнүн жыйынтыгы тууралуу кыргыз бийлиги да, «Центерра Голд» да маалымат берүүдөн карманып турат. Ошентсе да эки тарап тең мунаса табууга кызыкдар өңдүү.

Маселен сүйлөшүүлөрдүн соңку айлампасын утурлай «Reuters», «Financial Times» сыяктуу алдыңкы эл аралык басылмалар кыргыз өкмөтүнүн «талашты соттон тышкары чечүү» ниети тууралуу билдирүүлөрүн жарыялады. «Центерранын» жетекчилиги да маселени компенсация аркылуу жайгаруу жолун четке каккан жок.

«Centerra» кыргыз өкмөтүнүн дооматтарынын консенсус жолу менен чечилишине ачык бойдон турат. Бирок ал кендин адилеттүү баасын жана кыргыз өкмөтүнүн аракеттери себеп болгон зыяндын чыгымдарын чагылдырышы керек», – деп айтылат «Центерра» жолдогон катта.

Президент Жапаров канадалык компания менен сүйлөшүүлөрдү 2021-жылдын аягына чейин бүтүрүүнү тапшырганы кабарланган эле.

20-декабрда Канададагы «Canadian Dimension» журналында «Кумтөр» алтын кени үчүн күрөш соңуна чыгып бара жатабы?» деген макала жарыяланды. Анда автор, канадалык жазуучу Оуэн Шолк «Кумтөргө» байланыштуу бир катар жагдайларга токтолуп, президент Жапаровдун «Кумтөрдү» улутташтырганын көп адамдар колдогонун, ошол эле учурда «анын өз бийлигин кеңейтүү үчүн элге жаккан саясатты гана жүзөгө ашырып жатканын айткандар бар экенин» жазган.

Шолк жакында «Азаттыкка» курган маегинде «Центерра» менен кыргыз өкмөтүнүн тиреши кандай аякташы мүмкүндүгү тууралуу ойлору менен бөлүштү.

«Centerra» «Кумтөрсүз» деле иштеп кетерин, Түркия жана Канада сыяктуу башка жерлерде инвестициясы бар экенин айтып жатат. Балким, андай деле болушу мүмкүн. Бирок алар үчүн «Кумтөрдөн» айрылуу өтө

өкүнүчтүү жагдай. Себеби алар бул кенден миллиарддаган киреше таап турган. Кыргызстандын көз карашынан алганда окуялар кандай өнүгөрү да кызыктуу. Эгер кыргыз өкмөтү кенди көзөмөлгө алса, аларда алтынды сатууга байланыштуу маселелер жаралышы мүмкүн», – деди «Canadian Dimension» журналына макалаларын жарыялап жүргөн Оуэн Шолк.

Ал «Кумтөргө» байланыштуу Кыргызстандагы окуялардан Канада коомчулугу дээрлик кабарсыз экенин, расмий Оттава адатта чет өлкөдө иштеген канадалык компанияларга коюлган экологиялык дооматтарды көз жаздымда калтырарын кошумчалады.

«Кумтөр» алтынды кимге сатат?

Алтын демекчи, 17-сентябрда Лондондогу баалуу металлдар базарынын ассоциациясы (LBMA) «Кыргызалтындын» алтын аффинаждоочу заводунун аккредитациясын токтотуп, Кыргызстанды өндүргөн алтынын батыш өлкөлөрүнө түз сатуу мүмкүнчүлүгүнөн убактылуу ажыраткан. Уюм буга «Кыргызалтынга» «ыктымал алдамчылык» сыяктуу дооматтар коюлуп жатканын себеп катары көрсөткөн. Мындай жагдай Кыргызстандын ичинде «Кумтөрдүн» алтынын келечеги жана аны сатуу жолдору тууралуу ар кыл талкууларга жол ачкан.

Жогорку Кеңеште «Кумтөрдөн» казылып жаткан алтын кайда сатылып же сакталып жатканы, төлөнгөн салыктын көлөмү тууралуу да маселелер көтөрүлгөн. 13-декабрда депутат Осмон Турдумамбетов: «Өзүбүз иштетип жатабыз, канча алтын өндүрдүк, канча салык түштү, алтынды каякка, канчадан саттык? Сатпасак кайда сактап жатабыз?» – деп сурады.

19-декабрда Жалал-Абадда жергиликтүү эл менен жолугушууда президент Жапаров: «Кыргызстан «Кумтөрдүн» үзүрүн келерки жылдан тартып көрөт» –

деп ишендирген. Ал «Кумтөр» 100% Кыргызстандын колунда экенин, «кол коюу процедуралары» гана калганын билдирген.

Ишканада жылына 1 миллиард долларлык алтын казыларын айткан Жапаров ал акчанын жарымы компаниянын өз чыгымдарына жумшаларын, калганы таза киреше экенин кошумчалаган жана май айынан берки 200 миллион долларга жакын таза киреше азыр «Кумтөрдүн» эсебинде турганын белгилеген.

Мамлекет башчы Министрлер кабинетинин 25-декабрындагы жыйынында да «Кумтөр» маселесине токтолуп, Кыргызстан алтынды сата аларын дагы бир жолу белгиледи. «Кумтөрдөгү ишибизди алсыратуу максатында түрдүү бут тосуулар болду. LBMA «Кумтөрдө» өндүрүлгөн алтынды сатып алуудан баш тартты. Мен ошондо да айткам, алтындын кардары көп. Сатып жатабыз, сата беребиз», – деди Жапаров.

Тоо кенчилер жана геологдор бирикмесинин төрагасы Дүйшөнбек Камчыбеков Кыргызстан «Кумтөрдү» өз алдынча иштетип кетеринен күмөн санабайт. Ал өндүрүлгөн алтынды сатса болорун, бирок кеп анын баасында экенин айтты.

«Биз резервибизди көбөйтүү үчүн алтындын бир бөлүгүн өзүбүзгө сактасак болот. Ал эми экинчи бөлүгүн коңшу өлкөлөр, ошол эле Индия же Түркия сыяктуу башка сатып алуучулар бар. Аларга сата берсек болот. Бирок Лондондогу биржадагы сертификаттан айрылып калгандан кийин кандай сапат менен сатабыз? Ошого жараша баасы канча болуп калат? Сертификатыбыз жок болсо, жеңилдик менен сатышыбыз керек болуп калабы? Сүйлөшүү жолу менен сатканда баасы кандай болуп калат? Маселе ушул жерде болуп калат», – деди эксперт.

Камчыбеков «Кумтөрдө» ачык же жабык жол менен алтын өндүрүү жолдоруна жараша болочокто өндүрүлгөн алтындын көлөмү өзгөрүшү мүмкүндүгүн кошумчалады.

Ноябрь айында «Центерра» «Кумтөр» кени Кыргызстанга өткөндөн кийин алтын казуу мурда бекитилген пландан 24 пайызга кыскарып кеткенин билдирип чыккан. Кыргыз өкмөтү жана «Кумтөр Голд» компани бул эки маалыматты дароо төгүндөгөн.

Ишкананын тышкы башкаруучусу Тенгиз Бөлтүрүк Кыргызстан алтынды чет жакка сата электигин билдирген. Жакында Министрлер кабинетинин төрагасы Акылбек Жапаров «Кумтөрдө» жылдын соңуна чейин 14,5 тонна алтын өндүрүлө турганын айтты.

«Кумтөрдүн» таржымалы

«Кумтөр» алтынан кени Кыргызстандын ички дүң өнүмүнүн 10% ашыгын камсыз кылат. 1997-жылдан бери бул кенде 400 тоннанын тегерегинде алтын өндүрүлгөн.



Адеп «Кумтөр» алтын кен долбоорунун 67% Кыргызстанга, 33% канадалык «Камекого» караган.

2003–2004-жылдары бул долбоор «Центерранын» курамына бириктирилип, Кыргызстандын андагы үлүшү 33% түшкөн. Аны улай мурдагы президент Аскар Акаевдин тушундагы өкмөт 17% акциясын да сатып жибергени, Кыргызстандын «Центеррада» 15% үлүшү калганы белгилүү болгон.

2009-жылы мурдагы президент Курманбек Бакиевдин өкмөтү «Центерра» менен концессиялык келишимге кол коюп, анда «Центеррадагы» кыргыз өкмөтүнүн үлүшү 33% түзгөн.

2016-жылы кыргыз өкмөтү менен орток пикир табылбай жаткан маалда, «Центерра» компаниясы Түндүк Америкадагы жаңы кенди сатып алуу үчүн кошумча эмиссияларды чыгарган. Бул кыргыз тараптын үлүшүнүн 26,5% түшүп кетишине жол ачкан.

Бир нече жыл мурда «Кумтөрдөгү» алтын 2026-жылга барып түгөнөрү кабарланган. Бирок «Центерра Голддун» жетекчилиги жаңы чалгындоо аянттарынын эсебинен кендин өмүрү дээрлик 2031-жылга чейин узарып жатканын билдирген.

Мамлекеттик комиссия билдиргендей, «Кумтөр» алтын кенинен Кыргызстан 1,5 миллиард доллар, ал эми кенди иштетип жаткан канадалык «Центерра» компаниясы 11,5 миллиард доллар пайда тапкан.

(Булак: https://www.azattyk.org/a/31629416.html?fbclid=IwAR2JLmVZ puOE7__5oLgA4RQ516uriPaqvCykQ6Vuk_o_z2sqrB5oZjobsg)

ЭГЕМЕНДИККЕ 30 ЖЫЛ: КЫРГЫЗСТАН БАСКАН ТАТААЛ ЖОЛ



31-август, 2021-жыл.

31-августта Кыргызстандын эгемендик алганына 30 жыл толду. Өлкө 1991-жылы көз карандысыздыгын жарыялаган. Бул аралыкта алты президент алмашты, алардын үчөөнүн бийлиги ыңкылап жолу менен жаңыланды. Сырттан жасалган кол салуу, ички нааразылыктарды күч менен басуу жана улуттар аралык кагылыш мамлекеттеги талылуу окуялардан болуп калды. Ушундай кыйчалыш учурлар республиканы бирде өргө тартып, бирде артка кетирип олтурду.

«Азаттык» Кыргызстан баштан кечирген окуяларды хронологиялык тартипте тизип, эстеп, талдап көрүүгө аракет кылды.

Союздун тарашы жана эгемендик

КПССтин баш катчысы Михаил Горбачёв жарыялаган «Кайра куруу» реформалар программасынын жыйынты-

гы менен 1980-жылдардын соңунда СССРди экономикалык кризис каптайт. Бул жана башка жагдайлар калк арасында нааразылык туудуруп, түрдүү каршылыктарды жаратат.

1986-жылы Казак ССРинде жаштар ири акцияга чыгышса, 1987-жылы Крым татарлары автономия сурап Москвада жүрүш өткөрөт. 1987-жылы Жаңы-Өзөн шаарында, 1988-жылы Карабакта, 1989-жылы Ферганада, 1990-жылы Бакуда жана Ошто улуттар аралык кагылыштар орун алат.

Ал ортодо Эстон (1988), Литва (1989) жана Латвия (1989) ССРлери суверенитет жарыялап, 1990-жылы СССРдин курамынан чыкканын жар салышат. Азербайжан ССРи 1989-жылы, Грузин, Орус, Өзбек, Молдова, Украин, Беларусь, Түркмөн, Армян, Тажик, Казак жана Кыргыз ССРлери 1990-жылы алгач суверенитет жарыялайт. Булардын ичинде Армян ССРи гана биротоло СССРдин курамынан чыкканын кабарласа, калгандары иш жүзүндө советтик өлкөнүн ичинде кала берет.

Кыргызстандын өзүндөгү окуяларды тизмектесек, 1990-жылдын 22-октябрында Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин сессиясында президент шайлоо маселеси каралат. Бул кызматка парламент төрагасы Абсамат Масалиев жана башка партиялык ишмерлер Апас Жумагулов менен Жумгалбек Аманбаев талапкерлигин коюшат. 350 депутаттын 175инин добушун алган киши президент болуп шайланмак. Масалиев 171 добуш алып, биринчи президент болууга төрт добуш жетпей калат.

Натыйжада 27-октябрда кайрадан шайлоо өтүп, ага катышкан бир нече талапкердин ичинен Аскар Акаев 179 добуш алып, алгачкы президент болуп шайланат. Саясий чөйрөдө мамлекет башчы болууга алгач жазуучу Чыңгыз Айтматовго сунуш берилип, ал өзү академик Акаевди сунуштаганы айтылып жүрөт.

«Легендарлуу» парламент деген аталыш менен тарыхта калган Жогорку Кеңештин ошол кездеги курамынын депутаты Жамин Акималиев ал учурду мындайча эстеди: «1990-жылдын башынан баштап өлкөнү биз, парламент башкарып калдык. Партиянын кубаты кетти, эч нерсе чече албайт. Демократиялык күчтөр күчөдү. Советтер Союзу ыдырап жатат дейбиз, бирок президентибиз жок. Компартиянын биринчи катчысына болсо биз баш ийбейбиз. Иш жүзүндө мамлекетти сактап калдык, башкаруу эрежесин түзүп туруп анан Акаевдин колуна өткөрүп атпайбызбы. Чынын айтканда, бул кызматты кудай Масалиевге буйруп турган болчу. Алгач ага айтсак, баш тартып койду, бирок кийин шайлоого барды. Шайлоодо Аскар Акаев менен Абсамат Масалиев эле болгондо, анда Масалиев жөн эле утуп кетмек. Жумагулов менен Аманбаев чыгып алганы үчүн добуштар чачырап кетти да, Масалиев өтпөй калды. Акаев болсо анча-мынча добуштук айырма менен араң өткөн. Башка өлкөлөрдө жалаң эле 1-катчылар президент болуп калбадыбы. Масалиевди мен күчтүү жетекчи деп айта албайм, жумшак, бирок демократ, таза киши болчу. Ал киши болгондо, балким, өлкө башкача саясий нук менен кетмек. Бирок тагдырдын бурулушу Аскар Акаевдин пайдасына иштеп берди. Акаев өзү кийин элдик шайлоодон да утуп чыгып, Конституцияга кол койгондон кийин бизди, Кумтөр ишине байланыштуу таратып жиберди».

Жогорку Кеңеш 1990-жылдын 12-декабрында өлкөнүн аталышынан «советтик» жана «социалисттик» дегенди алып, 15-декабрында «Көз карандысыздык» тууралуу декларация кабыл алат. Бирок жогоруда белгилегендей, Советтер Союзунун курамындагы эркин өлкө деп эсептелип турат.

Бул арада СССРдин президенти болуп шайланган Михаил Горбачёв мурдагы советтик республикалардын алкагында жаңыланган федерация түзүүнү сунуштайт.

Бул боюнча 1991-жылдын 17-мартында бирикмедеги тогуз өлкөдө референдум өтүп, демилге кабыл алынды деп эсептелет. Өздөрүн эгемен деп жарыялаган алты өлкө бүткүл элдик добуш берүүнү өткөрүүдөн баш тартат.

«Көз карандысыз өлкөлөрдүн бирикмеси жөнүндө келишимге» 1991-жылдын 20-августунда Беларусь, Казакстан, Орусия, Тажикстан, Өзбекстан, күздө болсо Азербайжан, Кыргызстан, Украина жана Түркмөнстан кол коймок. Бирок 19-августта КПСС БКнын мүчөлөрүнүн тобу эгемен республикалар шериктештигин түзүүгө жол бербөө максатын көздөп, кутум уюштурат.

Өзүн «СССРдеги өзгөчө абал боюнча мамлекеттик комитет» (Государственный комитет по чрезвычайному положению в СССР – ГКЧП) деп атаган топ мурдагы СССРди сактап калууну жактап чыгат. «Август кутуму» («Августовский путч») деген ат менен тарыхта калган бул окуя, тескерисинче, союздун тезирээк тарашына себепчи болот. Союздук өлкөлөр биринин артынан бири эгемендик жарыялашат.

Анын ичинде Кыргызстандын Жогорку Кеңеши 1991-жылдын 31-августунда «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик көз карандысыздыгы жөнүндөгү декларацияны» кабыл алган. Ошентип, дүйнөнүн саясий картасында жаңы, өз алдынча, көз каранды эмес мамлекет – Кыргыз Республикасы пайда болот.

96,5% СССРди сактап калууга добуш берген

Жогорку Кеңештин ошол учурдагы төрагасы, эгемендик жөнүндө декларацияга кол койгон Медеткан Шеримкулов «Азаттыкка» курган маегинде ал окуяларды төмөнкүчө мүнөздөдү: «Президент дагы, парламент дагы, кыргыз өкмөтү дагы, жадагалса кыргыз коомчулугу дагы «Советтер Союзун ураталык» деген ойдон

алыс болчу. Ошол 1991-жылдын 17-мартындагы бүткүл союздук референдумда кыргызстандыктардын 96,5% «СССРди сактап калалы» деп добуш берген. Биз ага ынтызар болчубуз, оюбуз, максатыбыз ошондой болчу. Бирок Советтер Союзунун ичинде туруп, Кыргыз Республикасынын суверендүүлүгү сакталып турушун, өлкөнүн ички жана тышкы саясатын өз алдынча жүргүзүүсүн талап кылып жатканбыз. Мына ошого жол берген Советтер Союзунун мындан аркы келечеги жөнүндө келишимге 20-августта кол койгону Москвага барганы жатканбыз. 19-августтагы ГКЧП – мамлекеттик төңкөрүш аракети бизди, Кыргыз Республикасын башка республикалар сыяктуу өзүбүздүн эгемендигибизди сактап калууга чечкиндүү кадамдарды жасоого аргасыз кылды. Биз ошол кадамды жасадык. Эгемендик жөнүндө декларацияны 31-августта 350 депутат бир добуштан колдоп берип кабыл алды».

Өз алдынча мамлекет катары жаңылагандан кийин ушул эле 1991-жылдын 12-октябрында биринчи жолу жалпы элдик президенттик шайлоо өтөт. Иш жүзүндө бул мамлекет башчынын ыйгарым укуктарын легитимдештирүү аракети болчу. Ошол себептүү да бюллетенде, парламенттин чечими менен кызматта олтурган Аскар Акаевди бекитүүгө «макул» жана «каршы» деген жооптор гана коюлган. 95,33% добуш «макул» деген графага берилет.

8-декабрда Орусия, Беларусь жана Украинанын лидерлери Беловеж макулдашуусуна кол коюп, Көз карандысыз мамлекеттердин шериктештиги – КМШ уюмун түзөт. 21-декабрда Алматы шаарында ага Азербайжан, Армения, Казакстан, Кыргызстан, Молдова, Тажикстан, Өзбекстан жан Түркмөнстан кошулат.

1991-жылдын 25-декабрында СССРдин президенти Михаил Горбачёв иштен кетсе, 26-декабрда өлкөнүн парламенти бул кызматты жана жалпы союздук органдарды жоюу жөнүндө чечим чыгарат. Натыйжада, СССР мам-

лекети жоюлду деп эсептелет жана Орусия өзүн анын мураскери катары укугун сактап калат.

25-декабрда Кыргызстанды АКШ биринчилерден болуп эгемен өлкө катары тааныйт. Бирок Кыргызстан кийинки жылы, 1992-жылдын 2-мартында Бириккен Улуттар Уюмуна мүчө болуп кирет. Кыргыз Республикасынын Желеги анын эртеси 3-мартта кабыл алынат. 1992-жылдын 18-декабрында Гимн жактырылат.

«Москва жок, Компартия жок, Баш катчы жок кандай кылабыз? Болгон Конституция менен жашай албайбыз. Ошентип эски Конституциядан кетишибиз керек, өзүбүздүн Конституцияны кабыл алышыбыз керек дегенге токтолдук. Көбүнүн башы айланды. Себеби түшүнүк жок да. Депутаттык комиссия түзөлү да иштеп чыгалы деп, 50 кишилик комиссия куралды. Анан депутаттык эмес, мамлекеттик комиссия болуп түзүлдү да, депутаттардан мен да кирдим. Төрагасы Аскар Акаев, орун басары Медеткан Шеримкулов. Ай сайын эки ирет жолугушуу өткөрөбүз, ошентип 1991-жылдан 1993-жылга чейин, эки жыл иштедик. Ар кайсы өлкөлөрдүн, Советтер Союзунун Конституциясын талдап, өзүбүздүн Улуттук өзгөчөлүктөрүбүздү бириктирип туруп, абдан мыкты Баш мыйзам болуп чыкты. Биз өзүбүз эле кабыл алган жокпуз, элге салдык. Радиодон, басма сөздөн берилип турду, эл абдан кызыгып кетти да, талкуу катуу жүрдү. Сунуш-пикирлерди алып, кайра иштеп, алымча-кошумча кылып жатып Кыргызстандын туңгуч Конституциясын кабыл алдык», – дейт академик Жамин Акималиев.

Ооба, узак талкуудан кийин Жогорку Кеңеш 1993-жылдын 5-майында Кыргызстандын алгачкы Конституциясын бекитет. Баш мыйзам кабыл алынгандан беш күндөн кийин, 10-майда Улуттук банк өлкөнүн менчик валютасы – сомду жүгүртүүгө чыгарат. Мамлекеттик Герб 1994-жылдын 14-январында жактырылган.

1994-жылдын күз айларында «Легендарлуу парламент» таратылып, 1995-жылдын 5-февралында Жогорку Кеңешке жаңы шайлоо болот. Ушул эле жылы 4-декабрда мөөнөтүнөн мурда президенттик шайлоо өтүп, Аскар Акаев кайрадан жеңип чыгат. Бүткүл элдик добуш берүүнү бир жыл эрте өткөрүүнү кезинде оппозиция альтернативдик талапкерлерди чыгарбоо жана алардын даярдыгына бут тосуу катары баалаган.

Акаевдик, Бакиевдик жана Отунбаевалык бийликтин жолу

Аскар Акаевдин бийлиги мамлекеттик символикаларды кабыл алуу менен эле эмес, өлкөдө менчиктештирүү саясатын киргизгени менен да белгилүү. Советтик империядан калган мүлктөр, мал-жандыктар жана үлүш жерлер жарандарга бөлүнүп берилет. Анын ишке ашышына байланыштуу нааразылыктар көп жылдарга калат, жадагалса ушул күндөрү да ал жөнүндө талаш-тартыштар арбын.

Биринчи президенттин тушунда өлкөдөгү эң ири алтын запаска ээ Кумтөр кенин иштетүү канадалык компанияга берилет. Келишим үч жолу (1992, 1994, 2003) түзүлөт. Кыргыз экономикасынын өзөгү болгон кендин тагдыры ошол бойдон кыйшык кетет жана көп чырдын башы болот.

Акаев башкарып турган учурдагы ири окуялардын бири өлкөнүн коопсуздугуна коркунуч жараткан «Баткен коогасы». «Өзбекстан ислам кыймылы» аттуу диний экстремисттердин тобу 1999-жылы Кыргызстандын чек арасын бузуп, Баткен аймагына бастырып киришкен. Баткендеги бир нече айылдарды басып алган согушкерлер Чоң-Алай жана Чаткал райондорундагы чек арага жакын жайгашкан айылдардан да кирүүгө аракет кылышкан.

Өзбекстандын аймагына өтмөкчү болгон жоочулар менен сүйлөшүүгө барган Кыргызстандын расмий өкүлдөрү, аскер кызматкерлери барымтага алынган. Кармаш 2000-жылга чейин созулган жана андан Кыргызстандын ондогон жоокерлери жана жакын тургундары каза болгон. Сырттан жасалган бул чабуул өлкөнүн коопсуздугуна шек кетирип, куралдуу күчтөрдү реформалоого түрткөн. Ушул окуялардан соң Баткен облус макамын алган.

2000-жылдын 29-октябрында Аскар Акаев үчүнчү ирет президент болуп шайланган. Төрт өлкө менен чектешкен Кыргызстан ошол туштарда коңшулар менен чек арасын тактоо иштерин жандантат. Анын ичинде Бишкек Кытай менен кесилишкен жерлерин тактоодо Үзөңгү-Кууш жайлоосун Бээжинге алдырды деп айыпталат. Ага байланыштуу нааразылыктар 2002-жылы Аксы окуясына алып келет.

Ошол жылы 17-марттагы каргашалуу Аксы окуясында 6 адам окко учкан. Кийин Бишкекте Аксы окуясына жана Үзөңгү-Кууш чатагына байланыштуу укук коргоочу, экономист Шералы Назаркулов ачкачылык кармап жатып каза тапкан.

Коомдук ишмер Топчубек Тургуналиев ал окуялар жөнүндө ойлорун ортого салды:

«Кытайга жердин берилишине каршы чыгып жаткан Азимбек Бекназаровду Акаевдин бийлиги Жалал-Абадда камакка алган. Азимбекке түрмөдө да кол салышкан. Ал билинип калат да, эл көтөрүлүп чыгат. 27-январда Аксынын Кара-Суу айылында өткөн жыйында мен да болгом. Анан ошол окуяларга эл нааразы болуп чыгып, аны тосуу үчүн Боспиек айылына куралдуу күчтөрдү алып барып, элге кыргын салышкан. Ал жерге Куралдуу күчтөрдүн башкы командачысынын буйругусуз курал алып барышмак эмес. Ушул күнгө чейин ошо окуяларга баа берилген эмес. Мына ушул окуялар да март окуяларынын

чыгышына түрткү болду. Акаевдин шиши каканактап толгону, анан динамит катары шайлоодогу акыйкатсыздыктар кызмат кылды да, ошонун баары анын кызматтан кетишине алып келди».

2003-жылдын 2-февралында өткөн кезектеги референдумда Аскар Акаевдин президенттик мөөнөтү 2005-жылдын декабрына чейин деп 86,68% менен бекитилген. Бирок 2004-жылы оппозициянын масштабдуу биригүүсү орун алат. 2005-жылы 27-февралда 31 шайлоо округунда өткөн парламенттик шайлоонун жыйынтыгында президенттин кызы Бермет Акаева менен уулу Айдар Акаев депутат болуп өткөн. Бул бийликке нааразылыктарды дагы күчөтөт.

2005-жылдын 13-мартында Жогорку Кеңешке калган 43 округда шайлоолор болуп өткөн. Анын жыйынтыгында Курманбек Бакиев баштаган оппозициянын өкүлдөрү шайлоонун жыйынтыгын тааныбай турганын айтып, нааразычылык акциялары башталган. Роза Отунбаева башында турган «Ата Журт» оппозициялык блогу ишин жандантkан.

2005-жылдын 19-мартында Ошто, 23-мартта Баткен, Кочкор, Өзгөн, Базар-Коргон, Тоң райондорунун борборлорунда элдик курултайлар болуп өткөн. Нааразылык күч алып, 2005-жылдын 24-мартында төңкөрүш орун алган. Аскар Акаев түнү менен Москвага учуп кеткен.

Орусияда жүрүп курган маектеринин биринде тунгуч президент бул окуяларды көп жолу комментарийлеген. Алардын биринде 2005-жылы бийликти конституциялык жол менен өткөрүп бербегенине өкүнөрүн айткан эле:

«Эгемендиктин алгачкы 15 жылындагы биринчи президент катары бир өкүнүчүм бар. 2005-жылы конституциялык жол менен кийинки президентти шайлатып, бийликти өз колум менен өткөрүп берсем, анда менде өкүнүч болбойт эле. Катасыз чоң иш бүтпөйт, менде

каталар да болду. Бирок тең салмактап келгенде мен Кыргызстан үчүн көп эле пайдалуу иштерди жасадым. Саясий авантюристтер эркин шайлоодон президент шайлана албасына көздөрү жеткендиктен, 2005-жылдын март айында, мен кетерге жарым жыл калганда мамлекеттик төңкөрүш уюштуруп, күч менен бийликти алышты. Ошонун терс кесепети бүгүнкү күнгө чейин улануууда», – деген Аскар Акаев быйыл «Youtube» порталындагы «Автор ТВ» каналына берген интервьюсунда.

Ошентип, 2005-жылдын 5-апрелинде Москва шаарында Аскар Акаев Бишкектен барган, курамында Өмүрбек Текебаев, Садыр Жапаров жана башкалардан турган депутаттар тобу менен жолугуп, өз ыктыяры менен президенттик кызматтан баш тарткан арызга кол койгон. Мурдагы премьер-министр Курманбек Бакиев президенттин милдетин аткаруучу болуп, ушул эле жылы 10-июлда экинчи президент болуп шайланган. Бакиев мурдараак төңкөрүш учурунда абактан бошотулган Феликс Кулов менен тандем түзүп, аны премьер-министрликке дайындаган.

2006-жылы оппозициянын Алмазбек Атамбаев, Өмүрбек Текебаев, Темир Сариев, Өмүрбек Бабанов, Болот Шер, Мелис Эшимканов башында турган өкүлдөрү президент Курманбек Бакиевди конституциялык реформаларга барууга чакырган ири митингдерди башташкан. Ортодо Ф.Кулов кызматтан кетип, бийликке каршы «Бириккен элдик фронт» түзгөн.

Бирок 2007-жылы 21-октябрда Бакиев сунуштаган Конституциянын башка – жаңы долбоору кабыл алынган. Эртеси күнү Жогорку Кеңеш таркатылган. 2007-жылдын 16-декабрында Жогорку Кеңештин жаңы чакырылышы шайланып, президент түзгөн «Ак жол» партиясы көпчүлүк добуш алган.

2009-жылдын 23-июлунда мөөнөтүнөн мурда өткөрүлгөн президенттик шайлоодо Курманбек Бакиев 76%

менен шайланып, экинчи мөөнөткө бийлигин узарткан. 2009-жылдын 26-октябрында президенттин жарлыгы менен анын уулу Максим Бакиев башында турган Өнүктүрүү, инновациялар жана инвестициялар боюнча борбордук агенттик – ЦАРИИ түзүлгөн.

2010-жылдын 1-январынан тартып эл үчүн электр кубатына баа эки эсеге өскөн, ар бир телефон чалууларга кошумча 60 тыйын акы киргизилген. 11-мартта «Азаттык» радиосу жабылган. Бул жана башка жагдайлар бакиевдик бийликке карата нааразылыктарды күчөткөн.

2010-жылдын 17-мартында Бишкекте элдик курултай өтсө, 6-апрелде Нарын жана Талас шаарларында митингге чыккан нааразы тараптар облустук администрацияларды басып, элдик бийлик орнотулганы тууралуу кабар таратышкан.

Бул күндөрү Бишкекте, Таласта жана Ошто оппозиция лидерлери биринен сала бири камакка алынган. 7-апрелде Бишкекте митигге чыккандарга карата бийлик тарабынан ок атылып, алгач 87 адам набыт болуп, 1500дөй демонстрант жаракат алган. Акцияга чыккандар Ак үйгө бастырып киришет. Президент Курманбек Бакиев иниси Жаныш Бакиев менен Жалал-Абадга качкан.

Элдик курултайдын аткаруу комитети бийлик тактан оодарылганын жарыялап, Роза Отунбаева башында турган Убактылуу өкмөттү түзгөн. Отунбаевага Алмазбек Атамбаев, Өмүрбек Текебаев, Азимбек Бекназаров, Темир Сариев орун басар болушкан. Жалпы курамы 14 кишиден турган.

2010-жылдын 14-апрелинде Курманбек Бакиев Ош, Жалал-Абадда өз бийлигин орнотуу аракеттери оңунан чыкпай калгандан кийин алгач Казакстандын Тараз шаарына учуп, андан ары Беларустун Минск шаарына чыгарылып кеткен.

«2010-жылкы «Апрель окуясы» 2005-жылкы «Март окуясынын» идеялары ишке ашпай калганы үчүн болду. Шайлоо калыс өткөн жок, куугунтуктар, Акаев баштаган үй-бүлөлүк, кландык диктатураны Бакиев да улантты. Кайсы мамлекетте президент элге мылтык сунуп, ок аттырат? Бул кандай деген адамдын колунан келет? Акаев канча акчаны чыгарып кетсе, Бакиев да ошондой миллиарддарды өлкөдөн чыгарып кетти. Мына ошолордун баарына Акаевди да, Бакиевди да жоопко тарттыра албай олтурабыз», – дейт Топчубек Тургуналиев.

«Апрель окуясынан» эки айдан кийин, 10–14-июнь күндөрү Ош, Жалал-Абад облустарында улуттар аралык кандуу кагылыштар катталган. Анын натыйжасында 442 адам окко учкан. 925 адам ар кандай жаракат алышкан. 545 адам кылмыш жоопкерчилигине тартылган.

2010-жылдын 27-июнунда – жалпы элдик референдум аркылуу жаңы Конституция кабыл алынган. Убактылуу өкмөттүн төрайымы Роза Отунбаева ушул эле бүткүл элдик добуш берүү аркылуу өткөөл мезгилдин президенти болуп шайланып, 2011-жылдын аягына чейин башкарууга бекилет.

Рулда Атамбаев, Жээнбеков жана Жапаров

2010-жылы бийликте Убактылуу өкмөт турганы менен, ошол эле жылы күздө өткөн парламенттик шайлоодо Камчыбек Ташиев, Садыр Жапаров, Акматбек Келдибеков баштаган «Ата Журт» партиясы биринчи орунда келет. Көп орунду алган саясий топ Жогорку Кеңештин маанайын түзүп, Келдибеков спикер болуп калат.

2011-жылдын 30-октябрында президенттик шайлоо өтүп, Отунбаеванын тушунда премьер-министр болуп турган Алмазбек Атамбаев 62,52% менен мамлекет

башчысы болуп шайланат. Ушул эле жылы 1-декабрда жаңы түзүлгөн көпчүлүк коалиция премьер-министрлик кызматка Өмүрбек Бабановду бекитет. 21-декабрда болсо Жогорку Кеңештин төрагылыгына Асылбек Жээнбеков олтурат.

2012-жылы Садыр Жапаров жетектеген депутаттык комиссия Кумтөр боюнча иликтөө жүргүзүп, анын жыйынтыгында кенге оперативдик башкаруу киргизүүнү сунуштайт. Бул процесс «улутташтыруу» деп аталбагаы менен иш жүзүндө кенди мамлекетке алуу болчу. Бирок Жапаров сунуштаган токтом долбоору өтпөй калат, Өмүрбек Бабанов баштаган өкмөт башка, мамлекеттик комиссия түзөт. Бабанов өзү күздө премьер-министрликтен кетип, анын ордуна Жантөрө Сатыбалдиев дайындалат.

Депутаттар Садыр Жапаров, Камчыбек Ташиев жана Талант Мамытов болсо 2012-жылдын 3-октябрында Кумтөргө байланыштуу Бишкекте митинг кылып, Ак үйдүн дарбазасынан ашып өтүшөт. Натыйжада, үчөө тең камакка алынат. Бул соңку аталган үч саясатчыларды кийин бийликке алып келүүгө салым кошкон окуялардан болуп калат.

Кыргызстан 2015-жылы жайда мурдагы Бажы Биримдиги, жаңыдан Евразия Экономикалык Биримдиги (ЕАЭБ) деп аталган уюмга кошулат. Натыйжада, бажыда бир топ чектөөлөр кирет жана ал азырга чейин нааразылыктарды жаратып келет.

Ушул эле 2015-жылдын 4-октябрында Жогорку Кеңештин алтынчы чакырылышына шайлоо өтүп, анын жыйынтыгында алты партия утуп чыгат. Биринчи орунду атамбаевчил КСДП партиясы алган.

Соңку референдумда Конституцияны 2020-жылга чейин өзгөртүүгө чектөө коюлганына карабай президент Алмазбек Атамбаевдин бийлиги 2016-жылы конституциялык реформа жасайт. Бүткүл элдик добуш берүүдө

кабыл алынган Баш мыйзамда негизинен премьер-министрдин ыйгарым укуктары кеңейтилет. Бул кезинде Атамбаев президенттиктен кеткенден кийин кайра өкмөт башчылыкка келиши мүмкүн деген түкшүмөлдөрдү жаратат.

Ал ортодо Өкмөттүн Ош облусундагы өкүлү Сооронбай Жээнбеков 2015-жылы Мамлекеттик кадр кызматына директорлукка бекилип, 2016-жылы президенттин аппаратынын биринчи орун басарлыгына келет. Ушул эле жылы премьер-министрликке секирген Жээнбеков 2017-жылы Атамбаевдин колдоосу менен президенттикке аттанат.

2017-жылдын 15-октябрында өткөн шайлоодо Сооронбай Жээнбеков 54,22% добушун алып, мамлекет башчы болуп калган. Ага курч атаандаштыкты түзгөн Өмүрбек Бабановго шайлоодон кийин кылмыш иши козголуп, өлкөдөн чыгып кеткен.

Мамлекеттик бажы кызматынын төрагасынын мурдагы орун басары Райымбек Матраимовдун кызматтан алынышына байланыштуу келишпестиктен улам 2018-жылы Сооронбай Жээнбеков менен Алмазбек Атамбаевдин ортосунда тиреш башталат. Ал окуянын артынан Атамбаевдин «кол тийбестик» макамы алынат. 2013-жылы кримтөбөл Азиз Батукаевдин абактан бошотулушуна байланыштуу Атамбаевге кылмыш иши козголуп, 2019-жылы августта камакка алынат. Атамбаев суракка баруудан баш тартканы үчүн укук коргоо органдары анын Кой-Таш айылындагы үйүнө бастырып кирип, атышуу болгон. Анын жүрүшүндө атайын кызматтын бир аскери курман болот.

2020-жылдын 4-октябрында парламенттик шайлоодо бийликчил «Биримдик», «Мекеним Кыргызстан», «Кыргызстан» партиялары көпчүлүк орунду алып калганына байланыштуу, өтпөй калган партиялар Бишкекте нааразылыкка чыгышат. 5-октябрдан 6-октябрга

караган түнү демонстранттар Ак үйгө бастырып кирип, Жээнбековдун администрациясын кууп чыгат. Бул күнү Алмазбек Атамбаев, Садыр Жапаров баштаган саясатчылар тобу абактан бошотулат.

Сүйлөшүүлөрдүн жыйынтыгында ошол эле күнү парламент Кубатбек Бороновду кызматтан алып Садыр Жапаровду премьер-министрликке бекиткени кабарланат. Бирок парламенттик шайлоонун жыйынтыгына нааразы болуп чыккандардан түзүлгөн саясий топ анын легитимдүүлүгүнө шек санашып, тааныбай турганын жарыялашат. 14-октябрда резиденцияда парламенттин кеңири курамы Жапаровду кайра шайлайт. 15-октябрда президент Сооронбай Жээнбеков кызматтан кеткенин жарыялап, 16-октябрь күнү анын милдети премьер-министр Садыр Жапаровго өтөт.

Саясатчы Бектур Асанов ушул жылдардагы окуяларга сереп салды: «Бакиевдин бийлигинде «үй-бүлөлүк башкаруу» болсо, Атамбаевдин тушунда деле ошол башка формада уланды. Ал шоопурларын, жан сакчыларын, дагы башка жакындарын бийликке алып келип, ошо менен саясат жүргүздү. Ал керек болсо дагы жаңы ыкма ойлоп таап, «жоош кишини» президенттикке алып келип, көзөмөлдөөнү ишке ашырам деди. Бирок анысы ишке ашпай калды. Жээнбеков Атамбаевдин таасиринен чыгып кетип, тескерисинче, кайра анын өзүн камады. Бирок Сооронбай Жээнбеков деле жакындары, туугандары, кудалары менен, кыскасы, «олигархат» менен чогуу саясат жүргүздү. Парламентти да «кол балага» айланткысы келди. Ошонун баарынын жыйынтыгы «октябрь окуялары» болду. Бүгүнкү бийлик «олигархат» менен келишимди жаңыдан түздү да, мурдагыдай саясатты улантууга аракет кылып жатат. Эрежелерди бир аз өзгөртүштү, бирок ыкма ошол эле. «Олигархат» кайсы бийлик келсе да тилин таап, кайрадан кучагына кирип алат экен».

2021-жылдын 10-январында мөөнөтүнөн мурда президенттик шайлоо дайындалып, анда Садыр Жапаров дээрлик 80% добуш менен утуп чыгат. Ушул эле күнү «президенттик» жана «парламенттик» башкарууну тандаган референдум да өтүп, анын жыйынтыгында биринчиси тандалат. Жапаровдун инаугурациясы 28-январда өтүп, расмий түрдө ишке киришет.

Президенттин ыйгарым укуктарын кеңейтүүгө негиз берген Жаңы конституция 11-апрелде жергиликтүү кеңештердин шайлоосу менен чогуу өткөн референдумда кабыл алынып, президент Жаңы баш мыйзамды 5-майда кабыл алат. Жаңы редакциянын алкагында премьер-министр кызматы жоюлуп, Министрлер кабинети түзүлөт.

Садыр Жапаровдун тушундагы эң талылуу окуялардын бири – быйылкы 28–30-апрелдеги жана 1-майдагы «Баткен окуясы» болуп калды. Баткендеги «Башкы» суу бөлүштүрүүчү жайды талаштан улам тажик тарап Кыргызстандын айылдарына бастырып кирип, чатак чыккан. Куралдуу кагылышта 36 кыргызстандык курман болгон. Үйлөр, социалдык объекттер өрттөлүп, талкаланып жарактан чыккан.

Тажикстан 19 жараны каза болгонун билдирген. Эки өлкө бирин бири айыптап, кылмыш иштерин козгошкон.

Президент Садыр Жапаров алгачкы билдирүүлөрүндө окуяга баа берүүдөн карманып турса, кийинкилеринде аны «өлкөнүн бүтүндүгүнө шек кетирүү» катары баалаган. Бирок кыргыз президенти эки айдан соң, 28–29-июнда иш сапар менен Дүйшөмбү шаарына барып, Тажикстандын президенти Эмомали Рахмонго жолуккан. Башка маселелерден сырткары андагы сүйлөшүүлөрдө чек ара темасы да кеп болгон.

Коомчулукта президентти чек арадагы чатакты коңшу өлкөнүн агрессиясы катары тааныбаганы жана ошого жараша кадамдарга барбаганы сынга кабылган. Кийин кайра коңшу өлкөгө барганын айыптагандар чыкты.

Жогорку Кеңештин мурдагы депутаты Жылдыз Жолдошева аз күн алдын блогер Майраш Базлакуновага берген маегинде окуяны мындайча баалады: «Үйүмө бастырып кирип өрттөп, балдарымды өлтүрүп жатса, мен эл аралык уюмдар эмне дейт деп олтурушум керекпи? Мен да атышым керек болчу. Садыр Жапаровдун бийлиги катуу жооп бериш керек болчу. Мен Тажикстандын аймагына кол салгыла дебейм, биздин аймакка кирип келгендерге керек болсо бомба ташташ керек болчу. Азыр мамлекеттин, улуттун намысын тебелетип койду. Жер карап калдык. Андан дагы Эмомали Рахмон чакырса, Жапаров эмне үчүн Тажикстанга барып жатат? Маселе жок, сүйлөшүүгө барыш керек, бирок үчүнчү өлкөдө, нейтралдуу аймакта кездешиш керек болчу. Мына ушул окуялар үчүн азыркы бийликтегилер кийин сөзсүз жооп беришет».

Садыр Жапаровдун бийлиги быйыл майда өлкөдөгү эң ири Кумтөр кенине сырттан башкаруу киргизип, Кыргызстанга кайтарып алган. Улуттук коопсуздук боюнча мамлекеттик комитет кенге байланыштуу 1992-жылдан 2019-жылга чейин келишимдердин бардыгын жокко чыгарып, денонсациялоо процессин баштаган.

Анын ичинде келишимдерди жана башка документтерди кабыл алууга тиешеси бар мурдагы президенттер Аскар Акаев, Курманбек Бакиев, экс-премьер-министрлер Турсунбек Чыңгышев, Апас Жумагулов, Игорь Чудинов, Өмүрбек Бабанов, Темир Сариев, Мухаммедкалый Абылгазиев, экс-спикер, депутат Асылбек Жээнбеков, депутат Төрөбай Зулпукаров жана башкаларга айып тагылган.

Булардын көбү камакта, бир бөлүгү иштин мөөнөтү өтүп кеткени үчүн «жоопкерчиликке тартылды» деп эсептелип, бирок бошотулган. Акаев Орусиядан келип, бир апта сурак берип, кайра учуп кеткен.

УКМК жаңы эпизоддордо кылмыш аныкталса экс-президент Алмазбек Атамбаев, экс-премьер-министр Сапар Исаков баштаган аткаминерлерге айып тагыларын эскерткен. Атамбаев башка иштер боюнча камакта олтурат, Исаков чет жакка качып кеткен.

Кыргызстандын мындан аркы багыты

Кыргызстандын отуз жылдык жаңы тарыхында саясий жана экономикалык суверенитет жөнүндө талкуу ар дайым күн тартибинде туруп келди.

Талдоочулардын көбү: «Өлкөнүн бийлиги дайыма Орусиянын көзүн карайт» – деп айыпташса, башкалары: «Бул экономикалык чабалдыктан улам жаралган аргасыз жагдай» – деп мүнөздөп жүрүшөт. Ошол себептүү саясий чөйрөдө Кыргызстанды кайсы бир өлкөлөргө көз карандылыктан толук чыгаруу азыркы бийликтин жана келерки бийликтердин негизги милдети болушу керек деген жүйөлөр арбын.

Саясатчы Бектур Асанов кайрадан кепке кошулду: «Эгемендиктин алгачкы жылдары биз көз карандылыкты байкачубуз, бирок моюн бербегенге аракет кылганбыз. Акаевдин, Бакиевдин тушунда деле «державага» кылчактаган саясат кармап келдик. Эң акыры Атамбаевдин тушунда ЕАЭБге кирдик да «чоң байкеге» толук көз каранды болуп калдык. Бүтүндөй бир мамлекеттин айтканынан чыга албай калдык. Сооронбай Жээнбеков да ал өлкөнүн айтканына чыга алган жок, бүгүнкү президент Садыр Жапаров да андан чыга албайт. Мамлекет качан гана көз каранды эмес саясат жүргүзө алганда өз жолубузду табабыз. Ансыз өнүгө албайбыз. Мисалы, биз 20 жылдан ашык убакыттан бери транзиттик темир жол кура албай келатабыз. Анткени «арттагы держава» уруксат бербейт. Биздин өнүгүп кеткенибиз, байып кеткенибиз аларга керек эмес. Бул бир эле мисал,

өз алдыбызча саясат жүргүзө албаганыбыздан улам мындан башка толтура иштерди ишке ашыра албай жүрөбүз».

20 жылча мурдагы «Баткен коогалаңы» да Кыргызстандын коопсуздугун чыңдоосу керектигин көрсөткөн. Бирок быйыл майдагы кыргыз-тажик чек арасындагы окуялар өлкө бул жаатта көп жетишкендиктерге жетпегенин дагы бир жолу аныктады.

Ооганстанда террордук деп саналган «Талибан» кыймылынын бийликке келиши, Орто Азияга, анын ичинде Кыргызстанга да коркунуч жаратууда. Бул өлкөдөгү абал оошсо Ала-Тоодо да диний радикалдык абал чыңалышы мүмкүн. Мына ошондуктан адистердин узун катмары бийликке коопсуздук боюнча көп эскертүүлөрдү берип келет.

Коомдук ишмер Максат Чакиев мурдараак берген маегинде Кыргызстан эми тышкы саясатка көңүл бөлүп, аны менен бирге ички саясатты кайра карап чыгышы керектигин айткан эле: «Биринчи кезекте тышкы саясатты кайра карап чыгып, жаңы доктринаны кабыл алышыбыз шарт. Буга чейин Орусиянын көзүн карап, толгонтокой уюмдарга кире бергенбиз, аларга такыр ишенбей, өз алдыбызча саясатка акырындан өтүшүбүз кажет. «Көп векторлуу» же жөн эле «векторлуу» деген саясаттан кайтып, керек болсо Кыргызстандын гана кызыкчылыгын алдыга койгон саясатка өтүшүбүз керек. Баары менен дос боло берели, бирок алардын айтканы менен жашабашыбыз керек. «Манастын тукумубуз, биз улуу элбиз, мыктыбыз» деген өзүбүздү алдамай ички саясатты токтотушубуз керек. Бул кайра эле өзүбүздү алдоого, эйфорияга алып келет. Биз сергек ой жүгүртүп, эмнеге даярбыз, эмнеге даяр эмеспиз деген суроолорго жооп таап алалы. Кадрдык саясатты оңдоп, экономиканы көтөрүшүбүз керек. Андан кийин стратегиялык тармактарга басым жасашыбыз керек. Маданият, социалдык

тармактар да маанилүү. Бирок коргонуу жана коопсуздук биз үчүн эң маанилүү экенин аңдоого мезгил жетти».

Башка маселе, Кыргызстандын экономикасы анчалык кубаттуу эмес. Акыркы жылдары ал тургай кыйла артка кетип жатат. Кымбатчылык, жакырчылык, жумушсуздук, маянанын жана жөлөкпулдун аздыгы бийликке нааразылыктарды күчөтүүдө.

Анын үстүнө шайлоолордогу алешемдик, добуш сатып алуулар жана акчалуулардын парламентке келиши да мурдатан социалдык жарылуулардын башаты болуп келген. Азыр да алдыдагы Жогорку Кеңештин шайлоосу опурталдуу болуп турат. Анда да жалаң бийликчилдер утуп чыкса каршылыктар күчөйт деген жоромолдор бар.

Бир эле бул шайлоо эмес, келечектеги шайлоолор, бийликтин терс аракеттери жана башка ушуга окшогон жагдайлар ар дайым элдик толкундоолор тобокелдигин сактап турат. Кээлери үчүнчү жолу бийлик күч менен алмашкандан кийин эле «төртүнчү жолу төңкөрүш болбойбу?» деген суроону коюшкан. Мындай суроо коомдо дагы эле бар.

«Ата Мекен» партиясынын лидери Өмүрбек Текебаев ушул күндөрү жасаган видео кайрылуусунда аталган тема жөнүндө ой толгоолорун жарыялаган. Ал Эл аралык республикалык институттун (IRI) узак жылдардан берки сурамжылоолорун мисалга тартып, калкта нааразылыктын пайыздык көрсөткүчү көбөйгөн учурларда төңкөрүш болуп кетип жатканын белгилеген.

«Үч жылдан бери өлкө саясий кризисте. Кризис Атамбаев – Жээнбеков аттуу эки достун мамлекетти алмак-салмак кезектешип башкарабыз дегенинен улам башталган. Ал эми бүгүнкү эки дос Кыргызстанды талашып, жарышып башкарып жатышат. Мындай башкаруунун ыкмасы өлкөнү кризистен чыгаруунун ордуна андан ары дагы кризиске батырат. Шайлоодо

эски ыкмалар колдонулуп, өткөндө бийлик партиясында жүргөндөр шапкесин алмаштырып, кайра жаңы бийликтин партиясына кирип, шайлоо туура эмес өтсө, бул дагы көтөрүлөт. Натыйжада, нааразылык калктын 50% түзүп калат. Эгерде бизди оор кыш күтүп турганын, финансы-экономикалык кризисти эске алсак, башкаруу системасындагы кризис улана берсе жазда нааразылар тобу 60–70% чейин тээп, көтөрүлүп калат. Ошондо өлкөдө төртүнчү жолу революция болуу коркунучу пайда болот», – деди Өмүрбек Текебаев.

Ошентип эгемен Кыргызстандын тарыхында жалпы алты президент, отуздан ашык өкмөт башчы алмашкан, парламент алты жолу шайланган. Эки палаталуу Жогорку Кеңештеги төрагаларды кошуп санаганда жалпы жыйырмадай спикер кызмат кылган.

(Булак: https://www.azattyk.org/a/egemendikke-30-zhyl-kyrgyzstan-baskan-tataal-zhol/31435688.html)

ЭГЕМЕНДИКТИ ЭМНЕ БЕКЕМДЕЙТ?



«Азаттык» радиосунун Кыргызстандын эгемендигинин 30 жылдыгына арналган «Эгемендикти эмне бекемдейт?» аттуу онлайн сынагы жыйынтыкталды.

10-сентябрь, 2021-жыл.

Сынакка кыргыз жана орус тилдеринде 50дөй материал келип, жарактуу делген 30дан ашуун макала, баяндар azattyk.org сайтына жарыяланды.

Катышуучулардын көпчүлүгү 30 жыл ичиндеги өлкөдөгү оош-кыйыштарга токтолуп, өлкө экономикалык жактан бутуна тура албай жатканын, миграция көйгөйүн, коррупциянын кесепетин, коомдогу аң-сезим, билим берүүдөгү чабалдыктар, эгемендүүлүккө шек жараткан коркунучтарга кайрылып, өздөрүнүн идеяларын жазышкан.

Авторлордун курагы – мектеп окуучусунан тарта студент, пенсионер чейин. Эмгек миграциясында жүргөн мекендештер дагы катышты.

Жеңүүчүлөр:

Асылбек Жооданбеков («Эгемендиктин бекемделишине ар бирибиз таасир этебиз») – Эгемендикти бекемдеген эң маанилүү институттар тууралуу пикирин айтып, адискөйлүк калыптандыруу, таза, акыйкат атаандаштыктын шарданында шайлоо өткөрүү, идеялардын ачык күрөшүнө мүмкүнчүлүк берүү сыяктуу көз караштарын жазган.

Мират Алчикенов («Өлкөбүз өнүксүн десек ар биребизден салым болсун») – Кыргызстанды өнүктүрүү боюнча беш сунушун жолдоп, ар бир кыргызстандыкты колунан келген иши менен эгемендикти бекемдөөгө салым кошууга чакырат. Мират – Түштүк Кореяда иштеп жүргөн кыргызстандык мигрант.

Дайырбек Мейманов («Эгемендүүбүз деп эдиреңдей берүүгө эрте») – Эгемендүүлүктүн бекемделишин социалдык, экономикалык, маданий, тил, идеологиялык аспектиден талдоого аракет кылган.

Эрлан Нурманбетов («Коррупция – империяларды тарыхтан өчүргөн») – Кыргызстанды алдыга сүрөгөн идеялар жетишпей жатканын, коомдук аң-сезимди өзгөртүү, реформа тууралуу көз караштары менен бөлүшкөн.

Орозгүл Койчуман кызы («Эгемендик артынан келген миграция») – саясий туруксуздук, жумушсуздук, чек ара, коомдогу зордук-зомбулук, миграция агымынын күч алышы сыяктуу көйгөйлөрдү эгемендикти бошоңдоткон көрүнүш катары атаган.

Болотбек Таштаналиев («Эгемендикти бекемдеген руханий азык») – Эгемендик алган жылдардан кийинки адабияттагы абалды талдайт.

Гүлзат Бектемир («Өлкөнү ач айкырык менен сүйө албайсың») – миграциянын кесепети тууралуу баяндап, коомдогу ажырым, талаш-тартыштарды сынга алат. Автор өзү Германияда иштеп жүргөн эмгек мигранты.

Орозгелди Жаңыбай уулу («Башкаларга үлгү болсок дейм...») – сөз эркиндигин, адам укугун, ар бир адамдын оюн сыйлоону жана улутуна, тилине, динине, жынысына карабай адамгерчиликтүү мамиле кылуу тууралуу жазган.

Роза Аман («Кыргызстанды өнүктүрүү татаал деле эмес») – өлкөнү өнүктүрүү жолдору тууралуу өз идеяларын айтып, өнүккөн өлкөлөрдөгү тажрыйбаларды мисал тарткан (кызыктыруучу сыйлык).

(Булак: https://www.azattyk.org/a/azattyk-zharyalagan-synaktyn-zhenguuchuloru-anyktaldy/31452170.html)

ЭКИНЧИ БӨЛҮМ

БЕКСУЛТАН ЖАКИЕВ: «АЗАМАТ АЛТАЙДЫН АЙТКАНДАРЫ АЗЫРКЫ УЧУР МЕНЕН ҮНДӨШҮП ТУРЧУ ЭКЕН»



Азамат Алтай (Кудайберген Кожобердиев)

6-июнь, 2003-жыл.

Дүйнөлүк согушка 350 миңден ашуун кыргызстандык жоокер майданга аттанып, алардын тең жарымынан көбү Мекенине кайтпай калган. Миңдеген жарандар аргасыз туткунга түшүп, согуш аяктаган соң «чыккын-

чы» деп айып тагылып, Сибирь токойлорундагы лагерлерде оор запкыны баштарынан кечиришти. Алардын айрымдары андай кыйноодон сактанышып, бөтөн эл, бөлөк жерде өмүр кечирүүгө аргасыз болушту. Андай жоокерлердин бири – айтылуу Азамат Алтай.

Анын өз аты-жөнү – Кудайберген Кожомбердиев. Ал Батышта, океандын аркы жээгинде жүрүп, элинин эркиндиги үчүн күрөшүп келди. Кыргыз элинин таламын талашып, келечегинен күдөр үзбөй күтүп келди. «Азаттык» радиосун түптөөгө катышып, анда көп жыл эмгектенди. Тоталитардык доордо Азамат Алтай тууралуу бир беткей гана каралаган макалалар басылып келсе, эгемендүү заманда анын өмүр баянын, эмгегин калыс баалаган макалалар, повесть-эсселер жазыла баштады. Азамат Алтай тууралуу жазылган алгачкы чыгарманын автору, белгилүү драматург Бексултан Жакиев бизге маек куруп берди.

– Бексултан аба, «Азаттык» радиосунун 50 жылдык мааракеси 6-июнда Прага шаарында белгиленип, ага Азамат Алтай абабыз да келип салтанатка катышып жатат. Кыргызстандык жарандардын арасында Азамат Алтайды жакындан билген, анын архивин бүт көз алдыңыздан өткөргөн инсан азырынча сиз өзүңүз болгондон кийин, ал тууралуу айтып берсеңиз. «Азамат Алтай» деген атты алгачкы жолу качан уктуңуз? Аны менен алгачкы байланышыңыз кандай болду?

– Эң оболу «Азаттыктын» 50 жылдык мааракеси менен «Азаттыкта» иштеген жигит, кыздарыбыздын баарын куттуктайм. Биз студент кезибизден «Азаттыкты» угуп, ал биздин багытыбызга көмөкчү болуп берген десек туура болчудай. Совет доорунда кээ бир окуялар көмүскөдө калчу экен, ошону «Азаттык» аркылуу укчубуз. Үнүн өчүрүшчү, угузбай коюуга аракет кылышчу. Чала угуп калганыбызды бири-бирибизден сурап турчубуз.

Ыраматылык Түкөм дайыма угаар эле. Биз уга албай калсак Түгөлбай Сыдыкбековдон сурачубуз. Азамат Алтай абабыздын «Азаттык» радиосун уюштурууда эмгеги зор. Мен Азамат абам менен кандай таанышып калгандыгым жөнүндө «Азамат Алтай» деген повестимде толук жазгам.

Биринчи жолу Азамат Алтай деген ысымды мына биз отурган жерде (мурда бул жерде Жазуучулар союзу турчу эле) уктум. Бир күнү мени союзга чакырып калышты. 1959- же 60-жыл болсо керек эле, казакка да, кыргызга да абдан төл, энчилүү адамыбыз Мухтар Ауэзов менен жолугуштук. Ал киши Америкага жаңы эле барып келген учуру экен. Аркы-беркини айтып отуруп, аяк ченинде: «Нью-Йоркто Колумбия университетинин китепканасын башкарган бир керемет жигитиңер бар. Ушундай билимдүү экен, өзү Ысык-Көлдүн Тоң районунун Ленин колхозунан болот экен», – деди.

Мен да Ленин колхозунанмын. Ушундан кийин ага кызыгуум артып, кийинчерээк кайра куруу доору башталганда кат жазышып калдык.

– *Бексултан аба, Азамат Алтай менен алгачкы жолукканыңыз жана анын сизге ишеним артып тапшырган архиви тууралуу да айтып берсеңиз.*

– 1991-жылы президентибиз Аскар Акаевдин Америкага биринчи иш сапары болуп калды. Ошондо кыргыз делегациясынын катарына мен да кошулуп калдым. Америкага барганда Азамат абам менен биринчи жолу жүз көрүшүп, абамдыкында жүрүп, ошол жерде бир нече күн болдум. Мен ал кишиден укканымды кагазга, диктофонго түшүрдүм, кулагыма сактадым.

Анан архиви менен тааныштым. «Ушулардын баарын кагазга түшүрбөйсүзбү, кийинки муун үчүн» десем, «азыр ал кайдан, карыбадыкпы» деп, ал ишти мага тапшырды. Архивин мага ишенип берди. Архиви жүздөн ашык чоң-чоң папкада ирээти менен сак-

талуу экен. Анын баарын алып келиш өтө кыйын болгондуктан, ал жерде иргеп чыктым. Анда абамдын «Азаттыкта» иштеп турган учурдагы макалалары, ар кимдер менен жазышкан каттары бар экен. Алардын баары менде сакталуу турат. Эми аларды изилдеп чыккан бир окумуштуу болсо жакшы болор эле. Ал атайын изилдөөгө татыктуу. Азыр ойлосом Совет учурунда айтылбаган, бирок Совет элинин алдыңкы пикирдеги адамдарынын оюнда турган нерселерди Азамат абам ушул «Азаттык» аркылуу айтып турган экен. Биз кийин кайра куруу доорунан баштап айта баштадык андай эркин пикирлерди.

– *Сиз Азамат Алтайдын архиви менен жакындан таанышып чыктыңыз, өзү менен да көп баарлаштыңыз. Азамат абанын инсандык касиети тууралуу айтып берсеңиз.*

– Бул кишинин өзгөчөлүгү ушунда го дейм. 1940-жылы 20 жашында аскерге кетиптир. 41-жылдагы согуш, анан туткунга түшкөндөгүсү болуп отуруп, көрбөгөн азабы калбаптыр. Өмүр баянын айтып отурсак шумдук эле нерсе. Ошондо бул киши жок болуп кетпей, өзүн өзү кайра тарбиялап чыгыптыр. Бул көрүнгөндүн колунан келе бербейт. Экинчиден, мен бир айдай ал кишинин үйүндө туруп калдым. Үйүндө жүргөндө Кыргызстанды, кыргыздын мыкты уулдарын, кубана турган, ыза боло турган нерселерди эстесе көз жашы көл болуп ыйлай берчү. Бул – кусалык.

Ал 55 жылдан ашык убакыт бою Кыргызстанды көргөн эмес. Ал эми мындай кусалык жүрөгүндө өлкөсүн, элин терең сүйгөндөн болот, жөнөкөй айтканда ал – патриот. Кыргызды, Кыргызстанды ушунчалык терең сүйгөн, берилген, кан-жаны менен жакшы көргөн патриот Азамат Алтайдай адамды табыш кыйын. Азамат Алтай дайыма айтчу эле. «Атам экөөбүз тиккен үч терегим бар эле. Ошону көрүп өлсөм арманым жок. Энемдин

мүрзөсүн, энемдин денеси жаткан көрүстөндү түрттүрүп салыптыр деп угам», – деп боздочу. Кудай жалгап, түрттүрбөптүр.

«Манастын 1000» жылдыгына келген учурда Тоңго, киндик каны тамган жерге мен өзүм алып барып келдим. Барганда ошончо жылдан кийин эч кандай эстелиги жок энесинин мүрзөсүн түптүз барып таап алды. Анан дагы бир көрүнүш: биз айылга түнүчүндө бардык, барганда абамды колдон-буттан алып кетишти. Тиккен теректери прожектордун жарыгына көрүнүп турду. Ошол жерге барып аябай боздоду. Ошондон кийин Азамат Алтай эл-жерди айтып ыйлаганы токтоду. Өтө тамашакөй, чындыкты бетке айткан, калыс, ызакор, жеке эле кыргыз эмес, жалпы тектеш бир тууган түрк элдерине каны, жаны тартып турган адам. «Ар бир жакшы кыргыз менин бир тууганым. Бир тууганым болсо да жаман болсо, аны мен жакшы көрбөйм» – деп айтчу эле.

– *Бексултан аба, Азамат Алтай жөнүндө жакшы сөздөрдү айтып бердиңиз. Азамат Алтай Советтик тоталитардык доордо кыргыз элинин келечеги үчүн, Кыргызстандын эркиндиги үчүн көп аракеттерди жасап келди. Мына эми Кыргызстан Азамат Алтай эңсеген эгемендүүлүккө жетип, анын 12 жылына кадам басып атат. Азамат Алтайды коомчулук дагы кеңири билиш үчүн, эмгегин баалаш үчүн Кыргызстанда кандай иш-чараларды жүргүзсө болот деп ойлойсуз?*

– Биринчиден, Азамат Алтайды кыргыз эли абдан жакшы билет, жакшы көрөт. Кээ бирөөлөр: «Эмне эле мактап атасыңар муну?» – дешет. Бир тобу: «Муну баатыр кылып ийдиңер», – дейт. Баатыр кылган жокпуз, бул кишинин башынан өткөн чындыкты гана айтып атабыз. Мына ушул башынан өткөн чындык, бул кишинин аракети, далалаты, максаты, ниети элге дагы кененирээк жетсе, ошондо Азамат Алтай элге дагы белгилүү болот.

Тилекке каршы, Азамат Алтай турмуштун, көр оокаттын, күнүмдүк жашоонун айынан өзүнүн көп эмгегин бөлөктөр үчүн иштеген, бөлөктөр үчүн материал чогултkан, жазып берген. Ошолордун аты калган. Алар өздөрүнүн китептеринин баш сөзүндө, же аякы сөзүндө гана «Азамат Алтайга ырааазычылык билдиребиз, жакшы иштеди» деген гана сөздөрдү жазышкан. Автор катары кеткен эмес. Ошондой болсо да, том-том китептери калбаса да, бул кишинин аракеттери көлөмү майда сыяктуу эмгектеринен көрүнүп турат. Өзүнүн сүйлөшкөн сөздөрүндө, айткан ойлорунда турат. Ошол аркылуу бул киши кыргыз элине белгилүү, унутулбай турган инсан болуп кала бериши керек.

– *Рахмат, маегиңиз үчүн.*

(Булак: https://www.azattyk.org/a/1210336.html)

ФЕЛИКС КУЛОВ: «МЕНИН ЭРКИМДИ ЭЧ НЕРСЕ СЫНДЫРА АЛБАЙТ!..»



7-январь, 2005-жыл.

«Ар-намыс» партиясынын лидери, экс-вице-президент Феликс Кулов жаңы жылды төртүнчү ирет түрмөдөн тосту. Кулов Чүй облусунун губернатору жана Улуттук коопсуздук министри болуп турганда кызмат абалынан пайдаланган, мамлекеттин казынасына чоң өлчөмдө зыян алып келген деген айып менен соттолгон. Бирок саясатчы соттун мындай чечимдерин четке кагып, өзүн айыпсызмын деп эсептеп келет. Айрым жергиликтүү, эл аралык укук коргоо уюмдары Куловду «саясий туткун» деп карашууда. Кулов өткөн парламенттик шайлоо учурунда камакка алынган. Кабарчыбыз Жаркын Суран кызы азыр ушул тапта жаза мөөнөтүн өтөп жаткан саясатчы менен маек уюштурган.

– Кулов жетектеген «Ар-намыс» партиясы бийликтин кайырмагында калды дешет. Андай пикирлердин жаралышына негиз барбы?..

– Биз ачык саясат жүргүзөбүз. Мен ачык айткам. Биз оппозициялык партиябыз. Ушундан эле баары түшүнүктүү. Бирок кээ бир маселелер болот. Элдин жашоо турмушун өзгөртө турган, мындай айтканда, элдин турмуш-жашоосун оңдоого багытталган өкмөттүк чечимдер болсо, аны эмнеге колдобошубуз керек эле?! Эгер биз сунуштаган нерселер аткарылса биз колдойбуз. Бул жагынан биздин мамилебиз, албетте, конструктивдүү.

– Феликс мырза, эл арасында сизди Акаевдин эң жакын адамдарынын бири болгон деген пикирлер арбын. Мисир Ашыркулов да Акаевдин ишенимдүү кишиси болгон үчүн чоң кызматтарда жүргөнү айтылууда. Кезинде Ашыркулов сизди отургузган деп да айтылып келет... Сиздин Ашыркулов түзгөн «Акыйкат шайлоо үчүн» деген бирикмеге киргениңизге караганда мында кандайдыр бир «саясый оюндар» жокпу?

– Акаевди менин жакын адамым же жолдошум деп айткан ошол адамдын акыл-эси ордунда эмес деп эсептейм... Мен беш жылдан бери түрмөдө отурам. Акаевдин жакын адамы болсом, мен бул жерде отурбас элем. Бул акылга сыйбаган нерсе. Ал эми Ашыркулов боюнча: мени ким отургузду, ким ушинтти бул мен үчүн башкы маселе эмес. Мен өзүмө душман издебейм. Мен кимдир бирөөгө ич күптүлүгүн кармаган же кекчил адам эмесмин. Бул дагы кандайдар олуттуу маанини бербейт.

Маселе башка жакта. Убагында Ашыркулов түзгөн «Акыйкат шайлоо үчүн» бирикмесин колдогонбуз. Ашыркуловду биз адегенде бийлик тарабынан жиберилди деп ойлогонбуз. Кантсе да тынчылык эң башкы маселе эмеспи. Бирок көп узабай эле Ашыркулов отставкага кетти. Ошондон кийин эле бул «саясий оюн» деген пикирлер айтыла баштады. Айтып коюум керек, эл

кызыкчылыгын жактаган кандай гана бирикме болбосун, биз колдошубуз керек. Саясый партиялардын максаты деле ушул. Бул жерде жалпы кызыкчылык болуш керек. Жалпы элдин кызыкчылыгы кайсыл бир адамдын кызыкчылыгынан жогору туруш керек эмес. Ошон үчүн элди биримдикке чакырган тарапты колдойм. Бир адамды колдогон чакырыкка эмес, элди бириктирген чакырыкка кошуламын.

– *Мисир Ашыркулов менен болгон сиздин мамилеңиз эки ача ойду жаратып жатканын айтышууда кээ бир саясатчылар. Анткени сиз «Алга, Кыргызстан» партиясы менен кызматташууга да даярбыз дегендей сөздөрдү айткан экенсиз. Ушул туурабы?*

– Мен эч качан антип айткан эмесмин. Мен башкачараак айткамын. Эгерде Акаев кандайдыр бир демилге көтөрүп, биз каалаган саясатты жүргүзө баштаса, биздин идеяларды, сунуштарды «Алга, Кыргызстан» колдой баштаса, биз мына ошол маселеде аларды колдомокпуз. Тактап айтканда, кээ бир маселелер боюнча колдоорубузду айтмакпыз. Бирок биз жалпысынан бул партияны колдобойбуз. Анткени бул партия жалпы элдин кызыкчылыгын коргобойт. Ал өлкөнүн бир ууч жетекчилигин колдойт. Ал эми алардын кызыкчылыктары элдин кызыкчылыгы менен дал келбейт. Биз бул партияны колдой албайбыз. Анын келечектүү эмес экенин көрүп турабыз. Бул партия эч кандай жаңы нерсе алып келбейт. Анткени азыркы иштеп жаткан жетекчилик эч кандай жаңы нерсе алып келген жери жок. Ошондуктан бул партияга оппозициядабыз. Дагы бир жолу белгилеп кетейин, эгерде «Алга, Кыргызстан» партиясы элдин жыргалчылыгы үчүн бирдеме жасаса эмне үчүн аны колдобойт экенбиз. Мисалы, мыкты мыйзам долбоорлорду же башка бир жаңылыктарды алып келсе биз аны колдойбуз.

– Сиз 2001-жылкы парламенттик шайлоодо камакка алындыңыз эле. 2000-жылы Текебаев президенттикке ат салышканда штаб жетекчиси болгонсуз. 1995–2000-жылдары Аскар Акаев бурмалоо жолу менен президент болуп жатса да, сиз Акаевди куттуктап: «Кызматташууга даярмын» – деп айткан дешет. Муну кандай түшүнсө болот?

– Текебаев экөөбүз шайлоого өнөктөш катары кирген элек. Ошол бурмалоо жол менен шайлоонун өткөрүлгөнүнө карабастан Текебаев шайлоодо жогорку добушту алып, Акаевден кийинки орунду ээлеген. Ал эми биз экөөбүз мындай макулдашкан элек. Эгерде Текебаев президент болуп калса анда мен өкмөт башчылыгына бармакмын. Ошол мезгилде башкача кырдаал түзүлүп, мага кылмыш иши козголду. Ал айрым кыйынчылыктарды жаратпай койгон жок. Менин оюмча, биз туура саясатты алып барган экенбиз. Себеби түндүк-түштүк ортосунда ажырым жок катары эсептелген. Аны менен биз өнөктөш катары өкмөттөгү стабилдүүлүктү далилдегибиз келген. Акаевди биз эмне үчүн ошол кезде куттуктадык. Себеби кандайдыр бир өзгөчө кызматтык этикет бар болчу. Ал сыпайыкерликтин этикети эле. Ошол үчүн шайлоо бурмалоо жолу менен жыйынтыкталса да, биз элди көтөрүп чыкпайбыз, элдин тынччылыгы керек деп Акаевди куттуктаганыбыз чын. Куттуктаганыбыздын маңызы элдин толкундоосун жайгаруу болгон. Мындан башка бизде эч кандай кызыкчылык болгон эмес.

– Сизге жолдой турган кийинки суроом мындай. Сиз түрмөдө отурсаңыз да саясый майданда чоң ордуңуз бар экенин бир катар саясатчылар айтышат. Мына оппозициялык партиянын тогузу бирикти. Алар президенттикке бир гана адамды сүрөйбүз деп чыгышты. Курманбек Бакиев боюнча сиздин пикириңизди уксак.

– Курманбек Бакиев тарабынан уюштурулган «Кыргызстан элдик кыймылына» кирүү боюнча бизде алдын-ала сүйлөшүүлөр жүргөн. Биз өз оюбузду кескин билдиргенбиз. «Ар-намыс» биригүүгө даярбыз. Бирок кандайдыр бир аракеттин өзгөчө тактикасы бар. Азыркы учурда өздөрүнүн духу жагынан жакын коммунисттер, радикал демократтар, бир жагынан солчул-оңчулдар да, орточул позицияда тургандар Курманбек Бакиевдин тегерегине баш кошууда. Бирок биз өз оюбузду төмөндөгүчө билдиргенбиз.

Бир кыймылды эмес, кайсыл бир адамды колдоп жатасыңар деп бизге кине койбош үчүн, алардын саясый-экономикалык жана идеологиялык программалары менен таанышып чыккандан кийин гана биригүү жөнүндө сөз болууга тийиш. Ушул себептүү Бакиевдин программасын билүү, биз үчүн биригүүгө жол ачып бермек. Биз эч качан Бакиевди көңүлдөн сырткары калтырбайбыз. Эртең эле бизден сурашы мүмкүн. Сиздер кыймылды эмес, бир адамды колдогонсуңар деп. Эгерде анын платформасы биздин принцибибизге туура келсе аны колдоого даярбыз. Бирок бизден Бакиевдин программасын кимдир бирөө сурап калса аны биз билбейбиз деп жооп берсек эмне болот? Бакиевди жакшы киши катары билебиз дегенибиз жетишсиздик кылат. Саясатчылар эч качан кайсыл бир топко көзүн жуумуп алып катыша бербеш керек. Ошол себептен биз айткыбыз келет. Бакиевби же башкасыбы сиздерге каршы эмеспиз. Эгерде сиздер өз аракетиңиздерди жүргүзө турган саясатыңар менен тастыктай алсаңыздар колдойбуз деп айткым келет. Азыркы күндө бул маселелерди чечүүгө дагы убакыт бар.

– *Феликс мырза, сизге мындай суроо жолдоюн деп турам. Сиз Акаевдин камчысын чапкан кишилердин катарында турасыз. Акаев сиздин колуңуз менен көп иштерди жасады дешет. Анткени сиз ал киши жетек-*

теген мамлекетте тогуз жыл кызмат кылып, «Канат» деген аталыштагы кандайдыр бир долбоор түзүлүп, анын алкагында самолеттон баштап курал-жарак, автомат, октorго чейин сатылган экен. Аны сизди саткан деген маалыматтар болгон. Акаевдин сизди күнөөлөгөн да сөзү болгон экен. Ушул суроого жооп берсеңиз.

– Мен анда вице-президент болчумун. Ошол кезде: «Аскерий техникалар жөн эле турат, аларды сатыш керек же башка бир жакка пайдалануу керек» – деп, мага аскер адамдары кайрылышты. Мен аскер тармагын тейлеген адам катары «Канат» деген аталыштагы долбоорду түзүүгө макулдук бердим. Ал долбоордун максаты кайсы техника эскиргендигин аныктап, кереги жокторун сатуу жагын иликтөө болчу. Анын негизинде кереги жокторун сатып, андан түшкөн акчага аскер кызматкерлери үчүн үй салууга жумшоону такташмак. Бирок ошол мен кол койгон долбоордо бардык маселелер өкмөттүн макулдугу менен чечилет деп жазылган болчу. Башкача айтканда, мен кол койгон ишкер долбоор сөзсүз өкмөт аркылуу гана ишке ашары так жазылган. Бул сунуштар президент Аскар Акаев менен маакулдашылгандан соң, коргоо министри чечкенден кийин аны өкмөт кандай учурда болбосун жоопкерчилигине алып, бекитет деп айткамын. Мындай ишкер долбоор КМШ мамлекеттеринин баарында ар кандай аталыштар менен түзүлгөн эле. Эмне үчүн дегенде анча деле чоң эмес биздин армияга караштуу самолеттор эски. Анын үстүнө учкучтар да жетишпейт болчу. Жаңылап ондоо үчүн тетиктер керек. Самолетко керектелген тетиктер жок болгондуктан, сатып жиберүү оңтойлуураак болгонсуду. Анын себеп-жайларын иликтеп, тастыктап чечкенбиз... Бирок бир дагы сатылган фактыга менин тиешем жок, бардыгы өкмөттүн уруксаты менен сатылган. Кийин анын баары айкын болуп отурбайбы. Мени

«Кулов аскердик техникаларды сатуу үчүн долбоор түзүп, оңду-солду сатып жибериптир» деген ар кандай сөздөр чыкты, басылмаларда басылып кеткенден кийин мен ал аскердик техникалар кандай жол менен кимдин колу менен сатылгандыгы тууралуу расмий түрдө республикалык Башкы прокуратурага атайын арыз менен кайрылып, «кылмыш иш ачылып, текшерүү жүргүзүлсүн» – деп талап кылгамын. Эгер мен бир ок саткан болсом, анда өмүр бою түрмөгө отурганга даярмын дегем. Билесиңерби, эң кызыгы кылмыш иш козголгон жок. Эгерде мен бир ок саткан болгонумда үстүмдөн иш козголуп, мени 25 жыл мөөнөткө түрмөгө салмак. Ушундан эле жыйынтык чыгарса болот, аскердик техникалардын сатылышына менин тиешем барбы...

– *Өзуңүздү күнөөкөр эмесмин деп сот чечимин четке кагып келесиз. Аскердик техникалар мамлекеттин башчысынын уруксатысыз сатылбайт дедиңиз. Бирок ушул кезге чейин Акаевдин эч кандай кемчиликтерин ачык айтпаган сиздин, Ашыркулов, Бакиев, бүгүн бийликке оппозиция болгонуна таң калган суроолор бар.*

– Ал кезде мен вице-президент болуп тургамын. Акаев аскерий техникаларды сатууга катышкан деп айта албайм. Бул биринчиден. Экинчиден, сатылган техникалардын баасы миллиард доллар турбайт эле. Биздин аскердик техникалардын эскилиги жеткен деп айтып жатпайымбы. Ошондон мындай сөзгө макул эмесмин. Дагы бир нерсени айта кетейин. Курманбек Бакиевди Акаев көтөрүп, чоң кызматтарга жеткирген. Эми ал дагы башкалар сыяктуу оппозиция болуп, Кулов да ошондой деген пикирлерге жооп айткым келет.Чын, мен чоң кызматтарда иштедим. Ал мезгилде эч кандай мага кылмыш иш ачылып, андай-мындай болгон жок. Кызматтан мен өз каалоом менен кеттим. Кетип жатканымдын себебин арызымда ачык жаздым. Мен президенттин айланасындагы адамдар жүргүзүп

жаткан саясатка макул эмесмин. Абалды курчутуп, кошоматчылар Акаевдин беделин көтөрүп көрсөтүшүп, авторитаризмди күчөтүп жатышат. Менин кетишиме мына ушул жагдайлар себеп болду.

– *Феликс мырза, жогорку кызматтарда иштеген жетекчи катары сизге мындай суроо берейин дейм. Энергетика тармагын менчиктештирүү боюнча ызы-чуу чыгып, азырынча чечилбей турат. Сиздин оюңузча, менчиктештирүү элге эмне берет? Эгерде энергетика да менчиктештирилип кетсе кандай кырдаал түзүлүшү мүмкүн?*

– Мен энергетика тармагын менчиктештирүүгө макул эмесмин. Энергетика тармагын атайлап кризистик кырдаалга алып келүү менен арзан баага сатып алып кийин өздөрүнүн шарттарын таңуулоого жол ачканы жатышат. Биз электр энергиянын коммерциялык эмес жоготуулары-рын жөнгө салуу үчүн бир нече жолдорду сунуштаганбыз. Акыркы кездерде электр энергиядагы жоготуулар 40 пайызга чейин жеткен. Эгерде биз бул жоготууларды кескин кыскартсак, энергетика тармагындагы жасалма кризиске бөгөт коёр элек. Эмне үчүн бул жолго баруубуз керек? Бизде электр энергияны өндүрүү текейден арзан. Ошол себептүү биз да Түркмөнстандын жолуна түшүү менен өзүбүздүн элге электр энергиясын минималдуу баада сатууга болор эле. Ошол эле учурда ар бир электр энергиясын пайдаланган адам сөзсүз электр акысын төлөөнү айныксыз эреже катары кабыл алуусу шарт. Бизде энергия керектөөчүлөрдүн электр акысын төлөбөгөндүгүнөн улам бүтүндөй бир энерго система кризиске келип такалды. Аны өз убагында төлөгөнүбүздө башкалардын чөнтөгүн да мынчалык какшытпайт элек. Менин сөзүмдү ар бир радио угарман же гезит окурман ырастайт болуу керек. Электр акысын чогултканы текшерүүчүлөр болбогон акчага керектелген энергиянын көлөмүн азайтып бере салат. Бул тек гана бир текшерүүчүнүн иши дейли. Ал эми өлкөдө канча текшерүүчү бар. Алардын баары ушул жол

менен акы чогулта турган болсо, эртең эле улуттук энергетика байлыгыбыздан куржалак калабыз. Эгер мамлекет өзүнүн электр стратегиясын сактай албаса, аны бир адамдын менчигине өткөрүп берсе ушундай мамлекеттин кимге кереги бар? Мамлекеттин менчиктештирүүгө таптакыр жатпаган маанилүү тармактары бар. Анын көч башында ушул электр системасы турат. Электр тармагы улуттук стратегиялык байлык катары эсептелет. Менин оюмча, бул тармак эч качан менчиктештирүүгө берилбеши керек.

– *Жогорку сот Сокулук райондук соттун чечимин күчүндө калтырган чечимин чыгарды. Эми качанга чейин отурасыз? Сиздин чыгуу мөөнөтүңүз келсе да, кармалып турганыңызга кандай карайсыз? Саясатта Кулов жеңилди деп айтса болобу?*

– Адегенде соттун чечими жөнүндө айтайын. Сиз билесизби, мени он жылга кескен жок. Он бир жылдан көпкө кесишти. Кантип ушундай болуп калды? Биринчи жолу мени аскердик соттун чечими менен камашты. Андан кийин башка иш таап чыгышты. Ошолордун негизинде жети жыл болчу. Эки ишти кошуп туруп тогуз жыл дешти. Анан он жыл деп салышты. Мейли бул иш кандай болгонун чечмелеп отурбайын. Кажети да жок. Алар отурган мөөнөтүмдү экинчи иш боюнча санай башташты. Мен айттым: «Экинчи иш мурда болгон эле го» – дедим. Алар отурган күнүмдөн баштап санабай коюшту. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун 1993-жылы кабыл алган токтому бар. Анда жазылган мындай кырдаалда биринчи жолу жети жыл, анан тогуз жыл, он жыл берген учурда жаза өтөө мөөнөтү биринчи иш боюнча камакка алынгандан тарта эсептеле баштайт. Алар болсо өздөрүнүн мына ушул токтомуна түкүрүп таштап, менин камакта отурган күндөрүмдү экинчи иштен тартып санай башташты. Эмне үчүн алар бул ишке барышты? Судьялар өздөрү буга бармак беле. Жок, бармак эмес!.. Аларга кимдир бирөө буйрук бергендиктен улам ошондой ишке барышты. Ким буйрук бергенин эл билет деп ойлойм.

Менин түрмөдөн чыкканыма каршы болгондор менден корккондор деп ойлойм. Менден корккондон кийин, демек, алар мени урматташат деп түшүнөм.Бул мага жагымдуу. Мен эмне демек элем. Менин түрмөдө отурганымдын оң жагы да бар. Мен бул жерде отурган кезде, алар башка оппозиционерди камакка алгандан чочулашат. Мүмкүн, ушул үчүн да отура турушум керектир. Бул биринчиси. Экинчиси, абакта отурган бир адамга келген жакындары айтат: «Куловдун ушунча убакытка чейин түрмөдө отуруп калганына капамын. Бирок Кулов канчалык абакта көп отурса Акаевге ошончолук жакшы» – деп. Антип айтып жатканынын себебин мынтип түшүндүрдү: «Эгерде Акаев Куловду бошотуп жиберсе, Акаев жакшы үчүн бошотту дешмек. Эми болсо майда адам экен, Куловду камап отурат» – деп. Бул Акаев үчүн терс пикир. Албетте, бул жөнөкөй адамдардын ою дечи. Мындай сөзүнө жылмайып койдум. Ошондон айтарым менин, бул жерде отургандыгым Акаев үчүн минус эмес. Бирок карапайым адамдардын ушинтип айтканы мен үчүн кызыктуу болду.

Чындыгын айтканда, Акаевге менин мамилем мындай. Бул жөнүндө бир нече жолу айткамын. Акаевдин абалы мага караганда да өтө аянычтуу сезилет. Ушунча жыл мамлекетти башкарып туруп, мамлекет үчүн эч нерсе жасай алган жок. Мындай адамды аяш гана керек. Жетекчи катары да аяп кетем. Бул адам элдин эсинде мамлекетти прогресске алып келген жетекчи катары калбайт. Азыр кагаз жүзүндө баары жакшы деп көрсөтүп жатат. Эртең бийлик алмашса баары жалган болуп чыгат. Авторитардык режимдерде саясий оппоненттерди камоо кадыресе көрүнүш. Эмне үчүн башкаларды камабайт деп элдер өздөрү суроо коюп, өздөрү жооп берсе: «Анткени сиз бийликке коркунучтуусуз». Ошентип карапайым адамдар өздөрүн жубатууга аракеттенет. Бирок мен ачык айтып коёюн. Мен такыр саясий күрөштөн жеңилгеним жок. Майышканым да жок. Сын-

ганым да жок. Буюрса баары алдыда. Менин ак экендигим, бул өткөн күндөрүмдүн жакшылыгын кайрып берет деген тилегим бар. Адам баарына көнөт. Мен азыр өзүмдүн жакын досторум, балдарым үчүн жашап жатам. Мен абактан чыкканымда башымды бийик көтөрүп чыгам. Анткени мен эч нерсе уурдабаганымды бардыгы билишет.

«Азаттыктан» кээде Кулов жөнүндө берүү болгондо Жанузаковдун «Кулов коррупционер эмей эмне, үй куруу үчүн чыгымдалган каражатты жеп алган» деген сөзүн берип калат. Ошого жооп айтып коёюн. Жанузаков соттук иштерди билбейт. Мага коюлган күнөө кандай эле? Мен Бишкек шаарынын мэри болуп турганда мамлекеттин эсебинен 17 миллион сомго үй курулган. Бирок бүтпөй калды. Андан кийин 17 миллион чыгаша кетирген үйлөрдү 200 миң сомго сатылган. Сатып алган адам 200 миң сомду төлөгөн жок. Ал болгону 90 миң гана сом төлөдү. Документтерди да жакшылап жасаган эмес. Ал үйлөр ушул кезге чейин мэриянын карамагында турат.

Прокуратура бул ишти иликтеп, аныктап чыккан. Ал үйлөрдү бизди кайра алгыла деп сунуштаган эле. Мен аны аткарыш үчүн атайын комиссия түзүп, мыкты юристтерди таап, ошол комиссиянын чечими менен үйлөрдү кайра алдык. Андан көп өтпөй конституциялык сот жеке менчик ээсинин укугун бузду деп менин чечимимди жокко чыгарган. Кийинчерээк болсо прокуратура мени ошол кишиге кызмат абалынан пайдаланып, 15 миллион сом зыян алып келди деп чыкты. Бул жерден мени кылмышкер деп эсептеп чыкты. Туура эмес менчиктештирилген немени мамлекетке кайтарганым үчүн түрмөдө отурам бир сөз менен айтканда.

– Мына алдыда парламенттик шайлоо өнөктүгү болгону турат. Адилеттүү шайлоо үчүн деп Акаев өзгөртүүлөдү киргизген жаңы Шайлоо Кодексине кол

койду. Мындан эмнени түшүнсө болот? 2005-жылдагы шайлоолор акыйкат, таза өтөт деп ишенсе болобу?

– Таза шайлоо болбойт. Эмне үчүн? Муну биздин жетекчилердин сүйлөгөн сөзүнөн эле билип койсо болот. Алар ачык эле айтышты: «Оппозициядагылар таза шайлоого ишенбейт» – деп. Алар «Мандалак революция» болот деп коркуп атышат. Эгерде таза, акыйкаттуу шайлоолор болсо, анда эмнеден коркушат?

– Кыргызстанда Украинадагыдай окуялар кайталанышы мүмкүнбү?

– Шайлоонун жыйынтыгы бурмаланып өтсө Украинадагыдай окуя болот. Болбосо да «кыргызча варианты» менен болот. Бизде ал боюнча тажрыйба бар. Мына Кара-Буура тынчтык жолу менен саясий акцияга чыкты. Аксы демекчи. Биз бул ишти Украинадан мурда баштаганбыз. Кара-Буура, Аксы окуялары республикалык масштабда кайталанышы мүмкүн. Анда эл зордук-зомбулук кылган эмес. Аксы окуясында элди милиция аткан. Ошондуктан кимдир бирөөлөрдүн каны төгүлгөн десе, элдин каны төгүлгөн. Бийлик өкүлүнүн эмес, элдин каны төгүлгөн. Грузия, Украина революцияларындай Кара-Буура, Аксыда тынч революция болгон эмес.

– «Элим үчүн элим менен» деген фонд Аскар Акаевди референдум жолу менен калсын деген демилге көтөрүп чыкпадыбы. Сиз саясатчы катары кандай өңүттө карайсыз?

– Мен ал мындай кадамга барбайт деп ойлойм. Ал – акылдуу киши. Бирок өзүнүн мураскорун тандап алып, күч менен өткөрүүгө аракет кылат. Же болбосо ал өлкөдө башаламандыкты түзүп, оппозициянын же башка бирөөнүн келишине жол бербейт, менимче. Кыргызстанда жалпы саясий кырдаал ушул эки нукта өнүгүшү мүмкүн.

(Булак: https://www.azattyk.org/a/1233341.html)

АСКАР АКАЕВДИН ФЕЛИКС КУЛОВДУ КАМАТКАНЫНА КЕЧ ӨКҮНГӨНҮ...



Постсоветтик президенттер А.Акаев, И.Каримов жана Н.Назарбаев. Акмоло облусу, Казакстан. 27.8.1993.

24-апрель, 2005-жыл.

«Жоогазын» ыңкылабынан кийин Москвага чыгып кетүүгө аргасыз болгон Кыргызстандын мурдагы президенти Аскар Акаев 2005-жылдын 24-апрелинде «Азаттык» радиосуна маек курган.

– Аскар Акай уулу мырза, угармандарыбыз жообуңузду чыдамсыздык менен күтүп жаткан суроолордун бири – 24-мартта сиз Ак үйдөн шашылыш чыгып кеткенде кабинетиңизге калтырып кеткен делген күндөлүк тууралуу. Бул күндөлүктө эмнелер жазылган эле?

– Эгер күндөлүк жөнүндө сөз кылсак, чындыгында менин кабинетимде ондогон, көптөгөн документтер бар болчу. Ошонун ичинде сейфтеги, архивдеги документтер. Ал көп кол жазмалардын ичинде ар кандай менин

сүйлөгөн сөздөрүм, докладдарым бар болуш керек. Мен мындай нерсени айтар элем, ушуга байланыштуу акыркы күндөрдө Акаевдин өз колу менен жазылган бухгалтериясы табылды деген жалган маалыматтарды таратып жатышат.

Коомчулуктун ичинде Акаев жөнүндө ушундай жалган, терс пикир жаратыш үчүн. Мен ушуга толук каршылыгымды билдирем. Ошондой кагаз таптык, Акаев өз колу менен жазыптыр, кимден канча акча алганын, кимге канча акча бергенин деген. Бул толук жалган маалымат. Менде эч кандай бухгалтерия болгон эмес, болушу дагы мүмкүн эмес. Эгерде аларда кагаз болсо, элге көрсөтүшү керек, экспертиза жүргүзүп далилдеп беришсин.

– Ошол айтылып жаткан маалыматтардын биринде 200 миң сомдой акча каражаты Темирбек Акматалиев мырзадан алынган деген сыяктуу дагы маалымат бар экен. Азырынча «Азаттык» ұналгысына Акматалиев мырза мындай маалыматты төгүнгө чыгарып: «Мен мынча акчаны колума да алган эмесмин» – деп айтып жатат. Бирок сизге карата айыпталып жаткан негизги доолордун биринде дал ушул күндөлүк делген материалда кайсы бир ырасмий өкүлдөрдүн азыр дагы айрымдары бийликте турат, айрымдары бийликтен четтетилген. Ошол өкүлдөрдүн сиздин кабинетке акча бергендиги тууралуу цифралар. Демек, бул цифралар сиздин оюңузча төгүнбү?

– Толук жалган деп эсептейм. Анда менин колум менен жазылган эч кандай бухгалтерия табышы да мүмкүн эмес. Ошондуктан муну жалган жалаа жабуу, каралоо катары гана карайм.

Мен ушул боюнча мындай оюмду айткым келет. Мына бизде жаманбы, жакшыбы Конституция бар. Туура, азыркы жаңы убактылуу бийлик Конституцияны

өзгөртөбүз деп жатышат. Бирок Конституциябыз бар. Мына ошол Конституцияда экс-президентке, президенттин архиви, документтерине кол тийбестик укугу каралган.

Мына ошол Конституциядагы укукту азыркы убактылуу бийлик одоно бузуп, менин кол жазмаларымды, архивдеримдин баарын тинтишип, спекуляция жасап атканынын өзүн оор кылмыш катары караса болот.

Мен ушул боюнча эл аралык сотко кайрылууга азыр мажбур болуп отурам. Мен сөзсүз эл аралык сотко кайрылам. Себеби бул Конституцияны жана менин экс-президент катары укугумду толук бузгандыгы. Ал эми дагы кошумчалап айтам, жанагыдай бухгалтерия табылышы эч кандай мүмкүн эмес. Мунун баары каралап жалган жалаа жаап, элдин ичинде экс-президент Акаевди жаман көрсөтүш максаты катары карайм мен.

– *Рахмат. Эми азыркы утурумдук президенттин жума күнкү жардыгында сизге жана сиздин үй-бүлөңүзгө таандык деп жоромолдонгон кырктан ашуун компаниянын аты аталган. Бул тизме тууралуу оюңуз кандай?*

– Негизинен, ушул окуя бул жаңы Кыргызстандагы убактылуу бийликтин саясий алсыздыгын көргөзүп турат деген ойдомун. Себеби эгер тарыхка кайрылсак, тарыхта кайсы өлкөдө болбосун, кайсы доордо болбосун, Тынчтыкбек мырза, өзүң тарыхчысың, ошол төңкөрүш аркылуу бийликке келгендер ар дайым бийликти сактап калышы үчүн өткөн бийликти каралоо кампаниясын негизги курал катары пайдаланып келген.

Мына бүгүнкү Кыргызстандагы убактылуу бийлик дагы ошону курал катары пайдаланып атат. Ошонун далили катары азыркы убактылуу президент Бакиевдин чыгарган жарлыгын келтирсек болот. Ошол жарлыкта тизме жазышыптыр, 42 позициядан турган Акаевдердин мүлкү, ишканалары, ресторандары деген.

Мен ошол 42 позициядан турган тизмени үч топко бөлөөр элем. Биринчиден, бул толук мамлекеттик иш-

каналар. Ошонун ичинде Кадамжай сымап комбинаты, Бишкектеги «Манас» аэропорту, Ысык-Көлдөгү «Аврора» санаториясы жүрөт. Ушуга окшогон бир топ 100 пайыз мамлекеттик ишканалар. Булардын толук мамлекеттик ишкана экенин бардык кыргызстандыктар жакшы билет.

Экинчи бөлүгү, бул 100 пайыз чет өлкөлүк капитал менен иштеген ишканалар. Мисалы «Кумтөр» алтын комбинаты. Муну кыргызстандыктар жакшы билет акыркы он жылда Канаданын «Камеко» деген компаниясы иштетип жатканын. Токмоктогу иштебей турган айнек заводун толук Германиянын «Генрих Глейсер» деген фирмасы инвестиция жасап иштетип жатат. Азыр ондогон өлкөлөргө айнекти экспортко алып чыгып, Кыргызстандын экономикасына жана бюджетине абдан чоң киреше келтирип жаткан завод. Ошондой эле бир топ 100 пайыз капитал менен иштеген ишканалар.

Үчүнчү топто ресторан, соода борборлорун келтиришиптир. Буларга биздин эч кандай тиешебиз жок. Ушул тизменин ичинде жеке мага тиешелүү бул – президенттик китепкана. Азыр биринчи президент жөнүндө мыйзамды жокко чыгарышты. Бирок өз убагында мыйзамдын негизинде эл аралык жана өзүбүздүн улуттук коомчулуктун каражатына курулган. Анын ичинде менин миңдеген сейрек кездешүүчү, бүткүл дүйнөдөн, дүйнөнүн төрт бурчунан чогултkан китептерим бар. Бул деле Кыргызстандын элине, келечегине кызмат кыла турган нерсе. Мен аны тигил дүйнөгө алып кетпейм, туурабы.

Менин жолдошум Майрам Акаеванын жетим балдар үчүн салган Бишкектеги жана Чолпон-Атадагы балдар айылдары, «Алтын балалык» балдар санаториясы гана бизге таандык. Мен ошондуктан айтат элем, азыркы бийлик Геббельстин принцибин колдонуп атат, «канчалык жалган жалаа айтсын, ошончолук ишенимдүү болот» деген.

– «МСН» гезити сизге таандык деп жоромолдоп жазып чыккан имаратты, Ишенбай Кадырбеков мырза менен жолукканда кайра сураган экенсиз. Сиз бир кезде өзүңүз кайрылуу жасап (гезитке) каршы чыкпадыңыз беле, ошол сөзүңүзгө карама-каршы кадам жасап жаткан жоксузбу?

– Мен Москвадан депутаттардын комиссия тобу менен жана Ишенбай Кадырбеков менен жекеме-жеке жолуккам. Анан ошол Ишенбай Кадырбеков айтыптыр: «Менден Акаев мындай-тигиндей сураган, ошондо күбө болгон Танаев, Жумалиев» – деп. Эч кандай Танаев, Жумалиевдер биз сүйлөшкөндө болгон эмес. Ошондуктан ал кандай айтса, аларга жараша берет. Мен эч нерсе сураган эмесмин. Эгер мен бир нерсе сурасам депутаттар деле айтат эле да.

– Мына ушул кырктан ашуун компания менен байланыштуу бир суроо. Бейшемби күнү кызыңыз Бермет Акаева «Азаттыктын» кабарчысы менен ободо маек куруп, он мүнөттөй сүйлөп, ал дагы азыркы бийликти сынга алды. Анын ичинде: «Атамдын да, менин да бизнесим жок» – деп келип туруп, бирок сиздин күйөө балаңыз жөнүндө айтып, «Манастагы» Ганси аба базасына майды берүүдө, ушул сыяктуу ишкерликте күйөө балаңыз иштегендигин, анын компаниясы ишкерлик менен алектенгендигин айта кетти. Демек, балким «Манас» аэропортун ушул багытта эске алып жатышпасын?

– Болушу мүмкүн. Мен андай деталдарына киришейин деген оюм жок. Туура, күйөө баламын бизнеси болгон, ал бизнесине комиссиянын суроолору болсо, алар өздөрү кийин такташып алат да, туурабы. Ал эми аэропорттун өзүнө авиакеросин куюучу компаниялардын эч кандай тиешеси жок. Ошондуктан аны өзүнчө тактап алат го деп ойлойм.

Бирок мен жанагы тизме боюнча мындай айткым келет. Менимче, азыр ошонун ичинде биздин эч кандай тиешебиз жок ишканалардын кожоюндарынын акыба-

лына, тагдырына өзгөчө тынчсызданып турам. Себеби мага бир ошол чет өлкөлүк инвестор телефон чалды. Ири ишканасын биздин тизмеге киргизип коюшуптур. Ошол киши айтты, жаңы бийликтин өкүлдөрү биздин ишканага келип, мындай талап койду деди: «Акаевдердин үлүшүн бизге көчүрүп жазып бересиңер» – деп.

– *Кечиресиз, бул кайсы фирма?*

– Токмоктогу айнек заводу. Акаевдин эч кандай үлүшү жок десек, болбой күчкө салып атышат дейт, «жок табасыңар, таппасаңар дагы бизге жазып бересиңер» деп.

Бул чет өлкөлүк менчикти басып алуу дегендикке эле жатат. Эми ошондой инвесторлордун баары кетсе, анда биздин экономикабыздын ураганы ошол болот.

- *Ал эми «Вечерний Бишкек» гезитинин маселеси боюнча сиз кандай дейсиз? Чынында дагы мурдагы президенттин үй-бүлөсү бизден күчтөп анын негизги акциясын тартып алганга аракет кылган, анын дагы кожоюндары азыр биз болчубуз деп башка саясатчылар чыгып атат.*

– Мен «Вечерний Бишкектин» жана ошого окшогон бир топ объектилердин эч кандай тарыхын билбейт экенмин. Эми аны комиссия тактайт го. Бирок мен ошол комиссиянын адилеттүү, ачык-айкын иштээрине эч кандай көзүм жетпейт. Менимче, алардын максаты башка. Себеби ошол эле комиссия өзүңүз байкагандырсыз, «МСНге» чыккан тизмени көчүрүп жазып алышыптыр. Ошол эле.

Комиссиянын мүчөсү – «МСНдин» башкы редактору, көп жылдар бизге элдин ичинде жалган маалымат таратып, бизге жалаа жапкан Александр Ким жүрөт. Бир топ ошондой адамдар. Ошондуктан бул комиссия объективдүү иштеп, ачык-айкын, туура маалымат берет деп эч ким эсептебейт. Мен ушундай ойлойм.

Булардын максаты башка. Булардын эки максатын көрүп турам. Биринчиден, мына азыркы убактылуу бийликтин алдында абдан татаал маселелер турат. Төңкөрүштөн кийин соода түйүндөрү таланып-тонолуп,

ошондой эле мамлекеттик каражаттар таланды. Мына ушунун баары экономикалык кризиске алып келет. Ушул кыйынчылыктардын баарын азыркы убактылуу бийлик Акаевдин мойнуна илебиз деген максат менен жүргүзүп атат.

Экинчиси, президенттик шайлоо турат алдыда. Ошол элдин ишенимине татыктуу жол менен жаңы социалдык-экономикалык программа менен чыгууга жаңы бийликтин дарамети жок. Ошондуктан Акевди каралап, Акаевди каралоо кампаниясы аркылуу ошол шайлоону утуп чыгабыз деген максаттар менен гана жасап жатышат мунун баарын.

– *Бир чети ушул жаңы бийликтин өзүнүн орчун өкүлдөрүнүн баары сиздин башкаруу мектебиңизден чыккан деп айтып жатышат. Алардын арасында Темирбек Акматалиев жана башка мырзалар болуп атат ушул учурда. Негизи, кадр саясаты боюнча сиз өзүңүздүн кадр саясатыңызда жана жалпы эле стратегияңызда кандайдыр бир туура эмес калпыс кадам болду деген оюңуз барбы? Маселен, шайлоону алалы. Шайлоодо бир эле учурда уулуңуз да, кызыңыз да, эки балдызыңыз дагы талапкер катары чыкканга аракет кылышпадыбы. Алардын ичинен уулуңуз менен кызыңыз депутаттык бийликке келишти. Бир үй-бүлө үчүн бул өтө эле көптүк кылат деп сиздин оппозиция айтып жатат, буга кандай карайсыз?*

– Эми менин уулум, кызым жөнүндө сөз кылсак, мына кызым Бермет, уулум Айдар экөө тең эле чындык негизинде, ошол жанагындай татаал, атаандаштык шартта эле парламентке шайланышты. Экөө тең элдин ишеничине ээ болушуп, азыр бүгүнкү күндө экөө тең шайлоочулардын алдындагы милдеттерин, өздөрүнүн депутаттык милдетин аткаралы дешсе жаңы бийлик тоскоол болуп атышат. Парламентке киргизбей, иштетпей жатышат.

Менимче, бул жаңы бийликтин биздин Кыргызстанда Сталиндик доорду орноткону катары таанууга болот. Себеби Сталиндин доорунда гана «Эл душманынын балдары» катары кызматтан, окуудан айдап келген. Мына бүгүнкү күнү жана өзүңүз айткандай менин балдарымды парламентте иштөөгө мүмкүнчүлүк бербей жатышат. Ал эми туугандарыбыздын баарын бардык кызматтардан айдашты.

– *Кечиресиз, арасында кимдер бар ошол кызматтан айдалган сиздин туугандарыңыздан?*

– Сиз атаган балдыздарымдын баарын айдады. Менин өзүмдүн агамды айдады. Майда эле кызмат – Чоң Кеминдеги токой чарбанын башчысы (лесхоздун начальниги) болчу. Аны дагы кызматтан айдашты. Менин айылдагы өзүмдүн улуу агамды. Эми калганын эсептеп отурбайын.

Мен ушуну айткым келет. Суроо туулушу мүмкүн. Аскар Акаевичтин убагында кандай болду эле деп? Мен ушуну куру сөз эмес катары сизге бир-эки мисал келтирип кетейин.

Мына бүгүнкү Билим берүү министри Нур уулу Досболдун уулун мен атайын стипендия берип, Америкадан окуттум. Бүгүнкү оппозициянын идеологдорунун бири Топчубек Тургуналиевдин күйөө баласы президенттин администрациясында көп жылдар бөлүм башчынын орун басары болуп иштеди. Андан кийин Вашингтонго эл аралык валюттук фондго жана Дүйнөлүк банкка Кыргызстандын өкүлү кылып жибердим. Бул деген өзү абдан зор кызмат. Анан бүгүнкү эле убактылуу президент Курманбек Бакиевдин уулу Улуттук коопсуздук кызматында бөлүм начальнигинин орун басары болуп иштеп келди. Дагы чоңоюп кетиши мүмкүн.

Дагы бир мисал келтиргим келет – жанагы соттор боюнча көп сөз болуп жатат. Акаевдер соттон пайдаланып, өздөрүнүн жактоочуларына чечим чыгарган деген.

Мына ушул соттордун ишин тейлеген Сот департаментинин начальниги Бакиевдин бир тууганы Муратбек Бакиев иштеп келди. Бүгүн деле ошол кызматта иштеп жатат. Бул менин мамилем – ошол оппозициянын туугандарына.

Ал эми бул жаңы бийликтин мамилесин өзүңүз көрдүңүз. Муну эл ичинде бир сөз деле далилдеп жатат. Элде сөз бекеринен чыкпайт. Мына азыр элдин арасында сөз жүрүп атат: «Убактылуу өкмөттө Ежовдор иштеп жатат, прокурор Вишинскийлер иштеп жатат» – деп. Мына сталинизм келгени, бүгүнкү күндө Кыргызстанда демократиянын келечегине эң чоң коркунуч туулгандыгы деп эсептейм.

– *Рахмат. Сиздин бийликте турган учуруңуз чынында Борбордук Азияда Кыргызстанды кайсы бир деңгээлде либерал кылып, айырмалап турган болчу. Бирок ошого карабастан Феликс Кулов, Топчубек Тургуналиев, Замира Сыдыкова кайсы бир мөөнөттөрдө абакта кармалып турушту. Кулов ыңкылапка чейин таптакыр эле абактан чыгарылган жок. Ошол учурлар үчүн сиз азыр өкүнөсүзбү?*

– Мен бир киши – (Феликс) Кулов үчүн өкүнөм.

– *Рахмат. Ал эми сиз бир эле учурда мамлекеттик ишмер гана эмес, окумуштуу да кишисиз, балким, азыр сары эсеп салып жатасыз, бир ай мурдагы окуяларды. Бул ыңкылаптын сабагы тууралуу көп сөз болуп атат. Бир чети «жетеленме демократия», сөз жүзүндө демократиянын баалуулуктарын жарыялап, иш жүзүндө аны жүзөгө ашырбоо, демек, бул демократиянын жоктугу деп айтып жатышат. Өткөндө сиз өз сөзүңүздүн биринде Ислам Каримовго демократияны коргоо үчүн күч колдонуу керек деген сыяктуу бир өзүңүздүн сунушуңузду айтпадыңызбы. Демек, Ислам Каримов Өзбекстанда демократиялык түзүлүштү калыптандырдыбы? Анда сиз бийлеген мамлекеттеги түзүлүш Каримовдун мам-*

лекетиндеги түзүлүштөн кандай айырмаланат эле?

– Тынчтыкбек мырза, мен сиздин сурооңуздун биринчи бөлүгүнө мындайча жооп берет элем. Мына азыркы убактылуу бийлик жүргүзүп жаткан саясаттын эч кандай демократияга окшоштугу да, даамдыгы да жок. Сөз жүзүндө айтылып жатышы мүмкүн. Бирок иш жүзүндө мен айтпадымбы, бүгүнкү көрүнүштөр мага ошол өткөн кылымдагы Сталиндин репрессиялык доорун, тоталитаризмди гана элестетип турат деп. Бул – биринчиден.

Эч кандай демократиялык аракеттерин мен көргөн дагы, укkан дагы жокмун, менимче.

Эми 24-марттагы окуялардын сабактары жөнүндө мен өзүмдүн көз карашымды Орусиядагы бир саясий журналга чоң макала катары жазып жарыяладым. Окурмандар, кызыккандар, «Саясий бийлик» деген журналдан окуй алат. Кудай буюрса, жакында чыгат. Ошондо мен толук чагылдырдым. Кызыккандарга дарегин айтып жатам.

Кошуна өлкөлөр боюнча мен тактап айтышым керек. Өзбекстандын президенти улуу урматтуу Ислам Каримовго эч кандай өзүмдүн кеңешимди берген эмесмин. Бул жаңылыш болуш керек. Менимче, ал кишинин тажрыйбасы баарыбыздыкына караганда абдан зор. Ал киши өзү жакшы билет, жакшы сезет – Өзбекстанды кандай жол менен гүлдөтүп өстүрүш керек, кандай жол менен чечиш керек. Эми Орто Азиянын мамлекеттеринин бардыгы эле демократиялык жолдо баратпайбы, туурабы.

– Азыр алар ошентип жарыялап жатат, бирок иш жүзүндө алар каршы пикир айткандарды камакка алып, куугунтуктап, айрымдары бозгунчулукка кеткенге аргасыз болуп жаткандыгы үчүн, аларды тырмакчага алып «жетеленме демократия» деп айтып жатышат Батышта. Демек, иш жүзүндө эмес, сөз жүзүндөгү демократия да?

– Убакыт керек. Менин жаңылыштыктарымдын бири, менимче, 24-марттагы окуянын чыгышы, мен

демократиялык процесстерди өтө ыкчамдатып жибергендигимден көрүп турам. Өтө ыкчамдатып жибергенибизден келип чыкты жана ошондой эле кайсы бир эл аралык күчтөр дагы ошону ыкчамдатууга аракет жасашты. Мына ушунун аркасынан чыкты. Бул демократияны курууда, демократияны өстүрүп, өнүктүрүүдө өтө ыкчамдатып жиберген дагы катачылык болот деп эсептейм.

– *Урматтуу Аскар Акай уулу агай, дагы бир эң олуттуу соңку суроолордун бири, мен сизге берип кетейин деген, мына 24-мартта сиз өлкөдөн чыгып кетпей Чаткалга, Көкойрокко же башка ушул сыяктуу жерлерге гана барып, Кыргызстандын ичинде калсаңыз болмок беле? Кыргызстандан кетип калганыңызды сиз туура эмес кадам болду деп санабайсызбы азыр?*

– 24-марттан кийин ушул суроону мен өзүмө көп жолу бердим. Мен эсептейм, туура кадам болду деп. Себеби кайсы жерде калбайын Кыргызстанда 24-мартта кан төгүлбөсө экен деген максат болду. Эгерде мен өзүмдү коргоп же бийликти кайра тартып алуу максатын койсом, ал сөзсүз канды төгүүгө гана алып келмек.

– *Мунуңузду албетте элдин баары билет. Бирок ошол эле учурда 10 миңдеген куралсыз кишилерге таякчан спортсмендер, хулигандар келип кол салып, ошолордон кийин гана Ак үй алынды деп жатпайбы. Ошолордун кол салуусу даярдалып жаткандыгын сиз билген белеңиз?*

– Эч кандай кол салуу болгон эмес. Мунун бардыгы жалган маалымат. Ошол эле пикетчилер, оппозиция алып келген топтор биздин Ак үйдү коргогон милицияга кол салып, уруп-сабап, түзмө-түз эле алардын максаты өкмөт үйүн штурм менен алыш болчу. Ошол максатын ишке ашырышты.

– *Рахмат. Бул сиздин оюңуз. Башка дагы пикирлер бар. Эми эң соңку суроо. Сиз түзгөн реформанын негизинде курулган азыркы түзүлүш кайсы бир ли-*

берал эмес кишинин колуна тийсе эле система ушул боюнча калса, бул авторитардык система болуп калып жатат деп сынчылар айтып атат. Демек, соңку Конституциялык реформалардын бардыгы президенттик бийликти күчтөндүрүп салгандыгы үчүн сиз өкүнбөйсүзбү?

– Жок. Өзүңүз деле жакшы билесиз, 2003-жылдагы референдумда кабыл алынган Конституциянын редакциясында, мен президенттин ыйгарым укуктарынын көпчүлүгүн өз ыктыярым менен парламентке, өкмөткө өткөрүп бербедимби. Акыркы Конституцияда Европанын, ЕККУнун (ОБСЕнин) эксперттери өздөрү айтышты, Кыргызстандын Конституциясы азыр бийликтердин ортосундагы, бийликтин бутактарынын ортосундагы ыйгарымдардын (полномочиелердин) баланска келтирилиши бул башка өлкөлөрдүн бардыгына үлгү боло алат деп. Бүгүнкү күндө биздин бир палаталуу парламенттин өтө зор ыйгарым укуктары бар, ошону биздин Жогорку Кеңеш жакшылап пайдаланса.

– *Рахмат. Урматтуу Аскар Акай уулу мырза, «Азаттык» үналгысынын угармандары үчүн түз ободо чыгып маек курганыңыз үчүн сизге чоң рахмат айтабыз. Болочокто дагы сиз менен да, сиздин башка тарапкерлериңиз, сиздин сынчыларыңыз менен да ободо түз маек куруп турмакчыбыз. Сизге жакшылык каалайбыз.*

– Жакшы болот. Рахмат. Мен сиздерге да ийгилик каалайм.

(Булак:https://www.azattyk.org/a/askar_akayev_interview_24-04-2005_from_azattyk_archive_ky/28359119.html)

БЕКТЕМИР АКУНОВДУ КАМАККА ЧЕЙИН ЭЛЕ КӨЧӨДӨН СҮЙРӨП ТЕПКИЛЕШКЕН



Солдон оңго биринчи: Бектемир Акунов.

17-апрель, 2007-жыл.

15-апрелде (2007-жылы) Нарында милициянын абагында жатып «Кыргызстанды сактоо» патриоттук кыймылынын мүчөсү Бектемир Акунов каза болгон. Ачкачылык акциясынын катышуучуларынын бири Акунов өз көйнөгүнө муунуп өлдү деген расмий маалымат айтылууда. Бектемир Акунов 5-апрелден тарта саясий ачкачылык акциясын жарыялагандардын катарына кошулуп, 11-апрелге чейин ачкачылык кармаган. «Азаттыктын» кабарчысы маркум Бектемир Акуновдун уулу Урмат Акунов менен маектешкен.

– *Урмат, каза болгон атаңыздын денесинде кандайдыр бир жаракаттар бар бекен?*

– Бул боюнча азырынча экспертиза жүргүзүлө элек. Азыр Накен Касиевич, «Бириккен фронттун» өкүлдөрү келе жатат дешти. Биз ошолорду күтүп турабыз. Бул жакта экспертиза, губернатордун орун басары бар. Бул жерде азыр күбө болгон элдердин айтчусун угуп, бардыгы чыкты. Атамды төрт милициянын талоосу менен көчөдөн алып

кирип кетишкен экен ГОВДга. Ал жерге барганда карапайым эл, тургундар: «Ай бул эмне кылганыңар?! Ушунча дагы талайсыңарбы? Ушундай дагы кордук болобу?» – десе, алар: «Силер боор ачып жатасыңарбы? Бул деген «бомж», жоголгула» – деп жооп бергенин эл уккан экен.

– *Сиздин өзүңүздүн пикириңиз кандай? Камерадан өзү муунуп өлдү дегенге ишенесизби?*

– Камерадан муунуп өлдү дегенге ишенбейм. Бул сырттан ага чейин эле саат 12:00дө муунуп өлдү деген көрсөтмөлөрдү берип жатышат. Бул түнүчүндө камалганда эле саат 1–2ге чейин өлтүрүп салышкан.

– *Сиз атаңыздын сөөгүн көрдүңүзбү?*

– Биз кечээ эртең менен чала-бучук көрүп чыкканбыз. Андан бери көрсөтө элек. Ал маалда биз өзүбүздү жоготуп койдук.Толук көрө албай калдык.

– *Атаңыз камерада өзү жалгыз жаткандыбы же жанында дагы башка камактагылар болгонбу?*

– Бул камерага чейин да кирген эмес. Ага чейин сырттан эле өлтүрүп алышкан. Ага чейин эле көчөдөн тепкилеп, кордук көрсөтүп, көчөдөн сүйрөп өтүшкөн. Байпактары, туфлиси подъезддин жанында калган. Эртеси күнү эле терип кетишиптир. Аны көтөрүп бара жаткандарын дагы, алгандарын дагы көргөн эл бар экен.

– *Атаңыздын Нарынга келген учурда ден соолугу кандай эле?*

– Ал маалда толук көрө алган жокпуз, жолуккан эмеспиз. Атабызга үйгө чейин жеткен эмеспиз. Бул киши шаардан чыккан бойдон эле такси менен мэрияга келген.

– *Мэриянын өкүлдөрү кандай жооп беришкен? Чыгып сүйлөшүшкөнбү?*

– Бул киши кайра «Бириккен фронтко» телефон чалганы кеткен маалда, губернатор, вице-мэр, шаардын мэри өздөрү бүт баары келген. Ошол жерден булар ГОВДнын замначальнигине: «Камагыла!» – деп буйрук берген. Ошол маалда булар камашкан. Саат канчада камап, кандай болгондугу дагы белгисиз.

(Булак:https://www.azattyk.org/a/1265081.html)

«АЗАТТЫКТЫН» АРХИВИНЕН: УЛУУ ЖАЗУУЧУ МЕНЕН МАЕК



12-декабрь, 2007-жыл.

Бул улуу жазуучунун акыркы маектеринин бири. Атактуу кыргыз эл жазуучусу, Кыргыз эл Баатыры Чыңгыз Айтматов бүгүн 79 жашка толду. Бул күнү залкарды «Азаттык» алгачкылардан болуп куттуктап, маек уюштурган. Жазуучу маегинде Жаңы жылдан кийин элчилик кызматты өткөрүп, Кыргызстанга келерин, мындан ары дагы чыгармачылык менен алектенерин билдирди.

– Чыңгыз агай, биринчиден, бүгүнкү туулган күнүңүз кут болсун. Сизге «Азаттык» үналгысынын атынан, анын миңдеген угармандарынын атынан ден соолук, чыгармачылык ийгилик каалайбыз.

– Бизде Европада азыр саат сегиз болду. Биринчи өзүңөр кайрылып, бүгүнкү күндү белгилеп жатканыңарга ырахмат. Мен «Азаттыкты» илгертен, жаш кезимен бери тыңшап, угуп жүргөн кишилердин биримин.

– Өмүрдүн ушул сересине келгенден кийин сизде азыр кандай ойлор болуп жатат? Эмнеге жетиштим, эмнеге жетише элекмин деп ойлойсуз?

– Жетише элек максаттар толуп жатат. Адамдын өмүрүндө, турмуштук көз карашында, албетте, умтулуш эң негизги күч. Дагы бир нерсени жазып чыксам, дагы бир нерсени айтып калсам, убактым болсо деген үмүттөмүн. Андыктан дагы жаза турган ойлорум бар. Жаңы жылда мен ушул кызматтарды жыйнаштырып, рахматымды айтып, биротоло ден соолукту жана чыгармачылык ишти ойлосомбу деген максаттамын.

– Элчилик кызматты өткөрүп бергенден кийин Кыргызстанга келип жашайын деген оюңуз барбы?

– Албетте. Мен өзүбүздүн Кыргызстан, жаныбыздагы Казакстан менен байланыштамын. Алматы азыр абдан гүлдөп, руханий жактан дагы күчөп турган кези. Анан Москва, ал дүйнөлүк ордо эмеспи. Өзүбүздүн эл журтубузга Ысык-Көлгө аракет кылып жатабыз. Бир жаңы инвестор таап, көл жээкке маданий борбор куруш керек. Ага бир топ каражат керек болуп жатат. Азыркы архитектурага жооп бере турган, көлдүн жээгине жараша турган бир чоң курулуш болуш керек. Мен аны өзүм үчүн куруп жаткан жерим жок. Мага жетет жашай турган жерлер. Келечек үчүн, балдар үчүн, муундар үчүн куруш керек.

– Чыңгыз агай, ушул тапта кайсы бир чыгарманын үстүндө иштеп жатасызбы?

– Азыр ойлорум бар. Бирок бир жагы ден соолукту чыңдоо максатында доктурга көрүнүп жатам. Экинчи жагы коомдук иштер күчөп жатат. Эки ай сыртта болдум. Башталышы Түркиядан башталды. Элазык деген

чоң шаар бар экен. Жетекчилери, эли маданиятка, адабиятка өзгөчө көңүл бурушат экен. Атайын чакырышып ошол жерден көчөдөн марш, митинг жасашат экен. Ошол жерде жаңы парк ачып жатышыптыр. Ал паркты менин атымдан жасашты. Москвада бир топ жыйындар болду орус тилине, орус маданиятына арналган. Биздин байланышыбызга орус тилинин таасири канчалык болду, маданиятынын таасири канчалык болду дүйнөлүк масштабда деген сыяктуу.

– *Чоң таанымал, мыкты, залкар жазуучу катары чыгарма жазууга сизге эмне түрткү берет?*

– Муну бир-эки ооз сөз менен түшүндүрүш кыйын. Бул ички маселе, ички руханий умтулуш. Муну айтпасам, ушуну жазбасам, ушуну окурмандарыма жеткирбесем анда арманда калам деген сезимдемин. Бул турмуштун, жашоонун негизги максаты катарында көрүлөт. Бирөөлөр ойлойт бир нерсени курсамбы, бир нерсени жасасам, бир нерсенин сүрөтүн тартсам дейт. А мени болсо жаңы чыгарма жазыш.

Азыркы «Тоолор кулаганда» деген роман Кудайга шүгүр абдан кеңири чыкты. Өзгөчө Европада окурмандардын арасында жакшы жайылып жатат. Германиянын өзүндө тогуз шаарда презентация болду. Швейцарияда алты шаарда болду. Презентацияга жүздөгөн, миңдеген кишилер келип жатат.

– *Сиз элчилик кызматты аркалап келе жатасыз да. Азыркы саясатка кандай мамиледе болуп жатасыз? Шайлоо келе жатат.*

– Саясатсыз турмуш жок да. Коомчулуктун, көпчүлүктүн, элдин мамлекеттин турмушу саясатка байланыштуу. Жакшылыкка алып келе турган саясаттарды ойлош керек.

– *Бүгүнкү Кыргызстандын ахыбалына кандай баа бересиз?*

– Менимче изденүү, чоң аракет болуп жатат. Ошол аракеттин жемишине жетишсек жакшы болор эле. Аракет бар, албетте.

– *Элчилик кызматты сиз өз эркиңиз менен өткөрүп берейин деп жатасызбы же сизге сунуштар болдубу?*

– Жок. Өз эрким менен. Он үч жыл иштедим.

– *Сиз жазган чыгармаларыңыздын ичинен өзүңүздүн көңүлүңүзгө аябай жаккан чыгарма же максатына көп жетпей калгандары болду деген сезимдер барбы?*

– Ар бир замандын өлчөмү бар да. Мисалы, азыркы убакта жаза турган болсом башкача көз караш, башкача дүйнө түшүнүгүм бар деп ойлойм. Мурда ал өзүнүн заманына жараша болгон. Гүлсарыны жазган убак, Танабайларды жазган убак ал бир башка. «Тоолор кулаганда» деген романымда азыркы глобалдашуу деп жатпайбызбы, бүт дүйнөнү, ааламды каптаган процесс, глобализация менен жекече адамдын өмүрү, тагдыры кандайча байланышы бар, кандайча таасири бар, ошону айтууга аракеттенгем. Глобализация азыр менин түшүнүгүмдө базар экономика кызматын көрсөтүп, бир жагынан каптады. Ошонун арасында адамзаттын турмушу, тагдыры, келечеги кандай деген умтулуш болгон.

– *Кыргыз киносу жөнүндө кандай пикирдесиз? Кийинки кезде жакшы аракеттер жасалып жаткандай болуп жатат.*

– Кинотасма дегенди азыр ар бир улуттун маданиятынын эң көрүнүктүү жагдайы деп түшүнүш керек. Киносу жок азыркы убакта маданият, искусство болушу мүмкүн эмес. Андыктан бардык аракеттерди жасап жатабыз. Биздин кино тармагында иштегендердин да аракети бар. Бирок кинонун бир олуттуу жери – каражат маселеси. Ошол каражат маселесин карап жатабыз.

– *Сизге чоң ырахмат, «Азаттыкка» маек куруп бергениңизге.*

– Силерге да ырахмат. «Азаттыкты» кайра куруу заманында күнүгө угуп турбасак болчу эмес эле. Азыр «Азаттыктын» жаңы милдети болот деп ойлойм. Демократия бир жолу эле курулуп, бир жолу эле жетилип калбайт. Сөзсүз демократия агымда болуш керек, дайым жалгаштырып туруш үчүн. «Азаттыктын» да кызматы ошого жумшалсын.

– *Дагы бир жолу ырахмат Сизге.*

(Булак: https://www.azattyk.org/a/1276477.html)



САЛИЖАН ЖИГИТОВ «АРА ТӨРӨЛГӨН РЕВОЛЮЦИЯ» ЖАНА ӨЗҮ ЖӨНҮНДӨ



22-февраль, 2009-жыл.

Чыгаан адабиятчы жана коомдук ишмер Салижан Жигитов жарык дүйнө менен кош айтышканына үч жылга аяк басты. Сынды тайманбай бетке айтып келген айтылуу сынчы «Азаттыкка» эң соңку маегин 2005-жылы июль айында катуу ооруп жаткан учурда берген эле. Анда Салижан Жигитов Аскар Акаевдин каталыктары, аягына чыкпай калган революция, бийликти чырмаган коррупция жана кыргыз улутун тооруган жоголуп кетүү коркунучу жөнүндө кеп салган эле.

– Азыркы Бакиевдин командасы баягы эле Акаевдин командасынын жолуна түштү, коррупциядан соо эмес деген пикирлер айтылууда. Жаңы бийлик мурдагы Акаевдин бийлиги кетирген каталыктардан сабак алат деп ойлойсузбу?

– Оо, аны эми ким билет? Азыр жаңы келип атат да. Буларды да карап көрөлү. Бирок элдин баары айтып атпайбы: «Оо, баякыдай эле орундар сатылып атат» – деп. Кызмат орундар сатылып атат деп гезиттен окудум, ошентип айтыптыр эки-үчөө. Мурдакыдай эле параны алып атат баары эле. Кичинекей бирдеме ачайын десең, азыркы акимдер парасыз эчтеме жасашпайт экен.

– Сиз дайыма сынды бетке айткан киши катары таанымалсыз да. Сиз Акаев менен бирге иштешип калдыңыз. Кошо иштешип жүргөн кезде ошол кишиге өзүнүн кетирип жаткан каталыктарын көзүнө айткан учурларыңыз болдубу?

– Аскар Акаевич ал убакта башка Акаев болчу. Анда эл менен эсептешип, сестенип, коркуп иштечү. Экинчиден, анда баарын эле өзүм алайын, бала-чакама алып берейин дегенден да алыс эле. Ал убакта аны сындай турган деле орчундуу маселе жок болчу. Бирок мен ага айтчумун: «Сиз кокустан президент болуп калдыңыз. Кыргызстан кокустан көз каранды эмес мамлекет болуп калды, өз алдынча дегендей. Саясий өз алдынчалык алып калды. Ошон үчүн сиз тарыхта кала турган болуп калдыңыз. Кыргыз мамлекетинин башында турган киши болуп калдыңыз. Ушу тарых үчүн иштеш керек», – деп.

«Ооба, туура» дечү, «ушундай иштеш керек, иштейли деп». Кийин 1995-жылы шайлангандан кийин алар-булар таасир этип, Казакстандан таасир этип, анан дүнүйөнүн артынан кубалап кетип, бала-чакасы менен бүт баары кирип кетпедиби. 1999-жылы кетип калса же 2000-жылы эле кетип калса биздин арабызда жүрөт эле азыр. Жеп-ичкенин да аш кылып кетет эле. Элдин ур-

мат- сыйын алып, тарыхта жакшы болуп калат эле дагы, балким, азыр беш жыл өткөндөн кийин дагы ырсаңдап: «Ой, ушул эле жакшы болчу» – деп, кайра шайлап алат элек . Азыр мына Рафсанжани деген мурда Иранга президент болгон киши кайра дагы өзүнүн талапкерлигин койбодубу. Утайын деп барып утулуп калды. Ошондой кылып койсо болот эле. Аскар Акаевди анда сындаган каякта, биринчиден. Кийинкилери, менден кийин Акаевдин жанында жүргөндөрү айтты: «Сын айтсаң эле болду, ошерден эле титиреңдеп, жакшы кабыл албай жаман көрчү» – деп...

– *Мамлекетти башкаруунун салты, бийликти өткөрүүнүн салты кандай болуш керек? Мына ушул жагынан Кыргызстанда чоң өксүк бар экени көрүнүп калды.*

– Кыргызстанда мамлекетти башкаруунун салты жок. Мамлекеттик бийликтин бир колдон экинчи колго өтүш салты да жок. Мурда Москвадан приказ берип эле, бир маймылды отургузуп койсо деле иштей бермек. Эгемен өлкөдө өз алдынча маселе чечкенге келгенде, мына Аскар Акаев буга жарабай калды да. Ар күнү ал өз алдынча башын иштетип, маселе чечиш керек болчу. Ал эмне болсоң ошо бол деп таштап койду. Турмуш өзүнчө эле агып атты.

Элдин баары эле айтып жатпайбы, дүйнөкорлук, ач көздүк кылып кетип, өзүнүн биографиясын бузуп алды. Тарыхтан орун алат эле. Аскар Акаевди жактаган кишилер айтып жатышпайбы азыр: «Баары бир тарых өз ордуна коёт, буга жакшы эле баа берет» – деп. Билбейм, Кеминден өзүнүн туугандарынан эле чыгып, тарых жазып калып жакшы дебесе. Калыс жазган кишилерге көрүнүп турат да. Ушул эле «Моя столица» гезитин, андан башка «Республика» гезитин карап отурса эле Аскар Акаев жөнүндө чындыктын баары чыгат да. «Азаттык» радиосунда дагы абдан көп айтылды. Нарын Айып канча макала жазды ошол жөнүндө. Ошолорду караса, ошолорго таянса жазмакерлер.

Аскар Акаевдин кылган-эткендеринин бардыгы эле кагаз бетине жазылып калган жок. Кошо иштеп жүргөн кишилер азыр жазса абдан кызыктуу болот эле, ал маселелерди кантип чечкени тууралуу. Ушулардын баарын чогултуп келгенде, качып кетиши жана кылган иштери менен ал оң маанидеги каарман болуп калалбайт. Качып кеткенинин бир жаман жери, ал жасаган иштердин баарын, кылык-жоруктарынын баарын ачыкка чыгарып салып атпайбы.

– *Эгемендик жылдарында жалпы журт кыйналып, турмуштун азаптуу чегине жеткенде эл түрө көтөрүлүп, революция болду деп айтылып жатат. Кандай революция болду дейсиз? Бакиев деле Акаев сыяктуу Кыргызстанды демократиялык мамлекет кылып курабыз деп чыгып жатат.*

– Эми демократия деген өзү батыш элдери чыгарган, батыш коому жараткан бир саясий көрүнүш. А биякта каяктан демократия, тоталитардык режимде жүрдүк. Андан мурун падышалык өкмөттө дагы тоталитардык режимде болчубуз. Кокон кандыгында эмне, демократия бар беле? Же кыргыздын өзүндө демократия бар беле? Бул кызылдай эле калп. Азыр деле демократия жок болуп жатпайбы. Анан каяктагы демократия?

Анан дагы эркин экономика дешет. Ал дагы жок бизде. Элге экономикалык эркиндик берилген жери жок.

Бул «ара төрөлгөн революция», аягына чыкпай калган революция деп айтып атышат.

Эптеп бийлик алмашты. Булардын ичинде деле совет доорунда тоталитардык аң-сезимди ташып жүргөн кишилер да азыр. Аскар Акаевдин тушунда деле баягы коммунисттер болгон. Анан булардын түшүнүгү да патриархалдык, феодалдык түшүнүк да. Буларда буржуазиялык, капиталисттик аң-сезимди ташыгандар жок. Ошон үчүн өзгөргөн жаңы муун бийликтин башына келсе гана бирдеме болушу мүмкүн.

– 2005-ж. март окуясын коомчулукта ыңкылап болду десе, айрымдары революция болду деп жатышат. Сиз «ара төрөлгөн революция» деп айттыңыз. Чыныгы революция болуш үчүн эмнелер жасалыш керек эле?

– Революция болгондо революциялык комитет деп туруп бүт баарын жаңыча жасаш керек эле да. Акаевдин режимин «элге каршы режим», «элге кас режим» деп айтып атпайбызбы. Демек, кандай режим экенине баа берип туруп, анын жактоочуларын, мактоочуларын, эң кур десе үч ай камап туруш керек эле.

Эски режим жалаң калп сүйлөп атып, элдин көңүлү калды да. Анан булар чындыктын тилине өтүш керек эле. Бирок өтө албай атпайбы. Ошондуктан жаңы бийликтин эски бийликтен айырмасы жок...

– Аскар Акаевдин качып кетишин туура көргөндөр да бар. Кан төгүүгө жол берилген жок дегендей. Аскар Акаев өзү да актанып Москвадан интервью берип жатат. Сиздин оюңуз кандай?

– Эми биздин Көлдүккө качып барса, куда деп, бул жактан аскер жиберсе деле Кулов – Бакиев менен согушуп, биз аны сактап калат элек (тамаша аралаштыра күлүп). Же болбосо Кеминге качып барса эмне болот эле? Анан түптүз эле Москвага качып барганы – бул өзү шермендечилик. Бир мамлекеттин башында турган киши, өз эли менен сүйлөшө албай качып кетип калганы.

Анын интервью бергени да кызык болуп атат. Берген интервьюсу бүт эле калп болуп атпайбы. Курманбек Осмонов айтып атат: «Мен он жарымда барсам, резиденцияда бассейндин жанында отуруптур. Ошерде сүйлөштүк» – деп атат. Ошол жактан эле качып кетип атпайбы. «Кетип баратсам саат төрттө бүт шаар кыйрап калган» – дейт. Кыйраганда кечинде кыйрады да. Бир жеринде актанып атпайбы: «Туура кылганмын, качып келип» – деп. Качып кеткени кантип туура болсун. Ошонун өзү, ошол жакка барып интервью берип атканы жак-

шы эмес, жакшылык алып келбейт. Кадыр-барк алып келбейт. Кайра төмөндөтүп атпайбы.

Эми качып кеткен кишилер көбүнчө унчукпайт, интервью бербейт. Мисалы, Кучма түшүп калды, интервью берген жери жок. Тиги Шеварднадзе деле үйүндө отурат. Андан деле интервью алалык деген кишилер көп да. Арслан Абашизе деген кетип калды. Бир жерде дагы интервью берген жок. Ал деле чоң киши да, бай киши. Мамлекет, эл башкаргандардын өзүнчө бир салты болот. Эл башкарган киши кандай болуш керек? Тарыхта калам деген киши кандай болуш керек?

Акаев качып кеткендин ордуна өзү менен өзү болбой, эл менен сүйлөшүп, Жалал-Абадда, Ошто чатак чыгып атканда барып туруп ошерден элди басып коюш керек болчу.

Шайлоо комиссияларын жазалап туруп, 75 же 35ин, же болбосо кыркын өзүнүн кишилери кылып, анан кайра отуз бешин тигилерге (оппозицияга) берип койсо, кыркы кол көтөрүп турат эле. Анан шайланып келгендеринин ичинен дагы беш-алтоосун сатып алса акчага, ошо менен тынч болот эле.

– Кыйын кырдаалды баштан кечирип жаткан элге, жаңыланган бийлик кыргыз элине кандай каалоо-тилегиңиз бар?

– Жакында Чыңгыз Айтматов экөөбүз телевидениеге барып тартылып келдик. Ошол жакта ушундай суроо болгондо, Чыңгыз жалаң абстракттуу нерселерди айтат. Мен айттым: Эми кыргыз элин жалаң эле жалган пикирлер, жалган идеялар, имиштер менен, иллюзиялар менен тойдуруп келатат. Биздин чоңдор дагы, интеллигенция дагы. Айрыкча, чоңдор «2200-жылдык мамлекеттик традициябыз бар» дешип. Мамлекет азыр да жок экенин көрдү го Акаев качып кеткенден кийин. «Ушундай кыйын элбиз» – дешет дагы. Биздин өкмөт, интеллигенция жалгандын тилинен чындыктын тилине өтүп сүйлөмөйүнчө эчтеме болбойт.

Ошон үчүн элге эмне деп айтыш керек? Ой, кыргыз эли, сен кичинекей элсиң, үч миллион элсиң. Европанын бир шаарында үч миллион эл бар. Экинчиден, артта калган, кедей элсиң. Өзүңдү өзүң багалбаган элсиң. Дүйнө багып атат бизди. Ушуну билиш керек. Бирок биздин деле башыбыз бар. Эки колубуз бар. Эки бутубуз бар. Өзүбүздү өзүбүз бакканга мүмкүнчүлүгүбүз бар. Бирок жалкоолугубуздан, билимибиздин жогунан, бейпарлыгыбыздан бүт кор болуп жашап атабыз. Бүт дүйнө бизге жардам берип атат. Багып атат. Анан чет мамлекетке бирөөбүз барабыз десек, чет мамлекеттин акчасы менен барып атабыз. Мунун өзү деле кордук да. Ошон үчүн биз иштебесек, чыйрак болбосок, күн-түн дебей билимибизди көтөрбөсөк, акылыбыз менен товар жасаганды үйрөнбөсөк, биз кор боло беребиз.

БУУнун бөлүмдөрү айтып атат: «Кыргыз эли тилин жоготот жүз жылдын ичинде этнос катары жок болот деп. Башка элдердин ичине эрип кетет деп атат. Биз ошентип кетишибиз мүмкүн. Себеби жалкоо элдер, начар элдер, бош элдер кор болуп туруп анан ...Азыр басып албайт бизди эч ким. Экономикалык кайырмакка илип коюп эле, кор кылып коёт. Мен ушуну дагы эле кайталайм. Биздин алдыбызда ушундай коркунуч бар.

– *Учурунда Жигитов университетти таштап кетип калыптыр деп укканыбыз бар. Ал убакта университетте иштеген чоң мансап эмес беле. Ал жакта жайылган паракорчулуктан качып ушундай кадамга бардыңыз беле?*

– Ал убакта айлыгым жакшы эле. Калем акыны көп алчумун. Акча өзүмө жетчү. Экинчиден, мен өзүм жетим өстүм. Ушу жетим өсүп жүрүп уурулук кылбаган, ушунча акча таап атканда пара алмак белем. Жөн эле коюп берчүмүн. «Болуптур, сен келип калыпсың атаңгөрү, сенин сөзүң миң сомдон ашык, кадыр-баркың эки миң сом» – деп коюп берчүмүн ошондо.

Паракорлук кыргыздын канында бар да. Илгери Кушлер Кнышев деген 1927-жылы Кыргызстанга келип социологиялык изилдөө жүргүзгөн. Токтогул районуна барып, тергөөчүнү сураптыр: «Кандай доходуң бар» – деп. Ал: «Айлык алам, анан кийин пара алам» – дептир. «Сен советтик кызматкерсиң да» – десе, «Элдин баары эле пара алат» – дептир. Паракорлук совет доорунда деле болуп келген, азыр эми шумдук күчөдү да кийинки жылдары. Кыргызстан дүйнөдөгү коррупцияга белчесинен баткан өлкөлөрдүн биринчи катарында келатпайбы.

– *Айрым акын-жазуучулар: «Мен бала кезимен белгилүү жазуучу же драматург болсом деп эңсөөчү элем» – деп сүйлөп калышат. Сизде да ушундай кыялдануу болду беле?*

– Сөзсүз да. Мен өзүм математик болчумун. Адабиятка көп кызыгып кетип, 5-класстан эле ыр жазып, 6-класстан баштап райондук, облустук гезиттерге ырларым чыгып, айылда «вундеркинд» болгомун.

7-классты бүткөндөн кийин Бишкекке келип, мектепте окуп, гезит-журналдарга көп аңгемелерим чыккан. Ошол орто мектепте окуп жүргөндө орусча китептерди көп окуп, мен кара сөз жазайын деп жүрдүм. Ыр да жаздым ал убакта, ашыктык заманда. Бирок жалаң эле калем менен оокат кылыш кыйын болгон үчүн, мына эмесе деп илимге кирип кеттим. Газетада иштеп жүргөнгө караганда бир чети тынч да. Бир топ китеп жазып ийдим. 8–9 китеп жаздым окшойт. Анан ошентип чачырап кеттим да. Болбосо кара сөз жазсам ушу менден чыгат эле. Эми дагы өмүрүмдүн акырында, жарым-жартылай жазып койгондорумду бүтүрсөм деп жатам.

– *Канча китебиңиз чыкты. Чыгармачылык өмүрүңүздү өз оозуңуздан уксак.*

– Бир-эки ыр китебим чыкты. Проза китебим чыкты. Анан 6–7 илимий китептерим чыкты. Назым Хикметтин, Мустай Каримдин ырларын которуп чыгардым. Бир-

эки пьеса жазып жибердим. Кийинки он жылдын ичинде карасам журналист болуп кетиптирмин интервью берип, макала жазып жүрүп. Мурун совет доорунда мен саясатка тиешелүү бир да макала жазбапмын же бир да интервью бербепмин. Жалаң адабиятка тиешелүү болгон экен ал убакта. Мурда жазган сын макалаларымды азыр компьютерге терип туруп салып койдум.

– *Белгилүү кишилердин 60ка чыгып, жетимишке чыгып, юбилей өткөрүп аткандарын көп эле угабыз. Бирок Салижан Жигитовдон андайлар угулбайт, себеби эмнеде?*

– Эми биздин ата-бабаларыбыз сексен-токсонго унчукпай эле чыга берген. Эмне кереги бар? Менин өзүмө кереги жок. Юбилейлерде мактоолордон тажайсың. Мен өмүр бою эле макталып келатам. Мактоодон жутаган жерим жок. Китебим чыкса да мактайт. Экинчиден, эми юбилей өткөрүп бирдеме кылайын десем элдин баарын убара кыласың да. Жолдоштор бар 60ка чыктык, жазып бересиңби деп калышат. Убара болуп, сөгүнүп атып жазып берем кээде. Өзүм той-топур, андай-мындайга каршымын түбүнөн эле.

– *Көп эле окумуштуулардын арасынан чыгармачыл адамдар арак ичиш керек же тамеки чегиш керек деп айтышат да. А сизчи?*

– Тамеки чегип жүрүп, ошондон кыйналбадымбы өпкөмөн дарт чыгып. Тамекини ооругандан кийин таштадым. Кыйратып тарткан деле жокмун. Аракты деле ичкен жокмун. Балачакта, жаш чакта кичине ичтим эле. Пиво да ичпейм.

– *Салижан ава дайыма эле мактоодо жүрөм деп айтып жатпайсызбы. Ошентсе да ичиңизде эзген арманыңыз да болсо керек.*

– Ар бир кишинин өмүрү трагедиялуу болот. Анан кийин кыла турган ишке үлгүрбөгөнүң чоң арман экен. Менин бир туугандарым өтүп кетти. Бул арман да. Кээ

бирлери менден жаш эле. Жакын кишилер, айылдагы мен жакшы көргөн кишилер, теңтуштарымдын көбү өттү. Эң чоң арманым, өзүмдүн потенциалымды толук турмушка ашыра албай калып, ошо боюнча өлүп каламбы деген коркунуч бар да. Менин эки романым чыкпадыбы «Кызыл күүгүм» деген, ошонун аягына чыксам. Анан «Ит наама» деген китепти (мурун жазылган), аягына чыгарып койсом болот эле... Азыр эми ырларымды дагы бир спонсор тапсам чыгарып коёюн деп атам. Бир-эки миң экземпляр кылып.

Макалаларымды, кийинки он жылдын ичинде саясий темаларда жазгандарымды, ошолорду дагы оңдоп койсом, китеп кылып чыгарсам болот эле. Сын макалаларым демекчи, ага күчүм жетпейт окшойт. Азыр эми «Кыргыз адабиятынын тарыхы суроо-жооптор күзгүсүндө» деп бир кыргыз адабиятынын тарыхы жөнүндө жазып аттым эле. Гезиттерге чыкты. Мугалимдер гезиттен кыркып алып, китепчедей кылып алышыптыр. Ошону бүтүрүп коёюн дедим эле. Ага да күчүм жеткидей эмес. Бирок жазганымды оңдоп-түздөп коёюн деп жатам, биздин университет чыгарып коёр.

(Булак:https://www.azattyk.org/a/1497276.html?nocache=1)

КУРМАНБЕК БАКИЕВ: «КАН ТӨГҮЛҮП КЕТПЕСИН» – ДЕП ОЙЛОДУМ



Бийликтен кулатылган Курманбек Бакиев иниси Жаныш Бакиев менен Ош шаарындагы митингде. 15-апрель, 2010-жыл.

26-май, 2010-жыл.

7-апрелде элдик ыңкылаптын күчү менен бийликтен кулатылган Кыргызстандын мурдагы президенти Курманбек Бакиевдин «Азаттыкка» берген маеги.

– Саламатсызбы, Курманбек мырза? Биздин суроолорубузга жооп берүүгө макул болгонуңуз үчүн рахмат. Сиз мына алыста жүргөнүңүзгө бир айдай болуп калды. Кандай болсо дагы Кыргызстандан, асыресе кичи мекениңизден кабар алып турсаңыз керек. Ал жердеги окуялар жөнүндө эмне деп ойлойсуз?

– Эми кабар алып турам, айрыкча жанагы өзүңүз айткандай кичи мекенде болгон окуяны угуп, абдан капа болдум. Эми мыйзамсыз десем да туура келет. Бирок мындай болот деп эч кимдин оюна да келбе-

се керек. Ошол жерден 90го чыккан аксакалдын үйүн өрттөшүп, ал киши Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу. Анын күнөөсү эмне? Же болбосо менден кийинки ыраматылык Жусуп Салиевич 2006-жылы каза болгон, ал ошол тамды тогуз жылдан ашуун салган. Там деле баягы чоң бизнесмендердин үйлөрүнөн эмес, баргандар билет. Аны өрттөп эмне кылат? Анын күнөөсү эмне? А тиги айыл өкмөтү болуп иштеген Каныбек Салиевич, ал мен президент болгуча эле өкмөт башчы болуп шайланган. Кийин эки жылдык мөөнөткө да шайланган, анан мөөнөтү бүткөндөн кийин ишин тапшырып, жумушсуз эле жүрбөдүбү. Ал 10 жылдан ашуун үйүн салган, ага да бир туугандар жардам бергенбиз. Аны өрттөп эмне кылат? Эми башаламан, чаң-тополоң эле болуп жатат. Булар убактылуу өкмөттүн мүчөлөрү деле, жанагы жергиликтүү бийликтин башчылары деле элдин камын, мамлекетти ойлобой, жекеме-жеке кандайдыр бир эсептешүүгө чыкканбы, билбейм.

– *Бул жерден биздин окурмандарыбыздын бир пикирин келтире кетейин. Ошол жердегилер жөнүндө. «Мен туура эмес деп ойлойм. Бирок эл, чоңдор көрсүн. Эмкиси дагы Акаевдин, Бакиевдин артынан кетчү болсо аларды мындан дагы жаман кылыш керек» – деп жазыптыр. Сиздин кабарыңыз бар болсо керек. Кечээ Жалал-Абадда тополоң учурунда дагы эки киши каза тапты, 70тей адам жарадар болду. Убактылуу өкмөт бул жолу да «кооптуу козголоңду Бакиевчилер уюштурду» деген билдирүү жасады. Сиз буга кандай жооп кайтарасыз?*

– Эми азыр Убактылуу өкмөт эмне болсо да Бакиевдерге жүктөй берет. Булардын башка жолу жок. Себеп дегенде, мамлекетти башкаруу колунан келбей жатат. Убактылуу өкмөт мүчөлөрүнүн бардыгын кыргыз эли абдан жакшы билет. Кимиси кайсы кызматта иштегенин, кантип иштегенин. Башкара албай жатпайбы. Элдин камын көрүш керек эле, элди ойлош керек эле, экономиканы айтпай эле коёюн, канча жыл артка кетти.

Мамлекеттин, биздин атуулдарыбыздын коопсуздугун камсыз кыла албай жатышат.

– *Коопсуздукту камсыздоо үчүн ушундай тополоңдорду токтотуш керек да. Мисал үчүн, биздин ошол эле угармандар, окурмандарыбыздын жазгандарына таянайын. Бакиевчилердин, Бакиевдин үй-бүлөсүнүн атынан акча таратылып жүргөнүн элдер өздөрү жазып жатышат.*

– Эми мындай акча таратмай турмак, азыр сурап көрсөңүз, менин бир туугандарым кимиси кайда, кантип жүрөт, баарынын үстүнөн иш козгоп, бардыгы башаламан, бири-бири менен байланышмак турмак, чачыранды болуп жүрүшөт. Кантип алар азыр ошондой акыбалда акча берип, бирдеме уюштура алмак эле. Эч кандай ал туура эмес, ал жалган сөз, мунун бардыгы өзү эле калп.

– *Ошол сиз жакындарыңыз жөнүндө айтып калдыңыз, интернетте Максим жана Жаныш Бакиевдердин телефон сүйлөшүүсү делинген тасма тарады. Сиз балким аны угуп чыксаңыз керек. Ошол тасмада айтылгандарга ишенсек, уулуңуз менен иниңиз төңкөрүш, бийликти басып алууну пландап жатыптыр. Сиз алар менен байланышып турасызбы?*

– Мен ачык айтып коёюн, бир туугандарымдын бири менен да байланышта эмесмин азыр. Себеп дегенде, эгерде мен бирөө менен сүйлөшсөм, балдарым болобу, бир туугандарым болобу, бирөө менен байланышка чыксам, азыр сиз айтып жаткан иштердин баарын мага жүктөшөт. Ошондуктан, мен бири менен да байланышка чыккан эмесмин жана чыкпай жатам.

– *Ошол тасмада Максим Бакиев «Биз шефти, мындайча айтканда, сизди бийликке алып барышыбыз керек» – деп жатат. Бирок сиз ага «жок» деп көнбөй жатыптырсыз, ошол туурабы?*

– Мен Кыргызстандан, айылдан чыгып баратканда, Назарбаев, Путин менен ушинтип сүйлөшкөнбүз. Ушул түндүк-түштүк болуп катуу, мындай бир согуш чыгып

кетпесин, чабышып кетпесин эки жактагы эл дедим. Ошондуктан мен анда берки коллегалар менен сүйлөшкөндөн кийин чыгайын дедим. Бирок эгерде артыман куугунтук кылбай, бир туугандарымдын артынан түшпөй, мамлекетте стабилдүүлүк боло турган болсо, мейли Кыргызстандан чыгып кетейин дедим. Ошонун негизинде мен чыгып кеткем. А ошондон бери эмне болуп жатат мына.

– *Сиз, демек, уулуңуз Максим менен байланышкан жоксуз?*

– Жок.

– *Уулдарыңыз Максим, Марат кайда жүрүшөт?*

– Балдарым менен дагы... Мен эми мындай кылалы, азыр менин балдарымды тим эле койсок, туугандарымдын абалы өтө оор.

– *Түшүнүктүү. Бирок Максим Бакиев менен Жаныш Бакиевдин телефон сүйлөшүүсү делген тасма тарап кетти. Азыр кыргызстандыктардын көбү эле ошол интернет, Youtube каналынан аны көрүштү. Ошондой иш чындыгында болсо: «Токтогула, андай аракетти кылбагыла, кан төгүлбөсүн» – деп айтасызбы?*

– Сөзсүз, себеп дегенде мен айткандай, азыр Кыргызстанга кайра бара турган эч кандай шарт жок, мүмкүнчүлүк жок. Менин оюм да жок. Биринчиден, мен өткөндө эле айткам, бул чыныгы куралдуу төңкөрүш болду. Куралдуу төңкөрүштүн негизинде эч кандай күнөөсү жок балдар каза болду. Ошондуктан, убакыт өткөндө баары такталат. Мен буга ишенем. Бирок бир топ убакыт керек. А мени эгерде жанагындай тиги балдар өз ара сүйлөшүп тигиндей-мындай аракет кылып, эми алар өздөрүнчө. Мүмкүн, ошондой ойлору бардыр, болгон болсо керек, бирок мен буга өткөндө эле жооп бергем, андай оюм жок деп.

– *Демек, сиз аларга дагы: «Токтогула, антпегиле» – деп айтасыз?*

– Сөзсүз.

– Анан Жалал-Абаддагы, түштүктөгү тарапташтарыңызга эмне деп айтат элеңиз? Кан төгүүнү болтурбагыла деп айтасызбы?

– Эмне дейт элем, мен жалпы кыргыз элиме айтат элем, биринчиден, кандай гана иш болбосун, акыл менен кылыш керек. Бийликте турган бүгүнкү Убактылуу өкмөт мүчөлөрүн, жергиликтүү бийликтин жетекчилерин сабырдуулукка чакырат элем. Акыл менен иш кылалык, эмоцияга алдырбайлык. Эмоцияга берилгенден кийин ошондой ар кандай абал курчуп, эки жак да, башка жак да тирешип, абал мындан да оор болуп кетиши мүмкүн. Ошого жеткирбеш үчүн кичине токтолуш керек. Эмоцияга берилип, анан жанагындай, кызуулукка алдырып чечим кабыл алган туура эмес. Мен угуп жатам. Азыркы өкмөт мүчөлөрүнүн колдоосу менен тиги Бишкекте эмне болуп жатканын, чакан ишканалар, бизнесмендердин мүлкүнө кол салышып, иши кылып коркутмай, үркүтмөй. Бул азыркы келгендер баары эле демократия, демократия деп жүрчү эле. Бирок демократиянын жыты да жок азыр.

– Курманбек мырза, сиз: «Мен Кыргызстанга кайтып барбайм» – деп дагы кайталадыңыз. Тарапкерлериңизге: «Менин таламымды талашпай эле койгула, тынчыгыла» – деп айта аласызбы?

– Мен ойлойм, мындай азыр ал жакта менин таламымды талашпай эле, маселе башка жакта болуп жатса керек. Мен эми алыста жүргөн үчүн ачык айтып коёюн. Интернетке чыккан маалыматтан башка менде маалымат жок. Бирок азыр менин таламымды талашып эл көчөгө чыккан жок. Азыр жергиликтүү бийликтин, Убактылуу өкмөттүн башкаруусуна нааразы болуп, эл чыгып жатса керек деп ойлойм.

– Бир айдан кийин Кыргызстанда жаңы Конституциянын долбоору элдик добуш берүүгө коюлат. Аны менен бирге Роза Отунбаевага өткөөл мезгилдин президентинин ыйгарым укуктарын жүктөө маселеси

да коюлмакчы. Ушундай жагдайда сиз өзүңүздү дагы деле президент деп эсептейсизби?

– Эми мен билдирүү (заявление) кылып кетпедим беле. Ушундай окуя, куралдуу төңкөрүш даярдалып жатканын алдын-ала билгенибизде мүмкүн ОДКБга (Жамааттык коопсуздук келишим уюму), башка мамлекеттерге кайрылып, мындайга жол бербешке аракет кылат элек. Бирок эми мындай кандуу окуя болду, ошондуктан булар эми мамлекеттик башкаруу системасын өзгөртөбүз деп жатат. Парламенттик формага өткөрүшөт деп уктум. Бирок андай системада бизде экономиканы өздөштүргөнгө шарт түзүлбөйт, парламенттик формага келгенден кийин ар бир партия өзүнүн кызыкчылыгынын артынан иштеп, депутаттар топ-топ болуп бөлүнүп, парламенттин ишин жакшы билесиңер өзүңөр деле. Биз мына эми араң нукка салып койдук элек, бул деле болбой калды. Конституциялык реформа кылса эми ага эл өзү деле баасын берет. Бирок мындай система эффект бербейт.

– Ошол сиз партия жөнүндө айтып кеттиңиз. «Ак жол» партиясынан чыгып жаткандар көбөйдү. Ошол адамдар башынан эле бийликке жагынуу үчүн партияга кошулганбы, же лидери жок партиянын мындан ары иши жүрүшпөйт деп санагандарбы?

– Эми мунун себеби ар кандай болушу мүмкүн. Кандай гана партия болбосун, ал жакка жанагындай капыстан кирип калгандар болушу мүмкүн. Жөн эле баягы «Ак жол» партиясынын катарына киргендер, баягы орусча айтканда «случайный» кишилер болуп калышы мүмкүн. Ал эми партияга киреби, чыгабы ар бир атуулдун өзүнүн укугу.

– Рахмат, Курманбек мырза. Биздин эфирдеги убактыбыз тар, биз ушуну менен маегибизди жыйынтыктайлы.

– Аман болгула, саламатта тургула.

(Булак: https://www.azattyk.org/a/Kazakhstan_ruling_party_Nazarbaev/2052635.html)

КАЗАТ АКМАТОВ: «СӨЗ ЭРКИНДИГИ СССРдин ТҮБҮНӨ ЖЕТКЕН»



8-январь, 2011-жыл.

70 жылдан ашуун өмүр сүрүп, планетадагы кургак жердин алтыдан бир бөлүгүн ээлеп, бүт дүйнөнү солкулдатып турган СССР деген державанын ойрон болушуна айтылуу Беловежск келишими жол ачкан эле. Бул дээрлик үч муундук тарыхы бар коммунисттик дөөлөттү азыркы жаштар дээрлик билбей калды. Ал эми улуу муун өкүлдөрү ал кездин оош-кыйыштарын таразалап бүтө элек.

Демократиялык жараянга салым кошкон коомдук ишмер жана жазуучу Казат Акматов кезинде партиялык жооптуу кызматтарды аркалап, кийин коммунисттик түзүлүшкө каршы козголоңдун ири алдында жүргөн. Коомдук ишмер мындан 20 жыл илгери

кулаган СССРдин кыргыздарга апкелген жакшылыктары, кесепеттери жана сабактары тууралуу «Доор ураганда» түрмөгү үчүн маек курду.

– СССРдин кулаганына 20 жыл болот экен. Сиз эки заманда тең болгондо да кайнаган жеринде тургансыз. СССР деген сизге кандай сезим алып келет?

– Адамзат тарыхында ондогон, жүздөгөн империялардын бүт баары кыйрап бүткөн. СССР эң акыркы империя болчу. Империя деген эмне? Империя деген бирөөнүн жерин басып алуу, элин кул кылуу деген эле сөз. Эми баягы бирөөнүн жерин, элин басып алган варвардык доор өттү да. СССР деген эң күчтүү коммунисттик идеянын негизинде түзүлгөн. Кайран Ленин кедей дыйкандардын бийлиги деп катуу эмгектерди жазып, анан кедей дыйкандын бийлигин орнотуп, анан СССР жасап...

1924–36-жылдары СССР түзүлдү. Тиги Прибалтика, Кавказ мурда Орусиядан жогору турган элбиз дечү, алар үчүн СССР тормоз болду. Биз – Орто Азия элдери үчүн СССРдин оң таасири абдан чоң болду. 1936-жылдан баштап мектептерибиз, бала бакчаларыбыз, жогорку окуу жайларыбыз гүлдөп чыккан да. Эгерде биз СССР курамына кирбей калсак, 80 жылдагы процесс өтө узарып кетмек. Акыры бирөө басып алмак бизди. Англия деле, Түркия деле басып алмак.

– Сөзүңүз оозуңузда болсун. Азыр кээ бир саясатчылар жана тарыхчылар ошондо англичандар басып алса, кыргыздар, балким, башка шартта өсүп-өнөт беле деп таңдайын такылдатып калышат...

– Саясатчыларды гой, менин эле балдызым Европага барып келгенден кийин: «Орустардан көрө англичандар басып алса, жакшы болмок турбайбы, жезде» – деп калат. Эми эмне кылабыз, тарыхый тагдырыбыз ошо экен, орустарды бизге буюруптур. Алыска сереп салсак, кыргыздар европа түстүү эл экенбиз, кийин монголдор

басып алып, монголоид расасына кирдик.

Эми тарыхка наалып кереги жок. Бирөөнүн колтугунда жашоого айла жоктон келгенбиз да. Кытай басса, кантет элек, мисалы? Ошентип, орустар менен коммунисттик доордо бирге болдук да. Андан негизи кыргыз жамандык көргөн жок. Бирок ошол коммунисттик идея акыры жүрүп отуруп, тоталитаризмге айланып кетпедиби. Көрсө, жасалма түрдө түзүлгөн мамлекет баары бир акыры кулайт экен. Тарыхтын мыйзамы ушундай тура.

Ошентип 1990-жылдын башында алды менен Прибалтика кетти эгемендүү болобуз деп. Москва унчуга алган жок. Андан кийин Кавказ, Украина кетти. Биз болсо отура бердик, отура бердик, отура бердик. Москвада Бондаренко деген бирөө «Неизвестная республика» деген китеп жазды. Ошол китепте бизди аябай шылдыңдаган. «Булар эркиндикти билбейт, эгемендүүлүктү түшүнбөйт» – деп жазыптыр. Абдан ыза болдук.

Бир күнү Абдыганы Эркебаев менен Асейин Исмаилов деген философ бар болчу, каза болуп калбадыбы, ошол экөө кирип келди: «Ай, Казаке, ушинтип отура беребизби?» – деп. Партконференцияда мен: «Кыргыз тили өнүкпөй жатат, бала бакчалар, мектеп жок, бир гана мектеп бар» – деп сүйлөгөм. Анан мени улутчул деп партиядан чыгара жаздашты. Анан биз КДКны (Кыргызстан демократиялык кыймылы – редакция) уюштурбадыкпы. 1990-жылы 26-майда биринчи съездди өткөрдүк. Ошондо 37 пункттан турган программа кабыл алдык. Ошонун эң биринчиси «Декларация о суверенитете». Анда мен депутат болчумун.

– *Легендарлуу депутат...*

– Ооба, легендарлуу, 350 депутат. Анан биздин уюмга каршы чыкпадыбы аксакалдардын бардыгы. «Буларды атып жоготуш керек» дебедиби. Бизди бир гана Түгөлбай Сыдыкбеков колдоду. Ал кишиде өтө терең түшүнүк бар экен. Ошол киши колдоп, анан биз

күн сайын аянтта митинг өткөрчүбүз: «Компартия кетсин» – деп. Ошол митингге Түгөлбай Сыдыкбеков келип сүйлөп турду. Башка бирөө да жологон жок. Анан КДК өзүнүн декларациясын жазып, столго таштадык, парламент болсо комиссия түздү. Башында Герман Кузнецов деген болду, вице-президент эле да. Комиссияга мен, Кулов, Баекова кирдик, ошентип 20дан ашык киши болду. Кузнецовдун кабинетинде отуруп жаза баштадык. Биздики даяр, бирок бирөө да карагысы келбейт да, «это уличные хулиганы» деп. Менин жалгыз добушум эч нерсеге жарабайт. Бардыгы тең кол көтөрүп, тескери чечип коёт.

Анан Акаевге кирдим. «Аскар Акаевич, бул декларация баягы эле СССРдин убагындагы тоталитардык декларация болуп атат. Москвага баш ийе турган, кыргыз тилин мамлекеттик тил кылалы десек да болбой жатышат. Суверендүү саясат жүргүзөлү деген пунктту да алып ташташтыбы» – дедим.

Ошону менен биринчи декларацияга «независимость» деген сөздү киргизе албай койгонбуз. Парламенттин 90 пайызы коммунисттер болчу. Ошолорго жаккан декларация болду. Андан кийин кайра чатак баштабадыкпы эгемендик жөнүндө өзүнчө декларация кабыл алалы деп. Ошентип, 1991-жылы эгемендүүлүк жөнүндө декларация кабыл албадыкпы. Аны кабыл алгандан кийин кыргыз элинин, мындайча айтканда, 70 пайызы эркиндикти кабыл албай койду. Кайсы жерге барсак да бизди сөгөт. Суук тумшук болуп жүрдүк да. «Эмне кереги бар эле, чоң элдин колтугунда жашаган жакшы» дешет.

Аңгыча Кудай жалгап СССР кулап калды. СССРдин кулашы өзү мыйзамченемдүү көрүнүш болчу. Экономикасы токтогон. Бирок ошондо да кубанган кишини аз көрдүк. Эркиндикке, өз алдынча мамлекетке, азаттыкка чыкканга кубанбайт экен да.

– *Мисалы, менин атам «СССРдин тушунда жакшы эле, туруктуу айлыгыбыз, пенсиябыз, балдарыбыздын*

пособиясы бар эле, тынчтык болот эле» – деп кейип калат. Совет заманында чоң кызматтарда иштеп калдыңыз. Үлкөн державанын кулап калганына азыр кейийсизби же кейибейсизби?

– Ар нерсенин эки жагы бар. Бир жагынан алсаң, туруктуу турмушубузду жоготуп алып, азыр чакчелекей түшүп жатпайбызбы. Бирок бул өзү – мыйзамченемдүү көрүнүш. Ушинтип барып анан оң жолго түшөбүз. Чынында СССРдин жоюлуп кетишин арман кылгандар көп. Себеби кичинекей болсо да айлык, кичинекей болсо да жумуш бар, бекер окуйсуң, медицина бекер. Анча-мынча пенсия бар. Айтор, өлбөстүн турмушу өтчү. Ойлонбой жашачусуң. Сен үчүн райком ойлонуп койчу. Сенде саясий көз караш деген болбойт, сындоо деген жок, чет өлкөгө чыкмай жок, машина алмай жок. 80 жылдын ичинде кыргыз ошого көнүп бүттү. Аларды күнөөлөп да болбойт.

– Орусиянын саясатчылары, атап айтканда, Владимир Путин эки-үч жолу өкүнүү менен белгилебедиби: «СССРдин кулашы адамзаттын эң чоң каргашасы болгон» – деп. Анан жакында эле айтты «СССРди жүрөгү жок адамдар эңсебейт болуш керек» дегендей. Ушундан улам кээси: «СССРди кайрадан калыбына келтирүү аракети болуп атат» – деп айтып жүрөт. Муну сиз кандай кабыл алып атасыз?

– Империя деген кулайт. Азыр Орусия өзү империя болуп турат. Орусиянын курамындагы АССР дегендер айласы жоктон отурат. Чечен менен согушуп атканы ошого мисал? Бардыгы эркиндикке чыккысы келет экен, өзүнчө жашагысы келет экен.

Маданиятты, тилди, элдик дөөлөттөрдүн бардыгын эркин өнүктүрүш керек. СССРдин убагында «Манасты» окутпай койбодубу. Кыргыз тилин таптакыр жолотпой койду. Кыргыз маданиятын өчүрүп, башка маданиятты киргизди. Брежнев 19-бу, 20-съездде бир лозунг ташта-

бадыбы. Ошондон кийин орус тилин бүт республикага орнотуп, андан кийин паспорттун баарын советтик кылабыз деп чыгышпадыбы. Анда мен ЦКда иштечүмүн. Биз күн сайын Москвадан жаңылыктарды алчубуз, бюллетень. Ошол жаңылыктарда орустардын бул саясаты бизге ачык келчү. Аны биз сыртка чыгарганга акыбыз жок болчу. Дежур болуп отурганда окуп калчубуз.

Эркиндикке чыккан майда өлкөлөр биз сыяктуу өз оокатын өзү эптеп кете албай кыйналып атпайбы. Мына мисалы, Грузия. Саакашвили келгенден бери Грузия он эсе өстү, кирешеси да, ВВП да. Прибалтика өлкөлөрү абдан алдыга кетти. Орусиядан да алдыда. Молдова да мыкты баратат. Эң эле жаман абалда Орто Азия өлкөлөрү. Бул өлкөлөр мурда СССРдин убагында деле артта болчу. Казакстан эле кичине өнүктү.

– *Газы, мунайзаты бар тура, э?*

– Ооба да, бирок анын келечеги жок. Анын баарын сатып бүткөндөн кийин кулап калат. Бирок сырье менен Казакстан оңолуп атат. Өзбекстан да кичине бутуна туруп келатат. Тажикстан согушуп жатып, көзү ачылбай турат. Бизде болсо эки президентибиз оңдомок түгүл, талкалап кетип, биз жаман абалдабыз. Бирок Орто Азиядагы кошуналарыбызга караганда биздин кыргыз элинин саясий аң-сезими абдан өстү. Мына азыр, Кудай буйруса, элибиз мындан ары жанагындай ичип-жегичтерди жолотпойт. Азыр ар бир адам бийликтеги кишини карап турат. Президентиң, акимиң, же министриң болобу. «Кылт» эле деген жерден кармайт. Мына эл ушуга жетти.

– *Өзүңүз айткандай, кыргыз эли бирөөнүн канаты астында жашаганга көнүп алган экен. Азыр кыргыз калкы «өз алдынча жашап кете алам, өзүмдүн мамлекетимди коргой алам» деген жоопкер сезимге өсүп жетилди деп ойлойсузбу акыркы жыйырма жылдын арасында?*

– Өсүп жетилип калды. Азыр өзүнчө мамлекет болуп туруп, биз Орусия, Америка, Кытай менен мамилелешип, баары менен жакшы жашаш керек. Ансыз болбойт. Бирок эгемендүүлүктү жоготпошубуз керек. Анан мынабу ичип-жегендерди токтотуунун жолун издеп табыш керек. Ичип-жегенде эмне кылат? Бир үй-бүлөгө жете турган оокаты болсо болду да, туурабы? Анын байлыгы дүйнөгө түркүк болбойт да.

– *Советтер Союзунун дагы бир артыкчылык касиети катары кадр маселесин айтышат. Кадрды аскерлердей тарбиялачу эле. Азыр КПСС, комсомол тарбиялагандай кадрлар жок дешет. Көчөдөн эле келе калып, чиновник болуп отуруп калууда дейт. Мына сиз өзүңүз ошол Ак үй, Көк үйдө отурдуңуз. Комунисттер даярдаган кадрлар менен азыркы кадрлардын айырмасын салыштырып көрөсүзбү?*

– Айырмасы асман менен жердей. Мына мен – пенсионермин. Бир министр чакырат, дагы бири чакырат, кагаз жазып бериңизчи деп. Кагаз жаза албай калышты. Даярдыгы жок бирөөнү алып келип эле министр кылып коюп жатпайбы. Мурда ар жылына үч мертебе семинарга Алматыга, Москвага барчубуз, анан биерде. Ошол семинарда абдан такшалтышчу. Бирок ал кезде бир беткей гана Коммунисттик партиянын саясатын гана үйрөтчү.

– *Ошол кезде дефицит заман эмес беле. Өзүнчө буфеттер, дүкөндөр болор эле деп калышат. Ошол кез жыргал күндөр экен деп азыр эстеп каласызбы?*

– Андай буфет бар болчу. Армян коньягын иччүбүз. Норка шапка деген чыкканда, эсимде, соода уюму бар эле Кулатов көчөсүндө. Ошол жерге бизди кезекке тизип ЦКнын профсоюзу, эки жыл жүрбөдүмбү, норка шапка алалбай. Бул жакта болсо тамак-аш бере турган буфети бар эле. Жумасына бир жолу барчубуз, тооктун этин алчубуз. Бир бөтөлкө коньяк, бир бөтөлкө арак, бир

бөтөлкө шампан, анан эт, колбаса жана башкаларды. Биз барчу эмеспиз, аялдарыбыз барчу. Муздаткычтын ичи толуп турчу. Ошонун баарын Горбачевдун кайра куруусу башталганда жабылбадыбы.

Горбачевдун кайра куруусу адегенде сөз эркиндигин киргизип плюрализм деп, анан тиги-бул болуп эле, айланайын, гезиттердин бардыгы жабалактап, КГБны шыбап атат, ЦКны шыбап атат. Анан алардын өзүнчө буфети бар деди эле аны жаап салды. Булар тээтиги жактан норка тумак алат экен деди эле аны жаап салды.

Ошентип отуруп эле Горбачевдун сөз эркиндиги адегенде КГБнын түбүнө жетти, анан коммунизмди талкалады, баарын талкалады.

– *Ошол Горбачевдун плюрализми Советтер Союзунун «түбүнө» жеткен турбайбы дейсизби?*

– Ооба.

(Булак: https://www.azattyk.org/a/kyrgyzstan_soviet_union_akmatov/2270140.html)

ЖЫПАР ЖЕКШЕЕВ: «ТАНК МЕНЕН КИРСЕ ЖАШТАРДЫН БААРЫ КӨТӨРҮЛМӨК»



19-август, 2011-жыл.

20 жыл мурда Москвада Советтер Союзун сактап калганга акыркы аракет жасалган. 1991-жылдагы Кыргызстан демократиялык кыймылынын лидери, коомдук ишмер Жыпар Жекшеев «Азаттык» менен ал күндөрдү эскерди.

– Туура 20 жыл мурда ГКЧП түзүлүп, 19-августта путч болгондо кайда элеңиз, бул маалыматты кимден уктуңуз?

– 19-августта эртең менен радиодон Москвада жаңы комитет түзүлүп, жаңы бийлик келди деген маалыматты угуп калдым. Мен буга дароо эле мамлекеттик төңкөрүш деп баа бердим. Бул Конституцияга каршы дедим. Анан

КДКнын (Кыргызстан демократиялык кыймылы) кеңсесине келип бүт активисттерди, башкарманын мүчөлөрүн чогултуп, өзгөчө штаб түзөлү деп сунуш кылдым. Кандай болгон күндө да биз буга катуу каршылыгыбызды билдиришибиз керек, биз бул төңкөрүшкө эч качан макул болбойбуз дегенбиз. Ал убакта эч ким муну төңкөрүш деп айта да элек болчу. Биздин бийликтегилер да айта албай, баары эле бул эмне болду деп кооптонуп турган.

Биз чогулуп, жыйналыш өткөрдүк. Штабдын мүчөлөрүн түздүк. Күнү-түнү үйгө кетпей, график түзүп телефондо отуралы деп сүйлөштүк. Мен коомдук уюмдардын лидерлерин баарын чогулттум. Жыйырма миңге жакын өз ыктыяры менен жаштар чогулуп, өзүбүздүн эгемендигибизди, демократияны, Акаевди сактап калабыз деп, тирүү калкан болуп Ак үйдү курчап, эч кимди киргизбейбиз дегендей кылдык. Себеби бул жерде Бишкекте, Бишкектин тегерегинде Советтер Союзунун армиясы бар эле. Биз: «Алар танктар менен келип, бийликти алып коёт» – деп ойлодук.

Жөн эле өзүбүз менен өзүбүз алек болбостон, мен дароо Москвага чалдым да, Ельциндин жардамчыларына чыктым. Мен Ельцин кандай болду экен, бул да төңкөрүшкө баш ийип калдыбы деп ойлодум. Мага жардамчылары Ельцин өзүн жакшы кармап турат, кайратынан жазган жок деп айтышты.

Бирок шериктеш мамлекеттер ичинде бир дагы радио, сыналгыдан эч ким ачык, расмий билдирүү жасай алган жок. Бир гана Кыргызстанда Кыргызстан демократиялык кыймылы, биз орусча-кыргызча кайрылуубузду жарыялай алдык. Анда раматылык Сатыбалды Жээнбеков Телерадио комитеттин башчысы болчу. Ал биздин КДКнын да мүчөсү эле. Ошол эрдик кылып, мурунку ССРге кирген мамлекеттердин ичинен жалгыз гана биздин кайрылуубузду чыгарды.

Анан союздук армиянын командачылыгы бизге чыга баштады. Бизге келип «айтып бергиле, силердин кайрылууңарды уктук» дешти. Биз «эч качан демократиялык баалуулуктан баш тартпайбыз, керек болсо жаныбызды да берүүгө даярбыз. Ошондуктан бүт мекендештерди, бүткүл союздук армиянын аскерлерин бул провокацияга алданбагыла, бул келечеги жок бийлик, төңкөрүш» – деп чакырык жасаганбыз. Тексттин мен өзүм иштеп чыккам. Анан солдаттардын командирлери келип, текстти өздөрү алып кетишти.

Биз андан кийин Коопсуздук комитеттин төрагасы Асанкуловду чакырдык. Биз ага: «Сиз Москвадан айлык алып жатасыз, сиз азыр эгемен Кыргызстанды колдойсузбу, же Москвадагы ГКЧП, төңкөрүштүбү» – деп сурадык. Ал: «Туура, мен Москвадан айлык алам, бирок Кыргызстандын эгемендиги үчүн туруп берем» дегендей кылды. Бирок ал сөзүнө турбастан, Акаевге кирбестен Коммунисттик партиянын биринчи катчысы раматылык Аманбаевге кирип сүйлөшкөнү билинип калды да кызматтан айдалып калбадыбы.

– *Кыргызстанда бийликте тургандардын реакциясы кандай болгон? Мына мурдагы президент Аскар Акаев: «Ошол кезде биз эле бул төңкөрүштү айыптап чыкканбыз» – деп айтып жатат.*

– Жок, адегенде эң биринчи КДК чыкты. Анда парламенттин баары каникулда болчу. Парламенттин ошол кездеги төрагасы Медеткан Шеримкулов да билдирүү жасады. Анын билдирүүсүнүн мазмуну биздикине жакын болду. Ага чейин Акаев бир билдирүү жасаган, Акаевдин билдирүүсү түшүнүксүз болчу: же ал жакты чечкиндүү айыптабайт, же коргобойт, айтор, белгисиз билдирүү болуп калды.

Шеримкуловдун билдирүүсү Акаевдин биринчи билдирүүсүнө караганда курчураак, даана айтылып калды. Шеримкуловдон кийин Акаев дагы билдирүү

жасады, анда артында КДК деген чоң уюм турарын билип, Шеримкуловдун курч билдирүүсүнөн кийин Акаев кадимкидей өзүнүн кайратына келе түштү да, өзүнүн позициясын даанараак билдирүүгө аракет кылды.

– *ГКЧП тууралуу маалымат келгенде ошол кездеги Фрунзеде элдин маанайы кандай эле?*

– Кыргызстанда баягы эски кишилер, академиктер, окумуштуулар, бир топ интеллигенция өкүлдөрү коркуп турушту, колдошту. Ал эми жаштар болсо аябай ишенимдүү болду. Ошол кезде штабды өзүм жетектеп турдум. Улан-кыздар: «Биз мамлекетибизди коргоп калабыз, аягына чейин турабыз, керек болсо бизге курал бергиле» – деп аягы суюлбай келип жатышты.

Мен андан кийин Куловду чакырып: «Бизде курал жок, бирок 20 миңдей адам даяр турабыз» – дедим. Ал болсо: «Москваны карагылычы, аябай сулуу кыздар танктын астына гүл таштап токтотуп жатышат, силерде деле сулуу кыздар көп эмеспи, силер деле гүл алгылачы, курал бергенде болбойт» – деп тамашалап калды. Эски кишилер, аксакалдар болсо кайра-кайра бизге келип коркуп: «Силер шаардан алыс кетип калгыла, кармап аттырып салат, биздин башыбыздан көп репрессиялар өткөн, жаманчылыкты силер сезбей жатасыңар» – деп айтып жатышты.

Шаардын үстүнөн тик учактар учуп атты. Биздин жигиттер армиядагы жоокерлер менен жолугуп, бизге жакшы кабар алып келип жатышты. Солдаттар: «Эгерде бизге Кыргызстандагы мындай бийликти басып аласыңар деген буйрук келсе, командирлердин өздөрүн камайбыз» дешкен экен. Эгерде танк менен аскер кирип калса, даяр турган жаштардын баары көтөрүлмөк. Алардын баары даяр болушчу.

– *Рахмат.*

(Булак:https://www.azattyk.org/a/kyrgyzstan_soviet_union_collapse_jeksheev/24301464.html)

ӨМҮРБЕК ЖАНАКЕЕВ: «ӨМҮРГӨ ТЕТЕ 64 КҮН»



9-сентябрь, 2011-жыл.

1999-жылы Кыргыз жеринде кен чалгындоо иштерин жүргүзүп жаткан жапон геологдорун моджахеддер туткунга алганы Борбор Азиядагы чакан мамлекет бүт дүйнөгө таанылган. Ошол күндөрү жапондордун кыргыз тилмечи Өмүрбек Жанакеев 64 күн бою чет жердиктерди таштабай, жанында караан болуп, чогуу азабын көтөрүшкөн.

– Өмүрбек мырза, мындан 12 жыл мурдагы окуяларды эстейли деп чакырдык. Ошол кезде жапон геологдору менен 64 күн бою туткунда болдуңуз эле. Жапон тилин кайдан үйрөнүп, кайсы тагдыр менен Баткен жергесине барып калдыңыз?

– Кыргызстан башка жагынан атагы чыкса жакшы болмок эле. Бирок ошондой окуялар болуп калган. Ошого карабастан, элибиз калыбына келип, жакшы багытта баратат. Жапон тилин 80-жылдардын аягында

Москвада жүргөндө өздөштүрө баштагам, атайын жапон курстарына баргам. Кыргызстанга кайтып келгенде жапон геологдору менен Таласта, Кыргызстандын түштүгүндө иштедик. Акыркы мезгилде Баткен районунун Сары-Талаа деген жеринде иштеп калганбыз.

1999-жылы 22-августта сакалчан согушкерлер келип, бизди барымтага алып кетишкен. Эл сезип, билип турган экен. Радиодон, гезиттерден согушкерлер Кыргызстанга кирип келатат деп айтып жатышчу. Кээ бир адамдар өз көзү менен көрүшкөн, качып келгендер да болгон. Ошол жылы Орусиянын чек ара аскерлери чыгып кетишкен болчу. Кыргызстандын тажрыйбасы аз болгондуктан, куралчан согушкерлер кирип келишкен. Биринчи кармалганда бизди уруп-сабаган учурлар болгон. Биздин максатыбыз эптеп тирүү калыш болчу. Колдон келген аракетти кылып аттык. Мисалы, фарси, ооган, араб тилин өздөштүрүп, арабча окуп, жаза баштадык. Төрт жапон аман-эсен чыкканга мен гана эмес, бүт элибиз сүйүнсө керек.

– *64 күн туткунда болдуңуздар, жапондор өздөрүн кандай алып жүрүштү? Өлүмдөн коркпогон өжөрлөрү бар эле арасында, ошолордун баарын жымсалдап которуп берип, жандарын аман алып калдым деп айткан ойлор али эсимде турат.*

– Андай да учур болгон. Жапон элинин өзгөчөлүгүн айтсак: баары бир чечимге келсе, ошону аткарганга аракет кылышат. Булар башынан бир чечимге келишти, аягына чейин бирге болобуз деп. Качып кете тургандай арасынан экөө бар болчу, ден соолуктары чың, калган экөөнүн бири аксакал, бирөөнүн буту оорулуу болчу. Ушул жагына мен чоң баа бердим.

– *Кыргыздын кеби бар эмеспи: «Өлсөк бир көрдө, тирүү болсок бир дөбөдө бололу» дегендей болушкан турбайбы. Азыр элестетип жатам, сакал коюп, намазга жыгылып, сиз кайтып келгенден кийин да көпкө чейин намаз окуп жүрдүңүз, калың сакалыңыз бар эле.*

Ал кезде согушкерлерди моджахеддер деп айтышчу, сизди жана жапон жарандарын алар мажбурласа керек, э?

– Ошол жакта жүргөндө алардын көз карашын билиш керек болду, бүт баарын өздөштүрдүк, андан зыян болгон жок, тескерисинче, пайда болгондур. Менимче, бул туура жол болду. Биз алардын кылган нерселерин кылдык, намазга жыгылып, куран окудук.

– *Жапондор эмнеден кыйналды биринчи күндөрү, кантсе да цивилизациялуу мамлекеттин өкүлдөрү да. Тиш жуугуч жок, көрүнгөн талдардан эшип тишин жууган учурлар эсиңиздеби?*

– Андай нерселер эстен кетпейт. Булар цивилизацияга көнгөн адамдар, бир паста онунчу кылымга баргандай сезилсе керек. Самынды, тракты, тиш жуугучту көрүшкөн жок. Албетте, аларга өтө кыйын болгон. Мисалы, бир жактан экинчи жакка түнкүсүн жылчубуз. Саат 2–3төрдө «харакат» деп тургузуп, алып кетишчү. Ал кезде чырак да колдонулбайт эле, бирөөлөр көрүп калбасын деп. Жуунганда тизесинен жогору шымды көтөрүүгө болбойт эле. Өмүр бою унутпас окуя болду. Аягында орточо алганда бардыгыбыз 15 килого арыктасак керек. Тоолуу жерде суук эрте түшөт, тамак жетишпегендиктен, стресс абалында жүргөндөн кийин ден соолукка бир топ зыян келди.

– *Жапондордун арасында бири өзгөчө өжөр, намыскөй болчу, моджахеддер өз тамагыңарды өзүңөр жасагыла, картошканы өзүңөр аарчыгыла деп жумшаганда ал баш ийбей койгон учурду айткандай болгонсуз.*

– Албетте, жапондор ар кандай болот, арасында самурайдын кайраты болсо керек, бирок ошол кезде бир чечимге келген аман-эсен чыгалы деп. Ошондуктан кимде кандайдыр бир ойлор болсо да, өздөрүн тыюуга аракет кылышкан. Бирөөсү ошондой макул болбогон учур болгон. Бирок Кудай сактаптыр, колдон келген аракетти кылып, которгондо дагы жымсалдап которуп,

эгерде ал ачууланып кетсе башка сөз менен жеткиргенге аракет кылдым.

– *Кийин баары белгилүү болбодубу, төрт геологун бошотуш үчүн Жапон өкмөтү Кыргызстанга 5 млн. доллар берип, ким бошотуп берет дегенде чалгынчылар, атайын кызматтар, алтурсун Кыргызстандын депутаттары, Тажикстандагы майдан кол башчыларынан бери иштешпедиби. Ошондо 64 күн бою силерди бир жерге жаткырбай, күнү-түнү сүйрөп жүрдү окшойт э ары-бери?*

– Миллиондогон акчалар жөнүндө сөз болсо болгондур. Бирок согушкерлерге ошол акчалар жетпей, ортодо ал акчаны бирөөлөр алып койсо керек. Окуя эмнеден пайда болду? Ооганстанда согуш узак убакыт болуп, Тажикстанда дагы граждандык согуш болбоду беле. Билим деңгээли төмөндөгөндүктөн, жумушсуздуктан ушундай окуя пайда болду. Өкүнүчкө Кыргызстанда да билим деңгээли төмөндөп калганын көрүп турабыз. Жаштар согушкерлердин арасына кирип кетпеши үчүн сактап калышыбыз керек.

– *Туткундан бошотулган мүнөттөр эсимде, тажик майдан кол башчысы Шох Кыргызстандын Карамык чек ара айылына алып келип, өткөрүп берген эле.*

– 24-октябрь болсо керек, түнкүсүн биз акыркы намазды окуп атканда машинанын үнү угулган да, УАЗ келип, андан Жума Наманганинин кишилери чыгып, бизди машинага отургузуп, Хоитте экен штабы, ошол жакка алып барышты. Ал жактан сакалчандардан тышкары аскерлерди көрүп калдык. Бул жерде Тажикстан өкмөтүнүн аскерлери бар экен деп түшүнүп калдык. Ошол жерден бизди кармап турушту. Ал учурда Шох менен Жума Намангани сүйлөшсө керек, биздин көздөрүбүздү чүпүрөк менен таңып, «Жипке» түшүп, катуу айдаган бойдон кеттик. Тажикстандын түндүк чек ара штабында

бир түнөдүк. Эртеси күнү Карамыктагы чек арага алып барып, андан ары вертолет менен жеткиришти.

– *64 күн арасында Кыргызстандын бир топ жоокерлерин, милиция кызматкерлерин атып, мууздап койгон учурлар болбоду беле?*

– Кыргызстан согушка даяр болбой калган. Биздин бир топ аскерлер, милиция кызматкерлерибиз туткунга түшкөн. Аларга абдан начар мамиле болгон, кээ бирлерин өлтүрүп койгон да учур болгон. Бирок биз бүткүл кыргыз эли коргоп турганын сезип аттык. Баткендиктер туура тактикага салыптыр. Мисалы, малын, тамак-ашын алып кетип калышты айылдарын калтырып. Согушкерлерди колдобойт экен. Эл туура жолго туруп, аларга тоскоолдук кылып өткөрбөй коюшту. Согушкерлер ойлошкон Тажикстандагыдай сценарий кылабыз деп. Бирок кыргыз элибиз бөлөк экен, маданиятыбыз бөлөк экен, экстремисттик багытты кабыл албайт экен.

– *Намангани менен кездеше алдыңызбы, кандай адам экен, уламышка айланып калбадыбы?*

– Ал кишини өтө эле пиар кылышты. Ал жөнөкөй киши болучу. Жогорку билими, илими бар деп айтууга болбойт. Бирок ал талибандын кызыкчылыгын аткарып, текшерейин деген ою болсо керек, Кыргызстандын күчүн, элин текшерип көрөлү деп чалгындашса керек. Бирок алар өз максатына жетишкен жок.

– *Өмүрбек мырза, 64 күн арасында моджахеддердин арасында канча кыргызды көрө алдыңыз? Негизи террористтердин улуту жок деп жүрөт. Бирок булар кимдер эле деген суроо угармандарга кызык болсо керек.*

– Терроризмдин улуту болбойт деген эң туура. Ошол мезгилде Кыргызстанга кирип келгендерди алсак, көбү Өзбекстандын жарандары болушкан, экинчи орунда Тажикстандын жарандары эле. Арасында казагы да, кыргызы да, орусу да, татары да бар. Бирок алар аз эле.

Аравиядан да согушкерлерди көргөнбүз. Кашмирден, Пакистандан, Ирандан да келишкен.

Эгерде Американын аскерлери Ооганстандан чыга турган болсо, келечекте кайра талибандын келиши ыктымал. Азыркы мезгилде талибанды согуш куралдар менен жеңүү мүмкүн эмес. Ошол себептен Ооганстандын балдарына, жаштарына мектеп ачып жардам берсе, согуша турган аскерлердин саны азаят эле деп ойлойм.

– *Сизди талибандардын, моджахеддердин катарына өт деп азгырышса керек эле?*

– Ошондой да учурлар болгон. Мисалы, айтып калышчу, сен калсаң үйлөндүрөбүз, анткени Тажикстанда көп эркектер кырылып калган дегендей. Бирок кыргыз болгондон кийин маңкурт болбошубуз керек, өз жерибизди унутпашыбыз, ар бирибиз колдон келген салымыбызды кошушубуз керек. Эгерде элдин билими жогоруласа, анда тынчтык да болот, согуштан да алыс болобуз.

– *Жапон геологдору менен азыркыга чейин байланыш барбы, кат алышып турасызбы?*

– Барымтадан кийинки 2000-жылы бир жумага барып келгем алардын чакыруусу боюнча. Бирөөсү узатып атканда көзүнөн жаш чыгарып ыйлаган, эгерде сен болбосоң кандай болот эле дегендей. Алар мени көрсө мурункуларды эстейби деп көп байланышпайм. Бирок алар мени унутушпайт, мен дагы аларды унутпайм. Азыр башка жапондор менен иштеп жүрөм, көптөгөн жардамдарды берип атышат. Бирок Жапониядагы жер титирөөдөн кийин долбоорлор бир аз азайып калды, ага карабай жумуш улантылып атат.

(Булак: https://www.azattyk.org/a/kyrgyzstan_security_history_batken_events/24323851.html

АЛМАЗБЕК АТАМБАЕВ: «КЫРГЫЗ-ӨЗБЕК ДЕБЕЙ КЫРГЫЗСТАН ЖАРАНЫ ДЕЙЛИ»



Президент Алмазбек Атамбаев «Азаттыктын» жетекчиси Венера Сагындык кызы менен Бишкек бюросунун башчысы Султан Жумагуловдун суроолоруна жооп берүүдө. Бишкек, 23-май, 2012.

23-май, 2012-жыл.

Кыргызстан президенти Алмазбек Атамбаев «Азаттыкка» маек куруп, глобалдык жана ички кырдаал тууралуу ойлорун ортого салды.

– Урматтуу президент, сиз соңку кездери Кыргызстан экономикалык көз карандылыктан кутулушу керек, буюрса, ошол заман жакында келатат деп көөбүрөк айта баштадыңыз. Экономикалык көз карандылыктан кутулуу үчүн конкреттүү кандай аракеттер көрүлүүдө?

– Биринчиден, эгемендик дегенде мамлекет бардык тараптан эгемен болушу керек. Эгерде финансы, экономика эгемендиги жок болсо, бирөөгө көз каранды болсо, анда саясый жактан да ошол мамлекеттерге көз каран-

ды болот. Өткөн жылы Кыргызстандын эгемендигине 20 жыл деп майрамдадык. Чындыгында, толук эгемендикке ээ боло элекпиз.

Ошондуктан, азыр кыргыз президентинин, өкмөтүнүн алдындагы эң маанилүү максат – бул, албетте, финансы, экономикалык эгемендикке жетүү. Ошондо гана биз толук саясий эгемендүү болобуз. Жалаң эле финансы менен экономика эмес, массалык маалымат каражаттары тарабынан, алсак, электрондук каражаттардан, биздин кээ бир региондордо элибиз биздин телеканалдарды карабай, башка мамлекеттердин каналдарын көрөт. Демек, эгемендик көп тараптуу нерсе.

Коррупция менен күрөшүп, бюджетке келген каражаттарды көбөйтүп, аягында финансы жагынан эгемендикке жетип, бирөөдөн акча сурап, тилемчи болбойлу деген тилегибиз бар...

Экономикалык жагын алсак, илимде диверсификация деп коёт, ошол эле күйүүчү майларды бир эле мамлекеттен албай, өзүбүздө да болсун деп аракет кылалы деп жатабыз. Ошол эле кыйын кезде бардык жагынан жабылып калып, блокадага кабылбаш үчүн күнү-түнү иштеген темир жол куралы деген максатыбыз бар. Кыргызстандын түштүк-түндүгүн бириктирген дагы бир кара жол куралы деген ойдобуз. Бул, албетте, бир айдын же бир жылдын иши эмес, бирок жок дегенде беш жылда ушул максаттарды чечүүгө жетишүү керек. Жок дегенде мыкты пайдубалын түптөп кетишим керек. Анткени Кыргызстанды бирөөлөр экономика, же финансы рычагдары менен тизелетпеши керек.

– Экономикалык көз карандылык барып эле кайра саясий көз карандылыкка такаларын турмуш көрсөтүп жатпайбы. Сиздин командаңыз көп турдуу, көп багыттуу тышкы саясатка басым жасап жаткандай сезилет. Бул көп турдуулуктө сиз кайсы багытка басым жасайсыз? Президенттик ишиңизди баштаганда эле Түркияга, Азербайжанга барып, түрк элдеринин би-

римдиги, буюрса, келечекте чоң күчкө айланат дегендей билдирүү жасадыңыз. Түрк тилдүү элдердин биримдиги түзүлөрүнө ишенесизби?

– Менин биринчи кызматтык сапарым Орусияга болгон. Расмий сапарым Азербайжанга, Түркияга болду. Албетте, СССР болобу, Түрк каганаты болобу кайрадан жаралбайт, ал мезгил артта калган. Бирок түрк мамлекеттеринин ынтымактуу саясий-экономикалык биримдигин түзсө болот деп толук ишенем. Кудай буюрса, август айында биз Бишкекте 3–4 түрк мамлекетинин башчыларын чогултуп жатабыз саммит өткөрүп. Бул көп тараптуу багыттардын бири. Бирок негизги багыт, албетте, бул Кыргызстандын кызыкчылыгы болуш керек.

Кытай – Кыргызстан – Өзбекстан темир жолу салынып калса, Кыргызстан туңгуюктан чыгып, өсүп кетишине чоң түрткү болот. Экинчиден, темир жол Кыргызстандын темир жолдорун бириктирсин деп шарт коюп жатабыз...

– Кыргызстан жакын коңшусу Кытай менен эң чоң долбоорду баштайын деген ниети бар. Бул Кытай – Кыргызстан – Өзбекстан темир жолу. Эгер ал темир жол курулса, Кыргызстанда эле эмес, бүтүндөй Борбор Азияда социалдык-экономикалык, алтурсун саясий өзгөрүүлөргө алып келиши мүмкүн деп жатышат. Бирок башка бир эксперттер бул Кытайдын «жылма» экспансиясына салынган жол болуп жүрбөсүн деген кабатыр ойлорун билдирип атат. Буга сиздин оюңуз кандай?

– Экспансия десек, анда темир жолдун эч кандай таасири деле болбойт. Анткени азыр башка заман, Интернет заманы, учактар заманы. Эмдиги жылдын аягында Бишкек – Торугарт жолу бүтүшү мүмкүн, анда 4–5 саатта Кытайга чейин автобус менен барса болот. Ошондуктан, бул жөн эле коркутма сөз. Темир дарбаза коёбуз, же тор илебиз, ошол бойдон көрмөксөнгө салып койсок эле Кытай жок болуп калат деген болбогон сөз. Кытай чоң мамлекет, дүйнөдө ар бир төртүнчү адам кытай.

Ушундай күчтүү, бай коңшудан биз тескерисинче пайда чыгарышыбыз керек.

Ошол эле темир жол салынып калса, Кыргызстан туңгуюктан чыгып, өсүп кетишине чоң түрткү болот. Экинчиден, темир жол Кыргызстандын темир жолдорун бириктирсин деп шарт коюп жатабыз. Темир жол Ош, Нарын облустары аркылуу өтөт, ошондо Нарын менен Балыкчыны бириктирген кошумча темир жол болсун деген шарт коюп жатабыз. Ошондо Кыргызстандын темир жолдору биригип, Бишкектен Ошко чейин барса болот. Бул Кыргызстандын бир бүтүн мамлекет болушуна жол ачат. Анткени азыр Кыргызстандын түндүгү менен түштүгүн бириктирген жол Төө-Ашуудан өтөт. Кыш-жазда Төө-Ашуу жабылып калганда Кыргызстан экиге бөлүнүп калып жатпайбы. Ушул кышы кар көп жаап, жол жумалап жабылып атты. Бул Кыргызстандын географиялык бүтүндүгүнө чоң таасир этүүдө. Кудай сактасын, бир кырсык болуп Төө-Ашуу жабылып калса, тап-такыр экиге бөлүнүп калганы турабыз. Ошондуктан, бул темир жол болбосун деген Кыргызстан бирдиктүү мамлекет болбосун дегендердин сөзү. Албетте, Кыргызстан аркылуу темир жол өтсө башка мамлекеттерге да терс таасири тиет. Ошол мамлекеттерден ташылуучу контейнерлер Кыргызстандан өтүп калат. Ошондуктан бул долбоор артында да саясий оюндар бар.

– *Чикагодо өткөн НАТО саммити 2014-жылдан кийин Ооганстандан коалиция аскерлери чыгарылгандан кийин тагдыры кандай болот деген маселени талкуулады. Ушуга байланыштуу «Манастагы» транзиттик борбордун келечеги жөнүндө суроо пайда болууда. Америкалык өкүлдөр Кыргызстан менен сүйлөшүүлөр болуп жатат, 2014-жылдан кийин дагы бул транзиттик борбордун калуу жагы оңунан чечилиши мүмкүн деген ойлор орусиялык, америкалык булактардан келүүдө. Ушуга карата сиздин позицияңызды дагы бир жолу тактап кеткибиз келет.*

– Биз Ооганстандын келечегине күйгөн мамлекетпиз, ошондуктан 2014-жылдан кийин логистика жагынан Ооганстанга жардам берели деп АКШга айтып жатабыз. Бирок Американын «Манастагы» аскердик базасы бар. Жарандык аэропортто аскерлер болбош керек. Дүйнөдө мындай прецедент жок, Стамбулга барасызбы, Франкфуртка же Москвага барасызбы, жарандык аэропортто аскердик база жок. Бирок жүк ташуу жагынан, албетте, биз жардам беребиз, ташый беребиз.

– *Акыркы кабарларга караганда, Орусия «Дастан», Нарын боюнда ГЭСтер боюнча жаңы талаптарды коюп, Кыргызстан өз кызыкчылыктарын бекем карманып жаткан экен. Ушул долбоорлордун тагдыры кандай болушу мүмкүн?*

– Бул маселелер боюнча өзүбүздүн позицияны сактап калдык. Ошол эле «Дастан» боюнча Орусиянын жаңы президенти, премьери тарабынан түшүнүү болду. ГЭСтер боюнча ачык айтканда мурдагы бийликтер бүт кагаздарга кол коё бериптир, муну дагы, тигини да Орусия салат деп. Биз бир болобу, эки болобу сала турган объекттерди алгыла, сала албайм десеңер, баарынан баш тарткыла, сала тургандарга берели дедик. Орусия 10–15 жылдан кийин салат деп күткөнгө убактыбыз жок дедик.

Акыркы жолугушууда Медведев өзүнүн өкмөт мүчөлөрүнө Атамбаевдики туура, чын эле сала турган ГЭС болсо алалы, жөн эле салабыз деп 10–15 жылдан бери созулган келишимдерден баш тарталы, Кыргызстан сала турган акчасы бар инвесторлорго берсин деп айтты. Ошентип, алты айдан бери тартышып жатып, аягында өзүбүздүн позициянын тууралыгын далилдедик, орус тарабынан дагы акыркы жолугушууда түшүнүк таптык. Медведев бир тыянакка чыккыла деп, каражат барбы, сала турган көңүлүңөр барбы деп өз тарабына 20 күн берди. Тышкы карыз боюнча, курула турган объектилер боюнча, буюрса, июндун аягына чейин чечимге келебиз.

– *Июнь каргашасына жакында эки жыл болот. Бир тарабы жакшынакай болуп келатат десе, айрым изил-*

дөөчүлөр улуттук негизде дагы эле кодулоо, басынтуулар орун алып, Ош, Жала-Абадда анча-мынча чыңалуу бар дейт. Сиз улут аралык ынтымакты бекемдөөнү чоң максат катары койбодуңуз беле, кырдаал тууралуу эмне айта аласыз?

– Чындыгында, өткөн кылымдын 60-жылы, 90-жылы, 2010-жылы түштүктө кайра-кайра өрт болду. Бийлик дайыма «чабактарын» иштен алып, камап, ошол бойдон тим болчу экен. Бирок түпкү негизи башкада. Эмнеге 50 жыл ичинде түштүктө каргашалуу окуя үч жолу болду? Анткени түштүктөгү кыргыз жамааты менен өзбек жамаатынын ортосунда бир топ келишпес маселе бар экен, интеграция жок. Бул жерде бир эле чечим бар. Эгерде бири-бирине каршы туруу саясатынан эки жамаатты биригүү жолуна алып чыксак, кыргыз-өзбек дебей, Кыргызстандын жараны катары бириктирип кетсек, мындай каргашалуу окуялар токтойт.

Ал эми азыркы кээ бир саясатчылардай биз кыргызбыз, же өзбекпиз, тигилерди тигинтиш-минтиш керек дей берсек, анда аягында кайрадан ушундай эле окуялар болот. 2010-жылы 15-майда Кадыржан Батыров биз бул күндү 20 жыл күткөнбүз деп айткан. Эмнеге 20 жыл күткөн? Анткени 1990-жылы дал ушул май, июнь айылдарында Ошто автономия болуш керек деген ураан менен сепаратисттер чыккан. Бирок өзбек тарабында да, кыргыз тарабында да улутчулдук, бөлүнүү бар. Бийлик бул күнөөлүү экен деп камап, иштен алып тим болбостон, түпкү тамырын таап, негизги себептерин жоюш керек. Түштүктө кыргыз менен өзбек жарандарын бир жамаат кылыш керек.

Эл: «Ырыс алды – ынтымак», – деп түшүнмөйүнчө дайыма чыр боло берет. Анын үстүнө 2010-жылды изилдеп, тышкы күчтөрдүн дагы түздөн-түз таасири бар экенин көрдүк...

Каргашадан бир топ саясатчылар упай топтоп алды, бир тобу депутат болуп алды, бир тобу акча таап байып алыптыр. Андай оюндар азыр деле жүрүп жатат.

Албетте, жакырчылыктын да ролу бар. Маселен, эки адам коңшу жашап турса, бирөө абдан бай, бирөө абдан кедей болсо, кедейи жамандыктын баарын байдан көрөт да, анын үстүнө экөө эки башка улуттан болсо.

– *Ар бир 6–7 айда ушак-айың тарап, кырдаал курчуп кетиши мүмкүн экен, конфликт кызып баратыптыр дегендей сөздөр эл арасында тароодо. Кудай анын бетин ары кылсын, бирок жаңжал болуп кетсе, аны токтотууга кудуретибиз, дараметибиз жетет деп айта алабызбы?*

– Албетте, күч органдары азыр такыр башка, эки жылда абдан күчөттүк. Бирок элибиз түшүнүш керек, ынтымак түштүккө, Ош, Жалал-Абадга асмандан түшүп калбайт, же президент барып орнотуп койбойт, ынтымак элдин өзүнөн башталыш керек, ар бир үйдөн, ар бир райондон башталыш керек. Мен региондорду кыдырганда тиги улуттун, же бул улуттун көзүн тазалаш керек дегендей сөздөрдү угам. Ислам Каримов ачык айтпадыбы, Кыргызстандагы 2010-жылы болгон трагедияга тышкы күчтөр түздөн-түз таасир берген деп. Анткени Кыргызстанда ушундай трагедия болсун, бөлүнүп-жарылып жок болсун деген кээ бир күчтөр бар.

– *Кыргызстандын ички саясий-экономикалык акыбалына кайрылалы. Жакында өткөн бир катар жыйындарда аттуу-баштуу эксперттер Кыргызстанда бийлик дагы, экономика дагы эле чабал, президент Атамбаев кез-кез демилгелери менен чыкканы болбосо, күн сайын элди, башка бийлик бутактарын сүрөй турган позицияга али жете элек деп айтышты. Элдин бийликке ишеним насыясы күзгө чейин барып солгундап калар бекен деген кабатыр ын угулат. Ушул ойлор канчалык жүйөлүү деп ойлойсуз?*

– Элибиз 20 жылдан ашык президенттик мамлекетте жашап, бардыгын президент чечет, бардыгына президент кийлигишет деп көнүп алган. Биз Конституцияга ылайык жашаганга көнүшүбүз керек. Өкмөттүн иши бар, президент жардам бериш керек, соттун иши бар,

президент адилдеттүү соттордун реформасына жардам бериш керек. Ошол эле парламентти таратам деп коркутпай, президент парламенттин лидерлери менен жолугуп, багыт көрсөтүп жардам бериш керек. Президент бул жагынан акырындан Кыргызстан, кыргыз эли, ар бир жаран укукка баш ийиш керек деп камкордук көрүш керек. Менин иштегениме жарым жыл да боло элек, албетте, эл абдан көп нерсе күтүүдө, бирок 20 жылда бүтпөгөн нерсе жарым жылда бүтпөйт да. Бир нерсени так айтам: мен баштаган жакшы нерселерди аягына чыгарам. Коррупция менен күрөшүү болобу, акырындан баары бир аягына чыгарабыз. Ушул айдын аягында беш айдын ичинде кандай иштер жүргүзүлгөнүн угабыз. Ошол эле кыргыз тили, кыргыз тарыхы боюнча демилгелерди да аягына чейин чыгарабыз, атайын фонддор түзүлүп, каражаттар топтолуп жатат. Мен ар бир ишимди 5–6 жылга эсептеп туруп баштагам. 5–6 жылда жылыш болот.

– *Коррупция жөнүндө сөз кылып калдыңыз. Коррупцияга каршы президенттин күрөшүү парламентке келип такалып калды деп айтып жатышат. Эгер депутаттардын арасында дагы бир кылмыш иштерине кабылгандар ашкереленип калса, кайра эле кол тийбестигине жол бербей койсо, сиз кандай кадамдарга барышыңыз мүмкүн?*

– Бир-эки ошондой факты бар, бирок биз дагы эле парламентке суранычтар менен документтерди киргизебиз. Эмне болсо дагы мыйзам чегинен чыкпаш керек. Менимче, парламент өзгөрүп баратат. Бир-эки фактыдан парламент тигиндей-мындай, таратыш керек дегенге мен каршымын. Макул парламентти эл таратып жибersин, же депутаттар өздөрү тарап кетсин, бирок шайлоодон кийин ушул эле парламент кайра келет. Парламент сапаты жагынан өзгөрүш үчүн биринчи эл өзү өзгөрүш керек. Азыр Кыргызстандын, коомдун пикири күн, ай өткөн сайын өзгөрүп, ошого жараша парламентте айтылган сөздөр да өзгөрүп баратат. Парламент аягына

чейин иштеп, ошондон кийин жаңы шайлоо өткөрсөк, ага чейин 2–3 жылда элибиз добушту сатса болбойт экен, менин тагдырымды чечет экен деп башкача пикирде болуп, башкача парламент түзүлөт деп ойлойм.

Мен Кудай деген адаммын, алты жыл алты мүнөттөй эле өтүп кетет, алты жылдан кийин элдин көзүн кантип карайм, дайыма ошону ойлойм, алты жылдан кийин кеткенде президентибиз татынакай иштеп берди деп эстеп жүрсүн деп күнү-түнү иштеп жатам... Бирок коррупция менен күрөшүү абдан оор. Керек болсо миң жылдык тарыхы бар мамлекеттерде да коррупция бар. Жакында эле Англияда коррупциялык чоң жаңжал болду. Германиянын президенти да ошондон кетти. Коррупцияны бир дагы мамлекет толук жоё элек. Ал үчүн коом өзгөрүш керек, коом өзгөргөндө парламент да, сот да өзгөрөт.

– *Мурдагы бийликтердин кетирген чоң катасы – коомчулуктун бардык катмарларынын үнүн уга албай калганында. Ошол эле бийликти сындаган, каяша айткан, кайсы бир ишмердигин катуу сындаган оппозиционерлердин добушун укпай, таптакыр четке кагып салганында болду. Сиз оппозиция менен кандай кызматташып жатасыз?*

– Мен татынакай эле кызматташып атам. Ачык айтайын, оппозиция ар түрдүү. Кээ бир саясатчылар оппозициямын дегени менен аркасында айрым мамлекеттер турат. «Жамандын үйүн коногу бийлейт» дегендей, Кыргызстанда ээн-эркин басып жүргөн башка мамлекеттердин атайын кызматтары, өкүлдөрү бар, керек болсо бир топ саясатчылар, бейөкмөт уюмдар алардан акча алат, ошолордун кызматтарын аткарат. Бирок Кыргызстандын келечегин ойлогон, Кыргызстан үчүн күйгөн саясатчылар андан да көп. Ошолор менен тил табышып жатабыз. Оппозиция болмоюн, ошол эле өкмөт, соттор таза иштей албайт. Керек болсо президент деле бузулуп кетет. Ошондуктан, оппозициянын үнү

дайыма угулуп туруш керек, биринчиден парламентте, экинчиден телеканалдарда. Азыр парламенттен болобу, радиодон болобу телеканалардардан болобу, оппозициянын үнү дайыма угулуп турат.

Демократиялык өлкөлөрдө митингдер, албетте, болушу шарт. Бирок негизги саясий күрөш көчөлөрдөн парламентке өтүш керек. Анткени бардык маселе парламентте чечилет. 6–7 ай мурун оппозицияда «Ар-намыс» менен «Ата Мекен» жүргөн, эми «Ата Журт» жүрөт, эмдиги жылы ким жүрүп калат ким билет? Көчөгө чыгып, чатак чыгарабыз дегенден бир коркунучтуу нерсе бар. Тажикстанда 90-жылы эки тарап көчөгө чыккан, башка кызматтын өкүлү барып туруп ортосуна бир граната ыргыткан. Бул далилденген факт. Аягында 100дөн 200 миңге чейин тажик каза болгон. Ошто, Жалал-Абадда, же Бишкекте чоң митинг болуп турганда ортосуна барып бир балээ кылып койсо, кандай чатак болот? Ошондон сак болуш керек, мен ошондон эле корком.

– *Сиз оппозиция болобу, элдин ар түрдүү катмары болобу, ошолордун жашоосу, эмне жөнүндө ойлонуп, кандай жашоо өткөрүп жатканын кайдан угасыз, кайсы маалымат булактарын пайдаланасыз?*

Албетте, элдин турмушу канчалык оор экенин билем. Бирок элибиз да билиши керек, бир күндө эле бардыгы оңолбойт, бирөө асмандан түшүп оңдоп кетпейт. Кээде кайгырасың, анткени элибизде мамлекетке жардам бериш керек дегендер абдан аз калыптыр, мамлекет мага бериш керек, мага бирөө бериш керек деген ойлор үстөмдүк кылып калыптыр. Үйүндө миң кою, миң топозу бар болсо дагы мамлекеттин 300 сомуна көз артып турат.

Түштүк Кореяда, Жапонияда кыйын кырдаал болгондо карапайым эл мамлекетте кыйынчылык болуп атат деп өзүнүн алтынын, тыйын-тыпырын өткөрүп берген. Ошол эле Кыргызстанда жашаган кээ бир улуттарды алсак, Брежневдин заманыбы, Горбачевдун, Акаевдин,

Бакиевдин, Атамбаевдин заманы болобу, ошол эле корейлер, дунгандар жер менен иштеп, татынакай жашап келатат. Кээ бир адамдар кандай бийлик болсун, өткөн кылым болобу, бул кылым болобу, дайыма эле бир нерсе жетишпейт, мамлекет жасап берсин деп кыйкырып турат. Кудай сага кол, бут, баш берген, тилемчидей басып жүрө бербей кичине аракет кылыш керек да, колго күрөктү, кетменди алыш керек.

Американын президенттеринин бири Кеннеди айтпады беле: «Не спрашивай, что для тебя страна сделала, спроси что ты сделал для страны», – деп. Мамлекетке көпчүлүк учурда бут тосуп, кыйкырып-бакыргандар бар. Мамлекеттин келечегин ойлогон, мамлекетке жардам берем дегендер азыраак. Ар бир адам тазалануу өзүнөн баштаганда мамлекет да бутка туруп кетет. Булгаковдун татынакай сөзү бар «разруха начинается в головах людей» деген. Бүт башаламандык, жакырчылык адамдын башынан башталат. Адамдар башындагы ой-пикирлерин, уурулук жаман, пара бербеш керек экен деген нерселерге үйрөтсөк, Кыргызстан бутка туруп кетет.

– *Сиз маалымат каражаттарын пайдаланасызбы, гезит окуйсузбу, балким, «Азаттыкты» карайсызбы?*

– Азыр интернет заманы да, интернетти көбүрөөк карайм, таң атпай, же түн ичинде карап калам. Албетте, «Азаттыктын» сайтын да карайм, абдан татынакай сайт, ар кайсы пикирлердин бардыгы бар, ушундай пикирлер болгондо бийлик башчылары дагы, өкмөт болобу, президент болобу, депутат болобу өзүнүн кемчиликтерин көрүп турат. «Азаттыктын» сайты туура пикир же туура эмес пикир болобу ар кайсы пикирлерди чагылдырып турат. Ошондуктан бул абдан туура багыт. Демократиялык өлкөдө ушундай болуш керек.

(Булак (видеомаек): https://www.azattyk.org/a/kyrgyzstan_president_atambaev_exclusive_interview_may_23_2012/24590711.html)

КАМЧЫБЕК ТАШИЕВ: «ПРЕЗИДЕНТ КАТА КЕТИРГЕН ЖОК, КҮТКӨНДӨЙ РЕФОРМА ЖАСАЙ ЭЛЕК»



28-ноябрь, 2019-жыл.

«Азаттыктын» 2х1 форматындагы эксклюзивдүү маегинин кезектеги коногу – коомдук-саясий ишмер, «Республика – Ата Журт» партиясынын тең төрагасы, «Ата Журт» партиясынын лидери Камчыбек Ташиев.

– *Камчыбек мырза, «Ата Журт» партиясынын абалы кандай? Бүгүнкү күндө ал барбы?*

– «Ата Журт» партиясы бар экендигин эл-журт жакшы билет. Буйруса кийинки 2020-жылдагы шайлоодо биз 2010-жылкы ийгиликти кайталайлы деп турабыз.

– *Жакында кийинки шайлоого «Республика» партиясы менен чогуу барабыз деп айтып калдыңыз. Ага чейин бөлүнүп жатканыңарды айттыңыз эле. Эмне өзгөрдү? Бул жанагы 9% чекти басып өтүүнүн аргасыбы*

же эптеп парламентке жетип алуу сыяктуу жеке дымактын көрсөткүчү болуудабы?

– Өзүңүздөр билесиздер, биз эптеп саясатка илээшип жүргөн саясатчылардан эмеспиз. Бирөөнүн колтугуна кирип же бирөөгө жагалданган саясатчылардан да эмеспиз. Өзүбүздүн жүзүбүз, жолубуз, электоратыбыз бар. Ал эми «Республика – Ата Журт» партиясы бүгүнкү күндө бар. Парламентте фракциясы иштеп жатат. Ошол партияны, ошол фракцияны алып келиш үчүн Өмүрбек Бабанов экөөбүз эки партияны кошконбуз. Жакынкы күндөрдө бул аягына чейин чечилет. Бүгүнкү күндө «Ата Журт» партиясы, «Республика», «Республика – Ата Журт» партиялары дагы бар. Биз жакында саясий чечим кабыл алышыбыз керек. Бир нерсени бөлө албай ажырашып жаткан жерибиз жок.

– *Ооба, 2015-жылы шайлоодо жеңип келдиңиздер. Сиз лидерлердин бири катары парламентке келбей калдыңыз. Бабанов «Республика – Ата Журт» партиясынын жалгыз лидери катары пикир калтырган. Экинчиден, 2017-жылкы шайлоодо Бабанов талапкер катары чыкканда сиз аны колдогон жоксуз. Ошол учурда экөөңүздөр эки башка жолго түшкөндүн бир мисалы болгон эле. Бул жагынан алганда улам ажырашып, кайра жарашып, кырдаалга жараша позициялар өзгөрө береби? деген суроо чыгып жатат.*

– Эгер 2015-жылы мен «Республика – Ата Журт» партиясынын катарында депутат болуп шайланганда 2017-жылкы президенттик шайлоонун жыйынтыгы башкача болмок.

– *2017-жылы ошол учурда эмне себептен Бабановдун позициясын колдогон жоксуз?*

– Менимче, тарыхка кайрылып аны чукулаштын пайдасы жок. Бирок 2017-жылы биз, «Ата Журт» партиясы Сооронбай Жээнбековду президенттикке колдоп чыктык.

– Ооба, сиз Жээнбековду колдогон таасирдүү саясатчылардын бири болдуңуз. Өзүңүз аны ачык жарыяладыңыз. Президенттиктен талапкерлигиңизди алдыңыз. Өткөн жумада Жээнбековдун президенттик ишин аткарып жатканына эки жыл болду. Эки жылдык ишине кандай баа берип жатасыз азыр?

– Эми ачыгын айтыш керек. Бүгүнкү күндө Сооронбай Жээнбековдун эки жылдык мөөнөтүндө чоң саясий, экономикалык жана коррупциялык каталарды кетирген жок. Негизгиси ушул болду. Эки жылда биз күткөндөй жыйынтык болгон жок. Биз көбүрөөк жыйынтык күткөнбүз. Радикалдуу реформаларды жүргүзүүгө да жетишкен жок. Себеби Сооронбай Шарипович (Жээнбеков – ред.) уникалдуу саясий кырдаалга туш келип калды. Мына буга чейинки эгемендик алгандан кийинки президенттер, президенттик тактыга келиш үчүн сөзсүз түрдө бирөөнү жеңип, бирөөнү кууп, талкалап, анан президенттик тактыны алышкан. Ал эми азыркы президентибиз болсо андай болбостон, мыйзам чегинде атаандаштыктын негизинде таза шайланып келип, анан өзүнүн жумушун баштады.

Бирок көптөгөн жумуштар ошол президенттик шайлоодон кийин башталды. Уникалдуу саясий каршылаштарга туш болду. Мындай маселе биздин тарыхыбызда боло элек болчу. Биз дагы эле өсүп жатабыз. Дагы эле эксперименттерди жүргүзүп жатабыз. Дос душманга айланды, душман доско айланды. Кимдин дос экенин, кимдин душман экенин айырмалай албай турган убакыттар келди. Анан ар бир жасаган кадамында «дос деген душманды басып албайын, душман деген досту басып албайын» деген минанын үстүндө жүрүп отурду. Менимче, ушул маселелердин бардыгы Сооронбай Шариповичтин эки жылдык ишинин жыйынтыгынын азыраак болгонуна себеп.

– «Ата Журт» партиясы 2017-жылы президенттик шайлоонун алдында Сооронбай Жээнбековду «колдойлу деп чечтик» – деп жатасыз, өнөктөш партиянын лидери Өмүрбек Бабанов негизги атаандаш болгонуна карабастан. Ошол учурда Жээнбеков мурдагы президент Атамбаевдин саясатын толугу менен улантам, анын көчүн улайм деген учур эле. А сиздер болсо Атамбаевге оппозиция болчусуздар. Өзүңүздүн өнөктөшүңүзгө каршы чыгып, Атамбаевди колдогонуңуз кайсы бир деңгээлде диссонанс эмеспи?

– Мен 2010-жылдан 2017-жылга чейин Атамбаев менен каршылаш болуп келдим. Мына ошол маалда Атамбаевдин колтугунда жүрүп, ал үчүн жанын беребиз деп жүргөн саясатчылар бүгүнкү күндө бардыгы каралап отурушат. Атамбаев жыгылгандан кийин мен ал киши туурасында жаман сөз айткан жокмун. Бул менин ал кишини жакшы көргөнүмдөн эмес, бул адамдык таза касиетимден деп айтам. Менин принцибим ушундай. Тепкилегендер жетиштүү болуп жатты. Бирок мына сиздин сурооңузга жооп бергенде, мен өзүм жеке Сооронбай Жээнбековду саясатчы, кайсы бир командада иштеген катары эмес, анын адамдык сапатын, өскөн чөйрөсүн жакшы билгендиктен, ушул кишини колдоону туура деп таптым. Мен жаңылбагандыгыма бүгүнкү күндө ишенип олтурам.

– Ушул президенттик шайлоо темасын улай. Көптөн бери интервью бере элексиз. Айрым учурда саясий чакан чөйрөлөрдө сиздин Жээнбековду колдооңузга кайсы бир деңгээлде «саясий соодалашуу дагы себеп болду, акча алды, же болбосо кызмат берүү убадасы болгон, кийин Жээнбеков аткарбай койгон» деген сыяктуу пикирлер-маалыматтар айтылып жүрөт. Мунун канчалык чын-төгүн экенин билбейм. Ошол эле вице-премьер кызматын, Коопсуздук кеңешинин

катчылыгын сураган деген пикирлер айтылып жүрөт. Булар тууралуу эмнелерди айта аласыз?

– Коомдо ар түрдүү катмар болгондуктан, ар түрдүү сөздөр боло берет. Маселе менин жеке өзүмдү ойлогонумда, жеке көйгөйүмдү чечүүдө эмес. Маселени андан тереңирээк карашыбыз керек. Мен үчүн өтө маанилүүрөөгү ошол шайлаган президентибиздин жыйынтыктуу иштешинде. Ишинин жыйынтыктуу болушунда. Ишинин ийгиликтүү болушунда. Биз мына ушуга басым жасаганбыз. Ушуга басым жасап келе жатабыз.

– *Эки жыл болду. Сиз Сооронбай Жээнбеков менен жолугуп турасызбы?*

– Ачык айтыш керек, бир жыл болду, жолуга элекмин. Бийликке баруу кызыкчылыгым жок. Эгерде чакырса барып жолугам. Чакырбаса суранып барбайм.

– *Сиз айтпадыңызбы, жыйынтыктуу, натыйжалуу иш болушу керек деп. Мына ушунун көпчүлүгү кадр саясатына байланыштуу болуп жатпайбы. Мына азыр өкмөттү да, президенттин айланасындагы адамдарды да сындаганда «абдан кесипкөй эмес, көптү көрө билбеген, келечекти көрө албаган кадрлар көп» деп келет. Сиздин бүгүнкү күндөгү кадр саясатына болгон көз карашыңыз кандай?*

– Эми мен сын айтсам болбойт. Мен мамлекеттик көптөгөн кызматтарда иштеп жүрдүм: депутат, министр, аскер адамы болдум. Карып калган жокпуз. Элүү жашка чыктык эми. Көпчүлүк маалда элге, журтка, мамлекетке иштеп берсем деген ойлор келет. Ар бир саясатчынын баскан жолу, тагдыры болот. Мен ачык айта алам, эч бир саясатчы мени жаман иштерге, коррупциялык схемаларга байланыштыра албайт. Мен ачык, таза болгондон кийин мамлекеттик кызматта иштесем болмок, бирок азырынча сунуш боло элек.

– Сиз саясатта жүрдүңүз, соттолдуңуз. Сот реформасынын канчалык өлкө үчүн көйгөй экенин жакшы билесиз. Бүгүн сот реформасы жакшы жүрүп жатат деген пикирлерди айтып жатышат. Сиз байкап жатасызбы, бүгүнкү сот реформасынын абалы кандай? Сот реформасы сиз ойлогондой ишке ашып жатабы?

– Мен муну ачык эле айтайын, жок, андай эмес. Мүмкүн, сот реформасы ичинде кайсы бир схема менен жүрүп жаткандыр. Бирок сот реформасынын жыйынтыктуу натыйжасы коомго билине элек. Баягы эле кыйналган адамдар, баягы эле туруксуз чыккан чечимдер. Көпчүлүгү сотко акча бермейинче чечим чыкпайт деп айтып жатат.

– А буга ким жоопкерчиликтүү? Ким көзөмөлдөш керек?

– Буга президент, Жогорку Кеңеш, Сотторду тандоо кеңеши жоопкер. Президент коррупцияга каршы күрөшөбүз деп ачык жарыялады. Коомдо коррупция менен бир гана президент күрөшүп жатат, а эмне үчүн башкалар аракет кылбай жатат деген ой калып атат. Эмне үчүн министрликтер, өкмөт аракет кылбай жатат? Кечээ эле коррупция боюнча бир окуя окудум. Бир жыл мурда бир бажы кызматкери коррупция боюнча колго түшкөн экен. Ал бардык жалпыга маалымдоо каражаттарына жарыяланган экен. Ага кылмыш иши ачылып, камалган экен. Эми ошол эжекени азыр республикалык бажынын башчысынын орун басары кылып дайындашты. Мына ушуга эл таң калууда. Экинчи жагдай, бир министрликтин кеңешчиси 150 миң доллар пара алды деп түздөн-түз көрсөтүүнүн негизинде кармалган. Бүгүнкү күндө ал кеңешчи камактан бошотулду. А министр дагы эле иштеп жатат. Эгер ушундай маселе болсо, министр өзү арыз жазып кете турган шарттарды түзүш керек да. Насирбек Алмаматов

(туруктуу коррупциялык схема түздү деген айып менен 12,5 жылга соттолгон мамлекеттик кызматкер – ред.) боюнча деле ошол. Эптеп качырып ийип, кайра издөө жарыяланды. Буга ким жооптуу? Кайсы сотко кандай жаза берилди?

Биз коррупция менен алпурушкан адамдарды камап, мамлекетти оңдой албайбыз. Коррупциянын түпкү схемасын, системаны жок кылышыбыз керек.

– *Садыр Жапаров мурунку бийлик учурунда камалган. Ал киши өзү дагы президенттен ырайым сурап кайрылды. Аны камактан бошотуу маселеси эмне үчүн каралбай жатат?*

– Садыр Жапаров менин саясаттагы эң чоң жүрөк оорум. Ал жөнүндө көп нерсе айта албайм. Бирок анын акыйкатсыз, ырайымсыз түрмөдө отурганын белгилейм жана аны түрмөдөн чыгарууну президенттен дагы бир жолу суранып кетем.

– *Эмне себептен Жапаровдун иши алдыга жылбай жатат? Кандайдыр бир кызыкчылык барбы, же анын тарапкерлеринин көптүгүнөн ушундай мамиле болуп жатабы?*

– Менимче, сөзсүз түрдө саясий кызыкчылык бар.

– *Кимдер тарабынан?*

– Чыгарбай жаткан адамдар тарабынан болушу керек. Бүгүнкү күндө түрмөдө саясатчы калбады. Өмүрбек Текебаев, Бектур Асанов, Кубанычбек Кадыров, Карганбек Самаков ж.б. көптөгөн саясатчылар абактан чыкты. Ал эмес Муралиевдин (экс-премьер-министр – ред.) чыккынчы деп 20 жылга соттолгон баласы чыкты. Бир гана Садыр Жапаров калды. Эмне үчүн ага мунапыс колдонбойт? Үй-бүлөсү кыйналса дагы ага ырайым берилбейт? Бул суроо азыр коомчулукта турат. Мен азыр Садырды бул киши чыгарбай жатат деп ачык айтышым кыйын. Себеби мен аны билбейм. Садырдын түрмөдөн чыкпай турганын таш боордук деп эсептейм.

– *Президентке ырайым сурап кайрылуунун процедурасын билесизби?*

– Мен анын процедурасын билбейм. Бирок Садырдын кайрылганын билем. Садыр «ырайым сурап кайрылбайм» дегенде биз эң биринчиден, бала-чакаң, үй-бүлөң үчүн, эл үчүн кайрыл деп суранганбыз.

– *Азыр партияларга коюлган талаштагы 9% босого чек боюнча пикириңизди айтсаңыз...*

– 9% чекти коюп жатканда азыркы аны азайталы деген депутаттар анын жакшы жактарын айтып келишкен. Алар мамлекетте туруктуулук болот, өкмөт алмашпайт, бир-эки партия башкарат, калган бир-экөө оппозицияда болот деп айтып келишкен. Азыркыдай беш-алты партия болбойт деп коомду ишендиришкен. Мына азыркы парламент кабыл алган. Мурдагы парламент кабыл алган эмес. Эми ошол 9% иштей электе эле кайрадан 3% кылалы, 5%, 7% кылалы деп атышат ошол эле саясатчылар. Парламентке өтүш үчүн пайыздар таасир этпейт. Ага саясатчынын деңгээли, бедели, кылган иши таасир этет. А мүмкүн, 2020-жылы бийликтин бир дагы партиясы келбей калышы мүмкүн.

– *Кыргызстандын реалдуулугунда ошондой болушу мүмкүнбү?*

– Реалдуу. 2010-жылды караңыз. «Ата Журт» партиясы биринчи келгенбиз. Эмне үчүн саясатчылар: «Эртең биз келе албай калабыз» – деп коркушубуз керек? Эгерде эл шайлабаса келе албай каласың. Депутат болбосоң деле турмушуң өтөт. Мына мен депутат эмесмин, турмушум жакшы өтүп жатат.

– *Акыркы убактарда «Бажыдагы миллиондор» боюнча үч маалымат каражаты биргелешип жасаган макала резонанс жаратып, коомчулук абдан талкуулап жатпайбы. Акцияга да чыгышты. Анан парламент, өкмөт реакция жасап жатат. Аларга кандай баа бересиз?*

– «Азаттык» үналгысы кандай максатта иликтөө жүргүздү, ушуну сурайын дегем. Силер коррупцияга мамлекеттик масштабда иликтөө жүргүздүңөрбү же болбосо кайсы бир жеке адамды каралоо максатындабы?

– *Албетте, системалашкан коррупцияны жоюу максатында. Бул биринчиден, жалгыз «Азаттыктын» иликтөөсү эмес. Үч маалымат каражаты биригип иликтеген материал. Эмне чыгарсак, анын баары сиздин алдыңызда. Сиздин реакцияны сурап жатабыз.*

– Муну сураганымдын себеби, сиздер: «Жеке адамды эмес, системалашкан коррупцияны чыгаралы деп иликтедик» – деп жатасыздар ээ? Андай болсо, эмне үчүн жеке бир адам караланат? Ошол жеке бир адамдын мойнуна бардык коррупцияны илип жатабыз. Ошол эле мезгилде 700 миллион боюнча аны «Азаттык» да, Саймаити да ошол жактагы бизнесмендердин акчасы которулду деп жатат. Мыйзамсыз эмес. Ал банктар аркылуу чыккандан кийин мыйзамдуу болот. Мыйзамсыз келгенби, келбегенби, банктар которгондон кийин мыйзамдуу болот. Болду. Экинчиден, эгерде сиздер мамлекеттик деңгээлде коррупцияны иликтейм десеңиздер, эмне үчүн «Кумтөр» жөнүндө иликтөө жасабайсыздар? «Кумтөр» жылына 20 тоннанын тегерегинде алтын өндүрөт. Ошонун 2 тоннасы жалпы салык, социалдык төлөмдөр, айлык акыга кетет. Ал эми 18 тоннаны жылына алып чыгып кетип жатышат. Бул бир миллиарддын тегерегинде.

Дагы бир нерсе айтайын, электр энергия сектору эмне үчүн иликтенбейт? Дагы бир маселе, мамлекетке жол курулуш боюнча миллиарддаган каражат доллар менен келди. Аларды мамлекет карыз алды. Ошолорду пайдалануу боюнча эмне үчүн иликтенбейт?

– *Өлкө боюнча абдан көп көйгөйлөр бар. Анын баарын бир гана ММК иликтеп жетише албайт. Ошол себептен жапырт иликтешибиз керек. Президент өзү*

айтып жатат: «Журналисттер, жардам бергиле деп.» – Бул бир гана тема. Биз бага чейин иликтеп келгенбиз, иликтей беребиз. Мына КТР, ЭЛТР, 5-канал иликтеп жатат. Ушунун баарынын аркасында биз чыгарган иликтөөлөр түртки берүүдө. Ушул чыккан иликтөөгө сиздин реакция кандай?

– Бул нерсе мамлекет тарабынан иликтениши керек. Укук коргоо органдары тарабынан иликтениши керек. Саясатчылар көзөмөлдөп турушу керек.

– *Сиз бажыда коррупция жок деп ишенесизби?*

– Жок, мен антип ишене албайм. Бажыда коррупциялык иштер көп. Ошолорду иликтебейсиздерби? Сиздердин 700 миллионго такалып калганыңарга таң калып жатам. Бул бир адамдын эмес, товар ташыган бизнесмен, кыздар-балдарыбыздын акчалары. Бул жакта эч кандай мамлекеттик органдардын тиешеси жок.

– *Мамлекеттик ишканада иштеген адамдардын ири жеке менчик ишканаларды сатып алуусу деле шек туудурат да? Дубайдан жубайына каттаткан декларацияда каттатылбаган мүлкү жөнүндө, жанагы 700 миллионго тиешеси бар адамдар менен бизнес өнөктөш болгону, калкалоосу жөнүндөгү кептердин бардыгы негизсиз деп ойлойсузбу?*

– Мен негизсиз деп ойлобойм. Болгону бир адамды каралап, мамлекеттик деңгээлде «монстр» кылып алып чыкканыңар туура эмес. Ал жөнөкөй эле бажы жетекчисинин орун басары болгон. Министр да, депутат да болгон эмес. Жакшынакай, карапайым, ийкемдүү жигит. Аны жөн эле мамлекеттик деңгээлде каралаган болбойт. Чынында ошондой болсо мамлекеттик органдар чара колдонушу керек. Себеби коррупциянын тамырын кыркмайынча мамлекет өнүкпөйт.

– *Сиз мамлекеттик кызматта жүрдүңүз, азыр деле кайсы бир деңгээлде саясий салмагыңыз бар. Ошол*

маселелерди президенттин көзүнө сайып көрсөтүп, ушул тармактарга көңүл бур деп эмне үчүн айтпайсыз?

– Сиз менин оюмду уккуңуз келсе, азыраак сүйлөп, көбүрөөк суроо берсеңиз. Эмне үчүн айтпайбыз? Ошону айтканыбыз үчүн биз камалып келе жатабыз. Садыр Жапаровдун «Кумтөрдөгү» коррупция боюнча бир таңгак документи турат. Ошону алып туруп эле «Азаттыкка» чыгарып койгулачы. «Кумтөрдөгү» окуяларды президенттин көзүнө сайып көрсөткөнүбүз үчүн биз 2012-жылы камалганбыз.

– *Кыргыз-тажик чек арасындагы «275 гектар жер тажик тарапка берилди» деген протокол боюнча «Коопсуздук комитети тарабынан сотко чейинки иликтөө жүрүп жатат» деген кабар тарады. Ушул протокол кыргыз-тажик чек арасын чечүүдө канчалык тоскоолдук кылып жатат? Коопсуздукка канчалык шек келтирет? Он жылдан кийин кайра көтөрүү жүйөлүүбү?*

– Бул жерде өтө көп мамлекеттик сырлар жатат. Бирок ошол протокол кол коюлуп-коюлбаган маалда дагы биз кызыкчылыгыбызды так сакташыбыз керек. Ушундай келишпестиктерден улам адамдын өмүрү кыйылып жатат. Буга ким жооп берет? Ошол себептен, тиешелүү мамлекеттик жоопкер адамдар ишти катуу жүргүзүш керек. Ак-Сай боюнча мамлекеттик деңгээлде чаралар болгонун өз көзүм менен көрдүм. Жолдор оңолуп калыптыр. Бүт эле чек ара маселесине мамлекет башчы жеке жооп бериш керек болот. Бул мамлекеттин бүтүндүгү, коопсуздугу, эртеңки келечеги.

– *Чек ара чатактары чыга калганда Фейсбукта «ыкчам аракет керек, мен баранга даярмын» дегендей билдирүүлөрдү жаза калып жүрбөйсүзбү. Муну айрымдар радикалдуу кадам, кайсы бир деңгээлде мамлекеттин кызыкчылыгына каршы келип калышы мүмкүн дешет. Өзүңүз жазасызбы?*

– Мен өзүм чек арада кайсы бир деңгээлде ызы-чуу чыкканда барганга аракет кылам. Алыс жакта болсом жок дегенде билдирүү жазам. Себеп дегенде, чек ара биз үчүн өтө маанилүү. Мамлекет, чек ара мен үчүн, сиз үчүн, баарыбыз үчүн керек. Кээде эмоционалдуу билдирүүлөрдү жазып алам. Себеп дегенде, колумда мүмкүнчүлүк жок. Болсо чек ара маселесин башкача чечмекмин.

– *Сиз жана байлык жыйган жокмун деп жатпайсызбы. Акыркы жолу бир нефть базаңыз күйүп кетти. Канча каражатты жоготтуңуз? Калыбына келтирип алдыңызбы? Мамлекет кандай жардам берди?*

– Мен ачыгын айтканда, кембагал бала эмесмин. Саясатка келгичекти эле бизнес менен алек болгом. Жети жылдан бери саясатта эмесмин. Дагы эле бизнес жасап келе жатам. Бирок менин бизнесим эч кандай мамлекеттик тендерлерге катышкан, кендерге байланышкан, мамлекетке чырмалышкан бизнес эмес. Акыркы эки жылдан бери бизнеске деле көп аралашпайм. Мен азыр ушул чет жактарда көп жүрүп жатам. Менин уулум – футболист. Италияда ойнойт. Жанында көп жүрүп жатам. Бул да болсо кичине тарых.

– *Камчы мырза, ушул маекти угуп калып, эртең президент чакырып кызмат сунуштаса макул болосузбу?*

– Мен кайсы кызмат болсо дагы аркаласам мамлекет үчүн гана иштейм.

(Булак: https://www.azattyk.org/a/30297282.html)

РОЗА ОТУНБАЕВА: «ИЮНЬ ОКУЯСЫ АТАЙЫН УЮШТУРУЛГАН» – ДЕП ЭСЕПТЕЙМ



10-июнь, 2020-жыл

2010-жылы Ош жана Жалал-Абадда болгон июнь окуясы атайын уюштурулган. Мындай пикирин ошол кезде Убактылуу өкмөттүн төрайымы катары Кыргызстандын башчысы болуп турган экс-президент Роза Отунбаева «Азаттык» үналгысына берген эскерүү маегинде билдирди. Анын айтымында, он жыл мурдагы окуяда жаңжал чыгарууга көп күчтөр кызыкдар болгон. Ушул күндөрү Кыргызстанда 2010-жылы Ош жана Жалал-Абадда болгон июнь коогалаңынын он жылдыгы эскерилүүдө. Ош жана Жалал-Абадда болгон июнь окуяларына бүгүн он жыл болуп отурат. Бул коогалаңдын он жылдыгына байланыштуу «Азаттык» үналгысы бир катар эскерүү материалдарды даярдап жатат. Биз бүгүн июнь окуяларын Кыргызстандын экс-президенти Роза Отунбаева менен чогуу эскермекчибиз.

– Студияга кош келипсиз. 2010-жылдагы июнь окуялары эгемендүү Кыргызстандагы эң оор окуялардан болуп калды. Ошол күндөрү сиз убактылуу өкмөттүн төрайымы катары Кыргызстандын башчысы болуп тургансыз. Ушул июнь окуяларын болтурбай калууга мүмкүн беле? Кайсы жерден кандай катачылыктар кетип калды?

– 2010-жылы 7-апрелде бизде революция болуп, уттурумдук өкмөт бийликке келген. Анан эки айга жетпей июнь коогалаңы башталып кетти. Сиздин суроого жооп берип жатканда мен ошол замат эле бир окшоштук – салыштырууларды айта кетейин деп жатам. Мына, мисалы, 1993-жылы Советтер Союзунун курамындагы биздин Кыргыз Республикасында дал ушундай окуя болгон. Анда Советтер Союзу эң күчтүү мамлекеттердин бири, дүйнө жүзүндө Super Power эле, армия, КГБ, Компартия бар кези. Мына, ошого карабастан бир паста эле жаңы чыр чыгып кетти. Эч ким аны билген да жок боло турганын. Токтотууга чоң аракеттер жасалды. Жакында эле Казакстандын Кордай районунда ошондой эле улуттар арасындагы жаңжал чыгып кетти. Эми Казакстан болсо кубаттуу өлкө, колунда баары бар.

Саясий оппоненттерибиз бизди 10 жылдан бери эле кодулап келе жатат. «Ош окуясы силердин шалаакылыктан улам болду» дегенди угуп эле келебиз. Бирок жогорудагы эки учурду салыштырып көргүлөчү. Бүгүн Америка Кошмо Штаттарындагы окуяларды ар бир эле көзү, кулагы бар киши көрүп жатат, угуп жатат, канча деген эл нааразылыкка чыгып талап-тоноолор болгонун. «Мародерство» дегенди биздин Апрель революциясына эле жабыштырып келе жатышат. КМШ аймагында да «Кыргызстан ушундай, тигиндей» деп ушуну көп айтышат.

Мародерство дегенди биз Парижден, Франциядан деле көрдүк. Европанын башка өлкөлөрүнүн борборлору-

нан деле көрдүк. Элдик көтөрүлүштүн табияты ушундай болот экен да.

– *Июнь окуяларынын тутанып кеткенине кайсы жагдайлар негизги себеп болуп кетти деп ойлойсуз?*

– Ошол убактагы улуттар аралык мамиленин начардыгы, кемчиликтер, ошол окуяда даана көрүнүп, ачыкка чыкты. Апрель окуясынан кийинки өткөөл бийлик ал убакта али бутуна тура элек болчу. Биз көбүнчө Бишкекте, анын тегерегиндеги иштер менен көп алышып турганбыз. Эсиңерде бар болсо Маевкада, Токмокто улут аралык мамилеге байланышкан окуялар болуп жатты. Бир топ жерлерде ушундай кармашуулар болду. 120дан ашык ар кандай митингдер болду, биз ушуну менен алектенип жаттык. Түштүк аймакта бизде туруктуу деле күч жок болчу, эч ким. Азыркы президент Сооронбай Шарипович Жээнбеков биздин убактылуу өкмөттүн өкүлү, мүчөсү катары ошол жакты кармап турган болчу.

«Биз канча жолу айтсак да, билип туруп эчтеке кылган эмес» – деп сындагандар толуп жатат азыр. Аларга жооп катары айтат элем: Биз ар кандай сигналдарды угуп, Ошко ошол замат адамдарды жиберген болчубуз. Биринчиден, Азимбек Бекназаров байма-бай барып турду. Ошол жерде Бактыбек Алымбеков деген бизде комендант да иштеп жатты. Исмаил Исаковичке да атайын укуктарды берип, кадр маселесин чечсин деп жибергенбиз. Ал май айынан тарта иштеп жүргөн. Июнь окуясы уюштурулган, ага көп күчтөрдүн кызыкчылыгы болгон. Өзгөчө наркотрафик, криминалдардын ал жерде кызыкчылыктары зор болчу деп ойлойбуз.

– *Кыргызстандын түштүгүндө жаңжал чыгаруу, туруксуздук жаратуу ириде кайсы күчтөргө зарыл болгон? Бул жерде сепаратист, жикчил делген адамдардын топтору, аттары айтылып келе атат. Бийликтен кулаган Бакиевдер баштаган болушу мүмкүн деген дагы версиялар айтылып жүрдү. Ошол эле кезде, кайсы бир чет мамлекеттердин дагы кызыкчылыгы болгон болу-*

шу мүмкүн деген дагы версиялар бар. Ошондой эле сиз жогоруда айтып кеткен наркотрафикти көзөмөлдөгөн күчтөр дагы аралашкан деген да сөздөр айтылып жүрөт. Ушул мен санап өткөндөрдүн ролдору канчалык болгон?

– Булардын баары эле туура факторлор, мен ушуларга макулмун. Бакиевдер парламентти Ошто чакырабыз деп чоң аракет жасашты. Бир топ азыр деле саясатта жүргөн, саясаттан ары жүргөн адамдар ошол жерде чоң аракет жасашты. Бул – бир. Бакиевге укук органдарында иштегендер да кызмат кылып жүрүштү. Биздин кээ бир иштерге колубуз жеткен жок. Ал жерде кадр маселесинен биз көп колдоо таба албай турдук. Наркотрафикке, криминалга байланыштуу көп эл аралык баалар айтылды. Кайсы жерди албайлы, кээ бир күчтөргө чек аранын тегерегинде чаң-тополоң керек болот экен. Андан пайдаланып чоң партиялар өтүп кетет экен. Ошол наркотрафикке киришкен адамдар, күчтөр ошол замат пайдаланып, өздөрүн өзгөртө коюшат экен. Ушундай болгонун көбү эле айтты. Орусиянын атайын күчтөрү да муну жакшы эле изилдеди, иликтеди деп ойлойм.

Анан чет элдик күчтөр деп да сурап жатасың, андай болгон жок деп айта албайбыз, бирок аны аныктай турган эч бир базабыз жок бүгүн. Бул жөнүндө Өзбекстандын президенти Ислам Каримов дайыма эле катуу айтып жатты токтобой. Бул киши БУУнун сессиясында айтып чыкты. Орто Азияда баарыбызды бири-бирибиз менен согуштурайын деген, Орто Азияда дайыма эле өрт болуп турсун деген ушундай күчтөр бар. Алар болсо бул учурда да өрт чыгарганга аракет жасашты деп. Жогоруда айткандарыңдын баары эле болду. Мына биздин түз атаандаштарыбыз да сөзсүз болду, аларды айтпасам да болбойт.

– Жогоруда биз айтып өткөндөрдөн жикчил, сепаратист делген күчтөрдүн ролу канчалык болду?

– Алардын ролу да бар болчу. Ал убакта башы көрүнгөн өзбек улутундагы саясатчылар бир топ аракет жасашты, козголоңго түртүштү. Республиканы араң эле турган жерден элдин ичинде, арасында болуп жаткан карама-каршылык өрт болуп сыртка чыгып кетти. Мен ойлойм бул болбосо деле болот эле. Алардын аракетинин жыйынтыгы ушундай болду. Анын баары документте бар. Ким кандай, кайсы жерде чогулуш жыйындарды уюштурду, ал жазылган пленкада, сүрөттөрдө бар.

Улуттар ортосундагы мамиле өтө назик, териси өтө жука болот экен. Ошол жерде сыйрылып эле бир паста чоң жарага айланып кетет экен. Ошондуктан биз баарыбыз бул маселеге көп көңүл бурушубуз керек экен.

– *Ошол күндөрү убактылуу өкмөт алдастап, шашып калганы белгилүү. Сиз Орусия лидерлик кылган, Кыргызстан дагы мүчө болгон Жамаатык коопсуздук келишим уюмунан аскердик жардам да сурап жибергенсиз. 11–12-июнь күндөрү дагы кандай чечимдер зарыл болду эле ушул кырдаалды турукташтыруу үчүн?*

– 13-июнда баары токтоду. 10-июндан 11-июнга караганда башталып, Оштун баары тим эле от-жалын болуп кетти. 10–11-июлда Ош менен алектенип жатсак, Жалал-Абадга өтүп кетти да. 12–13-июнда ал жерде күчөп кетти. Убактылуу өкмөт онунда чогулуп эле самолетторду жибере баштадык. Суу жок, нан жок абал болду. Качкан кишилер көп эле. Биз жети миңдей кишини Бишкекке самолеттор менен алып келдик. 160тай каттам жасаптырбыз. Ар бир күнү үч рейстен кем эмес. Ошко да, Жалал-Абадга да. Түндүк облустардан көп азык-түлүк жиберилип жатты жардам катары. Биздин кошуналар да жардам берди. Аларды айта кетпесем болбойт. Эл аралык жардам да болду.

Окуя болгон күндөрү эл бири-бирине тирешип эле катуу туруп калышты. Элде абдан көп мылтыктар пайда болду. Алар тууралуу документтер толо, фактылар бар.

Армиядан, биздин укук органдардан тартып алган деген фактылар толуп жатат. Мергенчилердин мылтыктары болду. Адам өлүмү да көп болуп кетти.

Мен ошондо Ислам Абдулганиевич менен сүйлөштүм. Ал: «Мен бул жерде эч нерсе кыла албайм, чек араны кармап, бууп турайын. Анткени бизде да толуп жаткан улутчулдар, жардам беребиз деп жаткандар бар. Мен бул жагын карайын. Эми өзүң чечкин, өзүң аракет кылгын» – деп айтты. «Кимге кайрыласың, өзүң бил» дегенсиди. Экөөбүздүн ортобузда ушундай бир тез, чукул сөз болду.

ЖККУда Орусия биздин туруктуу өнөктөшүбүз. Анан Орусия менен байланышып, 12-июнь күнү ошол кездеги президент Дмитрий Медведев менен сүйлөштүм. 12-июнь күнү Орусиянын улуттук күнү. Ошого байланыштуу киши болсо майрамдарда жүргөн экен, алгач байланыша албай жаттым. 12-июнь күнү Орусия президентинин аппарат башчысы Сергей Нарышкин байланышып: «Медведев Кремлде сыйлыктарды берип жатат, чыга албай жатат» – деди. Бирок ошол күнү түштөн кийин Медведев чалып калды.

«Бизге ушундай күч, жардам болбосо болбой жатат, өзүбүздүн даярдыгыбыз да жок экен. Жапырт башаламандыкты токтотуп калганга биздин армиянын, күч органдарынын шарты жок экен. Ошондуктан биз ЖККУдан жардам сурап жатабыз» – деп айттым. Эми алар бир күн бою бири-бири менен акылдашып, ойлонушту окшойт. Анан 13-июнда: «Биз кыйналып жатабыз, эгер биз кирсек, демек, эки улуттун ортосундагы ушул согушка Орусия да кирип калгандай болот экен. Анткени биз да ок атышыбыз керек болот. Ушул жагы кандай болот?» – деп айтышты. Аларда ушундай тоскоолдуктар, ойлор пайда болуптур.

– *Ошол күндөрү чет мамлекеттеги талдоочулар, эксперттердин риторикасында: «Кыргызстан*

бир бүтүн мамлекет болуп жашап кете алабы» деген суроолор, талкуулар жүргөн. Бул оор сыноону Кыргызстан кантип басып өтүп кетти? Бүгүн эмне айта аласыз?

– Бул ар бир эле ушундай тополоң, көтөрүлүштө пайда боло турган суроолор деп ойлойм. Бирок ар кандай спекуляция да болот. Орусиянын Мигранян дегени Акаевдин заманында: «Кыргызстан бөлүнөт, эки бөлүп салыш керек» – деп айтчу. Бул сөздөрү ошол бойдон «оомийин» болду, жок болду. Бизди бөлүнөт деген күчтөр көп, азыр деле бар. Жок деп айта албайбыз. Биз өзүбүз иштешибиз керек деп ойлйом. Тарых деген ушундай тез өзгөрөт экен. Бүгүн деле жаңы өлкөлөр, мамлекеттер пайда болуп, барлары жок болуп кетип жатат. Мына, Ирак, Сирия кандай бекем, бышык өлкөлөр эле дегендер бар. Сирияда канча деген кыргызстандык барып иштеп келди эле. Азыр Сирия кандай акыбалда турат. Бул элдин өзүнөн көз каранды нерсе, эл өзү биримдикте туруш керек. Эл жарылбайын деп аракет кылыш керек экен. Биздин республикада ушундай ой, ушундай дем ар бирибизде бар. Эл өзүнүн келечегин өзү ойлойт экен.

– Жогоруда сиз Ислам Каримовдун Ош окуясындагы мамилесин айтып кеттиңиз. Ошол кезде Өзбекстандын саясий, аскер жетекчилигин Ош, Жалал-Абаддагы окуяларга карата позициясы кандай болот деген суроолор дагы туруп жатты. Өзбекстандын мурдагы президенти Ислам Каримов менен сиз сүйлөшүп жаттыңыз. Ошол сүйлөшүүлөрдүн демилгеси сиз тараптан болдубу же ал киши тараптан болдубу? Алгачкы сүйлөшүүлөрдө эмнени талкууладыңыздар?

– 10унан 11ине карата окуя кайнап турду. 11инде таптым окшойт. Ал киши менен 11инде сүйлөштүм. Ал: «Мен көрүп жатам, баягы Анжияндагыдай кырдаал болуп жатат» – деп айтты мага. «Менин колумдан келе турган нерсе чек араны бууп, кармап турам. Бизде ба-

рып жардам берем деген толуп аткан күчтөр бар» – деди. Ал күндөрү бизде качкындар же Эл аралык миграция уюмунун терминолониясы менен алганда убактылуу жер которгондор болду да. Алардын саны 70 миңдей адам болгон.

– *Мен сандарды карап көрсөм, 100 миңдей деген дагы сандар жүрөт.*

– Мен кечээ эле карап көргөм сандарга, 70 миңдей адам Кыргызстандан Өзбекстандагы лагерлерге барып жайгашкан экен.

– *Чек ара аймактарынан качып кетти?*

– БУУнун UNHCR атайын качкындар боюнча уюму шарт түзүп, чатырларды берип, 70 миңден ашык адам ошол жерлерге жайгашты. Өзгөчө аялдар, кичине балдар барды. Эркектер кала беришти жашаган жерлеринде. Ошондуктан президент Каримовдун чечими, анын түшүнүгү туура болуптур, ал окуяны өтө туура, даана эле көрүп туруптур. Ошентип, ал жактан (Өзбекстандан) биз жакка эч ким кирген жок.

– *Кийин сиз Ислам Каримовго ыраазычылык да билдирдиңиз окшойт. Кайсы аракеттери үчүн ыраазычылык билдирдиңиз эле?*

– Бир топ жолу билдирдим форумдарда. Астанада 2011-жылы декабрда ЕККУнун форуму болду. Бул өтө маанилүү форум. Ошондой эле БУУнун Генералдык ассамблеясында да айттым. Балким, башкалар ушуну эле айтат деп ойлоп калышты окшойт. Бирок чынын айтыш керек, Ислам Абдулганиевичтин салымы чоң болду. «Биз өзүбүз өзүбүзгө эч качан кол салбайт элек. Биз өмүр бою тектеш, жанаша жашап келе жатабыз. Бул башка, үчүнчү күчтөрдүн кызыкчылыгы» – деп айтып катуу турду. Эми ага (үчүнчү күчтөр боюнча) атайын далилдерди алып келе албайт экенбиз. Көп эле сөздөр болду ушул версияга. Мен Ислам Каримовго ыраазычылык айтканымды дагы бир жолу ырастайм.

– Июнь окуяларын иликтегендер көп болду. Чакан иликтөөлөрдү кошпогондо дагы Киммо Кильюнен жетектеген эл аралык комиссия, ошондой эле коомдук ишмер Абдыганы Эркебаев жетектеген мамлекеттик комиссия да иликтеди. Бул комиссиялардын ортосунда, корутундуларында бир топ айырмачылыктар да болуп калды. Дегеле Оштун июнь окуялары канчалык деңгээлде жетиштүү иликтенди?

– Мындай чоң окуялар дагы эле иликтене берет келечекте, дагы изилдөөлөр болот. Өзүбүз изилдебесек да башкалар кызыгып изилдейт. Биздин өзүбүздөгү окумуштуулар жалкоолук кылып жатышат, шылтоо көп. Бирок дүйнө жүзүндө кызыгуу өтө зор. Ушу жылы майда Оксфорд менен Эксетер университетинин конференциясы болоду. Кыргызстандын революциясына он жыл деген конференция өткөзүштү эле дүйнө жүзүнөн 95 киши жазылды. Америкадан, Жапониядан, Европанын баарынан, Орусиядан. Кызыгуу көп. Дүйнөдө канча революциялар болуп жатат. Канча чоң козголоңдор болуп атат. Алардын баарын тарых ордуна коёт экен. Сиз эки докладды айтып жатасыз, эки эмес 10 чакты ушундай докладдар болду. Биздин эң эле күчтүү жагыбыз эмне болду? Биз баарына жол бердик, эч кимди бууган жокпуз, эч кимди токтоткон жокпуз. Ошон үчүн жанагы «Мемориал» болобу, Human Rights Watch болобу, Amnesty International болобу, кимиси болсо да элден сурап, ар бирине чейин жетип, өздөрүнүн иликтеген аспекттери болот. Ошого карата көп эл аралык уюмдар докладдарды жасашты. Киммо Кильюнендин доклады менин оюмча өтө маанилүү болду. Буга тарых баа берет деп ишенем. Биз Убактылуу өкмөттү эле жамандап, эл аралык докладды баалабай жатабыз. Ошол Кильюнендин доклады Кыргызстандан чоң айыпты алып салды. Биз бүгүн дүйнө жүзүндө жүзүбүз жарык иштеп жатабыз. Мисалы, ошол докладда үч негизги жыйынтык бар: Биринчиден, бизде геноцид болгон жок. Экинчиден, бизде аскер кыл-

мышкерлик болгон жок. Үчүнчүдөн, ооба, кылмыштар болду, бирок бул кылмыштарды өлкөнүн сотторунда каралып чечилиши керек деген жыйынтыктарга келди. Ал 3–4 ай иштеди бул жерде. 7–8 өтө абройлуу, белгилүү адамдар докладга кол коюп берди, ар ким эле ушундай чырлуу окуяга өзүнүн атын аралаштыра бербейт. Алар докладды ийне-жибине чейин карап, анан кийин өзүнүн колун коюшту. Ошонун негизинде Кыргызстан 2010-жылдагы окуядан чыгып кетти. Ооба, сөзсүз бизде кара тактар бар. Human Rights комиссиясында, БУУнун комиссиясында али көп жерлерде каралып жатты биздин маселелер. Бирок бир чоң оор күнөөлөр биздин мойнубузга коюлган жок. Бул өтө маанилүү биз үчүн, Кыргызстан үчүн. Канча күчтөр комиссияны киргизбегиле, болбойт деп каршы чыгышты. Анткени КМШ аймагында биз биринчи эл аралык комиссияны киргизип жатканбыз. Мисалы, ошол эле Чеченстан болобу, же болбосо дагы башка жерлерде, эч жерде кирбептир мындай комиссия. Биз болсо киргизип, абийирибизди сактап калдык. Каримов да: «Июнь окуясы боюнча эл аралык гана иликтөө болуш керек, ал болбосо биз ишенбейбиз» – деп айтып жаткан. Бул да бизге түрткү болду. Анан мен комиссияны чечим кабыл алдым. БУУнун карамагында биз ушундай комиссияны киргизип, жанагындай жыйынтыктарга ээ болдук. Эки комиссиянын ортосунда болду айырмалыктар. Жанагы Кильюнендин доклады эле эмес, ага 23 бетке жазылган биздин өкмөттүн комментарийи бирге каралат да. Демек, муну изилдей турган адамдар болсо, бирге караш керек бул документти. Эркебаев менен улуттук комиссия толук изилдеди. Материал деген толо болчу. Мен ойлойм чоң айырмачылыктары деле жок го. Өкмөттүн коментарийин алганда, экөөнүн контенти – музмуну бирдей эле болду деп ойлойт элем.

– *Июнь окуясы Кыргызстандагы улуттар арасындагы көп проблемаларды ачыкка чыгаргандыгын ошол кездеги бийлик мойнуна алган. Улут аралык мамилени*

жасай турган иштер көп эле экендигин айткан болчу. Ошол кезде элди аралаш жайгаштыруу, бала-бакчаларды кыргыз тилине өткөрүү сыяктуу демилгелер көтөрүлгөн. Алардын айрымдарын сиз өзүңүз дагы айткансыз. Бирок анын баары эле бүгүн ишке ашкан жок. Улуттар аралык мамилени жакшыртууда, оңдоодо ушул он жыл аралыгында кандай иштер жасалды деп ойлойсуз?

– Көп эле иштер жасалды. Ошол кризистен кийин эл аралык коомчулук бизге көп жардам берди. Аны мен жок деп айта албайм, жашыра албаймын, төмөндөтө да албайм. Бизде БУУнун Тынчтыкты куруу фонду бар. Ал аркылуу он жылдын ичинде 46 миллион доллардан ашык берилди. Ушул акчага абдан көп иштер жасалды. Көп үйлөр, жаңы мектептерди куруп жибердик. Казакстан да куруп берди жаңы мектепти. Улуттар мамилесин жакшыртуу үчүн концепция жасалды. Анан кийин 2012-жылы бүттү ошол концепциянын ишмердүүлүгү. Эми азыр мына 2020-жыл болуп жатпайбы. Жаңы концепция иштелип, бирок аны али өкмөт бекитип бүтө элек. Өкмөттүн алдында турат ушундай курч маселе. Мен да 2012-жылы бир топ идеяларды айтып, концепция болушу керектигин, ал сөзсүз аткарылышын айткам. Мисалы, мына балдардын бала-бакчаларга баруусу, кыргызча окуусу деген нерсе бар эле. Эми мектепке болсо баарыбыз эле канааттанып турган кезибиз го. Ошко барсаңыз өзбек мектептердин баары эле азыр кыргыз тилинде окуп, ата-энелери болсо балдарыбыз кыргыз тилин билсин деп жатат. Көп өзбек балдар сопсонун сүйлөп, утуп да жатышат. Керек болсо кыргыз тилин да, өзбек, анлгис, орус тилин да окуп билип жатышат.

(Булак (видео): https://www.azattyk.org/a/30662551.html)

САДЫР ЖАПАРОВ: «КЫРГЫЗСТАН ДЕМОКРАТИЯЛЫК МАМЛЕКЕТ БОЙДОН КАЛАТ»



Садыр Жапаров, Кыргызстандын Президенти.

16-март, 2021-жыл.

Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров 15-мартта «Азаттык» радиосуна эксклюзивдүү интервью берди. Маекте мамлекет башчысы Кыргызстан конституциялык реформаларга карабай демократиялык мамлекет бойдон каларын, парламентаризм элдин ишеничин актабагандыгын, оппозицияга мамилесин, тышкы саясатта коңшулар менен жакшы мамиле түзүлө баштаганын, Сохто коридор ачылбастыгын, тышкы карызды төлөөгө ички булактар бардыгын айтып, Камчы Көлбаев, Райымбек Матраимовго карата бийликтин мамилеси сыяктуу дагы бир катар талылуу суроолорго жооп берди.

– Президент мырза, биз менен маек курууга убакыт бөлгөнүңүз үчүн сизге ыраазылык билдиребиз. Анда мен дароо эле сурооло рго өтсөм. Алдыда Конституциялык реформа, парламенттик шайлоо турат. Конституциянын долбоору буга чейин бир топ талаштарды жаратып жатса дагы Жогорку Кеңеш мыйзам долбоору боюнча референдум дайындоо тууралуу мыйзамды кабыл алды, сиз болсо тийиштүү мыйзамга кол койдуңуз. Эми Кыргызстан референдумду 11-апрелде Жергиликтүү кеңештерге депутаттарды шайлоо менен бирге өткөрөт. Сизде өзүңүздө ошол жаңы Баш мыйзамдын пайдубалы чың, анан ал өлкөнүн өнүгүүсүнө бир чыныгы түрткү болот деген ишеним бекем элеби?

– Эми өзүңүздөргө белгилүү болгондой, жаңы Баш мыйзамдын долбоору сунушталды, 11-апрелге референдумга кол коюлду, Кудай буйруса. Бул Конституциянын тагдырын элдин добушу чечет. Менин оюмча, бул мамлекетти алдыга жылдыра турган, мамлекетте тартип орното турган Конституция болот. Соңку 10 жыл бою парламенттик, андан мурда парламенттик-президенттик, президенттик система деп жашап келдик, кыскасы, 30 жыл ичинде өлкө эмнени гана көрбөдү. Акыры аягында мына турмуш өзү көрсөттү, бийлик вертикалы бир эле болуш керек экенин убакыт толук көрсөттү. Бүгүнкү Конституция боюнча мына үч бийлик бутагы бар: парламент, өкмөт, анан президент өзүнчө. Акыркы 10 жылда ушул үч башка бийликтин болушу бюрократияны көбөйтөрүн, чечкиндүү чараларды эч ким мойнуна албай турганын көрсөттү. Мисалы, бүгүнкү жашап жаткан Конституцияны алсак, президенттик башкаруу боюнча эң күчтүү Конституция, бирок эч бир жоопкерчилиги жок. Президент өкмөттүн колу менен же парламенттин колу менен жасайт дагы ошолорго шылтоолоп отура берет. Мына мен ошондой кылсам болот эле, бирок мен андай жол менен кетсем Кыргызстан 5 жыл же 10 жыл жоготот, жөн гана талаага кетет. Ошондуктан биз жоопкерчиликти бир адам мойнуна ала турган

системаны түздүк деп эсептейм. Ал жерде бүт экономика жагына, ички-тышкы саясатка дагы президент өзүнүн керт башы менен жооп берет деп жазылып турат. Буга чейин, 30 жылдан бери мындай «жооп берем мен» деген адам болгон эмес. Эми биздин деле убакыт өтөт, көз ачып жумганча 5 жыл, 10 жыл өтөт, кийин башка адам келет. Мейли бийлик башына ким, кайсы адам келбесин ал адам жоопкерчиликти толугу менен мойнуна алышы керек. Мамлекеттин тагдырын чече турган адам болуш керек экен. А бизде болсо бүгүн же президент же парламент же өкмөт чечпейт. Бири-бирине шылтоологон эле айлампа болуп калды да. Жылбай бир орунда тура берет экенбиз, муну тарых өзү көрсөттү.

– *Ошол эле учурда жаңы долбоордо, өзуңүз белгилегендей президентке эбегейсиз бийлик берилип, ошол эле маалда президенттин толук кандуу жоопкерчилиги каралбай калды деген да сындар айтылбадыбы. Ошондон улам сурагым келип атат, мунун артында мисалы демократиялык эмес автократиялык өлкө түзүлүп калуу тобокелчилиги турган жокпу?*

– Жок, Конституцияны окудуңуздар да, бул жерде президент толук кандуу мойнуна алат деп жазылып турат. Элдин турмушуна президент керт башы менен жооп берет деп турат – бул бир. Экинчи, президентке толук кандуу бийлик деле берилген жок ал жерде, парламентке дагы бийликтер берилди. Мисалы, өкмөттү парламент түзөт, баягы министрлер кабинетин парламент өткөрөт, каалабаса өткөрбөй коёт. Башкача айтканда, көзөмөлгө ала турган Жогорку Кеңеш болот. Ошол эле мезгилде соттор дагы Жогорку Кеңеш аркылуу өтөт. Мурда, 2000–2005-жылдары соттор Жогорку Кеңеш аркылуу өтчү, кийин ал мыйзамдар ар кандай болуп, башаламан жазылып калгандан кийин сотторду түздөн-түз президент дайындап калган. Азыр болсо биз Жогорку Кеңешке берип, мына өзүңөр карагыла, тандап бергиле деп жатабыз.

– *Долбоордун тегерегинде бир топ сын пикирлер айтылды, талаш-тартыштар болду. Сиз ошол сын пикир-*

лердин арасынан бир жүйөлүү деп өзүңүз үчүн белгилеп койгон учуруңуз болдубу?

– Эми бардыгы жипке тизгендей болбойт да. Майда-чүйдө кемчиликтер болушу мүмкүн. Сындарды да уктук, бирок өтө оорчундуу деле бир ката кеткен жери жок. Анан эми сындагандар сындай берет, ар бири-биздин, мисалы, бир эле маселеде сиз экөөбүздүн көз карашыбыз азыр эки башка болушу мүмкүн. Бул законченемдүү көрүнүш.

– Конституциянын автору жөнүндө көп талаш-тартыш болбодубу. Ошол эле учурда жоопкерчилик маселеси козголгондо акыркы жоопкерчилик парламентке жүктөлөбү же конституциялык кенешмегеби же президенткеби деген суроо туулду. Акыркы жоопкерчилик Конституциянын долбоору үчүн кимде болот?

– Конституциялык кеңешмеде болот. Бул жерде ар тармактан чогулган 98 киши президенттин жарлыгы менен түзүлүп, ошолор чечти. Алардын эшиги да ачык болду, башында бир 70тей эле киши түзүлсө керек эле, кийин каалаган кишинин баары кирип отуруп, 98ге жетти. Анан алар мыйзамды даярдап алып келип Жогорку Кеңешке берди, Жогорку Кеңеш өзгөртүүсүз эле референдумга деп, референдум мыйзамы менен алып чыгышты. Эң негизги биринчи жоопкерчилик – бул Конституциялык Кеңешмеде болот. Анан Жогорку Кеңеште, андан кийин, албетте, элдин өзүндө болот. Эгер эл каалабаса, бул Конституцияны кабыл албай койсо дагы, каршы берсе да болот. Бирок менимче эл каршы болбойт, анткени эл 30 жылдан бери саясатты жиликтеп, чагып, үйрөнүп калды, баары билишет.

– Парламенттик шайлоо күзүндө өтөрүн жарыя кылдыңыздар, эмне себептен мындай чечим кабыл алынды? Негизи эле алтынчы чакырылыштын өзүнө баа бере аласызбы?

– Сурооңуздун төркүнүн түшүндүм. Мурда биз биринчи июнга чейин баарын бүтөбүз деген элек, майдын аягына чейин деп мен дагы айтканмын. Бардык саясий

процесстер бүтүш керек деп, мыйзамды дагы жылдырганбыз, шайлоону Конституциянын долбоорун бүтүп алганга чейин жылдырып туралы деп 1-июнга чейин бүтүү керек дегенбиз. Үлгүрбөй калдык, анткени 2 айлык убактыбызды жоготуп алдык. Эмнеге десеңиз башында эсиңиздерде болсо керек, президенттик шайлоо менен кошо 10-январга биз Баш мыйзам долбоорун кошо референдумга коёбуз деген планыбызда бар эле. Анан оппозиция, бейөкмөт уюмдар чыкты, «бизде парламенттик башкаруу болуш керек, эл ошону каалап атат» деген митингдер күндө уланып атты. Анан мен чыгып: «Анда Конституциянын долбоорун токтотуп туралы, мен президенттик деп жатам, сиздер парламенттик деп жатасыңар. Силердин да оюңарды сыйлайлы, меникин да сыйлагыла» – деп, элдин өзүнө салалы деп туруп, биз 10-январь күнү президенттик шайлоо менен кошо Баш мыйзамдын долбоорун эмес, элге «кайсы башкарууну каалайсың, парламенттикпи же президенттикпи?» деген эки суроо менен чыктык. Элдин 80 пайызы «президенттикти каалайбыз» деп добуш берди, андан кийин Конституциялык кеңеш менен бүтүрүп алып чыкты.

Биз эгерде 10-январь күнү Конституциянын долбоорун кабыл алганыбызда азыр анда майдын аягына чейин парламенттик шайлоо, саясий процесстер бүтмөк. Бирок үлгүрбөй калдык, ушундан кемчилик болду. Бул менин күнөөм эмес же башканыкы эмес. Азыр эми 11-апрелде кабыл алынса, ары жакта дагы 2 ай мыйзамдарды кабыл алышыбыз керек. Бардык мыйзамдарды жаңы Конституцияга ылайыкташыбыз керек. Буга 2–3 ай убакыт кетет, ошондо Жогорку Кеңештин шайлоосу июль-августка барып туш келип калат экен. Анда июль-августта эч ким катышпайт да билесиздер, ары жагында 2 эле ай убакыт калат экен. Эки айдын арысы кайсы, бериси кайсы деп азыр октябрда эле кайра шайлоо кылалы деп пландаштырып отурабыз. Анткени сентябрларда жыйым-терим бүтөт, шайлоочулардын көбү айылда да. Ошого карап күздө өткөзөбүз деп жатабыз.

– Алтынчы чакырылыштагы парламентке кандай баа бере аласыз, анткени коомчулукта дагы бул чакырылыштагы депутаттарга, алардын дараметине сын пикир абдан күч. Анан октябрдагы толкундоолорго дагы ошол парламенттин сапаты кайсы бир бир деңгээлде таасир эткен?

– Эми толкундоолордун бардыгы парламенттен келип чыкпайт, негизи шайлоолорду бурмалагандан, жасалмалагандан, массалык түрдө добуштарды сатып алгандан келип чыкты да. Үч жолу революция болду, үчөө тең шайлоолордун кесепетинен келип чыкты. Ал эми алтынчы чакырылышта бул парламенттин маңдайына 6 жылдык өмүрдү жазган экен, жакшы эле иштеп беришти, көп маселелерди колдоп берди. Мына октябрь окуяларында качып кеткен жок. 2010-жылы билесиздер, Ак жолдун жарымы качып кетип, жарымын убактылуу өкмөт таркатып ийген. Ошентип бир жыл бою Конституциялык талаага кире албай аябай кыйналып, декреттер менен кабыл алып, ошолордун оор кесепетин бүгүн тартып атабыз. Эл аралык сотто канча иштер турат декрет менен туура эмес алган деген сыяктуу. Биз, Кудайга тобо, ошондой жолго түшүп кетпедик, мыйзам талаасынан чыкпай, бардыгын мыйзам алкагында өткөрдүк. Анан эми бул парламент болсо октябрь окуяларында дагы тынчтыкты сактап, тез арада мыйзам талаасына түшүп, бийликтин системасын улантып кеткенге түрткү болуп берди, чоң жардам берди. Андан кийин канча саясий процесстер болду, алардын бардыгына жакшы жардам берип келе жатышат да, чоң-чоң иштерди жасады десек болот. Бүгүн элге билинбеши мүмкүн, эл бүгүн сындашы мүмкүн, бирок бир топ жылдар өткөндөн кийин ушу бүгүнкү күнкү тарыхка кайтып келгенде парламент жасаган иштери менен тарыхта калат.

– Конституциянын долбооруна байланыштуу талкууларда парламентте ошол эле депутаттар өздөрү, «буга чейин биз качан өз алдынча чечим чыгарчу элек, дайыма президент көшөгөнүн аркасында туруп алчу

эмес беле» деген пикирлерди өздөрү айтып, көз карандылыгын, алсыздыгын моюнга алып аткандай болду. Анан соңку учурда эң негизги чечимдерди кабыл алып аткан парламент канчалык көз карандысыз иштеп жатат деп ойлойсуз?

– Менин айткан сөзүмдү эле сиз өзүңүз тастыктап берип атасыз. Президент мурда көшөгө аркасында туруп алып парламентти дагы, өкмөттү дагы башкарып келчү. Бирок 1% нерсеге, мамлекетте болуп жаткан жакшысынабы же жаманынабы, жакшысы болсо өзүнө алып алчу президенттер, а жаманы болсо алчу эмес, өкмөткө же парламентке шылтоолочу. А мына бул сиздер айтып, сындап аткан Конституция ачыкка чыгарып жатпайбы, ачык бир киши, түздөн-түз сен жооп бересиң болду, парламент өз ишине жооп берет. Өкмөт менен президенттин аппаратын бириктирип, бир эле жооп берчү орган кылып коюп атпайбызбы. Биз азыркы парламентке эч кандай басым жасабайбыз, мындан кийинки келе турган парламентке дагы жасабайбыз, мурдагылардай болуп «өзүмдүн партиямды өткөрүп келем, анан ошол аркылуу парламентти башкарам» деген принциптен биз кетебиз. Мына жергиликтүү шайлоолорго мен өзүмдүн партиямды катыштырган жокмун, өзүңүздөр көрдүңүздөр. Күздүн күнү өтө турган парламенттик шайлоого дагы мен «Мекенчил» партиясын катыштырбаймын. Ким катышса катышсын, бардыгына жолду ачып беребиз, административдик ресурстарды колдонбойбуз, тескерисинче, ким колдонсо, добуштарды сатып алуулар болсо жоопко тартылат. Азыр бүт бийлик бутактарына буйрук бердик. Эгерде кимдер ушу сатып алуу менен шугулданса, дароо кармалат, камалат, анткени бизде мыйзам жол берет ага. Кылмыш-жаза кодекси боюнча 2,5 жылга чейин соттосок болот аларды. Биз эми ушундай оорудан кетишибиз керек, мына 30 жыл добуш сатып алуу менен оорудук. Мындан ары бул ооруну айыктырышыбыз керек. Бул биздин өзүбүздүн колубузда.

– Парламенттик система менен келген алтынчы чакырылыш өздөрү парламентаризмди дискредитация кылды деген сын пикирлерди угуп жатасызбы, алар боюнча көз карашыңыз менен бөлүшө аласызбы?

– Парламентаризмди бул парламенттин депутаттары эле сындырган жок же жаман көрсөткөн жок. Негизи эле биздин элибиз, анан саясатчыларыбыз парламенттик башкарууга даяр эмес экенин өздөрү эле көргөзүп койду, ушул акыркы шайлоолор деле көрсөттү. 2010-жылы эле туура эмес система экени көрүнгөн. Балким, биз 30 жылдан кийин болобу же 40–50 жылдан кийин болобу парламенттик башкаруудагы өлкөлөр сыяктуу «биз дагы мына даярбыз» деп барып калышыбыз мүмкүн. Бирок 15–20 жылда биз ага даяр эмес экенбиз. Мына элибиздин дагы турмушун, саясатчылардын деңгээлин көрдүк, бизде парламентке саясатчылар келбей эле көбүнчө бизнесмендер келип калып атпайбы. А бизнесмендер келген жерде билесиздер, мамлекеттин кызыкчылыгын карабайт, биринчи кезекте өзүнүн кызыкчылыгын карайт, анан экинчи орунга мамлекеттин, элдин кызыкчылыгын коёт.

– Учурда элдин экономикалык абалы абдан алсыз, кымбатчылык элдин турмушунда сезилип жатат. Сиз президенттик башкаруу аркылуу экономикалык жоопкерчиликти дагы өзүңүздүн мойнуңузга алганы жатасыз. Негизи эле өкмөт экономиканы кантип жолго коюп, элдин жашоосун кантип оңдойт?

– Экономикабызда чындыгында кыйынчылык бар. Бул бүгүн эле жарала калган жок. Акыркы 30 жылдан бери мына 5 миллиард карызыбыз жыйналды. Ошону төлөй турган мезгил бүгүнкү күндөн баштап толук, 5 жыл же 10 жыл иштей турган болсом, менин мойнума түшүп калып атат, бул тээ 30 жылдан бери келген карыздар. Ал карызды алганда дагы өзүн актай турган бир долбоорлорго салынган эмес да. Карызды алып туруп «мына бул жерге мындай кылабыз, электр тармагын реконструкция кылабыз, анан билим берүү тармагына муну кылабыз»

деп, ал акчанын баарын ошол жакка бөлүп туруп, бирок 70–80 пайызын жеп койгон учурлар болгон да. Мисалы, сырттан келген карыздарды алганда, грант аласыңбы же болбосо кредит аласыңбы 40 жылга ала турган болсоң, өзүн 20 жылда актай турган тармактарга, долбоорлорго жумшаш керек эле. Бизде андай болгон эмес экен.

Кечээ Өзбекстанга барганда өндүрүш тармагын көрүп чыгып абдан уялдым. Биз тиш чукуган фабрика салбаптырбыз. Алар болсо самолет чыгарып атат. Мына көрдүңүздөрбү, экономикалык акыбалыбыз эң кыйын. Бирок биз программаларды иштеп чыктык. Жакын арада, буюрса, чоң-чоң пландарыбыз иштей баштайт, экономикалык кризистен да чыгабыз. Сырткы карыздарды дагы убакубагы менен төлөй турганга мүмкүнчүлүктөрдү пайда кылабыз. Ал эми кымбатчылык дедиңиз, ал бизде эле эмес, дүйнө жүзүндө болуп атат. Мына азыр интернеттин заманы, карасаңыздар болот, биз колубуздан келишинче аны да аракет кылып атабыз. Өкмөттөн азыр 400 миллионго жакын сом бөлүп бердик. Россиядан суу май, кант жана башка ушундай кымбаттап жаткан товарларды алып келип, арзан баада элге таратып берип, ошол эле түшкөн акчаны кайра жиберип, кайра алганга бизде азыр биринчи кадамдар кетти.

– *Өзүңүздүн сөзүңүздү улай, тышкы карызды белгилеп өтпөдүңүзбү 5 миллиард долларга жетип калды деп. 40 пайызга жакыны Кытай банкына кайтарылчу акчалар. Анан жакында эле төлөнчү акчалар кайтарылбай калса, биз көптөгөн объекттеribизден айрылып калабыз деген тынчсыздануунузду билдиргенсиз. Ошол карыз үчүн күрөөгө коюлган объекттердин саны канча, анан алар кайсылар экендигин айта аласызбы?*

– Мисалы, сиз үйүңүздү коюп банктан кредит алдыңыз дейли, анан банк менен сиз келишим түзөсүз, эгерде төлөй албай калсам же пайызын кечиктирип калсам же бир күн өтүп кетсе мен үйүмдү берем дейт. Банк үйүңүздү алып алат, туурабы? Сырткы карыздар дагы так эле ошондой. Мамлекет менен мамлекеттин ортосун-

да келишим түзүлүп, «төлөй албай калсаң же кечиктирсең анда мына бул долбооруңду мен алам» дейт. Мисалы, карыздарды ЖЭБ, түндүк-түштүк жолу, Датка Кемин дегендерге алганбыз. Эгерде убагында төлөй албай калсак, анда башкаруу ошол тарапка өтүп кетет деп кол коюлуп калыптыр. Алар жетпесе, андан башкасын да алууга укуктары бар. Бул жерде мурдагы бийлик келишимде ошондой деп кол коюп койгон экен. Эми келишимди башкачараак, жумшагыраак кылып түзсө болмок. Бирок биз убак-убагы менен төлөп берип жатабыз. Былтыркы 2020-жылы карызды 30 миллион долларды жылдын 31-декабрына чейин төлөп беришибиз керек болчу, аны төлөп бердик. Анын булактарын таптык, эми быйылкы жылкысын деле жыл аягында жеңил төлөп кетүүгө ишенимдүү өзүбүздүн булактарыбыз бар.

– *Сиз көп маалымат каражаттарына дагы ушул сөздү кайталап келе жатасыз карыз төлөөнүн планы бар деп. Ошол план менен бөлүшө кетесизби? Бир-эки кадам мисалы. Негизи кайсы кадамдар жөнүндө сөз болуп атат?*

– Азырынча айта албайм аны. Азырынча айтпай турайын. Ал өзүбүздүн жашыруун маалымат.

– *Анда коррупция темасына келсек. Бажыдагы коррупцияга «Азаттык» кайрылып, жазып иликтеп келатканына беш жылдай убакыт болуп калыптыр. Ошол бизге коррупциянын айынан өмүрү коркунучка кептелген жарандар документтерди, маалыматтарды көтөрүп келгенин биз бага чейин айтып эле келатабыз. Анан андай адамдардын айрымдары азыр деле үй-бүлөсүнө жете албай, чет мамлекеттерде жашынып жүрүшөт. Ошол иликтөөгө катышкан журналисттердин дагы өмүрлөрү тобокелчиликке кептелген учурлар дагы болгон. Мисалы, сиз ошондой көрүнүштөрдөн чарчаган бир толкундоолордон кийин бийликке келип отурбайсызбы. Мындан ары адилеттик орноп, жарандар коркпой тынч жашап, четте жашынып жүргөн жарандар кайра мекенине кайтып келет деп ишеним же кепилдик бере аласызбы?*

– Сизден сурайынчы, ким ошол келе албай жүрөт? Кайсы журналист? Атын атаңызчы?

– *Мен эки офицер жөнүндө айткым келип атат, чек арачы...*

– Аларды дагы мен айтканмын, келсин, эч ким аларды куугунтуктабайт, чек арадан кармабайт дегем. Сиздин сөзүңүздүн төркүнүн түшүндүм. Бажы жөнүндө сөз кылдыңыз, иликтөө жөнүндө, Али Токтокуновдун «700 миллионду чыгарып кетиптир» дегени жөнүндө сөз болуп жатат окшойт. Али Токтакунов жана Ыдырыс Исаков ошол мезгилден баштап Прагада жүргөн келе албай, коркунуч болуп жатат деп үй-бүлөсүн алып кетип, азыр Кыргызстанда эркин басып жүрөбү же бирөө куугунтуктап жатабы же бирөө камайм деп жатабы же Раимдин кишилери куугунтуктап жатабы? Жок да андай, туурабы? Мына сыртта калган эч ким жок азыр. Журналисттерден да, саясий куугунтукталгандардан да жок. Мына Бакиевдердин мезгилинен бери качып жүргөндөрдөн бери, саясатчылар дегеним, келип эле жүрүшөт. Эркин эле жүрүшөт, эч ким аларды куугунтуктаган жок. Мен бардыгына жарыя кылгам, кимде-ким ушу Раимден же мурдагы бийликтен коркуп, ушундай бир куугунтуктан коркуп кеткендер болсо, бардыгы келсин дегем. Азыр мен билгенден бардыгы эле бул жерде жүрүшөт.

– *Сиз канча жылдан бери саясатта келе жатасыз. Кыргызстан дагы канча жылдан бери өзүн Борбор Азиядагы демократиялык аралча катары көргөзгүсү келет. Кыргызстан демократиялык аралча бойдон калабы?*

– Сөзсүз. Кудай буйруса демократиялык аралча бойдон калат.

– Бизге убакыт таап, суроолорубузга жооп бергениңиз үчүн рахмат.

(https://www.azattyk.org/a/sadyr-japarov-kyrgyzstan-democratiyalyk-mamleket-boydon-kalat/31152344.html)

«АЗАТТЫКТЫН» ИЛИКТӨӨЛӨРҮ, ШИЛТЕМЕЛЕРИ

Батукаевге ким жол ачты?

28-октябрь, 2013-жыл.

Криминалдык чөйрөнүн лөгү делген, 16 жылга эркинен ажыратылган Азиз Батукаев 2010-жылы 9-апрелде абактан мөөнөтүнөн мурда бошотулуп, Бишкектен Чеченстандын борбору Грозныйга учуп кеткен. «Мыйзамдагы ууру» абактан кантип, кимдин көмөгү менен бошоду? Анын азыркы абалы кандай? «Азаттыктын» атайын иликтөөсүнөн.

https://www.youtube.com/watch?v=GE9a-UY4I7E&t=39s

Акпаралиев Ала-Буканы «тескейби?»

7-декабрь, 2016-жыл.

Жалал-Абад облусунун Ала-Бука районунда бюджеттик каражаттын сарпталышы, эсеп-кысабы, тендерлер, айылдын негизги маселелери чечилбей жатканы нааразылыкты күчөттү. Мыйзамсыз иштер тууралуу сөз болгондо төрт жылдан бери айылдык кеңешти жетектеген Дилмурат Акпаралиевдин ысымы көп айтылат. Ал кылмыш дүйнөсүндө «Дики» деген каймана ат менен таанылып, эки ирет соттолуп чыкканы тууралуу маалыматтар бар. Акпаралиев соттолгонун мойнуна алганы менен ушул тушта «районду

көзөмөлдөйт, бюджеттеги акчаны ар кандай айла-амал менен каалагандай калчайт, өзүм билемдик кылат» өндүү дооматтарды калпка чыгарды.

(Булак:https://www.azattyk.org/a/kyrgyzstan_ala_buka_dilmurat_akparaliev/28161191.html?fbclid=IwAR3x2p8QMwSJKeZpaf8r4gbKCzRCY28ddm-YIaLS-1q_ADnj9qrCBx9fXuA)

Көрүстөндөгү коррупция

30-май, 2018-жыл.

«Азаттык» радиосунун «Ыңгайсыз суроолор» телеберүүсү Бишкектин түштүк-батыш көрүстөнүндөгү коррупциялык схемаларды иликтеди. Журналист Улан Эгизбаев иликтөөнүн жүрүшүндө кабырлар кызылдай акча турарын, көрлөр тирүү адамдарга да алдын ала сатылып кеткенин таап чыкты.

(Булак: https://www.azattyk.org/a/kyrgyzstan_iq/29259396.html)

Улан Эгизбаев, «Чындык деп жанган өмүр» китебине жарыяланган. (https://journalist.kg/ru/book/total/chyndyk-dep-zhangan-%D3%A9m%D2%AFr/)

«Манастагы» күмөндүү миллиондор

3-сентябрь, 2018-жыл.

«Манас» аба майданындагы АКШнын аба базасы жабылганына төрт жылдан ашты. Бирок бул базаны күйүүчү май менен камсыздоодо чоң кирешеге туйтунгандардын, казынага түшпөй калган миллиондордун маселеси алигиче түкшүмөл суроолорду жаратат. «Азаттык» мурдагы кыргыз президенттери – Аскар Акаев менен Курманбек Бакиевдин тушунда аба базага май ташып келүүнүн

айланасындагы күмөндүү жагдайларды тизмектеди. АКШ Конгрессинин баяндамасында айтылгандай, ай сайын 13 миллион тоннадай жүк жана НАТОнун коалициялык күчтөрү керектеген күйүүчү майдын кеминде 30% бул база аркылуу ташылып турган.

https://www.azattyk.org/a/kyrgyzstan_manas_air_base_timeline_of_disputes_over_refueling/29464442.html)

Криминалдан арылбаган Ош

24-сентябрь, 2019-жыл.

Оштогу соңку атышуу бийликтин кримдүйнөгө каршы убадасын эске салды. 22-сентябрда таңга маал Кара-Сууга караштуу Фуркат айылында Араван райондук милициясынын мурдагы кызматкери Төлөгөн Рахманберди уулуна ок тийип, Ош облустук ооруканасына түшкөн. Бул окуядан кийин кылмышка шектүү эки адам кармалганы, бири – Ош шаардык спорт комитетинин төрагасы, кикбокс боюнча спорттун чебери Кылыч Саркарбаев экени маалым болду.

(Булак: https://www.azattyk.org/a/kyrgyzstan_osh_crime_sarkarbaev/30180503.html)

Бажыдагы миллиондор: каректоо жана калкалоо

21-ноябрь, 2019-жыл.

«Азаттык» радиосу, OCCRP жана Kloop

Бир адам беш жылдан ашык убакытта жүз миллиондогон долларды Борбор Азиядан чыгарып кеткен. Ал билген маалымат акыры анын өмүрүн алып тынды окшойт. Бирок ал көзү тирүүсүндө кыргыз элинин акчасын системалуу түрдө каректап турган ири схеманы ачыкка чыгарган документтерди журналисттерге берип

үлгүрдү. Аларга ылайык, көмүскөдөгү үй-бүлө таасирдүү саясий калкалоонун аркасы менен жашыруун карго империясын иштетип келгени ырасталды.

(Булак: https://www.azattyk.org/a/kyrgyzstan-investigation-rferl-occrp-kloop/30284919.html?fbclid=IwAR3TqcBmkUKX2f4cXlAGZyIe9XOcEFCyMrAKOv-5d3ClZ5N7lwKDoTflmLE)

Муфтияттагы миллиондор: ажылыктын акча чыры

16-март, 2021-жыл.

Кыргызстан мусулмандар дин башкармалыгы ажылык сапарга деп чогулткан акчадан 800 миң доллардан ашуун жетпей калганы билинди. «Азаттык» муфтияттын банктык эсебинен «Фарватер», «Налоговый представитель» деп аталган эки компания жана мурдагы муфтий Максатбек Токтомушевдин компаниясын жетектеген жаран ири суммадагы акча алганын таап чыкты. Журналисттик иликтөө Мусулмандар дин башкармалыгынын Борбордук текшерүү комиссиясынан, муфтиятты текшерген аудиторлордон жана ишенимдүү булактардан алынган документтердин негизинде жасалды.

(Булак: https://www.azattyk.org/a/muftiyattagy-milliondor-azhylyktyn-akcha-chyry/31151477.html)

Темир жол: жетекчилердин жемкордук желеси

26-май, 2021-жыл.

«Азаттык» радиосу «Кыргыз темир жолу» мамлекеттик компаниясынын жетекчилери шектүү болгон коррупциялык схеманын чоо-жайын, кыңыр ишке айыпталгандардын дагы деле кызматта отурганын иликтеди. Чуулгандуу кылмыш иштердин аягы эмне

болду? Кимдер камалды? Канчасы жазага тартылды? Коомчулукка алигиче белгисиз.

(Булак: https://www.azattyk.org/a/31274840.html)

Кыргызстандагы вебкам студиялардын караңгы дүйнөсү

27-июль, 2021-жыл.

«Азаттык» радиосу чоң каражатка айланган Кыргызстандагы вебкам студияларда кыздардын талкаланган тагдырын, «Телеграм» топтордогу ормон опузаны иликтеди. Иликтөө көптөгөн кылмыштарды ачыкка чыгарды. Анын ичинде шантаж, зордуктоо жана доксинг, тагыраак айтканда, вебкам студиялардан акча табууга аракет кылган кыздардын жеке купуя маалыматтарын жарыялоо дагы бар.

(Булак: https://www.azattyk.org/a/31377640.html)

Жолдон жоголгон 934 миллион

1-ноябрь, 2021-жыл.

«Азаттык» Бишкек шаарындагы ири коррупциялык схеманы иликтеди. Борбор калаанын бийлиги 934 миллион сомдун эсебин таппай жатат. Бюджеттен жоголгон бул каражат шаардагы жолдордун курулушуна жумшалмак. 2017-жылы «Кудайберген» базары тараптагы Волкова көчөсүнө 33 миллион сом бөлүнгөн, бирок азыр оюлган жолду чаң басып жатат. Бишкекте акча бөлүнүп, бирок салынбай калган жолдор ондоп саналат.

(Булак: https://www.azattyk.org/a/zholdon-zhogolgon-934-million/31539813.html?fbclid=IwAR0JHoue7MZGTDAFoJ9zrbiAvoXhjr4iBTQR53UVbuL7VR4immTmC80vFoA)

КОРУТУНДУ

Урматтуу окурман!

Бул китепте «Азаттык» радиосунун интернет барагы аркылуу Сизге кыргыз тилинде маалым болгон көп сандаган макала, сереп, маек, иликтөөлөрдүн айрым гана өрнөктөрү сунушталды. Албетте, кабарчыларыбыз Кыргызстандын эгемендигинин тарыхына жана демократиялуу өнүгүү көйгөйлөрүнө байланыштуу орус жана англис тилдеринде да макала жазышкан, маек курушкан, мультимедиа маалыматтарын жарыялашкан. Алардын бардыгын бир китепке камтуу эч мүмкүн эмес.

Биз Кыргызстандын коомдук өнүгүү сапарын мындан ары да ар тараптуу чагылдырууну уланта бермекчибиз. Болочокто «Азаттык» чагылдырган темалардан дагы топтоп, китеп түрүндө сунуштоо ниетибиз бар. Анткени китепке кирген маалыматтар коомду ар тараптуу изилдегиси келген окурманга пайдасы тиери бышык.

Ал эми интернетте жарыяланган мультимедиалык материалдарыбыздын бардыгын www.azattyk.org сайтынан тапса болот. Ошондуктан китепке кирген материалдарды да шилтемеси менен берүүгө аракет кылдык.

Кыргызстандын жарандык коому постсоветтик доордо өлкөдөгү сөз жана басма сөз эркиндиги жаатында жетишкен ийгиликтери менен сыймыктанса болот. Бул ийгиликтерге «Азаттык» радиосунун кошкон салымы бараандуу.

Эгемендиктин жетишкендиги менен түйшүгүн таразалап, өлкөнүн бакубат келечегин курууга ар биребиз салым кошолу.

«Азаттык» радиосунун жамааты. 2022-жыл.

«АЗАТТЫК» ЧЫГАРГАН КИТЕПТЕРДИН ТИЗМЕСИ:

Азамат Алтай (1920–2006): Азаттык менен демократиянын жарчысы: (Азамат Алтайдын 90 жылдыгына арналган жыйнак)/Башкы редактору, кириш сөзүнүн автору Т.К.Чоротегин. Эскерүүлөрдүн редакторлору: В.Сагындык кызы Жуматаева, С.Жумагулов, К.Чекиров, Т.Чоротегин. Рецензент А.Капай уулу Койчиев. – Бишкек: Интерполиграф, 2010. – 320 бет, сүрөттөр. – ISBN 978-9967-26-039-9.

Үркүн – 100: Кылымдар унуткус кыргын: Макалалар, блогдор, маектер, эскерүүлөр/Жооптуу редакторлор Т.Чоротегин, В.Жуматаева, Б.Сарыгулова, З.Бактыбаев. – Б.: Турар, 2017. – 408 б.+48 б. сүрөт. – ISBN 978-9967-15-689-0. – «Азаттык» үналгысы.

Чындык деп жанган өмүр: Улан Эгизбаев/Ред. топ: В.Жуматаева, Б.Сарыгулова, З.Бактыбаев, М.Токталиев, У.Асаналиев, К.Кулуев; ред. Ж.Турдубаев. – Б.: Триада, 2018. – 367 б., сүрөт. – ISBN 978-9967-9115-1-2. – «Азаттык» үналгысы.

В поисках правды: Улан Эгизбаев – Перевод с кыргызского языка: Т. Турдубев. – Б.: 2019. 369с. ISBN 9789967-9115-1-2 – радио «Азаттык», фонд «Сорос»

Айтматовдун элдеги элеси: Эскерүүлөр, макалалар/«Азаттык», Редакциялык кеңеш: В. Сагындык кызы, А. Касмалиева, Б. Сарыгулова, З. Бактыбаев, Ж. Касаболотов, С. Туйтунова, З. Алтымышова, Г. Юлдашева, У. Асаналиев. – Б.: «Турар», 2019. 308 б. (кырг., орус тилд.) ISBN 978-9967-15-926-6

МАЗМУНУ

Кириш сөз 3
В. Сагындык кызы, Т. Чоротегин

БИРИНЧИ БӨЛҮМ.

Кыргызстан элдеринин ассамблеясы парламенттен майда улуттардын өкүлдөрүнө атайын орундарды берүү сунушун киргизди 10
«Human Rights Watch» Кыргызстандагы адам укуктарынын абалына нааразы 13
Аксы окуясын журналисттер эскеришет 17
Акаевдин жарасы Аксыда жарылган 20
Конституциялык сот кыргыз-кытай чек ара келишимин кароону улантты 25
Мыйзамдын бет ачары өттү. Эми кыргыз тилинин тагдыры кандай болор экен? 28
Кыргызстан, «демократия аралчасы» деген жүзүң кайда?.. Ачып койчу?.....31
2005-жылкы март окуясы «Азаттыктын жаңылыктарында 34
«Жоогазын» ыңкылабынын көмүскө жагдайлары 38
Өзбек качкындарынын арасында Кыргызстандын 38 жараны бар 54
2010-жыл. Апрель окуясы «Азаттыктын» жаңылыктарында 57
Кылымга тете бир күн 65
Ош: Азаптуу жана армандуу күндөр 72
Окуялар таржымалы 76
Июнь окуясын тутанткан оюнчулар 121

Данисте: Москвадагы мигрант кыз-келиндердин тагдыры 133
Шахтадагы балалык 142
Данисте: Балдар атасын чек арада эле көрүшөт 148
Бангладеш: Кыргыз балдары кандай багытта билим алууда? 153
Айыккыс дартты билбеген балдар 161
«Ак-карасы» аралашкан парламент 164
Ыңкылаптарды көркөм дүйнө тааный элек 167
Сабалгандардын саламаттыгы кандай? 170
Алишер Саиповдун сыры ачылбаган өлүмү 174
Кыргыз президенттеринин кайчылаш тагдыры 182
Кыргызстанда коронавирус жугузгандар катталды 206
Эл үнү: тамак-аш тартыш. Сибирде калган кыргыздар 211
«Азаттык» «Covid-19» пандемиясын кантип чагылдырды? 217
Эгемендикти эңсеген жана ага жеткирген бабаларга таазим. 224
Күч түзүмдөрү менен элдин кагылышуусу токтой элек 231
Садыр Жапаров өкмөт башчылыкка көрсөтүлдү 245
Кыргызстан: аягына чыкпаган «Ыңкылап» 252
Узун максат, кыска өмүр 260
Кыргызстан менен «Центерра Голд» биротоло «ажырашууга» бет алды 268
Эгемендикке 30 жыл: Кыргызстан баскан татаал жол 280
Эгемендикти эмне бекемдейт? 301

ЭКИНЧИ БӨЛҮМ.

Бексултан Жакиев: «Азамат Алтайдын айткандары азыркы учур менен үндөшүп турчу экен» 304
Феликс Кулов: «Менин эркимди эч нерсе сындыра албайт!..» 310
Аскар Акаевдин Феликс Куловду каматканына кеч өкүнгөнү 322
Бектемир Акуновду камакка чейин эле көчөдөн сүйрөп тепкилешкен 334
«Азаттыктын» архивинен: Улуу жазуучу менен маек 336
Салижан Жигитов «ара төрөлгөн Революция» жана өзү жөнүндө 341
Курманбек Бакиев: «Кан төгүлүп кетпесин» – деп ойлодум 351
Казат Акматов: «Сөз эркиндиги СССРдин түбүнө жеткен» 357
Жапар Жекшеев: «Танк менен кирсе, жаштардын баары көтөрүлмөк» 365
Өмүрбек Жанакеев: «Өмүргө тете 64 күн» 369
Алмазбек Атамбаев: «Кыргыз-өзбек дебей Кыргызстан жараны дейли» 375
Камчыбек Ташиев: «Президент ката кетирген жок, күткөндөй реформа жасай элек» 386
Роза Отунбаева: «Июнь окуясы атайын уюштурулган» – деп эсептейм 398
Садыр Жапаров: «Кыргызстан демократиялык мамлекет бойдон калат» 409

«АЗАТТЫКТЫН» иликтөөлөрү, шилтемелери

Батукаевге ким жол ачты? 420
Акпаралиев Ала-Буканы «тескейби?» 420

Көрүстөндөгү коррупция 421
«Манастагы» күмөндүү миллиондор 421
Криминалдан арылбаган Ош 422
Бажыдагы миллиондор: каректоо жана калкалоо 422
Муфтияттагы миллиондор: ажылыктын акча чыры 423
Темир жол: жетекчилердин жемкордук желеси 423
Кыргызстандагы вебкам студиялардын караңгы дүйнөсү 424
Жолдон жоголгон 934 миллион 424
Корутунду 425
«Азаттык» чыгарган китептердин тизмеси 426

Эрктүү элдин эгемендиги («Азаттык» радиосунун Кыргызстандын эгемендигинин 30 жылдыгына арнаган китеби): Макалалар, маектер, иликтөөлөр / Түзгөндөр: *Венера Сагындык кызы, Тынчтыкбек Чоротегин,* – Б.: «Турар» басмасы, 2022. – 432 б. + 24 б. сүрөт. – «Азаттык Медиа» мекемеси. – ISBN 978-9967-35-085-4

Независимость волевого народа (Книга Радио «Азаттык», посвященная 30-летию независимости Кыргызской Республики): Статьи, интервью, расследования / Составители: *Венера Сагындык кызы, Тынчтыкбек Чоротегин*. – Б.:, издательство «Турар», 2022. – 432 с. + 24 с. илл. – Азаттык Медиа. – ISBN 978-9967-35-085-4

Independence Of The Strong-Willed People (Radio Azattyk's book devoted to the 30th Anniversary of the Independence of the Kyrgyz Republic): Articles, interviews, investigative reports./Compiled by Venera Sagyndyk kyzy and Tynchtykbek Chorotegin. – Bishkek, Turar Publishing House, 2022. – 432 p. + 24 photos. – Azattyk Media. – ISBN 978-9967-35-085-4

Илимий-популярдуу басылма

ЭРКТҮҮ ЭЛДИН ЭГЕМЕНДИГИ

Макалалар, маектер, иликтөөлөр

Түзгөндөр: *Венера Сагындык кызы,*
Тынчтыкбек Чоротегин

Бишкек, «Турар» басмасы
(Кыргыз тилинде)

Басманын редактору *Ж. Теңирбергенова*
Мукабасын жасалгалаган *П. Скалич*
Компьютерде калыпка салган *А. Эгембердиева*

Басууга 19.01.2022-ж. кол коюлду.
Кагаздын форматы 60x84 $^{1}/_{16}$
Көлөмү 27 б.т. 24 б. вкл. түстүү Заказ № 2184. Нускасы 1000.

«Турар» басмасынын басмаканасында басылды.
720031, Бишкек шаары, М.Горький көчөсү, 1.